# Асанбек Стамов



Асанбек Стамов

# ЖОРТУУЛ




МАМЛЕКЕТТИК «УЧКУН»
КОНЦЕРНИ 1992

## ЖОРТУУЛГА» АНАТАЦИЯ ЖЕ АВТОРДУК ЧЕГИНҮҮ

Жыйнактагы төрт повесть бирдиктүү сюжетке байланган. Бирок алардын ар бирин өзүнчө чыгарма катары окуса да болот. Эң башкы үч повесть кыргыз элинде жашап өткөн тарыхый личносттордун турмушу жана ишмерлигинен кабар берет. Каргабай каракчы — Абдрахман Күчүк уулунун псевдоними. Ал эми Абдрахман Күчүк уулу 1785-жылы Петербургга кыргыз элинин атынан барган элчи эмеспи. АТАКЕ баатыр жана ал жашаган доор жөнүндө эл ичинде уламыштар көп. Ошондой эле бул улуу адамдын өмүрү жөнүндө тарыхый документтерде да толгон из калган. Ушулар менен катар акыркы «Үч мээрим» повести менин өзүмө да жагат. Муну сүйүү жөнүндө легенда деп атаса болчудай. Кагаздын каатчылыгына байланыштуу Москванын басмалары өзыр эн мыкты деген жазуучуларды да баспай жаткан кез. Ошого карабастан «Үч мээрим» жакында Москвадагы борбордук басмадан 100 миң нускада жарык көрүшү менен кубантат. Демек, «Үч мээрим» базар экономикасынын шартында сыңдан өткөн повесть. Анын темасы: Сүйүү, сүйүү жана да сүйүү...

## ПОВЕСТТЕР


1. Каргабай каракчы . . . 5
2. Сарытай мырза . . . 97
3. Жусуп адилет . . . 181
4. Үч мээрим . . . 249



*Асанбек СТАМОВ*

**ЖОРТУУЛ**

ПОВЕСТТЕРДЕН ТУРГАН РОМАН

*Редактор Жумабек ТУКАЙ*
*Көркөм редактор Өмүрбек АСАНОВ*
*Техникалык редактор Тамара БОРИСЕНКО*

Терүүгө 30. 01. 92-ж. берилди. Басууга 20. 06. 92-ж. кол коюлду.
Кагаздын көлөмү $84 \times 108^1/_{32}$. Газеттик кагаз
Офсеттик басма 16,8 шарттуу басма табак, 17,28 эсеп.басма табак.

Тиражы 50000. Заказ 453. Баасы келишим боюнча.
Редакция дареги: 720300, Бишкек шаары, «Правда» көчөсү, 24

Мамлекеттик «Учкун» концерни.

# АВТОРДОН:

Кыргыз элинин Орус мамлекетинин көзөмөлүнө өтүү жөнүндөгү алгачкы кадамы 1785-жылга туура келет. Тынай бийдин уулу Атаке баатырдын элчилери жогоруда айтылган жылдын жай мезгилинин башында Чүйдөн чыгып, ошол эле жылдын аяк ченинде Омск шаары аркылуу Петербургга жетишкен. Россия империясынын падышасы Екатерина II эки жылга жакын создуктуруп болсо да, кыргыз элчилерин кабыл алганы тарыхта белгилүү. Атаке баатырдын бүтүндөй кыргыз журтчулугунун атынан жазган каты азыр деле Ленинград менен Омск шаарларынын архивдеринде сакталуу. Элибиздин Россия бийлигин таанып коюга кылган аракети — учурдагы муктаждыктан келип чыккандыгын эске алуу ылайык. Ошо кездерде Кокон хандары Эрдана бий менен Нарбото бий жамы кыргызды өздөрүнө багындыруу үчүн далай аракет жасашкан. Жаңыдан эле азаттыкка жеткен кыргыз эли Кокон ханына кул болгусу келген жок. Рас, ал кез кыргыздардын ата-журтунан жунгар-ойрот баскынчыларын биротоло кууп чыккан учур эле. Ошондуктан өз бетинче эл катары эркин жашасак деген кыргыздардын тилегине Манжур-Чиндердин Цин династиясынын императору Богдыхан Цянь-Лун да бөгөт боло баштаган. Баса, Теңир-Тоонун коюн-колтугунан ойроттордун биротоло куулуп чыгышынан кийин кыргыз журтчулугуна Цин империясы да көз арта баштаган. Ошого тете, үчүнчү жагынан кыргыз эли казактын султаны Аблай хандын чабуулун да баштан кечиришкен. Демек, үч тарабынан бөрүчө тытып турган заманда Атаке баатыр Россия мамлекетин адилет деп эсептеп, аны өзүнө жөлөк кылгысы келген. Сан кыргыз аталган элди кулдуктан сактоонун бирден бир жолу — оруска кол берүүдө экенин илгерки ата-бабаларыбыз ошондо эле ачык түшүнгөн. Бул жерде сөз кыргыздардын орус мамлекетине өз ыктыяры менен кошулуу жөнүндө эмес, подданство тууралуу болуп жатат. Ал доордогу ата-бабалар орус бийлигин таануу дегенди — бөтөн эл менен чогуу опур-топур боло аралаш жашоону түшүнүшкөн эмес. Кыргыз жерине чеп-шаар куруп, эли-журтун көчүрүп келишип, бышыкчылыктуу асыл жерлерди ээлеп алуу — орус падышасынын кийинки саясаты. Андыктан, ыктыярдуу кошулуу менен бийлик көзөмөлүндө болуу дегендин ортосунда чоң айырма бар.

1785-жылы Петербург шаарына жиберилген элчилер Абдракман Кучаков менен Шергазынын айланасында кийинки жылдары далай талаш-тартыш болуп жатканын байкайбыз. Булар кыргыз элинин атынан биринчи жолу падыша сарайына жетишип, Екатерина II менен бетме-бет сүйлөшкөн адамдар. Ошого жараша алар жөнүндө архивде сакталып калган маалыматтар да өтө жупуну, так айтканда караманча аз. Мында жаш тарыхчы Дөөлөт Сапаралиевдин эмгеги арбын. Ал Петербург менен Омск шаарларынын архивиндеги даректи бүт бойдон иликтеп чыкты. Ага карабастан айрым бир орус тарыхчылары бул окуянын тегерегинде өз бетинче эркин ой жүргүзө баштаганына таң каласың. Өзгөчө Абдракман Кучаковду эч кандай документке таянбай туруп эле кээ бир жазылган тарыхый очерктерде ташкенттик өзбек кылып таштаганы кызык. Сыягы, анын аты-жөнү бүгүнкү кездеги өзбектердикине азыраак үндөшүп жатканынан болсо керек. Ал эми ошол мезгилде өзбектер улут катары калыптана электигин ким билбейт. Анан калса, ал учурда Ташкент шаары жана анын тегереги бүтүндөй кыргыз менен казакка таандык болчу. Кучаков деген фамилия орус транскрипциясына өткөндө бузулган. Болбосо, эл ичиндеги санжыра менен таржымалдарда ал Күчүк уулу деп аталат. Абдракман деген

ат кыргызда деле толуп жатат дечи. Бирок ал Абдракман элчинин диний аты, мындайча айтканда псевдоними. Абдракмандын төл аты — Коргонбай же Каргабай. Архивде сакталган дарек боюнча Абдракмандын уулунун аты — Сатымбай экен. Накта кыргызга берилчү ысым. Анан калса кыргыз элинин кызыкчылыгын коргойм деп бөтөн элден чыккан соодагер татаал жолго аттанып, башын өлүмгө байлабайт эле да. Андай ыйык ишке Атаке баатыр чоочун элдин өкүлүнө ишенет беле? Сөзсүз, андай чечимге кыраакы Атаке бара алмак эмес. Баарынан да кызыгы, орус тарыхчылары тарабынан жазылган очерктерде экинчи элчи Шергазыны — Атаке баатырдын токолуна ойнош кылып көрсөтүштү. Атаке баатыр токолун кызгангандыктан Шергазыны барса келгиз сапарга, элчиликке кошуп жиберген имиш. Андай трактовкалаганда эле бүтүндөй кыргыз сыйлап: «Журт атасы» — деп кадырлаган Атаке баатырдын инсандык касиетин караманча төмөн түшүрүп тыштайбыз. Баса, эл ичинде айтыла калчу санжыраларда Шергазы Атаке баатырдын асырап алган уулу. Атаке баатыр Шергазыны өз балдарынан да артык көрчү экен. Ошондуктан Шергазы Атакенин аябай ишенген кара көздөй кишиси жана аны өзүндөй көргөндүктөн гана ошондой ыйык ишке аттандырып отурат. Андай болсо, ардактуу окурмандарым, Абдракман элчинин өмүрүндөгү бир болгон окуяны эл оозунда айтыла калчу уламыштардан алып жаздым. Романдын ал биринчи бөлүмү — Каргабай каракчы — деп аталат. Романдын калган бөлүмдөрүнө да өзүнчө ат бердим. Романды ушу турушунда бүткөн чыгарма катары эсептөө натура болор.

Баса, ушу жерден романдын үчүнчү повести жөнүндө азыраак түшүнүк бере кетелик. Ыйык курандын он экинчи сүрөөсү: — Жусуп — деп аталат. Илгертеден эле: адилет, ак ниет Жусупка ашык болгон бейкүнөө Зулайканын армандуу тарыхы өз доорунун нечен-нечен билимдүү, көзү ачык, акын жана дастанчы адамдарынын кы[illegible]удуруп келген. Жалаң эле ушул атактуу сюжетти [illegible], түркү тилинде сүйлөгөн далай акындар, шайырлар та[illegible] жүзгө жакын дастандар жазылган. Кыргыз ичинде илгери [illegible]ун жомок түрүндө, кара сөз менен айтылган варианты да жолукчу. Ал тургай өз учурунда «Жусуп менен Зулайка» деген салттуу күү да чертилчү экен. Октябрь революциясынан кийин кысым менен анын баары колдонуудан чыгып калды. Баса, курандын Жусуп сүрөөсү библиядан ооп келгени айдан ачык. «Иосиф прекрасный» жөнүндөгү легенда Библияда да жолугат. Бул атактуу сюжетке далай-далай чыгармачылык инсандар кайрылышкан. Анын баарын бул жерде тизмелеп отуруунун кажети жоктур. Куранды окуп үйрөнүү, аны чечмелөө кыргыз окумуштуулары менен интеллигенциясынын шыбагасына буйрубагандай, биз нечен жылдар бою ал жөнүндө сөз кылгандан айбыгып, талкан сугунган адамча унчукпай жүрө бердик. Бир чети өзүбүзгө ар кандай саясий доомат коюлат деп коркчубуз. Ардактуу эл-журт, бул повестте мен курандын атактуу сүрөөсү туурасында эркин ой жүгүртүп, аны өз бетимче чечмелөөдөн качып, аз да болсо бул ыйык теманы чагылдырууга бел байлап отурам. Андай болсо, Алла өзү колдосун... Бисмилла!

Ошентип, ардактуу окурмандар: — Жортуул — романымдын бүт — бүткөн бөлүмдөрүн жай отуруп дегендей, сын көз менен карап окусаңар экен. Анан калса мен, көркөм чыгармада тарыхый фактыларды чагылдыруунун иштелип чыккан көптөгөн методологиясын эске алдым. Андыктан бул тарыхый факты мындай эмес, тигиндей болчу деп курулай талаш-тартыш чыгаруу жарабаган жоруктур. Эмесе, ардактуу окурмандар, силердин кеп-кеңешиңерди, жардамыңарды күтөм.

# КАРГАБАЙ КАРАКЧЫ

Жыгылсаң бетке сайылар оту жок, чөбү тургай кумташына чейин күйгөн жансыз, каралжын адырлар. Деги, учу-кыйрына адам көзү жеткис адыр артында адыр, колотторунда булак тургай баш калкалап саябан кылар шилби-чычырканагы да ныпым жок. Жайлоонун чөбү саргайган, сумбула чыгып, суу алда качан муздаганына карабастан, күн ысыгы мээден өтүп, бул жерлерде сейрек кездешчү майда жандыктардын баарын жер жутуп кеткендей. Адырдан адырды илкий ашып: суусаган, жандары кыйналган үч караан келатты. Алардын эң ортоңкусу ээр токумчан ат жетелеп алган. Жаныбар канбар атанын тукуму аягынан катуу аксаптыр. Ошондон улам алдыңкы сол бутуна күч келтире сороктоп араң басууда. Мынчалык аксаганына караганда ал бечара кыл куйрук жолоочулардын башына жүк болгондон бөлөк тийгизер пайдасы көрүнбөйт. Ошого карабастан жүргүнчүлөр да атты жетелеген боюнча илээнди кадам шилтеп баскандары өтө жай. Баса, бул үчөө тең бир катар жаш жигиттерден эле. Эриндери кеберсип, курсактары ачыңкы. Алсыраган бечаралардын кыртыштары суу көтөрбөй келатышса да: түрлөрүндө кандайдыр бир өзүнчө айбаттуулук бар, кала берсе жортуулдан жолу болбогон азаматтыкындай. Байкаганга алар бир жолу эле тоё тамактана, суусуну канса, бир жоону өрт болуп каптоочу көк жалдардан го деп ойлошмок. Азамат деп айтканга тете, алар эң эле мыкты куралданышкан болчу. Үчөөндө тең кынга катылган болот канжар жана чыканактан ашпаган кыска кылычтар. Ал эми ортоңку ат жетелегени — тигил экөөнөн кырдуурак, улуурактай; ошого жарашабы, анысынын тумшугу чүлүк кызыл өтүгүнүн оң кончунда да канжар. Атка артылган шалбыра-

ган кызгылтым куржунда дүнүйө-мүлктүн жоктугу сезилип турат. Болсо эле анда азыраак өзөк жалгар азыктүлүк. Эгерде илкиген аксак ат болбогондо, тигил үчөөнүн алда качан эле сапарлары арбып, көздөгөн жерине жетип калышмактыр...

— Каргабай аке! — деди он жактагысы ийменинки.

— Ие, үкөм? — Көрсө ат жетелегенинин ысмы Каргабай экен, ал тыңшаган калыбында андан ары унчукпады. Ак маңдайлуу Каргабайдын узун кара каштары, турпаты үн каткан үкөсүнө кандайдыр бир өзүнчө сүр берип, бою да узун, анда жок жерден пайда болгон куюн өңдүү көккө атылып чыкчудай жеңилдик, шамдагайлык байкалып, деги бул жаш баш нечен коогаландуу жоруктун ичинен чыкканын кыраакы көз дароо таанымак. Калган экөө болсо алы быша элек, калыптана элек бозуландар. Болгону аты чыккан Каргабайды караан тутуп келатканы байкалып турат. Берки экөөнө куралдары сүр берсе да баскандары шалкы, өңдөрү кумсара үйлөрүн сагынган паанайы сезилүүдө.

Үкөсү Козуке үн катты:

— Кергашка элге жетпейт го...

Каргабай жактырбагандай:

— Кантелик анда? — деп кекетти.

Үчүнчүсү сөзгө аралашты:

— Ушуга алаксый берип жол да арбыбайт. Болбосо алда качан бел ашып кетпейт белек...

Козуке:

— Каргабай аке, алдыңкы оң аягы быркырап калыптыр. Билесиз, ат сыныгы бүтпөйт да. — Ал үмүттүү тиктеди.

Куйкасы курушкан Каргабай дагы эле болсо ачуусун ичине катты:

— Айткылачы, анда кандай айла кыл дейсиңер?

Үчүнчүсү пикирин тике айтты:

— Ээр токуму менен жүгөнүн шыпы-рып коё берсекчи...

— И, анан? — кекетти Каргабай.

— Эптеп күнүн көрөр. Болбосо кенече жылбай калдыкко!

Козуке үгүттөдү:

— Макул де, аке, башка арга калбады окшойт сыягы.

Каргабай кантсем дегендей мелтирейт. Адатынча кыйкырып тилдейт деп күтүшкөн эле тигил экөө. Бир маалда ал кейип койду:

— Ат — адамдын канаты. Адамдын аттан өткөн досу ким? Башыңа каран түн түшкөн күндө да кайсы кыргыз качан атын талаага тыштачу эле. Келдибек үкөм, коё бердик эле деп кой. Анда заматта карышкырлар тытып кетет байкушту. — Келдибек Козукеден аяк ичер улуурак. Ошондуктанбы аны теше тиктеди Каргабай. Кантсе да Келдибек өз оюнан баш тартпай каяша айткансыды:

— Айтканыңыз ак сөз дечи, бирок да айла кетип жатпайбы...

— Жандан өткөн кымбат эмне? Бир айла издейлик.

Козуке жанданды.

— Чын эле чымын жандан өткөн эмне бар! Болбосо, жаныбарым кергашканы кантип кайыпка кыялы?

— Майли, кайыпка кыйып эле коёлук. Айттым го, бир чай кайнамга жетпей тарпы калат. Бу биз жол жүрүп келаткан талаа — өзүнчө бир балакет жер. Ууру менен ит-куштун гана мекени. Топтошуп, куралчан жүрбөсөң алеки заматта карышкырга жем болосуң. Же ууру карактайт. Ким билет, а балким ушу кезде бирөөлөр акмалап келаткандыр артыбыздан.

— Акмалаганда эмнебизге кызыгат эле, же жыргаган дүйнөбүз болсочу — Келдибек кобурады.

— Бир айласын тап, Каргабай аке! — деп, Козуке жалбарып жиберди.

Ошо кезде Каргабай шарт артына бурулду да, анан айласы куруган адамча керкашканы аягандай көкүлүнөн сылап кобурады:

— Жаныбарым, кантелик эми... Эми ал эки жигитти сооротту: — Мен да билип турам. Ушинтип жүрө берсек, эгерим элге жетпесибиз чын. Дагы бир күнчө чыдайлык. Балким, ошондо тоо этегин таянарбыз. Же болбосо булактуу колотко жетсек, керкашканы союп тыштап бир тыныгабыз. Моюнга алыш керек өзүбүз да аябай каржалдык. Көрүп турам башка арга жок. Андан көрө чаначтагы суусундан куюп ичип, куруттан жегиле, азыраак кубаттанбасак буттар шилтемге келбей калды.

Келдибек жаңы эле канжыгага асылганда Козуке кыйкырып жиберди.

— Акебай, тетигилер эмне деген шумдук жандар, ыя!

Ырас эле, те кыр үстүндө беш-алты караан турган эле.

— Түлкү го! — деди камырабаган Келдибек.

Шыйрактары тартайган, тумшуктары упузун, кызгылтым жаныбарлар жүргүнчүлөргө таңгалгандай тик-

теп, өздөрү кебелип да коюшпайт. Капарында эч нерсе жок Козуке катуу кыйкырды эле, кыйкырык менен караманча иши жоктой, топтун башындагы эң ирдүүсү эки бутун алдыга таштай боору менен жата кетти. Жондорундагы жүндөрү күрөң кызыл, боор жүндөрү саргычтай. Түлкүдөн алда канча ирдүү көрүнгөнү менен сөлөкөттөрү бир туруп тайгандын элесин берет.

— Атандын көрү — деп, Каргабай кейип алды. — Булардын накта чие бөрүлөрдүн өзү. Бөлтүрүктөрүн торолтуп, мына эми чогуусу менен жортуулга чыгышкан тура напси бузуктар. Ырас эле, карасаң жүндөрүнүн кызылын. Кышкы биринчи карда түлөйт. Ошондо көрүп тур, узарып, кызарып бир өңүнө чыгышат дейсиң. Булардын териси илбирстин, жолборстун терисиндей эле баалуу болот. Далай үйдөн илинип турган жеринен көрдүм. Атаганат дечи, беш-алтысы колго тийсе, бир марыйт элек да...

Ошо кезде баягы эки алдыңкы бутту сунуп, боору менен жатканы ордунан ыргып тура өр таяна желип жөнөдү. Калгандары анын артында.

— Карагылачы, бөрүнүн эле өзү, желгендери ылдам. Булардын ушинтип дайыма тобу менен жүрөт деп уккам. Камаганын оңой менен куткарышпайт. Чуркаганы чагылгандай тез, өтө акылдуу болушат. Бизди акмалап жүрүшкөн тура, оңбогурлар. Алтүндө кол салышы мүмкүн. Канча экен, саначы, Козуке?

— Он бирдей бар го...

— А үкөм, кырдын ары жагында да жатышат бизди аңдып. Байкасаңар, бөлтүрүктөрү көрүнбөй калды да. Баштап жүргөн үйүр башчысы кайда кетти, ыя?

— Анысы локулдап алдыга баратат.

— Арттагылары улам көбөйүүдө. Эркеги көзгө чалдыкпай калды. Тез баскыла дейм, андан көрө бийик аскалуу бетке жамыналык. Булар кол салганда төрт тарабындан курчап кирет дешчү эле.

— Деги баятан бери аска учурата элекпис го, аке?

Калтыраган Козуну Каргабай жемеледи:

— Жигиттик кадырынды түшүрбөй акыл токтот. Адамдан айла качып кутулбайт. — Ал кылычын кармалады.

Чие бөрүүлөр ошо бойдон жер соруп кеткендей көрүнбөй калды. Түш оой, бешим болуп калган учур эле.

— Айтпадымбы, кана куржунду бери алып келгиле, шам-шум этип алалык. Дагы кандай балээси күтүп тур-

ганын ким билет.— Каргабай алда нерседен кооптонгондой эки жагын каранып коёт.

Күн бата жаздап калган кезде жүргүнчүлөр кырга чыга беришти да, каралжын тарткан боз адырлар ылдыйта калыптыр. Мындан ары күнгө күйгөн кара шагылдуу дөңсөө башталат экен. Салкын жел жүрүп кетти да, сергий түшкөн ал үчөө ат тизгинин коё беришип, ташка көчүктөрүн басышты. Аяктары аябай талыган эле. Не болсо да жандары жыргай айланага көз чаптырышат. Тегеректен тирүү караан көрүнбөй, ал тургай көктө да канат сермеген куш аттуу жок. Тээ төмөнтө кашкар тарап кызгылт мунарык тартат. Ээндик, жымжырттыкка эргиген үч жигит бул ач талаанын сырын, ыгын кайдан билишсин. Ошондуктан, дагы эле эч нерседен капарсыз. Ушу кезде ычкыркашатын кармалаган Келдибек арытада чөгүп жаткан кара таштын артына жашынган бойдон отура калды. Ал аңгыча жигиттин чар эткен үнү чыгып, селт эткен берки экөө томолонуп барып чалкасынан кеткен жолдошуна көз салууга араң үлгүрүштү да, беш-алты кадам обдула берип кайра артка кетенчиктешти. Баягы чие бөрүлөрдүн башчысы Келдибектин жерге чубалган ичеги-кардына карабастан эми аны тамактап турган болчу. Калган он бешчактыдайы — кантер айлаларын билбей, үрөйү учкан тигил эки жолоочуну карап коюп кебелишпейт. Алар бир аз эле алдыга жылса, атылган жаача алеки заматта жетип келип кол салууга даяр тургансыйт. Алда немеден коркон аксак ат мына бул жан алгычтарга айры бут адам сөрөйлөрдүн да алы жетпесин билдиби, жаны ачыгандай кишенеп-кишенеп туруп кан сийп жиберди. Каргабай менен Козукенин бир колунда кылыч болсо, экинчи колунда эки жагы миздүү албарс канжар. Ооба, өлүм менен ажал кирпик ирмеп койбой тиштешүүдө. Байкуш Келдибектин денеси тигилердин алдында. Сулк денени азырынча чие бөрүлөрдүн эч кимиси тыткылабды. Тартипке баш ийип көнүшкөн белем, сыягы алардын алдыңкы көк жалынан уруксат болмоюнча жемге тийишпейт окшойт. Ошо кезде баягы башчысы эңкее берип, сулк жаткан денени үч кадамча артка сүйрөп таштады да, көкүрөгү ачык чапанынан аркы кызгылтым төшүн эки жакка бөлүп таштаганда, Козуке эки көзүн жумуп жиберди. Бөрүлөрдүн калгандары тигил эки бечера менен арбашкансып көздөрүн алышпайт. Ниеттеринде — кана, мыкты болсоңор бери басып көргүлө — деген сыр бардай. Ошо кезде башчысынан белги болду-

бу: чоңоюп калган беш-алты бөлтүрөк жылуу этке тумшуктарын малып тыткылай кетишти.

Байкашса асманда жору пайда болуптур. Айласы түгөнгөн бечералар кантет? Дагы эле турушат селейген бойдон. Көзүнөн жаш кылгырган Каргабай бир маалда өзүнчө бата кылып, талоонго түшкөн Келдибек менен коштошту да, аксак атына артылган эмеректерди жерге алып, башындагы жүгөндү шыпырды. «Чү, жаныбарым» — деп жүгөн менен аны такымга бир салса да титиреген жаныбар ордунан жылган жок. Бакырайган кара көздөрү өзүнөн өтөт, эмне кылмакчы? Кечирим сурагандай аттын соорусунан сылаган Каргабай куржунду ийнине салып, Козукеге чаначты көтөрткөн бойдон шарт басып кетти. Чие бөрүлөр эми өздөрүнө катылбасын билип турат, минтип энчисин алышты алар. Мындан артык калыстык болмок беле... Ээрчишкен эки жан бир аз узай беришкенде чие бөрүлөр жылкыны тегеректеп алышкан эле. Чыңырып, кишенеп жатты жаныбар. Алар артка кылчайышпайт, кантсе да алеки заматта жара тартып таштașты көрүнөт. Козуке шоңшондоп желген калыбында өңгүрөп ыйлап коёт.

— Болду дейм, бир ажалдан аман калдык. Эми алар бизге катылбайт. — Каргабай инисин чындап соороткон болот.

Козуке үңүлдөдү:

— Мен эмне, өз башымды ойлоп жатыптырмынбы. Байкуш Келдибек. Акырет кеткен көкжалым.

[illegible] Капырай, деги адам аттуу көрүнбөйт да.— Кар-
[illegible]кейиди. Күн кылкылдап батып бараткан.

[illegible]р бул түнү өздөрү өрдөп бараткан кара колоттун [illegible] жериндеги суу жеген жардын боорундагы казан[illegible]актай аңгектин ичинде түнөп чыгышты. Кулагына кишенеген аттын, кыйкыра жардам сураган Келдибектин үнү угулгандай уйкусу тынч болгон жок Козукенин. Таң агарганда жолго чыгышты, алар. Ооздоруна наар алышпай жүрүп отурушуп, жер жүзүнө күн нуру толук чачыраганда булакка туш болушкан. Ошо жерден тамактанган алар чаначка суу толтуруп алышты да, кайрадан жан талаша жолго чыгышты. Керели-кечке тынбай жол жүрүшүп суй жыгыла токтой калышты эле, тээ алыста, кылайып ак карлуу тоо жатат. Байкаганга ал жерге чейин дагы бир күндүк жол. Бир кезде алар чөбү күйүп кеткен боз адырга туш болушкан. Алдыларында көптөн бери сөөк коюлбаган эски көрүстөн. Ортосунда төбөсү анча урай элек эски күмбөз турат, башкалардан бөлү-

нүп. Каргабай күмбөздү жакшылап айлана кыдырса, ичи арча менен ашталган, кылда үстүнө чыгып жатса да болчудай. Күмбөздүн дал ичинде үстү түшкөн мүрзө бар болчу. Байкап көрүшсө, анда жатса, уктаса да болчудай. Көз байлана электе тамактанган болушуп, жаталык деп чечишти чарчаган бечералар. Ушу жерден Козуке мүрзөнүн ичине жатам деп такыр болбой койгон. Каргабай кантсе да мейличи дедиби, күмбөздүн үстүнө чыгып кетти. Түн жылуу, караңгы. Үч-төрт күндөн бери тынбай жол жүрүшүп, чарчап-чаалыккан эки тууган дароо эле көздөрү илинип кетти да, канча укташканы белгисиз, бир маалда Каргабайдын кулагына Козукенин чаңырган үнү угулду. Башын көтөрүп, дароо кылычшамшарын колуна ала жерге түшмөкчү болду эле, туш-тушунан карышкырлар улуп жатыптыр. Күмбөздүн ичинде да толтура карышкыр жүргөнсүйт. Күмбөздү айлана өзүн көздөй секирип жаткан карышкырлардын бирин эңкее берип кылыч менен тартып алды Каргабай. Нар кескен албарс кылыч карышкырдын башын бөлүп тыштадыбы неси болсо да ал ошо бойдон тынчыды. А бирок туш-тушунан улугандай болсо, не бир адам дити чыдар эмес, жан таттуу да, калчылдап коркконун айтпа. Анан кантет, күмбөз үстүндөгү учу чыккан арча түркүккө жабышып мусапыр жан кыймылдабайт. Оң колунда кылычы, карышкырлар улуй берди, жигит да жанын оозуна тиштей таңдын атышын күтөт. Таң су[illegible]салганда, көр ичиндегилери сыртка чыгышып, күмбөздөн окчунураак комдонгон-комдонгон бойдон жат[illegible]калышыптыр. Он чактыдай бар эле. Жерге түшкөнде[illegible]коркот. Анда эле көркоолор аны заматта жиликтеп ке[illegible]йби. Айласы түгөнгөн Каргабай соксойгон бойдон күмбөз үстүндө. Көздөрү кызарган көркоолор: — «к[illegible]а качмак эле» — деген кыязда кебелип да коюшпа[illegible]ны аңдып отурат.

[illegible]ору жок экен жигиттин, күн нуру жер жүзүнө тегиз[illegible]чачырай, теребелге толук жан кирген кезде алыстан[illegible]коон топ атчан көрүнгөн. Күмбөз үстүндө тикесинен[illegible]соройгон Каргабай ак көйнөгүн колуна кармай желпип, кыйкырган болот. Бирок да үнү чыксачы же үнү жетсечи! Атчандар тоо этектей кыйгач бастыра, катуу баратышкан эле. Бир маалда топ атчандардын бирөөнө Каргабайдын үнү жеттиби же көзүнө чалдыга калдыбы, айтор, алар бейитти карай бастырышты. Ошентип Каргабай жерге бутун койгондо эси оой, буркурап ыйлап жибергенин бир билет. Качан эсин жыйган

ал атчандарга болгон окуяны айтып бергенде буурул сакал кош башы кейип алды:

— Заман аябай бузулган учур, уулум. Иле менен Кундуздун талаалары адамдын өлүгүнө батпай кетти. Жер жүзү кан жыттанат. Жору менен бөрүнүн күнү тууду. Кыргыз-казак боордошуп куттуу жерден ойротторду кууп чыксак, эми быяктан аларды Чин падышасы Багдыхан кырып жатат. Эмчектеги бала, боюнда бар аялдарды да аяган жок капыр. Айттым го, ушу тапта жортуп жүргөн бөрү быякта турсун, короондогу ит да кутурду. Куралданбай чогуу жүрбөсөң эле ажалыңдын жеткени. Байкушум, өзүң Кашкардан чыксаң, анан эмне быяктын эрме чөлүнө кирип кеттиң? Чактап чыгынбайсыңбы? Азыр эрдемсинген эрди бөрү жейт. Эми кантмек элең кайрат кыл. А тиги бейкүнөө бечералардын ыймандары жолдош болсун. Дагы өз башың аман калганына шүгүр де...

Ар жакта басып жүргөн жолоочу унчукту:

— Капырай, бөрүлөрдүн амалын кара? Адегенде көр ичиндеги уктап жаткан жигиттин куралын эшикке тиштеп чыгыптыр. Анан барып өзүн жайлаган тура. Чын эле азыр адам өмүрү бир ууртам айранга татыбай калды го. Кана жигит, жолдон калбайлык...

Кейип — кепчиген Каргабай инисине бата кылып, анын кызыл ала сөөк-башын көргө жашырды. Бирок мына бул ээн талаа, эрме чөлдөгү төтө жолду эмнеликтен тандаганын жолоочуларга айтмак беле, анын сыры өзүндө калды да. Ошо бойдон тынбай жүрүп отурушкан көп атчан бел аша Кара-Кулжага күн бата кирип келишкен эле.

* * *

Өз жер, өз эл. Чочулай турган жөндөрү жок. Жоон топ атчандар өз ара бөлүнүшүп, кош айтышып жатканда:

— Үкөм, мени ээрчи — деп, тиги күмбөздөн чыкканда эле Каргабайды коштогон атына мингизе келген кара жаак, арык киши акырын көз кысты.

Кантсем дегендей ал ойлоно калганда Каражаак анын ыргылжың болгон түрүн дароо түшүндү да, буйругандай ныкырды:

— Онагы жакта менин тагам бар. Эт бышымга жетпей кирип барабыз. Тыныгасың, көңүлүң да алаксысын. Чоочулабай бастыра бериң, үкөм...

— Сизге ыраазымын. Мен өзүмчө эле кете берсем, аке!

— Э, үкөм, кеткенде кайда? Ээрчий бер дейм. Бир аз күн жатып өргүйлүк. Жакшылап сый көрөбүз. А зериксең, сен Үрүмчүгө алпарган кыздардан да сулуусун таап берем...

Селт эткен Каргабай башын көтөрө «билет экен да...» деп туш жагын караса, кудай жалгап экөө жалгыз. Каражаак аны кытмыр карай күлүп турат...

— Жарайт, байаке!

Катар бастырып келатышат. Каргабай жүрөгү даап сүйлөй албай, кандайдыр актанып койду:

— Мен ал кыздарды тагасына тапшырып келатам.

— Тагасы канча пул берди? — Дагы эле кытмыр күлдү ал.

Каргабай эмне айтарын билбейт: — кайдан билип алды бул балакет баарын — дейт ичинде. Өзүнчө кыжалат, ошо бойдон Каражаак токтоп калбай, биротоло бетин ачып коёюн дедиби, эми жаш жигитти жемелегендей муну айтты:

— Перидей кыздар эле. Арзан сатып койдуң...

Каргабай көпкө дымыды да, анан барып мойнуна алды:

— Буйруганы болду да, байаке!

— Каухарды кор туткан соодагер акыры оңбойт.

— Чын эле мен осолдук кылдым, байаке!

— Осолдукбу? Али тиш какпаптырсың. Дүнүйө таап, аны тутунганды билбесең эмнең адам...

— Ошондой болуп калды атаң көрү.

Каражаак Каргабайды далайга тиктеди. Анан барып айтканы бул:

— Колтугунда беш кыл куйруктун кунуна жетпеген алтын турат.

— Койчу? — чоочуп кетти Каргабай.

— Ошол да дүнүйөбү? Аны сактайм деп эл жүрбөгөн кара жолтой жолго түшпөсөң, бөөдө жерден бирөөлөрдүн убалына калбайт элең.

Адам эмес эле бул балакет го, мунун баарын кайдан билет дегендей Каргабай сапарлашын аңдый карайт.

Бөтөн адам аны табалагансыды:

— Мына ошонун салдарынан эки жолдошуңдан айрылдың, Каргабай мырза!

— Байаке, деги өзүңүз кимсиз? Менин атыма чейин билет экенсиз. Сизди мен таанычбайм да...

— Мен деген көзү ачык олуямын. Билгиң келсе пириң болом. Тилимди уксаң, мындан ары минтип ач талаада түнөбөйсүң... Карышкырларга жем болбойсуң...

— Угуп эле жүрөйүн.

— Ап бали, азаматым! Ушинтет деп ойлогом.

Каражаактын кыялындагы максатын Каргабай али түшүнө албады. Алар үнчүгушпай бастырышууда. «Бу ким?» деген күдүк ой жигиттин мээсин эзип, акыры тиги Каражаактын унчукпаганынан тажадыбы, Каргабай сурап жиберди:

— Деги дайнымды кайдан билесиз?

Кыя жол менен баратышкан. Каражаак капылеттен тоо жаңырта каткырганда анын ач күлкүсүнөн бадалдан эликтер үркүп, шакылыктай сагызгандар үн берди.

— Каргабай каракчыны ким билбейт? Эл ичинде сен ушинтип «Каракчы» деген атка көчкөнсүң. Ал эмес мадыра башым, сенин Самаркандагы медреседен качып чыкканыңа чейин билем. Үрүмчүгө сарттын эки аруу кызын уурдап барып саттың. Же жалганбы? Анын пулун дартдикем ойноп уттуруп, керт башыңды кумарга сайганыңа чейин билем. Анан жолдошторуңду ээрчите, жаныңды арачалай араң качып чыктың. Аз жерден көкүрөгүңө канжар малынган жок.

— Капырай! — деди жакасын карманган Каргабай!

— Базардан чоёке[1] тандап алганыңда да көрүп турдум. Рас, сен анын сулуулугуна кызыктың. Ошо бойдон дайның чыкпай калган.

— Анча болду уланта бериңиз?

— Мен ойлоптурмун сен чоёкенин ысык койнунан чыга албай жатат деп. Өткөндө ал чоёкеңди базардан жолуктуруп таң калдым. Жаңы эрди күтүп олтуруптур.

Каргабай чыдабай кетти:

— Сүйлөшө алдыңызбы?

Каражаак далысын купшуңдатты:

— Сүйлөшкөндү айтат, мен дагы ал чоёкеге эки күнгө нике кыйдырткам. Жаттым анын үйүндө, сүткө түшкөн эле коңуздун өзү болдум. Хи-хи...

Ушу жерден Каргабай чын дилинен кейиди:

— Ка-ап, ата көрү десе. Жакшы коштошо албадым.

Каражаак аны жооткотту:

— Кейибе, үкөм! Чоёке сага ыраазы экен.

— Ыраазы бекен? — Каргабай сүйүндү.

— Жалган айтканды жек көрөм... Ишене бер.

— Ошондойбу, байаке!

Каражаак кебелбейт.

---

[1] Чаукен же чоеке — жолоочулар үчүн убактылуу нике кыйылчу катын. Бул Чыгыш Түркстандагы элдин кылымдап келаткан салты эле. Көчмөндөр аны — коеке, эрке аял — деп коюшкан.

— Пулду аябапсың, катынга андан башка эмне! Пул менен алтын болсо, катын кайда качат.

Жигит үшкүрдү:

— Мейли, каргап калганча ыраазы болсо эле болду!

— Айттым го, ыраазы экен. Бир гана жери түн ичинде кетти. Шашылып кетти дейт.

— Айлам кетип калган эле, байаке!

— Чоёкелерге эмне! Күндүз кетесиңби, түндө кетесиңби, анын айыбы жок. Бир гана жери — алар талак бербей кеткенди чоң күнөө көрүшөт.

— Мен ага талак берүүгө үлгүргөм.

— Аны уккам. Болбосо ал башы бош катынча базарга барып отура алмак эмес да.

Жигит дагы бир жолу такып сурады:

— Ыраазы экен деңизчи? Чоёке деле адам тукуму да...

Каргабайдын чоёке катынды аяганына тигил күлдү.

— Чоёкеге бооруң ооруйт да, сарттын наристе кыздарын сатканды күнөө деп ойлобойсуң, кызык экенсиң...

Тердеп кеткен Каргабай:

— Бир жолу азгырылдым, байаке! — деп, актанды.

Ал ого бетер басмырлады:

— Бир эле жолубу?

Айласы куруган Каргабай унчуга албай, маек бир азга токтой калган. Айсыз караңгы түн. Алар тынбай бастырып баратышат. Кала берсе экөөнүн тең бир-бири менен сүйлөшөр диттери жоктой. Быяктын коён жатагына чейин жакшы билген Каражаак ат тизгинин жыя кармап, бастырганы тыкан. Ал өз кыялында Каргабайды кантип колдон чыгарбоонун айласын таппай жатты.

Каргабайдын санаасынан Кашкардагы кумардын саатынан жаңы эле жолдо бөөдө курман болгон эки жолдошу чыга турган эмес. «Кап, эмнеге кызыктым экен» — деп кейийт. Эми анын көз алдына колго түшкөн эки кыз келе калды. Кыздардын ыйлаганы, жалынганы кулагынан кетпей, ичинен карганып коёт: «Экинчи мындай итчиликке барсам кусур урсун». Алар бастыра беришти. Жакын арадан түтүн жыттанып, оттор көрүнө, иттер үрө баштаган болчу. Кошкурган жылкы, кыйкырган үндөр Каражаакты алагды кылбагандай. Алардын токтой турган айлы бөлөк эле, ошондуктан кыйгачтай өтө беришкенде:

— Узун жолду кыскарт, үкөм? — деди, камырабаган Каражаак.

— Эмне айтат элем? — өзүнчө кыжалат болгон Кар-

габайдын аңгеме кургусу келбегендей тайсалдады. Туткан кесибин мына бу балакет баскан адам билет экен. Деги эмнеден баштайт. Анан калса, башынан кечиргендин чынын айтам деп сырын ачкысы да келбейт. Мейли дегендей Каражаак жигитти жайына койду да, өзүнчө ырдай баштады. Колдураган жоон үндө обондун ыргагы деле жок болчу, ошого жараша ырдын мааниси да түшүнүксүздөй сезилди Каргабайга. Каражаак ырды бир эле жолу созуп койбостон улам-улам кайталайт.

Кара көз сенин айыңдан,
Карлуу жерге көп жатып,
Какшады менин муунум.
Какшаган менин муунума
Кайыптын өтү даары дейт,
Кайыптын өтүн сурасам,
Кашкардан да ары дейт.
Кашкарга барсам жетермин,
Кашкарга барып келгенче
Кайыгып өлүп кетемин...
Мунарым сенин айыңдан,
Муздуу жерге көп жатып
Муунукту менин муунум.
Муунуккан менин муунума,
Буудайык өтү дары дейт,
Буудайык өтүн сурасам
Букардан да ары дейт.
Букарга качан жетемин?
Букарга барып келгенче
Буулугуп өлүп кетемин...

* * *

Бул маанисиз ырга көңүл бурбай, аны кубаттабастан, Каргабай өз дүйнөсү менен алек. Ошондогу Анжияндын ысыгы ай. Бирок алар тоо таянып калышкан, туш-туштан туура суулар куюлган аскалуу жашыл өрөөн. Аттар балдыркан башын кашыган болуп, оздуктар күртүлдөйт. Он беш, он төрт жашар эки айча кыз кең таар курджундардын ичинде, Каргабай аларды өзү бөктөрүнүп алган. Козуке менен Келдибек анын эки жагында, туш-тушун акмалай карап алар унчугушпайт. Ээн жерлерде кыздардын бетин ачып, моюндарын куржундун оозунан чыгарып коюшат. Кыйналбасын дегендей куржундун алдына олпок төшөп, кыздар кара чапанга оролгон. Кез келген ыктуу жерлерде кыздарга тамак берген

болушат. Бирок үчөөнүн тең көздөрү кыздарда. Качып кетпесин деп аңдыса да, кыялдарында бул чүрөктөргө алдыртан көз артканы сезилип турат. А байкуш кыздар качмак тургай тигил үчөөнүн этегине корголоп, ого бетер аларды караан тутуп келатышпайбы. Өздөрүнүн кайда баратканы жана кандай тагдырга туш болорун капарына да алышпайт. Кыздарга кызыкканы менен үч жигиттин болгон байлыгы да ушул эки чүрөк. Андыктан ал экөөнү көздүн карегиндей сактагандан башка эмне кылмак. Кокус качып кетишсе же бирөөлөр кол салып karaктаса, байлыктан кол жууйт да калат. Эптеп Кашкарга жетсе, Үрүмчүгө киришсе болду. Аякка миңден кой айдап, аргымак баштап саткандан көрө бул кыздар алда канча баа. Кыздардын майда өрүлгөн чачтары далыларын жаап, көздөрү капкара, кирпиктери коюулана музоонукундай узун. Агышынан келген беттеринин сулуулугу, белдеринин ичкелиги Козуке менен Келдибектин демин бекер жерден буулуктурмак беле. Ким билет, Каргабай болбогондо алда качан эле басып жыгылышмактыр. Кантсе да андан ыйбаа кылышат, ал тургай коркушат. Муну алдын ала байкаган Каргабай бир жолу тигилерин зекиди:

— Көз артпагыла дебедим беле. Булар катын болуп жарытпайт. Биз элет болобуз. Элеттиктерге алдуу -күчтүү, боз үй тигип, бээ сааган, эри менен жарыша атка минип чапкан, көч баштаган, эндей жердин, ээн жердин ысык-суугуна бышкан ит жандуу чыдамкай катындар ылайык. Булар биздин катындар тарткан түйшүктүн бирине да чыдашпайт. Кашкарга жеткирсек алтын-күмүшкө түйтунабыз. Андан соң кыргыздын тандаган кызын алып берем.

Ышкысы кайткан жигиттер үшкүрүнүп алды. Кыздагы эми гана Каргабайдын тилегин анык түшүнүшкөндүгүнөн жалынып-жалбарып жиберишти:

— Ака, Кашкарга алып барып сатмаң. Өзүң алың. Жакшы катын болуп беремиз. Ака, сатмаң. Кашкарга барбайбыз.

52802

Кыздар анын максатын түшүнүп калганга Каргабай ичинен кейип алды да, анан кыздарды жоошута баштады.

Сооротконон менен болмок беле алар ыйлай беришти:

— Ака, кудай үчүн. Бизди сатмаң.

Каргабай жинденди:

— Эй, силер эмне?.. Кандын жалапканасынан куткарып калдым го...

— Биз ордодо ханшаны жандап жүрмөкпүз. Жалапкананы айтпаң, ака.

— Тикини, тикини. — Каргабай баш чайкайт.

Кыздар болбой ыйлай бергендиктен:

— Болуптур Кашкарга барбайсыңар. Анагы белди ашалык, анан өзүм катын кылып алам бириндиi. А сени Келдибекке кыйдым — деп, Каргабай калп эле кабак түйө экинчисине сөөмөй кезеди.

Эми кыздар чөгөлөй калып жалынды:

— Ака, нике кыймайынча тийбең бизге, нике кыйыңыз.

— Нике дейт дагы. Бийдин сарайына алып бараткандар силерди тим койду бекен жолдо?

— Ака, биз тазабыз. Алар бизди жолдо бузса бий сарайына барганда баштары алынмак...

— Тигини! — Каргабай эркелеткендей кыздардын чачынан сылап коюп, аларды куржунга салып жатып өнөктөрүнө акырын кобурады.

— Буларды Кашкарга кыз боюнча жеткиргенибиз оң. Наркы он эсе артат. Көз ирмем жыргалга миң теңге сарптабайт кыргыз баласы.

Кыздарды Каргабай Оштон он ийгич төмөн жердеги дөңдүн жанынан олжологон. Булак четиндеги чоң чынардын түбүндө топ кыздарды кайтарган кошун эс алып жатты. Кыздар бүт бойдон кошөктолуу. Баарынын жаштары бир кылка. Ошого жараша биринен бири өткөн сулуу эле. Алардын артынан бир күн кечке акмалап келаткан, Каргабай. Кыздардын түшкөнү бийик дөңгөлөктүү жалгыз ат чегилген төрт араба. Араба тарткан аттарга да буттарын сүйрөлтүп бирден сарт минип алыптыр. Арабаны коштогондордун белдеринде кылычтары сүйрөлөт. Алар атчан. Кезек-кезегинде көкүрөгүн кере иленди үн салып ырдаган болушат. Күн ысык, коштоочулардын ичинде кыздарга кызыга караган бирөө да байкалбайт. Алардын кээси нашаа тартып баңги болуп келатса, кээси апийим эзип ичип уйку-соонун ортосунда экенин ким да болсо байкамак. Бу баңгилер качан өрүш алышат? Чыдамы кеткен Каргабай өзүнчө кобурап коюп, алыстан акмалайт. Кошун бешим ченде чынардын түбүнө токтой, башаламан каткыра, кээси жыгылып тура албай жатты. Кыясы, араба тарткан аттардын үстүндө буттарын сүйрөлтүп келаткандар гана соо өңдөнөт. Арабадан шыпыра түшүшкөн кыздар булакка жуунган болушуп өз абалдары менен караманча иши жоктой, бейма-

рал бири-бирине күлө карай оюн-зоокко алаксый баш-ташканда тиги эки сакчы сөрөйлөр да камыш аралай дарыяны көздөй жөнөштү. Бир кезде муздак сууга түшүшүп жандары жыргаган алардын каткырыгын кулагы чалды, Каргабайдын. Жакын келсе калган күзөтчүлөр чалкасынан түшө кайф экенин көрдү. «Арам гана баңгилер, көрсөтөм эми силерге» — деди Каргабай. Эми алардын көпкө чейин баш көтөрө албасын түшүнүп турат. Ооба, бул он беш кызды чогуусу менен айдап кетсе да ага эч жан жолтоо кыла албастыр. Анткенде баарын кайда батырмак, аны түшүнүп турат. Кумарланган жигит кыздардан көзүн албай көпкө дымыйт. Ал тургай катуураак дем чыгаргысы келбеди. Бир маалда кошоктошкон эки кыз өзүн көздөй утурлады. Алар отуз кадамча илгери басышып тигил топ кыздан алыстай түшкөндө коркпосун деген кыязда Каргабай акырын өйдө болду да кыздарды тиктей беймарал бажырая күлдү. Секелектер адегенде селт эте чочугандай жүздөрүн алакандары менен жаба салышты. «Коркпо, коркпогула» — деди Каргабай, үнү өтө эле жумшак. Мына бул алдыларында бажырая күлүп турган карапайым элеттик жигиттен кыздар кантип чочусун. Узунунан келген шырыктай ыймандуу жигит. Анан калса бажырая күлүп турат. Өздөрүн кайтарып итиркейин келтирген баңгилерге караганда Каргабай алардын кызыгуусун туудурду. Беттерин басканы менен салааларынын арасынан бул мээримдүү жигитти акырын караган болушат. Ошол жылмайган калыбында жумшак үнү менен: «Силерди алып келгенге атаңар жиберди. Бол, тез болгула» — деди сыйкырдуу жумшак үн. Кыздар Эрдаана бийдин сарайына баратканын билишчү. Кокон — Ордо шаар. Ал жакка тандап алынган кыздар хан сарайында бийлеп беришет. Ханшага нөкөр кыз болот деп алдай турган. Бийдин жасоолдору тарабынан сарт айылдарынан тандалып алынган сулуу кыздардын ай чырайы бириникинен бири өтөт. Такта олтурган Эрдаана бий ал кезде кыргыз-кыпчак айылдарынан сулуу кыз-келин жыйнатчу эмес. Анжиян, Аксы, Алай кыргыздарын өзүнө өчөштүрүп алган күндө эле иши бүтпөйбү. Чынында эле кыргыз-кыпчактардан аябай чочулайт Эрдаана бий. Анан калса тоолук кыргыздар Кокон бийлигин толук бойдон кабылдай элек. Аларды үркүтүп алып оп-оңой эле иш. Ошондуктан кыргыздардын кыздарын салыкка алмак тургай, өзү көз каранды аларга, канткен менен айбыгат. Ар бир кокту-колотто жашаган кыргыздын өз бийи, өз

аксакалы бар. Бөтөн бирөөнүн бийлигин оңой менен тааныгысы келбеген көк, ары энөө, эркин эл болушат, кыргыздар. Анан калса: «Биз кыргызбыз, сан кыргызбыз» дешип ураанчылдыгычы. Кези келет, ошондо аларды алдап-сооротуп ажыдаарча акырын сорот дечи. Маңыроо элеттиктерди мактап, а болбосо ыгы келген жерден күч менен басып албаса Эрдаана аты өчсүн. Анжиян, Аксы, Чаткалдан аркы арка тараптагы Кан Тоонун ичи али жапайы, эндей эле бойдон. Алар азырынча ойроттор менен чабышууда. Кылычтан аккан кан, кызыл кыргын ошол жакта. Анда да айлакер Эрдаана-бий кол кураган кыргыздарга жан тарткан боло ойротторду түртүп, сүрүп берди. Кыргыздар менен азырынча санаалаш өңдөнөт. Ошондуктан алардын айылдарынан сулуу кыз чогултмак тургай, чындап салык да сала элек.

Кантсе да эки кыз Каргабайга ишенген кыязда арт жагын жалт карап коюшуп, жигиттин артынан ээрчий беришкен. Иңир кирип, көз байланып калган кезде атын жетелей улам арылап барып кыздардын колун чечти да, бирин учкаштырып, экинчисин өңөргөн бойдон жүрүп кетти, Каргабай эр. Атын кезинде эс алдырган болуп, түнү менен жол жүрдү да, таңга жуук гана Козуке менен Келдибектин айлына жетти. Андан соң кыздарды жапсарга байланган ат жанына калтырып, тигил эки жолдошун таап келген болчу. Козуке экөө тууган, бир уруудан. Келдибек —мундуз. Экөөнүн жаны бирге, дос десе достой, айтор кыяматта да бир-бирин кыйбаска ант беришкен жакын. Күндүз жол жүрүшкөн жок алар. Каш карайганча кашат ичиндеги бадалда жатышат. Аярлабай ачык жүрүшсө кармап кетерин билишет. Тоо таяна бир аз күнчө из жашыралык деп ишендирген жаш кыздарды. Аларга эмне, туткундан — ордодо туш болчу эрксиздиктен кутулушканына курсант, мына, ушул өткүр элет жигиттерди ээрчий кайда да болсо кете берүүгө кайыл. Бул жолу алар түнү менен жол жүрүшүп кичи Алайга жетишти да, Бүлөөлүү суусунун чатындагы эки-үч адамдын кучагы жеткис кызыл кайыңдардан турган чытырман токойдун ичине кирип кеткенде гана таң аткан. Андан ары жигиттер эч бир чоочулабай чоң шашкеге чейин ат чалдырып, өздөрү да курсактарын тойгузуп алып, ошол эле күнү Кара-Кулжага жетип токтошкон эле. Ашуудан оогон соң алар: бүткүл Кашкар, Кулжа, Турпан, Кытай быякта турсун Ооган, Хиндустанга

чейин ысмы дайын атактуу көпөс Темиржандын бийик коргондуу ысык үйүнө кайрылышкан.

Ошол жылы атактуу Үрүмчү шаары — Дихуа деген жаңы ысымга көчтү. Ал дагы алланын амири менен Жуңгар мамлекетинин улуу эгеси — Алдан Серендин жан тасилим болушуна байланыштуу эле. Манжур-чиндердин Богдыханы ойротторду биротоло жер жүзүнөн жексен кылмакчы болуп, кара башыл бала аттууга чейин кырганы аз келгенсип, ойротторго тийиштүү жер менен шаар аттарын да биротоло жер жүзүнөн өчүрмөкчү эле. Эзелки жунгар талаасы Цинь-Цзян аталса, ошентип Үрүмчү — Дихуага көчтү. Антсе эле жергиликтүү эл-журт Үрүмчүнү оздорунан түшүрүп коюшмак беле. Көчмөндөрдүн оозунда Үрүмчү — Үрүмчү бойдон кала берди дечи.

Сулуу кыздарды көргөн кытмыр соодагер жигиттерди жан-алы калбай каршы алды, ал эмес жаштыгына карабай Каргабай менен төшүн төшүнө тийиштире кучакташып, эки күн өз жанынан чыгарбай өргүттү. Бул ырайымдуу адамдын колунан жакшылык гана келерин сезген байкуш кыздар анын меймандос үй-жайында деги бир чочулашкан жок. Кара көздөй тагам болот деп кыздардын кулагына шыбыраган Каргабай адеп келгенде эле. Анын айтымына караганда үч күндөн кийин нике ушул үйдө кыйылмак. Темиржан көпөс жаш жигиттерди жанынан карыш жылдырбай базар кыдыртып, Каргабай өзү жактырган чоёкеге нике кыйдырган. Карабашыл адам сатылчу базарга Темиржан соодагер эки кызды дароо алып чыккан жок. Алардын соодасы качан [illegible]ын жакшы билет. Ага чейин жан алы калбай үч жиг[illegible]ти мырзаларча кийиндирип, аларды пулга карк кыл[illegible]м дегенден кийин кана ойноп көңүл ачкыла деп өзүн[illegible] кызматчысын кошуп берген. Ошентип бекер табы[illegible]ансыган пул колун кычыштырган. Каргабай кечинд[illegible]дартдикем ойногон кумарчылардын тобуна барып [illegible]шулду да, жарым түнгө чейин шык өзүнө ооп, оюнг[illegible]катышкандарды бүт бойдон утуп алгандай да болгон. [illegible]озуке менен Келдибектин «ойнобо, кетелик» дегенине [illegible]нанбай, эртеси түнү кайрадан оюнга түштү. Бул оюн [illegible]дегенде кыргыз баласы үчүн анча деле кыйынга турбагандай көрүндү Каргабайга. Кумарчылардын колунда эч жеринде айыбы жок, жиликтен чийкилей омурулган улактын жапжаңы төрт чыйбылы. Чүкөнүн экөө он, экөө сол. Оюнга кирген алты киши бир саам ойногондо эле кайрадан чыйбылдардын жаңысы алдыга

келет. «Дарт дикем» деп тасырайган түз жердин четине коюлган таш үстүнө чүкөлөрдү чогуусу менен калчайт да, жыланач көкүрөктөрүн бир койгон бойдон сукандары кете акшыйып калышат, кумарчылар. Төрт айкүр турса — чурум — анда эле утканың. Ортодогу пул бүт сага ыйгарылат. Үч чик, бир айкүр чыкса да утуш сеники. Эки таа, эки айкүр да сенин пайдаңда. Төрт таа турса сенин жыдыганың. Үч бек, бир таа турса да жыдыйсың. Үч таа бир бөк же үч айкүр бир чик сенин уткурганыңа күбө. Эгерде калчаган чүкөлөрүң төрт оңко турса сага кудайдын бергени. Андай шык оңой менен келбейт. Калган чүкөлөрдүн үчөө чылгый бөкбү же чикби, айтор мейли, арасында бир оңкосу болсо эле, утушка эсептелет. Оюн бир караганга анча деле кыйын эместей. Ар бир кумарчы утуш чыккан сайын үй ээсине чотон акы берип турат. Үй ээси болсо кумарчынын каалаган тамак-ашын алдынан үзбөйт. Уктагысы келсе төшөнчү орун даяр. Кумардын азгырыгын, азабын сүрөттөө өтө машакаттуу келет. Мындайча айтканда кумарга киргендер кээде кызып отуруп, жанындагы пулунан бөлөк көйнөк-ыштаны быякта турсун, үй мүлкүн, ал эмес катын-баласына чейин да уттурган учурлар болот. Уттурганын толук төлөй албагандар үчүн кумардын бир гана шарты бар. Ал — өлүм. Жүрөгүңө канжар урулат же ошо жерден эле башыңды кесип ыргытышат. Түн ортосу ченде ордодогу додолонгон алтын-күмүшкө Каргабай үстөк урду. Өзүнүн да каны кызып, колу келип тургандай көрүнгөн. Анан калса чүкө менен ордо атышып, упай ойноп көнгөн кыргыз баласына ушу да кеппи. Көздөрү кызарган кумарчылар Каргабайды арбап жаткан жыланча кан сөлдөрүн ичтерине тарта дымып калышты. Ичинен кудайга нечен мертебе жалынган Каргабай өкчөдү: «Дарт дикем», Мына саат баскырдыкы десе: бир таа, үч бөк жатты да калды. Туш-туштан: утулдуң, утулдуң — деп чурулдаган үндөр. Ымшып эси оой, азга сүйлөй албаганын бир билет. Далдалчылар ордодогу пулду санап жатышат. Андагы пул канча чыкса, ошончону Каргабай жанынан чыгармак. Калтасынын баарын аңтарып таштаса да баары бир пулу жеткен жок. Бир кыйла алтын, дилде жетпегенинен улам «төк» дешти көздөрүн кызарткан тигил кумарчылар. Жаңы көзүнө көрүнгөн Каргабай док урунууда: — Мен оюндан али чыга элекмин. Шаштырба, төлөйм бир аздан кийин. Кан ичерлер болгон жок: — Пулду толук төлө, анан гана оюнга киресиң. Каргабай дагы эле сыр алдыр-

бады: «Пулум үйдө». «Бар алып кел» — деди кумарчылардын башы, Сүйүнүп кеткен ал ордунан турду. Бирок аны жалгыз кантип жиберишсин, үч кумарчы аны ээрчип алышты. Чыгып бараткан Каргабайдын артынан кумарчылардын бирөө кыйкырып калды: — Үй-мүлкүн, катын-баласын баала. Калп айтса иттин баласын мында жетелеп кел. Анын калласинин бизге кереги канча? Эртең базарга алып чыгып сатабыз. Кумар ойногонду билбеген падчагар биротоло кул болсун.— Каргабайдын басышы тың, кебелбейт. Сыр алдыргысы келбеди. Ийри-буйру көчөлөр, жалпак тамдар. Баарынын терезелери караңгы. Мындайда жалынсаң да, кыйкырсаң да эч ким жардамга келбейт. Калың бактуу сарайдын артындагы жапсарга келип токтогон Каргабай саара ушаткан боло аярдай калды да, койнундагы шамшаарын мыкчый кармады. Артындагы үңкүйгөн үчөө капарсыз. Бул элеттик момун кол салат деп күтүшпөсө керек. Жан деген курусун, жебедей атылган Каргабай дароо кайрыла берип ортоңку кумарчынын далысына канжар урууга үлгүрдү да, кайра кетенчиктей берди. Карышкырдай тап берген экинчисин чурайга тепкенде ал үч бүктөлө отуруп калды эле, канжар дагы шилтенди. Ал кулаганда үчүнчүсү канжар шилтөөгө аракеттенбей тайсалдай:

— Баары бир кармаласың, башың алынат — деп качмакчы болгондо, колуна урунган чыныдай ташты шилтеп жиберди. Бута атым жерде качып бараткан адам тоголонуп кетти. Каргабайдын Букарадан үйрөнгөн өнөрү ушул эле. Жанына барса биринчи жолку канжар жегендин дымы чыкпай калыптыр. Чала өлүк болгон экөөнү кайрадан барып ээкке келиштире тепти. Өлгөнү өлүп, тирүү калгандары таң атканча тура алышпас. Ошентсе да: сактыкка кордук жок — дедиби, үчөөнү аңгекке сүйрөп барып, колу-бутун чидерлеп таштады да, чоёкесинин үйүнө мышыкча секирип кирди. Анысы капарсыз уктап жатыптыр. Көзүн ушалаган чоёкеге дароо үч талак берген ал кошуна үйдөгү Козу менен Келдибекти ойготту. Саат басып, аттардын экөө Темиржандын сарайында байлануу турган. Мыкты аттар эле, ууру албасын деген ниетте сактанган болчу. Жарым түндө анын дарбазасын каккандан айбыгышты да, жалгыз атка учкаша минип, бирөө анын үзөңгүсүн кармаган бойдон шаардан чаап чыгышты. Таң агарып калгандыктан куугун түшсө кармап алат деп төтө жолго, ээн жолго салышканы да бекеринен эмес эле. Каргабай туш болгон кырсык мына ушундайча башталып, ындыны өчкөн бай-

* * *

Каргабай Букарадагы ыйык медреседен качып келгенден бери атасы Күчүк аябай кейип, санаркоодон уламбы, жаздыктан башын көтөрбөй, боз үйдөн тышка чыкпай калган эле. Карыянын сынып калганын сезишкен анын тели-теңтуш ынактары үстүнө кирип-чыгып жооткоткон да болушту. Күчүк мурдагысындай күлүп-жайнап сөзгө аралаша албай, кабагын түйүп түнөргөнү түнөргөн. Карыянын сыйкын көргөндөр да көп батына албай жайына коюшкан. Чынында Күчүк карыя балам медреседен курандын ыйык сүрөөсүн кана түшүнүп, анын аяттарын жатка айткан такыба болбой калды деп кейибестен, ал уулунун эч жанга баш бербеген тоң моюн мүнөзүнөн улам жаны кашайып отурат. Каргабайды медреседен окутуунун өзүнчө себеби да, анын эч кимге баш бербеген көктүгүнө байланыштуу болчу. Ал эс тарткандан баштап эле өтө тентек, жорук-жосуну чатак чыкты. Кези келгенде алы жеткен-жетпеген менен да курулай сабаша кетип, ошого тете көзгө чалдыккан жылтырак буюм менен басыгы тың Камбар Атанын тукумуна аябай өчү бардай мине качып, жоругу улам күчөй, көпчүлүктүн да каргышын уга баштаган эле. Тонобосо, талабаса жигит аты чыгабы бу отуң күйбөгөн жоокерчилик заманда деп тим койсо деле болмок, бирок уулунун жалгыз башын аяды. Зарлап жүрүп элүүсүндө көргөн чүрпөсү. Жортуулчу уулдун башы жолдо калат дегендей, бир күнү келтек жеп ач талаада мерт болсо кантет? Туяксыз калып ошондо эле Күчүктүн күнү бүтпөйбү. Биротоло аты өчмөк. Медреседе окуп сопу болбосо да жалгыз медери бирөөлөрдүн сообуна калар деп каниет кылган Күчүктүн санаасы жайында эмес беле. Кудайдын бермегинен үмүт үзбө дегендей, кийинчерээк Күчүктүн токолу дагы бир уул төрөп берди. Анысы азырынча ылжырай өтө жаш. Үмүт — тилеги — жалгыз Каргабай. Анан калса, Каргабайдын жаштайынан зээндүү чыкканына Күчүк өзүнчө корстон. Адеп медреседе окуп жүргөн уулуна Күчүк бир-эки аптада барып да келген. Кийинчерээк көк жетиле чөп бышкан кезде медресе жабылып, Сумбула чыкканга чейин Каргабай үйүнө келе калчу. Бара-бара уулунун ыкластуулугуна чындап көзү жетти. Ал кулкулдабатты жатка айтып, касиеттүү курандын сүрөөлөрүн шатырата окуйт да, анан калса атасы менен шарияттын заңы тууралында талаша кетет. Мында да өзүнө караганда уулунун ыкластуулугун сезип, бирөөлөрдүн көзү тиет дейби, эч

нга айтчу эмес. Кала берсе Каргабай качып келер-
ı бир жыл мурда Кучук үйүнө ынактарын чогулткан.
зек каланган коломтону тиктей, эттин бышышын күт-
ндөр дин исламдын санжырасынан сөз кыла кетиш-
. Ырас, талашкандардын ичинде маани билгени, мык-
ıбыз дегени да бар. Ошондо баятан бери кепке ара-
ıшпаган Каргабай, тигил чала молдолорду түзөтүп
›йсо боло. Анын билгенине караганда: — казак-кыр-
ızды жана да кыргыздын оң-солу же элети менен ички-
ıгине чейин дин исламга караткан Азрети Эшен Шейх
ожо Искак экен. Жаки болбосо, кыргыз касиеттүү
ожонун атасы имам Макдуми Аземдин ыкласынан чы-
арыбызды айтып салды. Мына ошондо боз үйдө отур-
андар чычаламак тургай, кайра жоошуй эртеси эле ар
имиси өзүнчө үймө-үй Каргабайды отко кийришип де-
ендей, сый көрсөтө башташпады беле. Ошондон бери
ıл оозго алынып кетти да, медресеге кайтып бараткaнда
Каргабайдын далысынан көзүн албаган атасы эр жетип
калыптыр деп өзүнчө бата кыла, уулуна дилин сала
эсенчилик каалаган.

Бүгүн Каргабай атасы экөө жалгыз. Боз үйдүн чам-
гарагынан күндүн нуру түшүп турат. Чакыртып алса да
жаздыктан башын көтөрбөгөн атасы уулуна ооз ача
элек. Маанилүү сөз сүйлөшөрүн билсе да Каргабай озу-
нуп суроо салбай, үңкүйгөн калыбында ал да унчукпайт.
Бир маалда какырына өйдө болгон Кучук: — Кымыз
куйчу? — деп уулуна акырын ооз учун кыбыратты. Кыз-
гылтым кымыздан кере жутуп жаткан ал демин тарта,
кокусунан сурап калды:

— Тукумуң өскүр, жашырба. Алла-тааланын ыйык
үйүнөн неге качтың? Же сени бирөө куудубу? Кылмыш
кылбасаң качпайт элең да...

Атасына калп айтып көрбөгөн Каргабай эч нерсе жа-
шыргысы келбеди:

— Токмоктой беришет эмне...

— Жөн элеби?

— Кылдан кыйкым издей берет дамбылдабыз.

— Кантип эле такыба дамбылдалар ошентсин. Жа-
ныңды жебей чыныңды айт?

— Чын айтам, ата!

— Жаныңды жебе дейм. Себепсиз эле кантип ток-
моктошсун.

— Токмоктогусу келсе, себеп деле табылат экен...

— Чыныңды айт деп жатам?

Башы салаңдаган Каргабай болгонун жашыргысы келбеди:

— Бир жолу коргондун түбүнө сийип аткам.

— Ошо элеби?

— Шарыятта туруп алып саара ушатууга жол берилбейт да...

— Болуптур, анан дагы?

— Дамбылданын көзүнө чалдыгып калдым.

— Анан?

— Анан эмне, даарат алдырды.

— Ырас болуптур.

— Анан шарияттан дарс сурады. Мен жооп берип жаткам.

Каргабай токтой калды эле:

— Айта бер! — деди атасы.

— Жооп берип бүткөнүмдө, дамбылда көмкөрөмдөн жаткырып коюп сууга салынган көк чыбык менен өлөрчө сабатты. Бир жума тура албай койдум. Жанчып салышыптыр.

— Айткан жообуң көңүлүнө толбогон да...

— Жообумду дамбылда жаратты. Бирок сабардын алдында минтип айтканын бир билем: — Кулкулдабатты го билесиң, неге анда туруп туруп сийесиң?...

— А тукумуң өскүр, жетесиз адамдын жоругун кылыпсың анда. Дамбылдаң эң туура сабаткан тура. Сени ыйык медересеге берерде: — эти силердики, сөөгү меники — деп тапшыргам.

— Мен деле чыдап бердим, ата.

— Чыдаганың ошобу? Бир эле токмок жегенге туруштук бербей...

— Кийин да сабашты, алар.

— Ал кандайча болду?

— Кыйкым издей беришет дебедимби...

— Чынынды айт? Себеби жок болсо кантип...

— Базарлап жүргөм...

— Айта бер деймин?

— Анан кокустан сарт кызынын бетин көрүп койдум.

— Паранжысын сыйрыдыңбы?

— Өзү ачты, кызыгып карап койдум.

— Анан?

— Анан сарттар артыман түшүштү. Мен медересеге кире качкан болчумун. «Ким?» деп сураса, балдар дамбылдага айтып салышыптыр.

Каргабай жети атасынан бери тоо-ташты аралай көчүп-конуп жан сактаган элет баласы. Ат чаап, эркин

жашоо анын канына канчалык сиңсе, терезесинен күн көрүнбөгөн медересе ага барган сайын ошончолук тардык кыла, эси-көөнүнөн киндик каны тамган өз жери кетчү эмес. Кээ бир түндөрү кулагына жылкы кишенеп, койдун маараганы угулуп, ордунан тура да калчу. Өзгөчө боз үйдү, анын жытын сагына, түндүгүнөн жылдыздар көрүнгөн тоону эстей куса боло берчү. Ээндик, эркиндик каны-жанына сиңген боз улан эс тарткан сайын жүрүм-турумун башкарууга кудурети жетпей калды. Жашоо менен тиричиликте элеттиктин жорук-жосуну өзүнчө го. Ошол жосундар сан жылдай алардын дилин бийлеп алса кантет? Бүк түшүп керели-кечке табынып-ташынуу, аны менен бирге ыйык куранды жан кыйнап жаттоо Каргабайга барган сайын кыйноодон башка рахатты берген жок. Элеттиктин катын-кызы эч убакта жүзүн жаап-жашырбайт. Боз үйдө чогуу жашап, чогуу жатышып тукум көбөйттү го алар. Кыргыз катын-кыздары качан эле курулай экиленчү эле. Бөтөн бирөөдөн жазгануунун да өзүнчө жол-жобосу болорун жакшы билчү эле го алар. Салтка жат нерсени жерүүнү кыргыз ургаачылары да сонун түшүнгөн. Жайлоодогу чөп жетилип, чөп бышкан учурду улуу-кичүү дебей эңсеп күтүшчү. Оюн-зоок, ырым-жырымдуу тамашалар ал кезде аябай күчөйт. Жылкычы жигиттердин шырылдаңы, короо четинде бек-бекей айткан кыздардын сыбызгы үнү Каргабайдын башын маң кыла чакырып жатса кантет. Көкүрөгү көөп, көксөөсү күчөгөн боз улан бара-бара медересенин тар короосуна сыйбай баратканын селдечендер кайдан түшүнө койсун. Элет балдары үчүн ыйык деп аталган бул жер кыйноого барабар экени менен алардын иши эмне? Шаар калкы да өз заң-законунун кулу. Аларды ким айыптай алмак. Дегинкиси, ай жүзүнө түн түшүргөн сарттын катын-кыздары он жетидеги кан-жаны бышкан Каргабайдын кызыгуусун ого бетер күчөттү. Паранжынын ары жагынан жалт этип бир көрүнгөн кара көз, аппак жүз аны жинди кылып коё таштаган. Ырас эле, мындан ары медереседе жашап калууга анын эрки жеткен жок. Бул тозокто жүргөндөн көрө, көк асканын үстүнө бир чыгып, көк асманды бир тиктеп алып өлүп калган артык деп ойлоду ал. Жок, бул кордукка ал мындан ары чыдай албайт. Кетет элетке, сиңип, житип кетет кыргыз топурагына. Анан калса, соопчулукка куран окуп, тумар чийгенди, ак кагаз бетин чаар ала кылып жазганды үйрөндү го. Эпейген элеттик үчүн ушул аздык кылабы? Эшен болбойт, сопу

болбойт ал. Эл аралай эрди-катын боло баш кошкондордун никесин кыйып, өлгөндөргө куран түшүрүп берсе жетпейби, теспе тарткан молдолуктун да кереги жок ага. Жайыттан жайыт тандай, бир күндө шар аккан он сууну кечип өткөн кыргыз боюнча калгысы келет. Жүз коюн айдап, бир үйүр жылкысын көздүн карегиндей сактаган жай кыргыз болгусу да келбейт. Жүз кой, миң кой же бир үйүр жылкы бул жоболондуу заманда бир жолку чапкындын олжосу да. Бо р эт менен тең малжандан айрылганда эле кыргыз баласы күн көрө албайт. Каргабай мырзанын тез эле байыгысы келчү. Бирок байлыкты да сарттарды туурап күтсөм дейт. Бир жерде кыштоочу тамы, анда катылган алтын-зери бар, жайлоо жетилгенде көчүп чыкчу тоосу тигинде турса. Каргабайдын кадырына эл сыйынып, анын ысмын билбеген кыргыз болбосо гана, атаганат. Ошентип, дилинде Каргабай — даңккор эле.

— Эми сага катын алып берем! — деди, баятан бери унчукпаган уулуна Күчүк.

Атасынын сөзүнө көнүп катын алып койсо деле болмок. Бирок анда эле атасынын бир короо кою менен анын бир үйүр жылкысына каралап, мына ушул турган элеттин аймагынан чыга албай турганын билип турбайбы Каргабай. Көздөгөн ой, көксөгөн максат жексен болду дей бер анда.

Каргабай атасына акырын каршылык көрсөттү:

— Соода-сатык жүргүзсөм дейм, ата. Коё турайынчы катын албай.

Андан бери Күчүк уулу менен оңду-берди сүйлөшө элек. Билген богуңду жегин дегендей төрт жылдан бери аны жайына койгон эле. Мал-жандыкка караан болууга али өзүнүн күчү жетүүдө. Анан калса союлдай болгон үч катын анын колуна кол, бутуна бут. Азырынча кор болгондой абалда бекен ? Жок, бирөөнүн көзүн карай элек. Али тың, али күүлүү. Ошол төрт жыл ичинде уулу Каргабай анын алаканына чактуу болсо да алтын-күмүш салып кетип жүрдү. Далайга чейин жок болуп кеткенине көп кейибей көнүп калган. Кээде уулунун төбөсү көрүнгөндө сүйүнүп да кетпейт. Соодагерлерди ээрчип бирде Эдил боюндагы дешти-кыпчактарга барганын айтса, бирде Кашкар, Турфан, Үрүмчүдө болуп келгенинен кеп салат. Ишенип же ишенбесе да уулун такып сураганды койгон. Ичинен гана сыздаганы: — Атаң көрү, жакшы чыгар уулуңа калаа көрсөтпө .— деген ушул турбайбы, медересеге окутпай койгондо эмне?..» Ошен-

тип мындан ары уулунун маңдайына жазылган тагдырды биле албай ич күптү болсо, бирде: «мейличи, аман жүрсө болду» дегендей кайрат кылат. Бирок да Күчүк үчүн уулу чоң базарларда кыздарды сатып, адам тукуму менен соода кылып жүргөнү үч уктаса түшүнө кирбей турган иш эле. Уулунун бул жоругун ал бечера карамача билчү эмес. Күчүктүн басса-турса ичинен жалынып зар[illegible]ганы: Чоң кудайдан ушу жаман чүрпөсүнө эсенчил[illegible] тилөө.

[illegible]ражаак бейтаань[illegible]ка жолукканга чейинки Каргабай[illegible]рзанын тарыхы ушул.

* * *

[illegible]н ай көтөрүлүп, теребел кадимкидей жарык. Бая[illegible]бери Каргабайды сөзгө албай өз жайына койгон [illegible]жаак да кандайдыр кыялдын үстүндө термелип кела[illegible]сыган. Эми алар бетегелүү түзөңгө чыгышты. Кар[illegible]к ушу жерден өзү ат тизгинин жыйып, Каргабай [illegible] жандай бастыра бергенде капылет суроо салды:

[illegible]м, дүнүйө-мүлктүн эң баалуусу эмне?

[illegible]ай суроону күтпөгөн Каргабай кантсе да буйдал[illegible]ту. Кайсы биринин башын чарпып убараланма[illegible]богур кайсы жерден чалмакчы? Эмне деген суро[illegible]иап жаткандан кийин ойлонуп жооп бербесе туза[illegible]шөөрү белгилүү. Баалуу демекчи, жакут таштын[illegible]өрү аябай көп. Кайсы бирин айтат. Андан бөлө[illegible]бир табылгыс баалуу аң-терилер бар. Ошондон ба[illegible]амбы? Болбойт, бул суроо бекеринен берилген жо[illegible]Желкесин кашый салбыраган жигитке Каражаак жа[illegible]арады да, кайрадан өзү сүйлөп кирди:

[illegible]Убараланбай эле кой. Суроомо жооп таба албайсы[illegible]билгенге, жообу деле оңой. Ушу тапта дүнүйөнүн эң [illegible]алуусу — сулуу кыз. Төрт түлүк малы түмөндөп, а[illegible]н-зери батпаган, манат-шайысы түтөгөн көпөскө сул[illegible] кыздын ай чырайын көрсөтсөң каалаган дүнүйөңд[illegible]алаканыңа салат. Кээ бир эркек калыңын келтире а[illegible]агандыктан бир катынга жетпей жүрсө, байлыгына ч[illegible]нгендер каалаган сулууну катын кылып алууга кудр[illegible] жетет. Же калп айтамбы? Сулуу аялдын жыпар ко[illegible]ун эңсебеген эркек жоктур. Өзгөчө, сулуу кыз он беште, байлыгы ташыган эркек эр ортону элүүдөн ашкан деп коёлук. Демек, кандай ач көз эркек болсо да жердин жети кабат түбүнө катылган алтын-күмүшүн сулуу кызды көргөндө гана чачат. Айттым го, сулуунун азгырыгына кара башыл эркек аттуунун көбү чыдабайт.

Каргабай анын пикирин кубаттай акырын сыпайкерчилик кылды:

— Айтканыңыз жүйөлүү экен, байаке!

—Каражаактын үнү эми кекеткендей:

— Дагы бир суроом бар. Кана айтчы: Дүнүйөнүн эң эле арзаны кайсы?

Каргабай дагы буйдалды. Ал ойлонгончо Каражаак бапылдап кирди:

— Дүнүйөнүн эң арзаны да сулуу кыз. Мансап-бийлиги бар хан менен бийлер же дүнүйөсүнө чиренген мырзалар кези келгенде сулуу кызга бекер жерден ээ болушат. Күчкө салса олжо, каарланса колко, айтор, тартып алышат. Дагы айтам: сулууга кызыкпаган эркек жок. Түшүнгөнгө сулуудан өткөн кор, нарксыз эмне болмокчу. Олжого түшкөн сулуу кыз чалга да, кулга да катын болот. Өзгөчө, бечера кишинин колундагы сулуу кыздын тагдырын теңирим эч жанга бербесин. Муну билип ал деп айтып жатам, үкөм. Угуп атасыңбы?

Каргабай үн чыгарды:

— Укпагандачы, байаке!

— Андай болсо дагы бир маани узатайын. Жакшылап тынша, анан ойлонуп туруп жооп бер. Эң эле ширин, таттуу деп эмнени билесиң?

Жообу тил учунда тургандай Каргабай обдулуп алды. «Эң эле ширин, таттуу болсо — халвадыр, мүмкүн аселди айтып жатпасын. Жок, тузду айтып жатса керек. Тамакты ширин кылган туз эмеспи. Дагы ойлонуюнчу» дегендей ал үнчукпай келатканда Каражаак кайрадан кытмырланды:

— Көп убараланбай мени тыңша. Канча баш катырсаң да аны таба албайсың. Адам жанынан таттуу эмне бар? Андан өткөн ширин эч нерсе жок. Оо, эртең менен бизди кайчы өтүп кетеби деп эшекче айкырдың го. Сага өз үнүң чыкпагандай угулду. Бизге жетти. Тойгон бөрүлөр күмбөзгө жете албаганын көрдүк. Эртебикечпи баары бир алар сени жемек. Ошондо эмне жөнүндө ойлодуң? Кана чынынды айтчы?

— Чын эле байаке, жаным көзүмө көрүндү. Кудайдан жалгыз тилегеним жанымды сактай көр деп жалынып жаттым. Деги жандан башка эмне ойлойт элем...

— Ап бали, мына эми сага ишендим. Анда эле кара башыл адамдын жанынан өткөн таттуу эч нерсе жок бу жалганда. Керт башын сакташ үчүн адам баласы дүнүйө-мүлкүнүн баарына кайыл болот, жан үчүн бала-

бакыра менен үй-бүлөсүнөн да кечет. Мына бул куу баш далайды көргөн.

Алар бастырып бараткан бетегелүү төш али бүтө элек болчу. Салкын жел леп-леп жүрүп, чар тарап ажайып, чокулары ай нуруна чагылышкан тоолор. Бабыргандын сыйкырдуу үнү, эликтин бакырганы, көктөгү ай нуруна өчкөн бозомтук сансыз жылдыз. Каражаак айткандай топ атчан убагында жолукпаса Каргабай ушул керемет дүйнөдөн ажырап, карышкырлардын сасык курсагына жем боло, анча-мынча калган сөөгүн ушу маалда түлкү тыткылай, жумуру баштагы кара көзүн карга-кузгун оймок. Бүткөн бою калтырай кайрадан жаны көзүнө көрүндү бечеранын.

Каражаак бейтааныштын үнү Каргабайды эмелеки оюнан селт эттирди:

— Узун жолду кыскартып дегендей сүйлөшө жүрөлүк, үкөм.

— Кулак сизде, байаке!

— Айтса, жалган дүйнөдө баарынан эмне кор?

— Байаке, канчалык баш оорутпайын мен сизчелик кыраакы эмес экенмин. Аны го, көрүп турасыз. Менден жооп күтпөй, өзүңүз эле чечмелей бериңиз. Мен тыңшаганды гана билейин...

Каражаак сөзүн бирөөлөр укпасын дегениби, башын Каргабайга жакындатып коюп, акырын кобурады:

— Кыйын заманга туш болдук, үкөм. Ушу азыр кара башыл адамдын жанынан өткөн кор эч нерсе жок. Адамдын өмүрүн кыйып коюу, өгүздүн чандырына жабышкан көгөндүн башын жулгандай эле кеп. Тирүү жан үчүн төшү түктүү кара жердин үстүн тепсеп жүрүү азырынча кыйбат. Карышкырча жортуп, итче кабышып калдык. Олпок төшөктө тынч жата албайбыз. Кошуна кошунага айгак. Бир эл экинчисине жоо. Хандын сөзү ширин, кылычынын мизинен шүүшүн тамат. Кечээ эле казак, кыргызды кырып, мал-жанына ээ кылбай, катын-кызын олжологон ойроттордун бүгүн көргөн күнүн теңирим итке берсин. Миң сандаган ойроттун каны суудай агып, жер жүзүнөн биротоло жексен болууда. Аларга боор ооруп, адам тукуму катары көргөн эч ким болбоду го. Азыр Кокондун алтын тагында отурган Эрдаана-бийдин кекиртегинен тирүү жандын баары өткөн ажыдаарга айланды го чиркин. Кыргыз атанын тукумдарынын башын эми ошол мыкаачы мыкчыйт. Бирде күлүп алдаса, бирде кылычтын мизине алып кырат, коркутат. Көргөнүбүздөн көрө элегибиз дагы көп. Бир

тукум элди экинчисине тукуруудa ал шүмшүк. Эки жакшыны жоолаштырып коюп, боорун тирүүлөй тилип, рахатка баткысы келет ал. Далай сулуу кыз-келиндин көз жашы төгүлөр. Далай эрлер кул болуп, элдин шору кайнар... Үкөм, мен буларды эмне үчүн айттым туюп жатасыңбы?

Санаасында эч нерсе жок эрке балача Каргабай күңк этти:

— Таң, аны мен кайдан билейин, байаке.

Каражаак чындап эле жигитке жини келди:

— Көп эле ыйманыңды жебе. Сен караманча эле макоо болсоң, кыз карактагандын кынуусун алат белең.

Күнөөсүн мойнуна алган Каргабайдын башы салаңдай түшкөндө, тигинин үнү шылдыңдуу чыкты.

— Чынында эле сенин дөдөйлүгүң өтө күч. Жаки болбосо, калтаң толо алтынды бир эле түндө суудай төгөт белең. Минтип жүрсөң алдагы алмадай калламдан көз ачып жумганча айрыласың. Же сага анын кереги жокпу? Кур дегенде ушуну түшүнсөң боло!

— Аны го түшүнөм дечи, байаке!

— Үкөм, түшүнбөгөнүң, билбегениң али көп. Мындан ары мени ээрчи. Кор болбойсуң, көзүңдү ачам.

Каргабай ыргылжың жооп берди:

— Мен макулмун, байаке. Айттым го башында.

Мөөрөйү колуна тийгендей шаңкылдады Каражаак:

— Анда эле келе колуңду. Мындан ары менин ыгымдан чыкпайсың. Макулбу? Шертке турбагандын катыны талак, дүнүйө мүлкү арам. Макулсуңбу?

Каргабай чыйрала түштү:

— Айтканымдан кайтсам теңир урсун. Төшү түктүү жер урсун.

Ал экөө кол алышкан соң, Каражаак кайрадан кепке алды:

— Жана бир айтканымды көкүрөккө түйүп кой. Элиң карышкырбы — карышкыр, түлкүбү — түлкү бол — деген кепти эшиткендирсиң.

— Аны уккам.

Каражаак секиди:

— Ашыкба, туйганыңды ичке тута бил. Менин сөзүмү эки кылбасаң далай кызыктын үстүнөн чыгасың.— Анан ал ойлоно калып эскертти: — Куйрук-жалың жетилгенде буйтап кетпе, капыр.

Каргабай шеригине тике карады:

— Кол кудайдын мөөрү, байаке. Шерттештикко азыр эле. Кантип качайын...

— Шертке турбаганды теңир өзү жазалайт. Анан калса менин да колум кыскалык кылбайт. Эмки айтарым бул· Замана, эл деген жазгы кирген суудай. Кирген сууну ноктоолоо учурунда эч жандын колунан келбейт. Кирген кезинде ал ажыдаарча туйлап кудай сакта сүрүн, күчүн коё кал, албууттана агат, нугун өзгөртө, жарды эзип, жарды бузат, ошентип тоо-ташты кулаткан, үйөрлөнгөн жансыз жоо кайрадан бөксөрөт, тунат, ал эмес кечсең тушарыңдан чыкпай тайыздап araң агып, ал тургай карманча соолуп, балыр гана жыттана кургап калганын көргөндүрсүң. Андыктан, кирген сууча кутурган, жулкунган ырайымсыз замандын шарына бой урбай: байкап, жайкап күн көрөт, эстүү адам. Замандын шайы оосо шылкыйбай, арааның жүрсө кутурбай, кууса качымыш болуп буйтап, качса куумуш болуп жетпей оокатын кылат эстүү адам. Дөөлөт эр башына жети жолу келет. Жети болбосо да үч жолу келерин мен билем. Андыктан аксактын акырына, күлүктүн туягына карап, мендей как баштын, түк баштын акылын уга жүр, баатыр.

Каражаак токтой калганда, моокуму канган Каргабай жайынча сураган:

— Бирге жүрүп келатабыз, жолдош болдук. Кантсе да ысмыңызды билсек кантет, байаке.

Каражаак ат жалына эңкее берип какшыктады:

— Анча болду канча катының бар? — деп сура.

Сөздүн чоо-жайына түшүнбөгөн Каргабай шашылды:

— Антип сурабай калайын.

— Сурасаң эмне экен?

— Аны айлыңызга барганда билет элек да...

— Айлымда канча күн коно жатып, коюн-кончума канча кирсең да аны биле алмак эмессиң.

Каргабай таңгалды:

— Кандайча?

— Ошондойчо...

— Кызык, — деди Каргабай.

Тигил кубаттады:

— Билбесең кызык, билгенге анын жайы башка.

Ай жапжарык, мурдагыдай эле бетегелүү айдың төш. Жел аргы жүрүп, тоолор маңкая, маарап ийчүдөн бетер, алыстабы иттин каңырыш үргөнү угула кайдандыр түтүн жыттанып кетти. Неси болсо да өз эл, өз жер; санаа жайында, аттар сергиген, бирок ал экөө унчугушпай катар басырып келатышат. Өзү айткандай мына бул как баш ноой адам бекен? Анын кыялында бир сыр бар эке-

нин түшүнгөн Каргабай да суроо салбай мемирей түшкөндө Каражаак сөздү кайра эле өзү баштады:

— Эр кишиге бир ысым, бир эле катын аздык кылат, үкөм. Анын сыңарындай эр жигиттин жактырып минген аты да жалгыз болбоош тийиш. Мына бул ит үргөн жердеги айылда мени — Эрмат дешет. Өз айлымдагы чыныгы ысмым — Шермат. Бел ашып Кашкарда, Какшаалда, Иледе жүрсөм — Жусуп дешип учурашат тааныгандар. Казак туугандарды араласаң — Маркабаймын. Сарттын калааларын кесип Хивага, Самарканга жетсем Абдрахман; Теке түрк, Асар түркү менен Осмон түркүндө болуп калганымда —Шахбердимин. Ооба, кээде Эдил боюндагы булгарларды аралайм, андан ары дини капыр чүрчүттөрдүн шаарына кирип кетсем — мени Кыргызбай деп жазбай таанышат. Ишенсең ишен, ишенбесең өзүң бил. Ичкилик менен элетте жана аркадагы кыргыз катындарымды санабаганда да Анжыянда кыпчак катыным, Ташкенде казак катыным бар. Үрүмчүдө чоёке сарт катын, Кокондогу, Хивадагы ак катындарымды эсепке албайм. Кудая шүгүр баарынан эки-үчтөн уул-кыздуу болдум. Эркек балдарым бүт бойдон өз тегин жакшы билишет. Баарынын назили кыргыз, теги Адигине, «өз урууңар Бөрү» деп жети аталарына чейин айтып кулактарына куя берем. Мансап колдун кириндей: жуусаң кетет. Байлык аккан суу — бир күнү соолот, тукумуң үзүлбөй, бала-бакыраң көп болсо — сенин накта байлыгың ошо. Анан дагы тоо аралай минип бел ашчу, туягы кетилбес дулдулум бир башка. Саз кечип, Сары-Арканын кең талаасын, Кара-Кумдун ысык чөлүн аралай, анын азабына чыдай турган күлүктөрүм да бир өңчөй. Байгеге чабылчу, эр сайышка түшчү аттарымды өзүнчө бактырам.

Каражаактын айткандарынын канчасы чын, канчасы төгүн экенин биле албаган Каргабай таңгалып бүткөнчө алды жактан ит үрүп, тезектин түтүнү жыттана, оозунан шилекейи куюлган Каргабай ачка экенин эми сезди.

— Куда кааласа келдик биздин айылга — деп, Каражаак атын шарт теминип алды.

Лок-лок желген аттардын үзөнгүсү кагышып, алар чоң айылдын этегине кирип келишкенде ат тизгинин жыйган Каражаак жаш жигитти имере тиктей:

— Далай күндөн бери жолдош болуп шерттештик. Максатыбыз, тилегибиз бир жерден чыгып, мына ушинтип мага чын эле шакирт болом деп калдың. Андай бол-

гон соң сенден үкөм, бир буюм сурайм, —деп аярлай калды.

— Сураңыз! —деп, чечкиндүү айтты Каргабай. Бирок кантсе да ичинде жипкирип калган болчу ал: — Оңбогон какбаш, колтукка катылган алтынды сезип калган экен да. Мейли алсын. Баштан садага! — дегендей ниет кылды. Каражаак шашпай, салмак менен сүйлөдү:

— Шертибиздин башы ушул болсун. Ак пейлиңден бере алсаң гана суранам. Билип турам, ушу кезде ал буюм сен үчүн аябай баалуу. Мен дагы ошон үчүн кызыгып калдым. Болбосо шертибиз бузулат.

Каргабай тобокел кылды:

— Сураганыңызды берем. Айтыңыз, байаке, керек десең керт башымды да аябайм.

Каражаак:

— Эгерде жолум болот деп ниет кыла, мага ишенип, мени ээрчий мындан ары пейлибиз бир болсун десең — кумар ойногонду тышта. Кумарды азган-тозгон соодагерлер кесип кылат. Ыйык иште, чоң иште андайлардын жолу тарыйт, жолу куруйт. Кумарчыда дос, тууган-урук, катын-бала, мал-мүлк деген болбойт. Кумарчыдан өткөн жандимини мен эч жерден көрө элекмин. Азыр жаш экенсиң, кумарга дилиң али бериле элек кезде, бер ушунунду мага.

Каргабай дүрт эте жанып кетти:

— Бердим, алыңыз менден ошол капырды баш-оту менен, байаке. Кумарга мындан ары малынсам: —энемди алайын!

— Болду! — деди Каражаак. — Каргабай үкөм, ишендим сага.

Оомийин, байаке — Каргабай алакан жайды.

— Оомийин!

Экөө кыбыланы караган бойдон бата кылышты. Жонунан ысык тер чыккан Каргабай байкаса, кадимкидей жеңилдей түшүптүр.

Алар айылга кирип келгенде зоңкулдаган эркек үн катты:

— Кимсиңер! Ой, кимсиңер — дейм.

* * *

Жайды жайлата Каражаак-Абдрахманды ээрчиген Каргабай үй-жайы жана ата-энесинен кабар албастан, капарсыз, ары бейкам. Анын санаасы караманча тынып, кечээки эле ач талаада шериктеринен ажырап, өзүнүн да аз жерден өлбөй калганы каплет эстен чыккансыйт. Ушул арада алар тоодон тоо ашып, айыл аралашты. Ойго түшө,

чөлдөн-чөл кесип, далай кызык окуянын үстүнөн чыгып, нечен айлар бирге жүрүшкөнүнө карабастан, мына бул жанындагы кара башыл Абдрахман акеси Каргабай үчүн али да ачыла элек сыр, табышмагы жандырылбаган жомок. Байкап көрсө, ушу кезге чейин анын жашын да ажырата албайт экен. Пайгамбар жашындагы адамдардын арасында отурса аларга теңтуш, окшошуп калат. Орто жашта десе — жаны жаштарга курбу. Айтор, Абдрахман көзгө токтобогон заакымдай кубулганы кубулган, ал тургай колдон суурулган сыйкырчынын өзү. Караңгыда баратканда карышкырча улуса жүрөк түшөт. Иши кылып ал жан-жаныбардын баарын өзүндөй кылып туурайт. Капырай, бул чын эле кубулган сыйкырчы болбосун деп жүрөк заада болсо, кейпи кара башыл адамдын өзү, кээде анын боорукерлигине, адамкерчилигине не жетсин. Бирок, ага карабай зулумдугу, керек жерден баш кескенден кайра тартпаган канкорлугучу. Неси болсо да, Каргабайдын бул теңир кошкон шериги — өзүнчө эле табышмак.

Жыйым-терим алда качан бүтүп, төрт түлүк тоо этегин жакалай боз кыроо түшкөн мезгил. Эки шерик баятан бери эч бир сүйлөшпөй катар бастырышып, чыңалган карылуу аттар ооздук кемире, алар чоң өзөндөгү азыраак тартылган көк сууну бойлой жай бастырып келатышканда өр талаша сүзгөн кызыл чаар балыктар, экиүч кулачтай өйдө суу үстүнө учуп чыгып, кайра көк иримге кирип кетишет. Аны көп элес албаган Каргабайга кеп салды тигил:

— Мына бул өр талаша сүзүп учкан балыктарды карачы.

Каргабай көрдүм дегендей баш ийкеди.

— Буларды кызыл чаар деп коюшат. Жалаң гана биздин Кан Тоодогу көк кашка сууларда болушат. Башка жакта учурабайт алар. Ысык-Көлдө мындан бир башкараак — көк чаары кездешет экен.

Мунун эмнеси кызык дегенчелик кылып, Каргабай унчукпайт. Оюн улады Абдрахман:

— Чүрчүттөрдүн падышасы муну көрсө тим эле жата калат дешти. Ал үчүн мындан өткөн мыкты, барктуу тамак болбойт имиш. Адеп укканда өзүм да ишенген эмесмин.

— Койчу! — Каргабай чочуп кетти. Балыкты жемек тургай, аны макрөө сезген кыргыз баласы таңгалбай турган жорукпу бул. Каражаак-Абдрахман сүйлөдү:

— Карасаң, падыша гана жей турган алтын балык-

тар бул жерде быкпырдай жайнап жатканын. Эгер тирүүлөй жеткирип берсең, бир балык бир мыкты кыл куйруктун кунуна татымак атаганат.

Каргабай дагы таңгалды:

— Чын элеби, байаке?

Абдрахман азыраак тырчыды:

— Байакеңе ишенип жүр. Ал эч убакта жалган айтпайт.

Иймене түшкөн Каргабай жооткотту:

— Сизге кантип ишенбей коёюн. Не болсо да көргөндөн көрө элегим көп экен. Көзүмдү ачтыңыз.

— Ашыкпа, үкөм. Көрө элегиң али алдыда.

Тартына түштү Каргабай.

— Улантыңыз кепти, байаке!

— Ысык-Көлдүн көк чаар балыгы мындан да баалуу дешет.

— Капырай буларды кайдан билип алышты алар.

— Чүрчүт көпөстөр айткан да. Жүрүшпөйбү алар биздин кан жолдун уч-кыйырына чейин кесип...

Каргабай дагы эле таңгалууда:

— Балыктын этин жылкынын жалы менен жайасынан ашык баалаган да эл болот экен, ээ?

— Болбогондочу.

— Шумдугуң кургур.

— Бир курдай мен кызыл чаарды тирүү да жеткизгем.

— Падышанын сарайынабы?

— Кайдан?

— Азыр айттыңыз го.

— Чүрчүт соодагер экөөбүз макулдашканбыз.

— Анан эмне болду?

— Мен Эдил боюндагы калаага чейин жеткирмекмин.

— Ак падышанын сарайына жеткен жоксузбу?

— Анда эмнем бар.

— Айттыңыз го жана.

— Өзү жейби же падышага береби, калганын чүрчүт көпөс өзү билет да.

— Дегинкиси, тирүү балык кантип жетсин Эдилге.

— Жеткирдим.

— Койчу?

— Адегенде чырпыктан чоң-чоң чабыра токуттук.

— Кызык...

Андан соң чабыраларды төөлөргө арттык да, серке чаначтарга суу куюп чабырага салдык. Оозун болсо жел кирбендей кылып койдук. Жеткиче ичиндеги балык-

тар бузулган жок. Жол бою, кезек-кезеги менен суусун алмаштырып отурдук.

— Адамдан амал качып кутулбайт экен да.

— Ананчы! Кыпкызыл гана алтын дилде көзгө көрүнүп турса кантесиң.

— Чын эле жеткенде алтын акча алдыңызбы?

— Биз ошентип макулдашканбыз. Сумбула чыкканда жөнөгөн элек. Эдил жерине жеткенде кыш түшүп калыптыр.

— Кызык эл экен, балыкты алтынга баалап.

— Аны кой, чүрчүт көпөстүн сүйүнгөнүн айтпа.

— Кызыгың түшкүр десе.

Каражаак күлдү:

— Көпөстөр арасында: орус оюндагысын кылат деген лакап бар. Ошондо гана ишендим ага.

— Деги кандай эл болушат чүрчүттөр?

— Биздей эле эки көздүү, айры бут.

Каражаактын шылдыңына Каргабай тырчыгандай:

— Аны го билип турам, байаке.

Абдрахман сөзүн түзөттү:

— Кызыгып калдың айтайын. Жолдошчулукка бекем болушат алар. Ылайым айткан сөзүндө тура алышат. Пейилдери ачык. Ошого жараша кара мүртөз жагы да көп. Ногойлор айтышат: орус менен дос болсоң айбалтаңды ала жүр.

Аңгыча алдыдан айыл көрүндү. Эл чуру-чуу, балбандар күрөшкө түшүп жаткан ордо жер экен. Оюндун кумарына кызыгандар чоочун адамдарды элес албады. Экөө четкерээк, аттан түшпөй карап турушат. Кызыл жаргак шым кийген кары эле адам, улам чыкканды жамбашка салып уруп, эч кимге байге бере турган түрү жок. Жолоочулар андан көзүн алышпайт, чынында да ал таңгала турган жорук эле. Кургатып койгонсуп, ал чымчып алар ашык этсиз, айтор, жашы алтымыштардагы жайык төш, тарамыштуу, аябагандай чымыр жана өтө күчтүү адам экен ал. Килейген жигиттер алдына келер замат тарс жыгылып, көпчүлүк дуу-дуу боло барып басыла түшкөндө:

— Чогороктор, кана ким чыгат? — деп айланасын бир сыйра тегерете карап алды балбан.

— Балта акени эч ким жыга албайт! — дешти деми суугандар.

Балта үнүн кайрадан бийик чыгарды:

— Чогороктордо палбан түгөнсө, каңгыларда бардыр... Кана, киминер чыгасыңар?

Жарчы кыйкыра баштады:

— Ким чыгат?

— Шермат чыксын!

— Шыкмат сен чык.

— Мамат, алдыга өт.

Көпчүлүк ээ-жаа бербей толкуп жатканда:

—Палбандар түгөнсө байгемди бергиле — деп, Балта демите бергенде Абдрахман-Каражаак аттан ыргып түштү да, анын жанына жетип барды.

— А Балта палбан, азыр сага эч ким даабаса өзүм чыгам. Андан көрө анагы белдеги оромолдун төмөнкүсүн мага чечип бериң.

Балта чоочуп кетти:

— Кимсиң өзүң?

— Ким экенимди күрөш бүткөндө айтам. Азыр алдагы ычкыр кашатка байланган оромолду чечиң...

— Анте албайм — Балта кетенчиктеди. Көпчүлүк эми ал экөөнөн көзүн албай тиктеп калган болчу.

Абдрахман болгон жок.

— Болуң, чеч дейм.

— Неге чечем?

— Күрөшкө чыкканда белге эки оромол курчанбайт. Ал күрөштүн шертине туура келбейт.

— Анда менин ишим жок. Ол оромолду мен такай курчанып жүрөм.

Каражаак да моюн берер эмес:

— Азыр чечип туруң. Жоголбойт, коркпо.

— Чечпейм.

— Айттым го, күрөштүн шертин бузбаң.

Көпчүлүк жаалап кетти:

— Мейман туура айтат, чечиң!

— Чечиң!

— Жолоочу калыс экен, чечиң.

Айласы кеткен палбанга үлгүртпөстөн Каражаак анын ычкыр кашатындагы оромолду көз ирмемге келтирбей чечип алды да:

— Мамат алдыга өт, коркпой чыгың — деп, эл артына жашынган дулдуйган жигитке көз ымдады:

— Күрөшпөйм — деди, эми Балта.

Байкаганга ал жүдөп, жүүнү бошой, бир заматта башынан куту уча кунары кете түшүптүр. Көпчүлүктүн ызы-чуусунан кулак тунат:

— Мамат!

— Мамат!

— Кайыр, Мамат!

— Чамда, Мамат!

Уу-дуу түшкөн элдин колдоосу жана Балтанын чочуп кетенчиктегени Маматты чындап эле шердентип жиберди, ал эки кулачын жая жагдаңдаган бойдон ортого чыкты. Шык Маматка ооп кеткенин Балта палбан түшүнүп турса да күрөшпөстөн четке чыгып кетсе элге шылдың болуп, өлгөн менен тете болгондон көрө дедиби, ары сарсыган ал Маматты көздөй бир силкинди. Күрөш көпкө узаган жок. Ого бетер эрдемсиген Мамат үшү кеткен карт балбанды алеки заматта чалкасынан салганын бир билет. Кыйкырык-сүрөөн арасында картайып жүдөгөн, кор болгон Балтага оромолун берип жатып:

— Картайганыңды билип, жылкыңа карап ышкырып жүрбөйсүңбү катыгүн! — деп, Каражаак кулагына шыбырады. Анын үнүндө табалоо, басынтуу жок эле. Өзүн сырдуу тиктеген, чырдуу кишиге ызалуу карт балбан да сөз каткан жок.

* * *

Катар бастырышкан эки жолоочу мурдагысындай өз ара сүйлөшүшпөйт. Жол узак, жол ээн болчу. Каражаак эч нерседен капарсыз: көңүлү ток, санаасы жайында, телегейи тегиз, ал кезегинде башты экчей, көздү сүзгөн бойдон, баягы мааниси тайкы, өзүнөн бөлөктөр жете түшүнбөгөн жалгыз ырын улам кайталай созгон болот.

Мунарым сенин айындан,
Муздуу жерге көп жаттым
Муунукту менин муунум.
Муунуккан менин муунума
Буудайык өтү даары дейт,
Буудайык өтүн сурасам,
Букардан да ары дейт,
Букарга барсам жетермин,
Букарга барып келгенче,
Буулугуп өлүп кетермин...

Табышмактуу ыр оозунан чыкканда эле Каражаактын жүзү тамылжый, кыялы дүрт этип жанып кетет да, ааламда өзү гана жалгыз жан сактап жүргөндөй баарын, баарын унута, ал тургай мына минтип жанында көлөкөсүндөй ээрчип жүргөн Каргабай менен да караманча иши болбой калчу. Мындай чакта Каргабай шериги ырды бир нече жолу кайталап бугу чыкмайынча суроо салып, аралжы болчу эмес. Бул жолу да ал Каражаакты кунт

коюп тыңшаган кишиче, бирок өз дүйнөсү менен алек болуп кетти. Ырасы бир туруп жанына өтө жакын, кээде ушинтип сыйкырчыдай өзүнөн алда канча алыс көрүнгөн аны чечмелей албай убаралана, туңгуюк суроо жүрөгүн эзет. Деги ким бул өзү? Адам кейпин кийген сыйкырчыдыр же куучубу? Сүйлөгөнүнө, тамак-аш жегенине карап адам деп ойлосо, кээ бир кылык-жоругу жанагинтип сыйкырчыны элестетет.

Каражаак карт балбандын белиндеги жоолугун чечип алганда эле анын шыгы кетти. Мындан ары байкуштун таптакыр жолу болбосун ошондо эле сезген. Эми ага боор ооруй, шеригине өзүнчө жини келип келатканда, ал Каргабайдын оюндагысын туйгандай ырын тык токтотту да:

— И-ие, Каргабай мырза, не болду сага? Ыр укпай койдуң го? — деп бир чети кекете, ары тамашалагандай күлдү ал.

Чоочуп кеткен Каргабай калп жооткотту:

— Угуп атам. Уланта бериң, байаке!

Ал такыды:

— Оюндагыны билсек болобу, үкөм?

— Капарымда эч кандай ой жок, байаке. Ырдай бериң...

— Айтпасаң мейли. Ойлогонуңду баары бир туюп койдук үкөм.

Каргабай чыдабай кетти:

— Чынымды айтсам сиз жөнүндө ойлоп келаткам, байаке.

— И-и-е рас айттың. Анан?...

— Сиздей кыраакы адамга шерик болгонума кубанып келаткам.

— Калп айтпаң, мырза. — Мырза дегенди ал какшык үчүн атайын айтты да, анан сөзүн акырын улады. — Кандай сыйкырчыга туш келдим эле деп жаман көрүп жатасың мени. Туурабы?

Каргабай азыр буйтай алган жок. Чынын айткандан башка айласы түгөнгөндүктөн түкшүмөлдөгөнүн ортого салды:

— Мейли, айтса айтайын: чынында эле сизди такыр чечмелей албайм. Бир карасам адам элесиз. Кайра ага ишенбей кетем. Кандайдыр сыйкырыңыз күч. Ал тургай олуяча эле барсыз. Баарына көзүңүз жетип, туюп турасыз. Сизден сыр жашыруута болбойт. Билип коёсуз да... Колдогонду колдоп, кордойм дегенди кордойсуз. Байкасам, адамдан башка жаралгансыз. Мен сизге ант бердим,

каргыш алдым. А өзүңүз кимсиз деги? Сырыңызды билсек, сыйкырыңызды үйрөнсөк...

Каргабай сөзүн бүтө электе эле Каражаак чалкалай берип, айталааны жаңырта каткырды:

— Кайдагы сыйкырчылык? Сендей эле кара башыл адаммын. Эне тууган мени да. Чапсаң кылыч өтөт, атсаң ок көзөйт. Өмүр сүрүүгө куштармын. Такыр өлгүм келбейт. Улам картайган сайын жан таттуу болуп баратат. Сыйкырчы да, куучу да эмесмин. Болгон сырым ушул, үкөм.

Каргабай түкшүмөлдөдү:

— Кандай десек? Жана өзүм көрүп турдум го... Бечара Балтанын күчүн алып койдуңуз. Сиз болбогондо ал жыгылбайт болчу. Кудай урсун, аны дубалап салдыңыз ошондо...

Каражаак ого бетер каткырды:

— Деген менен айтканыңда чындык бар. Рас эле, мен анын каруусун алып койдум. Балбандын сырын көргөндө эле түшүнгөм.

— Кызык...

— Билгиң келип жатабы?

— Туура келсе...

Каражаак камырабастан:

— Балбандын каруусу алтында болчу— деп койду.

— Каргабай таңгалды:

— Кайсы алтынды айтасыз, байаке?

— Шылуунсуң, бирок али көзүң ачыла элек. Айттым го башында, кызыл ооз балапан экениңди бир көргөндө эле тааныгам. Алтынды баалап, алтындын касиетин талдай билбеген адам да тирүү жанбы. Мен өзүм андайларды башынан жек көрөм. Сенин дөдөйлүгүң азырынча кечиримдүү. Бирок, билип жүр, адамдын даанышмандыгы — алтындын сырын, анын күч-кубатын жете таанығандыгында. Карапайым элет менен дан эккен бакырдан сен экөөбүз алда канча ашып турбасак жарашабы? Антпесек эле кара курсактын камын жеген байкуштун бирибиз. Болбосо туш келди жайыла маң-маң, маң баскан төөдөн айырмабыз кайсы? Антип жан сактаганча...

Шеригинин унчукпай калганынан пайдаланды Каргабай:

— Мен да ошентип ойлой берем.

—Антип ойлогонуң жаман эмес. Бирок да мындан ары менин жолумдан чыкпа, анан да унчукпай, көрүп — билгениңди көкүрөгүңө түйүп жүр. Кези келгенде сөз да, төш да тийет өзүңө. Ага чейин эс-акылың каныксын. Де-

гинкиси, дээринде бар, ошон үчүн сенден сыр жашырбай атам. Буга дейре далайларга акыл сөзүмдү бергем. Бирок жолумду берерим жок эле. Дилиң ак болсо — жолумду да аларсың...

— Ыраазымын, байаке!

— Ия, ошондойбу?

Каргабай карганып жиберди:

— Калп айтсам, жайрап калайын!

— Мейли, мейли — деди, ыраазы болгон Каражаак.

Ал кайрадан тымый калганда сөзгө кызыга түшкөн Каргабай:

— Улантың аке! — деди акырын.

— Кеп эмне жөнүндө баратты эле?

Анын калп анткорлонгонун капарына албагансыган Каргабай сыпаа үн катты:

— Алтын туурасында...

— Ооба, ооба сөз алтын туурасында баратпады беле — деди, башын тез-тез ийкеген Каражаак. — Алтындын сырын, анын көптөгөн касиетин туя билбеген адам — өмүрү дүнүйө-мүлктүн кадырына жетпейт. Рас, жана мен чалдын ычкыр кашатынан чечип алган жоолуктун четине кыркалай тигилген итапкан алтын бар болуп чыкты. Аны мен адеп келгенде эле сезгем. Карылыгына карабастан Балта эрдин эч кимден жыгылбай жатканы да ошондон улам болчу. Жанында такай алтыны болгон адам дайыма жаш көрүнөт, андайлар оңой менен алдан-күчтөн тайбайт да, эр жүрөк келишет. Жанындагы алтыны болбосо, кары Балта ошончо карылуу жигиттерди катары менен жыгат беле. Өзүң көрдүң го, жоолукту чечип аларым менен анын куту учуп, эрбейген эле бир чал болуп калды. Билгенге алтындын бир касиети ушул...

— Капырай! — деп жакасын кармады Каргабай.

Шерде[illegible] түшкөн Каражаак купуя сырын ортого салды:

— Алтындын сыры өтө татаал, касиети көп. Бирок көкүрөгүңө түйүп кой: адегенде алтындын негизги эки касиетине токтолоюн...— деп коюп, ал кайрадан тунжурады.

Каргабай кубаттады:

— Айтың, байаке!

Ка[illegible]ажаак көптөн бери көкүрөктө катылган тажрыйбасын [illegible]ашпай баяндап берди:

— [illegible]ыны көп адамды илгертеден касиеттүү деп эсепте[illegible] Алтын эң мурда каректи албай, каректи кубант[illegible]өккө сыйкырдуу шоола чачат да, адамдын

тулку-боюндагы күч-кубатын арттырат, шердентет, сен эч кимден жалтактабай ар дайым өзүңдү баатыр тутасың, анан да акыл-эсиң курчуп, кыраакылыгың, дааныш-мандыгың таасындап, жүзүңдөгү ажарың ачылып, бөтөн көзгө ыймандуу да, аруу да көрүнөсүң. Ан сайын сенден карылык алыстайт да, улам барган сайын боз жигиттей бир калыпта жаш, кубаттуу сезилесиң. Дөөлөтүң арткандан артат, улуу-кичүүнүн арасында кадыр-баркың түшпөй, не бир сулуу, аруу деген катындардын көзү түшөт сага. Ай жамал катындын көөнүнө тез чалдыккан эркек оңой менен картайчу беле. Сары алтындын сырдуу касиетинин бири ушунда. Ден-соолуктун бекем болушу үчүн да алтындын таасири аябай эле арбын деп айткам. Алтын буюм такай жанынан үзүлбөгөн адам оору-сыркоого оңой менен чалдыкбайт. Бөөдө өлүмдөн тышкары болот. Жаңыдан талпынган наристе алтын идиштен аш ичсе тили тез чыгып, ич өткөк илдети менен оорубайт. Майда-барат дартка моюн бербей, көзгө сүйкүмдүү көрүнүп, ар кимдер бетинен канча сүйсө да, ага ылайым көз тийбейт. Жүрөгү түпөйүл болуп, ашынган кайгыга чалдыккан адамды да алтын айыктырат. Түшүнөн чоочуп, элиртме дартына кириптер болгонду да алтындын күчү менен эмдөөгө болот. Алтын саптуу кылычы бар адам жоого алдырбайт, алдынан жолборс бетме-бет чыкса да коркпойт. Деги эле андай эрдин каруусундагы күч-кубаты өлөр-өлгөнчө кетпейт. Кечээ эле жакында аркалык тууганыбыз, алтын саптуу кылыччан, алтын кемерлүү эр Солтоной токсондон ашып калганча эр сайышка түшүп, жортуулдан калган эмес. Кайран эр ойротторду кырып, куттуу жерден сүрүп баратканда, калмактар алтүндө анын алтын саптуу кылычын уурдап кетишкен тура. Ошонун эртеси эле калмактардын төрөсү Маркашка менен эр сайышка түшкөндө эр Солтоной мерт болгон дешет. Жан таслим болуп баратып: «Аттиң ай, алтын сап кылычым жанымда турганда алдырбайт элем да» —деп арман кылыптыр. Жамы кыргыз аза күтүп токсон үчтөгү эр Солтонойду кара жерге кыйышкан. Кыргыздын туусун жыктык деп эрдемсинишет калмактар. Кыргыздай намыскөй, өжөр эл болчу беле. Кийинки жылы солтодон чыккан эр Кошой, саруунун ичиндеги алакчын Бердике берендер баш болуп эр Солтонойдун кунун кууга чыгышат. Сан кыргыздын айбатына чыдабаган калмактар көлдү көздөй оошкон. Баса, токсон бир жашында эр Солтоной алкөз-кабаа саягынан чыккан он беш жашар эр Садыр менен он үч жашар Атакени такай жанында алып

жүрүп жортуулдун, жоо чапкандын сырын үйрөткөн. Эр Кошойдун уулу Момокон да анда он үчтө экен. Аны да жанында алып жүрүп такшалткан, кыргыз баатырларынын пири өз учурунда эр Солтоной болгон. Сөз тизгинин башка жакка буруп жибердим ээ. Мейли, а да болсо алтындын касиетинен чыкты. Ошентип, алтын-зериң канча көп болсо да бирөөгө оңой менен алтын буюм тартуулообого аракет кыл. Катын-балаңа да алтын каткан жериңдин жигин билгизбе. Алтындын ээси жалгыз гана өзүңсүң, казына катылган жерди мураскоруң жетилип, ага анык ишенгенде гана көрсөт. Көп баланын ичинен алтындын мураскору бирөө гана болот. Калгандарынын энчисине мал-мүлк, үй-жай калат. Мураскору жөнсүз чыкса эстүү адамдар казнасынын жигин чыгарбай жүрүп көз жумган. Андай казнанын ээси — жер. Жерден касиеттүү, жерден ыйык эмне бар? Жан-жаныбар жана дүнүйө-мүлк дебей баары жерден чыгат. Керек дегенде кара жер кара башың менен кошо байлыгыңды баш кылып баарын өзү алат. Ээси жок жаткан алтын-казына учуру келгенде бактылуу адамга, эр адамга гана кезигет. Кыраакы адам алтындын кайсы жерде катылганын сөзсүз билет.

— Уланта бер, байаке!

— Кара жердин төшүн тепсеп, жан сактоо оңойго турбайт. Бирөөгө күнүң түшөт. Өзүңдөн дөөлөтү чоңго алтын тартуулайсың. Ошондо да эки алтын буюмду катары менен бирдей бегиликке тартуулаба. Алтындан алтын куралат. Дагы айтайын, алтындын кадырына жетпегендер — адамдын кадырына жетпейт. Жаш кезде алтын — жигитти алдуу-күчтүү кылат дегем. Анын кадыр-баркын көрүп, токтоолукка, салкын кандуулукка үйрөтөт. Көптөгөн кырсыктан, балээден сактайт аны. Душманынын кылычы өтпөйт, ага дуба —каргыш жукпайт. Шал оорусуна чалдыккандарды да арча менен аластап, алтындын гүлботосун жуткурушкан. Айта берсе нечен түрдүү дартты алтын менен дарылаган. Алтындын аял затына тийгизген таасири да түгөнгүс. Кыз балага кичинесинен такай алтын чөйчөктөн даам татырса ал оору-сыркоого чалдыкпай, эпсиз сулуу чыгат. Андай кыз баланын мойну узун, өзү бойлуу болуп, ошого жараша карылуу келет. Алтын сырга, алтын билерик кайсы аялдын көөнүн көтөрбөйт дейсиң. Көңүлү көтөрүлгөндө гана аял ажарына чыгат. Аялдын көңүлүн кубаттуу эркектин деми жана алтын буюмдун касиети гана көтөрөт. Тотуккан эстүү аял көбүнчө алтын чачуштук тагынат. Андай аял тукум-уру-

гун ар балээден сактап, эрин душманына алдырбайт. Бирок да билип ал: алтын казнанын ээси аял болсо эл-журттун куту кетет. Айттым го, башынан эле алтын казнаны эркек кармаган. Алтынды жаны жок, өлүү мүлк катары көрбө. Алтын — касиеттүү, жандуу мүлк. Ал сырын билген адамды жашында күчтүү, барктуу кылса, картайганда аны дөөлөттүү кылат. Ошондуктан карыган адам алтынга калганда сараң, ары бүйрө болбосо жарашпайт. Алтыны көп карыга бала-бакырасы, тууган уругу тургай, бүтүндөй эли көз каранды эмеспи. Көөнө алтындын көөнөрбөс сырларын айта берсе түгөнбөйт. Байлыкка марып, дөөлөтүм башкалардан өйдө болсун десең алтынды баркта. Ал тамак-ашка, жем-чөпкө муктаж бекен? Багам, тосом деп күнү-түнү жаныңды жебейсиң. Каткан жеринде жымыйып жата берет. Өзүңдөн бөлөккө сыр ачпайт. Санааң тынч, жүрөгүңдөн айбат кетпейт. Түмөндөгөн төрт түлүк малды кудай кут кылсын. Оосар сүйлөп күнөөгө батпайын, бирок төрт түлүк бир күнкү гана жоонун олжосу.

Аңгыча алар бастырып бараткан узун өзөндүн төмөн жагынан майда-майда боз адырлар көрүндү да, анын үстүндө каалгый айланган жорулар көзгө чалдыкты. Боз кыроо түшкөн кеч күз эле. Бирок күн ачык, мемиреп жылуу тийип турган. Ошол айланган жорулары тиктеген бойдон бир топко унчукпай барып, анан Каргабайдан сурап калды ал:

— Тетигил көктө айланган жоруларды байкачы?

— Көрүп келатам...

— Эмнеге айланган себебин билдиңби?

— Билбегенде, анын эмнеси бар.

— Билсең айтчы?

— Ошол жерде тарп жатат окшойт.

— Тарп аттуу жок болсочу ал жерде?

Каргабай ишенген жок:

— Кантип? Тарп жок жерде жорулар бекерге айланбайт да...

— Аны мен да жакшы билем.

— Анда кантип эле жөн айлансын?

Жөн эмес, жорулар айланган соң бир мандем бар дечи.

Каргабай чындап таңгалды:

— Тарп жатпаган жердин үстүндө жорулар курулай айланбайт.

— Анан?

— Болбосо, эмне себеп ага?

— Жакшылап байкачы, баятан бери бири да жерге конгон жок. Бири да жерден көккө учуп чыккан жок.

— Чын эле — деп, бүшүркөдү Каргабай.

— Андай болсо айтчы, эмне себептен айланууда алар?

— Ага көзүм жетпейт, байаке.

— Анда билип ал.

— Айтсаңыз.

— Ошо жорулар айланган жерде алтын катылган казна бар экен.

— Койчу? — Каргабай чоочуп кетти.

— Койчу-мойчусу жок эле. Тарп жок жерде жорулар алтын катылган казнанын үстүндө гана айланышат.

— Капырай!

— Көп таңгалба, бара көрөбүз аны.

— Жетип барганда эле бир кумара алтын таап алчудан бетер Каргабай байкоосуздан атын теминип алды. Каражаак бейкапар күлдү.

— Секин-секин, ашыкпа үкөм...

Каргабай уяла түшкөн болчу. Ал эрксизден тизгин жыйды. Алар жакындай бергенде ураган коргондор менен катар эски шаардын нугуна туш болушту. Алда качантан бери эңилчек баскан, ала-бата, адрашман, миңдубана, жыш өскөн эски шаардын нугу. Кээ бир жеринде тобулгу, чогойно, ал эмес жылгын да батпайт. Бир жолку алааматка туруштук бере албай алда качан жексен болгон эски шаар. Алар аттан түшпөй эски коргондорду четтей төш таяна бастырып барып токтошту. Быкпырдай кайнаган эски мүрзөлөр жатат. Ураган мазардын жанына келип аттан түшкөн Каражаак бата кылган соң буйрукту:

— Жакшылап карачы, тарп жаткан жер бар бекен? Ансыз да кызыгып калган Каргабай бастырып кеткен бойдон бир топтон кийин кайра келди. Ал жанына кайра келгенче Каражаак унчукпады.

— Жакшы эле карадым, бирок тарп аттуу билинбейт.

— Канча издесең да аны таппайсың. Мен калп айтмак белем?!

— Андай болсо алтын кай жерде, казнаны кантип табабыз?

Каражаак какшык кошту:

— Айткандай эле, жору айланган жерде, алтын додолонуп жатыптырбы?

— Деги айтам да...

— Ал билгенге гана сырын ачат.

— Айтсаңыз?

— Биринчиден, казна катылган жердин тегерегинде жылан көп жүрөт, өзгөчө ажыдаарлар. Азыр көрүп турасың кеч күз, жылаандар чээнге кирип кетишкен. Демек, жыланга болжоп казна катылган жерди таба албайбыз.

— Анда канттик?

— Шашылба! — Каражаак атын жетелеген бойдон алга басты.

Эч нерсеге түшүнбөгөн Каргабай аны ээрчий басып шашпайт. Бул табышмактуу адамдын сырын тарткысы келе, андан калбайт. Бирок ичинде көп ишенген да жок ага.

Токтой калган Каражаак:

— Тээтиги ойдуңдагы кууураган чынарды көрдүңбү? — деп койду.

— Көрүп турам, байаке.

— Анын түбүнөн илгери арык өтчү тура. Кийин суу барбай чынар куурап калыптыр.

— Чын экен, — деди Каргабай жакын келгенде.

— Алтынды катканда ээси ошол чынарды белги кылган да...

— Кантип?

Анда чынардын көгөрүп, гүлдөп турган кези дечи. Каап, чынар куурап калбаганда алтын катылган казынаны опоңой эле табат болчубуз.

Каргабайдын айласы түгөнгөндөй:

— Эми табылбайбы?

— Жакшылап акыл токтотолук, кай жерде жатканын билүүгө болот.

— Кызык — деди, ынтызары күчөгөн Каргабай. Каражаак жооп бербеди.

Алар кууураган чынарга жетпей токтой калышканда:

— Жакшылап карачы. Алтын катылган жер ушул чөлкөмдө, — деди Каражаак.

— Канчалык көз салсам да, аны мен биле албайм, байаке!

— Ашыкпа, жанымдан чыкпа дебедимби. Азыр көрсөтөм сага. Экөө андан ары унчугушпайт. Чычкан аңдыган мышыктан бетер Каражаак эки жагын имере тиктей, далайга кыймылсыз отуруп, анан шашыла ордунан турду да, дикилдеген бойдон баягы кызгылтым түп четиндин жанына чейин чуркап барды. Четин кууураган чынардын желке жагында өсүп турган. Андан ары баягы жыбараган майда мүрзөлөр. Жапырылган куурайчөбүнөн төбөсү көрүнбөй эңилчек басып, аябай эскиргендиктен мүрзөлөрдүн дүңү гана араң көрүнүп турат.

Четиндин калган бутактарынан өзгөчөлөнө узун жана жоон өскөн бутагын тутамдаган Каражаак кадимкидей сүйүнүп алыптыр. Кыйкырып жатты:

— Бери бас дейм! Мына, буйруса таптым!

Жанталаша жетип барган Каргабай:

— Кана, кайда алтын? — деп эки жагын айланкөчөк ата карайт.

Бирок алтын тургай колго урунарлык таш да таба албай ал жерден куураган ала бата менен эрмен, миндубана жана шыбактан башканы көрө албады.

— Буйруса, алтын ушул чөлкөмдө деп дагы эле кубанганын жашыра албаган Каражаак кебелбейт.

Өпкөсү көпкөн Каргабай демитти:

— Түшүнсөм жаным чыксын, канакей алтын? Кайда ал, көрсөтчү, байаке?

— Кайда, кана? Мунун ышкыбозун. — Каражаак жемеледи.

Каргабай таарынгандай:

— Айтып жатсаңыз ишенбегенде канттим.

— Эгерде алтын жер үстүндө чачылып жатса, анда анын эмнеси алтын. Алтын адамдын көзүнө оңой менен чалдыкпайт. Ал эми акмактарга такыр сырын ачпайт. Алтын ошонусу менен баалуу. Башында эскертпедимби, ал сырын түшүнүп, өзүн баалай билгенге гана көрүнөт.

Ындыны өчкөн Каргабай унчукпайт. Эми жини келгенсиген Каражаак аны жеңден тартты:

— Бас бери дейм? Мына бул бир түп долонону көрүп турасыңбы? — Каргабай баш ийкеди эле, ыраазы болбогондой үнүн бийик чыгарды ал: — Мына бул долонону жакшылап кара — деп жатам.

Каргабай шашып калды:

— Көрүп турам, байаке.

— Андай болсо эсиңе тут. Шамал такай жогортон, өйдүр тараптан согот тура. Андай кезде дарактын бутактары такай туура жакты карай өсүшөт. А бирок мына бул жоон бутакты карачы. Ал ошого карабастан: төө тарапты карай өсүптүр. Башка бутактардын баары жыш жана да бир беткей майда. А бирок мына бул жоон бутакты көрүп эле — алтындын кайда жатканын бат эле аныктоого болот. Демек, алтын катылган казына мына ушул жоон бутак өскөн тарапта. Алтын жаткан жердин үстүнө чөп коюу чыкпайт. Эгерде алтын жаткан жерге жакын дарак турса анын бутактары алтынды көздөй тартылып, жоон болот. Көп даракка караганда түбүнө алтын катылган дарак тез чоңоюп, тез жооноёт. Ан-

дай дарак суу жетпесе да оңой менен кuурабайт. Анткени алтын жаткан жерге жамгыр суусу өзү эле топтоло берет.

Каргабай:

— Андай экен кана, кай жерде алтын?

Бул жолу элдешкендей жай түшүндүрдү Абдрахман:

— Сен көп башты катырбай мени тыңша. Алтын катылган казына ушул эле жакын арада. Ага менин көзүм жетип турат. Бирок ал тереңде жатат. Жылан менен келемиш, суурлар чээнге кирип кетпегенде мен алтын жаткан жерди оңой эле таап бермекмин. Эми аны күзгү жамгырда же кар жааганда табууга болот. Эгерде алтын түзөң жерге катылса, жаандын суусу ошо жерге көп чогулат. Ошондой эле казына жаткан жерге кар жукпай тез эрийт...

Бир кезде чычкан аңдыган мышыктай бүгө түшкөн Каражаак бир топко унчукпай барып кыйкырып жиберди.

— О, чоң кудай, мына таптым. Теңир берет деген ушул. — Ал үңгүсу калган эски коргонго жетпей калтыраган бойдон туруп калды. Баягы бир түп долононун желкесинде боз чополуу такыр жер бар экен. Эчтеке түшүнбөгөн Каргабай да ал жерди тиктей берди. Байкаса ал жерде саргыч аарылар үймөлөктөшүп жатат. Кыбыланы карап, өзүнчө бата кылган Каражаак кобурады:

— Көрдүңбү, гүл өспөгөн такыр жерге аарылар конбойт, эмнеге үймөлөктөшөт дебейсиңби? Демек, бул жерде казына жаткандыктын бир белгиси. Алтындын күчү ушунда, ал аарыларды арбап жатпайбы өзүнө Карачы, кадимки эле асел аарылар.

— Эми канттик? — деди Каргабай.

— Кантмек элек. Шашпай, жайынча шайманчан келип казып алабыз. Бөөдө бирөөлөрдүн көзүнө чалдыкпайлык. Чоочун көз, суук көз жолтоо болот. Же өзүбүздү майып кылат...

Көп ишене бербеген Каргабай көктү тиктеди. Чын эле алардын төбөсүндө дагы эле жорулар айланып жүргөн экен. Аңкайган Каргабай көктү карап турганда Каражаактын үнү чар этти:

— Айтпадым беле, мына таптым! — Ал боз чап боло додолонгон ар чычкандын ийининин оозун камчы саптын учу менен казып жатып кыпкызыл келген бир алтын дилдени таап алган эле. Бүйрөлөрү кызыган ал экөө ары ийиндин оозун көпкө казышты, көпкө тиктешти да, эч

нерсе табыша албай, жүрөгү элеп-желеп боло туруп калышканда. Каражаак кебелбестен:

— Буйруса казынаны таптык, эми жайынча келелик. Мындай олжого кудайдын пендеси, оо, чанда бир жолугат. Жакшылап көз салып, унутпагандай бол, эсиңе тут. Казына катылган жер сыйкырдуу келет. Андай жер адамды тез жазгырат. Көздү тез уйпалайт. Анан калса, көпкө жаткан казынанын ээси болот деп уккам. Ал адамдын көзүн байлап, жалгыз келгенди азгырып кетет. Байкадыңбы, бул алтынды жердин түпкүрүнүн түбүнөн ач күзөн тиштеп чыккан. Демек, бул казынанын ээси — ач күзөн. Ач күзөн мекендеген жерге жылаан менен курт-кумурска эгерим жолобойт. Казына ээси түн ичинде кыз болуп каткырса, күндүз чөөчө улуйт. Неси болсо да бул чөлкөмгө адам аттууну жолотпой сыр берип, белги берип жүрө берет.

Аңгыча карс этип бутак сынгандай, анан барып:

— Кой десе болбойт! — деген эркектин ачуулуу үнү чыгып жок болду.

Ар жактан кошоктошкон аттар тыбырчылай, Каргабай келме келтире, Каражаак башын көтөргөн бойдон катты да калды. Эски мүрзөнүн арасы кайрадан жымжырт. Көктөгү жорулар да бир жакка житип кеткендей, сырдуу, сүрдүү көрүстөн үстү. Атка минген эки жолоочу жай бастырып баратты. Сырдуу үнгө, сүрдүү үн менен жооп бергендей Каражаак кандайдыр кыжырланды:

- Үн тегин жерден чыккан жок. Казнанын ээси болору чын. Мына аны азыр өз кулагыбыз менен уктук. Кантсе да мынчалык тез белги берет деп ким күтүптүр? Билгенге, качанкы күм-жам болгон ээси каткан алтын-күмүштү күзөткөн өлмөсөк арбак чал жүргөндүр мына ушул жансыз чөлкөмдө. Кантмек эле, байкуштун түнөгү эски мүрзө, оокаты чөп-чар. Болбосо не?

— Койгулачы, катуу кыйкырганына караганда адамдын эле үнүндөй угулду го... — Каргабай бүшүркөдү.

— Арбактар — өлгөн адамдын жаны. Адамдын жаны болгон соң алар адамча сүйлөбөгөндө, эшекче айкырат деп ойлодуң беле... Мейли, сен айтканга ишенип эле коёлук дейли, ошондо да казнаны алда качан ээлеп алган көрүстөндө жин-шайтандар толтура жүрбөгөндө ким жүрөт? Деги, тез кетеликчи, балакет баскан жерден...

— Анда эмне, экинчи жолу келбейбизби быякка? — деди Каргабай. — Ал чыны менен казнаны кыйгысы келбей турган.

— Кантип келбей коёлук. Башында айттым го, алтын

казнаны кудайым сүйгөн пендесине чанда бир жолу гана жолуктурат. Биз дагы теңирди ооздон түшүрбөгөн адамдарданбыз. Бирок эмки жолу быякка атайын камынып келгенибиз оң. Арбактарга куран түшүрүп, түлөө өткөрүп дегендей көрүстөн ээсинин жолун кылбасак жарашабы. Азырынча ким болсо да мейли, казна тарапка бейчеки баскандарды жолотпой, коркутуп-үркүтүп дегендей жүрө турсун...

Өзүнчө кобурай сүйлөп келаткан Каражаак токтой калганда кандайдыр селт эткен Каргабай артына жалт карады эле быжыраган көптөгөн майда молонун арасынан селдечөнби, айтор, ак баш сөлөкөттүн төбөсү көзүнө чалдыккандай жүрөгү шуу этти да, өз ичинен келме келтире атына камчы шилтей теминип алды. Өктөм ат алга атып кеткенде Каражаак жигитти шылдыңдагандай кекетти:

— Үкөм, арбактар арбап калат деп чочуп жатасыңбы? Каргабай кантсе да актанды:

— Ким билет? Үн адамдыкына окшош болгону менен сүрдүү чыкты. Жин-периби же арбакпы, баары тең эле кантип адамча сүйлөй алсын...

— Мейли, жин-шайтаны кошулуп азыткысы бирге болсо да, баары бир катылган казна сырын ачып койду бизге. Акыры келип адам колуна урунбаган алтын-мүлк болбойт. Айттым го башында, шашпай келип жол-жобосун кылсак, казна кайда качат? Буйруса, алтын-күмүш биздики дей бер.

Каражаакты кубаттагандай башын ийкеген Каргабай унчукпайт. Бирок да көрүстөн тараптан көзүнө чалдыккан сүйрөлгөн сөлөкөт жөнүндө ал жолдошуна ооз ачпады.

Жел дагы жүрбөй, мемирей тийген күн нуруна маашырлана, кебелбей жай бастырып баратышкан экөөнүн санаасы тынып калган. Ушу тапта Каргабай кокусунан эле өзүн аябагандай бактылуу сезди да, алдыда анын мартабасы артып, жыргалдуу турмуш жана да ай жамалдуу жаркын жар күтүп тургандай өзүнчө эргий түштү ал.

* * *

Бул сапар жолоочулар жалгыз түп карт чынардын түбүнө түнөп чыгышкан. Жайдакталган салт аттар шар аккан суунун четиндеги мажрүм талга аса байлангандыктан таң атканча суу кечип туруп шыйрактары какшады. Эми тыбырчылай, уктап жаткан ээлерин үмүттүү ка-

раган болушат. Ээр токумдарын баштарына коюп, чапандарын айканасынан жамынган жолоочулардын ойгонор түрү жоктой. Жерге жарык кире, күндүн муруту чачырап келаткансыды. Бир заматта ар кайсы жерлерден туш келди сайраган куштар, карт чынардын бутак арасынан да таранчылар чырылдай, айтор, теребел шаңга түнду да калды. Ошондо гана Каражаак менен Каргабай жумуру баштарын соксойто чыгып келаткан күнгө алакан жая табына, экөөнүн тең сейрек муруттары сербеңдей, негедир арбашып жаткан адамча ооздору да тынбай кыбырап жатты. Сапарда жүргөндө ал экөө тең намаздарын жыгып коюшат. Ошондуктанбы, эртең менен бир маал күнгө табынып алуу алардын адаты. Антип, чыгып келаткан күнгө табынуу көчмөндөрдүн илгертеден бери келаткан салты. Андыктан жол жүргөн кездерде жолоочулардын тутунган жалгыз кудайы күн менен учу кыйыры жок көкө теңир. Дин исламдын жол-жобосуна анын эч кандай тийиши жоктугун Каргабай жакшы билет. Күнгө табынып, зарурраттанган Каражаакты ал билмексенге салып, өзү да ага кошула чөгөлөй калат. Каражаак болсо ал тургай эки көзүнөн жаш кылгыра, мындайда бүткөн бою ээрип бараткандай эч ким менен иши жоктой муңаят да отурат. Ооба, мындай учурда ал эчкимден ыйбакбай, эч кимден тартынбайт. Үнүн муңдуу чыгарып катуу, ачык сүйлөйт. Жумуру башы түндөн түгөл, эсен-соо чыкканын, амандыгын кабарлайт. Бөөдө кырсык менен күтүлбөгөн жоо-душмандан кара жанын алакчылаган, арачылаган анык эле касиеттүү күн деп билет ал. Күндөн өткөн калыс, ага тете мээримдүү ким бар? Ал эч кимди алакчылабай мээримин тегиз жаят. Түндөн түгөл чыккан сайын ар дайым эртең менен Күн аттуу кутка салам берүү Каражаактын эзелтен келаткан парзы. Кала берсе ал ата-бабадан бери үзүлбөй келаткан салт. Арзыбаган садага түлөөгө татыйт. Утурумдук тобоо караандай балээден сактайт. Мындай чакта Каражаактын артында ыкласын жазбагансыган Каргабай дагы өнөгү ордунан турмайынча такыр козголбойт. Кудайга сыйынуунун жолу көп. Бирок Каражаактын ар күнкү жоругу ыйык курандын көптөгөн сүрөөлөрүнө эп келбесе да, Каргабай ага негедир жолтоо болбойт. Кудай жалгыз, аны көз менен көргөн, тааныган ушу убакка чейин бир жан боло элек. Андыктан ар бир мусулман баласы кудайды көкүрөгү менен гана туйбаса, көз менен көрө албайт. Ошондон уламбы, эки ынак дин жана шарият жөнүндө талаш-тартышка барышпайт. Бул жалган

дүйнөнүн түйшүгү ансыз да көп. Өздөрүнүн да ошо сандаган түйшүктөрдүн артында, бүткөрө элек иши, жетпеген максаттары далай бар. Ошого жараша теңир алдында кетирген күнөөлөрү да арбындыр.

Көзүнүн жашы кылгырган Каражаак ордунан өйдө болгондо гана баятан бери чыдамы кеткен Каргабай аттарды көздөй утурулады. Кечээ жол жүрүп келатышкан алар түштөнмөкчү болушуп, аттарды тушап отко коё беришсе ачыга түшкөн жаныбарлар орок түшө элек кайракка, кеч айдалган арпага кирип, аны майкандап жиберишиптир. Как бышкан, орок күткөн арпа экен. Алар бел ашып түшкөндө гана аттардын бутуна жем түшкөнүн билишти да, экөө тең бирдей аксап, айлалары кеткен жолоочулар жакын айылдардын бирине жетпей, картчынардын түбүнө түнөп чыгышканы бекеринен эмес болчу. Ошентип билгенге аттар бекеринен сууга байланып, таң ашырылган жок. Илгертеден эле бутуна жем түшүп аксаган атты ушинтип сууга байлайт. Андай ат тез сакайып, эртеси эле мингенге жарап калчу.

Аттарды отко коё беришкен соң, өзөк жалгоого киришти жолоочулар. Ортодогу майланышкан кызыл-чаар куржунда бышырылган баглан козунун эти, арасында бүкүлүү-бүкүлүү арпа токочтор жүрөт. Кол чаначтагы кымыздан кылкылдата жай жутуп коюп, эттен абайлай сыпаа сугунган Каражаак арпа токочтун бирин колуна аярлай кармаган боюнча аны майдалап сындырбастан же четинен кертип жебестен:

— Арпа дандын, арпа нандын өзүнчө касиеттери көп, —деп айтты да, Каргабайды сөзгө аралаштыргысы келбегендей кайрадан өзү сүйлөй берди. — Байлыктын башы, анын падышасы — алтын. Ал жөнүндө башында эскерттим. Дан аттуунун баарынан баалуусу жана эң эле кадырлуусу, жагымдуусу бул — арпа. Айта берсе арпанын касиеттери да ар кыл. Демек, дүйүм тамактын башы, тамактын падышасы — арпа. Андан бышырылган нан. Адегенде сага арпанын пайдасы, анын көптөгөн касиеттери жөнүндө айта кетейин. Эң жакшы деген аргымакты да арпа берип багат. Илгертеден эле акылмандардан тартып, падышаларга чейин арпа нан жеген. Кайырчы менен бей-бечаранын да сүйгөн тамагы арпа нан. Аргымакты чабарда саяпкер үнөмдөп арпа берип таптайт. Арпа жеген аргымак алдан-күчтөн тайбайт, оңой менен чарчабайт, канат бүткөндөй алыска чуркайт. Андай аргымак алдына күлүк чыгарбайт, эч кандай күлүккө байге бербейт. Ошондой эле такай арпа нан жеген жаныш-

мандын да акыл-эси ого бетер арта, көңүлү сергек жүрөт, денесине ашык эт байлап семирбейт. Уйкусу тынч болуп, асмандагы кушча сергектигичи. Үзбөй арпа нан менен тамактанган падышанын ыймандуулугу артып, акыл-эси курчуйт, карапайым эл-журтунун сый-сыпатынан ажырабай кадыры арта, төмөндөгөн кара башыл адам аттуунун баары сыйынат, сыйапат кылат. Деги эле арпадан жасалган оокат тирүү жандын канын булгабайт, бузбайт, кайра аны жакшыртат, тазартат. Арпадан жасалган тамак мээ менен жүрөктүн иштешине жакшы өбөлгө түзсө, табыптардын айтуусунда арпадан тартылган арак далай сыркоону айыктырат, деги эле анын дарычылыгы күчтүү. Арпа арагын кудайдын амиринен жаралган ачык суу деп падышалар ичсе, сыркоо адамдарга дарылык үчүн берген. Арпадан тартылган арак отуздан ашык ооруга дары деп айтылат. Ошентип, ал көптөгөн илдеттен адам тукумун сактайт, айыктырат. Талма-оорусуна чалдыккандар менен кутурган адамга да арпадан тартылган арак берсе айыгып кетчү дешет. Шал болуп тура албай калган адамдын бутуна арпанын урпагын ысытып тартса же арпа арагы менен учуктаса тез сакайып кеткенин өз көзүм менен көргөм. Чин-манжур акылмандарынын айтуусуна караганда ай тутулган түнү себилген арпанын түшүмү менен ажына оорусуна чалдыккандарга чейин, айтор далай-далай жин ооруларды айыктырууга болот экен...

— Арпа данды, арпа нанды буудайдан жогору койгонуңузга анча ишене бербейм — деп, Каргабай дилиндегисин ачык айтып калды.

— Ээ, үкөм, сен эмнени билесиң? — деп, Каражаак тырчыды.

Мына ушу жерден Каргабай да моюн бербеди.

— Жибектен бөздү өйдө койбойт. Көңүлүңө алба, байаке, бирок күмүштү алтындан жогору баалаган адамды ушул кезге чейин көрө элекмин. Анын сыңарындай дандын атасы — буудай. Буудай дандан, буудай нандан арпаны өйдө койгонуңузду кантсе да түшүнбөй турам. Ак буудайдай назик, жагымдуу тамак кайда? Мен көргөн, мен билген Букара менен Самаркандда буудай нандан өткөн ыйык тамак жок дешет. Бийдин өзү, вазирлери менен ыйык сопу, соодагерге чейин буудай нан жешет. Буудай тамакты өтө урматташат. Күндү жазгыргың келсе да бир себет жүзүм менен буудай нандын четин көрсөтөсүң.

Каражаак тырчыган жок:

— Сен айткан Букарадагы хан сарайында чоёке катындарды да буудай нан берип багат. Рас айттың, бир сындырым буудай нан менен бир шиңгил жүзүм кул менен күңдүн күнүмдүк шыбагасы ал жерде. Ушунча жашка келип, далайды башынан өткөргөн Абдрахман сен айткандарды билбейт бекен? Жаңыласың, уулум.

Тайсалдаган Каргабай:

— Абдрахман аке, көңүлүңдү оорутуп койдумбу? — кечириңиз дегендей башын ийди.

— Сен бир-эки гана шаардын үрп-адатын жакшы билген, али көзүң ачыла элек сары ооз балапансың — деп кекетти Каражаак. — Мактанып эле коёюн: мен деген миңдеген шаарларды көргөн адаммын. Ар бир шаар менен эл-журттун санаа-салты ар башка. Саңдаган адамдарга кездешип, далайы менен тамырлашып, достошууга чейин бардым. Кызыгың түцүкүрдүкү десе, ошолордун ичинен нечени ак дилден кылган соопчулукту актамак быякта турсун кайра өзүмө өчөгүшкөн кас болуп, көр казды. Адамдар баары эле текши мээримдүү болбойт. Ар кимде бирден терс кыял, одоно жорук-жосун болот. Кудайым алды пейли кара адамдан сактасын. Өзгөчө бою пас, башы чоң адам сөрөйдөн боюнду алыс тут. Алар актык, адалдык жөнүндө көп сүйлөйт да, ичине кара таруу айланбаган кара көңүл келишет. Андайлар булганыч жорукка, пастыкка тартынбай бара беришет. Айтса, булганыч жорукка бararда андайлар кудай алдында өзүн калп эле ак сезет, жалган жеринен калыс, ак ниет көрүнүүгө аракеттенгеничи. Дагы бир кызык байкоом: деги эле өзүндөн төмөн турган майда адамга пайда кылсаң, ал акыры сенден өч алууга аракеттенет экен. Эгер андайлар байлык мансабы жагынан сага бир аз теңтайлаша түшсө, илгерки сенден көргөн жакшылык кайра аны басынтып, кордоп жаткандай көрүнөт турбайбы. Ошол жасаган жакшылыгың менен сен аны кемсинтип коёт экенсиң. Адамкерчилик менен айкөлчүлүгүңү өзүңө тете айкөл адам гана түшүнө билет. Ошондо да акыры келип андай айкөлсүнгөн адамды да оп-оңой эле өзүңө каршы коюуга болот. Сөз төркүнү мыңдай: миң кишиге кылган жакшылыгыңдан бирөө гана кайтса, сен ошого тобоо кыл. Абийирдүү адам деги эле ар кимге көрсөткөн жакшылыгын соопчулук үчүн садага берген сыяктуу эч качан колко кылбайт. Эми эле айттык го, бирөөдөн көргөн жакшылыктын өтөсүнө абийирдүүлөр, айкөл адам гана чыга алат. Кудай каары десе, бирок адам болуп жаралгандын баары эле айкөл эмес…

— Айтканыңа кандым. Көңүлдө сактай жүрөйүн, — деди көп муюбагансыган Каргабай. Ушу жерден Каражаак санын чапты:

— Мен сага арпанын касиети жөнүндө чечмелейм деп, адам тукумунун керт башында учурай калчу кулкмүнөзгө түшүп кетиптирмин. Адам болобу же арпабы, неси болсо да баары эле Алла тааланын амиринен жаралган. Жан-жаныбар дебей баары тегиз топурактаң жаралса, кайра келип баары тең топуракка айланат. Топуракка көмүлбөй, жер алдында калбаган ким экен? — Туулдум өлдүм — деп айтат мусулман баласы. Же болбосо эненин курсагынан жылаңач түшүп, көргө да бир — эки кес кепинге оролгон менен жылаңач эле бойдон киребиз.

— Андай болсо баарыбыз эле дүйнөнүн кызыгынан баш тартып, бакшы болуп кетеликпи? — деди Каргабай.

Каражаак кебелген жок:

— Менин тамсилим ал жөнүндө эмес. Негизги сөз теңир жаратkандын баары бири-бирине эриш-аркак. Мaселен, кудайым данды жаратпаса, тирүү жанды ким сактамак? Дегинкиси, арпа жөнүндөгү айткандарымды оюңа түйүп кой, сөзүмдүн пайдасы ошондо тийип калар. Баса, токчулук болор жылды же ачарчылыктын келерин жыл санагандар арпанын чыгышы менен, анын түшүмүнө карата аныктай алышкан. Эгерде арпа кара көк тарта коюу чыгып, бой тирей көктү карап тик өссө — ал токчулуктун белгиси. Итирейип арпанын бою кыска жана да сейрек өссө анда эле ачарчылыктын, жутчулуктун белгиси деп биле бер. Арпанын касиеттери жөнүндө айта берсе сөз көп. Мисалы эле арпанын дагы бир касиети деп Каражаак токтой калганда...

— Айта бергиле — деди, ыкласын салган Каргабай.

— Арпа пайгамбар-саабалар жеген насип. Кимде-ким жол-жобомду тутуп, мени сыйласа, арпа тамак жеп, ылайым аны жерибесин, — деп осуят калтырган Мухамбет пайгамбар. Мусулман дининин куту — Меке жана Мединада жашагандардан тартып, Иран, Ооган, Индустан-дын дөөшааларына чейин арпанын нанын жешкен. Арпа дайым ыйык тутушкан. Азыр эле айттым го, ал тургай акылмандар кай жылы эл ичинде токчулук менен ачарчылык болорун арпанын өсүшүнө карай аныкташкан деп. Ачарчылык болордо, айтканымдай арпа начар өсүп, адамдар көп ооруйт да, мал-жандыкка ар кандай ылаң жайылып мал көп кырылат. Иттер кутуруп, карышкыр коркоо боло баштайт. Андай чакта эл башына түшкөн

кырсыкты ченеп-бычып болбойт. Баса, алтын катылган казнаны да арпа өскөн жерге карата опоңой эле аныктоого болот. Мисалы, алтын катылган жерге арпа айдалса анын сабагы өтө жоон келип, коюу өсөт да, ал башын көтөрө албай калат. Андан башка дагы бир белгиси...

Ушу жерге келгенде Каражаактын кеби чорт үзүлдү. Анткени аларды көздөй чукул бастырып келген жалгыз атчан салам айтпастан дейди адамча тигил тамак жей, бейкапар сүйлөшүп отургандардан көзүн албай карап турган болчу. Каражаак бейкапар адамча:

— Аттан түш, Жекебаатыр, — деп, өзү ордунан козголгон жок. Локуйган албеттүү эмени күрөң ат бели майыша араң көтөрүп турат. Жолоочунун бутундагы ышкын түпкө боёлгон чокою эмнегедир Каргабайдын көзүнө дароо урунду. Башындагысы түгү алда качан кырылган сүлөөсүн чалыш эски малакай, сакал-мурутту да кыркпай ээн-эркин коё берген экен, кайран эр. Деги эле олчойгон бейтааныштын кейип-кепшири жупуну, ал эмес адамга аралашпай бозуп жүргөнсүп өтө жүдөңкү болчу. Ошого карабастан ал өз алдында эптеп жан сактап жүргөн бечаралар тургандай, кала берсе тигил экөөнү теңине албаган кишиче негедир аттан түшүп жатып кекете сүйлөдү:

— Силерди тээ алыстан көрдүм, анан атайы жаныңарга бастырып келсем, салам айтпаганыңар кандай? Же ушу бир чеңгел башыңарды чилдикинче жулсамбы? Же болбосо мойнуңарды толгоп, пириңер ким экендигин таанытып койгонго жарайм.

Дөөгүрсүп сүйлөп, тер жыттанган, айтор, буксүгөн бул жапайы чалыш эмеден кантсе да чочуган Каргабай акырын көз кыйыгын салса, Каражаак деги эле кебелип койбойт.

Каражаак кайра тигил эменин өзүн айыптады:

— Жекебаатырым, сен тоо-таштын арасында аюуча жалгыз үй жашап жүрүп, эл-журттун салт-санаасын таптакыр эле билбей калган турбайсыңбы?

— А сен билгич экенсиң айтып түшүндүрчү мага? Ошондо көрөм сени...

Каражаак тартынган жок:

— Мындан ары билип жүр. Улуу кишиге кичүүсү дайыма озунуп салам берет. Бул — биринчиси деп кой. Муну айтканым: менин жашым сенден улуу, жолум улуу. Эгерде бет келишкен эки адамдын жаштары бирдей болсо, атчан келатканы жөөсүнө салам айтат. А болбосо жогортон келатканы ылдыйтан келатканына салам

айтуу парз. Мен сенин атыңды уккам, атаңды көргөм. Тоого кире качып, көп жылдан бери эч кимге жолукпайсың. Ал тургай бирөөлөр менен алакаң жок, Эсенбай атың өчүп «Жекебаатыр» аталдың.

— Эй, муну көр — деп, түркөй адам таңгалып койду.

— Эки уулуң он сегиз жашында каза болду — деп уккам. — Каражаак сөзүн улай берди. — Шейит болушту кайран жигиттер, жаткан жери жайлуу болсун. Баса, алар да эне-атаңдын колунда жүрүп эр жеткен болчу. Сен элден 'оо, андан көп жыл мурда ооп кеткенсиң. Ал кезде казатта жайран болгон уулдарың там-туң баскан кези эле. Туура айтып жатамбы?

Локуйган неме кебелбеди.

— Айтканыңдын жалганы жок...

— Мен ылайым жалган сүйлөп көргөн жан эмесмин — деп, сөзүн улантты Абдрахман. — Ошондон бери жалгыз үйсүң. Кай жерде жашап, каякта көчүп-конуп жүргөнүңдү бир кудай билбесе, адам аттуу билбейт. Кармашканың аюу. Жолборстон, ал эмес жин-шайтандан да коркпойсуң. Билишимче, колуң азыр да жур эмес, эки жаман чүрпөң бар. Бири кыз бала, экинчиси эркек. Кызың жакында экиге толот. Азыр жыгылып-туруп, басып жүргөн кези. Жалгыз аттокуруң бар. Бирок баралына келгенде уулуң өзүңдөй эр жүрөк чыгат. Азыр сынап берейин анын ким болорун. Балакаттан өтө элек тогузда эле экен, эч кимде жок, адам баласы тең келбеген бир өнөрү бар уулуңдун. Куюн көтөн Маамытча жөө күлүк чыгыптыр анын. Түзөңдөгү бөкөндү тайганча кууп жетип тирүүлөй кармаса, аскадагы аркар-кулжага илбирсче чап жабыша калат да, бычагы менен кайберендин кекиртегин көз ачып-жумганча шылып таштайт тура. Уясында жаткан сагызгандын жумурткасын алдынан билгизбей алып кетсе, көктөгү күйкөнү көзгө аткан мерген экен. Теңирим балаңа учарга канат гана бербептир. Калганы[illegible]н ку[illegible] койгон эмес тура. Эми айтаарым, кара тоонун [illegible]сын[illegible] кардың ачпай, каржалбай жашаганыңа кор[illegible]н бо[illegible]ой элге кошул. Сеникиндей уул — элдин кенчи. [illegible] улу[illegible] журттун керегине жарасын. Айттым го, атаңды бил[illegible] элем. Ал киши көзү барда Чогоroктордун уюткусу де[illegible] айтпайын, не болсо да көп уруулардын данакери болчу, [illegible]йран Нурак. Сөзмөр эле, сыйкор болчу. Сенин да өнөр[illegible] өзүнчө, башынан эле Чогороктор падышанын бийлигин[illegible] баш ийип көргөн жан эмессиңер. Султан Бабыр [illegible]ечен[illegible]олу кол жиберип силерди багындыра албай койгон деп[illegible]тылат санжырада. Топоз минип булутка

колуңар жете, түмөндөгөн кой багып эркин жүргөн силердин да акыры падыша Бабырдын укуругу мойнуңарга илинген. Адегенде салык төлөбөй силер, чогороктор падышанын айласын кетиргенде, Бабырдын аскерлери акыры келип баарыңарды кырып, тукум курут кыларда, араңардан бириндей, аска жамынып аман калганыңар болуптур. Ошондон бери Чогороктордун тукуму анча өспөй, өзүнчө атпай журт болуудан калып, бирде кара тейитке, бирде сары тейитке жамынып, кээде Найман болуп кетсеңер, бир туруп Нойгуттун ичине кирип, же болбосо Каңгы, же Жоокесекке, Авакка айландыңар. Акыры келип ошондой чоң журтчулуктун, баатыр элдин бир кулуну сен — Жекебаатыр аталдың. Эрдигиңди, айбатыңды жоодо көрсөтүп, ээн тоо, эрме чөл, чытырман токойдо өткөн-кеткен адам баласын коркутпай, элге кошулуп, Эсенбай иним, Жекебаатырым, агаңдын тилин ал...

— Ой, сен капыр Алдар көсөгө окшоп, баарын билгениң кандай? Олуянын өзү болуп жүрбө, — деп таң калды оозун ачкан Жекебаатыр. Айтканыңдай эле менин уруум — Чогорок болот, түпкү тегибизди тейит деп койчу. Тейиттер азыр чоң эл. Элеттиктерге караганда биз көппүз. Тейиттер ичкиликтердин уюткусу. Сан кыргыздын көбүн Тейит түзөт. Же жалган айтамбы, Олуям?

Каражаак кейип алды:

— Байкушум, сен Тейит болгондо дүйнө өзгөрүп кетмек беле. Мейли Чогорок же Тейит болосуңбу андап тапкан пайдаң кайсы? Баары бир кыргыз атанын тукумдарыбыз. Не болсо да билип койгонуң жакшы, өз заманында Чогороктор ичкиликтердин уюткусу эле кайран эл. Кыргызды баштап ошол кезде падыша Бабырдын айласын кетирген. Билгенге ал оңой эл бекен? Падышага тең келип болобу, акыры амалын таап бүтүндөй элдин белин сындырып таштады Султан Бабыр. «Катуудан казаны, жумшактан күлү, кара башыл адам аттуудан эч ким калбасын» деп жардык чыгарган экен падыша. Падышанын каары оңойбу? Бабыр падышанын түмөндөгөн колу чогорок аттуунун баарын бирден терип кырып кирген. Элден тукум калсын деп ошо кездеги атактуу жайчы Түмөнбай Чогороктордун ичинен бир уул, бир кыз баласын үңкүргө жашырып калып, аларды көздөй каптап келаткан падышанын аскерлеринин үстүнө ак жайдын күнү мөндүр, кар жаадыртып жылдырбай койгон тура. Тооктун жумурткасындай мөндүрлөр чекелерин томпойтуп, үшүп өлө турган болгондо падышанын колу

артка качып араң кутулушуптур. Ошондо да Бабырдын салык жыйнаган колу — Чогороктордун мал-жандыктарын мыдырын койбой чаап, талап калууга үлгүрүшкөн. Айтканга оңой, андан бери үч кылым өттү. Түмөнбай жайчы үңкүргө катып калган уул-кыздан туулган балдар кайрадан эл болду. Тукум улап көбөйүп, кудайга шүгүр азыр да Чогорок атыңар өчө элек...

Эсенбай-Жекебаатыр энөөлүк кыла мурутунан бир кылды шарт жулуп алды да:

— Ыя, ошондойбу энеңди урайын десе! — деп катуу сөгүндү. — Деген менен чындыкты айттың. Чогороктордү бүтүндөй жок кылмакчы болуп, кайсы бир падыша сөрөй кыра баштаганда бир топ кыз-жигит канатчан хотоздорго минишип булуттардын үстүнө чыгып кетишкен экен. Атамдын санжырасы боюнча Чогороктордун тукумун касиеттүү хотоздор сактап калган. Билсең керек, илгери-илгери топозду кыргыздар хотоз дешкен. Топоздой алдуу-күчтүү асыл мал кайдан болсун. Жүк жүктөсөң, минсең унаа. Сүт-каймагын бир жолу жеген адам үч-төрт күнгө чейин ачка болбойт. Топоздун эти менен аюнун эти ирдей: жеген соң көк муз үстүнө жатсаң да ысуулап чыасың, үшүк албайт. Каймагы карыш, уюган айранынын үстүнө секирип чыккан улактын туягы өтпөйт.

— Хотозуңдун этин биз да жегенбиз. Сүт-айранын ичкенбиз. Андан көрө элге кошулуп, жанагы эки жаман чүрпөңдү кыргыз атанын салт-санаасынан бөлбө деп жатам, Жекебаатыр. Аман жүрсө жаман уулуң Орозбай калайыкка маалым баатыр чыгат. А берки эки жашар нэристе кызыңдын даңкы сулуулук жагынан далай жерге жетет. Кара күчүңө, кардың толо жеген этке корстон болбой башчысы бар, баркы бар, баатыры арбын элге кошул. Үч жүз жыл жашаган чынар тегерегиндеги токойго күйөнөт. Жалгыздын иши жалгыз. Жалгыз терек токой болбойт.

[illegible]шу ж[illegible]ден эсине келгенсиген Жекебаатыр таңга[illegible]ып к[illegible]йду:

— Баса, [illegible]ги өзүң кимсиң? Чогороктор кыргыз ичинде [illegible]башта[illegible]н, падышага баш бербеген баатыр эл болгону[illegible]ейин [illegible]лгениң аз келгенсип, мени мурда көрбөйбилбе[illegible]руп [illegible]ти атама чейин чечмелеп салдың. Элибиз баатыр[illegible]орун атамдан далай уккам. Билесиң жоо ме[illegible]бетт[illegible]үнүн өз жолу бар. Кылычтар кындан суурул[illegible]кызв[illegible]ыргын башталарда эрлер жекеге чыгышат. А[illegible]ча[illegible]жекеге такай Чогороктун эрлери чыкчу деш[illegible]өзүм[illegible] далай жолу локуйган аюуга бет келип,

курал-жарагым жоктугуна карабастан мойнун бурай муунтуп өлтүргөм.

— Обу жок мактанба — деп, Жекебаатырды тыйып койгон Абдрахман кайра кебин улады. — Тирүүлөй аюуну чалкасынан салгандан кийин оозун кемечтеп коюп, сен аны үйүңө чейин жетелеп келгениңди уккам. Көп эле элирбей андан көрө Кереге-Таштын түбүнө качан көчүп келдиң? Мен сени али дагы Кара-Мыктын аскаларынын арасында жатат деп ойлоптурмун.

— Ой, деги кимсиз өзүң? Мени түп-тамырымдан бери чукудуң. Ал тургай эки жашар кызымдын аруу чыгарына чейин билгендей, чын эле олуясыңбы? Анда эле айтчы, мен качан жана кандай дарттан өлөм?

Локуйган дөөнү шылдыңдай күлгөн Каражаак:

— Болуптур, өзүң сурап калдың, анча кызыга түштүң сенин качан өлөрүңдү айтса айтып берейин. Анан да чычалап жүрбө, урганым — деп, ойлоно калды.

— Тагдыр буйруса өлбөгөн адам болбойт. Анын эмнесине чычалайт элем. Айта бер...

Каражаак бирөөнүн өлүмүн угузуп жаткандай мостоё түшүп:

— Сени көчкү алат — деп түз айтты. — Денең жерге көмүлбөйт, чирибей-ирибей муз алдында жата бересиң. Аялыңды аюу ала качат. Ошондо жүрөгү түшкөн ал да каза болот...

— Сендей олуяны биринчи көрүшүм. — Жекебаатыр ачуулангандын ордуна таңгалып койду. — Анда эле жанагы эки жашар секелегимдин көргөн күнү кантет? Уулум Орозбайдан кам санабайм. Ал эс тартып калды. Бирөөгө жемин жедире койбос...

— Кызың менен уулуңдун тагдырын алдын ала айткым келбейт. Алар жаш: мен деген көзүмдө мөөрүм, тилимде сөөлүм бар адаммын. Бирөөнү каргасам — каргышым өтөт. Алкасам — батам тиет. А неси болсо да, адам баласы маңдайына жазылганын көрөт дечи. Бирок да балдарыңдын тагдырын да көрүп турам.

Локуйган Эсенбай ушу жерден чочуп кетти.

— Деги, түбү жаман бүтпөйбү? Жаман чүрпөлөрүм аман жүрүп, ырыстан тайыбаса — менде не арман.

— Ырыстуулукту сен кандайча түшүнөсүң? — Каражаак суроо салды да, кайра өзү жооп бере баштады. — Илгертеден келе аткан нусканы эске салайын. Ар ким эле тагдырынын кулу. Тагдырды адам баласы өз колу менен жасайт. Демек, адамдын тагдыры — анын өз керт башындагы кыял-жоругу менен күткөн үрп-адатына бай-

ланыштуу. Анда эле адамдын таалай-ырысы — анын өз колунда деп түшүн. Ачыгын айтканда: ар бир эле адамдын жекече кулк-мүнөзү акыры келип, анын тагдыр-таалайына багыт берет. Сөздү узартпаганда: сенин жеке кулк-мүнөзүң — өз тагдырың. Дагы айтам кыргыздын билгени боюнча: келип-келип эле ар кимдер колу менен кылганын мойну менен тартат. Бактылуу болуу, же бактысыздык да ар кимдин өз алаканында.

Муну энөө чалыш Жекебаатырга айтып жаткансыганы менен оңбогон Каражаак анын баарын Каргабайга багыштады. Каражаактын ой жоруусун караманча аңдабаган Эсенбай таңгалып алды:

— Деги сөздөрүңдүн бирин түшүнсөм өлөйүн. Болуптур сен айткандай мен көчкү алдында калат экенмин. Андан коркпойм. Катыным кандайча аюу колдуу болмокчу? Анча баштадың калганын да ачык айт. Анда балдарымдын күнү не болот? Алардын тагдырын билгим келет...

Каражаак бул жолу кесе айтты. Сыягы локуйган Жекебаатырдын бейчеки суроосунан кутулгусу келди белем.

— Балдарыңдын тагдыры — мындан ары мына бу менин жанымда унчукпай отурган жигиттин тагдырына энчилеш.

Каргабай өзүнчө селт этти:

— Эмне дейт? Эсенбай акени биринчи көрүшүм. Мындан ары кезкелишебизби бир кудай билет? Анан, кандайча мен ал жаш балдардын тагдырына энчилеш болом?

— Эсенбайга жолукпасак болмок... Эми айла калбады.

— Билип коёлук? — деп, Жекебаатыр ансайын такыды.

— Аны айта келсе сөз көп, убакыт чак. Андан көрө сапардан калбайлык...

— Кызык кеп экен, — деди, Каргабай анча ишене бербесе да...

Локуйган Эсенбай эрегишкендей ыкыс берди:

— Андай экен, балдарымдын тагдырына чын ортоктош болчу адамды биз да биле жүрөлүк. Деги аты-жөнү ким жаш мырзанын?

— Азыркы ысмы — Каргабай. Сенин кызың мындан он эки жыл өткөндө суйкайган сулуу чыгып, анда кызыңа көптөгөн мырзалар менен бийлердин ышкысы түшө баштайт. Ошондо Каргабай үкөмдүн төл ысмы кандайча өзгөрөрүн мен билбейм да. Дегинкиси, дагы он, он беш

жыл өткөндө Каргабай жамы кыргызга таанылат. Байлыгы, мартабасы артып, ошондо бул мырзага атасы азан чакырып койгон ат жарашпай, айтор башка ысымга көчөт...

— Сен өзүң кызык сүйлөгөн адам экенсиң. Түшүнсөм кудай урсун. Антип атагы чыккан адам ысмын эмнеге өзгөртмөк? Өзү сан кыргызга таанылган мырза менен менин жаман чүрпөлөрүмдүн кандай иши болмок? Сен көп мээни чакпай ушуну айтчы?

Каражаак мостойду:

— Учурунда кызың ченде жок сулуу чыгып, уулуң теңдешсиз эр жүрөк болот деп айтпадымбы. Дагы башка эмне керек сага?

Жекебаатыр Каражаакка ысык боткодой жабышты:

— Уулум өзүмдү тартса эле баатыр болот. Ага мен ишенем. А кызымдын акактай сулуу чыгарын сен кантип туйдуң?

— Эсенбай, мен уулуңду баатыр чыгат, өзүңө окшош локуйган дөө болот деп айткан жокмун да.

— Көтөк, эмне дейт! Азыр эле айтпадыңбы?

— Айтканымды танбайм. Бирок уулуңду эр жүрөк чыгат дедим.

— Аныңды кандай түшүнсөк?

— Баатырдын сыны — сүрүндө, келбетинде. Алар көбүнчө алдуу-күчтүү келип, тулку бою чоң болот. Бою бакана, турпаты жай адамдын ичинен деле тайманбаган эр жүрөк, кайраттуу жоокер чыга берет. Бирок сенин уулуң кара күчү жагынан өзүңдү тартпайт.

Жекебаатырдын кадимкидей ачуусу келе титиреңдеди.

— Олуя десе эле, адамды көп шакаба чекпе. Болбосо, ушу сен азыр менден бирди көрөсүң. Отурган жериңден башыңды чилдикиндей жулуп алсам, менден эч ким кун сурабайт. Чын эле менден бирди көрөм дебесең, айт? Эмнеликтен уулум мендей баатыр чыкпайт?

— Жекебаатыр, менин башым — өтө кымбат баш. Анын кунун жеке сени кой, бүтүндөй Чогорогуң быякта турсун, ичкилик эли биригип төлөй албайт. Андыктан, мени коркутам деп опурулба. Коркутчулар бу чөлкөмдө жок. Андан көрө буйрук экен мени менен беттешип отурган соң сөзүмдү көкүрөгүңө түйүп кой. Экинчи жолу экөөбүз кездешкенде, сен айтканымды эки кылбай кызматыма өтөсүң. Менин дегенимди түшүнүп жатасыңбы, байкушум.

Жекебаатыр таңгалды.

— Сениби, мына бул сөөмөйүм менен басып койсом өлөсүң. Анан дагы кыр көрсөткөнүң кандай?

Жекебаатырды шылдыңдады Каражаак.

— Макоо эрдик кара күчтө бекен? Ал — акылда. Андай экен, сени ушу турган жериңден жайлап салсамчы?

— Кантип? Кана...

— Ушинтип эле.

Жекебаатыр ишенбегендей баш чайкады.

— Колуңдан келбейт.

— Анда мелдешелик?

— Сыйкырлап эле өлтүрбөсөң, башкасына ишенбейм.

Каражаак өчөшүп калгандай.

— Өзүңө колум барбайт, атыңды сай. Ушу турган жеринен жайлайм.

— Макулмун! — деп тартынбады Жекебаатыр.

Ушу кезде «тарс» эткен катуу үн чыгып, Жекебаатырга кошо Каргабай да көмкөрөсүнөн түшүп, кулагын басып калган болчу. Алар көздөрүн ачканда Эсенбайдын аты тырайып жатат. Белгисиз түтүндүн изи ургандай айлана каңырсып турду. Жекебаатыр сулк жаткан атынын жанына басып барса, анын дал чекесинен азыраак кан чыгып калыптыр. Эси чыккан Эсенбай сурады:

— Баатыр, чын эле сыйкырың чоң экен. Сага баш ийдим.

Каражаактын бул өнөрүн Каргабай да биле элек болчу. Ошондуктан чын дилинен таңгала сурады:

— Сыйкырыңдын аты эмне, байаке?

— Тапанча дейт муну. Башка сураба — деп, жүз үйрүдү.

— Баатыр, мен тоодон чыкпаган аюудан өткөн дөдөй экемин. Бекер жерден кыр көрсөткөнүм үчүн айып көрбө. Чын эле сыйкырчынын анык өзүнө жолугуптурмун...

Каражаактын үнү негедир бошоңдоду.

— Мен сага кыр көрсөткөн жокмун, Жекебаатырым. Билип жүр: тагдырыңды айттым. Ошол жаманбы?

Жекебаатыр элдешкендей долдурады:

— Угайын эле, деги чынын айтчы? Эмнеликтен, уулум өзүмдү тартпайт.

— Уулуң өзүңдөй дөөгө окшогон балбан болбойт. Бирок эр жүрөк, кылычтай өткүр, курч чыгат. Ошол жаманбы?

Эсенбай кызыга түшкөнсүдү:

— Бала-бакырамды көрбөй туруп сынаганың кандай, олуям? Билебиз, Санчы сынчы менен Толубай сынчы деле

адам тукуму менен аттын түрүн көрүп туруп сын берген. Көзү ачык адам экениңе ишендим. Деги аты-жөнүң ким?

— Аты-жөнүмдү жашырбайм. Аны го айтам дечи Эң алды бала бакыраңды көрбөй туруп сынаганымдын жөнүн айтайын. Жарайбы? — Каражаак тигини сынагандай тиктегенде Жекебаатыр кол шилтеп койду:

— Мейли, айтканыңдай болсун.

Каражаак сөздү чукул бурду:

— Сен катындын эң аруусун алдың. Же айтканым жалганбы?

Желкесин кашыган бойдон:

— Ким билет! — деп, өзүнчө бүшүркөдү Жекебаатыр.

— Ырысыңды жебе. — Зекиди Каражаак. Кыз кезинде анын ай жамалына тең келген ким бар эле? Жалган айтсам төгүнгө чыгар. Сеники менен колуктуңдун атасы тамыр эле. Экөөңөр курсакта кезде эле бел куда болуп коюшкан.

— Билет экенсиң! — деди, Жекебаатыр кандайдыр кубанган түрдө.

— Билгенимди айтсам, чычалайсың. Андан аркысын ук. Колуктуң бой жеткен сайын ага көз арткандар арбый берди. Сулуу кыз бала колдон түшкөн жакуттай эмеспи. Коркуп кеткен эне-атаңар силерди он төрткө чыкканыңарда баш коштурду. Ошондо да айдай сулуу жаш катыныңа далай эрлердин көзү түшө бергендиктен, сен чыдабастан тоого кире качып кеткен боюнча элге жолобой Жекебаатыр атыктың. Эки уулуң курсактан түшөөрү менен ата-энең бакты. Башында айттым: эр жеткенде алар жортуулда каза болду.

— Олуям, айтканыңда калет жок.

Каражаак Жекебаатырга үстөмдүк кылып алды:

— Эмки сөз, сенин уул-кызың жөнүндө. Баса, элден мурда өз керт башың тууралуу: катыныңа кароосуң. Жашырганда эмне, аябай ичиң тар. Жадаганда бечераны аюунун эркегинен да кызганган жериң бар. Ушу жоругуң адамга жагабы?

— Койчу эми! — Жекебаатыр долдурады.

— Койчу-мойчусу жок эле, мен аны жакшы билем. Калп эле сыпааланба! Абдрахман деген ысымды уктуң беле?

— Укпагандачы! Эй, иттики десе, чын эле Абдрахман сенсиңби?

— Билип жүр, ошо Абдрахман деген пириң мен болом...

Жекебаатыр кайра бир сөгүнүп алды:

— Айтам да. Ырас, тааныбай калдым. Көзүңдү көрбөсөм кантмек элем. Сени билбеген адам аттуу жоктур. Алтын, күмүшү ашып-ташыган зер атасы — Абдрахман көпөстү ким билбейт...

Ушу жерден Абдрахман чоочуп кетти:

— Жекебаатыр, жаныңды жебе. Мени Абдрахман манатчы дейт. Зер атасы бөлөк. Ал Аксыдагы — Мамажусуп.

Саргыч тиштери арсайган Жекебаатыр чын дилинен боорун тырмап күлдү:

— Жаныңды жебе, зер атасы Абдрахман. Мамажусуп сага жетпей калсын. Аны тоорugaндар, талагандар көп. Хан алдына алтынын кочуштап барып бир бөйпөңдөсө, элеттин бекзаттары өзүнчө тонойт. Сенде алтын-күмүш ыксыз көп. Тоо-таштын кайсы булуң-бурчуна катканыңды ким табат? Куучудай куулуп, атыңды улам өзгөртүп, бир жерге байыр албайсың. Билем, мен да сенин жайыңды...

Сөздү ырбаткысы келбеген Абдрахман ойт берди:

— Жекебаатыр, мени көп тырмаба. Сен айткан алтын-күмүш менде эмес. Алтын кармаган, алтын чогулткан кыргызды көрдүң беле? Болсо, анча-мынча бардыр. Андан көрө, үйүңдө илбирс-жолборстун же болбосо сүлөөсүн, калтардын терилери бардыр?

Жекебаатыр маалкатып барып жооп берди:

— Буйруган аң-терилер тургандыр. Кантип болбосун. Көбү үңкүр-сүңкүрлөрдө катылуу. Канчасы ашатылбай үйдө жыдып жатат.

Каражаак кокусунан ордунан турду:

— Аттар тыныккандыр, Каргабай. Анда эмесе бастыралык.

Ушу жерден Жекебаатыр ордунан тура калды:

— Айттым го башында, менин үйүм мына бул эле жерде. Кереге-Таштын түбүндө. Жакында көчүп келгенбиз. Мейман болуп кеткиле.

Каражаак чоочуду:

— Кокуй, ал жериң бүтүндөй чытырман токой. Анан калса аюу менен жолборстун уюгу.

Жекебаатыр камырабагандай:

— Мен жүргөн жерге аюу — жолборс жолобойт. Жологон күндө да өздөрү катылбайт. Ушу кезге чейин бирин-серин мал-мүлкүмө кол салыша элек. Айбан да болсо кошуначылык дегенди жакшы түшүнүшөт экен. Алды адам баласы аны түшүнбөйт тура... Эми сөздү көп узарт-

пай үйүмдө түнөй жатып, конок болуп кеткиле. Муну атайын өтүнүп жатам силерден. Андай эле кыйын болсоң, уул-кызымдын ошондо жүзүн көрүп туруп анан сында, Абдрахман аке! Эт-аштын чүйгүндөрүн казанга салып таштайбыз. Кааласаңар аюунун этинен кебек жейсиңер. Болбосо, жолборстун бөйрөк-боорун кууруп берем. Бакма малды айтпаганда да, дүйүм аңдын эти үйдө батпайт. Балдарымды жакшылап сынасаң андан акыбетиң кайтат, каалаган аңдын терисин бегиликке аласың. Бүкүлү жебей этке тойбойт, коно жатпай кепке тойбойт. Силер менен эрмектешип мен дагы бир гүлдөйүн, Өзүңөр да кумардан бир чыккыла.

Каражаак чынын айтты:

— Айтпадымбы, сенин балдарыңды көргөндө эмне, аларга ушу жерден туруп эле сын бердим. Болду эми, биз жолдон калбайлык. Бүгүн түнөй турган жерибиз бар. Эртеңкиси да башка. Бу жолу сеникинде мейман болуу бизге буйрубаптыр, баатыр.

— Мен макул эмесмин — деп, кашайды Эсенбай. — Балдарымды сыртынан сынатпайм. Андай жосунсуз сынды кыргыз билбейт. Мен таптакыр дөдөй бекенмин, зер атасы Абдрахман. Билип турам, бүгүнкү коно турган жериң мал-жандыгы жер-сууга батпаган — мал атасы Сансызбай. Анын баркына, даңкына мен теңеле албасмын. Болбосо, казан-ашы жагынан ал менден өйдө турбайт.

Каражаак бечеранын эңөөлүгүн кечиргендей күлө сүйлөдү:

— Жекебаатырым, биз кара курсактын камын көргөн бечералардан эмеспиз. Анан калса, сен айткан мал атасы Сансызбайдыкына кайрылсак деген ниетибиз таптакыр жок. Малы тескери жайылган Сансызбай аман-эсен жүрө берсин. Аны менен башынан алака кыла элекмин.

— Анда эле таптым — деди, жаш балача сүйүнгөн Эсенбай. — Мал атасы Сансызбайдын үйүнө түнөбөсөңөр, анда эле кечке жуук Малик молдонукуна жетип токтойсуңар. Малик молдону — сөз атасы деп коюшат көпчүлүк. Кызыл тили сайрап берсе, алдына эч жан чыкпайт. Чечендиги жагынан Малик молдо ак таңдай аталган. Аныкына түнөгөн киши үчүн кыштын узун түнү бир чай кайнамчылык көрүнбөсө, жайкы түн желип өткөн желче сезилбейт. Малик молдонун үйүндө кеп-сөзгө кумарпостор түнөйт. Сөз кунун түшүнбөгөн мага окшогондор анын эшигинин алдына басып да барбайт.

Жекебаатырды андан ары дөөрүткүсү келбеген Каражаак кесе айтты:

— Локуйган байкушум, чакырганга келбеген, үндөгөнгө зар болор. Кыргыз баласы качан эле чакырган жерден баш тартчы эле? Сен минтип кастарлап үйүңө чакырып жатасың, эгер зарыл ишибиз чыкпаса кантип барбайт элек. Бүгүн үйүңдө коно жатып, чер жазсак сонун болмок. Теңир алдында актанайын: кечээтен бери бизди атайын күтүп жаткандар бар. Сенден жашырганда эмне, ал мал атасы — Сансызбай же чечендиги жагынан атагы жаамы кыргызга дайын, сөз атасы — Малик молдо эмес. Ал киши эл башына күн түшкөндө же эки жак жоолашып кан төгүлөрдө — чукугандай акыл тапкан; даанышмандыгы жагынан алдына эч ким чыкпаган сан кыргызга таанымал — элдин акыл атасы. Өчөшкөндөрдү өнөк кылып, жоолашкан эки элди достоштура билген— Асылжандын журту бар жолдо. Айтор, бүтүрчү ишибиз, кеңешчи сөзүбүз ошол акыл атада. Акыл атага мына бул жигитти учураштырам. Майлуу эт чайнаганга көнбөй акыл уксун. Сөздүн наркын түшүнүп, көптү көрүп, көзү каныксын. Адеп мага жолукканда эжигейдей ылжырап жүүнү бош; аябай шалкы эле. Азыр тапка кирген жагалмайдай тарана каада күтүп калды. Бүгүн сен бизге таарынба. Кантсе да сеникине дагы кайрылып келебиз. Атайын чыгынып келгенибиз оң. Балким көп создуктурбай биринчи сонордо келербиз. Ошондо уул-кызыңды жакшылап сынап берейин. Ачыгын айтсам, чынын айтсам капа болбойсуң, баатыр. Анан да сулуу катыныңды кызганам деп жүрөгүң жарылып кетсечи...

Тамашага моокуму кангандай Жекебаатыр аржактап күлдү:

— Үйүнө баш баккан меймандан кайсы кыргыз катынын кызганчы эле. Катынын эркек көзүнө көргөзбөй катып коюу — сарттын иши. Эсенбай деген жай-кышы боз үйдө жашаган жай кыргыз. Эндей кыргызды антип шакаба чекпе, олуям...

— Жекебаатырым, анда эмесе көрүшкөнчө кайыр кош. Сенин үйүңө келбей койбойбуз. Түшүнүп атасыңбы? — деп, атына минген Абдрахман бастырып кетти.

Жолдо келатканда:

— Каап, кол берип коштошуп койбой — деп, Каргабай кейиди.

Абдрахман аны кекетти:

— Өзү озунуп салам айтпады го... Анан озунуп кол бербеген аюуга эмнеге кол сунат элек...

— Деги жакшы адам көрүнөт — деди Каргабай.

Каражаак өзүнчө кубанып коёт:

— Жекебаатырга кез келгенибиз — жакшы болду. Берейин деген кулуна, кудайым белен кылат жолуна деген ушул.

Өзүнчө кубанган Абдрахман менен иши жоктой Каргабай артына кылчайды. Жекебаатыр жүргүнчүлөрдүн карааны үзүлгөнчө алардан көзүн тартып алар түрү жоктой. Кантсе да коңултуктап, зеригип турат бечара. Каражаак менен Жекебаатырдын сөзүнө башынан эле кийлигишкен эмес Каргабай. Эми бейкапар бастырып бараткандан пайдаландыбы, анан калса ал өзү да Каражаакка кадыресе тең ата боло, баятан бери жүрөгүн өйүгөн суроосун ортого салды:

— Чын эле Эсенбайдын жалгыз уулуна көрбөй туруп сын бергениңиз кандай, жарыктык? Мүмкүн ал бала баралына келгенде сиз айткандан бөлөк: Күрөш менен эр сайышта, чокмор чабышта эч кимге мөөрөй бербеген баатыр чыкса кантебиз! Баланы коюп кызына өтөлүк. Бир көрбөй туруп эле эки жашар наристенин учурунда Айчүрөктөй сулуу чыгарын да айтып салдыңыз.

Каражаак кебелип койбоду:

— Ушул суроолорду берериңди башында эле билгем. Айта түш, дагы кошумчаң бардыр?

— Башкасын коюп, келип-келип эле мен алар менен кандайча тагдырлаш болуп каларымды түшүнсөм көкө теңир урсун. Сиз сүйлөп отурганда жомок угуп жаткандай болдум. Жашыңыз да, жолуңуз да улуу. Ишенбесем да, сизди кой деп айтмак белем. Чынында адамдын тагдырын алдын-ала айтууга болобу? Кантсе да ар кимибиз сиз айткан тагдырдын кулубуз. Кудайдын башка салганы тургандыр. Энөө жүргөн, момун бечарага айтса эле баары жараша берет дедиңизго... Мунда айтканымдай — сиз мен үчүн дагы эле табышмаксыз.

— Сыйкырчысыз — деп айт.

Каргабай тартынган жок:

— Жалган айтып не керек, сыйкырчы элесиз...

— Дагы айта түш?

— Сурай берсе сөздөн көөмө жок дечи...

— Анда кезек меники — деди, кебелбеген Каражаак. Ичинде дат калтырбай айттың көрүнөт, үкөм. Аның жакшы, ыраазымын. Дагы эле сенден өтүнөрүм: көзүң жетпеген, түйүнүн чече албаган иш жайын тартынбай сурап тур. Калмак душман көргөн кишисине мындай бата берет: «Өзүң билбе, эч качан билгендин тилин алба». Ка-

рачы, мындан өткөн жаман каргыш болобу? Кудайым көкүрөгү сокур адамга күнүндү түшүрбөсүн. Өзүм да сенден көп сыр жашыргым келбей калды. Эстүү адам — баламын көп, мураскорум көп — деп кубанбайт.

Каражаак тымый түшкөндө Каргабай коштоп койду:

— Уланта бериңиз, байаке!

— Айтса ошол, акылдуу адам жолумду жолдорум бар деп каниет кылат. Баланын баары эле жакшы атасын тартып эстүү чыкпайт. Тирүүчүлүктүн кууралы, бар балээси ушунда. Элдин өмүрү уланып, эл эл боюнча турганда, акылман менен эл баштаган баатырдын осуятын тутунары калса — анда ал пенде өмүрүм бекерге өттү дебес. Мен сага ишенип калдым. Далай жолу байкап, чайкап көрдүм. Чынымды айтсам дээринде бар. Баралыңа келгенде сен менден ашып түшөт окшойсуң. — Оосар сүйлөп койгон жокмунбу деген Каражаак алакан жая бата кылды.

— Ыраазымын, ыраазымын, байаке — деп, Каргабай тердеп кетти.

— Түбү жаман болбойсуң — деди кобураган Каражаак.

— Сокурдун тилегени эки көз. Анын сыңарындай ар ким эле теңирден жакшылык тилейт. Бир топтон бери сизди ээрчип жүрөм. Акылыңызды угуп, карыккан көзүм каныкты. Жакшы тилегиңизге раазымын. Ошентсе да күнөм саноодон кутулайын, берген суроолоруma ачыгыраак түшүнүк берсеңер экен: олуячылыктын деле жандырмагы болор.

Дилгирлик кылды Каражаак.

— Айтып эле берейин. Сен ойлогон олуячылыгымдын өзүнчө сыры бар.

Каргабай жактыргандай баш ийкеди:

— Уланта бер, байаке.

— Алепки сөз Эсенбайдын өзү жөнүндө. Жана анын көзүнчө чындыкты айткандан тайсалдадым. Эски жарааттын картын сыйрыгым келбеди... Анын Жекебаатыр аталганга чейинки тарыхы бир башка. Ошо кезде Эсенбай калайыкка таанымал баатырлардын бири эле. Эр сайышка түшсө эч кимге намыс бербеген, күрөшкөнүн жыккан, келтек-чокмор көтөрүп жекеге түшсө — андан алдырбаган эр болчу ал. Чогороктордун эң мыкты уланы Эсенбай ошо боюнча жүрө берсе сан колдун ичинде туу баштаган мыкты кашкаларынын бири болмок. Анын кендирин жаңагы мен айткандай катынынын арууlugу кести. Аталары эң мурда бел куда болуп коюшкандыктан он

төрт жашар Эсенбай биринчи жолу күйөөлөп барат. Салт боюнча күйөө бала кайындарында айлап жылдап жүрө берет да. Анда жанагы колукту сөрөйү да көзгө толуп дегендей жетилип калган го. Сөздүн кыскасы он беште-ринде кыз боозуйт. Колуктусуна аябай ашык болгон Эсенбай да жөн жатпаса керек. Калыңы төлөнгөндүктөн кыздын кош бойлуулугу анча эрөөн көрүнбөй той болуп, нике кыйылат. Ошентип Эсенбай чүрөктөй сулуу жары менен таттуу өмүр сүрүп жатканда чатак башталат. Мен анда мындан жашыраак элем: угуп, көрүп калдым. Анан калса Эсенбайдын жаш катыны он сегиздерге толгондо — адам көзү тайгылган сулуу чыкты. Акакча мөлтүрөйт: ай десең ай, күн десең күн эле го чиркин. Ошондо кыпчак менен ичкиликтер жоолашты да, эрегиштен эр өлөт болуп, кыпчактардын эр кашкасы найза жеп каза болду. Түмөндөгөн көп кыпчактар ичкиликтерди кунга жыкты. Тогуздап төлөнчү кундун ичинде нечен кул-күңү да бар. Күңгө алынуучуларга кошуп Эсенбайдын сулуу катынын кыпчактардын дагы бир башка — эр кашкасына токолдукка кыймак болушат ичкиликтер. Сөздүн ток этер жери: ошондон улам туугандары менен эл-журтуна таарынган Эсенбай аялын жетелеп алып тоого сиңип кеткен...

— Шумдуктай ишке кириптер болуптур бечара — деди, Каргабай.

Каражаак акырын кобурады:

— Айта берсе Жекебаатыр башынан кечиргендердин кызык жактары өтө арбын. Анын баарын кур бекер жобурап баш оорутпайлык. Көпчүлүктүн чечимине каршы турса да Эсенбайдын артынан кууганчу түшкөн жок. Өз кулунун кантсе да жамандыкка кыймак беле эл-журт. Болушуп, арачалап койгонго жарабаган тууган-уругуна биротоло таарынган Эсенбай ушу күнгө чейин «Жекебаатыр» аталып тоо-таштын арасында жалгыз үй жашайт. Ата-энеси өлүп, чырактай эки уулунан ажыраганда канчалык кайгырганын болжоп айта албайм. Бирок да жанагинтип кээде баёолук кыла, аржактай күлгөнү менен өтө көк, жеткен кара мүртөз. Көздөгөнүнөн кайтпайт, беттегенин бербейт. Анан калса аюу менен топоздун эти өтө курч келет. Ансыз Жекебаатыр чыдай албайт. Аны жеген соң делбектеп ысуулайт. Боз үйдө уктай албастан мөңгүнүн этегиндеги көк музду кучактап жатмай адаты бар. Өзгөчө, жаз кылтыйып, кар эрий баштаган кезде көк муздуу этек аябай коркунучтуу. Нечен жолу ал жерден көчкү жүрүп, далай топоз, жапайы аң апат болгон. Кирген дарыя менен көчкү баатырды аябайт. Акыр бир

күнү Жекебаатырды көчкү серпип кетпесе майнеке болоюн. Анан калса булардын тукумдарынан эч кимиси пайгамбар жашына жете жашабайт...

Эси чыккансыган Каргабай:

— Аялынын күнү эмне болот? — деди.

— Айтпадымбы, аялы мен айткан тагдырга туш келет.

— Анда катын эл-журтуна көчүп кетпей жаны жокпу.

— Эсенбай менен айчүрөк аялынын көзү турганда жолотпойбуз деп эл-журт касам ичип коюшкан. Ошого жараша жалгыз үй жашоонун өзү деле каргышка калгандык — дешип жайына коюшту. Булар көздөрү тирүү турганда элге кошулбай калышты го...

— Байкуштар — ай!

— Жекебаатыр ата-энеси менен чырактай эки уулу өлгөндө да топурак сала албай калганын айттым беле?

Каргабай башын ийкегенде Каражаак дагы кошумчалады.

— Ошентип Жекебаатырдын көргөн күнү курусун, үкөм.

— Аялынын аюу колдуу болорун кайдан билесиз?

— Көзү өтсө эле анын сулуу катынына аюу катылат...

— Катылганы кандайча?

— Үкөм, шашпай сөздүн төркүнүн түшүнө олтурсаң. Аюу катылганда анын катынын мерт кылып таштабайт. Эркек аюу аны өзүнө кадимкидей эле катындыкка ала качат...

Каргабай чын пейлинен таңгалды:

— Капырай, ошондой да шумдуктар болобу?

— Болбогондочу, көргөнүңдөн көрө элегиң көп деген кеп бар. Төрт аяктуу жырткычтардын ичинен аюунун аңдоосу адамдыкына түспөлдөш келет. Айрыкча эркек аюулар сулуу катынга кадимкидей куштар болушат да, колуна тийген ургаачыны, катынча пайдаланган учурлар көп учурайт. Сен буга таң калба. Анан калса Көк-Суунун алкымы менен Кереге-Таштын арасында аюу деген жаныбарлар батпайт. Эркек аюу далай жолу Эсенбайдын катынын акмалаган. Жекебаатырды бул чөлкөмдүн ээси деп ойлошкондуктан гана катынына катыла элек...

— Укмушуң кургур...

— Эсенбайдын көзү өтсө азыркы сөзүм чын чыгат. Анан аюунун колуна тирүүлөй түшүп берген катын сүйүнмөк беле.

— Рас эле, эси чыкканынан да өлбөйбү.

— Ап-бали, эми таптың. Ошондо жүрөгү түшкөн ка-

тын өлөт. Бирок өлбөй жашап калгандар да болуптур. Илгери бир кызды аюу ала качып кетсе, ал аюуга биротоло катын болуп берип тынган дейт. Кийин кызды мергенчилер таап алышып, үйүнө алып кетели десе макул болбоптур. «Үңкүр да болсо үйүм, аюу да болсо эрим бар» — деген макал ошондон калган...

— Төгүн жерден өрт чыкпайт дегендей, ал сөз бекер жерден айтылбаптыр да...

— Ананчы — деп, кубаттады Каражаак. — Берки суроонду бербейсиңби?

— Кайсыл, байаке?

— Эсенбайдын бала-бакырасына тийешең болорун айтпадым беле.

— Баса, өзүм да сурайын деп турам. Чын эле аны кандайча түшүнсөк?

— Кудай буюрса, жакында анын үйүнө мейманчылап келебиз. Локуйган баатыр бизди жан-алы калбай сыйлайт. Ошо бойдон сен аны менен биротоло насиптеш болуп каласың.

— Болгону элеби?

— Кеп башкада, үкөм. Анын өзүнчө сыры бар.

Каражаак ойлоно түшкөндө:

— Угуп атам — деди Каргабай.

— Түшүнсөң не бир баалуу аң терилер Жекебаатырдыкында. Итке темирдин кереги эмне, анын сыңарындай лөк дүнүйө-мүлктү кадырлабайт. Өзү айткандай нечен сонун аңдын терилери үйүндө жыдып жаткандыр. Анын бизге мындан бөлөк керектүү жагын туюп ал.

— Айта бериңиз...

— Өзүң баамдап көрчү, Каргабай. Жанагы катылган казынаны бизге Жекебаатырдан бөлөк ким казып берет. Өзү кызык адам, эгер казнаны таап алсак, ал өз энчисинен баш тартышы да ыктымал.

— Койчу?

— Ал байкуш аяктай алтындан көрө, бир чеңгел майлуу этти жакшы көрөт.

— Унуткарбай айтып берсеңиз? Чынында анын балдарына менин кандайча тийешем болмокчу?

— Эсенбай менен зайыбы экөө бирдей каза тапса балдарына сенден башка ким тээк болот. Таанышкан соң сен Эсенбайдын балдарына сиңишип каласың да. Айтор, башына иш түшкөндө балдар сени өздөрү издеп чыгат же сен аларды издейсиң. Кызын айта албайм, баласы менен сен мындан ары тагдырлашсың. Бирде сен анын керегине

жарасаң, кээде ал сенин керегиңе жарайт. Келесоо адам гана өнөрлүү жигитти колдон чыгарат...

— Бар болгон өнөрү жөөк күлүктүк экен. Мен аны эмне, чабышка салмак белем? Андан атасын тарткан баатыр чыкпайт дедиңиз го...

— Ап бали, сөздүн талуу жеринен баштадың! — Каражаак купшуңдады.

— Андай болсо кептин талуу жеринен улантсаңыз экен, байаке?

— Эркек-аялдың сын-сыпаты менен кулк-мүнөзүн алардын кулак-башына карай оп-оңой ажыратууга болот. Кыраакы сынчыга өзгөчө адамдын кулагы баарынан кабар берет. Кулак көзүңө биринчи урунат, анан ал сага ал адамдын сырын биротоло ачып таштайт. Мисалы: эшек кулак, башы чоң бойлуу адамдан анча акыл чыкпайт да, аңгөөдөк келет; кара күчү таш жарган, булчуң эти буркуйган балбан-баатыр болор. Бирок андайлар алды эл бийлей алышпайт. Андайлар — атсаң бирөөнүн колундагы жаа, чапса — кылычы, урса — кестиги. Ага окшогон баатырларды алдаш, жазгырыш анча кыйын эмес. Эгерде башы чоң баатырдын кулагы кичине, ээрди жука, манчалары узун, аялдыкындай сулуу болсо, ал эч жанга алдырбайт. Андай баатыры бар элдин бактысы тоодой. Ал баатыр нечен татаал жолдордо өз башын гана куткарып калбастан, элин да сактай алат. Эрлердин буга окшогон сыпатын айта берсе сөз түгөнбөйт дечи! Байкадыңбы, Жеке баатырдын кулагын?

— Жалган айтып не керек, байкай албадым — деди, Каргабай.

— Байкабаганыңа өкүнөм, үкөм. Анын бүткөн бою, келбети накта эле баатырдыкы. Суктанып да, таңгалып да отурдум мен. Ошого жараша кулагынын кичинелиги, эрдинин жукалыгы жакты мага. Көпчүлүктөн эртерээк бөлүнүп кетпегенде — калайыкка таанымал баатыр чыкмак. Элинин туусу — эр кашка болмок ал. Адамдар менен такыр бет келишпей калган айыбы, болбосо дагы эле аны ээрчимек. Көп нерсеге көзү жетип турбайбы. Мындай эрдин тукум-уругун катынынын жатыны бузат. Катыны гана жарашпай калган кайран эрге.

— Капырай, анын катынын көрбөй туруп да сынайсызбы?

— Сулуу катындан эгерим баатыр уул туулбайт. Илгери бир жолу Жекебаатырдын катынына кокусунан көз кырымды салдым. Анда мен жалгыз келаткам. Кара-Мыктан төмөн, Көк-Ууга жетер жетпеген булакчанын

көлмөсүндө киринип жатыптыр аял. Кудай өзү кечирсин, байкоосуздан колоттун кырына чыга берип, жыланач перини көрүп артка тарттым да атымды эчки талга аса байлап коюп кайра келдим. Ээн кокту, булак бойлой кыпкызыл тал өскөн жапсар. Аял камырабайт. Үч жашар уулу жанында болчу. Жалгыз тигилген боз үй коктунун алкымында экен. Аппак денесин шакар менен көбүртүп, кайра барып көлмөгө узунан жата калат. Анын денесинин сулуулугун быякка кой. Андан көрө аялдын турпатынын мага жакпаган жактарын айтып берейин. Кулагы өтө эле кичинекей, оймок ооз экен. Шылып таштагансып төшүндө эмчек деген неме ныпым жок. Шудуңгуттукундөй куйругу да чыкпай, башы кичинекей алма баш. Негизи, ал жерде көп деле аярлаган жокмун, кудай алдында актанайын, мен ага аял катары кызыкпадым. Жекебаатырдын катынын сындап, анын тукумуна сын бермекчи болдум. Буга чейин эл безер баатырдын өзүн көрбөгөм. Сыртынан уккам. Мына азыр эрди-катынды айкалыштырып коюп сынап жатам. Баатыр тууй турган катындын куйругу менен кулагы чоң болот. Анан калса оймок ооз катындын жатыны анча кубаттуу болбосун билип жүр. Дегинкиси, катынына жараша Жекебаатырдын тукуму шайкелең чыкпайт. Кызы ашкан сулуу чыгарын атасын көрүп айтып жатам. Көп учурда сулуулук кыздын бактысын ачпай, кайра анын шору болуп калат. Тогуз жашар уулу атасынча москоол, баатыр болбогону менен, өтө чыйрак, шамдагай жана эр жүрөк чыгары анык. Билгиң келсе баатырдык карууда эмес, ал жүрөктө. Жүрөгүндө оту, башында акылы жетик адам эл баштайт. Ошондой эле, аялдын кулагына карата алардын миң бир түрдүү кыял-жоругун айтып берер элем. Аялдагы: жылуулук шайкелеңдик, сулуулук, карылыкка окшогон белгини бүт бойдон кулагы айтып коёт. Өзүн канчалык жаш, сулуу сезген аялдын кулагы — баарын ашкерелеп тыштайт. Мисалы, бир эле белги: аялдагы карылык анын кулагынын түбүндөгү тырыштан башталат. Андыктан эстүү аял оңой менен бөтөн кишиге кулагын көрсөтпөйт.

Ушу жерден алдыларынан чакан айыл жолуккандыктан Каражаак алаксый түшкөн эле. Алар айылды четтей өтүп баратышканда Каргабай сөздүн аягын уккусу келгендей акырын сурап койду:

— Улай бериңиз!

Каражаак бир топко чейие унчукпай бастырган боюнча:

— Несин айтайын. Деген менен эл безерге бүгүн жо-

лукканыбыз сонун болду. Локуйган дөө жанагы катылган казнаны өзү казып берет бизге. — Ал кокусунан мурдагы оюн кайталады. Сапарлашынын кыял-жоругун бүт бойдон алтын-күмүш ээлеп алганын түшүнгөн Каргабай башка суроо салган жок. Ошо боюнча алар аттардын жонунан ысык тер чыгып, түш оогончо унчугушпай бастырышкан. Бул сапар Каргабай үчүн эмнегедир өз тагдыры; келечеги ачык көрүнгөндөй алдыдагы бүдөмүк дүйнө аны кандайдыр жүрөк заада кылып жаткансыды.

Эми кокусунан унчукту Каражаак:

— Ат — адамдын канаты. Ат сыйлаган жөө калбайт деп кыргыз бекеринен айтыптырбы... Касиеттүү Камбар атанын тукумусуз, адам баласы боору менен сойлоп жүргөн жыландын өзү болмокпуз. Аттардын бели талыды. Ыңгайлуу жер карай жүр. Бир азга аттарды тыныктырып, өзүбүз да түштөнөлүк. Ага чейин сенин өз керт башың жөнүндө айтарым бар...

Чоочугандай жалт караган Каргабай:

— Кантип? — деди.

— Бир жакшы өнөрүң бар. Ошону кут катары тутуп, урматтай жүр — деп эскертким келет. Кыргыз ичинде куранды шатырата окуп, колуна калем кармагандар аз. Илгертеден, падышага баш ийип, ордо күткөн ортолук казнасы бар элде — калемдин касиетин ыйык көрүшкөн. Калемчилер падыша сарайынын куту. Ыйык курандын өзү да биздей урпактарга — калемдин касиети аркылуу жетип отурат го. Не бир даанышман дегендин нуска сөзү калемдин касиети менен ак кагаздын бетине түшкөндө гана асманды көздөй оболоп канат сермеген кушча жандана түшөт. Кагаз бетине түшпөгөн накыл канчалык таамай, күчтүү айтылса да, акыры ал унутулат, эскирет. Оттук таштын кичинекей жылт эткен учкунунан коломтодогу от күйөт. Ал тургай учкундан өрт чыгат. Калемдин сыйкыры да ошого барабар. Калемдин сыйкырынан үзүр көрүү — сенин энчиңе туш келиптир, үкөм. Ошондуктан мыкты өнөрүң бар экенин биле жүр. Сен найза суна, кылыч көтөрүп, баатырлык кыла албайсың. Өз тулку боюңдагы күч-касиетиң бүт калемге сиңип кеткен. Демек, сенин кайратың калемде. Бирок төрдө отуруп сопулукка жарабайсың. Соодагерчилик гана жарашат сага. Калемдин сырын билгендиктин өзү эле — байлыктын башаты эмеспи. Мен билген мыкты соодагердин баары — калем кармай билишкен. Калемчи мусулманга орусубу же чиниби, айтор, капырлардын кимисинин тилинде сүйлөсө да күнөө катары эсептелбейт. Соодагер адам дини бө-

төн элдин тилин үйрөнүп алса, өнөр үстүнө өнөр кошулганы. Калемдин күчүнө — падышалардын падышасы Чынгыш хан да акыры келип ишенген. Падышачылык кылып, элди башкаруунун жол-жобосун калемдин касиети аркылуу кагазга түшүрткөн ал.

— Падышалардын ичинен калемди өзгөчө жогору койгон — Султан Бабыр эмеспи...

Каргабайдын айтканын тамашага айлантты Каражаак:

— Күлкүлдабатты го билесиң, бирок туруп-туруп сийесиң дегендей, калемдин касиетин өзүң жакшы туюп туруп, анда эмнеликтен кумарга оодуң, Куранды шатырата окуп, колуна калем алгандардын кимиси кумарга алданыптыр?

— Байаке, — деди шайы оогонсуган Каргабай — аны экинчи колго алгыс болдум гө. Ошо капырды унуталыкчы...

— Соодагердин дагы бир анты бар. Ал атасына да сыр ачпайт...

— Сиз мага далай сыр айттыңыз окшойт.

Каражаак тигини зекиди:

— Мен сага сыр айта элекмин. Акыл айтып жатам. Качан мен өлүп баратканда кокус жанымда турсаң, мүмкүн сыр айтууга үлгүрөрмүн. Ага чейин ашыкпа.

Алар жалгыз түп жаңгактын жанына келип токтогондо сөз үзүлдү. Бирөөлөрдүн тагдырын алдын ала айтып, маңдайындагы жазууну дароо окуган Абдрахман көпөс, дагы бир жылга жетпей өзүнүн да ичер суусу бүтөрүн ушу тапта билген жок. Көзү ачык жолдошу ошондой капилет өлүмгө туш болот деп Каргабайдын да капарына келбеди. Ошону менен Абдрахман-Каражаактын өлүмү Каргабайдын тагдырын таптакыр башка жакка буруп ийди...

* * *

Казына катылган жердеги көрүстөнгө ал үчөө жайдын капортосу ченде, эл-журт толук жайлоого көчүп кетишкен кезде келишкен. Ээн талаа, эрме чөл. Кыбыр эткен тирүү жан жоктой, какшыган аптап жаныңды коёрго жер таптырчудай эмес. Каражаак-Абдрахман менен Каргабай өтө эле жупуну кийинишкендей сыяктанса да коюн-кончу толтура курал-жарак. Андан бөлөк куржунга арта келген шаймандар, керки-чот, балта менен учуна темир кийгизилген эски буурусундун уңгусунан тартып, кетмен-күрөккө чейин Эсенбай — Жекебаатыр арты-

нып жүрөт. Алар түнү бою тыныккан болушуп, ишке эртеси таң агарып келатканда киришкен эле. Жумуштун жайын дароо түшүнгөндүктөн эч кандай суроо салбастан Жекебаатыр дулдуңдап иштеп жатат. Анын кара күчү тоону томкорчудай эле бар экен. Баш көтөрбөй боз топуракты челип ыргыткан Эсенбай бир маалда бел курчоосунан келгенде эски мүрзөнүн чарасына туш болду. Чаранын оозу жыш кургак арча менен тосулуп, үстүнө чым коюлгандыктан мүрзө эгерим түшпөөчүдөй. Тизилген арчаны четинен алып жаткан Эсенбайдан көзү өткөн Каргабай шатырата куран окууда. Таң атып калгандыктан, оңурайган чарадан ары көр ичине күндүн нуру куюлуп, жарык толо түшкөндө үрөй учурган качанкы көмүлгөн адамдын сүлдөрү: чачылган сөөк-сагынан башка көр ичинде эч нерсе жоктой.

Бир аз туруп калган Эсенбайга буйруду Каражаак:

— Түш ичкери.

— Батпайм мунун оозунан.

— Андай болсо оозун кеңейтпей жаның жокпу — деди, ачууланган Каражаак.

Өйдө карабаган Эсенбай иштеп кирди.

Бери жакта тургандар эми мүрзө ичин даана көрүштү.

— Түш — деди, чыдамы кеткен Каражаак.

Каражаактын буйругуна дың дебей моюн сунган Эсенбай шап эте кирип барса, көрдүн ичи ал ойлогондой эмес аябай кенен экен. Дөөдөй эме мандаш уруна отурганына карабастан төбөсү көрдүн шыбына тийер тийбестей...

— Эй, эмнеге локуюп отуруп алдың? — деди, жинденген Каражаак. — Издебейсиңби?

Эсенбай ошо отурган калыбынан жазбастан күңкүлдөдү:

— Казына белен тургансып кекетет кишини. Сен айткан кумура-кумура алтын тургай балээ жок быякта. Бирок мен бир кызыкты көрүп турам.

Каражаак чыдамсыздандьп

— Эмне болгон кызык экен ал?

— Мына бу менин жанымдагы арбактын сөөгүн карачы?

— Көзү жок киши бар бекен мында. Көрүп турам аныңды!

— Абдрахман аке, көргөнүңдөн көрө элегиң көп тура. Кызыктар көрдүн төмөнкү бурч жагында жатыптыр...

Каражаак эңкее берди:

— Деги баш катырбай айтчы, ал кандай кызык?

Мөөрөйү колуна тийгенсиген Эсенбай колун жаңсады:

— Карачы, дагы төрт арбактын сөөгү катар жатат.

Абдрахман бир топко унчукпай карап туруп сүйүнгөндөй:

— Көрдүм, көрдүм — деп кыйкырып жиберди.

— Көрсөң ошол. Андан бөлөк эч нерсе сезилбейт. Бир жолку казатта апат болгон эр жигиттер катар коюлган мүрзө турбайбы. Шейиттердин кийим-кечесин сыйрып алганга да үлгүрүшпөптүр.

— Ыя, ошондой бекен?

Каражаактын чоочуганына маани бербеген Эсенбай:

— Кайран эрлер! — деп, капылет кейиди.

Абдрахман эми чындап сүйүндү:

— Анда эле кудай бериптир бизге. Жакшылап кара эки жагыңды. Казына сөзсүз ушул көрдүн ичине катылган.

— Жайнаган куу сөөктөн башка эч нерсе жок десе, ишенбейт.

Эсенбайдын баёо жоругуна Абдрахман эми өзүнчө кейиди:

— Алтын катылган казына ушул көрдүн ичинде деп жатам, байкушум. Урган, аны жакшылап издегенге жарабадың. Итке темирдин кереги эмне. Айтса, сен аны жемек белең...

— Адилет сөздө айып жок. Сиз айткандай алтындын мага кереги эмне? Аны үйүмө белендеп алып келип берсе да албайм. — Эсенбай чынын айтты. — Баса, казына ушул жерде экенин кайдан билесиз? Тим эле өзүңүз каткансып сүйлөдүңүз го.

Каражаак оюн бышыктады:

— Угуп турчу, түшүндүрөйүн. Казына катканы келгендер элден мурда төрт жигитке эски мүрзөнү ачтырган. Анан алтын-күмүштү каттырган соң өздөрүн ушул көрдүн ичинде жайлап туруп чыга беришкен да. Казына ээлери бир-бирине өтө ишенген адамдар экени көрүнүп турат.

— Э койчу! — Эсенбай дагы эле ишене бербеди.

Каражаак тигини кайрадан зекиди:

— Изде дейм, эми тезирээк. Бөтөн бирөөлөрдүн көзүнө чалдыгабыз.

— Эчтеке жок десе болбойт. Же мен катып алыптырмынбы. — Кадимкидей тырчыды Жекебаатыр. — Алтын издеген адам акыры бир балээге туш болот дечи эле атам раматылык. Кайдан келдим бу сааткы жайга...

— Сени катып алды деп жаткан жерим жок. — Каражаак элдешкендей сүйлөдү. — Казына ушул эле жерге катылганын сезип турам.

Эсенбай таарынгандай.

— Андай экен келип өзүңүз издеңиз...

— Бери чык! — деди жини келген Каражаак. — Рас айтасың, мен өзүм кирбесем сенин колуңдан келбейт. Таппасам майнеке болоюн.Казына каткан адамдар айбан бекен. Алардын айла-амалын мен түшүндүм...

Кебелбеген Эсенбай көрдөн суурулуп чыга келгенде, сойлогон жылаанча добуш чыгарбаган Каражаак көргө кирип барып, айланасын тооруй тиктеген бойдон чоттун уңгусу менен ар кайсы жерде ургулай далайга чейин акмалап турду. Берки экөө сыйкырдап жаткансыган Абдрахмандан көздөрүн албай дымып калышкан эле. Көздөрү алая, арбашып жаткансыган анын эч ким менен иши жоктой. Чоттун уңгусу тийген сайын алда качан таштай каткан жерден кезек-кезегинде туңгуюк ачык добуш чыга калат. Бир кезде кыбыланы карай жаткан арбактын сөөгүнүн баш жагындагы жерди аярлай тыңшап, кулак тосот да, анан ортону менен черткилеген боло токтой калды. — Ыя алла, кеп ушунда экен, — деди сүйүнө. Чыны менен ошо жерде оро сыяктуу боштук бар сыяктанды.

Чот урунган сайын добуш анча даана чыкпай калып жатты. Эми өтө аярлаган Каражаак ал жерди акырын казып кирди. Адепки катуу топурак барган сайын борпоңдоп, анан бир топтон кийин чоттун уңгусу ташка тийгендей каңк этти.

— Ыя, кудай буюрса таптым көрүнөт. — Терин шыпырган Каражаактын далысы калтырап жаткан эле.

Кызыга түшкөн берки экөө көргө башын созгондо Каражаак зекиди:

— Жарыкты тоспой арыраак тургула.

Эми ал шашпай кайрадан таштын тегерегин казып кирди. Таш тегерек жана жалпак болчу. Каражаак таштын четинен эки колдой кармап аны өзүн көздөй оодара албай жатканда:

— Мен түшөйүн — деди Эсенбай.

Макул болду Каражаак:

— Кел сен түшпөсөң алым келчүдөй эмес.

Түшүп келген Эсенбай жалпак ташты бир эле колу менен оодарып таштаганда, арытан чоң оро сыяктуу жай көрүндү. Ичи караңгыраак, анча жакшы көрүнбөйт. Акы-

рындай көз караңгылыкка көнүп, саал башын созо орону караган Абдрахман:

— Бар экен! — деп сүйүнгөнүнөн ыйлап жибере жаздады.

Жээлигип алган Эсенбай:

— Оозу тар тура, кеңейтейинби? — деди.

Тийбе дегендей башын чайкаган Каражаак:

— Бисмилла, — деп өзү секирип кирди орго. Казына салынган карапа кумаранын оозу ылай менен шыбалып, анан гана капкактары жабылганын көргөн Абдрахман негедир кебелбейт. Бирөө тоголонуп жаткан болчу. Андан төгүлгөн алтын-дилдени тишке алып чайнамыш болгон Каражаак анан эреркей Эсенбайга карады:

— Кана, сыртка чыгып тартып ал бирден...

Ал өзү араң көтөргөн кумараларды бирден берип, төртүнчү төгүлүп жатканын Эсенбайдын колуна карматкан соң өзү кошо чыкты да, көрдүн оозунан башын созгон боюнча:

— Кана, тартып ал — деп, колун созду Каргабайга.

Сыртка туруп акыркы төртүнчү кумараны Эсенбайдын колунан алып жерге койгон Абдрахман кумара оозунан күнгө чагылышкан сары алтынды чеңгелдей улам сапырып коюп эреркей сүйлөп жатты:

— Оо, жараткан! Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна деген ушул. Карачы, үнүңдөн айланайын, өңүңдөн кагылайын. Буйруган да акыры өзүбүзгө. Бул казна, бир ордо элдин байлыгы. Карачы тазалыгын, тунуктугун...

Сүйүнөрүн же ыйларын билбей делөөрсүгөн Каргабай катып калгансып кыймылсыз. Ушу жерден селт эткен Каражаак:

— Ия, иттики десе, төгүлгөн дилделерди албай баса берген турбайынбы. Каргабай сен эки жагыңды акмалай турчу, мен терип келе калайын калган алтындарды. Таштап кетсек анын кусуру урар бизди — деп, желпинген бойдон кайра көргө кирип кеткен эле.

Бир кезде ал чачылган алтындарды чогултуп алып арбактардын куу сөөгүнүн жанына чыгып келип аярлай калганда, кандайдыр белгисиз шыбыш чыга муздак нерсе мойнуна ороло түшкөндөй болду. Көрдөн башын созо кыйкырып жиберди ал:

— Жылас алгырдыкы ай, жылас алгырдыкы! Жылаанбы, мына бул балакет? — Абдрахман мойнуна жабышкан эмени оң колу менен апчып-апчып алганда агыш

бозомтук ичке жылан кайра көрдү көздөй алеки заматта кирип кетти.

— Чын эле жылан экен, чагып алган жокпу? — Каргабай бүшүркөдү.

— Чагып алды көрүнөт, тыз эте түштү алкымым. Карагылачы?

Эсенбай тигинин алкымындагы кичине кан чыккан жерди көрүп: — Атаң көрү, чагып алыптыр, уусу тарай электе кесип ыргытайын — деп, ал шамшарын сууруп чыкканда Абдрахман кетенчиктеди:

— Ой урган, токто, күрөө тамырды кесесиң. Андан көрө соруп ташта.

Эсенбай тарткынчыктады:

— Соргондо жыландын уусу шилекей менен тамакка кетсе адам өлүп калбайбы.

Каражаак кекетти:

— Мунун жанынын таттуусун.

— Адамда кара жандан башка кандай байлык болмок. Жан ар кимдин өзүнө керек.

— Мен сором, байаке! Дилгирлик кылган Каргабай нын алкымына эрдин акырын тийгизип жаңыдан соро баштаганда, кайдандыр жакын эле жерден ит улуп жиберди. Селт эткен Абдрахман:

— Атаң көрү ай, ушул алтындар мага буюрбай калган сыяктанат. Каргабай акмалачы? Быякка эч ким келбеш керек эле. Кайсы сааткысы бул? — деп, баягы озу ачык кумарадагы алтындан эки жолу чеңгелдеп алтасына салды.

Кайра келген Каргабай бүшүркөдү:

— Эч кандай дарек чыкпайт. Айлана тыптынч эле.

Оор үшкүрүнө Абдрахман тамагын кармаган бойон.

— Уу тарап кетиптир, тамагым шиший баштады. Жаагы жөн жылан дейсиңерби. Казынанын ээси ошол. Казына катылган жерде жылан сөзсүз болот. Мына бул улуган ит бекен? Ал дагы казына ээси. Адеп келгенде мал ууздап, түлөө кылганга жарабаптырбыз да. Мейли эми, болор иш болду. Анда мени уккула: Эсенбай, сен казыаны куржундарга салып тезирээк жөнө үйүңө. Барарың енен бир мерчемдүү жерге катып ташта алтындарды. манчылык болуп жүз көрүшсөк бөлүшөбүз. Казынаны акшылап бекиткенден кийин кайра кел да, бир серкени ууздап, арбактардын жанына таштап туруп, кайра аны урдагысындай кылып көөмп кой...

— А силерчи? — деди сөзгө анча маани бербеген Эсенбай.

Абдрахман шашылды:

— Менин ахвалымды көрбөй турасыңбы... О, төмөнтө Дербиш деген табып бар. Ошого эптеп жетип түкүртпөсөм соо калбайм. Кана, анда салгыла куржундарга. Тез-тез, болгула...

Куржунду артынган Эсенбай бастыра бергенде Каражаак кыйкырып калды.

— Ой Жекебаатыр, сак бол. Алдагы аманат дүнүйө жоголсо, тим эле жаныңды алам. Уктуңбу?

Артына кылчайбастан ал зоңк этти:

— Көп эле кам санаба! Бир дагы жанга жигин билгизбейм.

Эсенбай эми кокусунан тизгин жыя артына кылчайды.

— Каргабай үкөм, кокус Абдрахман акең каза болсо, өзүң кел, жалгыз кел, меникине, казына бүт бойдон өзүңкү. Олжого туйтунасың. Кыргызда сенден ашкан бай, ардактуу адам болбойт анда.

Кебелбей бастырып бараткан Эсенбайды жек көрө сүйлөдү Каражаак:

— Локуйган айбан, тилеги жаман го. Менин өлөрүмдү туйду капыр. Тарт аттарды үкөм.

Ушу кезде Абдрахмандын тамагы ысып, шишип чыккан болучу. Кош атчан төмөн жактагы көгөргөн көк жайыкты көздөй жаңыдан ат тизгинин коё берерде мүрзө арасынан кайрадан улуган иттин үнү чыкты да, жалт караган Каргабайдын көзүнө былтыркыдй ак селдечен сөлөкөт карап тургансыды. Ошо бойдон алар да артка кылчайбастан чаап жөнөшкөн...

Абдрахман-Каражаактын тарыхын ушу жерден үзөлүк. Анын өлүмүн сүрөттөп отуруунун кажети жоктур. Анткени, жаш-карыбы акыры карабашыл адамдын өмүрүн шум өлүм бир күнү кыят дечи. Өлүмгө туш келген тагдырлар канчалык көп жана ар башка көрүнгөнү менен акыры келип эле өлүмдүн баары бири-бирине коёндой окшош. Себеп дегенде: өлүм тузагына илингендердин кимиси болбосун адегенде эле жарык дүйнө менен кош айтыша кареги күн нуруна чагылышпай биротоло тунарат, өчөт. Дербиш табыптыкына жеткенче атта өз бетинче жүрө албай Абдрахмандын шайы ооду. Тамагы биротоло шишип, жыландын уусу жүрөгүнө, мээсине өтүп кеткендиктен ал заматтын ортосунда тилден калып, эки колу менен төшүн тыткылай башын муштагылап жатты.

Канча байлыгы: жиги чыкпай катылган көп алтын-күмүшү эч кимге буйрубай кайып болуп, жер соргонуна ичи күйгөндүктөн жана да акыркы керезин; сырын айта албай кетип жатканына өкүнүп баратты окшойт кайран киши. Кези келгенде кара жанды карч уруна жыйган байлык-мүлк ушинтип көз ачып жумганча бир көрүнгөн заакымча жок болот экен да. Айласы түгөнгөн Каргабай биринчи эле кездешкен айылга ат тизгинин бурган. Бешим ченде жүрүп кете берди Абдрахман-Каражаак. Ошондо бир асыл адамдан, акылдуу адамдан айрылганын билген Каргабай катуу-катуу эчкире ыйлап алган эле.

Абдрахмандын сөөгүн коюуга алаксыган Каргабай боз кыроо түшкөнгө чейин анын айлынан чыга алган жок. Көпөстүн бала-бакырасы, тууган-уругу анын кайтыш болгонуна кайгырган болушса да, алтын-күмүшүнүн кайда катылганын биле албай ичтеринен кан өтүп жаткан. Бир болсо Каргабай билет дешти алар. Эч кандай керезин, сырын укпагандыгы туурасында чын дилинен айтса да, ага көп ишене беришкен жок. Бар кордугу тигилер Каргабайдын артынан акмалап калгандыгында эле. Муну сезген жигиттин өзү да салт бастырып кеткенге шашкан жок. Кеч күздө гана ал Абдрахмандын чоң үйүнөн, туугандарынынан аттанып чыгарда тигилерди биротоло түңүлтүш үчүн куранды кармап касам ичти. Абдрахман көпөс өлүм алдында эч кандай сыр ачпагандыгын айтты. Сыр ачууга, керез айтууга үлгүрбөй кеткенине туугандары ишенип, а бир даары ишенбей турганын да түшүндү Каргабай. Андыктан бул жылы Эсенбайды издеп чыгууну санаасынан таптакыр чыгарып тыштаган эле. Ошону менен кышы бою атасынын жанынан чыккан жок. Экинчи жылы гана тың ат минип Көк-Сууну карай жалгыз жөнөдү да, өткөн жылкы конушунан Эсенбайды таба албай аябай кейиген. Кайтып келатып эски көрүстөнгө кайрылса, баягы казына катылган мүрзө мурдагысындай эле чочоюп сыр бербей турат. Эси чыккансыган ал атына камчы уруп жөнөй берерде эки жагын элеңдей карай берип, эч кандай аян көрбөгөнүнө сүйүндү. Ошо бойдон тынч жатып оокат кылууга мойну жар бербеген эме «кыз карактамай» эски кесибине кайрадан баш оту менен кирип кетти да, бул кесиптин сааткысынан аз жерден жантаксым болуп кала жаздаган. Сулуу кыздар ким колдуу болуп жатканын акыры билгендиктен Анжыян базарынан кармап, аны таш бараңга алмак экен сарттар. Кабарды убагында жеткиришип, жигиттин бул чөлкөмдөн баш оту

менен кетишин эскертишкен, санаалаштары. Жалгыз атчан Каргабай атасынын үйүнө көз байланганда келип түштү. Кайда барып, кимди караан тутарын адегенде билген жок жигит.

* * *

Түн. Көөдөй караңгы түн. Коломтодогу арчанын жалгыз чычаласы боз үйдүн ичине анча деле жарык бербей, туурдугу чүмкөлбөгөн түндүктөн нары жылдыз аттуу көрүнбөйт, асманды кара булут каптап турат. Жайдын салкын, мындай жумшак түнүндө асман түнөрүп, кара булут канча чулгаса да жамгыр тамчылабайт. Бирок айлана тымып, ыйлагысы келип турса да, Каргабай абалын атасына сездирбөөнүн айласын кыла, башы саландай өзүн карманган, чыдаган болот. Баятан бери үн катпай отурган атасы Күчүк каплеттен:

— Ушундайбы? — деп, койду.

Каргабай мелтиреген бойдон жер тиктейт. Башынан кечирген кылмышын атасына төкпөй чачпай айтып берди. Эми, эмне демекчи? Кошумчалар деле эч нерсе калган жок. Быяктан башка жакка ооп кетпесе, талпагы ташка жайылары анык. Коштошор алдында атасынын бирэки ооз кеңеши, батасы керек. Боз үйдүн ичинде экөөнөн башка эч жан жок эле. Уулу туш болгон тозокту Күчүк деле түшүнүп турат дечи, бирок тунжураганына караганда бир айла издеп жаткан түрү бар...

Күчүк уулунан акырын сурап койду.

— Эми эмне кылмакчысың?

— Силерге коштошкону гана кайрылдым — деп, тымый түштү. — Биротоло безбесем болбойт. Быякта жашырынып жүргөндө деле акыры дайнымды билип алышат. Силерге залакам тийбесин, кетейин ата. Ак батаңызды бериңиз...

— Батадан мурда кайда кетериңди айтчы?

— Ала-Тоонун коюн колтугу азбы? Иши кылып баш калкалар жер, эл-журт табылар.

— Журттун да журту бар. Эми жакшылап мени тыңшап, менин акылыма көн.

— Угайын — деп, дилгирлик кылды Каргабай.

— Тагайбийдин тун уулу — Богорстон. Богорстондон — Эштек. Эштектен Солто тарайт. Солтонун тукумдары көп, алар туптуу журт. Солтолор башынан эле кең Чүйдү мекендешчү. Анжыян тарапта бир азыраак солтолор жүрөт. Алар негизинен Талкандын тукумдары. Талкандын атасы — Чаа. Солтону Солто кылып эл-журтка таа-

ныткан кайран баатыр Чаа тууганыбыз эле. Чаанын мыкты чыгаан уулдарынын бири Талкан кечээ кыргызды калмак басканда, калмак эзгенде — тукум уругу менен биз жакка, Анжыян тарапка ооп келип баш калкалаган. Кайран Талкандын сөөгү Анжыянда калды. Талкандын сөөгүн кыйгысы келбеген бир аз тукумдары, жана мен айткандай, жүрөт азыр да быякта. Ушу күндө солтолор Сары-Өзөндөн калмактарды биротоло кууп чыкты деп уктум. Эмнеликтен сөздү Солтодон баштаганымды анан түшүнөсүң.

Тагай бийдин экинчи уулу — Койлон. Койлондон кооз Жедигер биз тарайбыз. Жедигерлер бүт бойдон Анжыяндын жака белинде. Тагай бийдин үчүнчү уулу — Кылжыр. Деги эле, түпкү атабыз Тагайдын он эки уулу болгон. Кылжырдан кийинкилери: Ороз (Карачоро), Саяк, Азык, Черик болуп уланып кете берет. Тагай — бийдин Жедигерден башка тукумдары бүт бойдон Кан-Тоонун койнун мекендейт. Буларды айтып жатканымдын өзүнчө жөнү бар. Аякка барганда кайсы тууганыңды баш паанек кыласың? Кан — Тоолук туугандарыңдын баары эле жоокерчилик турмушка көнө түшкөн. Жоолашып, сайышып, душман көргөнүнө найза сунбай жашай алышпайт. Кочкор, Жумгал, Кабак, Суусамыр, Кетмен-Төбөнү жердеген көп саяктын ичинен ушу күндө Ала-Көз-Кабанын тукумдарынан — Качыке менен эр Садыр мыкты чыкты деп уктум. Жортуулга чыгып жолу болбосо, кылычын шилтерге киши таппагандай эр Садыр үйүндө тынч байыр алып отура албайт экен. Аны туугансып барып, эр Садырга кошула кылыч чабыша аласыңбы? Ал сенин колуңдан келбейт. Эр Садыр сага окшогон сопуну эмне кылат. Аякта сен уурдоочу сарттын кыздары жок.

— Ата, мен эми мындан ары тынч өмүр сүргүм келет.

— Ушул жоокерчилик заманда тынч өмүр сүргөн ким бар экен? — деп кейиди Күчүк. — Андан көрө жаныңа калка, башыңды коргогонго көмөктөш тууган изде. Барсаң Солтонун тукумдары сени батыра алат. Эч кимиси өгөйлөбөй-күтүп алганга жарайт. Бирок, солтолор да өздөрүнө этектеш жашаган казакка тынчтык бербей, андан ары калмактардын артынан сая кууп жүрүшөт дейт. Солтонун ичиндеги эр Кошойдун уулу Момокондун кылычынан кан тамса, Коңурбайдын уулу Жайыл — баатырдын жаны жай албаганын уктум. Анан калса баатырлыгына жараша Момокондун кыялы аябай терс экен. Агасы Жамансартка тили тийгендиктен эки бир

тууган ушу кезге чейин жүз көрүшпөй жүргөнүн кеп кылышат. Момоконду караан тутканда да аны менен жуурулушуп тең ата боло албассың. Тили тийсе, андан кагуу жесең, жалгыздыгыңды эстеп арманың күчөйт. Ошондо күйбөгөн жериң күл болбойбу...

— Аларга мен тең тууганмын да. Эмнеден чоочулайт элем. Жалгыз тууганын батыра алышпаса эмнеси эл. Бара берем Солто туугандарыма. Ошол калың элге бир кара башым батаар...

— Шашылба — деди Күчүк. — Айттым го башында, туугандын да тууганы бар. Анын үстүнө арабыздын ажырап калганына сан жылдар өттү. Сенин таянар тооң, караан тутарың бөлөк. Ал Сарбагыштан чыккан Түлкү баатырдын уулу — эр Тынай. Жашынан жетим калып азапты көп тарткан адам. Баатырлыгын айтпаганда да: акылдуулугу, адамкерчилиги жагынан алдына не бир мыктымын деген көйкашкаларды чыгарбайт. Жаштайынан азап-тозокту көп тарткан адам боорукер келет. Андан башка эр Тынайдын өзүнүн да дээринде бар дечи. Жаштайынан жетимдиктин азабын тартса, эр жеткен соң калмактар менен салгылашып нечен тозокту көрдү. Качып барбаган жери, башпаанек кылбаган эли калбагандыр. Биз жакта, Анжыянда да өмүрүнүн көбүн өткөргөн ал. Анда колдон келген жардамыбызды биз дагы аябадык. Үстүнө үй тиксек, жээрине согумубузду аябадык. Аштык айдайм деп, кара жердин бетин чийгенде себерге үрөөн бердик. Арыгын чабышып, орогун орுштук. Өзүнүн мыктылыгы менен баарыбызды алып, алынып да кеткен. Кечээ калмактарды Кан-Тоодон кууганда: Бердике берен, эр Солтоной, Коңурбай-Кошой, Нышаа баатырларга кошулуп кыргызга зор эмгек өтөдү. Айттым го, эрдигине жараша акылынын тунуктугунан аркалык сан кыргыздын туу башчысы болууга жарады. Азыр эр Тынай Кемин жайлап, Сары Өзөндөн орун очок алып, түбү бекем. Билип ал: ушул азыр да Чүйдө сарбагыштар аз. Ошого карабастан азган-тозгон айрым аз урук элди тегерегине жыйып: Тынай — бий атала күтүрөп отурат. Кудай жалгап башына бак-дөөлөт конуп, уулдары Атаке менен Сатыбалды да мыкты чыгыптыр. — Курама жыйып эл кылган, кулдарды өзүнө бел кылган — эр Тынайга гана батасың. Барсаң, эстүү чыккан уулу Атаке сени ини кылып алар. Иничиликтен, тууганчылыктан мурда да эр Тынай сага тага. Энең анын жакын карындашы. Анжыянга ооп келген он төрт жашар кыз эле. Нике кыйып дегендей буйрук экен мага тийди. Жердин алыстыгы: катыша албай, ка-

барлаша албай жүрөбүз. Кирип барсаң койнун ачат, кор кылбайт. Бөтөн бирөөлөрдөн запкы чекпессиң. Сен дагы ак пейлиңди салып тууганым десе тууган бол, жээнсиң десе жээндик жолуңду кыл. Неси болсо да эр Тынайды караан тут. Кантейин, мага топурак сала албай калдың. Сен экөөбүз мындан ары ата-бала катары көрүшпөспүз. Күчүк жашып кетти.

— Ата, акыры жыл эскиртип келем быякка — деди, жалооруган Каргабай.

Күчүк карыя кайраттана, соолуга түштү:

— Келген күндө да элге батпайсың. Билсең катуу кирдеп калдың, балам. Андай чакта эр жигит күнөөсүн, дилине жуккан кирин кантип жууйт, билесиңби? — Уулу атасынан көзүн албай ээрип калгансыйт. Күчүк керез айтып жаткансып сөзүн улай берди. — Мындайда эр жигит колу менен кылганын башы менен тарткан. Эл кечиргис күнөөсүн каны менен жууган. Колдун алдында жүрүп, элдин алдында озунуп найза сунуп жаа тарткан, жекеге чыккан. Эгерде, көкүрөгүнө найза кагылып, жоо колунан каза болсо, күнөөсүн ошондо гана кечкен көпчүлүк. Же жоону кырып жүз башы, түмөн башы болгондо күнөөсү унуткарылган.

— Ата! — деди, ушу жерден көзү алайган Каргабай. — Менин кылмышым билинип калбаганда күнөө катары эсептелбейт эле да. Мен болгону ата кесибин уланттым. Күң-кул олжолоп, аларды улуу базарда сатпаган, кан менен бекке бегиликке бербеген эр азамат азыр да журт ичинде аз. Менин бир гана күнөөм, билгизип койдум. Аярлабагандыгым, сактанбагандыгым башыма тийип отурат.

Күчүк токтогун дегендей акырын колун көтөрдү:

— Рас эле, күң-кул олжолоо илгертен келаткан ата кесип. Аны мен танбайм. Ата-бабалар андай олжону жоо чаап, ордо бузганда алган. Караманча бөтөн элден, алыстан олжологон аларды. Андай кыйын болсоң сен азып-тозуп бараткан ойротторго эмне катылбадың? Алар биздин далай кыз-жигиттерибизди олжолой кетти. Ал колуңдан келбегендиктен: түн жамынып-акмалай өзүбүздүн кандаш, дилдеш туугандарыбызга катылганыңа таңмын. Жаман айгыр энесине тап, анын сыңарындай сен макрөө ишке бардың. Эр жигит өз журтун өзү тонобойт. Анжыян өз калаабыз. Асыл Пергана — ата-бабаңдын киндик каны тамган ыйык мекенибиз. Ушуга акылың жетпесе, эмнеге адаммын деп басып жүрөсүң. Сөз төркүнүн ту-

шүнбөй, кур бекер каяша айтпа. Бүтүндөй жедигер журтуна тийиштүү кежирлик сенде бар тура...

— Ата, деп Каргабай дагы эле моюн бербеди. — Ал кыздардын баары келип-келип эле хан ордосунда кор болмок. Кайра мен кыздарды азаттыкка чыгардым го...

— Курулай аксынба — деп, Күчүк карыя уулун тыйып койду. — Билсең, хан да, ордо да элдики. Кудайым сүйгөн пендесинин пешенесине хандыкты буйруйт. Анан калса: хан болуп, эл бийлөө оңой бекен. Хандык кылуу деген такта отуруп, ордо катындарга короз болуу дегендикке жатпайт. Ал көбүнчө эл камын жесе, бирде керт башын ойлойт. Ханга көз арткан, анын тагына суктанып, эл-журтун, байлыгын таласам дегендер арбын. Деги эле теңирим хандын тагдырын, анын бактысын эч пендесине бербесин. Анан калса хан ырыскысын өзүнө тете киши талашса жарашат. Сендей салт атчан кутурса, акыры андайларды хандын кусуру урат.

— Ата, арстан жем жеген жерди — чөө аңдыйт. Чөөчө жок бекенбиз.

— Олдо уулум ай. — Күчүк кайрадан кейиди.— Арстан жанына эгерим каблан менен көк жалды жолотпогондуктан гана дайыма аны чөөлөр курчап жүрөт. Хандардын көпчүлүгү деле ошондой, тегерегине өзүнө теңтайлашкан адамды күтпөйт. Каап, айтайын деген пикиримди бузуп таштадың ээ. Сөздүн чоо-жайы башкада эмес беле. Кантейин мага сенден топурак буйрубаптыр. Сен дагы эми быякты эңсебе. Ысмыңды өзгөртүп алып өз күнүңдү көр, бирок түпкү тегиңди унутпа. Эл-журтун ким экендигин бала-чакаңа айта жүр. Жети атасын билбегендин тукуму кул аталат. Тексиз экен деп аларды эч ким теңине албайт. Катарга кошпойт. Жедигер — Тагай — бийдин жакшы көргөн небереси. Тагай — бий арканы биротолого жердеп калганда Жедигер туулган.

— Анча болду, ата, — деп Каргабай суроо салды. — Алай-Куу, Кара-Кулжа, Кыргыз-Ата, Кең-Алай жана Өзгөн менен Ак-Буура, Анжыянды тыштап Тагай бийдин аркага оошуна эмне себеп? Адигине бабабыздын тукумдары жатпайбы быякта кеңирсип. Ай деген Ажо, кой деген Кожо болбосо, эмнеге качты ата-конушунан?

— Уулум, билсең Кан-Тоонун коюн-колтугу бүт бойдон: Ат-Башы, Нарын, Ис-Көл, атактуу Каркырадан ары Какшаал, Кашкар, бери жагы Кең-Көл, Талас, Сары Өзөнгө чейин Кыргыздын ата конушу. Тагай — бийдин ата-бабасынын жергесине көчүп кеткенинде эч айып жок. Ошентсе да, анын өзүнчө бир-эки себеби бар. Аны

Сантирага керек

чечмелеп бергенге оозум да барбайт. Анын үстүнө бул таржымалды билбеген кыргыз аз чыгар.

— Мен билбейт экенмин да, ата...

— Тагай-бийдин ооп кетишине Наалы эженин жоругу шылтоо болгон. Бир учурда агасы Адигине Кашкардан ары Кытай падышасына ак үйлүү болуп барымтага кеткенде, артынан Тагай бий издеп чыккан. Агалары сыртта жүргөндө кара далы болуп бараткан карындашы Наалы күнөөлү ишке барган дешет. Улуу сөздө уят жок. Эрсиреген кайран эжебиз жылкычысы менен ойноп коюптур. Кийин боюна бүтүп төрөгөндө наристени кашкулактын ийнине катып, эл көзүнө көрсөтпөй, элине келген агаларынан көпкө жашырат. Ошол никесиз туулган баланын тукумдары азыр деле бар. Өздөрүнчө урукка айланды. Алардын аттарын менин оозумдан укпа. Адигине — Тагай элге келер менен карындашын эрге берип тир. Анын да тукумдары көп ушу кезде. Акыры, баягы уяттуу каңшаар Тагай — бийге аялдары аркылуу жетип, ал катуу сынып калат. Ызаланган Тагай карындашын тымызын өлтүрмөккө Адигинеге кеңеш салса, ал инисин тыйып коюптур. Ошентип ичтен сыздап жүргөн ал бир жылы кышында эки жаат болуп ордо атыша кетишет. Адигине жагы бир тарап, Тагай экинчи тарап. Тагайдын жааты мөөрөй бербей утуп бараткандa Адигине ызаланып кетет да, кан черткени жаткан жигитти түура эмес тооруйсуң деп бутунан тартып, жыдытып коёт. Эки бир тууган чабышпаса да, Тагайдын ичинде кек калып кийинки жайда, мал-жандык ирденген кезде бала-бакырасы менен кошо эли журтун алып арканы көздөй кетип калган. Тагай — бийдин тун балдары: Богорстон, Койлон, Кылжырлар быякта туулган.

Эми өз жетең Жедигердин тарыхын айтып берейин. Жедигер Тагай — бий Кетмен-Төбөнү жайлап турганда туулган дедимби? Кийинчерээк арылай көчүп: Ат-Башы, Нарын; бер жагы: Кочкор, Жумгал, Чүй, Ис-Көлгө чейин ээлеп бала-бакырасына жер суу бөлүштүргөн турбайбы. Тун уулу Богорстон менен Карачоронун тукумдарына кең Чүйдү ыйгарса, Кылжырга Ис-Көл менен Нарындын чатын берет, Черик Ат-Башы менен Кызыл-Сууну ээлейт. Саякка кең Жумгал, Кетмен-Төбө, Азыкка Таластын башы тийет. Жакшы көргөн небереси Жедигер менен анын атасы Койлонду баш кылып, өзү Кара Кочкордо калат. Ушинтип чубай берсе сөз көп, уулум. Андан көрө таң атып кетелекте үйдөн чыгып кеткениң

оң. Ошондуктан, сага айтайын деген купуя сырым: өз ата-бабаңдын тарыхы.

— Анча болду, ата, Жедигердин кайра Анжыян тарапка көчүп келишинен баштаңыз? — деди, Каргабай.

Күчүк макул болду:

— Өлөрүнүн алдында Тагай — бий балдарына энчи бөлүштүрүп, «эми жылкыңарга тамга салгыла, кийин мал-жандык аралашып талаш чыкпасын» — дейт. Бир чети балдарын сынагысы келет. Богорстон тамганы жылкынын санына басса, Кылжыр жаагына, Койлон чекесине, Саяк сол санына басыптыр. Кейпи тамга басуу улуулата кетсе керек. Анда Тагай — бий өзүнчө жоруган дейт: Богорстонго жердин соорусу тийип, тукуму көп болот. Кылжыр да жери көп чоң эл болор. Саяктын тукуму сансыз, жери да көп, Койлондун тукуму аз, малы да аз, жайлаган жери чектелүү болот деп ичинен ырым кылыптыр. Айткандай эле Койлондун уулу Жедигердин тукуму, жери аз болгонунан башка ынтымагы да жогураак келет. Улуусуна кичүүсү баш ийбеген чатагыраак эл. Эркелиги тукумуна таасир эттиби, айтор, Койлондон кооз Жедигер деп бекеринен айтылбайт. Жедигердин жигиттери: сылаң — короз, мактанчаак, кыздары эстүү, сулуу чыгат. Чогуу жүрсө өз ара ынтымаксыз, алыстай калсак күкүктөй сайрап, бири-бирибизге арзыган сагынчак элбиз. Айта келсе, Жедигердин төрт уулу болгон: Орусалы, Асан, Үсөн жана Мөңкө. Тагай бий өлгөн соң неберелери бир курдай өз ара чатакташа түшкөн го. Саяктын үчүнчү уулу Каба аябай баатыр, өктөм чыгат. Кайсы бир жылы Кабанын кара аргымагын калмактар уурдап кетсе, жарыктык жарым жылдан кийин аяктан качып чыгыптыр. Кундуздай кулпунган аргымак суу ичип турган жеринен Жедигердин кенже уулу Мөңкө кармап алып, урунуп жүргөндө кабар Кабага жетип, ошондон эки туугандын ортосунда чатак чыгат. Аргымагымды сен уурдадың деп док урунса керек Каба-баатыр. Курулай ууру аталганына ичтери күйгөн Жедигердин балдары бычакка түшмөк болушканда, Солто калыстык кыла Кабага аргымагын кайрып берет. Аябай намыстанып, бир чети сынган Жедигерлер Анжыянды көздөй жапырт көчүп кете беришкен дейт. Алар кара аргымак колдон чыкканга таарынбай, Каба баатырдын Жедигердин тукумун ууру тутканына ызаланышат. Анын үстүнө Саяк Тагай бийдин Карачорону ээрчип келген асыранды баласы да. Өз тууганы Солтонун жан тартпаганы Жедигердин тукумдарынын жанына баткандыр. Ошол Ка-

ба баатыр менен жаңжалдашкан Жедигердин кенже уулу Мөңкөдөн биз тарайбыз. Мөңкө да төрт уулдуу болгон. Алардын эң улуу — Кулболду, андан кийин Кочкор, Кулжабаш, эң кичүүсү Кулжыгач. Сенин түпкү атаң — Кулжыгач. Кулжыгачтын дубанда жок сулуу кызы Кишимжан эжендин тарыхын эшиттиң беле?

Сурообго анча кызыкпаган Каргабай:

— Кулагым чалган, ата! — деп, ыргылжың баш ийкеди.

— Кайран эжебизге ашык болгон Кыпчак жээнибиз Олжобай экөөнүн канына сапкы болгон Кочкордун уулу Кудаке. Ошол окуя Кудакелер менен биздин ортобузду суутуп таштаган. Сенин тек жайың кыскача ушул, уулум. Калган катканын баралы келгенде өзүң чечмелеп ал. Кана, эмесе, коштошолук. — Күчүк ордунан араң козголду. Агала сакал атасынын калчылдаган, жүдөгөн түрүн көргөн Каргабайдын көзүн жаш чайып кетти. Канткен менен мындан ары ата-бала жүз көрүшпөйт. Бу да болсо, Каргабайдын кудай алдындагы күнөөсү же тагдырыдыр.

Турган ордунда уулун бооруна катуу кысып алды да:

— Жашыбай, эрлерче, артыңды карабастан шар кеткин — деди, өтө чыдамдуу коңур үндүү Күчүк.

Таң атып келаткан экен, койлор мекирене баштады.

— Бая түнү түшүмдө аян көрдүм. Буурул аргымакчан сен тоонун туу чокусунда жүрүпсүң. Бир маалда булут аралай сызып, мейкинге түштүң да, эч кимге жеткирбей чаап жөнөдүң. Калган чабендестин баары сенин аргымагыңдын коюу чаңында калды. Күн чыга электе атайын өзүм жорудум. Артың жаман боло койбос. Эл-журтка кадырың өтүп, тукумуң өсөт. А балким касиеттүү Тынай-бийдин жанында жүрүп, зоболоң көтөрүлөр. Артыңда атың калар. Оомин, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун.

Ата-бала эшикке чыгышты. Таң куланөөк салып келатса да, энеси жаткан чоң үйдөн жарык чыгып тургансыды.

— Кирпик ирмебептир, байкуш — деди атасы.

Алардын келатканын сездиби, эшик ачканда кемпир селейип тура калган эле. Кандайдыр бир мандем жүрөгүн өйүгөн түрү бар. Бөтөн элге биротоло кетип жатам деп айта албады Каргабай. Ак саамайы чыга, колу калчылдай энеси сунган бир аяк кымызды дем албай тартып жиберди да, үйдөн шарт чыгып кете берди. Атасы да анын артынан ээрчий чыккан жок. Энеси ыйлап жат-

кандай угулду. Каргабай мамыдагы атынын тизгини колго тийгенде ыргып минген бойдон эки-жагын карабастан чаап жөнөгөн болчу.

Ошентип, атасы Күчүктүн кеңеши боюнча бир жагынан тууганы, ары кетсе жездеси Тынай — бийдин айлын издеп, Сары Өзөнгө Абдырахман деген жаңы ысымга жамынган бойдон жөнөп кетти Каргабай каракчы. Ушуну менен Абдрахман — Каражаактын тарыхы аяктайт да, мындан ары Абдырахман Күчүк уулунун таржымалы башталат.

Баса, көпчүлүктү күмөндөр кылбас үчүн жогоруда биз сөз кылган окуя 1756-доңуз жылына туура келерин эскертебиз...

* * *

Каргабай безгенден кийин үчүнчү жылы оорубайсыктабай сопсоо отурган Күчүк каза болду да, өзү айткандай кайран кишиге уулунан топурак буйруган жок. Күчүктүн көзү тирүү кезинде дайынсыз жоголгон уулу жөнүндө ар кимдер сөз кылганды караманча коюшкан. Карыя каза болгон соң биротоло түңүлүп коюшкан тууган-уругу кайып болгон уул жөнүндө ооз ачышпады. Ошондон бери дагы сегиз жыл өткөндө Каргабайды көрдүк деген айың тарап кетти. Селде оронгон, Каргабайга окшош сакалчан мырзаны Ош шаарынан көргөндөр умтула барып салам беришсе, ал айылдаштарын таптакыр таанибай койгон имиш. Ошондон уламбы, эл-журт ичинде далайга чейин ал бөтөн адам экен деген күңкүл сөз тыйылган жок. Селдечен бакыбат мырза кийинчерээк Көк-Суу тараптан да көрүнө коюп жүргөнүн айтып калышчу. Анда эле Каргабай сымалдуу мырза кантсе да Эсенбай —Жекебаатырга каттырган баягы казнаны аңдып жүргөндүр. Рас эле, эс акылы жетиле көсөм болгон Каргабай кантип эле ошончо байлыктан кур калсын. Биз дагы андан күнөм санай албайбыз...

# САРЫТАЙ МЫРЗА

Ошол 1786-жылкы жылынын баш оона айында өзүн Үч Куртканын беги катары эсептей баштаган Карабайдын Сарытай деген уулу Шамшынын белине чыга бергенде, ага куйрук улаш бастырып келаткан жигити атынан дароо түшө калды да, мырзасынын аргымагын тизгинден алып, түшүңүз дегендей аны жоодурай карай бергенде, жигитине Сарытай мырза колтугунан сүйөөгө үлгүртпөстөн, ал илбирсче шамдагайлык менен аттан ыргып түшүп, тизесин жапкан көк шиберди жирей, өзү биринчи жолу туш келип отурган мынабу ажайып сонун дүйнөнү кумарлана тиктей калган болучу. Чаңкай түш чен эле. Чалкыган көк асман алдында гүл аңкыган чар тарап өзүнчө мемирей не бир коздукка, бейкуттукка тунуп, жан-дили жибий көздөрүнөн нуру төгүлдү мырзанын. Ушу кезде жанына жетип келген кошундун аксакалы Ыман жаш мырзанын дендиреген бейкут абалын бир беткей түшүндү да:

— Жүрүң мырза, чатыр жакка барып бел чеч, куда каалаcа келип да калдык. Эми шаша турган жөнүбүз жок. Баатырдын айлына күүгүм талаш киргенибиз оң, кыз Сырга да өзүңдү кокус өргөөдөн шыкааласа, сөөлөтүңө каныл-канбагандай беймаал кезде барып көрүнөлүк — деп, эркелете сүйлөдү.

Тээтиги бет алды ченде эгиз талдын жанына атайын жортуул учурунда тигилчү көк жибек чатыр туруп калган эле. Чатырды көздөй шашпай кадам шилтеген Сарытай мырза аксакалынын чымчып айткан тамашасына жооп кайтарган жок. Кантсе да андан ыйбаа кылат. Чынында Ыман бир журтчулуктун аксакалы. Анын үстүнө атасы экөө ынак курбулар. Ишенгенинен гана аны ушун-

дай ыйык бата расымына кошуп жибербеди. Бирок мырза жигит ичиндеги сезимталын Ыман аксакалга алдырып койгонуна кантсе да өкүнүп алды. Деги эле Сарытай мырзанын азыркы ойлогону кыз жөнүндө эмес элего...

Жанып турган чырактай нур жүздүү, ак тиштүү, карасаң бирине бири окшош, ары жашташ жана биринен бири озгон шамдагай-шайыр, кулпунган, кубулган, кындагы кылычтай суурула: кези келсе баш кескен; кан кечкен, бир туруп кеменгер жана балача баё; ары кетсе көк жалча кара мүртөз, кекчил, өрткө тайманбай кирген, ок болуп атылган, жоо болуп түмөн колго катылган бул кырк жигит — эч жеринде өөнү жок жаш уландар эле.

Кээде жаадырай күлүшүп, бирде жаадай ийилишип, кайрадан найзадай сүңүлүп, күтүп тура калышат мырзаны мына ушинтишип. Эмелеки жайдары уландар жакын келген мырзанын сузураак түрүн көрүшүп, баары мостоё калышты. Күмүш кумгандан колуна булактын муздак суусу куюлган соң Ыман аксакалына катарлаш оң жагына барып отура калды, Сарытай мырза. Деги эле мырзанын кыймыл аракети көзгө илинерлик мес, тез. Чөлдүн жыланындай кара сурунан келген, бели да бир тутам, шырыктай узун бойлуу эле ал. Кичинекей капкара көздөрү бирөөнү тиктегенде арбап жаткандай кадала калат тим эле. Наристе курсактан түшөр замат атасы азан чакыргандан кийин эмнеликтен Сарытай деген ысымды ыйгарганын ким билет. Сыягы, төрөлгөн ымыркай өзүнө коёндой окшош, кара сур тартканынан улам ырым кыла ысмын тергеп койсо керек деп болжойбуз. Урунган мандашын жазбаган Сарытай мырза баятан бери эч козголбой, кыймылдабай дасторкондогу чүйгүн тамакка табити чаппаган адамча оозуна анча наар албастан тээтигил бет маңдайындагы кызыл асканын үстүндө каалгый жай айланган жалгыз бүркүткө суктангандай көз чаптырып, анан не бир ойго батыппы, же каны ичине тартыппы унчукпайт, кепке аралашпайт. Жаш мырза көп отурса жадаганынан жанбаштай кетип бут сунган, кымызга кызыса каткыра күлүп обу жок тамаша айткан же оозун толтуруп май чайнап тамакка рахаттанган бай уулунан эмес. Ал хандын ордосун көргөн, ордо куруугa катышкан бийлердин жанында жүрүп салт-занды жакшы билген бектин тукуму. Андыктан жигиттери өзүнө теңтуш, кадырлаш, насиптеш болгонуна карабай күткөн каадасын эч убакта коё бербейт. Кантсе да алардан боюн

оолак тутат. Ички сырын, тээ келечек үмүтүн алардын эч бирине туюндурбоого аракеттенет. Бул кырк жигит анын жаалы-кылычы, кубаты, арка-жөлөгү, бирок жолдошу эмес. Анткен менен жаш мырза кээде алардын оюн-шоогуна, азил-тамашасына кошула кетип күлсө да, чектен чыкпайт жана алардын эч кимисин какпайт, ал тургай көңүл оорутуп, орой сүйлөө быякта турсун, эч убакта зекибейт. Жигиттер анын каарын, буйругун, каалаганын кирпик ирмеминен гана билишет, ооз учун кыбыратканынан түшүнүшөт. Мына баятан бери тайдын чучугу менен картасынан кыя-кыя кесип жешип, кымызга канган жигиттеринин тамашасы чыгып каткыра күлүшө, өз ара азилдеше баштакан кез эле. Мейли чер жаза беришсин дегендей Сарытай мырза эми аларга караманча көңүл бөлбөгөн адамдан бетер өз бетинче, өз дүйнөсү менен алек. Ушу кезде алтын чөйчөктү аярлай кармаган жигити Жолболду мырзанын каптал жагынан келип жоодурай тиктеп, ары келинче ийилип тура калган болучу. Мырзанын кумсарган абалын жөн билгич жигити өзүнчө түшүнгөн эле. Чөйчөктө тунуктугу булактын суусунан аша мөлтүрөгөн кытай арагы. Сарытай мырза эңсеп турганын сездирбөөгө аракеттенип, чөйчөктү өтө сыпаалык менен колуна алды...

Көмөкөйдү куйкалаган муздак арак жаңыдан бойго тарап, мына эми жаны жыргай түшкөнсүгөн Сарытай мырза кайрадан жалгыз бүркүткө көз чаптыра бергенде жигит башы, ары өзүнө теңтушураак, кантсе да ынагы Койсары багыш кыз Сырганы көкөлөтө мактай, сыпаттап келип, кала берсе аны Айчүрөккө теңеп жиберген жерине келгенде ичинен тырчыган мырза: мейличи дегендей баятан бери жүрөгүнө тынчтык бербеген мурдагы эле купуя ою менен алек боло берди. Мырзанын ичиндеги кыжаалатты Койсары кайдан билсин, ого бетер мактаныч кылды:

— Алтын чөгөрүлгөн ээрлүү аргымагы баш болгон сан жылкыны кайсы эле кыргыз калыңга берди эле, ыя? Эмдигиче алар баатырдын айлын каптап, тепсеп кеткендир...

Ошондо дагы бир жигити:

— Атан төөлөргө жүктөлгөн алтын-күмүш, зер, кескес кытай жибектеричи? — деп ооз көптүрдү. — Атаке баатыр мынчалык дүнүйөнү өмүрүндө көрдү дейсиңерби?

— Рас эле калыңда өөн жок, күйөөдөн айып таппайсың — деп Койсары кайрадан бакылдай бергенде жаш мырза Ыман аксакалды карап акырын үн катты:

— Аке, бата кылсак кантет...

Бата тиленип колго суу куюлган соң баары жапырт орундарынан өйдө болушту. Атаке баатырдын айланасындагы калың жөнүндөгү сөз ошо бойдон козголгон жок. Ал Сарытай мырзага жакпай калганын баары түшүнө калышкан эле. Күн али эрте болгондуктан аттанууга шашышпай, тобун бузбаган жигиттер мырзадан буйрук күтүшкөнсүп, жардана тура калышканда, ал мурдагыдай көктү тиктеген абалында:

— Алып келаткан калыңыбызда бир чоң өөн бар. Ошону эч кимиңер сезе элек турбайсыңарбы?! — деп коюп, ал гүл жайнаган коктуну өрдөй өзүнчө басып жөнөдү.

Жигиттер бул кандайча дегенчелик кыла Ыман аксакалды тиктей беришкенде, ал дагы мырзанын табышмагын жандырууга аракет кылбай желкесин кашый туруп калган. Топ жигит эми бири-бирин сырдуу тиктешкен бойдон азыраак болсо да дештиби, өтө алыстабай туш келди жайыла басышты.

* * *

Артынан жоо кууп келаткансып, жөө күлүкчө чуркай баскан жаш мырза коктунун алкымына жетпей боз үйдөн чоң таштын түбүнө токтоду. Мына ушу жерге жеткенде гана Сарытай — быякка аттанардан мурда атасы экөө ээндей жалгыз бастырып жүрүшүп, далай жолу акылдашкан, кеңешкен, эми болсо жеке өзүнүн гана кыялынын түпкүрүндө уюп жаткан сырды бир саамга көз алдынан сыдыртты. Ооба, ал чынында эле Атаке баатырдын кызын алганы күйөөлөп келатат. Анысы жашыруун иш эмес. Алтын чөгөрүлгөн ээрлүү аргымагы баш болгон сан жылкыны тиги Үч-Курткадан күн мурдатан айдатып жибергенде эле, кабар жаамы кыргызга дүңк эте түшкөн. Кыз Сырга он алтыларга толуп, «кара далы» атала баштаптыр деген айыңды жигиттин кулагы мурда бир нече жолу чалган. Кыз кара далы атанып, ага кайын чыкпай жатканынын себебин көзү ачыла элек жаш мырза ал кезде билбегени да чын. Сырга сөөктүү, мескоол жан болсо, ошого жараша ал анчалык жигит суктанарлыктай чырайлуу эмес деп уккан. Бардык кеп ошондо бекен? Жок, ата баркы менен кыз, мата баркы менен бөз өтөт. Анын сыңарындай Атаке баатырдын кызына чын эле кайын чыкпай жатса, анын да себеби атасынын өзүнө байланыштуу экендигин Сарытай мырза алгачкы жолу атасынан укту. Атасы экөө салт атчан,

айылдан иштапкан узап калышкан эле. Көп жорткон бөрүчө далайды башынан өткөргөн атасы сөз учугун аяр чубады:

— Керегеде кулак бар, кеңешчү болсоң ыраак бар — дешет, уулум. Анда эмесе кулак сал кепке.

Сарытай мырза дилгирлик менен атасына жүзүн бурганда Карабай бир топко чейин дымып барып, анан улады оюн:

— Сен көкүрөк күчүгүмсүң. Жылан жылы туулдуң эле, мына быйыл эки мүчөлүң. Жылан жылды ата бабадан бери ыйык тутушат. Жылан жылы туулган уул баатыр чыгат: эл башкарып, журттун тагдырын чечет, андай жигит бирде айкөл, бирде кыйды жана өтө сак, же ары келип жыланча билгизбей душманын чагып өлтүргөн чыгаан, ошондой эле эч кимге сыр алдырбай, сырын алган акылман, айтор, айта берсе көк жалдын нак өзү деген ырым бар. Ойлоп көрчү, жырткычтардын ичинде бөрүчөлүк баатыры ким деги?.. — Атасы кайрадан унчукпай бастыра берди да, сөзүмдү эч ким уккан жокпу дегендей улам эки жагын каранып коёт.

Кашка суу аккан колот, айланасында өздөрүнөн бөлөк бейчеки бастырган эч жан көрүнбөйт. Эмнеге кооптонот? А бирок бул карт бөрү сактыкка кордук жок деп сактанганга көнгөн. Дегинкиси, дилиндеги ыйык сырын буга чейин эч жанга ача элек болчу. Мындан ары да карачечекей өз уулунан бөлөк эч бир жан туйбаш керек. Кайрадан сөз уланды:

— Көрүп турасың, акелериң үй-жайлуу, бүт бойдон очор-бачар. Сен гана үйрөтүлбөгөн кунандай — башың бош. Анжиянда калган катын-баланды кепке албайлык. Быякта сени алда качан эле үйлөйт элем: буйрубагандыктанбы, ылайыктуу кайын-журт таппай, бир кыйла чарпылдык. Азыр күйөөлөп барып, колукту ала турган кез келди. Кайын журттун да ыгы келип турат. Буга дейре жылдап-айлап жанымда кошо жүрдүң. Акылың толо эр жетип, каныктың го дейм. Эми катын ал, уулум. Тектүү жерден кайын күт. Мен карыдым, өзүңдөн бөлөк эл-журтка ким болот тутка?

Сарытай мырза өзүнчө мелтирей сөз тыңшоодо.

— Бир аз күндө күйөөлөп чыгасың — деп айтып салды бек. — Билип ал: Сары өзөн Чүйдө Тагай-бийден тараган айтылуу Тынайдын уулу Атаке баатыр жатат, чалкып, өзүң да кабардарсың андан. Дайындап койдум: калыңын айдап барып, кыздын колун суроо эми өз милдетиң.

— Бек! — деп жиберди жаш мырза кокусунан. — Ал атасына дайыма башкаларча ушинтип: «бек» деп кайрылчу. Сыр алдырып койду. Сарытай эми ичинен кейип турат. Уулунун чоочуп кеткен абалын сезбеген кишиче Карабай:

— И, и! — деп, баш ийкеди.

Иймене түшкөн жигит унчуга алган жок.

— Айта бер — деп буйруду атасы ошол бет алдын тиктеген калыбында.

Мырза аргасыздан жооп берди:

— Атакенин бойго жеткен кызы бар дешкен...

— Ооба, мен да ошону айттым.

— Анда эле бек, Атаке-жырыктын кара далы кызынабы?

Карабай жинденди:

— Мындан ары «жырык» деген сөздү кулагым укпасын. Атаке баатыр деп жүр. Кыргызда андан өткөн касиеттүү адам ким экен азыр?

Кагуу жеген жаш мырза жүдөй түшкөндөй унчугушпаган экөө катар бастыра беришти. Атасынын үнү эми элдешкендей жай:

— Кара далы деп Атаке баатырдын кызын чанган түрүң бар го... Сени мынчалык чолок ойлойт деп күткөн эмесмин. — Ал чын эле кейип алды. — Андан көрө Атаке баатыр кызын берер бекен? Ойлодуң беле ушуну...

Уулу таңкалды:

— Бек, кантип?..

Атасы кейиди:

— Сени жетилди го деп ойлогом. Көрсө... — Ал көпкө дейре үн катпай, Сарытай мырза андан бетер кынына кирди. Бир топко барып Карабай бек өзүнчө сүйлөдү:

— Мен бир нече жолу киши жиберип Атаке баатырдын кызын сындаттым. Өтө сергек бийкеч дешти. Баса, кыздын мүчө башы москоол болгону жаман бекен, кайра тукумуң баатыр чыгат, ары акылдуу болушат...

Атасынын сөзүнө Сарытай мырза уюй түшкөн эле. Муну куу чал түшүндү. Эми уулу менен кеңешип жаткандай үнү кырааттуу:

— Түшүнчү? Сен баатырдын кызын алып жатам деп ойлобо, өзүн аласың. Ал тилегине жетсең, сол колуң Анжиянда болсо, оң колуң Сары Өзөн Чүй быякта калсын, аягы Талас, башы касиеттүү Көл аймагына дейре жетет. Сен ойлогондой кыз кара далы атанса, күнөө бийкечте бекен? А да болсо жеке Атаке баатырдын дандкынын салдары. Деги Атакени ким деп ойлойсуң? Ал

өзүнө ишенбесе бешикте кезинде эле кызын кудалашып коймок. Түшүнүп ал: баатыр кызынын башын бекеринен бош койгон жок. Андай эр экен, куда болчулар даап келсин деп кебелбей отурат ал. Баатырдын сүрүнөн, кыздын калыңынан коркушуп, далай мыкты-кашкалар ага батына албай жатса кантесиң? Кызынын колун сурап келгендерге Атаке сүйүнүп кетет деп ойлобо. Кырааккы дечү элем сени, көрсө... али чийки турбайсыңбы. Айтса, келгендердин далайын баатыр тоотпой коёт. Жини кармаса менин да бектигиме карабайт ал. Бир болсо эле ал тууганчылыкты ойлойт. Биз, отуз уулдан тараган басыздар дагы Тагай бийдин тукумдарынча оңго[1] киребиз. Бир корксо Атаке баатыр арбактан коркот. Болбосо, азыр ага теңелиш кыйын. Дегинкиси, калыңдан өөн чыкпасын. Кептин баары калыңда, мырзам, — деп Карабай уулун эркелете карады. — Кыз он алтыда гана дешти, тапкан экенсиң кара далыны. Деги, эмне үчүн мен Атаке баатырды көздөп калганымды баамдадыңбы? — бек уулун чукул карады.

Атасы менен тиктеше түшкөн Сарытай мырза эмне дээрин билбей тайсалдады. Жообу туура чыкпай калсачы? Катар баскан кош ат көк жонго чыга берген кез эле. Балбылдаган, өрттөнгөн кызыл күн бата жаздап калыптыр. Күндү тиктеген боюнча жүрөк толтосуна катылган сырдын маңызын айткандай болду бек:

—Сенин ата-бабаларың тээ илгертеден эле, Коконду Кокон кылган Шооруk бийден тартып ордого аралашып келатат. Андан бери төрт бий өттү. Мен өзүм эле үч бийдин бийлигин көрдүм. Өзгөчө биздин кызмат Эрдаана бийдин учурунда бааланды. Кетмен-Төбөнү чабам деп Эрдаана бийдин чыгынганы эсимде. Кетмен-төбөлүк Сатыке баатыр ошондо бийдин шагын бир сындырган. Сан колду Сатыке капчыгайдын ичинен басты да, далай эрлер ошондо ат-маты менен Нарындын көк ирим айлампасынан чыга алышпай күм-жам болушкан. Андан бери Кан-Тоонун коюн-колотторундагы сан кыргызга кокондуктар чындап катыла элек. Ошондон кийин гана кырк үйлүү басыздар Көк-Арт аркылуу Үч-Курткага оогонбуз. Мына азыр эл, болуп, бек аталып дегендей бийлик ээсибиз быякта. Куда каалаcа жакында... деп баштап келатканда Карабайдан уулу сурады:

— Биздин тукумдар кайсы атабыздан тартып бек аталып келет?

---

[1] Ошо доордо басыздардын оң канатка кирери жөнүндө маалыматтар бар.

Уулунун суроосу күтүүсүздөн берилгендиктен дароо жооп айта албай, Карабай бир азга дымыды. Ичинде тырчып турса да, уулун каккан жок. Түз берилген суроого, түз жооп берүү да ылайыксыз. Бирок жообу уулун ынандырбаса өз кадырына доо кетет. Карт бөрү аны да билип турат. Өз теги кайдан чыкканын мырза азыр билбесе, эл башкарып, журтка туу боло алабы?

Күн батып, күүгүм кирип калган, Карабай жандатып жай түшүндүрдү;

— Бек деген касиеттүү наам. Ал кимдин бийлиги күчтүү болсо, ошонун пешенеси менен кошо жаралат. Жана эр жигиттин башынан багы тайып, бийлиги колдон түшкөн күнү кошо жоголот. Айтпадымбы, биздин ата-бабалар Шоорук бийди жандагандан тартып бек аталды деп...

Сарытай дароо макул болду:

— Ынандым, бек.

Карынын дили жибип кетти:

— Бийлигиң күчтүү чыкса ажеп эмес, уулум. Кези келгенде бек быякта калсын, а мүмкүн сен дагы кан аталарсың...

Ажары сыртына чыккан Сарытай баш ийкеп алды. Уулунун ички турпатын атасы да сезүүдө. Тээ, андагы тоо чокуларындагы асканы жирей толгон ай көрүндү. Алар сүйлөшүшпөй бир аз бастырышкандын ортосунда азыр эле атасына берген суроосун ичинен кайталап алды жаш мырза.

...Тегибизден бек экенбиз да!

Кайра бир тунгуюк үн каршы болгонсуду:

...Качан тегинен бек эле булар?

Жүрөккө тынчтык бербеген эки анжы суроо Сарытайдын дилин оорутмак тургай, кайра максатын ого бетер курчутту көрүнөт, укум-тукумуна чейин бек аталып, сан кыргызга хан болгусу келди ал.

Карабай уулунун көксөөсүндөгү максатты бышыктай кырааттуу сүйлөп, эч бир шашпайт. Кулагын атасы жакка төшөгөн уулу да өзүнчө ээрип калган. Карт бөрү билет: уулу зилинен мансапкор, бийлик дегенде эч нерседен кайра тартпайт ал.

...Далай жылдан бери Памир-Алай жана Кан-Тоонун ара-чолосу алда канча тынч. Анын ичиндеги булуң-бурчту мекендеген калайык-калк да дүркүрөй өсүп, мал-жандыктын саны артты. Кыргыз кыргыз аталгандан бери мынчалык бейкут турмуш болбогондур. Билгенге бейкут турмуш оңой эле келе койгон жок го. Аны да кыргыз

атанын арбагына сыйынышып, кыргыз деген ыйык сөздү туу кармаган кайран журтчулук өздөрү жаратты. Азаттык — муң-зарсыз жана кан төгүүсүз бүтпөйт. Кезинде, далай эрлердин көкүрөгүнө найза кагылды. Далай баштар ийнинен алмадай ыргыды. Кылымдап көзү ачылбай, кул болуп, күң болуп: басына, тосуна, качып, куугунтук жей — чайпалган, төгүлгөн шордуу эл мына бир аз жылдан бери баш көтөрө «Сан кыргыз» атка конуп отурат. Бөрүдөй өжөр жана итче чыдамкай экен кыргыз. Антпегенде, акыркы эле жүз жыл аралыгындагы жунгарлардын зомбулугун кайышып да болсо көтөрбөйт эле го. Таандай самсып Жунгариядан чыгышкан чапкынчылар казак-кыргызды каптап кетти да, күүлөнгөн селдин түрмөгүндөй болгон жоо колу Анжияндан аша Букарага чейин жетти. Ошондон кийин зор өлкө бирде Жунгар мамлекети, кээде ойрот хандыгы делип эл-журт аралашты да, несин айтасың, будуң-чаң эле болуп калган... Жеңгендердин алдындагы жеңилгендердин көр оокаты курусун: байкуш кыргыз ар качан коркок билиш; басынды, жүгүндү; амал-айла издеп кууланган, корсунган учурун айтпа. Ошого карабастан эл элдигин сактап, тилин жоготпой, канчалык азап чексе да душманына дилин алдырбай эр кыргыз чыдады го. Контайчжинин төрөлөрү күлө сүйлөп күлүгүн тартып алса, кызыккан кызыл кызын кыйнап да болсо катындыкка алышты. Баш көтөргөн эле далай кыргыз кашкаларынын териси тирүүлөй сыйрылып, койчу не кыйноону тартпады кайран эл. Бул жылдары бир уруу эл журт түп көтөрө тентиген учурлар канча. Күзгү суудай тайыздап, соолуп бараткансыган кыргыздар кайрадан толкуп күч ала, боордош казактар менен ширелешип, аларга Анжиян, Аксы, Алай кыргыздары көмөктөшө, маңгыт, сарт, миң уруулары четте калбай, душмандарына тайманбай киришти да, алардын быт-чытын чыгара Ала-Тоонун койнунан ары, кайра Жунгар чегине чейин сүрүп ташташкан. Алардын быякта калган бир даары куулуп-куулуп отуруп орус мамлекетине чейин жетип баш-паанек издешти. Өзгөчө 1754-жылы жунгар мамлекетинин улуу Контайчжиси Алдан Цэрен өлгөндөн кийин ойроттордун шору биротоло курубадыбы. Ошондо Маньчжур-кытайлардын Цин династиясынын улуу Эгеси Богдыхандын кылычынан кан тамган. Атасы өлгөн соң мураскорлордун чатагын ким басмак эле. Ансыз да ыдырай баштаган зор өлкөнүн шайы ооп турганда Богдыхан Циянь Лун жүрүш жасап, заматтын ортосунда Жунгариянын негизин түзгөн

Иле аймагын бүтүндөй басып алды да, ойротторду кылычка алып бырчылдатып, бешиктеги баласы, боюнда бар аялына чейин аяган жок. Сан миңдеген адамдардын канынан жер-суу түтөп кетти. Өлүккө тойгон иттер кутуруп, асманда жору, кузгун батпай, эми арыган-азган элдин шоруна жараша кара тумоо далайды жалмады да, ойроттордун бир тобу казактын султаны Аблай ханды баш паанек кылып, Россияны көздөй тентиген. Кечээги чоң өлкө, казак-кыргыздын жүрөгүн тирүүлөй суууруган зор өлкөнүн төрөлөрү эми өздөрү мусапырга айланып, калган каткан ойроттор кыргызга жамынып, кыргызча сүйлөп, элге сиңип кетүүнүн аракетин издей жан талпас кылышты. Тагдырдын, тарыхтын жолу улуу экен. Богдыхан ошо бойдон эле табасы канба, тынчып калган жок. Ал ойроттордун атын баш оту менен өчүргүсү келип Жунгарияны — Синьцян деп, ал эми илгертен келаткан Үрүмчү шаарынын атын Дихуага которуп таштаган. Өз династиясына улам коркунуч туудурган жапан көчмөндөрдүн мамлекетин жойдум деген ал эми Кан-Тоонун ичине көз артып калган жерине токтогон Карабай бек бир азга унчукпай калды...

Баятан бери угуп келаткан аңгеме тарых эмес, ал кечээ эле калк башынан кечирген шорлуу окуя экени Сарытайдын өзүнө маалим. Атасы булар жөнүндө бекеринен айтып жатпаганы да белгилүү. Бул айтылгандардын артында бир чоң маани бар. Андыктан бейчеки суроо бербейт, үнчукпайт да. Ай итапкан көтөрүлүп калыптыр. Айлана тынып, тунуп калгандай. Кээ-кээде жакындан эле күү-күү деген үкүнүн үнү, мына алыстан элик бакыра, байкаса суунун шары кулакка тынчтык бербей, түнкү теребел ырдап, өзүнчө сүйлөп турган экен жарыктык.

Карабай бек уулуна капылеттен суроо берди:

— Баамдап көрчү? Бу Нарбото-бий ушу кезге чейин эмнеликтен өзүн кан көтөрбөй келатат?

— Бек, Нарбото азыр кан эмей ким?

— Рас айтасың, азыр ордонун бийлиги бүт бойдон Нарботонун колунда. Ошондой болсо да ушу кезге чейин өзүн «кан» деп атай элек. Белгисиз кандын атынан Кокон ордосун чыңдады. Казнасын алтынга толтуруп, өлкөнүн чегин кеңейтти. Азыр Коконго бүтүндөй Анжиян-Аксы жана Парганaнын көбү карайт. Ошого карабастан Нарбото-бий өзүн кан атап, башына таажы кийе элек. Аны кыргыз-кыпчак, миң урууларынын бектери, бийлери ак кийизге салып жамы журтка көрсөтө кан

атаганын көргөн адам бар бекен? Канчадан бери ордо менен катышым бар, ага көмөктөш болуп келаткан сенин атаң мен да билбейм.

— Анда ким билет?

— Анысы бизге дайын дечи, уулум...

Алда качан башталган аңгеменин негизги түйүнү азыр чечилчүдөй Сарытай мырза атасын бейкапар сүрөп койду:

— Кулак сизде, бек!

— Нарбото-бий өзүн кан көтөргөнгө даабай жатсачы?

— Кандайча?

— Билгиң келсе, балээнин баары ушунда...

— Бек, кантип?

Карабай бек атын акырын теминип койду да, жорго басыкка термелген бойдон дагы бир азга унчукпай калды. Ушу кезде анын көз алдына жаш чагы келе калган эле. Ал кичинесинде ордодо жүрүп бийдин баласы менен көкүлдөш болуп өскөн. Ошол 1728-жылы атасы Сарыгкашка жети жашар Карабайды Коконго алып келип Абдрахим-бийдин эң кенжеси Шарипбек менен көкүлдөш кылып анан ордого таштап кеткен болчу. Ал кезде миң урууларынын бийлери дээрлик бойдон тоолук кыргыздардын мыкты чыкмалары менен достошуунун, туугандашуунун ар кандай жолунан баш тартышкан эмес. Итче кабышып, бөрүчө жортуп турган заман. Жоо кайдан келип, кайсы бөйрөгүңө канжар уруп кетерин билбейсиң. Сактаныш үчүн эл алып, ызатташуу керек. Жоо жарагы шайма-шай көчмөндөрдөн кошуун түзүү алдаганча оңой. Ошондуктан, кыргыздар менен байланышты күчөтүүнүн мыкты жолдорунун бири — көкүлдөштүк. Анын жайы мындайча: Атактуу адамдардын эки жаш баласын бирге чоңойтуп, анан алар качан эс тартканда атайын өстүрүлгөн узун көкүлдөрүн байлаштырып туруп, наристелердин төштөрүн төштөрүнө тийгизе кучакташтырган соң, аларды шилекей алыштырчу. Ошондон кийин эки бала достон ынак, бир тууганда жакын болуп жүрө беришкен. Көкүлдөштөрдүн ичинде бири-бирин сатып, өз ара чыккынчылыкка баруу деген акылга сыйбай турган жорук болгон. Учуру келген кездерде көкүлдөштөр бири үчүн бири өзүн өлүмгө кыюудан кайра тартышкан эмес. Көкүлдөшү Шарипбек менен бирге жүрүп, бирге ойноп дарс окуп: билим алган, тарбиятаасирге үйрөнгөн Карабай он жетилеринде гана атаконушуна келген эле. Демек, Карабай: Анжиян, Парга-

нанын санжырасы быякта калсын, алардын тарыхына чейин мыкты билген, көзү ачык, сергек адам.

Карабай каплеттен уулун жалт карады:

— Даабай жатканынын себеби бар.

— Угуп жатам, бек.

Карабай буйдала түшүп айтып салды:

— Жети атасынан кан чыкпасачы?

— Андай болсо, бийлик бар жерде кулдук бар — деп айтчу элеңиз го. Өзүн кан көтөрүп жиберсе каршылык кылчу ким ага?

— А, аа! — деп койду өзүнчө Карабай. — Мансап дегенде уулунун акылы жетик экендигинен бу сапар ал күнөм санаган жок. Мураскоруна чындап ичи жылыды. Бөрү бөлтүрүгүн үйрөткөн сыяктуу кайра башынан түштү бек:

— Нарбото-бий өзүн кан көтөрүш үчүн калайыкты ынандырарлык шылтоо жок болчу.

Атасына кадимкидей батынып алган мырза:

— Бийлигичи? Ошо аздык кылабы? — деп дагы көшөкөрлөндү.

— Билип ал: негизсиз жерден жаралган бийликтин түбү бош келет. Нарбото акылман адам, эми ого бетер көзүм жетти...

Сарытай атасын таңгалгандай тиктей бергенде:

— Падыша Султан Бабыр жөнүндө угуп жүргөндүрсүң? — деп суроо салды.

— Уккам...

— Айтып көрчү укканыңды?

— Сыягы, качанкы бир заманда өзүбүздүн падышабыз болгон ал.

— Кабарың бар экен. Султан Бабырдын асыл тукумдары ушу тапта да Хиндустан өлкөсүнө падышалык кылып, такта отурушат. Эсиңе тутуп кой: Нарбото-бийдин түпкү бабалары ошол касиеттүү Султандан тарайт тура. Аны мурда эшитбептирбиз...

— Сиз дагыбы?

— Менин да кабарым жок эле ал тууралуу. Жакынкы үч-төрт жылдан бери жеке эле ордо ичинде эмес, элет жерлеринде да кайран падышаны оздон түшүрбөй кеп кыла башташкан. Көрсө, ошол падыша Бабыр акыры келип Нарбото-бийге түпкү ата болуп чыгарын билбептирбиз...

Уулу шыпшынды:

— Кызык...

— Шашпа, уулум, көрө турган кызыктар али алдыда.

— деп коюп оюн улады. — Айкөл падыша быяктагы киндик каны тамган ата журтунан куулуп, буттарына чарык тартына жөө-жалаң, арып-азып Ооганды беттеп бараткан жолдо аялы Сейде-аппак төрөгөн имиш. Анан ымыркайды өздөрү менен кошо ала кете алышпай тургаңына көздөрү жеткен соң, наристени алтын бешикке бөлөп таштап кетишкен тура көрсө. Сөздүн кыскасы, алтын бешикте жаткан баланы мына биздин миң урууларадын бирөө таап алышыптыр. Кудай жалгап эми ошо «алтын бешиктен» тарагандар өзүбүздүн бий Нарбото, анын түпкү аталары болуп чыкпадыбы...

— Эх, сонун тарых экен, — деп Сарытай жетине албай кетти.

— Ап бали! Сен ишендиңби?

— Ишенбегендечи, бек! — Сарытай чын пейлинен айтты.

Эки жагын акмалай караган атасы акырын күлүп койду.

— Мен буга ишене бербейм...

— Кантип, бек? — деп, жигит чыдамсызданды.

— Себеби мында: мен ордодо жүргөн чагымда «алтын бешиктин» тарыхын эч ким кеп кылчу эмес. Аны билбегендиктен эмес, андай тарых жоктугунан үнчүгүшпады го. Болбосо падышанын ал уулунан тараган бир-эки кандын ысмын биз да билет элек го...

— Капрай!

Таңгалган жаш мырзаны атасы чындап оңдоду.

— Анда эмесе билип жүр: кандыкка жетип, өз кандыгын бекемдегиси келген ар бир кара башыл пенде ушундай жосунга барат. Алдап-соолаcа да элди ишендирүүнүн айласын кылат. Адегенде жанагинтип айың таратат. Анан өзү кан аталып тактыга чыгып алган соң, аны төгүнгө чыгарып ачык айткандар чыкпайт. Антчулөрдүн баштары ыргыйт. Кийинки тукумдарга эмне, кан такта отурса ага болгон ишеним ого бетер күчөй берет да. — Атасы уулун бир карап алып, сурап койду:

— Айткандарымды түшүндүңбү?

— Түшүнүп атам, бек!

— Жок, антип төгүн сүйлөбө! Сен али эч нерсени түшүнө элексиң, — деп коюп, Карабай оюн улады: — Кептин төркүнү башка. Нарбото-бий мага окшоп азыр пайгамбар жашына чыга элек. Ошентсе да мындан ары ал өзүн кан көтөрө койбос. Мурдагысындай эле өзүн бирде бий десе, бирде кан атап жүрө турар. Накта кандык анын уулдарынан башталат...

— ...Андай болсо, бербейби кандыкты уулдарынын бирине, — деп Сарытай айтып алды.

Карабай уулун каккан жок:

— Ашыкпа, билсең так бирөө: Нарбото-бийдин балдары көп. Баары тең өздөрүнчө кан болсок деп үмүттөнүшөт. Бийлик ата колунан кеткенде эле так үчүн талаш чыгат. Аны түшүнгөн бий азырынча аяр, шашылбайт. Акылга кенч, кайраттуу мураскорду ал эмдигиче чуктап да койду. Бирок болочоктогу так ээси ким болору азырынча айтылбайт, ал жашыруун. Коконду Кокон кылган Нарбото-бий. Анын керт башынын даңкына ушу тапта ким теңеле алат? Ордонун куту Нарбото кандыгын жүргүзө турсун. Ага чейин мураскорлор жетилер, каныгар. Анан дагы билип ал: мындан ары кандык кимден башталса да, ал Кан-Тоонун койнундагы сан кыргызга катылбай койбойт. Ал эми ордосу жок, шаары жок, же башкарган каны жок, кайран журт жатат камсыз... — Үшкүргөн Карабай дымып калды.

Атасы үшкүрүп, күйшөлө түшкөнүнөн улам Сарытай кантсе да өзүн айыптуу сезип, ат жалынан көзүн албай катты да калды. Көк ала сакал болуп карыган, каржалган, үшү кеткенсиген атасынын кейпи бир саамга жаш мырзанын зээнин кейитти. Чогуу жүрүп, такай ээрчий жүрүп, мурда атасын түшүнгөн эмес тура, азыр кадимкидей уялууда. Карабай бек жеке өз керт башынын, үй-бүлөсүнүн түйшүгүн тартып жүргөн адамдардан эмес тура. Атасы эл камын жеп, эл үчүн күйгөндүктөн ордодон кол үзбөй кара жанын карч уруп келатат. Барып бий жандап, анын кеп-кеңешин укса, кайра келип журт аралай, элдин паанайын байкап, кыргыздын азаптозогуна ортоктош болуп жатам деп ойлойт. Карабай канчалык борукер, сергек көрүнсө, ал табиятынан ошончолук таш боор. Керек жерде кылыч көтөрүп, баш алууга чейин барса, анысы да эл камы үчүн деп түшүнөт. Айкөлдүк, жоомарттык, куулук-шумдук жана бир караган көзгө урунган энөөлүк, ошондой эле залимдик, канкордук турпатында чогуу жашаган бул эткелинен келген кара сур кишинин пайгамбар жашынан аштым дегени анчейин тамашадай, экиленгендей көрүнүшү ыктымал. Болбосо, али да билегинен күчү кете элек жигитче чымыр; дилиндеги кайраты ташкындаган: максатчыл, тынч жатып, куунак өмүр сүрүүнү жактырбаган — сергек адам Карабай бек.

— Бир келген жоонун мизин кайтарганга корстон болушуп, баары бейкам, — деп кейип алды Карабай бек.

— Уюшпайт, чогулушпайт, баары эндей жатышат, кайран эл. Кетмен-Төбөгө киргизбей, Нарын боюндагы Эчки-Сайда Эрдаана менен Нарбото бийдин айласын куруткан Сатыке баатыр кайда азыр? Жатат ал да өзүнчө чээнге кирген аюудай болуп. Ажыдаардай түрүлө жоо болуп, өрт болуп каптап келген Аблай хан менен тең тайлаша кан төгүшкөн Сары Өзөн Чүйдөгү Жайыл баатырдын тукумдары менен Жамансарттын уулу Түлөберди баатыр жана Атаке баатырдын сүрүнөн, дүңүнөн ким чочулабайт. Бириге албай жатабыз. Ар уруунун мыкты-кашкалары өзүнчө кан, өзүнчө бий. Эртең эле төбөсүнө келтек ойноп, мойну кылычтын мизинде калары санааларына кирбейт. Кыргыздар эмитен Коконго баш ийбесе акыры келип кажылдаган көп кытайдын улуу эгеси Богдыхан басат. Ага караганда кокондуктар өз каныбыз, бир элбиз го... Куттуу конуштан ойротторду кууп чыкканда чогуу турганбыз. Өз тилибизди унутуп, дилибизди жоготуп, кытайча сүйлөй кытайга кор болгончо, Кокондун көк туусуна баш ийгенибиз оң эмеспи. Ушу кезде кыргыз журтчулугунда Атаке баатырга тең келчү адам жок. Баатырдыгына жараша ал өзү акылман адам. Атаке баатыр жеке сага эмес, бүтүндөй сан кыргызга бел болууга арзыйт, билсең...

Баянда кыргыз эли мындан туура эки жүз жыл мурда башынан өткөн окуя тууралуу сөз болууда. Тарыхтын барактарында азыраак изи калган жана эл ичинде айтыла калып жүрчү көптөгөн таржымал далайдан бери көөнүмдү алагды кылчу. Качандыр бир кезде аны кагазга түшүрүп коюу мойнумдагы парзым деп ойлочумун. Мына азыр биз он сегизинчи кылымда саякатта жүрөбүз. Эгер дастанда ошо кездеги доордун жүзү ачыгыраак сүрөттөлмөйүнчө окуя маңызсыз болуп калары белгилүү дечи. Рас, ар кандай эле доордун өзүнө жараша заңы, эрежеси болору бышык. Андыктан, ушул жерден ошо кездеги күчүнө толуп келаткан Кокон хандыгындагы саясий кырдаал тууралуу, анын ичинен өзгөчө кыргызга тийиштүү жактарына азыраак токтоло кетүүнү ылайык таптык.

Алгачкы ирет 1709-жылы Кокон хандыгын түзгөн миң уруусунун өкүлү Шорук-бий өлкөнү он үч жылча башкарган. Андан соң Абдыкерим бий, Абдрахман бий жана Эрдаана бийлер келген такка. Өзгөчө өтө көрөгөч, ары акылман, кайраттуу Эрдаана бий өлгөндөн кийин бийлик 1770-жылы Нарбото бийге өтөт да, ал дагы өлкөнү отуз жылга жакын башкарат. Эрдаана бий ме-

нен Нарбото бийдин тушунда бир кездеги кичинекей Кокон кадимкидей ордо шаарга айланып, казына алтын-күмүш менен зерге толуп, өлкөнүн чеги аркы Сыр-Дария, Ташкенге чейин жетти. Эрдаана-бийдин тушунда башталган Алай, Мургап, Бадакшан жана Кара тегинден тартып, бүтүндөй Ала-Тоонун койнундагы кыргыздарды Кокон ордосуна баш ийдирүү саясаты ишке ашпаган. Эндей жашаган, эркин жашаган көчмөндөр атам замандан эле бөтөн бирөөнүн бийлигине көз каранды болуп, мөгдүрөп туруп бергенге чыдашпады.

Кокон кандыгынын кыргыздарды толук багындырууга карата жасаган алгачкы чапкыны Эрдаана бийдин тушунда башталганын эскерттик. Кетмен-Төбөнү алмайынча Кан-Тоолук кыргыздарды өзүнө биротоло багындыруу мүмкүн эместигин сергек Эрдаана бий башынан эле эң жакшы билчү. Рас эле, кыргыздар мекендеген тоолордун арасындагы ой-түзөңдөрдүн шарты менен тааныштыгы бар адам үчүн Кетмен-Төбө жер ортосу. Сөздүн ачык маанисинде Кетмен-Төбө — Кан Тоонун эшик алдында жаткан өзүнчө эле дарбазасы эле да. Ошол ыңгайлуу дарбазаны ээлеп, анын ичине чеп куруп бекемделип алган соң Кан-Тоонун башка коюн-кончу кайда качмак.

Эрдаана бийдин кошуну Кетмен-Төбөнү көздөй жайдын капортосу ченде жүрүш жасады. Кошун башы кылып Кулубек-саларды дайындаган, Эрдаана бий. Кокондон чыккан шайдоот Кулубек-салардын кошуну Анжиянды кыйгап өтүп, Үч-Коргонго келгенде гана жакшылап өрүш жасады да, андан ары Кара-Сууга түшкөндө чаалыккан, жай чилдеде каржалган чапкынчылар кайрадан тыныгууга токтойт. Мээден өткөн аптап алсыратып, тамак жүрөккө барбай, жайыла баскан кол жуунуп, суусуну канган соң — бир саамга болсо да көлөкөлөр саябан издей, кээси тамаша-шоокко алаксый күлкү алда кайда угулууда. Алдыда коркунуч-өлүм жатканы эч кимисинин капарына кирбейт. Кошунда келаткан колдун ичинде кыргыз аттуу жок эле, чыккынчылык кылбасын деген ойдо Кокон менен ымала кылган кыргыздардын эч кимисин кошунга жолоткон эмес Эрдаана.

Кошундун жол чалгычы Касым мангыт четкерээк жакта кызыл асканын көлөкөсүндө отурат. Кабагы түнөргөн, эч ким менен сүйлөшпөй ойлуу, жүрөгүндө бир түпөйүл санаа турган эле. Ал буга чейин кербен баштап, соодагерчилик кыла далай жолу Кан-Тоонун ичин антарган, тинтип чыккан адам. Баш ийдиребиз деп ата-

йын жүрүш жасап бараткан жапайы кыргыздардын кулк-мүнөзүн, жашоо-тиричилик шартын эң жакшы билет. Бул кандуу чапкынга кошулууга ал аргасыз макул болду. Эрк өзүндө болгондо келет беле өлүмгө өз башын байлап. Эрдемсиген кошун Кокондон аттангандан тартып жүрүш жасоонун эрежеси ага жакпайт. Кошун чапкынга чыккандан бери тартип сактоо деген болгон жок. Чачырай жайылып күндүз жол жүрүшөт да, кечинде токтогон эле жерлерине алоолонто от жагышып, шатыра-шатман ого бетер күчөйт. Кошундун деми, шаңы алда кайдан эле көрүнүп, алар каякка жана кимди беттеп бараткаhы жылга-жыбыттардагы тоолуктарга айтылбаса деле алда качан дайын болгон. Бул жапайы өлкөдөгү узун кулактардай кабарчы башка элдерде жоктур. Кичинекей эле кабар улам биринен экинчисине өтүп отуруп, заматтын ортосунда ал чагылгандай тездик менен бүтүндөй журтка тарайт. Кошун башы Кулубек-салар өзүнчө дөөгүрсүйт, эч кимдин кеп-кеңешин көңүлгө алар түрү жок. Анын өтө эле бейкам жоругун жактырбаган Касым нечен жолу жанына барып: бу кыргыз деген журтчулук тегин жоо эмес экендигин айта келип тартип сактоонун, сыр сактоонун жол-жобосун сурангаанда Кулубек-салар кайра анын өзүн ашата сөгүп тыштады. Ошо бойдон Касым жол чалгыч аскер башыга батына албай калган. Кыргыздардын баарын жапайы айбан катары көрүп, деген менен аларды өзү үчүн жоо катары эсептебегенине анын ого бетер ичи күйдү. Рас, Кулубек-салар нечен-нечен жолу не бир мыктымын деген жоолор менен беттешкен дечи. Жеке керт башы далай коркунучка тайманбай кирип, өлүмгө тике караган эр адам. Кантсе да ал кол башчы түзөң жерлерде согушуп келген эле. Беттешүүлөрдө согуш эрежесин сактай жекеме-жекеге чыгып же душманын буктурмага алып; тороп, толгоп жол-жобону сактай кооз согушканды жакшы көрөт. Көчмөндөрдүн жер шарты башка, элинин да кыял-жоругу бөлөк экенин бул сапар эске албады ал. Турган жеринде барып эле камынтпай басып алуунун, мууздап салуунун жолун ойлоп, кан ичкиси кармай эңсеп келатат. Жылуу кандын жыты каңылжарын өрдөй жүзү кумсара делебеси кызыйт Кулубек-салардын. Кол учундагы жеңишин эстеген сайын каны башына атыла, алыска көз чаптырган болот да, шараптан шыңгыта жутуп, анан барып магдырай түшөт. Шарапка кызыган ал Касым мангытты өзүнө чакырып алып оолжуй кепке алды, бу жолу:

— Ойэ, Касим, качан жетебиз жапандардын чегине!

— Хазрети бек, биз үч күндөн бери жапандардын жерин аралап келатабыз го.

Ал сурданды:

— Кетмен-Төбөгө чейин канча бар? Мага ошону айтың.

— Жакындап калдык, хазретим. Мына ушу биз турган жерди Кара-Суу деп коёду. Билгенге касиети артык жер. Капкара ташка мол. Кара таштарын откө жаксаң кадимкидей күйөт. Табы өтө ысык болоды. Бул кара таштын ысыктыгына темир кадимки эле коргошундай эрийт.

Кулубек-салар ызырына колун кесеп токтотуп таштады Касым жол көрсөткүчтү. Мындай жортуулга тиешеси жок кептин мага кереги жок деген түрүн билгизди. Касым маңгыт түшүнө коюп, бектин алгачкы суроосуна жанталашып жооп берүүдө.

— Хазретим, азыр биз тетигил Тегене деген жайлоону тепчип өтүп, андан ары Күрп-Сайга түшөбүз. Күрп-Сайдан өтө бергенде Кетмен-Төбөнүн эң кууш капчыгайы, Эчки-Сай башталат. Менин коркконум жапандар биздин колдун келатканын билип калышпаса болду. Анда эле шорубуз кайнайт. Көчмөндөрдүн ичинде Жайчы деген сыйкырчылары бар.

— Жайчы-сыйкырчы не кылат бизге? — деп, кызыга түштү Кулубек-салар.

— Жайчы сыйкырчынын өнөрү күч. Ал көкө теңир менен сүйлөшө алат, ак жайдын күнү каалаган жерине кар жаадырат. Бир эле жайчы бүтүндөй кошунду кырып таштоого күчү жетет — деп алып, чеки сүйлөп койгонун билген ал кайра оозун баса калды. Ачуусу келген Кулубек:

— Кантип? — деп титирендеди.

— Айттым го хазретим, каалаган кезде, каалаган жерине мейли жай чилдеси болобу, ал мөндүр же кар жаадырып күндүн көзүн ачпай коёт. Жайчынын каарына калгандар саратандуу ысыкта ат-маттары менен кайыгып өлгөнүн далай жолу өз көзүм менен көргөм. Биздин жүрүшүбүз кетмен-төбөлүк Сатыке баатырга жетпегей эле. Ал билсе эле Кадыр жайчыны бизге каршы коё берет. Кадыр жайчы капчыгай ичинде кар жаадырып, кыян жүргүзүп жатып алса канттик? Тетиги каткыра күлүп жайылган колду тартипке чакырбасак болбойт. Деги мындан ары сактаналык, хазретим. Кыргыз айтат: сактыкка кордук жок.

Кабагы жыйрылган Кулубек-салар жол баштоочунун айтканына ишенип-ишенбей, не болсо да дедиби, кошунду жыйып тартипке чакырган болду. Бирок Кокондон жоо келатканын алда качан эле уккан Сатыке баатыр өзүнчө кол курап, душманын Эчки-Сайдын башында күтүп жаткан. Сатыкенин жол күзөтчүлөрү бейкам келаткан жоонун санынан бери билип, алар кайсы жерде кантип эс алып жатканына дейре баатырга жеткирип турушканын Кулубек-салар кайдан сезсин.

Тизилген, чубалган кол түшкө жакын эбин бузбай Эчки-Сайга киришип, андан ары Нарынды бойлой өр тартышты. Капчыгайдын ичи аябагандай салкын болгондуктан чөл кезип, далайдан бери жол азабын тартышкан кошун муздак, таза абадан дем ала жыргай түшкөн эле. Кырка тизилген кошундун кылда башында жоош монгол жылкысын минген Касым-маңгыт. Капчыгай ичи кууш, жол тар. Оң жагында көгүш тарта түнөрө аккан Нарын дарыя. Чокусу булут челген аскалардын үстүндө көк асман бүлбүлдөгөнсүйт. Мурда мындай каргыш тийген жолду басып көрбөгөн кошундун үрөйү уча өз ара сүйлөшкөн жан жок. Кетмен-Төбөнүн түзөңүнө чыксам жапандардын сазайын берем го деген Кулубек-салар үрөйү учкандай өзүнчө мелтирейт. Кошун капчыгайды ортолоп калганда заматта асман көрүнбөй, жыш булут каптады да, жамгыр төгө баштаган. Учугуна чейин суу өткөн жоокерлер калтырап үшүй баштаганда эми үстү-үстүнө мөндүр сабап кирди.

— А, кудоо, Кадыр жайчы билген экен кабарыбызды, — деп жаны көзүнө көрүнгөн Касым Кулубек-саларга карап кыйкырып алды. — Хазретим, кошун бөлүнбөй, буйдалбай тез жүрсүн. Азыр кар жаайт, буюгуп калышат.

Атын эпендете желдирген Касым көпчүлүктөн азыраак бөлүнө, окчундай түшкөндө «күү» эткен катуу добуш чыгып, үйдөй, койдой таштар заматта кошун алдындагы Кулубек-салардын өзүн баш кыла шыпырып кетти. Чуркурай үрөйү учкан аскер сөрөйлөр артты көздөй жыйрылып, түртүшө баштаганда топон суу жүргөндөй үйөрлөнгөн кыяндан улам кошундун эң арт жагынан койдой таштар үстөккө-босток кулады. Бирде алдыга жүткүнүп, кайрадан артка сүрдүгө кошундун тымтыракайы чыкты да, чай кайнамга жетпеген убакыттын ичинде Нарын дарыясы ат-маты менен аккан адамдарга жык толуп, эмелеки эрдемсиген көп кол жер жуткандай кыйрады да калды. Жол көрсөтүүчү Касым-

маңгыт бая алдыга чаап чыккан бойдон көк асканын түбүнө корголой ордунан козголгон эмес. Көз ирмемчелик мезгил ортосунда болуп өткөн кырсык бечаранын үрөйүн учурду. Калч-калч эткен ал бирин-серин тоңкойгон өлүктөрдү аралата артты карай чаап келатканда эмелеки тээ жогору аска башынан чыккан кыйкырыкчуу да дароо басылып, чайыттай көпкөк асман көрүндү. Жанатан бери аска башынан таш кулатып жатышкан жигиттер эликтей так секирише төмөн түшүп келатышкан болчу. Эки далысын күйшөй жанталаша чаап бараткан Касым маңгытка жаа кармай берген жигитти: «Тим кой, Коконго жетсе мына бул кыргын жөнүндө айтып барат. Анан экинчи жолу Эрдаана бийдин кошун топтогонун көрөбүз» — деп, локуйган Сатыке баатыр камырабайт. Кызыгың түшкүрдүкү, эгер качып бараткан Касым маңгыт Сатыке баатырдын жигиттеринин ичинен бири да суу болбогонун көрсө аябай эле таңгалмактыр.

Ошо боюнча Кан-Тоолук кыргыздарга катылганын коюшкан кокондуктардын экинчи жортуулун, Нарбото бий такка келгенден кийин 1773-жылы топтоп: — жайында этке тоюп, кымызга карк болгон жапандар алдуу келет. Анан калса кыргыздардын жайчысы да балекет экен—дешип чапкынды кышында жөнөтмөк болушкан.— Кан сарайындагылардын ою боюнча кыш кыргыз үчүн мүшкүлдүү мезгил, кышында жоого айбат көрсөтмөк тургай боз үйдө жашаган көчмөндөр үшүп-кайыгып өз жанынын айласын таппай калат. «Айнек таштан чыгат, айнекти талкалаган да таш» — дешип бул сапар бүткүл Наманган менен Шахрихан аймагынын акими, калайыкка таанымал баатыр, Нарбото бийдин карачечекей иниси Кан Кожону кошунга башчы кылып дайындашкан эле. Анда да кокондуктар караманча талкаланып кыш жеке эле кыргыздар үчүн гана кыйын мезгил эмес, эрдемсигендер үчүн да тозоктун айы болуп чыккан. Ак кар — көк муздун үстүндө мүдүрүлө араң бастырып келатышканда дагы эле ошол Эчки-Сайдын үстүнөн кыйкырык чуу чыгып, таш кулай көчкү жүрдү. Араң келаткан кошун айла издөөгө үлгүргөн жок. Көчкү өткөн жерден кошундун изи да билинбей, тим эле өрт жалап кеткендей мисирейип калыптыр. Мында да кыргыз колунун башында пайгамбар жашына жете элек Сатыке баатыр турган. Ошол чапкында кошундун кашкасы Кан Кожо өзү колго түштү. Көчкүгө серпилбей көк аскага жабышып турган жеринен колго түшкөн Кан Кожого

Сатыке баатыр мээримдүү мамиле кылган дейт. Анан калса, ал кездеги жигит Кан Кожо кичинесинен кыргыздардын арасында көкүлдөш болуп өскөнү эске алынды да, Сатыке баатыр Чаткалда өскөн көкүлдөштү зынданга салып ызалагысы келген жок. Мындан кийин туугандарыма кол салбайм дедиртип убадасын алган соң, кадимкидей сый көрсөтүп он чакты жигит аны Үч-Коргонго чейин узатып келишкен. Баса, ушул эле Кан Кожо бий Нарбото өлгөн соң такка анын уулу Алимкан келгенде андан тарткан запкынын айынан үч эркек балдары менен башын калкалай Чаткалды жамынган. Кан Кожонун тун уулу Шералы ошондо он алты жашта эле. Жапайы кыргыздарга ичинен кекенип, каны кайнаса да, Нарбото бий ошо бойдон аларга катылганын бир мерчемдүү мезгилге чейин токтоткон болучу. Азырынча кыргызды күчкө салып багынтуу натура экенин түшүнгөн эле Нарбото. Ошо бир аз бейкут мезгил аралыгында Кан-Тоолук кыргыздар кадимкидей ирденип дегендей сан кыргыз атала баштаганын эң мурда эскерттик.

Кокон Кокон болуп көтөрүлгөн сайын ажайып кооз Паргана өрөөнүндөгү бул жаңы өлкөнүн кадыр баркы жыл санай анын чегинен ары ашып кетти да, калган Хива менен Бухарага окшогон мурда чыккан кан ордосу өзүнчө эле басырына, алсырап, жүдөй баштаган кезде да Нарбото бий эмнегедир кан атагын алууга шашпай, ал мурдагысынча эле бирде бийдин атынан жардык чыгара, кээде өзүн «эмир» атап коюп, жылуу төшөктө тынч уктабай салып-уруп жүрө берди. Кан-Тоолук кыргыздардай эле: Алай, Мургап жана Памир тоолорун мекендеген кыргыздар да Нарбото-бийге анча баш ийип беришкен жок. Эгер, бул кара баскан жапан эл анчалык каршылык көрсөтүшпөгөндө анын амири тиги Кашкарга чейин жетерин ойлогондо бийдин ичи күйүп, кыжырлана, ызырына араң чыдоочу. Анан кантмек эле, дагы да болсо оңтойлуу учурду күтүп жатты ал көкжал.

* * *

— Байкап, өзүң күбө болуп кой, — деп уулуна кеңешкендей үн катты Карабай-бек. — Илгертеден эле ордого аралашып, ордо менен ымаласын эч бузбай келаткан Анжиян менен Аксынын кыргыздары. Калган боордошторубуз ар качан жапайылыгын, терсаяктыгын коё беришпей, анан ошонун кесепети өз баштарына тийип жатканы менен да караманча иштери болбойт. Жамы кыргыз акыры келип Коконго баш ийери күмөн иш бе-

кен? Түшүнгөнгө ал кашкайган чындык. Бүгүн болбосо эртеңби, айтор, акыры келип эле ордо бир айласын табат алардын. Кан-Тоонун көп жеринде чеп курулат, чеп Сары Өзөн Чүйдө да орнойт. Ордонун каары күчтүү, ага жеке Атаке баатырдын керт башы да турууштук бере койбос. Ушуларды сен капарыңа алдың беле?

Кокусунан коюлган суроого чынын айтты Сарытай:

— Ойлобоптурмун, бек.

— Мындан ары биле жүр. Ал кезди мен көрбөсмүн. А бирок ошол коогалаңдуу доорго сен туш келесиң. Анда сенин арааның жүрөт. Эгер акылың жетип, айласын тапсаң, ошондо сан кыргызды бөлүп алганга жараарсың, — деп Карабай дымый түштү.

Экөө унчукпай бастырууда. Чыдамы кеткен Сарытай сурап жиберди:

— Кимден, бек?

— Кимден болмок эле кыргыз журтун Кокондон бөлүп чыгып, ордо кур. Каны жок ордо болбойт, өзүңдү кан көтөр. Кадырың өтсө кыргыз атанын тукумдары сени колдоп алууга жарайт деп ойлойм.

Бул максатты күру кыял катары сезбеген Сарытай:

— Бек! — деди, тайсалдай.

— И, ие, — айта бер!

— Мени коюп Нарбото бий өзү даабай жатат го ыйык ишке.

— Баятан бери бекеринен жобурап келатамбы сага. — Наары болгон Карабай акырын түшүндүрдү. — Нарбото бий даабай жатат дегенимди сен ушундайча түшүндүңбү? Сөздүн маңызын туура баамдап жүр. Бий учурдун, кырдаалдын келишин күтүп жүргөнүн эскерткем жана эле. Нарбото бий даабайбы, ал коркок пенделерден бекен? Дагы айтам: акыры анын уулдарынын бири өзүн кан көтөрөт. Ошондо ордого кадыры өткөн сен дагы кынтыксыз бек аталып чыга келесиң. Ал эми бабаларынан бери бек аталган адам кандык кылууга арзыйт. Жаның жокпу, анан кан тагына отуруш кашкабактын ортосундагы иш да...

Орто Азия элдеринин саясий турмушунда илгертеден бери эле Чынгызкандын тукумдарынан бөлөк эч ким кан укугуна ээ болушпай, ал эреже салт катары калайыктын каны-жанына аябай сиңгендиктен учурунда Аксак Темирдин өзү да зор өлкөнү чеңгелине мыкчып турганы менен, өзүн кан деп атай албастан, кандын «күйөө баласынын» атынан бийлик жүргүзгөн. Кийинчерээк Темирландын тукумдары Султан атала падышалык кылуу

укугуна толук ээ болгон соң, кандык алардын ата мурасы катары эсептеле баштайт да, качан Султан Бабырды Шайбани кан Ооганды көздөй сүргөнгө чейин бийлик бүт бойдон алардын энчисинен чыкпаган. Султан Бабыр ата мурасы Ооганды ээлеп, андан Хиндустанга падышалык кыла баштагандан бери үч жүзчө жылдын жүзү болду. Анын аралыгында далай заман, нечен бийлик алмашты да, эмики кезек миң уруусунан чыккан Нарбото бийдин үлүшүнө тийип отурат. Бирок тукумдарынан бери бий болуп келатканына карабастан тегинде Султан тукумунун каны жок экендигин жакшы билген Нарбото адегенде доордун салтына ылайык келчү укук издей көп чарпылып жүрүп, акыры минтип «Алтын бешиктин» тарыхы табылгандан бери анын көңүлү жайында. Азыр билгендерге Нарбото-бийдин түпкү бабалары Султан Бабырдан тарайт. Минтип бийликтин туу чокусунда турган аны менен, мыктымын дегендер талашып муну төгүнгө чыгарып көрсүнчү.

Ушуларды уулуна түшүндүрүп келип:

— Кокондун куту азыр — Нарбото, — деп Карабай кубангандай күлүп алды. — Кокон чоң өлкө. Ал азыр теңдешсиз күчтүү өлкө. Бийдин кендирин кескен эле өзүбүздүн Кан-Тоонун көк жал сөрөйлөрү. Алар бийликке моюн сунуп бергенде Нарбото алда качан эле, отурган ак кийизинин бир учун сан кыргыздын эң мыкты чыгаанына кармата берип өзүн кан көтөрүп таштамак. Ошондо элибиз ордого андан бетер энчилеш болмок. Кыргызсыз Кокондун күнү жок. Коконсуз эндей кыргыз өзү да жашай албайт. Аны билбей эле ар бири кыйынсына беришсе, кайран элибиз акыры келип Богдыханга жем болот...

— Ошону түшүнгөн кыргыз кашкалары кайда? — деп Сарытай атасынча кейиди.

Карабай баш чайкады:

— Кыргыздын ичинде деле түшүнгөндөр, акылмандар көп. Алардын эң мыктыларынын бири Атаке баатыр. Богдыхан Кан-Тоого тузак тартып салганын Атаке билет. Аны түшүнбөсө эл башы болобу.

— Андай экен Коконго баш ийип бербейби, кан ордосу аларды канатына калкалайт эле го.

— Антишпейт биздин эл.

— Неге?

— Кокондун канатына сыйбайт кыргыздар.

— Анда ойлогондору не?

— Кеп ошондо...

— Кызык, — деди Сарытай.

Карабай сурады:

— Атаке баатырдын элчилери ак падышанын ордосун карай кетишти дейт, эшиттиң беле?

— Жок.

— Атаке баатыр аны ич ара жашыруун иштесе да, билинип калды.

— Угуп атам, бек.

— Орус чоң өлкө.

— Орус кайда, биз кайда, бек!

— Туура айтасың. Орустун ордосу жердин түбү дешет. Ага аргымак аттын туягы айдап-жылдап араң жетет. Ошого карабастан Атаке баатырдын жигиттери: аргымагы баш болгон жүздөгөн кундуз-суусарлары менен кошо баалуу белек алып орустун ордосуна чейин жетишип, падыша эненин колун өбүшмөкчү экен.

— Капырай, — деп Сарытай дагы таңгалды. — Деги аякка кеткендеги максаты кандай?

— Орус бийлигин кабылдагыбыз келет дешип, падыша энеге кат жаздырган тура Атаке баатыр.

Сарытай чоочуп кетти:

— Капыргабы?

— Ооба, капырга!

— Акылсыз жорук экен.

— Аша чаппа, Атаке акылдуу адам. Ал жөнүндө башында эскертпедим беле.

— Жеткен акылы ошобу...

— Атаке-баатыр ал ишке айласыздан барып отурсачы...

— Айласызданбы?

— Ооба, айласыздан.

— Баатырдын айласын кетирген кимдер?

— Ап бали, сөздүн чордонуна эми келдик.

— Кулак сизде, бек.

— Атакени мажбурлаган, туш-тушунан кыскан душмандар көп. Карабашыл жалгыз адамда душман бар. Атаке-баатырда душман аз дейсиңби. Атаке ушу тапта эл кишиси. А түшүнсөң Атакенин душманы, жамы кыргыздын душманы. Көк кашка суулары шар агып, тулаңы буралган Кан-Тоонун коюн-колтугу менен, жаз ченде кууpаган таякты сайып койсоң күзүндө көгөрүп өнүп чыккан Сары Өзөн Чүйдөн тартып касиеттүү кыргыз жери — берекенин кени. Түмөндөгөн төрт түлүк малга бай, куту ташыган мекенге кимдер көз артпасын. Сулуу кыз менен ташыган байлыкка ээ болсом деп самагандар

четтен чыгат. Айткандай, кыргыздын оң жагынан манжур-кытай падышасы Богдыхан турат аңдып. Кечээ күнү Атакенин бет алдындагы камыштуу сары талааны жиреп чыгып Аблай хан чапты. Кетмен-Төбөнү ээлеп, кокондуктар муунтсак дейт кыргызды. Атаке баатыр макоо бекен! Ушунун баарын көрүп, билип отурбайбы...

— Анда өзү эле ордону таанып койбойбу?

— Баягы эски суроону дагы бердиң. Ата-баланын тилеги бир. Андыктан ашыкпа, сөз ук. Акылы жетилди, көзү каныкты деп айтып жатам. Журт арасындагы таймашуулардын түрлөрү арбын. Ачык чыкканы, тымызын бышканы бар. Аларды таанып, ажырата албасаң эл билмек кайда. Бөрүчө улуп, бөрүнүн баатырлыгын үйрөн, анан түлкүчө сак жүр. Анан да эч качан унутпа: туюу жана акыл менен ченөө — айры буттун милдети. Кандай маселе чыкпасын акылыңа салып, миң толгон. Озуңуп суроо салган, оронгдоп урушкан бек журт эгеси боло албайт. Канчалык ичиң бышып, ачууң келип турса да ырайың аны сездирбесин. Маңдайың жарыла кубанганыңды ичиңе оп тартып кой. Туура сүйлөгөн адамды ачык кубаттаба, жаңылыш айтканды жекирбе. Бөөдө жерден мактай жайкап көңүл уласаң ага да көнөт журтчулук. Жөнүн айтканда, азыркы тукумдар илгерки эл билген көйкашкалардын айла-амалы менен баатырдыгына тең келбейбиз. Алар көбүнчө бөтөн көсөмдүн оозунан чыккан акылды өз атынан айта билишчү. Жаны ооруса онтобой, бычак жесе мисирейип кирпик ирмебей коюшканычы. Оордук кылбаса, атаңдын жаман акылын көңүлүңө түйүп кой. — Карабай уулун сынагандай.

Ал өзүнчө кебелбегенсийт:

— Керектүү таштын оордугу жок да, бек!

Карабай кайрадан кобурай берди:

— Кептин наркы, Атаке баатыр ушу тапта өзүн Нарбото-бийден кем көрбөйт. Койдон койдун эмнеси артык, кол башындай эти артык. Нарбото Коконду бийлесе, Атаке өз кадырым Кан-Тоодон ашты деп түшүнөт. Эми эле эскерттим го, баатырлыгына жараша — Атаке амалкөй. Анын амалкөйлүгү менен гана Сары Өзөндөгү бир ууч сары багыштар азыр сан кыргызды жонунан биле баштады го. Баса, кечээ Аблай хан Чүй менен Таласты чапканга чейин Атаке мынчалык дөөлөткө жетпеген. Ошол чапкында калың солто менен саяктын нечен эр азаматтарынын башы кетти. «Жайыл кыргыны» деген алаамат бүгүн да элдин эси-көөнүнөн кете элек.

— Кабарым бар, — деди Сарытай.

— Ырас, кабардарсың, бирок Аблай кандын насилин биле жүргөнүң он, — деп кебин улады. — Ошентип, Чынгызхандын накта тукумунанмын деп өзүн Султан атаган Аблай кечээ эле кыргызды анчалык жоо катары көрбөй, Кең Чүйдү беттеп кол баштайт. Сары Өзөндө ага Тагай бийден тараган Солто элинин Жайыл-баатыры менен Эр Момокон жана Ала-Көз-Кабанын шери Эр Садырлар каршы туруп, Көл башындагы көк жайсаң Каркырада жүргөн Атаке-баатырга кабар кеч жеткен. Ал кол курап жетип келгенче Аблай хандын чапкынчылары Солто элин сапырып жиберген тура. Атайын чыгынып келген жоо Сары-Өзөндү өртчө каптай, казак-кыргыздын эки жагынан тең кан суудай аккан дешчү. Жайыл-баатырдын анда жетимишке тайап калган кези. Жоон санынан бери талкаланган бутун чытырата таңып салган ал улам ат которо минип, үч күн бою салгылашса да, кайран эр төрт уулу менен кошо туткунга алыныптыр. Кансыраган Эр Садыр менен эр Момокон да жоо колуна тутулган. Ошондо колго түшкөн кыргыз кашкаларынын ичиндеги Жайыл баатырдын кенже уулу Итикеден башкасын бүт бойдон күм-жам кылып таштаган канкор Аблай кул.

Сарытай чоочуду:

— Бек, неликтен Аблай канды кул дейсиң? Теги Султан эмеспи...

— Аны бир кудай билет...

— Кандайча, бек?

— Олда уулум-ай, — деп, эми чындап кейиди Карабай. — Жанатан бери Нарбото бий кандай жол менен Султан Бабырдын тукуму болуп чыкканын бекер жобурадымбы сага. Аблайдын назили кул экендиги азыр деле айтыла калат. Ал тургай, ушу күндө токсондон ашып, көзү тирүү турган Букар ырчынын алдакачанкы айтканы элдин эсинен чыкты дейсиңби. Калкаман уулу Букар акылман өзү — Аргын казагы. Аблай өлөр өлгүчө Букар ырчы анын кашында жүрүп, ал тургай кандын кеңешчиси, увазири болгон. Аблайдын жети атасынан бери билген акылмандын айтканын билип ал анда:

Аблай сен он бир жасыңда
Турумтайдай уул едиң.
Он бес жаска келгенде
Аркалык Абдулмамбет төрөнүн
Төөсүн баккан кул едиң...
Аблай атың жок еди

Сопол атпен жүр едиң,
Аны да көргөн жерим бар...

Букар айткандай жыйырма жашка келгенче Аблай көп каракчынын бириндей эле уурулук менен жан сактаган. Ал гана эмес, эки курдай кыргыздар аны туткунга да алышкан. Биринде эр Солтоной каракчынын канын кечип койсо, экинчи жолу Талкандын уулу Кошой баатыр аяп коёт аны. Анан акырындай аты чыга келди Аблайдын. Дегинкиси, өзүнүн көк жалдыгы, көйкашкалыгы менен ал жаамы казактын башын бириктирип, кан атагына ээ болду. Аблайдын эрдигин, акылмандыгын мен танып жаткан жокмун. Аблайдай эрлер бир гана келет. Бирок, кантсе да кан аты менен ошондо алдына келген туткун эрлерибиздин башын алдыртканына таңмын. Кандын жолун туткан жок анда Аблай. Ошол кыргында мыктыларыбыздын башы кетпесе Атаке баатыр бүгүн сан кыргызды биле алат беле? Ай, ким билет. Жанагы мен айткан «Жайыл кыргынында» өзү курчоодо калып, колго түшөрүндө Аблай кыргызды алдап кеткен.

Атасы тымый түштү эле:

— Кантип? — деди, ынтызар Сарытай.

— Сарыбагыш уруусунун Эсенгул менен Атаке баатыры кол курап келип калганда жоого түшкөн саяк менен солтонун жоокерлери алсырай баштаган учур экен. Атакенин колун көргөндө жоо сестей түшөт. Ал аңгыча Эр Солтоной менен Бердике берендин тукумдары сол жагынан жапырып, Аблайдын көп колу сазга камалып курчоодо калган дешет. Антип-минткенче амалкөй кан ак туу көтөртүп кыргынды токтотуу жөнүндө элчи жиберет да, Жайыл баатыр макулдугун берип коёт.

Сарытайдын ачуусу келе түштү:

— Амалкөй деген Атаке баатыр унчукпаптырбы анда?

Ушу жерден жүйөөлүү ой эсине келген Карабай күлө сүйлөдү:

— Ап-бали, сөз ошо жөнүндө болсун. Мурдараак айтам деп эстен чыгарып таштаптырмын. Атаке баатырдын байбичеси эмелеки мен айткан Бердике берендин неберeси эле. Андан төрт уулу бар. Азыркы токолу Жайыл баатырдын тун кызы — Бегимжан. Бегимжан Атаке баатырга эки уул, эки кыз төрөп берди. Сен алчу колуктуңду да Бегимжан тууган. Кантмек эле анан, кайын атасынын аңкоо жообуна Атаке баатыр каршылык кыла

албайт да. Ошентип капкандан бошонгон бөрүчө Аблай казактын сары талаасын көздөй бет алган болот...

— Жоо аяган жаралуу, бекер кылыптыр.

— Ак сөз, жоо аяган жаралуу, — деп Карабай уулун тукура сүйлөдү. — Көксөөсү суубаган канкор Аблай чөлгө сиңип кеткен болуп күч жыйнай, бир топ күн тыныгат да, кайра келип капарсыз жаткан Солто элин чабат. Ошо боюнча казактар жана мен айткан баатырлары менен кошо жүздөгөн үй-бүлөнү байлап-матап ала кеткен. Теги калмак Аблайды ушундан кийин ким десек? Султан аталган башы менен кылган ишин көр. Төрт жылдын жүзү болду, а да кетти тиги дүйнөгө. Эмдигиче баатырларыбыздын арбактары менен бет келишкендир. Өлгөндүн артынан жаман айтуу салтта жок. Мен билип койсун деп, сага окуянын маңызын гана баян эттим...

— Анык канкор турбайбы Аблай, — деди ичи күйгөнсүгөн мырза.

Карабай уулун акырын зекигенсиди:

— Канкордук кан менен баатырга жараша берет. Кеп Аблайдын боордош эки журтчулуктун заңын бузгандыгында. Асты калмакка ишенбе, уулум. Алар канчалык эл болуп беребиз дешсе да, дилин бербейт кыргызга. Оңуту келген жерден жамандыгын бүкмөлөп жасай беришет. Ошол окуядан кийин Атаке-баатырдын жигиттери ары-бери өткөн орус кербендерин ээрчий: Кашкарга, Ооганга чейин барып жүрөт дешкен. Көрсө Баатыр бекеринен орусту аңдыбаптыр да. Орус — адилет, боорукер, айткан сөзүнө туруктуу болот деп көңүлү уюп, куштары түшүп калган го. Атакеге Богдыхан караманча жакпайт. Коконго да баш ийгиси келбейт. Нарбото бийден да көңүлү калган анын. Аблайдын көзү өтсө да акыры анын тукумдарынын бирөө келип кол салат деп көп ишене бербейт. Өзүн кан көтөрүп, ордо курууга кубаты жетпесин да билет. Анын үстүнө ата-тегинде бий аталган эч жан болбогон. Анан калса Нарбото өзүн кан көтөрүүгө даабай жатканда, Атакени кан деп ким тааныйт. Оруска таянып сан кыргызды биротоло бийлесем деген ниети ичинде. Оруска кол берген кыргызга Богдыхан менен кокондуктан катыла алабы? Мынакей, Баатырдын оюндагысын мен апачык эле көрүп турам. Билгенге орус кайда биз кайда? Орус келип кыргызга болушканча — текенин куулугу түшөт менен ээрчип жүрө берип ачкадан өлгөн түлкүчө Атаке баатыр да картайып алдан таяр. Эртеңки куйруктан — бүгүнкү өпкө. Мындан ары сенин заманың келатат, уулум. Чыгынып бел байла,

үмүт кылбаса, максат тутпаса, жигит мүдөөсүнө жетпейт. Жок жерден Нарбото бийлик жүргүзүп жатканда, сенин андан эмнең кем! Кыргыз намыскөй журт. Амалайласын таап кан болуп калсаң өз кулунусуң да, кыргыз атанын тукумдары кылычыңды чаап, найзага төштөрүн тосконго жарайт. Касиеттүү Манастын арбагы колдосун сени. Ата-бабасынан жоокер эл — кыргыз атанын арбагына сыйынышып, ушу кезге чейин жоголуп-житип кетпей далай окуянын ичинен чыгышты го. Ыйык максатка жетүүнүн бирден бир жолу азыр Атаке баатырды колго алуу. Кудай буйруп, баатыр менен куда-сөөк болсок иш оңунан чыкты дей бер. Тагдырга бүткөн Сырга кыз, а мүмкүн сенин бактыңа бүткөндүр...

— Акылыңызды туйдум, бек...

Карабай сүйлөй берди:

— Арбактан корксо, тууганчылыкты эске алса, Атаке баатыр кызын өзүңө кошуп аттандырып жиберер. Ата-бабаңды ал жакшы билет. Калмактан запкы көргөн эр Тынай Анжиянга туутан издеп келгенде аны кастарлагандардын бири биздин уруулар. Жедигер туугандарына кошулуп аштык айдаганына жер бердик. Алдына мал айдаттык. Жайлообуз, жатагыбыз да чогуу болду. Аштык себем дегенде арыгын казыштык. Жоолашам, калмакты сүрөм дегенде кылычын чабышып, ата конушуна ээ кылдык. Атакенин да бала чагы өткөн биздин элде. Анжияндагы ата журтунун изи азыр да сууй элек. Атасы салган Тынай арыктан ушу кезде да суу агат. Ата салтында тууганчылыгын, кылган жакшылыгын док кылуу жарабаган жорук. Мен муну сен билсин деп анчейин эскертип жатам...

Ата менен баланын дили бирикти, катар баскан кош аттын добушу билинбей көтөрүлгөн, мемиреген саргыч ай булутсуз, булайган асманга чөгөрүп таштагандай түн бейкут, түн жылуу. Асыл максат, алыскы максат жигиттин делебесин жибитип, атасы айткандай; кара ташча муздак, каны жок, катырылган сүлдөдөй мерез, тоң көрүнүүгө аракет кылса да, көңүлү алып уча, атасы менен дагы да эркин сүйлөшкүсү келе, өзүнчө эле эркеп турду. Дайыма ээрчише чогуу жүрүшсө да, ээн-эркин сүйлөшпөй, өзүн оолак туткансыган атасынан кечирим сурагысы келип, жаңагы тайкылыгына, чийкилигине азыр чындап жини келүүдө. Кыраакылыктын жоктугу, бышпагандык, жетилбегендик жыйырмадан алда качан ашкан жигитке, бек тукумуна сыйар жорукпу. Сулуу кыз тандай: куш жаздык, олпок төшөктү эңсөө — эл тагды-

рын чеччү, эл кадырына жетчү мырзанын кылар ишиби? Бир саамга өзүн жек көрүп кетти Сарытай-мырза. Кыргызды бириктирип, чачылган, өксүгөн, далай азап көргөн байкуш журтту, баатыр журтту, баёо элди багып алчу, ага эге болчу адамдын кейпи мендей болобу? Бирде эргип, бирде каны ичине тартып: күйүп-быша бир эле заматта көкүрөгү тоону тирап, төбөсү көккө тийип жетиле түшкөнүнө, көзү ачыла акылмандын кейпин кийгенине таңгалып да коёт. Алды жактан түтүн жыттанып; иттер үрө айылга жакындап калышкан эле. Көк жондун ай тийбес тескейинен жылкы кишенеп, үйүрүн коруган айгыр туш келди чуркай буту менен жер чапчып, ана жылкычылардын өз ара үн салышканы алда кайдан угула демейдеги турмуш, көчмөн элдин кадимки тиричилиги — кыялы асманда жүргөн мырзаны көктөн көтөрүп алып бутунан жерге коюп койгондой болду. Өксүй түштү, пастай түштү жигит Ушу тапта атасынын үнү чыкты. Ал дагы уулу жөнүндө, элжөнүндө ойлоп келаткан эле.

— Тилегиңе жетсең, сан кыргыз өзүңдү өгөйлөбөй, дөөлөтүң артса — катын курусун. Сулуулардын не мыктысы, акактай таза, айнектей түнүгү бектин эркенин кайда качат? Ошондо да эсиңе түйүп ал: сулуу катындан туулган уул менен кыздын көпчүлүгү шайкелең болушат. Өзгөчө андай катындан туулган эркек бала көйрөн келип, мокок чыгат. Андай эркек эр жеткенде катынпозураак болуп, оюн-шоокту жакшы көрөт, кылыч кармагандан качып, кыз жандагысы келет. Шайкелең эркек жортуулда жолтоолук гана кылар. Анан калса аруу катынга суктангандар четтен жолугар. Көз артса, мактай берсе акыры анын дили бузулат да... Көп мактаган жибек тез торсуйт, көп мактоо уккан катын тез жибип, тез бошойт. Барып келип эле ата-бабадан калган сөз: ойношчул катындан — шылдыңчыл уул. Шылдыңчыл уул жоокер болуп жыргатабы? Азыркыдай залим заманда — эрдин алган катыны да өзүндөй жоокер болбосо, тукум курубайбы...

Кой жуушаган айылды кыйгап өтүшүп, алар шар аккан суунун боюндагы, колоттун алкымына жакын тигилген он эки канат ак боз үйдү көздөй жай бастырып келатышты. Бул — Карабай бектин өргөөсү. Баятан бери акыйып тиктеп турган эки жигит утурлай чуркап келишип, тизгиндерге колдору чап жабыша калды. Боз үйдөн чыккан комуздун үнүнө жини келген Карабай бек:

— Бердибай, комузчуну ким чакырган? Ыр угуп шаттанчу мезгил бекен. Сары Өзөн Чүйдө анын атасынын акысы жок. Калсын быякта — деп катуу айтып таштады.

Жигиттердин эч кимиси оңдуу жооп бере албай, чуркап кетти боз үйдү көздөй бирөө. Комуз үнү тып басылганда боз үйгө киргиси келбеген Карабай бек бир ордунан жылбай жардана туруп турган кырк жигитти көздөй утурлады. Өздөрүн көздөй келаткан Карабайдын алдына шайдоот кырк жигит чуркап келишип тура калышкан болчу. Ичинен ыраазы болгон Бек:

— Арыбаңар, жигиттер, — деп эркелете салам берди.

Баары бир оздон унчугушту:

— Бар болуң, Бек!

* * *

Күн мээрими көңүлдү ого бетер жибитип, али бүгүлө элек көк жибек чатырдан анчалык алысташпай, жайма жай илээнди кадам таштаган жигиттер кээде экиденүчтөн топтошо калып, бир аздан кийин кур каткырык тоо жаңырса: те чет жакалай тушалган кыпкызыл буудандар оттогондон эрингендей өз беттеринче ныксыраша, бирде ээлерин күткөндөй баш чайкап, жер чапчып тыбырчылай, кантсе да чуркаса кара буулары чыкчудан бетер, айтор, жаныбарлардын кандайдыр бир коогалуу ызы-чууну эңсеген түрлөрү бар. Азыр кыз көрүү, кыз узатуу шаан-шөкөтүнөн башка көңүлдөрүндө эч нерсе жок жигиттердин бейкапар каткырыгы жолтоо болмок беле. Сарытай мырза аларга таптакыр көңүл бөлбөстөн, атасы экөөнүн ортосундагы ошол түнкү аңгеме ой дүйнөсүн дүүлүктүрүп, курчутуп, ан сайын жүзү сурдана, каны ичине тартып, кирпик кашы да кыймылдабай, ободогу жалгыз бүркүтчө, жалгыздай басып, жалгыз кыялданган ал ушу тапта эч ким менен иши жоктой мелтирейт, мемирейт. Ооба, атасы көрсөткөн асыл максат, алдыда жолукчу келечек делебесин кызыта улам дем берип, доссуз, жолдошсуз жүргөнүнө кайыл боло, эч убакта зерикпеген кыраан бүркүт сыяктуу жалгыздыктын рахатына каныпжатткандай, көктү тиктеген боюнча ал бир азгаката түшкөн эле.

Селейген, каткан Сарытайды баятан бери алдыртан байкап отурган Ыман аксакал жанына жетип келген Койсарыны кепке алды:

— Жаш мырза сүрдөй баштадыбы? Баатырдын кызына күйөөлөп баруу оңой бекен. Анан калса, кандайча

сый көрөр экенбиз. Алып барган калыңыбыз ыраазы кылбаса. Атаке баатыр баарыбызды чогуубуз менен кайтарып жибериши мүмкүн. Анда канттик? Атаке дээринде тоң киши. Ал көп сүйлөп, кургак чечендик кылганды жактырбайт. Баатыр өз кадырын эң жакшы билет. Ага ушу тапта кыргыздар дээрлик баш уруп калды.

Түш ооп, күн бешим чен болуп калган. Катар басышкан Ыман карыя менен Койсары мурдагысындай эле соксоюп кыймылдабай турган Сарытай мырзаны көздөй утурлай басып баратышкан болчу. Жанараак Сарытай мырзанын айтканы менен азыркы Ыман аксакалдын сөзү бирдей чыкканынан улам күмөндөр болгон Койсары:

— Сарытай мырзадай күйөө талаада жатпайт. Баатырдын нааразы боло турган жөнү эмнеде? Алып келаткан калыңыбыз Атакенин такыясына тар келбес. Деги, кандайча өөн табылышы мүмкүн. Түшүнсөм өлөйүн, — деп айта салып, кайра сөзүн минтип бүтүрдү. — Же Карабай-бектин атак-даңкы Атаке баатырдыкынан кемби? Калыңдан өөн тапса да, бекти кантип теңине албасын. Жок, Атаке-баатыр антип ырыс кесерлик кылбас...

— Сен түшүнгөнчө качан, — Ыман шылдыңдап койду жигитти. — Кыз Сырганын колун казактын кайсы бир баатыры сураптыр деген каңшаар бар. Аблайга тең тайлашкан Атакени колго алсак деген казактар толуп жатат. Калыңдан кыйкым тапкысы келсе ал Атаке үчүн оңой иш. Кара башылы жок деп чалкасынан кетсечи?..

— Кулсуз келиптир деппи?

— Ооба, кулсуз келатабыз. Сарытай мырзанын санаасын эзип жаткан да ошодур...

Аттанаар мезгил келгенин сезген Сарытай коо ылдый шыпылдай басып келаткан эле. Экөө ошо бойдон үнчүгүшпай калды.

Күйөөлөп келген Сарытай мырза Ыман аксакалы баш болуп, мына үч күндөн бери Атаке баатырдын айылында. Бирине бири улай тигилген үч боз үй. Ар бири он эки канаттан, керегe-ууктарынын жошосу анча кургай элек, ичине да ыш сиңбеген жапжаңы боз үйлөр. Боз үйлөрдүн жасалгалары аябай жупуну. Керегe-уук менен түндүктүн чамгарактарына чейин баары кадимки эле төөнүн шириси менен көктөлүптүр. Адатта, баатыр айлындагы боз үйдүн ичине шаң берген алтын бакан, күмүш бакандар бир караган көзгө чалдыкпайт. Ал тургай боз үйдө дүнүйө мүлк быякта турсун: баалуу аң-терилер, курал-жарак менен аземдүү ат жабдык сыяктуу

лар да ныпым жок эле. Бир жакшы жери боз үйдүн таман алдына жапжаңы кооз шырдактар салынган. Анын үстүндө аюу талпак, карышкыр талпактар. Талпактардын үстүндө жибек төшөктөр. Бул ак боз үйлөр кырк жигити менен Ыман аксакалы баш болгон Сарытай күйөөнүн эртели-кеч тамак ичип, эс алчу жайы. Алтүндө уктай турган жай бөлөк экен. Апаппак он эки боз үй тенары обочо жерге тигилгендиктен ага күйөөлөп келгендер жатаар маалда гана кирип жүрүштү. Сарытай мырза бир боз үйдө жигит башы экөө гана уктайт. Ага маани деле берилген жок. Баса, боз үйлөр тигилген кокту Шамшы капчыгайынын оозунан анча деле алыс эместей. Коктунун ичи куушураак, бирок анча тар да эмес экен. Алкым жагы туюгураак келип, туш тарабынын баары жапжашыл токол тоолор. Бул жерлерге мурда мал жайылмак тургай адам буту тиелек сыяктуу. Ар түркүн чөптөр аралаш өскөн тулаңы белден чыгат. Сары Өзөн Чүйдөгү бөксө жайлоолордун көбү ушуга окшош болорун башында түшүндүргөн эле Ыман аксакал Сарытайга. Улуу тоонун этегинде көзгө дароо чалдыкпаган бирине-бири окшош токол адырлар жана мына мындай чакан кокту-колоттор эң эле көп болот Чүйдө. Алардын баары тең оттуу келип, төрт түлүк малга жайлуу. Ызгаар урбай, кышы жылуу. Сары Өзөндүн бөксө тоолорунун арасы мал кыштоого да ыңгайлуу.

Мал айдап, дүнүйө жүктөлгөн кербенди тосуп алгандар адеп айылга кирген күнү жигит башы Койсарыга жолугушкан, ошо бойдон көзгө көрүнүшө элек алар. Айыл демекчи, бул жерде иттер үрүп, тызылдай бала бакыра чуркап, ызы-чуу түшө катын-калач кемеге башында кам урган кадимки чоң айылдын, баатыр айлынын шааниси эч бир сезилбейт. Баса, колоттун төмөнкү ооз жагына тигилген чоң үч боз үйдүн эң ортоңкусу Атаке баатырдыкы экенин меймандар билишет. Андан башка бул жерде айыл аттуунун изи да жок. Бейчеки бастырган атчандар менен курулай жөө жүргөн адамзаты да көзгө такыр урунбайт. Кыз Сырганын өргөөсүн көрүшмөк быякта калсын Атаке баатырдын айылы кайда экенин биле албай ар кимиси өздөрүнчө таң. Ошого карабастан мейман күтүү ойдогудай эле.

Ышталган серке чаначтар толо кымыз биринин артынан бири үзүлбөй, дасторкон жыйылбады. Баглан козунун же тайдын эзиле бышкан чүйгүн эти күнүгө төрт маал тартыла, коломто ортосундагы калдайган чоң жез самоор дайыма буу бүркүп турса да жеген-ичкен

тамактарына корстон болушмак беле, Сарытай мырза быякта турсун, жигиттер да аябай зеригишип, бирок аны бир да бири сыртка чыгарбай тымпыйышат, зыңкыйышат. Меймандар менен кошо отуруп, кошо тамак ичише, аларды кээде сөзгө алып, алаксытууга аракет кылыш үчүндүр Атакенин кайтыш болгон иниси Сатыбалдынын жалгыз уулу Жообасар эки-үчтөй теңтушу менен жигиттердин жанынан алыс кетишкен жок. Жообасар меймандарды канчалык сөзгө алгысы келсе, ортолорунда сөз оту ошончолук тутанбай, боз үйдүн ичи далайга чейин тымтырс боло калат.

Рас, адеп келип түшкөндө Атаке баатыр күйөөлөп келгендердин алдынан өзү тосуп чыккан. Өтө карапайым кийинген пайгамбар жашындагы албеттүү адамда баатырдын, манаптын кейпи жок эле. Аттан түшүшүп, жардана карап турушкан жигиттер жабыла бир ооздон салам айтышты:

— Арыбаңыз, баатыр.

Жоон үндүү Атаке:

— Бар болуңдар, мырзалар! — деп, жайма-жай алик алды да, Ыман аксакалдан баштап, баарына тегиз кол берип учурашты. Анан жигиттерден айырмаланган сөөлөттүү Сарытай мырза менен азыраак тууганча жай сурашууга өткөнсүдү. — Урматтуу агабыз Карабай-бек дени сак жүрөбү? Мал-жаны аманбы? Жеңем Торко кантип атат? Күлүү-демдүү жүрөбү? — Айтор, ушуга окшогон салт-каадага ылайык суроолоруна элпек жооп алган соң узун бойлуу дилгир жигитине баш ийкей ишаарат кылды. Анысы меймандар эс алсын, боз үйгө киргизгиле, аттарын жайлагыла деген буйругу эле.

Ошо бойдон өз боз үйүнө кирип кеткен Атаке баатыр көрүнө элек. Баарынын көз алдында бир саамга учураган баатырдын жупуну элеси гана калды. Анын үстүндө узун этек, төөнүн чуудасынан токулган боз чепкен, бутунда кызгылтым өтүк, башында чекеси жырык ак калпак. Калпак да жаан тийип көп кийилгендиктен оңуп, эскирип калыптыр. Такыба адамдардыкынча кыркылган тегерек кара сакалчан Атакенин чуңурөйгөн быткыл, айбаттуу көздөрү болбосо жылкычыдан анча айырмасы жоктой. Кара шайы жоолук менен сыпаа таңып алгандыктан эл ичинде далай жолу сөз болгон анын үстүнкү эрдиндеги коён жырыгы билинбеди. Ал жырыгын сездирбөөнүн аракетинде баатыр бөтөн бирөөнүн көзүнчө тамак жебей турганына чейин жигиттерге дайын болчу. Туш тарабын карабастан жигиттерче өтө элпек кыймыл-

даган Атаке баатыр боз үйгө кирип кеткенче меймандар тиктеп тура беришкен.

Сарытай мырзанын көөнүндө да атактуу баатырдын жылуу сүйлөп учурашканы менен шадылуу, карылуу колунан башка көзүндөгү сүрү, айбаты кетпей туруп алды. Кызыгың түшкөн Баатыр арзып келген мырзаны күйөө катары кабыл алган жок. Ошондой эле тууган иретинде күтүп жатпаганы да көрүнүп турат. Келип түшкөндөн бери күйөөнүн салтына ылайык жышаандардын бири да көрсөтүлбөдү. Жана да тууган катары тоссо эли-жерин көрсөтүп, көпчүлүккө таанытырат эле го. Эртели кеч бир аз эшикке чыгышканы болбосо, мына бул кичинекей жайлоонун ары жагында кандай дүйнө бар экенин караманча билишпейт. Атактуу Сары Өзөндүн аяк башын араласак дегенде жигиттердин эки көзү төрт. Же оюн-зоок баштап койсо далай өнөрлөрүн көрсөтүшүп, кырк жигит кумардан бир чыгышпайт беле. Араларында не бир күрөштөр менен эңиштерде, эр сайыштарда жеңилбеген, көзгө атар мергендери четтен чыгат. Чаап бараткан аттын боору менен сойлой жерде жаткан тыйынды тиши менен илип кеткендери бар. Мемиреп жоош отургансыган кырк жигитте өнөрдүн түрлөрү көп. Ырдап, күү черте келгенде да алдырышпас. Айтор, алардын бири онго, ону жүз жигитке татыйт. Мунун баарына алар жан кыйнап машыгуу, эзилүү менен жетишкен. Андай өнөр сынашууда Сарытай мырзанын алдына эч ким чыкчу эмес. Жалаң өзү отуз жигитке моюн бербей жан кечтилик кылат Сарытай. Андай кезде өзү да эч кимди аябай, өзүн да бирөөлөрдүн аёсуна жол бербейт. Аларга сабак берген, баарын кайышча ийлеп машыктырган манжур чал жакында кетти Коконго. Анын бала кезинен күткөн өнөрү ошол экен...

Ээн-эркин жорткон тоонун бөрүсүнчө кенен жүргөн жигиттер бекер көргөн сыйга, майлуу чүйгүн тамакка корстон болушмак беле, алар тизе бүгүп үч күн бою боз үйдөн чыкпаганга аябай зеригише, колдон жем жеп, колго түшкөн бүркүтчө жаш эмелердин тынчы кетсе да, Сарытай мырзага эч шек алдырышпай ич ара бушайман болуп жатканын Ыман аксакал алда качан эле түшүнгөн болчу. Өз башына жүктөлгөн аксакалдык милдет менен жеке эле Карабай бектин алдындагы жоопкерчилик быякта турсун, бүтүндөй эл алдындагы намыс Ыманды тынч жаткырбай калсын, ал өзүнчө ойлонуп, айла издей баштады. Атаке-баатырдын көрсөткөн сый-сыпатынан айыпты ким табат. Ага доо коё албаса да, эмне

үчүн кошунду мына бул кичинекей коктудан чыгарбай, матап жатканынын себебин билиш аксакал үчүн парз. Төртүнчү күнү эртең менен Атаке баатырдын өзүнө бет келип сүйлөшсөм деген ниетин айттырып жиберди Ыман. Ошо замат жооп келди баатырдан: күтүп атыптыр. Ыман аксакал мына эми мойну жоон, локуйган, кең далылуу Атакенин жанында кымыз ичип, жай сөзгө кирип калышкан эле. Маңдайы бийик экен баатырдын, таза кырылган башында көк тукаба топу. Ошентсе да топунун чет жакасынан башындагы тырыктардын изи көрүнүп турду. Ак көйнөктүн сыртынан жамынган кадимки эле жылкычылар жаанда кийчү кементай. Алдына салынган күрпөң козулардын терисинен жасалган талпак. Баатыр отурган боз үйдүн ичинде деле аземдүү буюмдар, көзгө урунган байлык аттуу жок болчу. Эл камын көрүүнүн аракетинде далай чапкындын ичинен чыккан журт сактоо милдетин өз мойнуна жүктөгөн Атаке баатыр көчүп-конуп, сайышып, далай жолу куугун жеп нелерди көрбөдү. Кезинде ал деле адам катары нечен асыл байлык чогултса, анысы бир эле күнү колдон төгүлгөн суудай көздөн кайым болгонун билет. Далайдан бери ал асыл ташы баш болгон баалуу дүнүйө-мүлккө анча көз артпайт. Карапайым көчмөндүн күнүн көрүп, ойлогону эле: кайсы күнү; кай жагымдан жоо келет деп Атаке баатыр түлкүчө аяр, бөрүчө сак. Далайды баштан өткөргөндүктөн акылы жетик, көзү канык. Өз айлында баланчанын аялы эркек бала төрөптүр десе ошого кадимкидей кубанат. Кыргыздын тукуму өсүп, элимдин башы көбөйсө дегенде эки көзү төрт. Ал тилегин Атаке баатыр беш рекет намазына да кошуп окуйт.

Сөз алыстан башталып, сөз ырбап, Ыман аксакал айтайын деген оюнун кыябын келтире албай аңдып, күтүп отурганда баатыр өзү сурап калды.

— Басыз туугандарыбызды көп жылдан бери көрбөй куса болуп калыппыз. Катышсак, ал-жай сурашсак эле дейбиз, жердин алыстыгы, чолоонун жоктугу кендирди кесет экен...

Кыябы келе түшкөндүктөн Ыман сөз кыстарды:

— Карабай бек дубай салам айттырып, айлыңызга туз буйруп келип калдык, баатыр. Сыйыңызга кандык, үч түнөдүк, сапар да карыды окшойт. Элге кайтсак, жолго чыксак деген ниетибиз бар. Биздин тилегибиз өзүңүзгө маалым...

Атаке баатыр Ымандын сөзүн аягына чейин уккан жок. Өкүм сүйлөй чорт үзүп таштады:

— Ыман, сен экөөбүз бөтөн кишилерден бекенбиз... Бир атадан тарайбыз, Тагай-бийдин балдарыбыз. Тууганчылыкты сен да унутпа. Же эмне, менин сыйым жигиттерге жакпай жатабы? Туугандары үч күн мейман болсо оордогондой Атаке ким экен. Жыл бою жатсаңар да чыдай беребиз. Ашыкпай, кең-кесири конок болгула. Качан кете турганыңарды айтабыз. Туугандын топурагы алтын, көптөн бери көрүшпөй өзүбүз да сагындык. Чыдайбыз, күткөнгө кубатыбыз жетет... Жигиттер зериксе тогуз коргоол ойношсун. Упай атышсын. — Ошо бойдон Атаке баатыр сөздү башка жакка буруп айласы түгөнгөн Ыман туруп кетүүгө аргасыз болгон.

Тогуз коргол зериккен карынын иши. Упайды көбүнчө балдар ойнойт. Чоңдор аны негизинен кыштын узун түнүндө эрмек кылышат. Тууганым деп айтып салды Атаке. Бирок тууганча кабыл алып, уруу аксакалдарына, эл ичиндеги мыкты кашкаларына да тааныштыра элек меймандарын. Бек аталган тууганды тосуунун да өзүнчө салт-санаасы бар. Ыман карыядан бөлөк тигил кырк жигиттер деле билет аны. Ат чаптырып, жамбы атуу: эр эңиштирип, аң уулоого алып чыгуу, а болбосо жер суу кыдыртып, эл менен тааныштыруунун бирин да көрүшө элек да. Же салт билбей турган жан бекен Атаке баатыр. Неси болсо да анын табышмагын түшүнүп турат Ыман. Сырга кызды бербей, ордо көргөн мыкты туугандарын нааразы кылууга баатырдын дити, акыры чыдабайт дечи. Кайра келип Сарытай мырзага сөз узатты:

— Сыягы, Баатыр биз алып келген калыңдан өөн тапты. Айла издебесек болбойт, — деп Атаке экөөнүн ортосундагы кепти төкпөй-чачпай айтып келатканда Сарытай мырза ордунан шарт тура калды:

— Барам, баатырдын алдына. Жоопту өзүм берем. — Кындан суурулган кылычтай курч Сарытай — баатырдын өргөөсүн көздөй атып жөнөдү. Ыман аксакал аны токтоткон жок.

Руксат сурап боз үйгө кирген Сарытай салам айткан соң тизелей калып, тике сүйлөдү:

— Баатыр, үч күндөн бери жылбай отуруп аябай зериктик. Жигиттеримдин толорсугуна кан уюп, баса албай турган болушту. Сиздин жооп бышканча биз тамаша куруп, ууга чыгып келелик. Дагы бир кырк жигит кошуп берсеңиз экен. Ат-көлүгү, жоо-жарагы шай болсо...

Кирпик кашын ирмеп койбой тартынбаган көк жал жигитти Атаке-баатыр жактыргандай тиктеп туруп:

— Мырза, айтканың аткарылат, түштөн кийин аттанып кетесиңер дей салды.

Баатыр айткандай ошол эле күнү түш оой, бирине-бири жарашкан сексен жигит катар тизиле калышканда Атаке баатыр эшикке чыкты. Жоо жарагы шайма-шай сексен жигитти көрүп баатырдын ичи жылыса керек. Сарытай мырзанын кара сур аргымагы тыбырчылай, анын сымбатына кызыккан Атаке баатыр тиктей калганда, жанындагы Бөбүй сынчы сүйлөй берди.

— Баатыр, кара сур аргымактын энеси таза кандуу чөл жылкысы, теке түрктөрдүн аргымагынан, атасы биздин кыргыздын тоо дулдулу турбайбы. Бул экөөнүн ортосунан чыккан жаныбардын чыдамкайлыгын айтпаңыз. Кууса аткан жаага жеткирбейт. Муштумдай куйрук сугунтуп коюп чөлгө салсаң суу ичпей, чөп жебей айлап чыдайт. Ташка салсаң, тоого айдасаң да талыкпайт. Күчү лөктүкүнөн да ашар, кырсыкка учураган ээсин ылайым тыштабай, жаныбардын акылы адамдыкынан кем болбойт. Таптаган саяпкери аргымак менен адамча эле сүйлөшө алат. Мындай аргымактуу жигит бактылуу. Аргымакты баалай, сырын билген Сарытай мырза акыр түбү келип эл туткасы болууга арзыйт, баатыр.

Ушу кезде Атаке баатыр Сарытай мырзанын жанына келип калган болчу.

— Мырза, — деп эркелете сүйлөдү. — Мүмкүн, жолуңар узак болор. Сапарда жүргөндө башка не иш түшпөйт. Ууда жүргөн адам аяк-башына карабайт, тоого чабат, аңга кирет. Суу кечип, токой аралайт. Арыстанга бет маңдай келип, каманга кабылат. Кырсык каш-кабактын ортосунда. Аргымагыңдын аягы ичке, сөөгү да ката элек, өзүңдөй курч экен. Түз жерде, сөөлөткө минчү жаныбарды мертинтип алба. Менин бууданым сеникинен күчтүрөөк. Ары нечен чапкынды баштан өткөргөн. Аяр баскан, жол жүргөнгө, жортуулга маш менин карагер бууданымды минип, кара сурду таштап кет...

Аргымагын азыр таштап кетсе, кайра сурай албасын түшүнгөн Сарытай дароо жооп айтты:

— Баатыр, мен ууга чыкканда, жортуулда жүргөндө кош ат мингенди жакшы көрөм. Сиздин бууданды жетелеп алсын жигитим. Чын айтасыз: сапар узак, жол татаал болор. Баатыр каршы болбосо, Койсары, тизгинди ал. — Сарытай жигитине жалт карады.

Ошентип Атаке баатырдын бууданын өзү менен кошо жетелеген Сарытай мырза айылдан чыгып кеткен дейт...

* * *

Канча күн жол жүргөнү белгисиз. Айтор, Көк-Ойрок аркылуу жүрүп отурушкан бойдон көлгө түшүшүп, андан көл жакалай Каркыраны кесип жунгар жерине өтүшөт да, нечен күндөп-түндөп ойротторду чапкан тура сексен жигиттүү Сарытай мырза. Кең Жунгардын Котон аймагы ал кезде бүт бойдон дагы эле ойроттордун мекени болгон. Чөп катып, мезгил коңур кургак күзгө тартып калган кез. Котон жеринде булут челген бийик тоолор жокко эсе, боз адырлуу мейкиндик мал жайлыктын куттуу жайыты. Түзөңүндө жыш өскөн кой шыбак адырлары бетегелүү келет. Аш болумдуу кургак бетегени керте чайнаган жылкы жаныбардын текши семирип турган учуруна туш келишти жортуулчулар. Сексен жигит Котонго жеткен эле күнү күркүрөтө чаап кирбей, Сарытай мырза амал менен кол салыптыр. Кошунду буйгага катып таштаган мырза өзү баштай, экиден, үчтөн жигитин алып, бир нече күнү жер чалып, үйүр-үйүр жылкылардын санын алат. Жылкычылардын кандайча куралданганына чейин байкап билишет да, жолдун оңуту кайда, буйгалуу чытырман бадалдар менен суу аккан колот жана кууш капчыгайга чейин текши изилденген соң, ай отуруп чыккан кезде чабуул коюптур кайран эр. Ошентип жаш болсо да баарын акылга салып өлчөй, амал менен катылган дейт ойротторго Сарытай. Туюп калса кең талаага кире качышат деп Котон мейкиндигинин эң алды жагынан торой ылдыйтан өйдө көздөй сыдырып эч кимди камындырбай бейкам жаткан жеринен басышат. Туш тушунан сокку жеп жүдөп, чүнчүп турган элге Сарытай мырзанын колу чоң жоо келип тийгендей көрүндү. Анан калса Сарытай куулук кылып сексен жигитти чогуу каптатып жибербестен он ондон иргеп, ону бешке бөлүнүп; айкай салган беш жигит жаадай атылып сүрүп киргенде, калган экинчи бешөө башка жагынан чабуул коё, эгер ойроттор каршылык көрсөтүп көптөп баратса, акмалап турган башкалары туш-тушунан жыра чаап, мылтык атыла, буйгада жаткандары өздөрүнчө улуп, айкыра, айтор, түмөн кол басып киргендей бейкам жаткан элдин жүрөктөрү түшүп отуруп калышкан экен. Жерге жарык киргенде жигиттер бирде башын кызыл жоолук менен таңып чапса, бирде кара жоолук буунуп, сүрүп айдап киргенде илгеркиче кыргыздын түмөн колу

басып кирди дешип, жылкычылар мал-жанын таштап түзөңгө, талаанын түпкүрүн көздөй качып беришет. Далайды кырса, далай кыргынды өз баштарынан өткөргөн ойроттордун жүрөгү түшүп, Ала-Тоо ичиндеги кыргын, казак талаасындагы кан төгүлгөн салгылашуу, андан кийинки манжур-кытай падышасы Богдыхан бирден терип мууздай бергендиктен улам — байкуш эл сес көрсөтүүгө кубаты жетпей, жан айласын издеп, эптеп тирүү калсак болду деп отуруп калган кез болчу анда. Элден ырк кетип, жигиттердин жүрөгү өлгөндө — жалгыз атчан да айбаттуу жоо көрүнөт. Бул жерде ойроттор Сарытай баатырдын жигиттерине караманча каршылык кылбады деп жаткан жерибиз жок. Ойроттор өжөр, намыскөй эл болушат. Алар Сарытай мырзага алдатып коюшту. Куулук кылды, амалдуу экен Сарытай мырза. Ошентип, кең Кетөндү эки күнчө түрүп, сүрүп чаап алды. Колго түшкөн үйүр-үйүр түмөн жылкыларды Ала-Тоодон ары бел ашыра кыргыз жерине айдап жиберип, акыры тогуз ойроттун колу-бутун байлай атта[illegible] таңган бойдон көп олжонун артынан өзү куюндай чаап жөнөйт. Бел ашканча бирде токтоп артка кайрыла жол чала, кээ жерге кароол коюп, ойроттор куулук кылып тосуп жаткан жокпу деп акмалайт. Куугунга алышмак быякта турсун кара башы аман калганга сүйүнүшкөн ойроттор сан жылкыга кайыл болушуп кала беришкен тура.

Көлдүн башы — атактуу Каркыра. Сан кыргызга буйруган ыйык Каркыраны Манас атанын буту баскан. Каркыра — кыргыздын айкөл адамдарынын аш-тойлору өткөн ыйык жер. Көп өтпөй түмөндөгөн сан жылкыны айдаган Сарытай мырза Каркырага келип жетти. Чалкыган, кеңирсиген кең жайлоо Каркыранын ичи дүпүрөгөн камбар атанын тукумуна батпай кетет. Дүпүйгөн узун жалдуу, аяктары кыска, бойлору пас, түктөрү узун — ташка салсаң ташыркабаган, канча күн жол жүрсө да эч чарчабаган болот туяк ойрот жылкылары кызыл май боло чарчап, чаңкап келишип, Каркыранын суусунан моюн созуп шимиргенде мелмилдей агып жаткан дарыя бир саамга сооло түшүп, too суусунун кара сур балыктары тыпырап туйлай, боору күнгө жаркырай жатып калышкан дешет. Чапкынга келген сан жылкы көк жашыл өрөөндү беттеп, жамырай бергенде — кең Каркыранын ичи тардык кылган имиш. Чатырларды тигип таштап эки-үч күнгө өрүш алганы эс алып жаткан Сарытай мырзанын кабарын угушкан чет жакадагы кыр-

гыздын мыктылары учурашканга келишип, Каркыранын ичи өзүнчө эле шаң-тамашага толо түшөт. Ооба, Каркырага адеп жеткен күнү эле жигиттер толук баш кошкон жерде, кошун жортуулда мерт болгон эки жигитин жоктой аза күтүшө, өлүктүн муздак денесине баштарын ийишип, азыраак турушкан соң:

— Кана, эмне кылдык? — деп, көпчүлүктү тегерете тиктейт Сарытай. Жигиттер түнжүрай эч ким озунуп кеңеш айтууга даабайт. Жигит башы Койсары алдыга өтөт. Сарытай мырзага батынган жалгыз ошол.

— Жортуулга чыккан жигит, ар качан өлүмдү моюнга ала жүрөт. Баш жарылып, баш кетпей да мөрөй колго тиймек беле. Карабашыл жигиттин мойнунда ар качан бир өлүм бар. Кудая шүгүр дагы чыгым аз. Биз актык ишке, ыйык ишке аттанып чыкканбыз. Баатырдын айылына куда түшүп келдик, баш алганы келдик. Тилегибиз ак, жүргөнүбүз тойдун камы. Ушунча олжо менен баратып, баатырдын айлына өлүк жүктөп киргенибиз кандай? — Койсары унчукпай калды.

Сарытай мырза кимден кандай сөз чыгар экен дегендей өзүнчө мелтирейт. Анан калса, мерт болгон экөө тең Атаке-баатыр кошкон жигиттердин тобунан. Бирөөнүн төбөсүнө чокмор тийип ошо замат жан берген. Экинчиси катуу чаап баратканда атынын буту суурдун ийинине кирип мүдүрүлдү да, арка мойну үзүлгөн бечара жолдо келатканда жан берди. Шамдагайлык менен машыккандыктын пайдасы тийдиби, Сарытайдын жигиттеринин башы түгөл. Жарадар болуп, жапа чеккендери да жок ичинде.Бирок, эки тарап тең алда качан эле жаны бирге жолдоштордон болуп калышкан. Койсарынын сөзү ойго салды баарын. Атаке тараптык маңдайы жарык, кыл мурут жигит алдыга өттү.

— Өлүктү жүктөй кеткенибиз натура болор. Той үстүндө айылда өкүрүк чыкпасын. Анда эле карындашыбыздын жолу, келечеги кантет. Жакшылык-жышаан бузулат. Кара жолтой атантпай башкача жол издейлик.

Ушул жортуулда Сарытай мырза сындан өттү. Азыр өзү да өпкөсү көөп, ичинде кубанып турат. Айткандай, жунгарларга ырым үчүн аттанбады беле. Оңойбу, топ жигит менен барып, бүтүндөй журттун үрөйүн учурду. Минтип чаап, айдап келди сан жылкысын. Көчмөндөр үчүн жылкы — байлыктын башы. Кыргыз баласы аны башынан жакшы билет. Эми, ойроттор көпкө дейре боору менен жылып оңоло албас. Канатын кайрып, канатын сындырбадыбы Сарытай мырза алардын. Атаке баатыр

да күйөөнүн өнөрүн көрөйүн деп сынай үч күн бою унчукпай койгонун дароо түшүнгөн. Анын үстүнө салтты бузуп кара башылы жок барышты баатырдын айлына. Аны да айткан атасы уулуна. Эл ичинен кул издесе, ким берет ага кара чечекей уулун. Багар-көрөрү жок болсо да, ар бир кара башыл эркектин артында уруусу бар. Журт ичинен башка жакка кул кетсе, уруу башчысына доо кетет. Элин асырай албай, жетимин кулга алдыргандын башынан бак таят. Тартып кетсе алсыз журт да караандай жоо болот. Өз элине зомбулук көрсөтсө Карабай бек журтка батабы. Анда ал элдин башын кошуп бектик кыла албай келечек үмүтү таш капмак. Кул олжологусу келген бий менен бек ар качан бөтөн элди чапкан. Кыргыз ичинде кул аталгандын баары чет элден келишкен. Илгертеден эле кан көтөрүп ак кийизге саларда курмандыкка адам мууздашса, анда да бөтөн журттан колго түшүп келген бечаранын гана алкымын шамшар шылыган. Канча ойлосо да, Атаке баатырдын алдына кара башыл кул ала баруута Карабай бектин күчү жетпеген эле. Муну Сарытай мырза эң жакшы билчү. Аны өзү менен келаткан кырк жигити учурунда сезбеди. Абийир болуп мына, бөрүдөй көзү канталаган бир эмес тогуз кул жатат байлоодо. Сарытайдын өзү тургай, минтип жигиттеринин да маңдайы жарык. Аны түшүнгөн Атаке жаатындагылар да той жөнүндө, жакшылык-жышаан катары ачык айтууда. Үзүрлүү ушул тилектер мырзанын ичин жылытты. Ошондо амалдуу Сарытай өзү бүтүм чыгарбастан өлүктүн жайын кандай кылууну көпчүлүккө салып отурбайбы.

Сарытай бир саамга тунжурай түштү да, ал кайра жарданып тургандарды сыдыра карады:

— Канттик анда? Айткыла...

Атакенин жигиттери бир оОздон кыйкырышты.

— Жортуулчу жигиттин башы жолдо калат.

— Ыйманы жолдош болсун деп бата кылып көөмп кете бергенибиз оң.

Мисирейген Сарытай унчукпайт. Койсары сүйлөдү:

— Курмандыкка жылкылардан чалабыз, кардын жарабыз...

Баардыгы бир ооздон кубаттап уу-дуу күчөй түшкөндө Сарытай мырза колун көтөрдү.

— Шейиттерди биротоло көөмп кеткенибиз оң болбос. Ата-энеси, тууган-уругу эмне дейт. Анда эле токоналатка калабыз. Күйүп-бышкан ата-эне каргап койсочу...

Мырзанын айтканы жөндүү эле, кантсе да көпчүлүктүн чечимин бузуп коёбу деп Койсарынын жаны чыкты.
— Мырза, жоопту чогуу беребиз. Айтып жатпайбы! Сөөктү ала кеткенибиз кандай болор экен?
Сарытай оң колун көтөрүп аны кайрадан тыйды:
— Айтканыңарга мен каршы эмесмин. Рас, сөөктү калтырбаз. Бирок аманат калтыралык.
Жаш мырзанын акылын эп көргөндөр:
— Ак сөз, мырза туура айтат, — деп жабалакташты.
Сарытай андан ары оюн улантты:
— Билесиңер, аманат калган сөөк коюлбайт. Издеп алчулары келгиче ал бузулбай турган буйга жерде, муздак жерде катылуу турат. Андан көрө ит-куш жетпеген, эч ким билбей турган муздак жай издегиле. Тетигил ак карлуу чокунун этегиндегидей жерде бир үңкүрчө табылса сөөк тоңуп жата бермек. Чолоо тийгенде тууган-дарын ээрчитип келип алып кетмекпиз. Эгер туугандары макул көрсө жортуулда өлгөн жол боюна коюлат деп, кайра келип көргө берсек боло берет. Ата-бабанын салты ушундай го?
Жигиттер дагы коштоду.
— Мырза туура айтат.
— Аманат калтыралык.
— Аманат...

Ошо бойдон шейиттерге арнай, бээлер жарылып, топ жигиттер аманат үчүн жай издешип, туш-тушка жөнөштү. Акыры Каркыранын түндүк жагындагы карагайчерлүү токол тоолорду тинткен жигиттер ак карлуу чокунун этек чениндеги «Турна көл» деген сонун көлдүн четинен жай табышты. Ажайган тунук кичинекей көл. Көлдүн үстү жагы жашыл карагайлуу кызыл аска. Аска ылдый кулаган билектей шаркыратма туптунук, апакай көлгө куюп турат. Ошол шаркыратманын алдында үңкүр бар экен. Үңкүрдүн ич жагы кенен, таманындагы тоңгон муз жайында да эрибей, тонсуз адам чыдап тура алгыс үңкүргө, ак кийизге оролгон жигиттердин сөөгүн катышты да, үңкүрдүн оозун эч жан аттуу кире алгыс кылып бекитишти. Кайра келген берендер жолдошторунун кара ашына аябай тоюшкан соң ал түнү унчугушпай жатып калышкан.

Олжо жылкыларды түнү бою кезектеше кайтарып, өрүш алган жортуулчулар эртеси көңүл ачып, кумар жазууга киришти. Сарытайдын жигиттери бир жак, Атаке кошкон жигиттер өзүнчө. Эңишип, күрөшүп, жаа атышкан алар бири жыгылса экинчи тарап чычалабай,

өз ара аяр мамиле кылыша дилдери биригип кетишти. Көбүрөөк үстөмдүк кылып баратышканын сезген Сарытайдын машыккан жигиттери күйөөлөп келген жолун эстеринен чыгарышпай мөрөйдүн көбүн тигилерге оодарууга кылган аракетине кайын тараптагылар көнүшкөн жок. Алардын ойну эрөөл эмес, тамаша. Ошондуктан:

— Ат аттан калса туягын кес. Жигит жигиттен калса кулагын кес, — дешип, намыстанып коюшкан.

Бирок ортолорунда чатак чыкпай, ызага алдыргандар да болбоду. Жыккан жакка жыгылгандар ак дилинен таазим эте, бул карапайым асыл жигиттердин көңүлдөрүнүн тазалыгына мырза да ичинен ыраазы боло, өзү да чамынып кирип, чечинип сала оюнга аралашкысы келет да, кайра өзүн араң тыят. Чанач чанач кымыздар келди алынып. Ортого отту улуу жагышып, жылдыздуу түн алдында эч кимдин уктагысы келбей Каркыранын коңур абасынан кенен дем ала алдыларындагы жаядан кесип жай жешип, жай отуруп май жешип, байлануу туткундардын колу-бутун бир аз бошотушуп, кымыздан бере, этке тойгузуп ташташкан. Колго түшкөн бечараларда не айып: кылтыйып, унчукпай жатышат кошун четинде.

— Тогузу тең баатыр айылында калабы? — деп бир жигит экинчисинен акырын сурай калды.

— Аны мырзанын өзүнөн сура, — деди тиги кытмыр.

Койсары сөзгө аралашты:

— Теңин ала кеткенибизде аларды кул жумшамак белең сен. Жолболду туура айтат. Аны мырза билет.

Бул сөздү укмаксан болгон Сарытай мырза муздак кытай арагынан рахаттана шыңгытты да, эч ким менен иши жоктой өзүнчө сүйлөнгөнсүдү.

— Таңга жуук ууга чыгабыз. Жүрөгүндө кара жок он жигит бөлүнүп, уктап эс алсын.

Жоон топ үн чыкты:

— Башкабызчы?

Сарытай кесе айтты:

— Ондон ашыгы көптүк кылат.

Эрдемсиген жыйырма жигит тура калды.

— Биз даярбыз, мырза!

Сарытай баш чайкады:

— Ондон ашыкты албайм.

— Көптүн зыяны тийбейт, мырза.

Сарытай жооп бербестен буйруду:

— Кырк жигит түнү бою жылкыларга көз болгула. Кирпик ирмемей жок. Жолболду, жылкы күзөткөндөргө

сен башсың. Жыйырма жигит кошун четинде калат. Туткундар качып кетпесин, сак болгула. Койсары, он жигитти өзүң танда. Ууга чыгабыз. Айтып коёюн: уу демекчи, тирүү жолборс тутабыз. Жанараак кабар алдым. Бир бээни жара тартып, казы-мазысы менен кошо кара этине чейин тоё жеп, тоо таяна бадалга кирип кетиптир. Жаткан жерин билип койдук. Үч күнгө чейин кардын көтөрө албай уктайт шер. Таңга маал кызуу уйкуда жаткан жеринен басабыз. Тамаша иш бекен ал? Бирөө-жарымыбыз мерт болушубуз да мүмкүн. — Сарытай мырза өз чатырын көздөй жөнөдү.

Жылдыздар коюу, жылдыздар бажырайып, али таң ата элек кез. Жигиттердин колунда кыл аркан, айбалта-чот, кындагы шамшарлардан бөлөк курал жок аларда. Баары жөө, баары жеңил кийинишкен. Тим эле жылан сойлоп келаткандай шилтеген кадамдары эч билинбейт. Тоо таяна чытырман бадалдуу коктуга жеткенде Сарытай жигиттердин алдына тура калды. Баары уй мүйүз тарта чогула калышкан эле. Шыбырай сурады:

— Бээ кайда?

— Жолборстуу бадалдын желкесинде...

— Үркпөгөндөй эмеби?

— Жүк арткан көлүк экен, жоош дешти.

— А, жакшы анда. Кудай шыбаа кылсын, — деп шыбырады Сарытай.

— Таң агарсын, күтө туралык.

Жалпак ташка көчүк баскан Сарытай, жигиттер аны тегеректеп сыңар тизелей калганда, акырын сурады:

— Ичиңерде жолборс чапканга катышканыңар барбы?

— Бар! — деп Атаке тараптык эки жигит ордунан козголуп койду.

— Мен өзүм да катышкам, — деди Сарытай. — Силерде кандай?

Улуурагы жооп берди:

— Биз жакта керege көтөрүп чыгышат.

Койсары таңгалды:

— Керегеси кандай?

Жигит түшүндүрдү:

— Тегерете ашталган керегелердин үстүнө да керege жабылат. Анан кыл жиптер менен бекем байлаган соң ичине он чакты жигит кирип алып, камыштын арасындагы жолборс жаткан жерге чейин керегелерди көтөрүп бара беришет. Жакындан кыйкырып чоочутканда ал өзү эле кол салат. Секирип келип керегеге урунган жол-

борсту жигиттер найза менен жүрөккө мээлеп саят. Жолборс абдан өжөр келет. Качкандын ордуна күрүлдөгөн шер кереге ичиндеги адамдарга ого бетер катылат. Шамдагай жигиттер анан бат эле аны колтукка сайып шайын оодарып таштайт. Анда жигиттер шердин терисин бүлдүрбөөгө аракеттенчү. Аң уулоонун кызыгын айтпа, а бирок мен өзүм жолборсту тирүү кармаганды көрө элек болчумун.

— Биз тирүү кармайбыз, деп Сарытай көкүттү. — Баатырга аны тирүү тартуулайбыз.

Коркуу-үркүүнү билбеген, жүрөгүндө карасы жок азаматтар Сарытай мырза кандай буйрук берсе тартынбай аткарууга даяр. Эч кимиси кебелбейт, баарынын кабагы ачык. Котондун жылкыларын түн көтөрө айдап келгенден да коркунучтуу бекен тирүү жолборс кармоо — деген эрдемсүү тургансыйт кыялдарында...

— Айла кетип, жолборстун чеңгелинде калмайынча айбалта көтөрүү жок. Бир мышыкка он жигит кантип татыбасын. — Сарытай кайрадан көкүттү жигиттерди.

Кекиликтер сайрай, жерге таң шооласын жаңыдан чачканда аңчылар жолборс жаткан бадалдын желке жагында туруп калышкан. Жалы түксүйгөн, чоң туяк семиз бээни чылбырдан кармаган жигиттин далысына колун койду Сарытай:

— Бээ жетелеп бадалга кире бересиң. Коркпо, калгандары сенин артыңдан ээрчийт. Жолборс озунуп кол салчу болсо бээни сала бер. Ошондо анын мойнуна сыйыртмак ыргытат арттагылар. Биз жолборстун көчүк жагынан киребиз да, экинчи сыйыртмак ыргытабыз. Жолборс бизден шек албасын. Жакшылап түшүндүргөн Сарытай калган беш жигитти ээрчите өңүп жөнөдү.

Жерге боз шоола жарык кирди. Жолборс жаткан жер капкара бадал, дүпүйөт. Ошо кезде жогортон аяктай таш ыргып келип дүп дей түштү. Жолборс кебелбегендей жымжырт. Кайрадан аяктай таш атылды. Курр эткен добуш чыкты да, Сарытай берген белгини түшүнгөн жигит бээсин жетелей акырын алга жылып, алды жагынан көзүн албай өзүнчө кобуроодо:

— Ай, баатыр, бегилик алып келдик. Алдыңа келдик. Ачууланба, баатыр, биз баратабыз. Коркутпасаң, кел достошолук. Ай, баатыр, баатыр! — Жигиттин үнү дирилдей өтө мээримдүү, өтө жумшак, ары муңайым. Жолборстун күр-күр эткен үнү чыгып, өзү көрүнбөйт. Бутактар сынып, бутактар качырай жылкы жетелегендер улам жакындай беришти.

Дирилдеген адам үнү басылган жок:

— Ай, баатыр, башыңды көтөр. Бегилик алып келдик. Тосуп ал, кабыл ал бегиликти. Билебиз: курсагың ток азыр. Эртең эле ачып калат да курсагың. Эртең да тамак керек, баатыр. Эринбей тутуп ал бегиликти. Ачууланба дейм, ачууланба. Жинденген болот бекен? Сенден өткөн шер, сенден өткөн эр жок. Кана, чык бери. Башыңды көтөрчү. Кана, көрүнүп кой.

Жолборстун үнү улам катуу чыгып, күрр-күрр эте курсагын көтөрө албай, ал дагы эле эринип, өзүнө келаткан үндөн анчалык коркпогон, аны тоотпогон түрү бар. Адамдар өтө жакын барып калгандыктан коңурсуган жылуу жыт ура, бээ кошкуруп артка кетенчиктей, кишенеп жиберди. Жигиттин үнү басылбайт.

— Ай, баатыр, тур эми. Мейман келсе тоотпогон уят да. Тур дейм, өйдө бол! Уктуңбу, бегиликке бээ алып келдик. Семиз бээ! Кел бери, тутуп ал. Жетелеп кет. Эрдик кыл, баатыр. Колум уялбасын, шер. Тирүү жандын баарына тамак керек. Баарыбыз кара курсак үчүн жашап жүрөбүз. Тамагы жоктун, дымагы жок, баатыр. Кана, өйдө бол. Көрүп эле койчу. Аябагандай семиз, таман казысы бар. Мына кишенеп жиберди. Коркуп атат. Кантст, жан керек да. Ай шер, туруп кой, көрүнүп кой! — Жерге таптаза жарык кирди. Жигиттин үнү басылбайт. Дирилдеген жумшак үн. Өзүнө коркунуч туудурбаган үндөн жолборс такыр чоочубады. Ал күрүлдөй ордунан турган бойдон башын чайкап, тили менен жалана керилди.

Арт жактан акмалай жылып келаткан Сарыттайлар мунун баарын көрүп турушат. Сыйыртмак ыргытууга аралык али алыс. Анын үстүнө бадал да аябай жыш эле. Төрт-беш кар баскан жаш жолборс экен. Аябай тойгон курсагы жер чийип турат. Жигиттин үнү дирилдеп, тынбады:

— Ай, баатыр, турдуңбу! Кана, бери бас учурашалык. Карачы күн чыгып келатат. Кара жерде тирдик башталды. Чык бери, маалкатпай. Көзүңдү көрсөт маалкатпай. Ал бегилигиңди. Мына карачы, коркконунан бээ сийип жиберди. Сенден коркпогон тирүү жан барбы? Шерлердин шери, жолборс, минтип алдыңа келдик. Кана, бассаң бери! Көзгө көрүнсөң эле мен бээни агытып жиберем. Билем, курсагың ток. Жебесең мейли: мууздап кой, тамактап эле кой. Курсагың ачканда жейсиң, баатыр. Баатыр, көп сурантпа!

Ошо кезде чын эле кан какшаган жигиттин тилине

жибигендей жолборс бадалды жирей чыгып башын созгон бойдон туруп калды. Муруттары кыймылдап, башын саландаткан ал тили менен жаланып «ырр-ырр» этип эч бир кебелбейт. Бээ чучуктай чыңырып кишенеп жиберди. Жолборстун илээнди турушунан жигит коркпогондой. Кол сала турган, секире турган түрү жок анын. Курсагы жер чийип токпейил. Анын үстүнө жырткыч да болсо адамдын жумшак, мээримдүү үнү аны арбап таштаган эле. Бет алдындагы жылкы жетелеген адамдардын өзүнө кол сала турган түрү жоктугун түшүндү. Токчулук, өтө тое жеген тамак айбандын да кыраакылыгын жоготуп, илээнди кылат тура. Анын үстүнө алдында титиреп жылкы турса кантет. Өзүнөн коркуп, калчылдаган жылкы тукуму жолборстун дилин ого бетер жумшарткан сыяктуу. Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат. Адамдын бал тили жолборстой жырткычтын да дилин ээритти.

— Ай шер! Кана, кичине баса түш! — Жолборс ордунан жылбай «ырр-ырр» этет.

Жолборстун башы бадалдан бери чыкпайт. Ыргытылган сыйыртмак мойнуна илинбесин билген алар ар бир кадамды көз менен өлчөп, көздөрүн жырткычтан албай, өтө сак, өтө кылдат. Ошо кезде эки бутун алдыга суна берип, жолборс боору менен жата калды. Жырткычтык сезим коё бербейт да, ал жатса да көзүн бет алдынан алган жок. Жырткыч менен адамдар канчалык тиктешип, кирпиктерин бир-бирине кадай сактанышса да, үйүр алыша түшкөнсүдү. Мына ушу кезде жаадай тездик менен кимдир бирөө секирип келип жолборстун үстүнө минип кулактан алган эле. Аны силкингенге үлгүртпөй дагы экинчи бирөө шап учкаша калды. Айласы кеткен жырткыч жаны чыга кыжырланып тура калмакчы болгондо, арткы эки бутунан алган күчтүү колдор жолборсту көчүктөн басып, боору менен сойлогон ал «ырр-ырр» эте алдыга жүткүнгөнгө мойнунан оролгон кыл чылбыр муунта шердин жаны көзүнө көрүндү да, оозун чоң ача берди эле ошо замат оозуна кемеч салынып, чытырата оролгон кыл аркандар буту-колун кыйып жибергенсиди. Ошентип тили саландап, үн чыгарууга жарай албаган кайран шер колго түштү. Адам тилинин сыйкырын, адам деген айры буттун амалын ошондо бир түшүнгөндүр кайран шер. Торпоктой болгон кызыл чаар жолборсту эми тоголото тээп ойносоң да айласы канча. Майлуу этке жык толгон карды саландай, бөйрөгүн кагып араң дем алууда. Кечээки эркиндиги, кечээки жыр-

галы бир [illegible]матта бүттү. Айры буттарды алыстан көргөндө, ж[illegible]шы эле саксынып, буйтап кетип, бет келип жолукп[illegible]о кылган аракети бекер эмес болчу да... Жоон кайынд[illegible]а төрт бутунан бекем байланган соң он жигит ийинде[illegible]е арта бадал ичинен араң көтөрүп чыгышты айдың[illegible]Күндүн муруту чачырап, сан жылкы батпаган касие[illegible]Каркыранын ичи жаткан экен кеңирсип. Чаап келат[illegible]топ жигит мергенчилерге жеткенде таңылган жолб[illegible]у көрүшүп, таңгала туруп калды. Аттар кошкуру[illegible]тар үркүп жакын жолобойт.

— [illegible]ырза, мөөрөй сиздики! Жолборстун үстүнө сиз секи[illegible]минип, кулактан албаганда биз даай албайт эле[illegible]ык шер экенсиз. Башыңан бак кетпей, жолуң ач[illegible]н.

[illegible]сарынын мактаганын капарына албагансыган С[illegible]ай мырза атына секирип минген бойдон кошунду к[illegible]й чаап жөнөдү.

[illegible]аш-аягына көз жеткис атактуу Каркыра өрөөнү к[illegible]дан бери мынчалык шаңга, ызы-чууга толбогон-[illegible]түмөндөгөн сан жылкы көпкөк шиберди жирей бирде уд[illegible]уургуй үркүп барып токтошсо, бирде күнгө соорулар[illegible]каркырата жайыла беришип, өз мекениндеги коңур-к[illegible]ак жайытына таптакыр окшобогон жаңы конуш жат[illegible]катып жаткандай, айтор, кишенеген айгыр жана ачуу к[illegible]йкырган үндөн кулак туна, карагайлуу жашыл этекке [illegible]игилген Сарытай мырзанын чатырынын тегерегинде да[illegible]адам аттуу батпайт. Кемегелерде казан-казан эт кайн[illegible]са, кере кулач серке чаначтардан сары кымыз куюлу[illegible] мырзанын каармандыгын алда кимдир бирөө комузга [illegible]ошуп ырдап жатты. Жакын айылдардан учурашканы ке[illegible]ишкен уруу өкүлдөрү Сарытайды тегеректей таң-тамаша, узун сөз арбыган кез. Таңдайын жанган ырчынын таттуу мактоосу, сыпайы айтылган кошоматтар өз касиетине тиешеси жоктой, жаш мырза мелтирейт, сынын бузбай бет алдын тиктеген боюнча сөзгө да аралашпайт. Чалкыган көпкөк асман, чатырай тийген күн алдында жортуулчу жигиттердин да кабактары ачык. Анан калса оңойбу, чидерленген тирүү жолборс, тогуз [illegible]кул[illegible]аш болгон түмөндөгөн сан жылкылуу олжо алард[illegible]ын [illegible]емсинүүсүн ого бетер арттырып, мына Каркырага [illegible]көндөн бери чери жазыла эс алышкан жигиттер, [illegible] мырзасы кандай буйрук берсе да, кылыч болуп ча[illegible]уга даяр. Жибек чатырдын желке жагындагы кар[illegible]лу[illegible]у черди жарып чыккан кашка суу кошундун бет ал[illegible]ан агып өтүп, суу жээгиндеги кемечтелген

жолборско катарлаш буттары кишенделе, колдору байланган ойроттор өз ара шыбырашмак турсун, айыгышкан душмандардан бетер бирин-бири карап да коюшпайт. Тунжураган бечаралар кантсе да, өз тагдырларына баш ийип калышкан эле.

Мына ушу кезде Сарытай мырза кокусунан суроо салды.

— Койсары, туткундар жуушап калыптыр го, деги сообу?

Койсары обдула берип:

— Калмактан өткөн кара мүртөз эл жок дешчү эле. Чын экен ал. Ооздоруна таруу куюп алгандай жатышат өлөрүн санап.

— Анда эле баарын келтир мында.

— Баса, мен дагы ынжылардын тили кесилгенго деп ойлогом. Келсинчи, чын эле тамырын бир тарталык. — Ниязбек мырза оюн чындын ортосунда ийнин күйшөп эрдемсинди.

Койсары сүр көрсөткөндөй ныгырды:

— Ниязбек мырза, салтта баш кесмей бар, тил кесмей жок.

— Тилине алы жетпегендердин кезинде тили силген. — Ниязбектин каны ичине тартты.

Койсарыны жооп берүүгө үлгүртпөстөн: — деди

— Койсары, келтириң ойротторду мын

Сарытай мырза. кообу тил

Шарт ордуна туруп бараткан Койсарь Ниязбек — учуна калганына бир чети өкүнгөн түрү баятан бери Сарыбагыш манабы Эсенгулдун уулу. Ап, көпчүлүк обдула көбүрөөк сүйлөп, өкүмүрөөк сүтерине кээде ичинде үстөмдүк кылган түрдө өз жиган жөнү бар. опурула да калат. Ниязбектин анте тун; Көтмалды-Касиеттүү Көлдүн күнгөй жагы бүт бойчейин Сарыбадан тартып, Жыргаландын ысык суусунса, Ниязбектин гыш журтчулугуна карайт. Анан кыр туугандардан. атасы Эсенгул менен Атаке-батыр кыр н Сарытай бүтүн-Андыктан, кыз Сырганы арзып келген Билгенге, бул жерледөй Сарыбагыш элине күйөө бала Сарытай мырза Ниязбектин жолу улуу. Чынында эл оордун, эл-журткайын агасына өйдө кароого акысыз. тең жарымын да тун саты да бул. Баса, Каркыраны болгон соң Сары-Сарыбагыштын малы жайлайт. Анда уулга келген сан тай мырза кайындарынын отун жор ери бейкам жылкынын туягына эздирип, эки күндөн уруунун беги жатканы үчүн айыпка жыгылсачы! Башка

ошенткенде капкачан эле иш чатагына айланмак. Бирок, Сарытай мырзаны айыпка жыгып, журт үстөмдүгүн кылууга Ниязбек өзү да батына албайт дечи. Атакебаатырдын сүрүнөн не кылса да чоочуйт. Анда эле туутан ортосундагы чатак ырбап, минтип туш-туштан душман алка жакадан алып турган чакта сөөк өчтүүлүк чыкпайбы. Ушуну түшүнүп турса да, Ниязбек дилинде Сарытайды көрө албай ичи тарып отурат. Бир эле ашуунун ары жагында жаткан сасык ойротторду чаап алуу ушу кезге чейин өзүнүн акылына келбептир да. Акылына келген күндө да Ниязбек даайт беле ага? Чапкынга өз жанына кайыл болгон, жүрөгүндө карасы жок жигит гана аттанат. Үйдө баатыр, жоодо жок. Анын сыңарындай өз жайытында жүргөн, өз жеринде жаткан Сарытайга кылыч көтөрүү Ниязбектин колунан келер бекен? Анда эле кан суудай төгүлөт. Анын үстүнө өзү байкап отурса — Сарытайдын жигиттери басса-турса да жоо жарагын таштабай, көз ачып жумганча кармаш чыгарууга даяр окшойт. Жеңишине шыктанган жигиттердин ра та... ушу кезде баары келмек. Аларда өлүмдөн кайБолбосо, Сары... урган түр жок. Ниязбек кашканын баамы чын. беле? Эр бол... ка...тайдын жигити Койсары ага каяша айтат чө ойлогон Ни... жыл...оң катылчы деп сес көрсөтүп койду. Өзүн-

Койсары ...шенбе...язбек сууй түштү.

айдай башт...ойдон.ошоктошкон тогуз туткунду алдына салып кандай да ...ашка...ганда эл жарыла ортосун ачты. Мына эми гарбаган Ни...күрсө...олбосун соогат өндүрүп калууну эсинен чы-

— Мырз...ит бо...язбек капылеттен:

бет алды. ...Элгеа, соогат, соогат! — деп, Сарыт... ...ы

Сарытай ...кы...

бек ачуулу ун...чер ...ебелбейт. Суроосу жоопсуз кал...ан Нияз-

— Соогат сур...эн...укту:

Сарытай ордун...а...ап жатам, күйөө!

— Мырза, соогатын...ан туруп сүйлөдү:

тын кантип эстен чыгарал... ...ызга жүз кыл к... йрук. Элдин сал-

— Аркачан жоомарттын...ыш...к...

Ниязбектин маңдайы жарыла ...чеке... жолу болот, мырза. —

бул тогуз ынжы бүт бойдон Атаке ба... ...көтөр... үп кетти. — Мына Карачы тогузу тең жараган азаматтар...дузга ...атырга буйрабы? роттордун эң алдындагы жыйырмалар... ...дан экен. — Ойзыга тиктеди Ниязбек. ...Ата...дагы жигитке к...

...эмес. А... ...ала-

Эмнегедир, Сарытай ошондо шарт а... ченде ...йт... башта-

— Ниязбек, мырза, алыңыз ушуну. ...чү. Ошондо гана биз

Ниязбекти тиктеп турган ойрот кебелбестен кыргызча сүйлөдү.

— Мырза, мени соогатка буйра албайсыз.

— Эмне үчүн? — Олжосу колунан чыкчудан бетер Ниязбек шашып кетти.

Туткун жооп берди.

— Эмне үчүн дейсизби, Ниязбек мырза? Жигиттин көзү күйүп, эч кимден жалтанар түрү жок. — Эмне үчүн дегенде, мен кыргызмын.

— Кыргыз болсоң эмне экен?

Ниязбекти карабастан эми ал Сарытайга көзүн кадады:

— Туткунга мен өзүм атайлап түшүп бердим. Ойроттордун жылкысын кошо айдашып, өзүм кошулдум силерге.

— Анын эмнеси бар! — деп, Ниязбек кызаңдады. — Мурда калмактардын жылкысын кайтарсаң, эми менин жылкымды бак.

Жигит өзүнчө кебелбейт.

— Кул аталгым келбейт, мырза...

Ниязбектин ачуусу келди:

— Мунун кыйынын. Элине келип өз мыр...
кысын күзөтсөң эмне экен.

— Өз элиме келип, кул болгум келбейт. ...ай мырза

— Өлө албай жатып өлөң айтат. Са... туткунду соогатыңа ракмат? — Ниязбек өз жигит...
бөлүп кетүүсүн өтүндү.

Туткун жигит дагы эле тайманбады. ...ул. Отуз

— Сарытай мырза, менин уруум — оту...үшүнгөн-
уул...ар оңой менен биреөгө кул болгон эме...л кыргыз
гө отуз ...үл — кыргыздын уюткусу. Оту...гит Нияз-
атанын түп... ...кү урууларынан. — Андан ары...рыңардан
бекти тиктеп ...туруп айтты: — Менин жолу...
улуу. Мен агаң... ...рдын тукумунан болом. ...ле колун. —
...утундагы кишенди. ...

— Алгыла б... ...эн буйрук берди. ...бутундагы кишен
Сарытай каплетт... ...сунда тутку...

Заматтын орто... ...лди.
алынып, колу чечи... ...калган ...итке Сарытай:

Селейип туруп ... төмөн жагынан орун көрсөттү.

— Отур, — деп ...тин далысына жабышкан туткундун

Бошогон жиги...эндө Сарытай кайрадан кол жаңсады:
бети ачыла түшк... ...ырза, алгын мобуну. Буюрганы ушул.
жы. Ниязбек м... ...ан туткун Сарытайды жалооруй тик-
жаткан ...к алг...

— Ал менин иним. Бир тууганым, аке.

Ниязбек чаңырып жиберди:

— Бу эмне деген кеп?

Сарытай таңгалды:

— Койчу?

— Чын эле, аке?!

— Ишенбейм, — деди жаны күйгөн Ниязбек. — Ынжы, сен капыр кууланып жатасың. Алдагың келеби баарыбызды!

Жигит кебелбеди.

— Ниязбек мырза, азыр алдасам, ал эртең эле төгүнгө чыгып калат да. Мен өз элиме келип карабеттик менен азаттык алгым келбейт. Башка жерде калп айтсам, да, тууганым басыздардын кылыч тамгасынан чыккан Сарытай мырзаны кантип алдайын.

— Азамат-эй, билет тура тегин, — дешти баятан бери күбө болуп отургандар.

— Колу-бутун чечкиле! — бурк этти Сарытай.

Айласы түгөнгөн Ниязбек туткунду какшыктады.

— Дагы бир туугандарың бардыр мына бул ынжылардын арасында?

Жигит жооп айтты:

— Жок, калган жетөө тең калмак.

— Ынжыларга кантип кабылдыңар? — Ниязбек дагы эле ишенбегендей. — Чачыңар да өрүлгөн, кейпиңер да бүт бойдон калмак.

— Башка түшсө байтал жорго, мырза. Бөрүнүн арасында жүрсө бөрүгө окшойт адам баласы. Ит менен жүрсө ит болуп үрөт. Айласыздан туткунда жүрдүк шор кайнап. Элге качып кетсек дегенде эки көз төрт эле. Энебизди кыйбадык.

— Энеңер да бар беле? — Сарытай кызыга түштү.

— Колго энебиз да кошо түшкөн.

— Кандайча? — Отургандар кызыга түштү.

— Биздин туугандардын көпчүлүгү Кара-Кулжа менен Алай жакта деп укчумун. Бир уруу журт жайкысын Текести жайлап, кышында Кундузга көчүп келчүбүз. Жайында Кундузду мекендегенден коркушат. Себеби, Кундузда уулуу жыландар аябагандай көп. Өзгөчө жылкы баласы жыландын уусун көтөрө албайт экен, чакса эле өлөт. Ошондуктан биз Кундузга кышында келчүбүз. Кышында ал жер отко мол. Атамдын түмөндөгөн жылкысы кыш бою этинен азчу эмес. Аякта жазгы алашалбыртта эле жыландар ойгонуп, ченден чыга башташат. Тим эле боз үйгө кирип келишчү. Ошондо гана биз

журт которуп кетчүбүз. Ал жылы жаңыдан жаз кылтыйганда бизди ойроттор басты. Көп кол менен келиптир. Биз камыналбай калдык. Атам баш болгон жигиттер аябай эле кармашты. Айла жок, ойроттор көп экен, кырылып калдык. Ойроттор колуна тийгендерди бизчилеп мууздабайт, белин гана сындырып таштай беришет. Башына келтек тийип кансырап жаткан атамдын белин сындырган калмактар ит-кушка жем болсун деп жардан алыс ыргытып жибергенин кийин уктум. Айылдагы катын-калач, бала-бакыра коргоосуз калдык. Калмактар тестиер балдарга чейин кырып жиберишти. Мен анда жетиде, иним беште болчу. Апам бизди бооруна басып чыркырады. Анан жоо башы Маркашка бизге тийгизген жок. Апам чырайлуу адам эле. Көрсө кызыгыптыр. Айылына барганда катындыкка алды. Бизге айтканы ушул: кыргызча сүйлөсөңөр бооруңарды тилем. Биз сасыган калмактардын көзүнчө өз тилибизче такыр сүйлөшчү эмеспиз. Ээн жүргөндө гана тилибизди унутпас үчүн мына бу иним экөөбүз такай сүйлөшөр элек. Кийин энем дагы үч бала тууду. Алар нака эле калмак. Тил билишпейт. Бой тартканда эптеп качып кеткиле дечү энебиз. Өзү да кыргызды эстегенде көз жашын көлдөтүп ыйлай берет. Качып кетиш оңой эле болчу. Бирок биз энебизди кыя албай, анан калса салт кетпей, жылкы тийип кеткенге оңутун келтире албай жүрдүк. Биз менен кошо кеткенде энебиз бир чети калмак балдарын кантет? Ичтен чыккан ийри жылан. Ошол чын тура.

Сарытай сурап калды:

— Ысмың ким, үкөм?

— Атамдын азан чакырып койгону — Багдөөлөт. Ойротто жүргөндө Кутчу аталып калгам. Алар эмнегедир кыргыздын көбүн Кутчу дей беришет.

— Үкөңдүкүчү?

— Иним — Нурдөөлөт. Ойроттор аны Жутчу дешет.

— Багдөөлөт үкөм, Нурдөөлөт экөөңөр мындан ары менин жигиттериме кошул. Азыр сууга жуунуп, чач алдырып дегендей... Койсары, туугандарга таза кийим тап, үстүндөгү салбарларын өрттөп салышсын. Мындан ары экөө тең мага жан жигит, бир чети ини болот.

Багдөөлөт мырзанын айтканына кубанган жок. Ал башын ийип өтүндү:

— Мырза, элден мурда бир тилегимди айтып калайын. Рахым этиң!

— Айт! — деди, Сарытай.

— Бизди кошуп ала көрбөңүз.

Сарытай чочуп кетти:

— Эмнеге?

— Мырзанын кошуну бизге ылайык келбейт...

— Кантип?

— Себеби бар. Айыпка жыкпаң, мырза.

— Кандайча себеп? Өзүмдүн жанымда жүрөсүңөр такай.

— Анда эле курудук.

— Айта бер, чоочулабай.

— Болбойт, мырза.

Сарытай чындап өтүндү:

— Алынып кетесиңер элге. Эч ким кор тутпайт.

— Кыйылып барып оюн айтты:

— Ошондо да биздин кул атыбыз өчпөйт.

— Кантип?

— Качан да болсо оосар сүйлөгөндөр четтен чыгар.

— Кордоочуларбы?

— Чапкында келген кул деген ысым жети атага чейин айтыла берер. Урпактарга доо кетет, жаман аттуусу калат. Анда эле бала-бакыра бизге наалат айтпайбы!

— Кандай кылалык дейсиңер?

— Эл журтка келдик. Каалаган жерди өзүбүз издейлик.

— Мейли анда, башыңар бош!

— Ыраазыбыз, мырза. Көшөгөң көгөрүп, кудай тилегиңе жеткирсин.

Сарытай ыраазы боло түштү:

— Мындан ары төрт тарабыңар кыбыла! Кайсы жер жакса, кайсы жерде кыргыз болсо батып жашай бергиле.

— Жакшылыгыңды эки дүйнөдө унутпайбыз, мырза!

— Сан жылкыдан энчилерин бөлүп бер, Койсары.

— Орун-очок алсак, акыры издеп барабыз өзүңдү, мырза!

— Жолуңар ачылсын!

Ниязбек кашка сөзгө аралашты:

— Мырза, соогат кантти?

— Мына бул жактан жети ойроттун бирин тандап алыңыз.

Ниязбектин бир жигити кошоктолгон ойроттордун ичинен он тогуздар чамасындагы ылжыраган саргычын кошундан ары сүйрөп кетти...

— Кап, баатырга жети кул тартууласак болбойт беле. — Койсары кейип алды.

— Ниязбек кебелбейт.

— Алты кул оңойбу! Баатырдын такыясына тар келбес.

Сарытай Багдөөлөткө кайрылды.

— Кыргызча сүйлөйбү буларың?

— Эч кимиси тил билбейт.

— Сурачы анда, ичинде улуусу ким?

— Чөкүлдөн улуу эч ким жок! — деп, чачы аркасына өрүлгөн, бакжайган ойротту көрсөттү. Анын жашы кырктар чамасында эле. Ошо кезде алар менен өз ара сүйлөшө кеткен Багдөөлөттү тыңшап туруп Ниязбек кашка бушуркөдү:

— Жана биз менен сүйлөшүп жатканда мынабу көзүмө кыргыздай көрүнгөн. Азыр ынжылардын арасында кадимки ынжынын өзү болуп калды. Ойроттор менен сүйлөшүп жаткан Багдөөлөт чынында алардан караманча айрып алгыс эле. Өзү да кызыга түшкөн Сарытай Багдөөлөттөн сурады:

— Туткундар эмне дейт?

— Мал-мүлкүбүздүн баарынан айрылдык. Өзүбүздү коё берсин деп жатышат.

Сарытай кабак чытыды:

— Кыргыздын контайжисине бегилик кылабыз. Эмне дешер экен, айтчы ойротторго ушуну.

Алар менен далайга сүйлөшө түшкөн Багдөөлөт тигилердин оюн Сарытайга которду:

— Мырза зордоп алып барган күндө да качып кетебиз дешет.

Сарытайга сурданды.

— Карасаң дешкендерин. Чын эле качып кетсечи, ыя!

— Булардай карамүртөз, жан кечти эл жок. Айтканынан оңой менен баш тартышпайт.

— Карасаң буларды, — деп Койсарынын жаны күйдү.

Эмнегедир Ниязбек кашка кебелбейт:

— Сарытай мырза, ага сен көп баш оорутпа! Баатырдын колуна тийгизсең болду да. Кара башыл кулдарын качырса өзүнөн көрсүн. Айласын өзү тапсын, андай эле баатыр экен...

Ниязбектин айтканы Сарытайга жакпай калды.

— Ойроттордун качып кетүүсүн мен каалабай турам.

Ниязбек кашка кытмыр күлдү:

— Менин сасык кулум эч убакта качпайт.

Койсары:

— Эмне, орго саласызбы?

— Орго да салбайм! Төрт тарабың кыбыла деп туруп бош коё берем.

Сарытай таңгалды:

— Чын элеби?

— Чын эмей, бирок аны мен эч качан качпай турган кылам.

— Кантип?

— Ал оңой, мырза!

— Билсек болор бекен? — дешти, отургандардын бир тобу.

— Үйрөнүп алгыла, анын жайын айтып берейин. — — Ниязбек кыт-кыт күлдү. — Туткундардын согончокторун тилип, анан эт менен теринин ортосуна жылкынын мапмайда кылын салып туруп, кайра терини тигип таштаса, бир айга жетпей жарат бүтөт. Күлбото кыл этке жабышып, эт менен эт болуп ичинде калат. Анан бул шордуу алыс басып, качып көрсүн. Бир үй менен экинчи үйдүн ортосундагы кемегени айланчыктай от жага, отун алып, эмгектенгенге жарайт. Бечаранын кызына башын байлап койсоң андан да сонун болот. Бала-бакырасына каралап кала берет да...

— Андай кул тузакты биз да билебиз, — дешти бир топтору.

Өзүнчө тунжураган Сарытай сөзгө аралашкысы келбегендей Багдөөлөттөн:

— Демек, баары бир качып кетет экен да, — деп какшыктай сурады.

— Сак болбосо, качып кетиши бышык, мырза.

— Аны ойлонолук, андан көрө айтчы, кимдер булардын уруулары.

— Чөкүлдөн башкасыныкын билбейм.

— Чөкүлдүкү ким?

— Дербет болот уруусу. Калгандары менен мурда тааныш эмес элем. Алар Иленин боюнан туткундалды.

— Анда сурап көр?

Багдөөлөт ойроттор менен сүйлөшө кетти.

— Мырзага өзүбүз айтабыз деп жатышат. Сурай бериңиз мен которуп берем.

— Андай болсо өздөрү четинен айта беришсин!

Эки ойрот катары менен тура калып удаа-удаа жооп берди:

— Мен — Дербет.

— Мен — Дербет.

— Демек булар Чөкү менен уруулаш экен да.

— Ооба, деп бышыктады Бакдөөлөт.

— Калгандары айтсын, — деди Сарытай.

— Байит!

— Кошут!

— Торгойот!

Акыркы торгойотмун дегени былдырай бир нерселерди айта баштады. Багдөөлөт которду:

— Ойроттун төрөсүнүн тукумунанмын дейт. Қое берсе, тууган-уругу көп экен, кун төлөп берерин айтып жатат.

— Төрөнүн тукуму боло туруп жылкы кайтарганы кандай?

— Мырза, калмактын төрөлөрү жылкы күзөткөндү эрөөн көрүшпөйт.

— Айтып кой: бир ойроттун кунун сурап Жунгарга бармак белем. Тапкан акылын.

Ойрот кайра сурады:

— Бул дайыма эрөөлгө чыкчу экен, — деп которду Бакдөөлөт. — Күрөшүп, найзалашууга, жаа атып кылычташууга, баарына жарайм дейт. Мырзанын эки жигитине жалгыз чыгам, эгер жеңилип калсам силерге түбөлүк кулмун деп атат.

— Ансыз деле кул. Бөөдө жерден жигиттерди өлүмгө жумшай албайм.

Сөзгө Ниязбек аралашты:

— Ынжылардан өткөн балит, арам эл болбойт. Буларды жакшы билебиз. Ылайым агын сууга бутун малышпайт. Киринип-тазаруу деген жок буларда. Үстүнө салганы чирип, эзилип этине токтобой калганга чейин кийим которушпайт. Өлсө да казан-аягын жуушпайт: Ити-кушу дебей бардыгы тамакты чогуу ичишет. Эт бир кайнаса эле ар кимиси бирден казан башынан тартып алышып, карышкырча үзүп-жулуп жей бермей. Карачы, бир азга кашыбызга келгенге коңурсуп, сасып — жытына адам чыдагыс. Буларды көп алпечтебей, тамандарын тил, мен айткандай кылбасаң бу жан кечтилердин качып кетишери анык.

— Кулдугум бар, мырза! Кеңеш айтууга уруксат бериңиз. — Багдөөлөт Сарытайдан өтүндү:

— Айт, — деди Сарытай.

— Мырзам, байкуштардын таманын тилип кыйнаганда не пайда. Андан көрө..

Ниязбек сөздү жулуп алды:

— Эй, сен ынжыларга жан тартканды коюп, өз жайынды билсеңчи.

Багдөөлөт тырчый түштү:

— Мен калмактарга жан тартпайм. Мырзага керектүү кеңеш айтмакчымын.

— Карасаң, жок жерден кеңешчи болуп чыга келбедиби!

Сарытай акырын зекиди:

— Айтып көрсүнчү. Кеңешип кескен бармак оорубайт.

— Калмактар мусулман эмес. Буларда дин жок, — деп баштады Бакдөөлөт. — Ташка, отко сыйынып коюп жүрө беришет. Азыр буларды таза жуунтуп, чачын алып, сүннөткө отургузуп койсо эле эч жакка кача албай калышат. Мусулман болуудан аябай коркушат. Эгер элине качып барган күндө да, сүннөткө алынганы билинсе кабыргасын тилип, жүрөгүн сууруп алышат. Өлтүрүп коюшат. Көрөсүңөр сүннөткө отургузулгандан кийин өздөрү деле кача албайт.

— Азамат эй, туура акыл айтты.

— Ак сөз экен, — дешти кеңеш кургандар.

Сарытай дароо буйруду:

— Багдөөлөттүкүн туура таптым. Даярдагыла сүннөткө.

Сүннөт деген сөздү укканда ойроттор дүргүй түштү. Мырзанын буйругун которуп бергенде өзгөчө Чөкү байланган колун булкуй, томолонуп кетип, башы менен жер сүзө не бир токтосочу.

— Ынжыга эмне болду? — дешти карап тургандар.

Багдөөлөт боор тарткандай унчукту:

— Сүннөткө отурганча өлгөнүм жакшы дейт.

Ниязбек күлдү:

— Өлө албайт, жан таттуу.

Туткундарды топтон бөлө жетелегенде Чөкү калмак бет алдына жыгылып, Сарытай мырзага бир нерселерди сүйлөй баштады:

— Которчу? — деди Сарытай.

— Мейли, мусулман болоюн дейт. Бирок өтүнчү бар экен.

Сарытай ныгырды:

— Айтсын.

— Сүннөткө отургузардан мурда колу-бутун бош коюуну өтүнүп жатат.

Ниязбек жырып кетти:

— Бош койбогондо чидерлеп таштачу беле.

— Тилегин аткарабыз, анан дагы?

— Онагы кыл чокунун башына чыгып: өз кудайым, көкөтеңирге акыркы жолу сыйынып алайын дейт. Мен билем го, булар сүлдөгө, ташка сыйынышат, көккө табынышат...

— Кыргыз баласы деле көктү ыйык көрүп, ага сыйына берет. Анын эмнеси бар — Ниязбек кайрадан кепти ала качты.

Сарытай мырза бет алдындагы көк чокуну тиктей ойлоно түшкөн эле. Чокунун үстүндө жалгыз бүркүт айланууда. Эмнегедир, Сарытай башынан бүркүттүн турмушуна суктанып, ага таңгалгандан тажабайт. Кыраан дайыма жалгыз жүрөт, жалгыздыктан ал рахат алат. Рас, бүркүт айланган жерде карга-кузгун жана жорулар батпай чыгат дечи. Бүркүт аларды жанынан куубайт, аларга көңүл да бурбайт. Алар бүркүттөн калган тарпты жейт, ошого ыраазы. Эл башкарып, кыраан чыккан адам баласы менен бүркүт бирдейби... Мына өз керт башынан улам ушул ойго келди ал. Өзү да алдына максат коюп, бийликке умтулгандан бери — дилинде жалгыз. Санаасы тээ алыста, бийикте, бирөөлөр менен сүйлөшүп, эл арасында жүргөн менен жолдош-жородон алыстап, аларга кошулгусу келбей боюн бирөөлөрдөн оолак тутуу, эч кимге ачылып, сыр алдырбоо адатка айланды. Мурда канчалык катуу, суз көрүнсө, азыр кара таштай ого бетер мээримсиз. Дымыйт, көбүнчө унчукпай, кыска сүйлөйт. Бул жарык дүйнөдө — адамды барктуу кылган жалгыз гана бийлик, мансап. Мансап колдон кеткенде жолдо бараткан кайырчы да сага жүзүн үйрүп, ызырынып өтөт. Ооба, атасы айткандай: чөлдөгү кулан кулаганда, кулагынын үстүндө кургак бака чардайт. Чынында эле бийлиги, мансабы жок болсо — — көтөн жүнү көгала болгон Атаке баатырдын алдына кол куушуруп келет беле Сарытай. Дөөгүрсүгөн Ниязбек кашканын сөзүнө чыдайт беле. Кыз затынын не бир чырайлуусу Кокондо го. Чекесинен чертип туруп, тандап алмак алардын бирин катындыкка. Жергилигинен мансапкор жигит ушуларды ойлойт. Ал өзү ошентип кара таштай ката түшкөндө, эки буту тайтайып кебелбей басып бараткан Чөкү калмакты тиктей көпчүлүк алаксый түшкөн болчу. Кыйшык бут Чөкүнүн кең далысына түшкөн бир өрүм кыска чачы бар. Шалбыраган жаргак шым; үстүндө кыпкыска таар чепкен, жаракчан төрт жигит анын эки жагында жайма-жай бастырып, жөө басканга көнбөгөн Чөкү кебелбейт, шашпайт.

— Аябагандай чыдамдуу, ит жандуу эме, — деп Багдөөлөт катырып койгондой кыймылсыз турган Сарытай мырзага акырын шыбырады. — Кышында кулагына тоңгон музду камчысы менен кагып коюп кебелбей жүрө берет. Эр сайышта, жаа тартып, чокмор алып жекеге чыкканда эч кимден жеңилип көрө элек. Жеткен эр, жеткен кара мүртөз.

Угуп жатам дегендей Багдөөлөттүн аңгемесине бир аз кызыга түшкөн Сарытай мырза жүзүн ага саал бур-

гандай болду. Ошого эргий түштүбү, Багдөөлөт аңгемесин улай берди.

— Мырза, Чөкү калмактын катыны укмуштай сулуу. Ал илелик казак төрөсүнүн кызы.

Сарытай ого бетер кызыга түштү белем:

— Сулуу казак кызы ушуга кантип тийди? — деп акырын сурап койду.

— Болгондо да чүрөктөй сулуу жан, аке!

— Ата көрү ээй, кандайча тийди ал сулуу, мына ушул сасыган калмакка? — Багдөөлөттүн аңгемесин кулагы чалган Ниязбек кашка кепке аралашты.

— Сулуу кыз, мага катын бол деп Чөкү калмак анын макулдугун сураптырбы! Иле дарыясынын боюнда бейкам жаткан бир журтчулукту чаап алганда, кыз Чөкүнүн колуна түшүптүр. Ал кезде Котондун мыктысы, кашкасы Семер ойрот эле. Семер төрө көрсө тартып алат деп корккон Чөкү эки-үч жылга чейин эл-журтка көрүнбөй жүрөт. Кийинчерээк бала-чакалуу болгондо Чөкү баалуу бегилик алып, Семердин алдына келген дешет. Өзү ал жөнүндө эч нерсе айтпайт. Чөкүнүн баатырлыгын жакшы билген Семер ага ачууланбаптыр. Аялыңды көрөйүн деп бир жолу анын үйүнө барып, келиндин сулуулугуна аябай таңгалыптыр. Анан жыл бою Чөкүнү жылкынын күзөтүнө айдап жиберип, үйүндө түнөп кетчү деп айтышат.

Ниязбек сөгүндү:

— Атаңдын оозун урайын, дагы баатыр имиш. Ошого чыдап жүрө бериптирби урган Чөкү.

— Баатыр, калмактарда аны эрөөн көрбөйт.

Ниязбек каткыра күлдү:

— Тамаша, ошондойбу?

— Мен силерге Чөкүнүн аялынын башка жоругун айтып берейин.

— Айта бер, — деди Ниязбек. — Ошо кезде Чөкү асканын белине чейин тырмышып чыгып калган эле.

Багдөөлөт аңгемесин мындайча улады:

— Бир курдай калмактар Иленин боюнда көчүп-конуп жүрүшкөндө, Чөкүнүн аялы атасыныкына качып кетиптир.

— Ие, тамаша, — Ниязбек кубаттап койду. — Анан?

— Сууга барган жеринен келин бир тааныш казакка жолугуп калат. Ал төркүнү келинге атасы жайлаган жайлоону так айтып бериптир. Анда Чөкү жылкыда жүрсө керек. Келин түн ичинде балдары уктаганда, күлүк атты токуп минип, кайрылып келгис болуп, жүрүп кеткен экен. Аялы кеткенин укканда ылайым капа-

лыгын билдирбеген Чөкү, жер сабап аябай ыйлаган дешчү. Бирок көп өтпөй келин кайра келсе болобу.

— Тамашаң түшкүр, өзү каалаппы? — деди, Ниязбек.

— Өзү кайдан кааласын! Атасы аттандырып жибериптир.

— Атасыбы? — дешти, эми аңгемеге кызыккан көпчүлүк.

— Келиндин алдына көп мал айдатып, бир топ кызкелин менен жигиттер жеткирип келишти.

— Айта бер, — көпчүлүк жаалап кетти.

— Окуя мындайча болот. Кызды айылы, ата-энеси баш болуп аябай кубанып тосуп алышат. Кыз төркүнүнө үч-төрт айча туруп калса керек. Анан кантсе да бала-бакырасын сагынып, эрин ойлойт да. Келин үйүнөн чыгып баратканда колуна тийгени ошолбу, айтор, эринин жаргак шымын ала кетиптир. Бир курдай эринин шымын жайып коюп аны тиктеп отурса, байкоосуздан атасы үстүнө кирип келет. Кыз атасынан шымды катa албай калат. Эки адамдын кере кучагына тең келген шымды тиктеп туруп атасы сурайт: «Эриндикиби?» Келин кантмек эле: «Ооба» деп чынын айтат. Аңгыча байбичеси үстүнө кирип келет. Анан атасы акеси менен шешесин калтырбай сөгүп туруп: «Ушундай баатыр күйөөнү чанган катынды кусур урат. Мындан башка эрге, эми өзүң да чыдабайсың, көнбөйсүң» деп, кызын качып келди кылбай, төркүлөп келиптир деген шылтоо менен кайра жеткирип таштапты.

Ошо кезде эл чурулдап калды:

— Опей, карасаңар тигинин жоругун, капырай!

Көпчүлүк жапырт асканын төбөсүн тиктей беришти. Чөкү кадимки эле кыргыздын бакшыларынча чокуга туруп алып, алаканын жая көктү тиктей кыйкырып, секирип, секирип жаткан болчу. Бирок анын тамашасы көпкө созулган жок. Эл кызыгып карай бергенче, ал ошол колун көккө созгон боюнча күүлөнүп келип боюн аскадан ары таштап жиберди.

— Опей, ботом, — дешти бир топтор.

Кебелбей тиктеп турган Сарытай мырзанын кашы да жыйрылган жок.

— Анда эмесе, камынгыла! — Ал Койсарыга багыштап сүйлөдү. — Сүннөткө алып жатканда калгандарына сак болгула, бөөдө жерден майып болушпасын, — деп коюп басып кетти.

— Калгандары өз жандарын кыюуга бара албайт, —

деди Багдөөлөт. — Айтпадым беле башында, кара мұртөз Чөкү гана ушуга бармак.

Сарытайды жандай басып бараткан Ниязбек кашка Атаке баатыр жактан келген өзүнө тааныш бир жигитке карап үнүн бек чыгарды:

— Ңакай, сени колуң жеңил деп укчу элек. Калган беш калмакты сүннөткө өзүң ал. Териси ширидей болуп катып калгандыр. Абайла, кабылдап кетпесин.

Багдөөлөт акырын кошумчалады:

— Жараты кабылдап өлгөн калмакты мен өмүрүмдө көрө элекмин.

Ээрчий баскан Койсарыга Сарытай акырын буйруду:

— Жылкыларды айдай бергиле. Биз дагы артыңардан жөнөйбүз бүгүн эле.

Кошун козголуп, кымгуут түшүп калды. Ошо кезде чаап келген төрт жигит Сарытай мырзага жете бербей кыйкыра сүйлөштү:

— Тиги арбак урган ынжы боюн аскадан таштаарда тийбегиле дегендей ишаарат кылды. Түшкөн жерине барсак мээси жайнап калыптыр. Киши дит багып карай ала турган эмес. Козгогон жокпуз.

Көпчүлүк бир ооздон унчукту:

— Калмактар ылайым сөөгүн жерге жашырбайт. Алардын расымында өлгөндөрдүн денеси муздай электе эле талаага сүйрөп барып ташташат. Тарпын калтырбай ит-куш жеп кетсе — маркумдун жаны жаннаттан жай алганы деп түшүнүшөт капырлар.

Эртеси кошун Көтмалдыга жакындай берди. Түш ооп калган кез. Асман ачык, көгүш тарта булоолонгон Ысык-Көл тунуп, көл бетинде ак куулар, каз-өрдөк батпай, коңур күз өкүм сүрүп турганына карабастан бул касиеттүү татынакай жаныбарлар жылуу жактагы кышкы мекенине кете турган көөнү жок, алда неден чоочуп да коюшпай бейкут. Кошундан анча алыстабаган Сарытай мырзанын жанында беш-алты жигит. Алар анча катуу унчугушпайт. Сарытай мырза көп сүйлөбөгөн соң, калгандары да үнүн бийик чыгарышпай, бирок арттагы кошундун добушунан талаа жаңырууда. Аларды кой деген, тыйган эч ким жок. Эртеден бери ооздору тыйылбай, баарынын тең көңүлдөрү куунак, бака-шака түшүшө ай талааны жаңырткан шат күлкү. Алардын тамашасын уга жүрөлүк дейби, Сарытай ат тизгинин жыйып, өзүнчө дымыйт. Кошун улам жакындаган сайын сүйлөшкөн сөздөрү, тамашалашкандары кулакка даана угула берди. Байкашса, ээрге жакшылыктуу отура алышпай чалкалай беришип, жан айласын таппай

ургүлүшкөн, тунжурашкан беш калмакты шылдыңбай ырга кошуп келатышкан экен. Атаке баатырдын айлынан кошулган Бөбүй ыр-күүгө шыктуу келе турган. Ошонун үнү чыккан сайын кошун кыраан катып жыгылып калчудай ээрдин кашына өбөктөй беришет. Бөбүйдүн өз аты — Ботокан. Ал саяк уруусунан чыккан кичинекей бөбүй деген журтчулуктан болгондуктан баарысы тең Бөбүй дешчү. Ботокандын ыры кичине ороюраак, ары тамашалуу эле. Ал өзүнүн Накай досунун калмактарды сүннөткө алган жерин ырга кошуп, кошунду күлдүрүп келаткан экен.

Ботокандын чыгарган ыры эл оозунда али сакталып, ырдалып жүргөнүн өз кулагыбыз менен далай жолу эшиткенбиз. Демек, ырды өзүбүз чыгарбаган соң, окуучулардан кечирим сурап, кантсе да аны келтире кетүүнү ылайык көрдүк. Андыктан, бул дастанды окуп жаткан кары-жаш мени туура түшүнөт деп үмүттөнөм. Баса, Бөбүй-Ботокандын ырынын маанисин жеткилең түшүнгөн Сарытайдын жанындагылар адегенде бир күлүп алышты да, анан ичинен кимдир бирөө арттагыларды тыймакчы болуп кылчая бергенде, Сарытай аны токтотуп койду:

— Ортолорун суутпа, тамаша токтобосун. Узун жолду кыскартканга не жетсин.

Ошондо көпчүлүктүн каалоосу боюнча Ботокан минтип кайталады:

Чике ынжынын киндигин...
Накай кескен эмеспи.
Бүрүк болуп калат деп
Устараны тууралап
Такай кескен эмеспи.
Бычак кеспей ыргытып,
Балта кескен эмеспи,
Кокус тайып кетет деп
Тарта кескен эмеспи.
Шөкүлөсүн кайчылап
Жара кескен эмеспи,
Сөңгөк болуп калат деп
Жана бир кескен эмеспи...

Кошун арасы кайрадан кыраан катты, Сарытайдын жанындагылар да бырс күлүшүп, жаш мырза өзү да бир сыйра жылмайып алды. Чоң олжо менен келаткандардын ичинде Атаке баатыр кызын узатпай коёт деп күмөн саноо жок эле. Алдыдагы чоң той кыз-оюндун шаан-шөкөтү жигиттердин делебесин козгоп, Сары-

Өзөнгө улам жакындаган сайын алардын жарпы жазылууда. Кабактары тырышып жараты жанын кыйнаган беш калмак менен эч кимдин иши жок, аларды качып кетет деп санааларына да кирбейт. Динден чыккан өз балдарын качып барган күндө да, адатты бек туткан тууган-уругу өлтүрүп таштаары бышык. Ошондуктанбы, беш калмак өз тагдырлары менен алда качан эле элдешип калышкан болчу.

* * *

Ошентип, Атаке баатырдын кызы Сыргага 1786-жылдын коңур күзүндө өзгөндүк Басыз уруусунун кылыч тамгасынан чыккан Сарытай мырзанын үйлөнгөнү кашкайган чындык. Бирок, Атаке баатыр кызын аземдүү чоң той берип, шаан-шөкөт менен узата албай калганы да элге маалым.

Эмесе кеп ошол жөнүндө.

Кошун ылдыйлап, көл кылаасы алыстай бергенде алдыраак ченде жанталаша чаап келаткан атчан көзгө чалдыкты. Кошун аярлай калган эле. Айткандай, чабарман Атакенин айылынан, Сары Өзөндөн чыгыптыр. Кабарчынын айтканы боюнча ошол учурда Сары Өзөнгө күтүлбөгөн жерден жоо тийиптир да, кокуйлаган катын-калач менен үрөйү учкан элди араң тыйган Атаке баатыр туш-тушка чабарман жиберип, өзү болсо күндөп-түндөп кол курай баштаган экен. Ансыз деле атжарагы дайым даяр көчмөн элден заматта түмөн кол жыйыла калчу андай кезде. Эс тартканы бирде бөрүчө качырып, кээде түлкүчө качып ойт берип, далай салгылашты, чапкынды башынан өткөргөн Атаке баатыр катылган жоого оңой эле кол куушуруп туруп берген жолбашчылардан эмес эле анда. Баса, кол баштап, өзү катылбаган элге жоо болуп келген адам өткөн-кеткен кербендерди талап, чөлдүн бөрүсү аталган, Атакенин илгертен берки душманы казактын Теке баатыры болуп чыкты. Аблайдын чапкынынан кийин казак-кыргыздын ортосу тынчып калган. Өтмө катар боордош эки эл кыз берип, кыз алышып дегендей илгерки ынтымагы, журтчулугу чыңала, жакшылыкка чогуу кубанышып, жаманчылыкта бирге болушуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып калган чакта Теке баатарды кайсы кара теке сүздү? Ким кайрады аны өзүнө каршы. Же дагы эле касиеттүү Кан-Тоону бүтүндөй басып алып, жалгыз чардасам деп ойлойбу? Эч ким менен көп сүйлөшпөй: буйрук берип, кеп уккандан башканы сүйбөгөн Атаке баа-

тыр өзүнчө туруп ушулар жөнүндө ойлойт. Аңсыз деле казак туугандар өз ара чабышып, ыркы кетип жатканын жакшы билет ал. Жайыты кенен талаа, кумдуу чөл, ой-тоолуу мекен аларда мол. Жер-жайытынын көптүгү жагынан казактарга кайсы эл теңелет. Көрө жатарбыз дегендей турнабайын салып, алысты тиктеген Атаке баатыр кантсе да бейкам. Жараксыз күнү жоо келет деген чын тура. Болбосо, Сарытай мырза Котонду чаап көп олжо менен келатканын уккан Атаке той камын көрө баштабады беле. Билет, не деген менен күйөө бала чоң сыноодон өттү. Эми Карабай тууганынын уулуна кызын бербесе арбак урбайбы. Элимден чыккан бир көк жал бар экен.— деп ичинен кубанып коёт баатыр. Бирок, күйөөлөп келип үлпөт куруунун ордуна Сарытай мырзаны экинчи чоң сыноо күтүп жатканын Атаке баатыр ал учурда өзү да билбегендир. Жашы кырк, кырк бештер чамасындагы Теке баатыр Атакенин айылынын этегин кокусунан келип баспады. Курдайды кыйгап өтүп, атактуу Кеминди алууну көксөп келаткан Текенин көп колун жылкычылар күн мурунтан сезип калышат. Эки жакка кабар берип, итапкан кол жыйноого үлгүргөн Атаке жоонун санын билүүгө жол чалдырды. Эки түмөнгө жакын кошундун санын жол чалып чыккандар тез эле билишти. Теке баатыр сейилдеп чыкпаптыр, демек, кыргызды чапсам деген ниети чын экен да. Эң мурда өзү озунуп кол салууну ык көргөн жок Атаке. Таңдайынан чаң чыккан чечендери баш болгон элчи жиберип, Теке баатырды кепке алаксытмак болду. Эгер Теке баатырды үч күнчө жаткан жеринде алаксытса, туш-туштан кыргыздын колу да чогулуп бүтмөк. Союшун камдап, тамак-ашын даярдап барган кыргыз элчилерине Теке баатыр көрүнбөстөн кошун аксакалы чыкты кебелбей.

— Теке баатыр кошун курап жатат дейт келген максатын айтпай. Билсек, сүйлөшсөк баатырдын өзү менен...

— Теке баатыр күйөөлөп келди кыргызга. Атакенин кызы бойго жетиптир. Күйөө тандап жатат деп уктук.

Кыргыздар жооп берди:

— Атаке баатырдын кызы күйөө тандабайт. Сырга ата-салтын билген жан. Баатыр атасы кимди ык көрсө ошого кете берет.

— Сырганын колун сурап жуучу жиберсем, Атаке кабылдабады деп Теке баатыр аябай капа.

— Атаке баатырга көп эле жуучу келди. Анысын биз кайдан билдик.

— Анда айтып баргыла, — деди кошун аксакалы.

Кыргыздар кайра кетти.

Эртеси түш оой келген кыргыз элчилерин кошундун аксакалы тосуп чыкты.

— Атаке баатыр аябай капа! Кыргыз-казактын макалы бар: «Кызды сураганга, кымызды, ичкенге бер». Теке баатыр кыздын колун сурап келсе, эмнеге алдыман өтпөйт, — деп таарынып жатат. Же Теке баатыр салт билбеген тексиз жан беле!

Анын түпкү теги түркмөндүн Теке уруусунан чыккан деген айыңдан улам кыргыздар Теке баатыр дей турган. Тексиз деген сөз ага катуу тиерин аксакал жакшы билгендиктен атайын айтты.

— Теке-баатырды казактар орто жүзү хан деп билет. Ал тектүү жерден чыккан.

Кыргыз сүйлөдү:

— Андай болсо, ала келген калыңы кайда?

— Теке баатырдын өз билгени бар, — деп сөз таштады казак. Кара далы кызга эмне калың. — Сырганы мына ушул ордомо алып келип берсин дейт баатыр.

Элчи мостойду:

— Каадасыз кыз болсо да, калыңсыз кыз болбойт. Теке баатырдын антип Атаке баатырды кордой турган жөнү жок.

— Жөнү бар үчүн айтып жатат го.

— Кандайча?

— Жөнү баатырдын күчүндө.

Кыргыз элчи сыпаалык кылды:

— Баатырга айталык, күтө тургула.

— Айта бар, эртең түш ченде Сырга ушул жерде болсун.

Эртеси Атакенин элчилери жортуулчулардын кошунуна үчүнчү жолу келишти. Ошентип бул аңдышуу башталгандан бери эки күн өткөн.

Кыргыз элчи айтып таштады:

— Алабыз десе кыз мына, ажал келсе биз мына деп, Теке-баатырдын айтканына көнүп берди Атаке баатыр. Баатырдын бир гана өтүнүчү: эки күн убакыт берсин, кыздын камын көрөлүк, — деп суранат.

Кара сакал Теке баатыр чатырды жирей эшикке өзү чыкты. Атакенин жообуна көтөрүлүп калган эле. Чынында да ал өзүн оңой көрбөйт. Чөлдөгү куюндай жойлогон Теке ушу кезге чейин беттешкенинен жеңилип көрө элек. Далай кербенди талап, далай журтту чапты. Бирөөнүн көз жашына бооруу ооруп, кан төккөн мыкаачылыгынан тажай элек ал арыстанча тайманбай эки миң кол менен Атакенин айлын өрттөй каптайм деп камырабайт. Мына ушул калп эрдемсүү өз башына тийерин

бул сапар сезбеди ал. Өзүндү эр ойлосоң, башканы шер ойло деген эл макалын унутуп калган Теке кыргыздардын артынан кыйкырып калды.

— Эртең ушу маалда кыз алдыма келбесе, айлыңар бөөдө жерден таланат.

Атаке баатырга мындан башканын кереги не. Ал өзү каалагандай убакыттан утту. Кабар жетер замат Сарытай мырза сан жылкыга кошуп беш калмакты кара Кочкорду көздөй айдаткан. Тополоң тыйылганда олжону Шамшынын бели аркылуу Чүйгө ашыруу оңой. Санаасы тынчыган Сарытай жол жүрүп баратканда Ниязбек кашка беш жүз кол менен куюндай чаап келаткан. Атаке болжогон күнү кыргыздын кошуну Чоң-Кеминдин оозунда туруп калган эле. Жаман сарттын уулу Түлөберди баатырынын колу жоонун артынан айланып келип бугуп калган. Эртеси Теке баатыр тынчы кете жол карап турганда Атаке чабуул койду. Далайды көргөн Теке баатыр даяр турган. Атаке баатырдын колун куушуруп, жапырып чабуулга өттү. Чагылгандай уюлгуган күлүк аттар бирде аралашып, бирде кетенчиктей айыгышкан майдан бир эт бышымча созулганда Атаке тарап чегине баштаганын көргөн Теке баатыр өрттөй каптап Аблайлап ураан чакырып кирди. Кыргыздар жанталашып чегинүүдө. Олжосун оозунан жулдуруп жиберчүдөй болгон Теке баатыр колун күргүштөтүп күчөтүп, улам алга — алга айдап жатканда анын сол капшытынан Ниязбек менен Сарытайдын колу куюндай уюлгуп чабуулга өттү. Эми эле демилген казактар солк этти. Алдатып койгонун дароо түшүнгөн Теке баатыр артка чегине берип, колу сазга тыгылбас үчүн негизги күчүн эми капшыттан чыккан жоого салды. Кылычтар сынып, кылычтардан от чыгып аянуу болбой былчылдашып жаткан кезде арт жагынан Түлөберди тап койду да, курчоодо калганын билген Теке баатыр азыр кантсе да колго түшпөөнүн амалын издеди. Казактар арыстанча тайманбай Теке — баатырды ортого алышып жарып чыгып баратышкан эле. Сарытай мырза бир саамга да локуйган Теке баатырды көз жаздымынан чыгарган жок. Ал эми Койсары баш болгон өз жигиттери менен Текенин артында. «Тирүү алгыла, тирүү алгыла» деп, өзү ага чукулдай бергенде Теке баатыр жигиттери жандай жетелеген кашка атка секирип минди. Кутулуп кетет деп жанталашты Сарытай. Аңгыча Койсары ыргыткан сыйыртмак Текенин мойнуна жыландай оролду. Аттан кулап түшкөн аны Сарытайдын жигиттери басып калган болчу. Мөрөйү колуна тийген Сары-

тай андан ары жоону куубай, ансыз да тымтыракайы чыккан казактар баатырынан айрылганын билишип таруудай бириндешти. Атаке менен Түлөбердинин колу качкан жоону бирден терип, кууп жүргөн кезде Сарытай мырза Чүй суусунун боюндагы топ талдын түбүндө Теке баатыр экөө бет маңдай отурушкан болчу. Башы чарадай болгон куш тумшук Теке төшүндөгү зооту быт-чыт чыкса да эч жеринен жарадар болбоптур. Энтиккенин басып, кебелбеди ал:

— Мени туткунга алган кайсы баатыр?

— Сарытай мырзанын колуна түштүң.

— Сарытай сенби?

Сарытай жооп бербей сурданат. Тагдыры жаш мырзанын колунда турганын билген Теке кейиди:

— Тагдырга айла жок экен. Далай жоо менен алышып, чөл кезген, чөлдү эзген Теке баатыр ээрчи Басыздын, жатакчы Басыздын сары ооз балапанынын колуна түшкөнүн кара. Эң кур дегенде Түлөберди баатыр кармасачы.

— Рас, айтканыңыздай мен Басызмын. Басыз экиге бөлүнөт. Керки тамга, кылыч тамга болуп. Мен кылыч тамгаданмын. Көп жорткон бөрү акыры ушинтип капканга түшөт. Тоо жакалай жортоду көк бөрүлөр, акыры ал дагы ат артына бөктөрүлөр, — деп айтышат го казак калкы, Теке кул. Сенин шишиң толгон болчу.

Баатырдын жаны чыгып кетти:

— Кул деп айтпаң, кордобо мени.

— Кул болбосоң энчилүү жериң, элиң болот эле го. Жоктугунан талоончулук кылып жүрөсүң, Теке.

— Өлтүрсөң да кул дебе, шакаба чекпе, жаш мырза.

— Эч кимди аябай далай эрди шакаба чегип, боорун тилгениңди укканбыз. Сарытай кумсарды.

— Мырза, сен мени менен сүйлөшүүгө тең эмессиң. Атаке баатырдын алдына алып бар, өлсөм да Атаке колдуу болоюн.

— Мунун амалын, — күлдү Сарытай. — Сени баатырдын алдына жеткирбей жайлайбыз.

Теке дагы өтүндү:

— Мырза, Атаке баатырды бир көрсөт. Ошонун өз колу жазаласын.

Сарытай мыскылдады:

— Биз ошончолук эле макоо бекенбиз... Күн көзүн көргөн суукка тоңбойт, бий көзүн көргөн бөөдө өлбөйт. Тирүү калгың бар экен го. Аблай кандын алдына барган эрлерибиз да өлүмдөн азат болгон эмес. Азыр сен биздин колдон тирүү кутулбайсың.

Теке баатыр кебелбеди:

— Айтканың чын болсо, сен дагы мени өлүмгө кыюуга акың жок.

Сарытай таң калды.

— Кай себептен?

— Сарытай мырзаны биз кан деп билебиз.

— А, ошондойбу? — Сарытай мыскылдады. — Эч ким мени кан көтөрө элек. Аны жакшы билесиз. Азырынча биз баатырдын күйөө баласыбыз.

— Анда эле ажалым жеткен экен да...

— Ээн жердин бөрүсүндөй далай бейкүнөө адамдын канын төктүң.

— Атаке баатырды бир көрсөт, жаш мырза!

— Келме келтир, баатыр! — Сарытай буйруду. — Акыйлашып отура албайм. Сөз бүттү.

— Анда акыркы өтүнүчүмдү айтып калайын, мырза!

— Айт, айтып кал!

— Башымды алсаң ал. Бирок денем менен башымды чогуу көмдүрт.

Сарытай кумсарды:

— Бул өтүнүчүңө макул эмеспиз, баатыр. Денеңди ит-куш талайт, башыңды баканга сайып элге жарыя кылабыз.

Чөгөлөй калып бата кылды Теке баатыр.

— Мырза, сен дагы менин кейпимди кий! Сөөгүң көмүлбөй ач талаада ит-кушка жем болсун!

— Бол! — деп Сарытай ызырынды. Даяр турган Койсарынын нар кескен кылычы кирпик ирмегенче Теке баатырдын шилисин кыйып түштү. Локуйган дене диртдирт этип тыбырчылай бергенче, көзү бакырайган чоң башты ары жактан кимдир бирөө илип кетти. Колкосунан каны дирилдеген денени жигиттер чоң сууну көздөй сүйрөп жөнөгөндө Сарытай акырын буйруду:

— Аккан сууну арамдабай кара жерге жашыргыла. Жиги чыкпасын...

Теке баатырдын башын канжыгага байланышкан жигиттер түзгө чыга бергенде жоон топ кол менен келаткан Атаке баатырга кездешти. Мөрөйү колуна тийген баатырдын кабагы жарык эле.

— Арыбаңыз, баатыр! — дешти, бир ооздон жигиттер.

Атаке алик алды:

— Бар болуңар, азаматтарым! — Ошо кезде анын көзүнө Койсарынын канжыгасындагы Теке баатырдын башы уруна Атакенин кабагы жыйрыла түштү, бирок

унчуга алган жок. Жигиттер баатырдын соңунан ээрчий бастырыша, алар сүйлөшпөй ат бойлогус куу камыштын жээгиндеги кыртыштуу жолдо баратышат. Бир маалда эч кимди карабастан өзүнчө сүйлөп койду Атаке:

— Бекер кылыпсыңар! Теке баатыр мага тирүүлөй керек болчу.

Үн Сарытайдын кулагына шак дей түштү да, эч ким жооп айтпай тым-тырс. Камыш арасындагы жолборстун күрүлдөгөн үнүнөн аттар үркүп, аттар кошкура, бирок эч ким кебелбейт. Күн кеч бешим чен, алдыда маңкайган ак карлуу тоо, мемиреген, мелтиреген бейкут Сары Өзөн: эми элеги кыргынындын изи жоктой. Анан эмне, алды жактагы айылдарга кабар жете элек, кошок чыга элек. Бир аздан кийин айыл ичи чуу түшүп калары менен табияттын иши канча...

* * *

Атаке-баатырдын кызына алыстан ат арытып арзып келген Сарытай мырзанын кокусунан жасаган эрдиктери Чүй боорунун бир этегин ээлтеден мекендеп келаткан калың Тынай элинде кезинде айтыла калчу. Ал кезде мен Токмоктун четиндеги мектепте мугалим элем. Жайкы каникул жаңы эле башталган. Бир курдай жоон топ жаш мугалимдер Шамшы капчыгайынын алкымын жарып өткөн дарыянын боюнда сейилдеп жүргөнбүз. Түш ооп калган кез. Шар аккан суу, тоонун жапжашыл этеги, өндүр ылдый салкын жел уруп турат. Сай бойлоп, сууга түшүп, кээ бирибиз бута аткан болуп, айтор, көңүлүбүз куунак, кабагыбыз жарык. Аңгыча биздин күн чыгыш жагыбыздагы жашыл этекти кыйгай төмөн түшүп келаткан эликтин кыпкызыл кураны көзгө чалдыкты. Коркуп, чоочуп да койбойт. Үн жок, сөз жок баарыбыз селейдик. Жарыктык десе, аябай сууcаган экен, жетип эле тумшугун дарыяга малды. Аңгыча ичибизден кимдир бирөө ышкысын баса кыйкырып жибергенде, башын көтөргөн ал биз жакты карап алды да, анчалык коркуну жоктугун сездиби, суусунун кандыргандан соң кайрадан тоо таянды. Мен мылтыкты колума кармай артынан чуркадым. Аңчылыктын кумары оңой эмес тура, мен эликтин артынан кууйм деп жүрүп итапкан жерге барып калыптырмын. Туланы белден чыккан жашыл коктуну өрдөп кетип баратам, эликтен дарек жок. Ошентсе да, улам өр таянып, өйдөлөй бердим. Аңгыча алды жагымдан добуш чыкты. Мен мылтыгымды аяр кармай туруп калган болчумун. Аңгыча жоп-

жоош кызыл тору бээ минген карыя чыкты алдымдан Мен озунуп салам айттым. Карыя кебелбей жаныма бастырып келгенден кийин гана алик алды да, жай сурашууга өттү. Мен жайымды түшүндүрдүм. Аң улоодо менин карамаңча эле тажрыйбам жок экенин сезген карыя күлдү:

— Ие, уулум, эликти жолуңа байлап койгонсуп шашып алыптырсың го. Ушул кейпиң менен сага элик тургай суур да аттырбайт. Азыр алардын кимиси болбосун бадал арасына житип кетти да. Жарыктык кайберен аябай суусабаса дарыя жакка караманча басмак эмес.

— Тоо арасында суу жокпу? — дедим мен.

— Бар эмей, бар.

— Анда эмне үчүн элик чоң сууга түшүп келди?

— Өзү чоң сууга жакын жерде жүрсө келет да. Жогорто суу бар. Бирок алысыраак. Атаке-баатырдын эски конушунда булактар көп.

Качанкы эки жүз жылча мурда жашап өткөн адамдын ысмы ушу кезге чейин унутулбаганына мен таңгалдым:

— Азыр да Атаке баатырдын конушу деп аталабы ал жерлер?

— Эмне экен? Кыргызга кадыры өткөн чоң адам. Анын эмгеги силердей жаштарды кызыктырбасын билем. Биздей карылар турганда берендин аты унутула койбос...

Жашы жетимиштен ашкан Калча аксакал экөөбүз ошол күнү тааныштык. Элге кадыры өткөн, ары сөзмөр, жайдары карыя менин тарыхый уламыштарды угууга ынтызар экенимди түшүндү окшойт, ойго түшкөндүн ортосунда ушул аңгемени шашпай айтып берип, анан ал бир топко унчукпай калганда, чыдамым кеткен мен сурап жибердим:

— Сарытай мырза Сырга кызга үйлөндүбү, анан?

Карыя акырын күлгөн болуп койду:

— Сен өзүң кандай дейсиң?

— Атаке-баатыр бергендир кызын Сарытай мырзага.

Калча аксакал мени кубаттады:

— Бербегендечи, Сарытай мырзанын эрдиги Атакенин күткөнүнөн ашып кетпедиби. Баатырга да эл-журт керек болчу анда. Өзүң ойлочу уулум, Сарытайдай азаматтар эл ичинен чанда чыгат. Жаш мырза мына бул Шамшыны ашып Чүйгө адеп күйөөлөп келгенде баатыр аны ошол жогорку конуштан кабыл алган деп айтылат эл оозунда. Андан бери көп жыл өттү, күбө болгон ким бар дейсиң. Дегинкиси конуштун аты өчпөй, ушул убак-

ка чейин айтылып келатканына караганда окуя чын го, болбосо алда качан эле унутулбайт беле ал.

Унчукпаган мен Калча аксакалдын аңгемесин тыңшоодомун. Аңгыча эле көз алдыма шаан-шөкөткө жык толгон өткөн замандагы кыз узатуу тою тартыла калды да, делебем козголо түштү. Жаагын жанган ырчысыз кыз оюн болмок беле, мен адегенде эле жар салып ырдаган акынды көрдүм, андан ары катар-катар тигилген ак боз үйлөрдүн ортосунда алты бакан тепкен ай чырайлуу кыз-уландар жана да булутсуз бозомук асманда толгон ай мелтиресе, ары жактан тоо суусунун шары чыгып, кезек-кезегинде эликтин бакырганы угула, кыз өргөөсү жак өзүнчө кымгуут, не бир сыйкырга толо, кечээ эле жортуулда башым кетет деп тартынбаган жигиттер мына эми өзүнчө адеп сактап, не бир сонун тамашага кумары канбай, сыйкырдуу таңдын, жайкы таңдын өтпөөсүн тилеп жатышкансыйт. Айлуу түндө, тоо этегиндеги жашыл өрөөндө, атактуу мырзанын үйлөнүү тою өтүп жатса, анын миң түркүн керемeтин сөз менен сүрөттөө, көз алдыга келтирүү кимдин колунан келмекчи, кала берсе мен өзүмчө эргип, өзүмчө сүрдөй түштүм. Мындай той көчмөн элдин турмуш-салтында далай ирет болгондур, бирок бири-бирин кайталабаган дөөлөтү, сөөлөтү өзү менен кошо кетти дечи, атаганат. Күндүзү ат чабыш, эр сайыш, жамбы атуу, күрөш-эңиш, кыз өпмөй, төө чечмейине чейин көп күнгө созулган тойдун кайсы бир аземдүү сапатын айтып бүтмөк элек.

Карыя токтой калганда:

— Анда эле Атаке баатыр кызына жакшылап той берип, мыктап узаткандыр, — деп сурадым.

Калча башын чайкады:

— Айтса, кептин чордону: ошол эл кызыгып күткөн тойдун болбой калганында.

Мен таңгалганымды жашыра албадым:

— Чын эле той болгон жокпу?

— Ие, уулум, той бербе деп Атаке баатырга мен кеңеш бериптирминби, ал учурда өзүм да жок болчумун...

Чалдын какшыгын түшүнгөн мен:

— Кантип аксакал — дедим. Ал кыскача жооп берди:

— Элдин айтканына караганда Атаке баатыр кызын шаан-шөкөтсүз узаткан дешет.

— Коюңузчу, — дедим мен ишенбестен.

— Таңгалба, уулум. Ал калетсиз чындык.

— Кантип таңгалбайм, каадасыз кыздан бетер атандырып жибергени кандай?

Калча кебелбеди:

— Кеп ошондо...

— Түшүндүрсөңүз? — дедим, чыдамым кете.

Калча карыя бээсинин басмайылын бошотуп, жалпак ташка көчүк басты да, мен анын бет маңдайына барып отурдум.

— Казактын Теке баатыры Чүй элине кол салып, анан өзү колго түшкөндө анын башын Сарытай мырзанын жигиттери кесип алганын азыр эле сага айтып бердим го. Анын үстүнө эки эл чабышып, өчөшкөн жерде аянуу болмок беле. Ошол чапкында эки жактан тең эр өлүп, өлгөндө да көп өлүп, кара кийип кошок кошкон аялдар менен, боору эзиле өкүргөн эркектердин үнүнөн айыл ичи тунат да калат. Анан аза күткөн эл кантип тойдо күлүп отура алат эле. Кеменгер Атаке баатыр: «Ыйыңарды тыйгыла, мен той берем, кыз узатам» деп өз элин кыйнабайт да. Анын үстүнө илгертен келаткан жоосу Теке-баатырды өз алдына жеткирбей жайлап койгон күйөө балага Атаке баатыр ичинде наараазы болуп калган дешчү.

— Ошончолук эле боорукер бекен Атаке? — деп мен аксакалды какшыктадым.

Калча какшыкты эрөөн албады:

— Кеп боорукерликте бекен? Жоо аяган жаралуу экенин жакшы түшүнгөн Атаке-баатырдын да өз билгени болгондур. Кыскартып айтканда, ошондон үч күн өткөн соң эч кандай шаан-шөкөтү жок эле, себин кошо берип, өз жолуна жараша дегендей Ала-Арча аркылуу Сырга кызды бел ашырып жиберген экен Атаке-баатыр. Бирок, Атаке-баатыр кызын узатканга чейин Таштанбек деген уулун кошуп берип эки-үч күнчө күйөө баласына жер кыдыртып, эл ичин аралата, Солто элинин мыктыларына чейин тааныштырган тура. Атакенин той бербей кыз узаткан жосунун эли деле туура түшүнүптүр учурунда.

Карыя токтой калганда мен:

— Аксакал, эмнеликтен Атаке жырык дешет? — деп капылеттен сурай, кайра тартына түштүм. Не болсо да, Калча карыя жооп бербей коёт го деп ойлогом. Байкасам, Калча бир аз туруп күңгүрөнүп койду.

— Ие, уулум ай, он эки мүчөсү түгөл, эч жеринде кемтиги жок да баатыр болобу?

Атаке баатыр эрдинен өйдө тарта мурдунун үстүнө чейин кара жоолук менен таңып жүрчү экен. Элдин көзүнчө тамак ичпептир. Уламыштарга ишенсек, боз жигит кезинде шоктук кылып, түн ичинде эс алып жаткан

ербенге катылган имиш. Ошондо айдың жерине айбал-а тийип, мурду үзүлсө керек. Элдин жоромолу, көпчү-үктүн айтканы ушундай. Анан калса эки жүз жыл мур-а өткөн окуяны ким так айта алат. Дегинкиси, ошон-он уламбы, айтор, эс тартканы Атаке баатыр карак-ылык кылганды жек көргөн дешчү. Теке баатырды кол-о тирүү түшүрсөм дегенде ак эткенден так этиптир. нын башы кесилгенде бекеринен өкүнбөсө керек.

Мен дагы суроо бердим:

— Эл-журтуна алынган Атаке баатыр эмнеликтен зүн кан көтөрбөдү?

Атаке баатыр өзүн кан атабаганы чын. Бирок анын з небереси Жантай кан аталган.

Мен сурай бердим.

— Жантай кан Атакенин алты уулунун кайсынысы-ын баласы?

— Жантай Таштанбектен туулат. Бирок иниси Кара-ек асырап алат аны. Ал жөнүндө айтса, көп кеп. Баса, Кантай кандын уулу Шабдан баатыр чоң атасынын олун жолдоп кыргыздардын Россиянын карамагына түшүнө чоң көмөк кошкон.

— Билем! — дедим мен.

— Ошону жазгандан эмне тартынышат жазуучу-ар. — Өзүнчө кейип койду Калча карыя.

Биз унчугушпай калдык. Калча кошумчалады:

— Атаке баатыр өзүн кан атабаганы менен сан кыр-ызда анын жеке керт башынын атак-даңкы аябагандай оң болгон. Баса баатыр өлөрдөн он жылча мурдараак га: «Журт агасы» деген наам берилгендигин уктуң бе-е?

— Кайдан билейин, аксакал, — деп жибердим.

— Рас эле, аны сен кайдан билет элең. Дегинкиси илип койсоң жаман болбойт. Илгери-илгери атактуу уусамыр өрөнүндө бир курдай курултай өткөн тура. — алча карыя курултай деп так айтканда мен өзүмчө аңгалып койдум. — Ошондо Күрүчбек элинен чыккан өлпү баатырдын сунушун бөлөк уруу башчылары кол-оп кетишет да: Атаке бүтүндөй кыргыз журтчулугунун гасы деген титулга ээ болгон. Ал кезде билгенге: Журт агасы» деген наам кандыктан да өйдө турган.

Калча аксакал өйдө туруп тору бээсинин басмайы-ын тарта баштады. Күүгүм кирип калыптыр. Мен ага ашка суроо берген жокмун. Кийинчерээк дагы бир он ылдан кийин карыяны атайын издеп барсам, кайран иши сексенден ашып картайып калган экен. Экөөбүз ндуу сүйлөшө алган жокпуз, байкасам өзү да мени таа-

ныбай калыптыр. Биз көбүнчө колхоз курулушу жөнүндө сүйлөшкөн болдук. Андан бери көп жыл өттү. Арачолодо тарыхтын өчө жаздап бараткан эскирген изине түшүп, көптөгөн китептерди, кол жазмаларды окуй коюп жүрүп мен кайрадан Калча аксакалдын айткандары менен изи калган тарыхтын ортосунда анчалык чоң айырма жоктугун көрүп таң калдым. Элдин дилиндеги оозеки тарыхты жатка билген аксакалдын көзү өткөнү менен байыркы доордун жандуу элеси — уламыш-легендалар аркылуу эл ичинде ушинтип кала берет. Андыктан мен, өзүнүн өткөнүн жакшы билбеген эл — атасы жок, никесиз туулган баладай тексиз болуп каларын эске алып, ушул дастанды жазууга киришкем.

Атаке-баатыр далайдан бери ар кимдер менен алгылыктуу сүйлөшпөй жалгыздай басып, ээн-эркин жүргөндү адатка айландырып алгандан кийин башынан эч кимге көп ачылбаган түнтүрөөк киши өзү ошентип элден оолактаса ким эле батынып сөзгө алмак аны. Ар качан жандай жүрчү жөкөрлөрү быякта турсун, жигит болуп эр жеткен өрттөй өткүр уулдары да сөз-кепке алгандан тартына, баатырдын турпатындагы энөөлүккө окшогон түнттүктү, билгизбей келип мыкчыган карылыктын салдары деп жоруй башташкан болчу. Чынында, мына ошол 1787-жылы Атаке баатыр агала сакал болуп алтымыштан аша, мурдагысындай болбой сөөгү оор тартып, атка минип бастыргандан да эрингендей айылайылдардагы утурум боло берчү той-аштарга да катышканын койгон. Ал күткөнү, ойлогону эмне экенин эч жанга билгизбей, адамдардан атайын эле оолактай баштаганын жашырбастан, быйыл да жайы менен Чүй этегиндеги бөксө жайлоолордун биринде өргөөсүн тиктирип коюп, Суусамыр жайлап улуу тоолордун арасын көздөй жылган жок. Баатырдын бул жоругуна көпчүлүк таңгалбагандан башка эмне дейт эле. Бир караганга Атакенин телегейи тегиз болчу. Эл-журт ичинде ыйкы-тыйкынын жиги билинбей тынч, кала берсе пейилди кубанткан ынтымак, бейкуттук өкүм сүрүп тургансыйт. Ушу кезге чейин өзүнө өйдө карап, сөзүн эки кылган адам аттуу боло элек. Алты уулу тең бөрүдөй көкжал чыкты, алар бала-бакыралуу болуп дегендей, баары тең очор-бачар. Жазып-тайып көз жумса, элине эге болчулары четтен чыгат. Мына күйөө бала сынына толду. Ал тургай Аблай Султандын туусуна жамынып, кала берсе эзелки чөлдүн бөрүсү атанган душманы Теке баатырдын кошуну да өз колунан кыйрады го. Эс тартып, ат жалын тартып мингенден бери жолу татаал жана шыдыр болду. Колдого-

ну бар: жолдошу кыдыр дешип сыртынан айың кылгандар башында «Тынайлап» ураан чакырышса, мына далайдан бери: «Атакелеп» ураан чакыра башташкан. Адегенде тыйып көрдү, чындап зекиди. Эл деген кыйын экен макул болгон жок. Эчак көзү өткөн атасынын арбагынан жол талашмак беле, бирок ошенткен сайын жан дүйнөсү жибий, негедир жыргай түшчү. Чүй боорунан орун-очок алышкандан бери, оң капшытындагы солто элинен кантсе да аябай сактанат. Солтолор намыскөй эр эл, көп эл. Ал эми эрдиктин артында алакөөдөндүк, ак көңүлдүүлүк, энөөлүк болорун да жакшы билет. Анчалык куулук-шумдугу жок элдин ошол талуу жерин жакшы билген Атаке баатырдын кадыры кошунасына алда качан эле өтүп кеткен. Кырктан өтө бергенде Жайыл баатырдын кызы Бегимжанды токолдукка алды. Өтмө катар болгусу келген Атаке Солто элинин бирине кыз берсе, кайрадан кыз алды. Дагы бир уулуна Солтоной деп ат койсо, экинчи уулун мыкты чыкма Түлөберди баатырдын уулу Канай менен көкүлдөш кылып, төшүн тийиштире кучакташтырган. Аш-тойлордо Солто элинин мыктыларын туу катары көргөн кишиче жыйын башына отургузат. Билгенге акылман, адамкерчиликтүү эле Атаке. Акылдуунун бир аты — куу. Ошол куулук, аяр мамиле гана анын зоболосун көтөрдү. Же болбосо көптөн бери жоо келгенде чокмор көтөрүп жекеге чыга элек. Илгертеден эле кара күчү бар эр көкүрөк, тулкусу темирдей чың: шайдоот, шайыр, ары өжөр, жигиттердин арасында акыл-айла менен дароо айырмаланган кыраакы, баамчыл Атаке акыры келип элдин туткасы болгонго жарады. Мына ошентип эл-журтка алынгандан бери ал жеке өз керт башынын пайдасы үчүн кам көргөндү жек көрүп, кайда жүрбөсүн элдин калың катмарынан өзгөчөлөнгүсү келбейт. Дүнүйө-мүлк жыйнап, кара-жанын жыргатуу деген жосун баатыр үчүн караманча жат эле. Ошондуктан анын өргөсүндө асыл зат, баалуу буюм деген жокко эсе. Өмүрүн бүт бойдон жортуулда өткөргөн адамга күлүк ат менен мыктап жасалган жоо-жарактан өткөн кандай байлык болсун. Ээрин башына жаздай туш келген жерде уктап көнгөн Атаке ушул азыр да мамык төшөккө жаткандан каччу.

Атаке баатыр башынан кыялкеч, ал көбүнчө жалгыз отуруп алып, келечек жөнүндө ой жүгүртө, эли-жеринин эртеңки күнүн ойлоп, кээде уктабай таң атырганы менен кимдин иши бар. Качан эле Атаке бөтөн журт менен жоолашып, бейкүнөө бечеранын канын төктү. Он төртүндө ат жалын тартып минип, калмакка катылды.

Калмактан сокку жеп, качып, өз мекени Ала-Тоонун койнуна кире албай ач белде калганычы. Ошондо өзүнөн саал улуураак эр Садыр менен эр Момокон үчөө каңырыгы түтөп минтип арман кылышпады беле:

Адыр, адыр, адыр тоо,
Арсайып турган аска зоо.
Томсортуп турган жеримди,
Боздотуп кыргыз элимди,
Карарган чаңды буратып,
Каршыккан эрди сулатып,
Кайдан чыкты калың жоо...
Көбөйтүп малын жайыт от,
Урушпай койсо не болот.
Журт менен журт жоолашып,
Карышпай койсо не болот.
Эзелтен бери кыргындуу,
Замандын койну тар экен.
Ат тепсеп уулу жанчылса
Эненин көөнү зар экен.
Көгөрүп жаткан кең асман
Суйкайган бийик Ала-Тоо,
Ээсинди куубас койнуңдан,
Дүрбөлөң салып келбес жоо,
Көшүлгөн заман бар бекен?..

Кайран эрлер, кайран досторуу: Садыр менен Момокондор канкор Аблайдын колунан жан таслим болушту. Эмне, алар журт азаттыгы үчүн жан кыйышкан жок беле. Айласы түгөнгөндүктөн кыргыздын баш кошуп, кыргыз атанын тукумдарын аман сактап кетсем дегенде ак этkенден так эте канча айла издебеди Атаке баатыр. Акыры келип көзү ачыла кеменгер аталган кезинде анын оруска кол бергиси келген далалатын жактырбаган мекендештери да арбын азыр. Ошонун көбүнө түтүп, эл башы аксакалдардын баарын бирдей ынандырып, акыры орус падышасына, орустун ордосуна элчи жибергенден бери эки жылча мезгил өтсө да, элчилерден кабар жок, жиги билинбейт. Кичинекей жапан эл — деп теңине албай койгондур падыша эне. Андай болгон күндө да алдына барган бечаралардын башын кесип албас. Неликтен дайны чыкпай, кумга сиңген тамчыдай жоголушту. Дагы эле болсо, эртели-кеч өткөн-кеткен жолоочулардан сурамжылаган болот. Оруска кошулсак деген тилек бир эле күндө жетилип чыккан жок. Ал ой: оо, мындан отуз жыл илгери атасы Тынайдын туусу

астында касиеттүү кыргыз жеринен ойротторду карапанча кууп чыкканда пайда болбоду беле. Ойрот менен кыргыздар бири-бирин өрттөй каптап эки тарап тең аянуу дегенди эч билбей кармашкан. Рас, ойротторго каршы көтөрүлгөн чапкында казак, кыргыз, кыпчагы баш боло, ал тургай Кокон, Букар хандыгы да бир кишинин баласындай чогуу турушту.

Мына ошол чапкында мизи майтарылган ойроттордун көп саны эзелки ата мекени жунгар жерине кире качышса, бир далайы сүрүлүп отуруп, орус мамлекетинен баш паанек издешкен. Куту качкан элди сел каптайт болуп, ач-жыланач түмөндөй түрүлгөн бечараларды бет алдынан кол курай тосуп турушкан манжур-кытай империясын башкарган Богдыхандын жоокерлери заматтын ортосунда таптакыр эле тыптыйпыл кыла кырып таштады болчу. Пейли кенен экен, качып барган ойротторго койнун кенен ачкан орус падышасы алардын жайытына жер-суу бөлүп берип, эч кимисинин да некесинен чертпегендигин эшиткен атасы Тынайдын: «Атагөрү, орустан өткөн адилет калкты ушу кезге чейин көргөн жок элем. Ыя уулум, замана тарып эгер кокус айлаң куруса, орустун этегин карма. Ошондо кор болбос эл-журтуң...» деп маашырлана айткан керээзи эсинен чыга элек.

Андан бери отуз-кырк жылдан ашык мезгил өтүп, өзү эл-журтка тутка болгон кыраакы Атаке баатыр сан кыргыз үч тарабынан тең курчоодо калганын алда качантан бери сезе баштаган. Бирде акырын алдай, кээде кылычын камдай кокондуктар көз артса, күн чыгыш жагындагы Богдыхан Циянь Лин көзүн кызартып, кыргызды тутмайынча көксөөсү сууй турган эмес. Ошол эки тарабындагы эки ажыдар аздык кылгансып Аблай кандын тукумдары да кылычын кайрай, бир жак этегин өзө чапкысы келип жатпайбы... Ала-Тоонун койнунда көз жылдан бери бейкапар жан сактаган май курсак байбачалар менен бир коктудан башка экинчи коктуну көрүп-билбеген бечара журтчулук ушул коркунучту түшүнөт бекен. Мейли деп, курулай сөөлөт күтүп жатып алса, элдин тагдырын ким ойлойт? Ким көтөрөт анын жүгүн? Ич ара аңдышуу, бирине-бири курулай үстөмдүк кылуу жанга батты го. Курама жыйып кол курган, кулдарды жыйып эл кылган Манас атанын арбагы акыры колдоор. Түндүгүң бийик, түркүгүң бекем болбосо: жыйган алтын-күмүш менен күтүрөтө күткөн малың кимге пайда? Ушуларды ойлогон Атакенин үшү кетип, бир бечаранын кейпин жамынар эле.

Оруска ыкласы оой баштаганын Атаке баатыр ад генде жан кишиге шек алдырбай, бул дини капырларды тамырын тартып көрүүнүн далалатын кыла, не би айла-амал издегенин өзүнөн башка ким сезди. Ата к нушун аралап өткөн орус кербендери дээрлик эсеп алынып, ал тургай казак журтчулугунун ичиндеги ору менен ымаласы болуп калган уруулардын айылдары чейин барышып, ишенген адамдары жер чалып кели турбадыбы: Өз жеринен өткөн бир дагы орус кербе талоонго алынуу быякта турсун, эч кандай ыдык көр гөн жок. Кытай менен Индустанга каттаган атакту Жибек жолу акырындай Сары Өзөн Чүйдү басып өт баштады. Ошентип, акыры кең пейил, анан калса ади лет Атакенин кадыр-баркы өткөн кеткен жолоочула менен көптөгөн кербенчилердин арасында акырында арта берди. Өзгөчө, орус көпөстөрү кербен коштоог Атакенин жигиттерин жан-дили менен кошуп ала баш ташчу болгон. Мына ошондой кербен күзөткөн жигиттер дин катарында керт башынын ким экендигин билгиз бей өзү да далай ирет сапар чеккенде баатырдын бул жоругуна таңгалгандар да учураган. Атаке эч кимге сыр бербеди.

Алгачкы жолу орустар туурасындагы кең-кесири маалыматты Атаке баатыр Эдил боюн жердеген булгар-мишар көпөстөрүнөн алды. Жер кесип, чөл кезип чаалыккан аларды туугансыта жакшылап күткөн баатыр акырындап кеп-сөзгө ала, орустар жөнүндө айтып берүүсүн өтүнчү. Байкап көрсө, алардын берген жоопторунун баары тең бирдей чыкканына таңгалып койчу. Орустун адилеттигин, кең пейилдигин алардын бири да танбады.

— Баатыр, бу сен кызыккан саклабдарга эч бир эл тең келе албайт, — деди бир курдай көкала сакал, көптү башынан өткөргөн Якуб Раззак. — Элинин саны кыжылдаган көп кытайдан кем эмес. Жеринин көптүгүн айтып түгөтө албасмын. Ааламда түктүү жер канча болсо, тең жарымы саклабдарга тийиштүү.

Орус жерин кыдырып чыгам деген бир көпөстүн өмүрү аздык кылат. Ошончолук эле шаарлары да көп. Эли-жерин кайтарган сансыз колу бар. Жоо келсе коркуп койбой, өлүмгө тике барышат да, тартиптүү келишет жоокерлери. Падышасына кыңк этпей баш ийишет да, силерчилеп уруу-урууга бөлүнүшпөй, бири-бирине мыктысынуу деген аларда караманча болбойт. Орусту жеңдим деген бөтөн өлкөнү мен ушу кезге чейин көрө элекмин. Жүз эле колу бар саклабга бүт кыргыз чак келбейсиңер. Анткени, алардын түз аткан мылтыгы менен бир

атканда миң колду жайлаган замбирегине ким түтсүн. Бөтөн диндеги тили буруулары жектөө, кордоо деген менен иштери жок. Саклабдардын кеги да, мээрими да жүзүнөн көрүнүп турат. Душмандашса эч кимди аябай өлтүрө беришет, достошсо сыйлашууну жакшы билишет алар. Баатыр, мен билгени аларга баш ийген элдер бүт бойдон баар таап, тукум-уругу өсүүдө...

Атаке баатыр аяр сурады:

— Орус өзүнө баш ийген элди зордоп чокундурат деген кепчи?

— Ал жалган сөз. Дини жок көчмөндөрдү саклабдар өз динине алган учурлар бар, —деп ачык айтып алды да, кайра Атаке баатыр өзүнөн кадиксиз жооп күтүп турганын сездиби, эми чоочугандай сүйлөп кирди. — Бөтөн диндегилерди өз динине мажбурлабайт падыша. Саклабдардын адептүүлүгү ушунда: кайра ак падыша өзү турган ордо шаарына башка диндегилер үчүн мечит салдырып таштаган. Орус калааларынан жалаң эле мусулмандар үчүн салынган мечиттердин канчасын мен өзүм көрдүм. Ал эми, ак падыша эненин жеке керт башын кайтаргандар да мусулман динин туткан элдин өкүлдөрү.

Атаке кабак түйдү:

— Анда эмне, өз элинен чоочуйт бекен?

— Падышалардын башынан келаткан тартиби ошодур. Менин билишимче, кытайдын Богдыханын кайтаргандар да: уйгур, кыпчак, кыргыздар.

— Анда эле түшүндүм, — деп Атаке баатыр этегин сүйрөй ордунан турду да, сөз бүткөнүн билгизгендей соодагерге акырын баш ийкеп койду.

Ошол соодагер Жакыптын аңгемесинин аягы Атаке баатырдын эсинен ушу кезге чейин таптакыр эле чыккан жок. Байкап көрсө, бүтүндөй ааламды башкарган падышалар да өз кара башынын бүтүндүгүнө келгенде, жакын тууганына, өз кандашына ишенбегени бекеринен эмес экен да! Кандыктын, бийликтин жолу ар дайым татаал. «Этимди көргөн катыным сыйлабайт, күнүгө бетимди көргөн тууганым барк кылбайт» деп түшүнгөн эл башы илгертеден эле өзүн тегеректеп жүргөн жан-жөкөрлөрүнүн арасына жакын тууган-уругунун эч бирин жолотпой келатат. Сырын жакшы билген тууган сөрөй акыры келип тең туугандык кыла, бетине чыгарын да билет Атаке баатыр.

Эки жылдай мезгил өтсө да, орус ордосун беттеп кеткен элчилери: Абдрахман менен Шергазыдан ушу убакка чейин эч кандай кабар билине элек. Баса, кошун кош-

топ көптөгөн белек-бечкек менен элчиликке аттанган адамдарынын экөө тең Атаке баатырдын өз уруусуна жатпасын көпчүлүк да жакшы билчү. Шергазы Атакенин асыранды уулу. Колуна сегиз жашында келген. Ал эми ыйык куранды шатырата жатка айткан сабаттуу Абдрахман соодагердин баспаган жери, көрбөгөн эли жок сыяктанчу. Ошо кезде түрк элдери үчүн орток делип эсептелген чагатай тилин да мыкты билген Абдрахман такыба падыша энеге багышталган катты да өзү жазбады беле. Барса келбес сапарга кеткен элчилердин кечигип жатканына баатырдын өз уруу мыктылары анчалык кейибеди. Караандай өлүмгө өз тууганларын кыйбай, башка бир кайдыгер урууларды кириптер кылып жибергендей көрүшкөн алар кантсе да баатырга ыраазы, тууган деп, кыраакы деп ушуну айт. Бирок, Атакенин ойлогону башка экендиги менен алардын кайдан иши болсун. Эгерде баатырдын өзүнүн тектүү тууганларынан чыккан бирөө-жарымы — падыша энеге барып кокус жолугуп келсе, атак-даңк менен көптөн күткөн максатына Атаке баатыр жалгыз өзү ээ боло алмак эместир. Андыктан, чечейлер өз эли болсо да, назили Сарыбагыш эмес да. Ал эми тексиз элден чыккан бирөө баатырдан кантип жол талашсын? Соодагер Абдрахман даңкка анча кызыкпайт. Ага дүнүйөдөн өткөн дөөлөттүн кереги жок. Ошондуктан, бул ыйык ишке камынганда Атаке баатыр көп ойлой, жети өлчөп, бир кескен болчу. Дагы да болсо, ошол ойлоп тапкан жолунун тууралыгынан күмөн санай албайт. Бир гана күйүт элчилердин жиги билинбей кеткенине ичинен кейийт. Атаке баатырдын көпчүлүк менен сүйлөшкүсү келбеген, окчундап жалгыз жүргөнүн бир себеби ушунда эле. Кудай жалгап баатырдын санаасындагыларды ушу кезге чейин эч жан сезбеди.

Эзелки жоосу, колго тирүүлөй түшкөн Теке баатырдын башы өз алдына жетпей алынып калганына Атакенин чыны менен эле өкүнө турган жөнү бар эле. Ага да баатырдын өзүнөн бөлөк тууган-уруктары маани беришпеди. Өткөн жылдын бугу айында кыргыз жерине танапташ жерден орустун кербенчилери талоонго учураптыр деген каңшаарды Атаке баатырдын кулагы чалып, алгачкы ирет ага эч кандай деле таң бербей бейкам жүргөндө, каңшаар улам күчөй берди да, акыры башын кара жоолук менен бууган талоончулар: «Атакелеп» ураан чакырышып, дүнүйө-мүлктүн баарын талап алып көздөн кайым болуптур. Кербенчилердин ичинде мерт бол-

гондор да бар имиш. Эгер ал каңшаар чын болсо талоондун жаманаттуусу Атакеде калып жатпайбы. Кулак түрүп акыйган ал ошондон бери жүрөкзаада. Неси болсо да, андан бери өзүнө сурак салып, күнөө койгондор боло элек. Аны менен эле Атакенин санаасы тынчып калмак беле. Баамдай келсе, ошондон бери өз жери аркылуу, айыл-апаны тополоң кыла дүүлүктүргөн кербен аттуу өтө элек экен. Кантсе да талоон чыккандан бери өз атына доо кетти көрүнөт. Андай болгон күндө элчилер барымтада экен да. А мүмкүн орустар канга кан деп аларды өлтүрүп таштаса кантет. Буга Атаке баатыр көп ишене бербейт. Орусту адилет деп уккан. Эгер чындап ишенсе териштирет эле го эмдигиче. Өзүнө келип бир ооз сурайт эле го. Атаке андай жүзүкаралыкка барбасын айтып, касам ичүүгө чейин бармак. Неси болсо да иши чатагына айланганын сезүүдө. Ойго батып, жалгыздай баскан негизги себеби да ошол. Эли эмне десе мейли, азырынча аны менен иши болбойт Баатырдын...

Орус кербенин талаган Теке баатыр экенин Атакенин жүрөгү сезген. Иттей тытышкан заманда жеке душманың тургай, өз өзөгүнөн да өрт чыгышы таңгаларлык иш эмес. Бирок да талоондун түйүнү Теке баатырда жатканын ачык айта албады. Далили жок жерден душманы болсо да бөтөн бирөөнүн бетине көө жапканды билбейт Атаке. Андай катын ушак — эл башчысы, баатырдын ишине жатпайт. Мына, жаштык кылып, курчтук кылып Сарытай мырза Теке баатырдын башын албаганда, эмдигиче чындыктын айкын жүзү ачылбайт беле. «Атакелеп» ураан чакырганына караганда бул карандай душманынын колунан келген иш. Баатырды жалаага жыгып, каралагысы келген ким? Эзелки кеги бар Аблай Султандын уулу Валихандан башка ким жасайт муну. Теке баатырдын карманган туткасы ошол эле го...

Айтор, башы каткан, санаасы бөлүнгөн Атаке баатыр жалгыз. Бир чети ал жашы өтүп, билектен каруу кеткенине кейийт. Бүтө элек иш, окула элек намазы али көп. Карабашыл элим ай, эртеңки көрөр күнүң эмне болорун билбей балача баёсуң, ишенчээксиң. Бир күнү кардың казыга тойсо дүнүйөң түгөл, телегейиң тегиз боло түшөт. Тоо артында тоо, андан ары да тоо деп ойлошот. Дүйнөнүн баары тоодон бүткөндөй көрүшөт. Эл ичинде ажыдаардын койнунан жылуулук издегиси келгендер да бар. Аюунун үңкүрүнө башын салып, башсыз калары менен иши жок. Камсыз, эндей жаткан баёо, баатыр элден чыкпаса Атаке өзү ушундай жорукка басат беле. Элинин

тагдырына жаны күйгөн Атаке ыйык ишти мойнуна алды. Оруска дили чындап түшпөдү беле... Ишенди эле го ага. Тепкедей элди ҫоотпой коёбу улуу журт? Тутунган тоон бийик болсо төбөн көккө жетет деп ойлогон. Орусту тоо көргөн. Аны тилек кылып, караан тутканын түшүнбөдү бекен? Салам айткан жетимдин алигин албаган машаяк да акыры бир күн кудайдын каарына калат. Же орустун кудайы жок бекен? Көктө күн жалгыз болгон сыяктуу, ааламды жараткан кудайдын өзү да жалгыз деп түшүнөт Атаке баатыр. Андай болгон соң, кудай алдында, күн алдында бардык пенде бирдей. Орусун, кытайын баштап бардык пендени жараткан кудай. Кудай алдында, күн алдында Атакенин жүрөгү ак. Атаке оруска ак дилинен кол сунду. Кең пейил орус Атакенин сунган колун какпаса, ал жума күнкү кутба намазына ар качан ак падыша эненин ысмын кошуп окууга даяр...

Же Атакенин дилин түшүнбөй жатты бекен каапырлар!

# ЖУСУП АДИЛЕТ

Ошол 1785-жылдын бугу айынын аяк чени. Он эки канат ак өргөнүн ичи толтура, төрдүн как ортосунда — Атаке баатыр. Отургандар жалаң гана баатырдын кара көздөй адамдары: өз уулдарынан Таштанбек менен Карабек жакындан бери атасынын үстүнө тартынбай кире беришчү болгон. Мындай жыйындардан иниси Сатыбалдынын жалгыз уулу Жообасар да калбайт. Уруу аксакалдарынын катарында Абдракман соодагер жана Атаке баатырдын асыранды уулу Шергазы, Булардан бөлөк эртели-кеч Атакенин жанынан такыр чыкпай турган бирөө бар. Ал баатырдан жашы алда канча улуу — Берик жайчы. Бетинде каны-сөөлү жок Берикти Атаке олуя деп эркелетет. Бериктин кыдырбаган эли, көрбөгөн жери калбай, курандын аяттарын шатырата жатка айткан анын билбеген жомогу, жорубаган түшү жоктур. Адам ооруп, мал ыландаса да Берикке келишет. Бир эле көргөн адамынын ким экендигин Берик олуя дароо тааныйт. Ал карабаскан аялды төрөтөт, чекирттеген балдардын тумоосун алып таштайт. Алла тааланын күнүн каалаган кезде жаадырып, кайрадан ачып коюу анын колунда. Жылдын, жылдыздын тогошконуна чейин жатка билип, эл-журттун тагдырын канча жыл мурдагысына чейин алдын ала айтып тыштайт. Анын көрүп-билбегени жокко эсе. Атаке — баатыр айткандай ал — нагыз олуя. Баатырды караан тутуп келгенине көп жыл болгон, ошондон бери эч жакка чыкпайт, эл аралабайт. Атакесиз бөтөн бирөөнүн үйүнө баш бакпайт ушу тапта. Атакенин ишенгени, кеңешчиси — жалгыз Берик. Рас, анын үй-бүлөсү жок, жалгыз бой жан сактайт. Алтүндө да өзүнө көтөрүп берген боз үйүнө барып жатпай,

көбүнчө Атаке — баатыр менен сүйлөшүп отурган боюнча анын үстүндө түнөп кала берет. Атакенин оң жагындагы орун дайыма Берик олуяныкы. Олуяга тил кайрып, акарат кылган адамды учуратпайсың. Чындай келгенде Атакеден башканын баары Бериктен чоочуйт, ал тургай коркушат. Ызаат үчүндүр бирөөнүн качан өлөрүн айтпаганы менен ал өз өлөр күнүнө чейин жазбай билет. Анын эл-журту кайда, жери кайда экени эч жанга белгисиз. Жарык дүйнөгө бир келген бул тили кыргыз, дини мусулман, өзүнчө бир жаралган кайып жандын качан сүйлөп, качан токтоорун көпчүлүк капарына албайт. Бирок ал көбүнчө сүйлөбөй деле отура берет. Канча күн кечке унчукпаса да кебелбейт; сөз келсе сүйлөй бергенден тажабайт. Комуздун кулагын бураган-дай аны сүйлөтүп же токтотуп коюунун ачкычы да Атаке баатырдын өз колунда...

Коломтодогу оттун кызыл тили түндүктү көздөй атылып, түндүктөн ылдый жылдыз жаап, түн бир оокум. Коломтодогу чатырап күйгөн жалындан улам боз үйдүн ичи жарык, отургандардын жүздөрү да кызгылт тарта мээримдүү; кабак бүркөгөн, катуу күлгөн да адам жок. Боз үйдөгүлөрдүн кызыга көз салганы эки мейман. Экөө боз үйдүн эки жак капшытында, экөөнүн тең демейдегидей Атаке баатырга келип кетчү меймандардан эмес экендигин сезген көпчүлүк маани берген түрдө, алдыртан жымыя тиктеп коюшат. Атаке баатырдын өзү үчүн да бүгүнкү меймандардын кадыры аябай зор эле. Бирин көптөн бери күтсө, бирин күтпөгөн болчу. Кокондон, Нарбото бийдин алдынан атайын келген мейман жаадырай күлүп, жагалдана сүйлөп, кала берсе өзүн аябай эле эркин сезүүдө. Аны эч ким тыйбады. Атаке баатыр да унчукпайт. Элеттиктерди анча тоотпой жатабы, айтор, салттан чыга ашыгыраак сүйлөп койдум деп тартынар кейпи жок. Анан калса ал мейман Атаке баатырдын алдына жакшылык кабар менен, так айтканда, аны ордого чакырып келиптир. Элчи Нарбото бий Атаке баатырды өзүнөн алдаканча бийик коёрун айтып мактаса деги бир таңдайынан чаң чыгат. Отургандар Нарбото бийдин дилинин тазалыгына маңдайлары жаркый күлүп, чын дилинен кубана баш ийкеп өздөрүнчө шайдоот. Атаке баатыр гана бул мактоо менен иши жоктой тымпыят. Илгери-илгери Эрдаана бийдин чакыруусу боюнча Коконго барганы эсинен кантип чыксын. Анда жаш экен, өрт экен. Ордонун так эшик алдына чейин жая салынган байчечекей кооз килемдердин үстүнөн атчан

бастырып барып жерге түшкөн Атаке. Баатырдын жигиттери да килемди аттын туягына эздире туруп калышканда, кокондук эшик ачар кейип ийди: «Атаны жапандар — ай, сый билеби булар? Көрчү, килемди булгап» — жемени кулагы чалган Атаке кайрылып туруп айтып тыштаган: «Биздин аттардын туягы мындай килемдерди күн сайын тепсейт». Сүйлөсө оозунда сөзү, жүрөгүндө өртү бар жигит элего анда Атаке. Эми ал улгайып дегендей душманын байкатпай акыл менен ала баштаган кези. Коконго дагы эле өз башы керек болуп турганын жакшы билет. Бирок Кокондун колуна азыр түшүп берсе бели сынары, мерт болору бышык. Жеке керт башы мерт болсо мейли дечи, эли ыдырайт анда. Бейкут элди ынтымакка ким чакырат? Ким күйүп, ким ойлойт алардын камын. Бул жолго түшсөң — кара ажыдаар сорот; — тиги жолго кирсең арыстан чайнайт — деп ким айтат кеңешти аларга. Болбосо Нарбото бий аны сагынып туруптурбу? Кандын жытын искеген, обору ачылган көк жал карышкырдай бүйрү кысып турбайбы. Кан-Тоонун ичи анын азуусуна илинбей жатат азырынча. Атакени белинен чапса, калган эл кайда качмак? «Нарбото, Нарбото, амалыңды билбейт деп ойлобо. Биз дагы көргөнбүз далай жортуп. Биз дагы бөрүбүз. Азуу тишибиз мокосо да, акылыбыз мокой элек. Мына бул түктүү баштын алдындагы мээ чирий элек. Көз каныгып, акыл курчуду» — дегендей, Атаке дагы эле тунжурап отурганда кокондук элчи алып келген бегликтерин ортočо чачып, Атаке баатырдын айдалысына алтындап тигилген кымкап чапан жапты да, коломтонун четине өлүк дүнүйө додолоно, отургандар дүргүп, туш келди кобураша бергенде, баатыр ооз учун кыбыраткандай акырын ныкыды:

— Кокондун каны Нарбото шердин казынасы жакырлана баштаганбы? Антпегенде тууганына бир миздүү жарак жиберет эле го...

— Баатыр, адатта досуна, жакшы көргөн адамына миздүү буюм тартуулабайт... Бегликке алтын-күмүш ала келдик. Көз уялткан — каукар ташы дагы бар...

— Анда биз салт билбейт экенбиз да...— Атакенин каны ичине тарта ызырынды. — Досу дос көргөн адамына кылыч тартуулабайт, бычак да бербейт. Мылтыктын анты бар. Ал берген кишисинин кайра өзүнө атылат. Андай экен Нарбото бий билбейби! Тууганынын башын алам деп аптада бирден жоо жалаңдап келип жатат. Биз башыбызды кантип коргойлук? Эки колубуз менен

жаап коюп бужүрөп отура берелики, ыя! Жалгыз бакан менен куу союл жарак болбой калыптыр азыр. Билип койсун Нарбото — бий. Биз дагы найза жасап, кылыч ийгенди үйрөндүк. Өз колунда кылыч жаркылдап, кыргыздын колунда комуз гана шаңкылдап турса деп ойлойт го бий... Майлуу эт жегенди жакшы көргөн кыргыз — жаа тартып, кылыч шилтегенди алда качан үйрөнгөн.

Атакенин каарынан сүрдөгөн элчи бужүрөдү:

— Баатыр, кыргыздын көк жал жигиттери кылыч тута билерин сезбесе, Нарбото сиздин амириңизге муктаж болот беле? Сиз тоотпой койгондуктан Бий өзү кол сунуп жатат го... Алды жагында кыргыз тоосу, кыргыздай коргон турганда кокондуктар чидерленген төө. Оо, баатыр, өзүңүзгө теңир кубат берсин. Журтуңуздун коломтосунан ылайым кут кетпесин. Касиеттүү Нарбото бий ошон үчүн сизди ортого келип сый көрүп кетсин деп зарыгып күтүүдө. Бийдин шагын сындырбай барып бериңиз. Оо, касиеттүү, Баатыр!...

Ырдаганы же ыйлаганы билинбей кокондуктун үнү өтө мээримдүү, өтө жумшак. Атаке баатырдын каары кайта түштү: — ээ ушу бечарада не айып — дегендей аны курулай жекиргенден пайда чыкпасын сездиби, ал экинчи мейманына назар салды. Анысы өтө жүдөгөн, көкала сакал кыргыз эле. Жол жүрүп, аябай чарчаган го — өңү керсары. Кашкар тараптан келген ал мейманды сүрөбөсө сүйлөй турган жөнү жоктой, Атаке — баатыр кыйытты.

— Өтөмбай, бир бооорум. Билем; сенин Кашкардан жүктөнө келген дүнүйө-мүлкүң жок. Кара жаныңды сүйрөп араң келдиң. Көзүңдү көргөнүбүзгө сүйүнүп отурабыз. Акыбал кандай, эл-журт аманбы? Кеп сала отур...

Мейман ордунан козголгон болуп башын көтөрдү:

— Баатыр, алдыңа кур кол кантип келейин. Сагынган тууганыма, журт туткасы Атаке — баатырга ала келген белегим бар...— Ал жан жагынан бирдеке издегендей козголо берди эле, отургандар бул бечара кандай белек алып келди экен деген кыязда кызыга түшкөн болчу. Ал керегенин түбүнөн чыканактай кичине комуз сууруп чыкты да, Атакени түз карай, дагы эле үн катпады.

— Кутманым, өзүңдү сагындык, өзүңдөн да күүңдү сагындык. Кулактын кумары бир кансын, кана черте бер — деп, жонундагы элчи жапкан чапанын силкип

ыштаганда. Атакени туурап отургандар да жандана гушту.

Өтөмбай кичинекей кыпкызыл өрүк комуздун кулагын толгоп эч шашпай үй ичи жымжырт, кадырлуу мейман келгенде гана жагылчу коломтодогу куу арча отун чарт-чурт эте, от улуу күйүп, арча жытына, ачкыл менен ыш аралашкан эзелки тоолуктун, тондун жытына көңүл жибип, көздөрү бадырая эч нерседен капарсыз, ары баёо, карапайым, бирок даанышман адамкерчиликтүү, кези келсе колуна тийгенди тирүүлөй мууздоого даяр, мына бул бейкам көрүнгөнсүгөн адамдар көзгө илинбеген үч кылдын сыйкырына заматта байлана түшүшкөн болчу. Илгертеден келаткан көчмөндөрдүн салтыдыр, үзөнгүгө бутту салып мингенде эле атты чаппаган сыяктуу комузчу колду солгун тыштап, күү адегенде жай башталды, анан улам кызый күүлөнүп, кайра жайлай түшсө, бирде шатыраган шаттык муң менен алмаша шаңкылдай, кээде басаңдай, керемет күү көпкө токтобой ага берди. Бир көргөн көзгө карапайым, өтө эле маңыроо, ары момун көрүнгөнсүгөн элеттиктердин — өзү сыяктуу жупуну комузу менен атам замандан бери жан-дили бир го. Түшүнгөндөр үчүн кыргыз менен комуз эгиз. Кыргыз ага бүтүндөй көөнүн, дилин берип эне-атасындай кастарлап, кыйышпас жакын тууганы же жүрөктөшү сыяктуу аны менен эзилише сүйлөшө алса, деги андан тышкары кызыл тил менен жеткире албагандын баарын комуз гана айта алат го чиркин. Комуз жаратылышта болгондун баарын күүгө салат, туурайт, алсак, ал куштун сайраганынан тартып, суунун шары, шамалдын жүргөнү менен иттин үргөнү, мейли бүтүндөй жан-жаныбарлардын кыймыл аракети, туюу сезимине чейин, ал тургай тунган тынчтык, жаркырап тийген ай менен нурун төккөн күн, ал гана тургай ачылган гүлдүн ажайып коздугуна чейин сүйлөп, шаңшып берүү комуздун гана кудретине сыя алат. Айта берсе комуз дилдеги чор болуп катып калган сыр-сыпатты да эритип, жан дүйнөңдү жыргатып, сени бирде шерденсе, бирде көшүлтүп, бошотуп, кайра чыңалтып: күлдүрө, ыйлата, айтор, миң бир сезиминде ойноой беретко жарыктык десе. Чертилген комуз баятан бери эч тынбай Атаке — баатыр баш болуп тыңшап отургандар караманча эле анын сыйкырында, арбоосунда калганда Өтөмбай кайрадан бир жаңы күүнү чертип кирип, аягына чыкканча Атаке — баатыр комузчуну жумшак гана тыйды:

— Кутманым, бир аз аярлачы. Түшүнүп турам, а келген бегилигиң күүнүн залкарынан тура. Мында күүнү мурда кыргыз баласы черте элек болчу. Ээси к бул сыйкырдын?

Отургандар дуулдай түштү:

— Капрай, ким чыгарды экен мындай күүнү, ыя?

Өтөмбай тартынгандай үн катты:

— Баатыр, Кашкарды кыдырып, Бээжиндин чебин жетип токтодум. Чөлдө түнөп карышкырга жем болбой чаянга чактырбай аман калдым. Индустанды арала уйга сыйынып, маймылды кудай туткандарды көрдүм. Ыйык кожолордун этегине сыйынып ак урган бакшы, бу дүйнөнүн күйөнүн аша кечкен дербиштерди ээрчидим. Кайда барып, кайда түнөбөйүн ыйык куранды кой нума ката жүрүп, курандын тили кудайдын тили экени не көзүм жетти. Актык, тазалык куранда гана. Ошентип чөл кезип, бел ашып, суу кечип жүрүп үйрөнгөн күүмдүн сырын айткандан тартынып турам, баатыр.

Өтөмбайды андан ары сүйлөтпөй Атаке — баатыр озунуп койду:

— Күүнүн башында жан жыргаткан насыйкаттан бейпилдик менен бейиштин рахатынан кабар ала тына түштүм. Акка мойнумду сунуп, көшүп, жаңып баратканымда, жүрөктү түшүргөн тополоңдон кабар берди күүң. Ошол мени эсиме келтирип, далай капилет коогаланды баштан өткөргөн курган жаным кылыч алып ордумдан тура калайын дегенче, кайра эле жаннаттын бейпил үнү көңүлүмдү куш уйкудай алаксытты. Жоошудум, термелдим, жаным жай ала бергенде, эмнеси болсо да өзүбүз эптеп күн көргөн бээжай турмуштун кабарына урундум. Анан зарурет болуп муңканган, арзууга канбаган бейбак аял самаганына жетпей калдыбы? Армандуу үн алыста калып, нур жүздүү жигит туткунга кетти окшойт. Калп айтпасам зордук менен зомбулук кармашты да, актык менен акыйкаттык жапа тартты. Кыскасы, кутманым, сенин черткениңден жанга баткан таймашууну сездим. Рас, таймашуу болгон жерде, өмүр-өлүм бет келишкенде — бирине шайтан аралашса, биринде периште жардамга келет. Иши кылып, күүңүн кай бир жеринен жүзү кара шайтандын элесин көрдүм. Бул кандай күү? Кандай төлгө айттың бизге, адис тууганым. — Жардана карап отургандар бүт бойдон комузчудан жооп күтө, коломтодогу от ан сайын алоолоно күйүп, боз үйдүн ичи жымжырт боло түшкөндө Атакени тиктей муңканып алды:

— Оо, баатыр, качан да болсо адамдын сырын айтырбай жоруган акылмандыгыңа таңгалам. Баамчыл, аанышман Атаке баатырдын алдында комуз да дилин ашыра албайт. Мен айтпасам да комуздун күүсүн зүң чечмелеп салдың. Өзүң баамдагандай күүдө «Жууп менен Зулайканын» тарыхы айтылат. Курандын он кинчи сүрөөсүндөгү ак ниет, адилет Жусуптун башан кечирген жоругун билбеген мусулман жоктур...

Ушу жерден элчи чыдабай кетти:

— Ээй, бейбаш, сен ыйык куранды кор тутуп, наа-ландык кылба. Комузга кошчу эрмегиң түгөнүп калдыбы? Баатыр, мына бул күнөкөр пенде сүйлөбөсүн башка.

Кебелбеген Атаке — баатыр:

— И, олуям, сен кандай дейсиң? — деп, Берикти карай күңгүрөндү. Өтөмбай чекилик кылдыбы, ыя! Анда эле күү уккан биз дагы күнөөгө баттыкко...

— Баатыр! — деди, Абдрахман көпөс.

— Баатыр! — деди, Өтөмбай.

Бул экөө тең сөздүн күнун билген, куранды шатырата жатка айткан окумал адамдардан. Ошондой болсо да Атаке баатыр ал экөөнү кол жаңсап токтотту да:

— Олуя айтсын,— деп, анан ал үргүлөгөн ынагына карап баш ийкеди. — Билесиңер, Берик олуя эч кимдин алдында тайсалдап көрө элек. Ал болгонун болгондой гана деп тыштайт.

Берик олуя көп маалкатпады:

— Курандын тили, кудайдын тили. Аны танган ким? — деп баштады ал. — Куранды кимде ким канчалык окуп, жатка айтса, көп-көп кайталаса, ошончолук ал күчүнө кирет, жаңырат. Акыр заман келгенче, мусулман тукуму жан сактап турган чакта ыйык куран көөнөрбөй, ал мусулман баласын ак жолдон азгыргандарды жазалап, кимди да болсо тазалыкка, адалдыкка үндөй берер. Адамзаттын утурумдук турмушунда кез келе берчү жаңылыштык жана ыпластыкка чейин куранда алдын ала жазылып калган. Күнөөдөн арылуунун ак жолу да курандын өзүндө. Күнөөгө кабылуу бардык эле адам үчүн парз болсо, кетирген күнөөсүн туя билип, Алладан кечирим тилөө да парз. Алладан өткөн адилет ким? Баарын билип, көрүп, туюп турган чоң кудай алдында жаамыбыз бирдей пендебиз. Куранда айтылгандай: Зулайка катын өзү асырап алган уулу Жусупка көңүлү түшүп, аны жолдон чыгарам десе, ага Зулайка катын күнөөлүү эместир, бурадарларым. Кара шайтан азгырып, катын ыплас жорукка жетелегенде Жусуп туткан

ак жол гана аны чоң күнөөдөн сактап калды го. Билген ге ошондо эле баарын тең кудайдын кереметы туйг болчу. Ыйык куранды күүгө кошуп, калайыктын көөн тазарткысы келген Өтөмбай такыбада не айып? Жус Зулайканын тарыхы илгертеден эле эл оозунда айтыл келаткан тамсил. Ошону билбегендер да барбы?... Б ыйык сүрөөнүн аятын күүгө салып черт, жаки болбо курандын ыйык тилиндегидей дуба оку, келме келти андан куран бузулбайт.

Ошол кезде Атаке — баатыр:

— Олуям, маанице ынандык — деп, кубаттап жибер ди эле, кабагы түнөргөн кокондук өйдө карай алба мөөрөйү колуна тийген Өтөмбай менен кошо отурганда да жандана түштү.

Үркөр төбөдөн ооп, жылдыз бажырайган, жылды толгон асман чалкый, алыстан үйүрүн коруган айгы кишенеп, көчмөндөрдүн дагы бир түнү билинбей бейку өтүп жатты. Чаралар толо титиреген майлуу эт ал алдыга келе элек. Үркөр төбөдөн алда качан оосо да, эч ким үргүлөп көшүлбөй боз үйдөгүлөрдүн баары тең сергек, ал тургай сырттагы шырт эткен добушка чейин туюп, ары сагызгандай сак, коломтодо чартылдап алоолоно күйгөн түбөлүктүү кызыл оттон үмүт тилегендей, узун сөздүн аягына чыгам деп ойлобогон мына бул отурган жай адамдар кантсе да эч нерседен таптакыр эле капарсыздай. А бирок, ушу тапта Атаке — баатырдын көңүлүнүн тереңинде зор максат бышып, демейдегидей көрүнгөн бул кадыр түндүн арты мерчемдүү улуу сапар менен бүтөрү кимдин оюна келди дейсиң анда...

Меймандар алда качан тарап, чыгыштан көк шоола сызыла таң атып келатса да, Атаке баатыр жаздыкка башын койбой, мурдагысынча эле уруңган мандашын жазбастан соксоюп, төрдө отурган анын эки жагындагы Берик олуя менен кашкардан келген Өтөмбай комузчунун сүйлөп берип жаткан сөздөрү өтө эле акырын чыга, сыртта, тээ боз үй желкесинде таң каракчысына окшогон жалгыз караан Таштанбек теребелди акмалай карап коюп, үй ичиндегилерди бөтөн көздөн коруган түрү бар. Мына ушул курулай сактануунун өзү эле Атаке баатыр жанындагы ынактары менен демейдегидей бейкапар аңгеме куруп отурбаганынан кабар бермек...

Коломтодогу көгүш тарта кутка окшоп жанган көк жалын боз үй ичин чала жарык кыла, арбашып жаткансып мына ошол көк жалын чачкан кызыл чоктон көзүн

ібаган Атаке — баатырды мээримдүү тиктеген Өтөмай:

— Кумурскадай көп кытайдын улуу эгеси урматтуу огдыхандын такка отурганына мына быйыл тогуздун йы ченде туура элүү жыл толот — деп, айтып келатанда Атаке баатыр сурап койду:

— Касиеттүү падыша нече жашка чыгыптыр?

— Он үчүндө такка отурган дешет.

— Анда эле экөөбүз жашташ турбайбызбы... Муну кылдуу Атаке сыпайкерчилик менен айтса да Өтөмай өзүнчө түшүнүп, сөз учугун андан ары улады.

— Рас эле, пайгамбар жашына келип, акыл толуп урган чагы азыр Богдыхандын.

— Акылдуу гана эмей, өтө эле кыраакы го чиркин Богдыхан — деп, кубаттады Атаке баатыр.

Кайрадан кобураган Өтөмбайдын үнү баштагысындай эле кыраттуу.

— Баатыр, айтканыңда калет жок. Акыл — айла жана да бир чети кылычтын мизи менен өз өлкөсүнүн чегин арттыра, атак-даңкы көтөрүлүп турганына карабасган бөтөн элге кыр көрсөтүп, душман болуу быякта турсун, дагы эле болсо дос алгысы келет ал...

— Богдыхан аты туруп, доско муктаж бекен?

— Ананчы, болгондо да өзүңө окшош карапайым баатырлар менен достошсом — деп эңсейт ал.

Атаке акырын жөтөлдү:

— Чокусу көк челген улуу тоого, токол адырдын кереги канча?

— Баатыр — деди, Өтөмбай кытмыр үн менен.— Чокусу көк челген аскар тоонун сүйөнгөнү боз адыр. Адырлар болбосо тоо кайдан бийик көрүнөт.

Атаке ойлоно түшүп кошумчалады:

— Ал айтканың жөндүү дечи.

— Эсиңе тутуп кой, баатыр — деди Өтөмбай. — Манжур-Чин өлкөсүнүн улуу эгеси Богдыхан он үч жашында такка отурган. Эсептей келгенде, быйыл ал туура элүү жыл падышалык кылыптыр. Жарым кылым алтын тактан түшпөй эл башкарат деген оңой бекен? Акылман падыша өзүңдү күтүнүп жатат, аябай даярдык көрүүдө. Ата мурсына эге болгонго элүү жыл толду — деп, чоң той бермекчи. Тойго өзүңдөй кара башыл баатырлар көп чакырылмакчы. Өзүңө кабар бергени дүнүйө мүлк артынган кербен жакында жолго чыкты...

— Ошондойбу? — деди, Атаке камырабастан.

— Ооба, баатыр!

Эми Берик олуя кепке аралашты:

— Цин падышачылыгы кытай өлкөсүн качантан бери башкарып келишет?

— Оо, бир жарым кылымга жакындагандыр — деп Өтөмбай ойлоно түштү да, кайрадан жообун бышыктады. — Санжыра боюнча Манжур-Чиндер 1022-жылы такка келишип, Бээжин кайрадан ордого айланган.

Ошо кезде эшик шарт ачылып, капкара мурутчан чымыр жигит баш бакты.

Атаке камырабай баш ийкеди:

— Кире бер.

Жигит Атакеге жакын келип отурса да тымый түштү. Көздөрү күйүп, өрттөй жанган жигиттин кантсе да алданемеден сактанган түрүн байкаган Атаке ооз учун кыбыратты:

— Сүйлөй бер, боорум.

— Аваак досуңуздан дубай салам ала келдим, баатыр.

— Ат көлүгү аман-эсен жүрөбү? Сак-саламатпы?

— Досуңуз ушу кезде Нарбото бийдин көздөй ынагы.

— Кабарым бар. Аваактын кеменгерлигин илгерте билем.

— Билгизип кой деген салам дубайын угарсыз...

— Кулак сенде.

Жигит токтой калды.

— Тартынба! — деди, Атаке.

— Аваак досуңуз, сизди ордого келбесин деп сурады.

— Аваак айтса алдабайт. — Кабак түйгөн Атаке комдонуп койду да: — Анан? — деди, бир туруп кекеткендей.

— Аваак келбесин деп жатса, түшүнүктүү да, баатыр...

— Аваак айтса алдабайт — деп күңгүрөндү Атаке.— Ачык айтып ак сүйлө.

— Нарбото бийдин пейли ак эмес сизге.

— Эмне билгени бар?

— Мерт кылып тыштайт.

— Ордого жигит кезимде далай бардым. Анда эмне катылбады...

— Анда катылбаса, эми катылмакчы, баатыр.

— Ошончолук эле Нарбото бийдин жолуна кандайча бөгөт болдум экен?

— Ал чындык баатыр...

— Мейманга чакырып алып өзү катылса, артымда

ын эл турат. Ошону билбейби Нарбото бий...— Жи-
ген сөз чыксын дегендей маңыроо суроо салды Атаке.

— Билгендиктен сизди мерт кылмакчы.

— Кандайча?

— Элди башсыз калтырмак! Бир күнү эле эртең ме-
н төшөктөн тура албай каласыз.

— А, а — деди, Атаке баатыр чоочугандай. Өлүм
ринчи жолу эсине келди көрүнөт. — Уу берет дечи!

— Андай болушу да мүмкүн, баатыр.

— Андай эле Нарботонун чекесине чыккан чыйкан
элгон турбайынбы!

— Чыйкан эмессиз, баатыр. Сиз улуу тоонун кой-
уна Нарбото бийди киргизбеген — Арыстансыз.

— Арыстандын башы кетсе эле, башка эл күчүк бо-
уп калабы?

— Журт ээси кетсе, эл башсыз калат. Ошон үчүн
елбесин — деди Аваак досуңуз.

— Улант...

— Сизди жутканда эле кокондуктарга кудай бергени.

— Ошондой дечи?

— Анда эле эл-журтка ким тээк болот. Нарбото бий
алган журт аксакалдарын алдайт, арбайт. Анан тез
ле улуу тоонун койнундагы кыргыздар кокондуктардын
улу болот. — Аваак досуңуз ушинтип ойлойт, баатыр.

— Кажылдаган көп калмакты кууп чыктык. Эми
интип эркин жашайлык, эл катары жашайлык десек
ынч койбойт экен да. — Атаке чындап кейиди.

— Нарбото бий көздөгөнүнөн баш тартпайт, баатыр.

— Асылган оору акыры алмайынча койбойт — деп
кыргыз бекеринен айтпайт. Билем, Нарботонун илгерте-
ден көксөгөнү биз. Кан-Тоонун ичин биротоло өзүнө ка-
ратып, беклер беги, — кандардын каны — Гурхан бол-
сом деп эңсейт Нарбото. Көрө жатарбыз — деп тобокел
кылган Атаке жигитти тиктеди. — Азаматым, Таажы-
бай досума айта бар. Тукум уругу өсүп, теңирим ылайым
кырсыкка учуратпасын деп бата кылды. — Баятан бе-
ри айтылып жаткан каймана ат кыргыздын ичкилик
уруусу Аваактардын бийи, Алтын-бешик тоосун жайлап,
ордо кызалатына чакырылган Таажыбай экенин отургандар мурда эле баамдашкан болчу.

Жигит чыгып кеткенден кийин:

— Кутманым, Бээжинге чакырган Богдыхан да ор-
дого жеткирбей эле мага уу берип өлтүрөбү? — деп,
Атаке баатыр Өтөмбайды карап какшыктады.

Өгөмбай шашып кетти:

— Баатыр, кытай падышасы азырынча андай рукка барбайт.

— Кутманым, качантан бери Богдыхан пайгам дын кейпин кийип калды экен?

— Богдыхан билгенге Нарбото эмес, баатыр.

— Анда ким?

— Ал деген чоң өлкөнүн эгеси, Көкө Теңирдин а ринен жаралган — падыша.

— Аны билебиз дечи...

— Рас, ал назилинде сагызгандан сак, түлкүдөн көн куу. Бирок Нарбото бийче кыянатчылыкка ба койбойт.

— Угуп жатам, кутманым.

— Демек, Богдыхандын сыйына сый көрсөтүү с үчүн парз.

— Анда эле Бээжинге жөнөшүм керекпи?

— Баатыр, баруу же барбоо өз эркиң...

— Кандайча түшүнсөк?

— Барган күндө ал өзүңө кол салдырбайт, ме кылбайт.

— Ии?

— Барбасаңыз жайыңа койбойт...

— Кызык экен!

— Сиздин керт башка абдан муктаж ал ушу тапт

— Койчу ары?

— Сизди падышача жакшылап күтөт. Акындар ысмыңды ырга кошот. Үлбүрөгөн сулуу кыздар алдын дан бийлеп өтөт. Жатканың ак сарай, олпок төшөк, эн си өппөгөн жыпар жыт кыздар койнуңдан үзүлбөйт, же ке керт башың быякта турсун, коштоп барган адамда рың, ат кошкон жигитиңе дейре сыйга туйтунат. Жоо дураган жумшак күлкүнү ошо жерден көрөсүң. Бейиш тегидей не бир сый — үлпөт Бээжинде. Ааламга тааны мал падышанын жанында отурсаң кайсы арман. Мындай сыйды көрбөгөн жан-жөкөрлөрүң менен жигиттерин Богдыханды мактабаганда кимди мактайт. Сыйга, жоомарттыкка карк болгон алар көшүлүп, магдырап отуруп берет...

— Ошентип билгизбей кебез менен мууздайт дечи Богдыхан. — Атаке кымтыр күлдү.

— Ап-бали, мына эмесе, төбөсүнөн түштүң. — Өтөмбай сүйүнүп кетти.

— Улант — деди Атаке.

— Душман көргөнүнө ылайым кечирим бербей, мыкаачылык, таш боордук жагынан да Чиндердин ноёндоруна эч ким тең келген эмес. Сулуулукту, коздукту кан-

чалык баалай билишсе, салаасынан кан шоргологен мыкаачылык да аларга таандык. Тоту куш, сулуу аял заты, кооз гүл, көккө атылган сууну көрүп кадимкидей көздөрү кылгыра жашыйт. Ошол эле жерде душманынын жүрөгүн тирүүлөй суурул, салаасынан кан шорголоп жатса, кабагын жыйрыбайт алар...

Атаке кубаттады:

— Кабарыбыз бар, кутманым.

— Билсеңиз баатыр — деп Өтөмбай аңгемесин улады.— Илгери биздин ата-бабалар Манас айкөл баштап Бээжинди чаап киргенде Чин падышасы кантип каршылык көрсөткөнүн билесиңби?

— Айта бер — деди, Атаке.

— Айтса эле ушул. Каптап келгендерге күчү жетпесин билген падыша каршылык кылбай, алдынан тосуп чыгып урмат-сыйга бөлөй, жылуу сүйлөп, жоодурай күлө: жоокерлердин ар бирине ай чырайлуу кызды катындыкка кыйган. Көп күндүк жортуулда чаалыккан-жүдөгөн жоокерлер заматта дүнүйө мүлккө карк боло сулуу катындын назына магдырашып, көп узабай эле өзүнүн жоокердик кудретин жоготушкан. Анан бир эки жылча туруп, балалуу болуп дегендей өз элин, тилин унута, дилин Чиндерге беришип, биротоло кала беришчү экен. Ошентип кайран эрлер, мыкты жигиттер кумга сиңген сууча жок болгон. Чиндер көп эл. Алар бөтөн элди жеңүүнүн нечен бир айла-амалын билишет. Богдыханга азыр сиздин керт баштын кереги канча, баатыр. Ага көк кашка суута мол, байлыгы ташыган Ала-Тоо керек... Асыл жер, касиеттүү кыргыз жери керек. Элдин тагдыры, баатырдын башы менен кайдан иши болмок эле алардын.

Атаке айласы кете туталанды:

— Анда эле канттик? Сол жагыбыздан кокондуктар тооруса, оң капталдан Богдыхан оп тартат. Жутсам деп оборун агыткан эки ажыдаардын кайсынысынын оозуна барып кептелет байкуш кыргыз. Тынч жашай албайт турбайбызбы. Эркиндик жок экен да бизге...

Өтөмбай кеңеш айтты:

— Баатырдын күчү билегинде эмес, анын акылында. Өзүң тап айланы, баатыр. Калың журтту сактап ал. Элдин тагдыры эми өз мойнуңа жүктөлдү го деймсыйкы. Богдыхандын мээримине алданбасаң акыры алар кылычка алат. Кокондуктардын колу улуу тоонун койнуна бир кирсе, ач бөрүчө кайран элдин тымтыракайын чыгарат да...

— Кутманым, түшүнүп турам — деди, Атаке — баатыр айласы кеткендей.

Ушу кезде көк шоола суюлуп, сыртта таң агарып калаткан эле. Коломтодогу жалын үй-ичине анча жарык бербей туш тараптан тынбай бөдөнөлөр бытпылдыкта жаткан болчу. Он эки канат боз үйдүн ичиндеги үчө ошол отурган жерлеринде бүкүлүү-бүкүлүү бойдо кыйшая кетишти. Көк шуудүрүм туланда тонго оронгон Таштанбек мырза да тырп этпейт.

* * *

Бугу айынын капортосу экендигине карабай күн аябагандай ысык. Асманда кылайган булут көрүнбөй чартарап мемиреп, мелтиреп, көк менен айкалышкандай төш тарабынын баары көпкөк, сайраган торгой, самсып учкан кызыл-тазыл көпөлөктөр. Тапталган жана да такай кербен өткөн кан жолду, чоң жолду бейкапар тепсеп бастырып баратышкан кокондук меймандардын жарпы жазыла, кабактары ачык. Жүргүнчүлөр Сары Өзөн Чүйдөгү Солто элинин атактуу баатыры Жайылдын тукум-уругу мекендеген жерине жете элек. Жолдун эки жагы бири-бирине атаандаша бой тиреп жыш өскөн көк камыш, элчи Сайдулла кербендин башында. Узун жолду кыскарталык дедиби, катар бастырып келатышкан ынагынын бирөө элчиге суроо салды:

— Бу кыргыздын бийин мурда көрбөгөндүрсүз азиретим.

— Кайдан көрмөк элем. Сайдулла камырабагансыйт.

Суроо салган адам көкүттү:

— Кандай ойдо келатасыз? Хи-хи...

— Жапандардын кашка-машкасын далай эле көрдүкко. Мындай бучук-мучугун мурда көрбөгөм. Сыйына кандык...

Жол жүрүп келаткандар Сайдулладан пикир сурашып, Атаке — баатыр жөнүндө айтып берүүсүн өтүнүшкөндө, камырабаган ал бир тамсилди жөнөттү.

— Илгери, илгери — деп баштады Сайдулла. — Улуу тоонун этегине, жүлүндөй булак чыккан сайдын четине чынар теректин жалгыз уругу түшүп калат. Ал акыры келип көктөп жаш чынардын чырпыгына айланган дейт. — Чырпык жетилсе чынар болот — деп айтылган кеп ошондон калгандыр. Жаш чынар өсүп отуруп, өсүп отуруп, акыры көптөгөн жылдар өткөн соң көк челген, менменсинген апапак, ары нечен бир адамдардын кулачы жетпеген жоон чынар терекке айланып-

тыр. Чынар өскөн жерге, анын өзүнөн бөлөк да көп бадал-дарактар өсүп чыгып, түнт токой пайда болгон тура. Токойлуу жерден оргуган суу чыга, баягы жүлүндөй булак бир кулак сууга айланып, токой ичи ар кыл айбанатка, жан-жаныбарларга толот. Чынар теректи караан туткан дарактардын ичинде кайың-талы, караган-шилби, чычырканак менен ит сийгек жана жылгынга окшогон өсүмдүктөр да аябай жыш өсүп чыгат. Алардын баары бүт бойдон жалгыз мырза чынарга кошомат айтышып, шамалга ыргала ыр ырдап, аны мактагандай болсо жандары тынышчу эмес экен. Кошомат кимди эрдемсинтпейт, андай мактолорду уккан сайын жалгыз чынардын моокуму канып, канбай дагы эле мактоо уккусу келе берчү.

Баса, ошол көп жыл жашап, башынан көптү өткөргөн карт чынар дагы эле болсо, өзүнөн бөлөк чынар туугандарын жанына жолотпой, аларды ар качан өз боюнан оолак тутчу. Өзүм гана жалгыз макталсам, өзүм гана жалгыз болсом деген карт чынарды төштүн боорундагы, суу жетпеген шагылдын арасына чыккан карт арча, миң жыл жашаган жалгыз арча көрүп-байкап турду. Жайкы аптапта суу жетпей чаңкаганына чыдап, кышкы ызгаарда бороон улуп, бороон уйпаласа кулап калбай жайы-кышы көпкөк бойдон турган жалгыз арча менменсинген чынар терекке акыл-кеңешин айтайын деп батына албайт. Менсинген чынар ага оолактан көз чаптырып, сырдашууга батынбаган карт арча менен сүйлөшүп кеңеш сураганды оюна да албайт. Чынардын саябанына ар кыл куштар учуп келип бой сергитсе, ары өткөн-бери өткөн жолоочулар да анын түбүнө токтобой өтчү эмес. Ошентип менменсинген, капарсыз турган чынардын түбүндө бир курдай кичинекей түктүү, көрүнүшү өтө эле сүйкүмдүү курт пайда болот. Чынардын көлөкөсүндө сайран курган курт анын боорунда өз эркинче сойлой, акыры анын жалбырактарынын арасына урук тыштай ызгаар киргенде чынардын тамырын оюп кирип кыштан да чыгат. Маанайы сүйкүмдүү куртту карт чынар да жакшы көрүп калса керек. Акыры ушун баарын оолактан байкап турган миң жыл жашаган жалгыз арча чыдабай кетип: — Таксыр кошунам, алдагы куртту бооруңа жолотпо — деп кеңеш айтса, «Теменедей бою бар жылдыз курт мага кандайча зыян кылат эле» — деп, чынар ишенбей коюптур. Анда карт арча: «Ал деген жөнөкөй курт бекен, анын аты — мите» — десе да чынар терек капарына эч нерсе албаптыр: «Теменедей

курттан коркуп жан сактабай эле койдум». Акыры менедей мите курт тамыры аркылуу анын өзөгүнө кир менменсинген чынар акырындап саргайып куурап, т бошогон аны бир күнү ызгарлуу шамал жыгып ташт да, булактар соолуп, карт чынардын тегерегиндеги шыл токой да жоголот.

Угуп келаткандар бул тамсилдин маанисин түшү бербей тунжурай түшкөндө, кимдир бирөө сурап кой

— Анча болду, бул жомокту өзүң чечмеле, Сайдул аке!

Сайдулла маалкатпады:

— Атаке баатырды кубаттуу чынар деп түшүнсө жалгыз гана Берик олуяны кошпогондо жапандарды бийи тегерегине бүтүндөй төкөрлөрдү жыйып алганы көрдүңөрго. Деги эле ыйык куранды шылдыңдап кү черткен Өтөмбай селсаягы ким? Арстандай айбатту Солтонун бектеринен эч кимисин көрө албадым, жак болбосо өз кандашы Үчүкөнүн тукумдарын эмне үчү боюна тартпайт. Жүргөн турганы хандыкына тең кел ген, кыргызга аттын кашкасындай таанымал Эсенгу мырзаны жолуктура албадык. Деги баатыр сөрөйдүн жа нында күпулга толуп, өзго алынган жан көрүнбөдү Анжыяндан тентип барган соодагер экен да Атакени ишенгени. Нарбото ханды тоотпой алдына келген ырыс кыны тебет. Сөөк аңдыган итче тегерегине топтолгон би ууч төкөрлөр акыры келип, өзөккө кирген мите куртч Атаке кашканын түбүнө жетпесе өлөйүн. Көрөсүңөр би күнү...

Кимдир бирөө элчиге тил кайрыды:

— Кыргыз деген жапайы элдин мыкты кашкалары менен мал баккан төкөрлөрүнүн арасында көп айырма болбойт. Тамакты чогуу отуруп жешип, чогуу жата, чогуу жүрө беришет. Баатырынын кейпин көрдүңөр го, төөчү казактан кандай айырмасы бар?

— Туура айтасың! — деп, Сайдулла кубаттады. — Бу жапайы кыргыздардын макалы бар. Ал мындайча: — Бузулган элге — бучуктан Ажо.

Элчинин акыркы сөзүнө тегерегиндегилердин баары кыраан-каткы күлүшүп, көгөрүм сууну кечип өтүшкөн кошун — көлөкөсү көйкөлгөн эгиз талдын түбүнө келип түшкөн эле. Жайма жай түштөнүшкөн соң, чарчаган аттардын белин суутуу аракетин кыла бир топко өрүш алды кошун. Ошол эле күнү кечинде Сайдулла элчинин сөзүн төкпөй-чачпай уккан Атаке:

— Душманың бөрүбү, сен дагы бөрү бол. Сыйлаш-

анды билген Атаке, сыйрышканды да билет — деп капарсыз күлгөн болду.

Айткандай, кошун Сары Өзөн Чүйдүн чегинен чыгып, жол кесе Ташкенди көздөй бет алып, талаага түнөшкөн кез болчу. Чатырда жаткан Сайдулла эртеси күн чыгып келатканына карабастан төшөктөн турбаганынан улам жигиттеринин бири акырын баш бакса ардактуу элчи көз голуп да койбоду. Жанына келишсе ал ошо көшүлүп уктаган боюнча кете берген экен... Бөтөн бирөөнүн чатырга кирип чыккан изи билинбейт. Элүүдөн ашкан бул эткээл адамдын мүрт кеткенине эч ким таңгалбастан, анын сөөгүн жол боюндагы эски көрүстөндөрдүн бирине жашырган бойдон кошун андан ары сапарын улады...

* * *

Жылгын-Башыны жарып чыгышкан жоон топ атчан жатакчылардын кичинекей айлы Ак-Бешимди кыйгай, жаңыдан эле капкара шагылдуу тоону көздөй бет алышканда, туура жактан каргылданган, шашкалактаган үн чыкты:

— О-о, жайчы! О, о айланайын, олуя! Токтой тур...

Топ башындагы Атаке баатырды көзүнө илбей Берик жайчыны чакырган бечараны капарга алышпай жоон топ дагы эле бастыра бергенде:

— О-о, жайчы аке! О-о, Берик олуя, деген муңдуу үн дагы чыкты.

Мусапыр үн кулагына шак дей түшкөндө топ башында бастырып бараткан Атаке-баатыр тизгин жыйып, баатырга куйрук улаш келатышкан атчандар «Бу ким?» дешкендей өздөрүн көздөй лакылдап чуркап келаткан кишини таңгала карай калышты. Топтун ичиндеги бирөөнүн үнү:

— Ашым азык экен. Атаны байкуш — ай, карасаң жып-жылаңайлак, буту башын чөңөр тилгенине да кайыл...

— Баатырды жолдон калтырып — деп кимдир бирөө ызырынды.

Ак дамбалы тизесине чейин түрүлгөн, жүн баскан балтыр эттери көрүнгөнү менен иши жок, ийнине кетменин саландата артып алган Ашым жатакчы топко жакындай келгенде, Атакени эми гана тааныгандай:

— Салоомалейкум, баатыр! — деп күйүккөн демин басууга аракеттенди.

Жайынча алик алган Атаке баатыр мээримдүү сурады:

— Ашыке, жоо кууп келаткан жокпу. Эмне мын шаштын? Лакылдап чуркабасаң деле, кайра келаткан өзүңө жолуга кетмекмин...

Баатырдын үнү мээримдүү чыкканы менен Ашы жатакчынын иши жоктой:

— Баатыр, менин жумушум Берик олуяда эле. Алы тан караанын көрүп чуркай бериптирмин.

— Айта бербейсиңби? — Арт жактан кимдир бирө кыжырланды.

— Күн ысыгы бу апенди, баатырды сапарынан алак сытпа!..

— Шаштырбагыла, жигиттер! Атаке артын карабай күңкүлдөдү.

Ашым жалооруду:

— Олуям, жардам кыл! Жайчы аке, жакшылыгыңды аяба... Билесиң, чыпчаң бир айдан бери күн жаай элек. Жерге тоголок тамчы түшпөй, кайрактагы аштыктын баары күйүп кетти. Анан калса быйылкыдай какшыган ысыкты башыма жүн чыкканы көрө элек болчумун. Чегирткелер ызылдайт. Талаада жылан батчу эмес эле, эми баары, төмөнкү сазды көздөй качты. Дагы бир жума жаан жаабаса, алааматка туш болобуз. Анан калса быйыл кирген кезде Кегетинин суусу нугун өзгөртүп... Калмак арыктан суу чыкпай, канча күндөн бери элдин баары ошол жакта, арык башында. Сууну бура албай жатышат. Мен гана бүгүн тегирменге алаксып калып калгам. Суу чыккан күндө да кайракка айдалган арпа-буудайдан кол жууйбуз. Эгиндер кыл мая, саргарып бүттү. Элдин күнү эмне болот? Бала-бакыра ачтан өлөбү? — Ашым эми Атакени карап жан талпас кылды. — Баатыр, элиң аштыксыз калса, өз башыңа кыйынчылык келер. Жардам кылсын Жайчы аке. Канча жолу түлөө кылдык. Кудайга жалындык, ылаажы болбоду. Өгүнү өзүңдү издеп баргандар таппай келишкен, баатыр. Көк-Ойрокко чыгып кетти дешти. Айлабыз куруп, бүгүн алдыңа баралык деп жатканбыз, Жайчы аке! Баатыр, дабаа кылсын, элдин убалын ойлосун олуя.

Атаке боору ооругандай унчукту:

— Азыгым, азыгым! — Сен билгенди мен да билем. Бирок силер кабарсыз жаткан соң балкытып, көлкүтүп сугатка кирген го деп ойлоптурмун. Калмак алыштан суу чыкпай калганын мурда эскерткениңде бир айласын таппайт белек. Чын эле силердин аштык күйүп кетсе баарыбыз куурабадыкпы, азыгым! Анда эле, эл кышында ордо атып, бозо ичпей куруду дей бер. Балдардын

курсагы чоюлуп, ачтан өлбөйбү! Таруу бозонун сазайын берген мына бул берендер кантет. Олуям, кандай дейсиң?

— Биздин колдон келбесе, кудайдын колунан келер. — Берик жайчы төмөн караган түрдө күңгүрөндү.

Эми баатыр Ашымды эркелете сүйлөдү.

— Азыгым, азыгым, сенин аштыгың күйгөндө эле курубадыкпы. Жайчы бар күчүн жумшар, кабатыр болбо.

Берик кубаттады.

— Жатакчым, убайым жебе! Бир айла табылар...

Ак мата көйнөкчөн Ашым:

— Касиетүү жайчы, кудай жалгасын. Элиңдин алкышы тийип, өзүң тиги дүйнөдө бейишке чык — деп, олуянын этегинен өптү.

Жай бастырып келаткан топ атчан тегирмендин жанына келип калышканда Ашым карбаластады:

— Баатыр, наар ооз тийип кетсеңер болбойт беле. Каап...

— Калп сыпайкерчиликтин кереги эмне? — деди жигит башы Орозбай. Калтырба баатырды жолдон, сөз бүтпөдүбү. Орозбай Атакенин ишеничтүү адамынын бири. Ошондуктан ал баятан бери баатырга батына түшкөн жатакчыга жини келди.

— Орозбай, кур бекер салтты бузбайлык. Үйдүн жанынан өтүп баратып, баатыр кур ооз кайтабы! Сүт эмген күрпөң улагым турат...

Атаке сыпайкерчилик кылбады:

— Тегирмениңде эмне бар?

Ашым кайсалактады:

— Баатыр, тегирмендин ташын чегип жаткам.

Атаке баатыр кебелбеди:

— Талкан-малкан да жокпу?

— Кебеги арсайган арпа талкан тургандыр, баатыр.

Айбыккан Ашымды көкүткөндөй:

— Жанякка суудан куюп, арпа талкандан чалып чык — деди Атаке.

Буйрукту алеки заматта аткарды Ашым. Талкан чалынуу мелт-калт кара аякты:

— Бисмилда! — деп тартып жиберген соң: — Булар ичпейт, манаптарга даба жок да — деп какшыктаган Атаке бастыра берди.

Раазы болгон Ашым жатакчы топ атчандан көзүн албай карап калган эле. Ушу кезде Атаке — баатыр капыстан тизгин жыйып, артына кылчая бергенде Ашым

дагы эле андан көзүн албай туруптур. Баатыр ошол калыбында маңыроо жатакчыны «бери бас» дегендей ишаарат кылды. Эч нерсе түшүнбөгөн Ашым козголгон жок. Локуйган жатакчыны көздөй чаап бараткан Ороз-бай «Илгери бас, кел бери» — деп, улам кыйкырып коёт. Эми гана өзүн күтүп жатканын түшүнгөн Ашым жаалы калбай чуркап келгенде, Атаке — баатыр жашыруун сыр айтчудан бетер эңкее берип анын кулагын шыбырады.

— Азыраак сулуу тап, азыгым.

Баатырдын колу жонуна тийгенде өзүнчө эргий калтыраган жатакчы шашып калды:

— Сулуу курусун, баатыр. Керек болсо кыпкызыл буудай табабыз.

— Буудайды кой, мага сулуу керек деп жатам.

— Сулуунун жарасы жеңил дечи, баатыр. Андан көрө жаңы түшүмгө күт. Эски сулууну өзүңө ыраа көрбөйм.

Атаке кебелген жок:

— Жаңы түшүмгө чейин күтө албайм, азыгым.

— Баатыр, азыр күлүк таптап, күлүк чапчуу мезгилби? Өзүнчө бүшүркөдү Ашым. — Жаңы түшүмгө деле аз калды. Кудаа кааласа, бир айга жетпей сулууга орок түшөт.

Баатыр тамашалагандай күлдү:

— Сулуу мага азыр керек, бадырак кылып жейм.

— Бадыракка жарабайт да ал, баатыр.

Ашымдын аңкоолугуна кейигендей Атаке катуураак сүйлөдү:

— Бадыракка жарайбы же жокпу, аны мага кой. Бар болсо камда, момунум.

— Камдайм, кантип камдабайын — деп, Ашым карбаластады. Ошондо атын темине берген Атаке баатыр жатакчысын эркелетип койду акырын.

— Азыгым, азыгым! Кудай бар, Берик олуя турганда аштыгың күйбөйт. Бүгүн эле күн жаадырат жайчы.

Оозун ачкан Ашым баатырдын мактоосуна ого бетер семирип, атчандардан көзүн албай сыйынып жаткан адамча кыймылсыз. Баатырдын жатакчы Ашым менен сүйлөшкөн сөзүн кулагы чалган сүрмө топ жигиттер жайлоо бышып, от жетилип калган чакта, баатырга сулуунун кандайча кереги бар экенин түшүнүшпөй өздөрүнчө аң-таң. Атчандар Жылгын-Башыны жарып өткөн кан жолдун четиндеги он чактыдай жалпак тамдуу кыштоого жакындашты. Ошол токол тамдуу туракты элжурт көптөн бери «Токмок кыштак» — деп, атай баш-

ташкан. Кан жолдун как четиндеги карааны анча чоң эмес Токмокту — Атакенин санаалашы Абдракман Күчүк уулу мекендейт. Абдракмандын илгертеден күткөн кесиби — соодагерчилик. Ал кырды кыдырып, сырды сыдырып дегендей: Кашкар аралай Кытайга, Индустанга чейин жетсе, андан кайткандан кийин деле көп аярлабай Ташкен, Кокон, Хива аркылуу Эдил боюн мекендеген булгарларды тинтип чыгат да, үйүнө келип ат тезегин суутпастан кайрадан чөл кезип, Сары-Арка аркылуу казак туугандарды аралап жөнөйт. Деги эле, анын жаны жай албайт. Бир аз эле күн жатып калса бук болгондон өлүп калчудай көрөт өзүн. Ошентип, Абдракмандын дүйнө-мүлк артынган кербени ары-бери чубайт да турат. Кайсы эл, кайсы жерде кандай буюм баа экенин Абдракманча ким билет дейсиң. Керектүү буюмдарын каалаган учурунда таап келип, Ала-Тоо ичиндеги туугандарын бир карк кылат Абдракман көпөс. Кымбат баа аң тери, алтын күмүш, кездеме-манаттын не бир түрлөрүнөн тартып, жип-шуу, ийне, кытай-чай, калмак чай, казантулга, ок-даары, ал тургай: күңү менен кулу; аргымактын асылы, аюунун мамалагына чейинки не деген гана дүнүйө-мүлк атактуу көпөстүн колунан чыкпады. Кокус сатууга дүнүйө таппай, ат көлүгү кырсыкка учурап калса, бөтөн кербендерди ээрчий жол көрсөтүүчү болуп да жалданып алат. Ошентип кай бирөөгө жалданат, кайра бирин жалдайт. Бу жалганда Абдракман көпөс жарык дүйнөгө күлү бир жерде додо болуп тынч жатып, тынч жашоо үчүн келбеген адам. Баса, Абдракман эл-журттун каймагы — төбөлдөр менен көйкаша-илимдүүлөр гана түшүнө билген чагатай тилинде да сүйлөп, коздоп жаза билгени аз келгенсип, ыйык курандын аяттарын шатырата жатка айткан, көзү ачык адам. Кербен көчү тыйылбай, жана ошого жараша нечен бир жарактуу жоо өткөн тогуз жолдун тоомуна там салып, беш алты үйлүү курама элге кошулуп Атаке баатырды караан туткан Абдракманды жергиликтүү эл бөлөк-бөтөн санабайт. Анан калса, өз урук-тууганынан безиппи, айтор, Атакени караан тута, мына ушул Чүй бооруна кимдер гана көчүп келбеди. Бардыгы тең эл болуп, эч кандай коогасыз жашап келатышат. Андыктан киндик каны тамган жеринен алда качан ооп келген Абдракманды тескеген деле киши боло элек. Неси болсо да, Абдракман оокаты өтпөй калчу бечаралардан эмес. Жок, кайра ал эл кадырын, баш кадырын билген, дүнүйө-мүлккө карк болгон көпөс. Адеп ооп келгенде жергилик-

түү эл аны өздөрүнчө «Жаңы тууган» — деп жүрүш.
Мына ошентип, Жылгын-Башыны Абдракман мекен-
генден баштап, анын журтун тегеректей, бөтөн эл да к
бөйдү. Кадырлуу көпөстүн бир кездеги «Жаңы тууган»
аты өчкөн. Бу күндө Токмоктун тегерегине Кашкар ме-
нен Кара-Тоо тараптан ооп келишкен кожолор арбыды.
Кожолор кыргыз ичин аралай курандан, шарияттан кеп
салышса, Абдракман дүнүйө-мүлк чогултуунун айла-
сын көздөйт. Баса, бул кыштакка Токмок деген ат к
дан келгени ушу кезге чейин белгисиз. А мүмкүн илг
айкөл Манас туулган Алтайдын түндүгүндөгү Кем
рыясынын жээгиндеги Кызыл-Жардын бет алдында
кооз чоку — Токмоктун атын которуп койгондур А
ракман. Эгер ошондон улам Жылгын-Башы — Токм
аталса, анда Алтайды жарып аккан Катын дарыясын
чет жакасы бүтүндөй Чүй деп аталат да. Анда эле к
сиеттүү Сары Өзөнгө — Чүй деген атты да Абдракма
койдубу? Билгенге, сан кыргыз жүрбөгөн, кыргыз жор
погон жер аз... Илгертен ата-бабасы мекендеген же
суунун атын кайран эл кайда барбасын өз көөнүнө
өчүрбөй ала жүргөндүгү үчүн кыргыз аты өчпөгөндү

Ушул азыр Абдракман көпөс — Атаке баатырдын э
бир урматтаган адамы. Жеке эле быякта калсын, көпөс-
тү төгөрөктүн төрт бурчуна чейин жакшы билишет. Жай-
дыр-кыштыр өйдө-төмөн өткөн жүргүнчү менен кербен-
дердин баары Токмок кыштоого токтобой, бел чечип эс
албай кетишпейт. Капкаяктагы кабар-жакшылыктын
баарын Атаке — баатырга Абдракман жеткирет. Ата-
ке турганда көпөскө тирүү жан өйдө карабас. Иши кы-
лып көпөс менен Баатыр ары кетсе таяке-жээн, бери
кетсе учу бирге тууган. Анын үстүнө итче кабышкан,
бөрүчө аңдышкан заманда алтын-күмүш баш болгон
сан байлыкка ээ болуш үчүн да көпөскө арка болор Ата-
кедей бир баатыр керектир. Айтор, Абдракман менен
Баатырдын өтмө катар мамилесин чечмелей берсе сөз
арбын.

Чүй суусу киргенде кан жолго чейин топон суу жүр-
гөндөй сел каптайт. Абдракман кыштакты кара жолдун
үстүндөгү дөңсөө жерге салганы да бекеринен эмес.
Топ атчан үйүнө жакындап калган, баятан бери даяр
турган Абдракман саламдашкан соң Атаке — баатыр-
ды жандай бастыра берди. Үйүнүн жанынан өтүп ба-
раткандарды «наар ооз тий» — деп ызаат кылбаганына
караганда, Атаке менен көпөс мурда эле акылдашып
койгон түрү бар. Атаке — баатыр унчукпаса, көпчүлүк

эмне демек эле, ат дүбүртү басаңдабай кетип баратышат. Чүй суусунун боюна жакындаган кезде Берик жайчы топтон бөлүнүп, топ талды көздөй бет алды. Ошондо бир жигит айттырбай эле анын артынан ээрчиди да, качан Олуя аттан түшмөкчү болгондо, карыяга катарлаша берген ал жайчыны колтуктан сүйөй жерге койгон соң, эмне кылайын дегендей карыяны тиктеп калганда, Берик бара бер — дегендей кол шилтеп, чоң суута куюп жаткан булактын четине отура кетти. Чүй суусу жаңыдан кире баштаган кез экен. Дарыянын боюндагы жапайы өскөн көпкөк талдардын салаңдаган бутактары шар аккан сууну улам чапкылай, көз кумарын эргиткен жапжашыл талдардын арасынан таранчылар чырылдап, күкүк таңшый, чар тараптын кереметин арта, асман көпкөк. Тээ алыста баштары көк чалган тоолор. Мээден өткөн күн ысыгын эч кимдин сезе турган түрү жок. Булоолоно тер жыттанган кер ат суута жутунганына болбой, баятан бери тизгин каккан Атаке-баатыр заңк этти:

— Кана, биссмилда — деп кече берелик. Олуя өз ишин кылсын, биз аны өйүздөн күтөбүз.

Кечмелик өтө жайык жана терең болчу. Аттардын толорсугунан өйдө суу жаба, өйүзгө чыккандар үнчүгүшпай төш таяна берип, артка кылчая карап калышкан. Алар турган суу жээгинен өйдө тоонун күңгөйлүү төшү чылгый эле кара шагылдуу этек. Шагылдардын төмөн жагындагы көк майдан аптапка чыдабай күйүп кетиптир. Көктө чакчайган күн. Төштөгү кара шагылдан улуу күйгөн оттун табындай аптап уруп, аттар кошкура, аттар тыбырчылай, Берик олуядан көздөрүн албаган атчандар үн катышпай тунжурайт, тымтырс. Тигинде сүйрөлгөн, уп-узун Берик олуя шашпай даарат алып болуп, койнунда ката жүрчү кара бүлөөгө окшош касиеттүү ташын аярлай кармап, булактын суусуна малды да, анан адатынча ооз учун кыбырата, бүлөнү дубалай баштады. Жайчынын жоругун көпчүлүк далай жолу көрүшкөн. Мындайда карап тургандар да ичтеринен дуба окуй үнчүгүшпайт. Кала берсе андай чакта тегерегиндеги жан жаныбарларды жайчы сыйкырдап таштайт дешчү. Карап тургандар кантсе да дубанын сыйкырына ишене, Берик олуядан чочугандай тым-тырс боло түшүшөт. Жайчыга акарат айтып, шылдыңдаган киши акыры бирди көрөрү бышык. Берик суу кечип өздөрүнө жакындай бергенде:

— Ары болгондо, эт бышымга жетпей күн жаайт — деп, топтон бирөө үн катты.

Экинчиси аны коштоп кетти:

— Деги, тез эле жааса экен. Тозоктун отуна күйгөн дөй эле болдук.

Ысыкка күйүп, суукка тоңбогон кыргыз кыргыз... Кыргыз баарына чыдайт. Анын эмнесин кеп кыласың дегендей сүрдүү караган Атаке баатыр ат соорусу... камчы үйрүдү. Кара-Тоонун этегин кыйгай аккан суу... бойлой кетип баратышат. Баатырга катар бастырга... дар: Берик олуя, Абдракман көпөс, Өтөмбай чертмек... жана да чыйрак жигит Шергазы. Аларга куйрук ула... келаткан жигит башы — Орозбай, калгандар тобун бу... бай артта. Аларга алдыңкылардын сөзү угулбаганда... итапкан оолак. Атакенин башында чет-жакасы сайма... ланган төбөсү шуңшугуй ак калпак. Жакасы туюк көй... нөктүн үстүнө жалаңкат жамынганы — төөнүн аппа... чуудасынан тигилген жепжеңил, жука чепкен. Баатыр-дын кийингени жупунудай көрүнсө да, ат жабдыгы бү-түндөй күмүш менен аземделген. Баатырга жараша, калгандары да ошончолук карапайым кийинишкен. Карасур аргымактын үстүндө кебелбеген баатыр ошол алды жагынан көзүн албаган бойдон үн салды:

— Керегеде кулак бар, кеңешчү болсоң ыраак бар...

Берик олуя өзүнчө табышмактатты:

— Айталаада сүйлөшкөн сөздү да кээде адам угат, баатыр.

Анысы артыкбашыбыз жокпу деген маани эле.

— Олуям, өзүң мага баш болсоң, анын ичиндеги мээси Өтөмбай менен Абдракман.

Анан өзүн тиктей калган Шергазы жөнүндө кошумчалады. — Шергазы кара көзүм, бери болгондо — жүрөгүм.

— Журт ээси Атаке баатырга теңирим кубат берсин. — Абдракман бата кылды.

Арттагы Орозбай сөз укпаган кишиче ат үстүндө какаят. Кебелбегенсиген Абдракман сөз жылдырды.

— Кокондук элчи жолдон жан таксым болуптур, баатыр.

Берик олуя алакан жайды.

— Жаны жанаттан жай алсын.

Атаке кебелбейт:

— Ыйманы жолдош болсун. Жазмыштын жолуна арга жок...

Сөздү Шергазы илип кетти:

— Оозуна алы жетпегенге өлүм ак...

Абдракман жубатты:

— Жазуу, жазуу... Алланын маңдайга жазганы ошо болсочу...

— Алла тааланын буйругунан эч ким кутулбайт, — деп Олуя оозун жыйганча арттан күн күркүрөдү.

Бастырып бараткандардын эч кимиси артка кылчайбайт. Эми нөшөрлөгөн кара жамгыр тоо этегинен берки Чүй суусун жээктете тынбай куюп кирди. Азыр эле ысуулаган жигиттер сууга түшкөн чычкандай шөмтүрөштү да, чыйрала түшкөн аттар ооздук кемире чуу коюп чуркагысы келе тынчы кетүүдө. Жигиттер кантишмек, тизгин кагып топ алдына чыгууга даашпайт. Жамгыр өчөшкөндөй үстү үстүнө сабап жатат. Бирок байкаганга кызык башкада эле. Бир бута атымча алдыда келаткан атчандардын төбөсүндө күн нуру жаркырай, алардын этек жеңине тоголок жамгыр тамган жок. Берик жайчынын өнөрүнө раазы болгон Атаке баатыр.

— Куп гана кылдың, олуям. Эми бизди да сергит — деди, чекесине тийген күндү колу менен тосуп.

Атакенин өтүнүчүнөн кийин гана олуя артына кылчайды эле, тоо үстүн копкоюу кара булут жыш каптап калыптыр. Жүргүнчүлөрдүн бет алдында кылайган булут көрүнбөй асман ачык. Чокчо сакалчан чап жаак Олуя өтүндү:

— Баатыр, суу болосузго...

— Олуям, жамгырга чыланбагандай нур жаадыр. Аттардын тери кургасын. Өзүбүз да сергийлик.

Ошо бойдон каптал жактан жамгыр чаба жаап; аттардын соорусун салкын жел жулмалай, терге аралаша жамгыр жыттана, алардын төбөсүнө тамчы суу тийбеди. Маанайы көтөрүлгөн Атаке баатыр Орозбайга зоңк этти:

— Айт, жигиттер алдыга өтүшсүн.

Бир аздан кийин капталдай чапкан жигиттер алдыга озуп чыгышты да, этек-жеңдеринен суу тамчылап, куп гана шөлбүрөгөн курбуларынын кейпин көргөн Шергазы күлүп жибергенде, Атаке да эрксизден жылмайды. Кызык... жамгыр эми жай бастырып келатышкан Атакенин атынын куюшканынан бери өтпөй, анын жаясынан ылдый гана жайма-жай себелөөдө. Бирок жайчынын сыйкырына таңгалган деле эч ким болбой, сергип көңүлдөрү көтөрүлгөн атчандар сөзгө кирди.

— Баатыр — деп, өтүндү Шергазы. — Олуя атам ушу кезге чейин жайчылык өнөрүнүн сырын эч кимге ача элек. Көрүп турасыз: бир буту жерде, экинчи буту көрдө. Кокустан көзү өтүп кетсе, ордун ким басат. Ыйык өнөр ушу бойдон кошо кетеби көргө? Мага үйрөт

деп күндө жанын койбойм. Жооп бербейт. Же ма...
ишенбейби. Менин ата-бабам кара жердин төшүн чи...
мелеп, аштык эгип жан баккан назили дыйкандарда
эле. Каалаган кезде кара жерге жамгыр жаадырып, ка...
лың элдин курсагын кара жармага кенен тойгузат эле...
го. Көкө теңир менен сырдашып, жайчылык кылганда
өткөн да өнөр барбы? Олуя ата, баатырдын көзүнчө су...
рарым — таалимиңизди берип кетиңиз.

Баатыр олуяны карады.

— Шергазы өнөр үйрөнүүгө татыксызбы, олуям?
Жашы отуздан ашты, колунан баары келет.

— Татыксыз деп — өгөйлөбөйм.

— Андай болсо шакирттикке ал.

Олуя башын чайкады:

— Анте албайм, баатыр.

— Себебин айт, олуям?

— Келип-келип эле өзүңдү кыя албайм.

— Түшүнсөм оңбоюн...

— Баатырдын кадырына жүрөгүндө карасы жо...
баатыр жигит гана жетет. Шергазы сенин канаты...
Атына жараша Шергазы — шер жигит. Ал жигиттерди...
дин ичиндеги даанасы. Жоо келгенде бет алганын жа...
рып түшчү көк жал. Арстанга каршы шилтесең да та...
манбайт Шергазы. Жортуулдарда жол баштайт. Эр с...
йышта, эңиште эч кимге мөөрөй бере элек. Отузунда өг...
коштоп, жер чийип мөгдөбөсүн эр Шергазы. Баатыр, к...
ра жанын карч урган дан багарларың азбы? Шергазы с...
нин арка белиң, муну жаныңан чыгарба. Башың көр...
кирсе, уулдарыңа көз болот Шергазы. Көзүң барда дал...
керегиңе жарайт. Кысталышта эң бир албан иштин к...
зүн тапты. Шергазыча өзүңө берилген, жүрөгү таза ки...
бар? Андыктан, Шергазыны өзүмдөй такыба кылууг...
дитим чаппады. Ичсе тамакка тойбой, эрегиште душ...
манга мөөрөй бербей, тирүүлүктүн кумарына канбага...
шайдоот-шайыр Шергазы жаныңда жүрө берсин. Эр
жигиттин да маңдайына жазганы бар. Шергазы белин
ийип жер чийбей, жортуулда жүрүп картайат. Жортуулчунун башы жолдо калат дегендей же жортуулда
мерт болор. Көктөгү туйгунду бакма тоокчо жер чокутпайлык, баатыр.

— Ыраазымын, Олуя — деп, жиберди Атаке.

Деңөөрсүгөн Шергазы бир топто барып унчукту:

— Андай экен, олуя ата, Орозбайга үйрөт жайчылык өнөрдү. Ошол аштыктын сырын сонун билчүдөй. Былтыр эккен таруу — коногунун үстүнө ыргыткан тебетей

керге түшпөй калды. Жаки болбосо, өнөр Чокойбайга калса эл-журтка жаман болобу?

— Чокойбайга үйрөтпөй калайын — деп кесе айтып тыштады Берик.

— Неликтен? — Атаке чоочуп кетти.

— Аны жакшы билем. Өтө кырс, карамуртөс эме ал. Чокойбай өз көмөчүнө күл тартканды жакшы көрөт. Айдаган аштыгынын ичинде сойлоп жүргөн жылаанды башканыкына алпарып таштайт. Аныңардын ичине кара таруу айланбайт. Кара мүртөз Чокойбай жайчылык өнөрдү үйрөнсө, өчөшкөндөрүн кырып таштабайбы? Жайчылык өнөр кең пейил, ары кой оозунан чөп албаган момун адамга жарашат.

Шергазы күйүп кетти:

— Анда эле касиеттүү өнөр текке кетеби?

— Кейибе уулум, сан кыргыздын арасында жайчылар азырынча арбын.

Олуянын жообуна Шергазы ынанбады:

— Көзүңүз тирүү турганда бирөөбүз үйрөнүп калсак болбойт беле, жарыктык.

Олуя жайкалган сакалын сылай ат жалын таптады. Ээрде отурган өзү кургак, атынын жалы менен жаясы суу эле.

— Эл ичинде өнөрүмдү алып калгандар арбын дедим го, уулум?

— Чын элеби? — Шергазы сүйүнүп кетти.

— Илгери, илгери, оо мындан көп жыл мурда — деп баштады Берик Олуя. — Жөө-жалаңдап, арып-ачып Кетмен-Төбөгө жетип токтодум. Жаан жаабай ой-түзөңдүн чөптөрү күйө баштаптыр. Курсагым ач, ызылдаган саратандуу аптап. Алдымдан сайгактаган беш-алты шүдүңкүт чыкты, жакын жерде айыл бардай. Бир кыр аша берип, жалгыз конгон боз үйгө туш келдим. Ит үрө, үйдөн атып чыккан жигит иттен арачалагандай мени көздөй чуркады. Деги эле жан алы калбай салам айтып, үйүнө ээрчитип киргенде, аялы алдыма жумшактай төшөк салып, суусун берди. Кичине өзөк жалгап көшүй түшкөн менин алдыма тамак ашын жайнатты. Мен шашпай курсак тойгуздум. Чарчап турганымды түйган жигит менен аялы экөө илбериңки унчукту: — Ата, мына бул жаздыкка башыңызды коюп эс ала бергиле — деп. Анан аялы экөөлөп казан асууга кам урганын байкадым. Көзүм илинип кетиптир. Бир маалда байкасам эшикте, дыбыр-дыбыр эте жамгыр жаап жаткандай. Сыртка чыксам баягы жигит эшик алдында суу сээп, боз үйдүн үстүнө суу чачып жүрүптүр. «Эмне кылып

жатасың?» — деп сурасам: «Сизди салкында уктась деп — туурдукка суу сээп жатам» дейт. Ичим эзилд шашпа деп ошо замат эле ал жерге өткүн жаадырды да, кетеримде жигитке жайчылыкты үйрөтүп койду. Ошо жигиттин аты Кадыр. Ушу кезде Кетмен-Төбөдөг чоң жайчы. Эч качан кыянатчылык кылбай, эл камы ойлойт. Качанкы бир жылы Эрдаана бийдин колу Эчки Сайды бойлой кыргызды басканы келатканда ал капч гай ичинде ак жайдын күнү кар жаадырта, селге агызы баарын кум-жам кылган. Жайчылык көпкө дейре ош нун тукумдарынан үзүлө койбос. Андан башка да э кишиге үйрөткөм. Үчтөн ашыкка өзүмдүн да күчүм ж пейт.

Ошо кезде Ала-Тоонун түштүк жагын жыш бул каптап, Ашым данбагардын айылынын үстүндө нөшө куюп жатса да, Атаке баатыр баштап бараткан атча дардын бет алды ачык, сыдырым муздак жел тынб жүрүп, түш оой атчандар Кордойго жакындап кир барышты. Эрте жазда эле кой көктөткөнү ооп келишк Атаке баатырдын бир айлы Кордойдон Ала-Тоо жак лай көчө элек. Жамгыр тез жаап ачылгандыктан же бети тирилип, токол адырлардын жылгасынан иттер ү баштады. Атаке баатыр көздөп бараткан айыл ушу дур.

Заматтын ортосунда тээ алыста, алдыда маңкайга ак чокулуу тоолор бүтүндөй булутка малынып, бир бышымга жетпеген убакыт ичинде кеңирсиген Сар Өзөнгө шатырата жамгыр төгүп жатканына карабаста батышты беттеп баратышкан жолоочулардын үстүнд күн нуру жаркырайт. Жайчынын кереметтүү өнөрүнү касиетине булар биринчи жолу күбө болуп олтурушба гандыктан эч ким таңгалган жок. Берик олуянын азыр эле өзү жөнүндө айтканына Шергазы кубанып же кайгырбастан кайра ал сыр бергиси келбегендей дымыйт. Унчукпай бет алдынан көзүн албай келаткансыганы менен ичи элжирей, ичиндеги күйүтү козголо, Нышаа баатырдын токолу Акшайымды көксөдү. Айбалта кармап жолборско жалгыз катылган Шергазы канчалык эр жүрөк көрүнсө, ал кээде ошончолук жоош, кыялкеч, жоомарт, бир туруп кирген буурадай чамынган албуут эле. Ал отуздан ашса да өзүнчө үй көтөрө элек. Асыранды уулунун көөдөнүндөгү күйүттү Атаке жакшы билет. Акшайымдан айрылгандан бери дүйнөдөн так өтчүдөй көгөрүп койду ал.

Шергазы далай жылдан бери Атаке баатырды жандап, ал сапарга аттанса такай жанында, үйүндө отурса

үстүнөн чыкпай, баатырдын оюндагысын кирпик ирмегенинен түшүнүп, деги эле анын каарына кабылбай ачык-айрым жүргөнсүйт. Баатыр өз балдарына анчалык бой салбагандай, Шергазыны гана жанына жалгыз медер тутkансыганын көрүп-билгендер өздөрүнчө таңгалса да, сыр алдырбай билмексен. Атасынан ыйбагышабы, айтор баатырдын өз балдары да Шергазыны нак дилинен ызааттаашчу. Дегеле ага ичтери тарыбай турган. Анан калса, адамга жугумдуу, бешенеси жарык эле Шергазы. Баса, Атаке баатырдын бөрүчө жортуп, эл көзүнө таанылып калган же болбосо бөлтүрүкчө жаңыдан боорун көтөрүп келатышкан: Аблай, Солтоной, Байжигит, Карабек, Таштанбек, Жаншүгүр аттуу алты уулунун ичинен Таштанбек менен Карабек тың чыккансыды. Өзгөчө жыйырма үчтөрүндөгү Карабек баатырдын жолун басып элине тутка болчудай. Ал жаштыгына карабастан өтө салмактуу, калбат. Чыгынган ишин акылга салып, жети өлчөп бир кесүү менен бүтүргүсү келет ал. Баатырдын өзү да уулунун мына ушул маңыздуулугуна баа берчү. Эл тагдыры колуна тийсе жаман болбос деген оюн эч кимге билгизбей, анан келип эле Таштанбекти көп байкоого алат. Ошого тете Таштанбеги оңду-солду байкабаган баатыр, ыксыз курч мүнөзү менен өзгөчөлөнө баштаган. Өкүмдүк, курчтук учуру келгенде керектир, бирок эр башына анын залакасы да көп тийет. Атаганат, айкөлдүк менен курчтук төп келип, оңой менен бир адамдын турпатына сыйбайт тура. Атаке баатыр ар кандай сапарларда, зарыл кеп-кеңештерде уулдарын жанына анча жолотпогон кишидей көрүнсө да, ал жеке керт башындагы сапат аркылуу бөлтүрүктөрүнө мыкты таалим-тарбыя берип жатканын бөтөндөр кайдан түшүнсүн. Жылуу-жумшак мамилесинен уламбы, Шергазы да баатырды көрбөй калса кандайдыр коңултуктап, кез келгенде күчүгүнөн бөтер эреркей, эркелегиси келчү. Керек десе ал Атаке үчүн отко түшүүгө даяр эле.

Чегирткелер учкан такыр этекти кыйгай, жүргүнчүлөр жон таяна бергенде, алды жактан түтөгөн тезектин изи урду да, бул жерге айыл кончу эмес эле деген кыязда Шергазы атын темине туу жонго чаап чыкканда бет алдында кара кокту пайда болду. Анын как ортосунда кичирээк каралжын эки боз үй турган экен. Бирок кара боз үйдү тегерене куушкан кызыл көйнөк келин менен мадырандаган боз жигиттен башка ал жерде эч кандай бөлөк жан көрүнбөйт. Жан дүйнөлөрү козголгон ал экөөнү эриксиз тиктей бергендин ортосунда Шерга-

зынын жанына Атаке баатыр баш болгон арттагы атчандар жете келип токтой калышыптыр. Келиндин салынган ак жоолугу шилисине түшө шыпырылып, тай буудай чамынган жигиттин кенен сары шымынын алаасы шөлбүрөй, ычкыры жерге чубала, ушу кезде алар өздөрүн не бир жан аттуу көрөт менен иштери жок, махабаттын шайтандуу азгырыгына баш оту менен кирип калганын кыраакы баатыр түшүндүбү, ал атын акырын моюнга жаңсаган бойдон артка бурулуп баратып өзүнчө күңк этти:

— Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт.

Өтөмбай чертмекчи баатырдын оюн бышыктады:

— Шайтандын азгырыгы да, болбосо, ушунчалыкка барышат беле.

Көшүлгөн калыбында Берик олуя кеп кыстарды.

— Зулайканын дилин бузган да шайтан...

Ошо бойдон алар унчугушпай жүрүп отурушту да, Атаке баатырдын ачууланып же жипкирип баратканын эч ким туя албай баары тымтырс.

* * *

Топ жигит кайрадан артка өтүшүп, чаба жааган жамгыр эми алардын үстүндө мурдагыдай сабап келүүдө. Баатырдын как чокусу ченде бир ууч апакай тармал булут атайын ээрчип алгансыйт. Жаан себелеген көлөкөлүү булуттун алдында бараткан Шергазы унчукпастан Берик олуянын өнөрүнө ичинен таңгалып коёт. Ошо бойдон дагы бир аз бастырышканда күркүрөгөн күндүн добушу сол жакта. Сары Өзөндүн үстүндө калып, алар түндүктү көздөй бет алганда Кордойдун боз адырлуу этеги көрүндү да, кайрадан думуктурган аптап бетке урду.

Күн түштөн ооп калган кез эле. Баятан бери унчукпай келаткан Атаке.

— Оо, качан жетебиз? — деп үн салды.

Шергазы жооп айтты:

— Баатыр, дагы итапкан жер бар. Эт бышымча жүрөбүзго.

— А, мейли, кебелбей үн катты баатыр.

Шергазы өтүндү:

— Баатыр, Шор-Колотко токтойлук.

— Шор-Колотто эмне жумушубуз бар?

— Аттардын белин суутсак...

— Ии, курсак ачты — дечи.

Шергазы тайсалдады:

— Курсакты ойлогон жокпуз, баатыр. Аттар бир аз тыныксын.

— Ие, ошондойбу? Түшчүлүк жолдо бели талыган атты минип эмне! Андан көрө кара курсагын камы деп ачык айт, уулум.

— Өзүңүздү ээрчий жүрүп ач калбасак да, көптү баштан кечирдик, баатыр. Дегинкиси, курсактын камын да жейлик.

Баатыр Шергазыны кубаттады:

— Сөз чындыктан бузулбайт. Айтканың чын, баарын кылган кызыл кекиртек. Кызыл кекиртек үчүн адам баласын мындай кой, жан жаныбардын баары, ал гана тургай көктөгү куш дагы колго түшөт...

— Ананчы, деп баятан бери жорго үстүндө көшүлгөн Абдракман кепке аралашты. — Жанталаша дүнүйө жыйып, мал күтөбүз. Ошонун баары келип эле — кызыл кекиртектин камы...

— Ап — бали, Абдракман айтса эле, анда кызыл кекиртектин камын жейлик, — Атаке баатыр тамашалагандай сүйлөдү. Шергазы, ат жалына казан аскыла. Арттагы жигиттер жете келсин.

Ошо бойдон топ бир азга буйдала берип, жерге түшө калган кимдир бирөө ат үстүндөгү аксакалдардын колуна суу куйду да, кара кеселер толо мелт-калт кымыз аяр сунулду. Кымызга суусун кана көңүл жайланып, аттар кайрадан алдыга аяк шилтегенде, Атаке дагы буйурду:

— Орозбай, ат жалына казан аз. Жол арбысын, курсакты да эстен чыгарбайлык. Билип алгыла: өзүбүздөй жоокер теке-түрктөрдүн бир жоругу бар. Күндүз жол жүрүп, чөл кезип баратканда өрүш жасашпайт алар. Азыгын ат үстүнөн жеп, төө кымызын шимирип коюп кете беришет.

— Аттары — арып — ачпайбы? — деди, Шергазы, таңкалгандай акырын.

Атаке баатыр түшүндүрдү:

— Койдун кадимки эле бүкүлү куйруктарынан канжыгага байлана жүрүшөт андай кезде. Маал-маалы менен шашып баратканда куйруктан аргымактарына да сугунтушат тура. Ошентип, өздөрү көнгөн да. Суусап, курсагы ачпаган жарыктык жылкылар чөлдүн бир кыйрынан экинчи кыйрына оңой эле чыгып кетишет экен.

— Капырай — дешти, ар кимдер.

Баатыр сөзүн бышыктады:

— Өзгөчө, шашылыш жол жүргөн жоокер аргымак коштой чыгат. Биринин бели талыганда экинчисин ми-

нип, маал-маалы менен аргымактарга жанагинтип куйрук сугунтуп койсо болду, аларга суусун да, азык да ошол...

Ошо бойдон сөз токтой, аттардын басыгы да жайлап, баглан козунун бышкан жилигин кармаган жүргүнчүлөрдүн ар кимиси өздөрүнчө алек. Жалгыз баатыр гана колуна устукан албады. Ал көпчүлүктүн көзүнчө тамак жебесин баары билишет. Ошондуктанбы, тамак жеп жаткандардын эч кимиси андан айбыкпагандай... Бир аздан кийин колун аарчыган Берик акырын бата кылганда, башында артта келатышкан жигиттер кайрадан өздөрүнчө оолактай бергенде:

— Чогуу жүргүлө! — деп буйруду Атаке баатыр.

Кара булут жүргүнчүлөрдүн желкесинен басты да, баатыр минип бараткан дулдулдун так жал үстүнө өткүн дыбырады. Майда-майда боз адырлар. Адырдын артындагы адыр түгөнбөчүдөй көңүлү ого бетер ачылган Атаке баатыр:

— Кана олуям, узун жолду кыскарт — деп, жумшак өтүндү.

Мындайда ылайым токтоп көрбөгөн Берик олуя буйдала бергенде Атаке сурап койду:

— Олуям, курандын он экинчи сүрөөсүн чечмелеп бер. Мына бул бурадарларың билип алсын...

— Баатыр, — деп каршы болгондой унчукту Берик олуя. — Ыйык курандын он экинчи сүрөөсүн жатка билчү элең го. Элден мурда сага курандын тогузунчу «Тобоо» сүрөөсүн айтып берейин. Курандагы «Жусуп менен Зулайканын» тарыхын андан кийин чечмелейм.

Атаке айтканын берген жок.

— Тобо —сүрөөнү биз кечинде коломтону тиктеп отуруп угалык, олуям.

— Баатыр, айтканыңдай он экинчи сүрөөдө «Жусуп менен Зулайканын» тарыхы айтылат.

— Жусуп менен Зулайка катындын тарыхын мына бул жигиттер да уксун. Бирөөнүн никелүү зайыбына көз артуунун зыяндуу жагын билип коюшса жаман болбойт. Жанагы аңгинин чак түштө кылган жоругун көрдүкко...

Берик олуя баш ийкеди:

— Ал да болсо шайтандын азгырыгы.

— Шайтандын азгырыгына кирбей, кудайдын амирин туя жүрүшсүн жигиттер.

Тыгыз бастырган жигиттер кулак түрө, бул аңгеме жанагы жалгыз боз үйдү тегерене куушкан эки безердин жоругунан улам чыгып жатат деп ойлошту. Шер-

газы болсо, түндө боз үйдө Өтөмбай комузчу черткен күүнүн сыры ушунда жатканын өзүнчө баамдап, баатыр менен олуяны акырын карап алды.

Аттар бир калыпта аяк шилтейт. Бул сүрөөнү чечмелөөнүн алдында олуя өзүнчө дуба окуй, акырын бата кылганда, баарысы тең алакан жайып, тизгин тартышты. Бата кылынган соң сапар кайра уланды да, Берик олуянын кыраттуу үнү чыкты.

— Касиеттүү Ибрагим пайгамбардын уулу Искак, андан Жакып пайгамбар төрөлөт. Жакып пайгамбарым эки жолу никеге турган. Ал биринчи зайыбынан он эркек бала көрсө, кийинки зайыбынан эки уулдуу болот. Өзгөчө ошол кийинки никелүүсүнөн туулган уулу Жусуп: ай десе-ай, күн десе-күндөй көрктүү, чырайын бир эле көргөн адамдын ээси оогондой ажайып сулуу, көрктүү, аземдүү улан болгон дейт. Ааламда жок чырайлуу баласын башка уулдарына караганда атасы Жакып да өзгөчө жакшы көрчү. Сулуулугуна жараша жандан өткөн акылдуу адилет экен кичинесинен эле Жусуп. Бир курдай Жусуп түш көрүп, түшүн атасына айткан жери:

— Оо, атакебай мен түндө жатып кызык түш көрдүм. Карасам, көктө жаркыраган он бир топ жылдыз туруптур. Он бир жылдыз менен кошо күлмүңдөп тийген күндү, жаркыраган айды көрдүм. Баарынан кызыгы ай-жылдыз жана күн баш болуп мага баары таазим эте, күлмүңдөй карап турушту. Ушул түшүмдү жоручу, атакебай.

Жусуптун түшүн уккан атасы:

— Кагылайын, каралдым! Көргөн түшүңдү ылайым бир туугандарыңа айта көрбө — деп шашып калды. — Түшүңдү угушса ичи тарыйт. Ансыз да сени көрө албайт алар. Ооба, алар деле адам дечи. Ичи күйгөн агаларың сага бир жамандык ойлошсо канттиң? Адамды ар качан азгырып, аны ак жолдон чыгарган шайтан. Шайтандын азгырыгына сенин бейкүнөө агаларың чыдай алышар бекен...

Жакып баласынын түшүн өзү жорубастан: аны да Алла-тааланын амиринен чыккан жакшы жышаан катары көрүп, сага түш көргөзгөн кудурети күчтүү жаратандын өзү, анын жандырмагын да жараткан өзү чечмелеп берер. Ашыкпай акырын күтсөң, анын райымы сага, сенин атаң Жакыптын тукумдарына да тийет. Сенин жетең Ибрагим менен Искак башынан эле Алланын кылоосунан куру калышпаган пенделер. Кудуреттүү кудайдан өткөн акылман, телегейди тегиз билген эч ким жок — деп, Жусупка насаат айтты.

...Эми бурадарларым, Берик олуя сөзүн улады. Адам дегендин пендечилигин эсиңерге туя жүргүлө. Адам жүргөн жерде ич тардык, көрө албастык боло берер. Башында айттым го: Жусуп баланын өзү менен аталаш бир туугандары бар болчу. Атасы Жакып өздөрүнө караганда Жусупту жан дилинен жакшы көрөрүн сезишкен алардын ичтери күйөт да: «Атабыз бизге караганда Жусупту өтө эле жакшы көрөрүнө көзүбүз жетти. Биз эмне, атабыз үчүн бир топтошкон байкушбуз да. Атабыз жаңылып жүргөн жокпу? Ага Жусуптан башкабыздын керегибиз канча... Деги ал жарыктыктын жоругу кимиңерге жагат? — дешип, өз ара акылдаша кетишти. Ошентип Жусупту атасы чындап жакшы көрөрүнө ишенген бир туугандар не болсо да кичинекей айжаркын баланын көзүн тазаламак болушкан тура. Акыры улуу катындан туулган балдар алдына келишип:

— О, атакебай, биз токойго отунга баратабыз. Жусупту бизге кошуп бер. Ойноп көңүл ачсын, дайыма жаныңдан карыш жылдырбай жаман үйрөттүң — деп, акедей асылышты.

Санаасында жаманчылыкты сезген Жакып адегенде макул болбоду:

— Эмнегедир, жаш баланы силерге кошуп бергенге көңүлүм тынчыбай турат. Ээрчитип барып, жакшы карабай коёсуңарбы деп корком. Силер кокус оюнга алаксып кеткенде Жусуп карышкырга жем болсочу... Отунга өзүңөрчө кете бергиле. Жусуп үйдө эле калсын.

Уулдары да көшөрүп атасына моюн беришпеди:

— Атакебай, жоон тобубуз менен жүрүп, кантип эле жалгыз Жусупту карышкырга жем кылалык. Коркпо, инибизди көзүбүздүн карегиндей сактайбыз. Же эмне Жусуп бизге бөлөк-бөтөн беле? Такыр эле бизге ишенбейсиз да,,жарыктык.

Ошентип Жакып айласыздан балдарына ишенген экен.

Эмки сөздү көңүлүндө кири жок, шамдай жанган Жусуптун агаларын ээрчий токойго келген жеринен баштайлык. Агалары өз колдору менен инисин өлтүрүүгө даашпай турганда, ичтеринде Жусупка жан тарткан бирөө акыл салат: «Бекеринен күнөөгө батпай, андан көрө эле эски кудукка тыштап кетсекчи. Ошондо корконунан эле өзү өлөт да. Үйгө барганыбызда инибизди карышкыр жеп кетти — деп, канга боёлгон көйнөгүн атабыздын колуна берелик.

— Капырай! — дешти, тыңшап бараткан жигиттер.

Магдыраган Берик олуя аңгемесин мындайча улантты:

...Бир туугандар ушул акылды туура көрүшүп, айткандай эле Жусупту терең кудуктун түбүнө ыргытып жиберишти да, анын канга чылангансыган көйнөгүн колго кармап, атасынын алдына ыйлап келишет:

— Оо, атакебай, биз акмак болдук. Кара көзүбүз кашайып калды. Кийимдерибиздин жанына Жусупту отургузуп коюп, текшибиз менен ойноп кетсек, аны карышкыр жеп салыптыр. Өзүң ойлогондой, канчалык чындыкты айтпайлык, бизге ишенбейсиз да.

Уулдары канга боёлгон Жусуптун көйнөгүн атасы Жакыптын алдына ыргытышты.

Көз жашын төккөн атасы сүйлөгөн экен:

— Кайрат кылгыла, балдарым, азап чегип ыйлаганда не пайда. Мунун баары Алланын буйругунан чыккан жорук. Айла канча, Алладан жардам сурап, ага сыйыналык.

Бирок өзү канчалык кайрат кылайын десе да болбой ыйлап отурган Жакыптын жанына бир курдай баягы жалаага калган карышкыр келип, кечирим сурагандай сүйлөптүр: «О, касиеттүү Жакып, балдарыңдын айтканына ишенбе. Мени Жусупту жеди дешкени калп, караандай жалаа. Бекеринен күнөөмдү көтөрбөсүн. Балаң агалары колдуу болду».

Бу да болсо шайтандын азгырыгы. Алланын амиринен болгон иш экенин айтып Жакып ыйлап кала берди. Кайран Жакып ыйлай берип, акыры эки көзү соолуп калган дейт.

Ыйык курандын бул сүрөөсүн биринчи жолу уккан жигиттердин көзү алайып, сыйкырлуу окуяга маш болушуп турганда Берик аңгемесинин учугун кайрадан чубады.

...Андай болсо, күнөөсүз жерден кудуктун түбүндө жаткан Жусуптун кийинки тагдырынан сөз баштайлык. Бир жолу кечке жуук чарчап-чаалыккан кербен кудукка жакын келип токтойт. Ошондо суусап араң келаткан кербенчилердин ичинен бирөө көнөчөгүн ала кудукту көздөй чуркаптыр. Рас эле, ал жип байланган көнөчөктү кудукка тыштап жиберип, кайра тарта баштаса челек демейдегидей жеңил эместей сезилет. Тамашаң кургур десе, көнөчөктү күч менен тартып алса, ичинен бала кошо чыгат. Периштедей ажарлуу, жылдызы төгүлгөн баланы көрүшкөндө кербенчилердин баары тең: «О, жараткан, ушунчалык да сулуу пенде адам баласынан туулабы?» — дешип, кыйкырып жиберишет. Ошо

бойдон Жусупту олжо катары көрүшкөн кербенчиле
жолго чыгышып, өзүнүн чырайлуулугу жөнүндө му
да укпаган Жусуп кызыга түшөт да, жолдо катар ө
ырайын акырын күзгүдөн көрүп: «Капырай, аябаганда
сулуу турбайымбы... Ушу мени сатса канча пул боло
элем» — деп, кызыгып коёт. Жусуптун бейчеки тилег
кабыл болуп, кербенчилер Мисирге жетер замат бала
дүнүйөлүү бир мырзага арзыган пул үчүн сатып жибе
риптир. Жусупту сатып алган мырза: «Жакшыла
асыра, чоңойсо кол арага жарап берер. Эстүү чыкса ба
ла кылып алалык» — деп, аялына катуу табыштайт. Мы
на мунун баарын көрүп билип турган Алла таала Жу
супту дагы бир жолу сыноодоң өткөрмөкчү болгон ту
ра...

Айта берсе, Жусуп жетилген сайын Алла таала аг
ошончолук мол акыл, таза жүрөк, жана да адилет пей
илди кошо тартуулады. Бирок да шайтандын азгырыгы
на дабаа жок экен, Жусуптун келишкен келбети ү
ээси, бакыбат мырзанын ак никелүү жубайы Зулайк
сулуунун эси-көөнүн эки кылат. Бурадарларым, бил
ген кишиге ашыктык деген эң жаман илдет. Андай азап
туу дарттын салдарына чалдыккан пенденин көргөн кү
нү курусун. Ашыктык илдети тирүүнү санга кошпой
өлүүнү көрдө жок кылып, бүтүндөй турпатын, дили
эзет; өзөгүн куйкалайт, санаасын удургутат, кыйнайт
күйүткө салат, уйку качып, жүрөккө тамак-аш барба
акыры сары оорунун азап-тозогуна чыдабаган пенд
ашыгына жетпесе, өмүрдөн да кечип ийген учурлар бол
гон. Аты-жөнү табылса табыптын колунан айыкпага
дарт жок. А бирок да барып-келип ашыктык деген сар
оорунун сырын тапкан олуяны мен өзүм бир да көрбө
дүм. Анын сыйкырын ушу кезге чейин эч жан билбейт
Алланын амириненби, же азесил даарыйбы, айтор, не
си болсо да, мен түйган ал азап кандын бузулушуна
улам чыгат да: адам баласы жабыгат, жапат, кыйналып
мокойт, кайра эле арстандан, ажыдаардан да корку
койбой курчуйт, барынан кордугу — алтындө кирпик
ирмебестен тулку бою жалын чокко айланат бечера пен
де. Мына ошондой азапка туш болгон Зулайка катын-
дын тозоку абалын мен силерге адам тили аркылуу жет-
кире албасмын, ал туурасында далай акындар менен
шайыр-бакшылардын оозунан түшпөгөн дастандар ого-
ле көп. Анын кайсы бирин айтмак элем, андан көрө мен
Зулайка ашыктын куранда жазылган жерине гана ток-
толоюн. Бечера катын акыры жан дүйнөсүн тыюуга ку-
баты жетпей, Жусуп уланды ак жолдон чыгарып, өз

оюна имере тарткысы келе, нечен жан алакетке түшүп-үр. Акыры эри жокто Зулайка жаш уланды өзүнө чакыртып алып, эшикти бекем жапкан бойдон арам мүдөөсүнө жетмекчи болгон дейт: — Келгин деп жалынып-ыр кучагын жайган катын. Рас, Жусуп анын шайтандуу жоругуна караманча көнбөдү. «Оо, жараткан сактай көр өзүң» — деп, Алладан жардам сурап, Зулайкага муну айтты: — Эриңди мен өз атамдай көрөм. Ал да мени баласындай ардактап, асырады. Канткенде анын тузуна кара санайм. Анда эле мени кусур урбайбы. Эсиңди жый, Зулайка.

Кара баскан Зулайка өз кудуретин бийлей албайт. Ал жаш уланга ашыглык дартын айтып, кантсе да максатына жетүүнүн, Жусупка ээ болуунун далалатын кыла, ого бетер жан талпас уруп мазасы кетти. Жусуп Алланын накта кулу, жүрөгү кирсиз пенде экени ушу жерде аныкталат. Ал таптакыр эле аялга боюн жолотбой туруп алганда, Жусуптун артынан Зулайка ашык кууп жөнөйт. Айласы куруган Жусуп эшикти көздөй качып чыкмакчы болот да, ошондо аял анын көйнөгүнүн артынан апчый берип, жигиттин көйнөгү айрылып кеткен дейт. Мына ушу кезде алардын бет алдынан үй ээси чыга калып, дароо жүзүкаралык кылган Зулайка эринин алдында көз көрүнө эле Жусупка жалаа жаап тыр.

— Баландай багып чоңойттуң эле, карачы, туз ургурдун жоругун.Сенин көзүң жоктон пайдаланып, никелүү аялыңдын денесин булгоого аракеттенди. Ушунчасында көзүн тазала, зынданга сал, же өз күнөөсүнө жараша ылайыктуу жаза тап. — Кара өзгөйлүк кылган Зулайка буркурап ыйлап жиберет.

Курулай жалаага чыдабаган Жусуптун жаны күйдү:

— Аялыңыз калп эле айтып жатат, таксыр. Кайра мага өзү асылып, күнөөгө батты ал. Калыстык үчүн алты айлык наристе табыңыз. Ошол гана чындыкты айта алат.

Кимисине ишенерин билбей үй ээсинин айласы куруп, акыры ал айткандай эле, бешикке бөлөнгөн наристени калыстыкка коюптур. Ошондо наристенин айтканы бул:

— Эгер Жусуптун көйнөгү алды жагынан айрылса, катыныңдын айтканы чын. Анда эле Жусуп алдамчы, ага кандай жаза буйрусаң да жарашат. Жусуптун көйнөгү арт жагынан айрылса, катыныңдын калп айтканы.

Наристе айткандай, караса жигиттин көйнөгү арт жагынан айрылган экен. Ошондо үй ээси аялын жекирди:

— Арам иш өз колундан келиптир. Күнөөң баш-
дан ашкан тура. Жусуп, сен ак экенсиң, дагы эле м-
дай ыплас иштен сырткары жүр. Бөөдө жерден азгы-
ак жолдон чыгаргың келген, кайра ага жалаа жа-
да өзүң турбайсыңбы. Кандай жаза тартарыңды ойл-
лук...

Ошентип шаар элинин аялдарынын оозунда уш-
айың тарап: «Мисирдин эң мыкты мырзасынын кат-
асыранды баласына ашык болуптур кызыгың түш-
Кантип дити барды экен андай арам ишке. Балага -
лып жаткан жеринен күйөөсү өз колу менен кар-
алыптыр» — деп уу-дуу кеп жүрүп жатты.

Муну кулагы чалган Зулайка бир курдай ба-
оосар катындарды мейманга чакырат да, ар кимиси-
колдоруна бычак берип: бирине сабиз тууратса, эки-
сине эт кестирип коёт. Анан катындар кызуу иш-
жатканда Жусупту чакыртып алып, бейжай ушак-
лардын алдына алып чыккан тура. Ошондо, бoз ул-
дын сулуулугуна жээликкен аялдар таңгалганын жа-
ра алышпай: «О жараткан, бу адам тукумубу, же-
риштенин өзүбү?» — дешип, бычак менен колдорун к-
дайча кесип алганын билбей калышкан дейт, ушуну-
нен бейкүнөө катындарды Зулайка айыпка жыгат.

— Мынакей өзүңөр көрдүңөр. Мени бекер жер-
табалап, ушак-айың тараттыңар. А чынында мен м-
жазгыргым келбеди. Бирок антпей коюуга кудуре-
жеткен жок. Бул болсо таштай бекем эме экен. Айт-
ныма көнүп койбойт. Дагы эле айтканыма көнбөсө, Ж-
суп менден бирди көрөт. Зынданга салгызам, бирот-
байкуштун кейпин кийип, ошо жерде азап чексин.

— О жаратканым, андай арам жолго кабылганд-
көрө, зындан мен үчүн алда канча жыргал эмеспи. О-
Алла, мени азезилдин торуна кабылта көрбө. Анда э-
канттим? Эрксизден абийиринен айрылган шүмшүкт-
кейпин кийгенден көрө өлгөнүм жакшы — деп көшөр-

Зулайка да айтканынан кайткан жок. Жан алакет-
түшүп, эрин ишендирүүнүн аракети менен Жусупт-
азесилдей сыйкырчы экенин, наристени дубалап салг-
нын айтты.

Бакырларым, ошондо Жусуп уландын зар какшаган-
кудайга жетиптир — деп, Берик олуя токтой калды.
Кимдир бирөө жан чаначтан кымыз куюп, алы кеткен-
сиген олуяга сунду эле, ал тизгин жыйып кызыл ээгин-
такап бир аз жуткан соң: — кудайдын көз жаздымында
калган кыңыр иш жок. Алла Жусупка боору ооруйт,
Зулайканын торунан куткаруу ниетинде аны убакты-

уу болсо да зынданга салган тура. Күнөөсүз баланы агы бир жолу сынагысы келди го.

Эми мен силерге Жусуптун зынданда жаткан кезиен кабар берейин. Зынданда Жусуп менен кошо дагы эки жаш жигит жаткан. Бир курдай ал экөө тең алтүнө түш көрүп, Жусуптан түштөрүн жоруп берүүсүн өтүнүштү.

— Айткыла — деди, Жусуп.

Биринчи жигит минтип баштады:

— Түшүмдө бышкан жүзүмдү эзип, ширесинен шербет жасап, аны падышага өз колум менен куюп берип жатыптырмын.

Экинчиси да түшүн айтты:

— Мен да түшүмдө; төбөмө нан көтөрүп, аны падышага алып бараткан экенмин. Бир кезде карасам эле, көтөргөн нанымды ар кандай куштар келип талап жеп кетишти.

Ушул түшүбүздү жоруп бер, мырза. Байкап жүрөбүз: сен өзүң тегин адам эместейсиң. Колуңдан жакшылык гана келет — дешти алар.

Рас, мен Алланын жолун ыйык туткан адаммын. Ата-бабаларым да өзүмдөй такыба адамдар эле. Адамдардын ичинде Алланын жолун тутпай, келечегинен кайыр күтпөгөндөр да көп. Ошолорду аяп, ошолорго чындап боорум ооруй берет. Биз азыр Алланын ыйык жолуна эмне кошумчалай алмак элек. Алла бешенебизге эмне жазса, баарыбыз ошону көрөбүз. Көпчүлүк аны туйбайт, топук кылуу аз. Тагдырлаш курбуларым, кудайдан өткөн кубаттуу ким бар? Алла таала жалгыз. Ага теңгелген жан жок. Аллага ишенип, анын ыйык жолун туткан адам гана марыйт. Адам баласы көкүрөгүндөгү Аллага болгон ишеничти жоготкондо эле куруйт. Башка түшкөндү көтөрбөскө не чара. Тагдыр буйругаңды кыңк этпей көтөрүү ар кимдер үчүн парс. Аны эч качан эстен чыгарбайлык. Жазмышка унчукпай баш ийе турган болсоңор гана түшүңөрдү жоруйм. Түшүңдө жүзүм сыгып, андан шербет жасаганың, аман-эсен зындандан чыгасың да, падышага кызмат кылып, ага өз колуң менен шербет сунуп турмакчысың. Ошондо падышага мен тууралуу кабар айт. Күнөөсүз эзилгенимди билсин. Ал эми, сен болсоң зынданда жатып өлөсүң — деп, экинчисинин бетине айтты. Өлгөндөн кийин сенин башы-көзүңдү карга-кузгун чукуйт. Сага жазган тагдырдын жолу, Алланын буйругу ушу. Мен туйганымды айттым, курбуларым. Ушинтип Жусуп эки досунун түшүн жоруган экен.

Айткандай эле, баягы түшүндө шарап эзгени зынд
дан аман-эсен чыгып, падышанын кол алдына кызмат
өтөт да, ошо бойдон шайтан эсин алып, Жусупту унут
коюп, бечера Жусуп зынданда дагы бир нече жыл кат
жатып калат. Арадан жылдар өтүп, падыша бир жо
түш көрөт да, түшүн эч ким жоруй албай коёт.

Падышанын түшү мындай экен: Түшүндө жети сем
уй, жети арык уйду жана да жети баш көк буудай м
нен жети баш бышкан буудайды көрөт. Бир маалда ж
ти арык уй жети семиз уйду жеп салат. Акыры — пад
шанын түшүн эч ким жоруй албай айлалары кеткен
баягы зындандан чыккан падышанын кызматкери
Жусупту эми гана эстеп: — керемет түштү жоруй ту
ган адамды мен табам дейт. Падышанын макулдугун а
ган кызматчы зынданга келип, Жусуптан жети семиз у
менен жети арык уй жана жети баш бышкан буудай м
нен жети баш көк буудай тууралуу падыша көрг
түштү жоруп беруусүн өтүндү.

Жусуп ошол замат падышанын түшүн мындайча ж
руйт.

Жериңер жети жыл катары менен эң сонун түшүм б
рип, жети жыл катары менен элиңерде токчулук өкү
сүрөт. Ошондо буудайдын бир башын кырманды көзд
таштайсыңар, экинчи башты даны менен кошо маш
кылып, өзүнчө жыйнай бергиле. Анан жети жыл катар
менен токчулукка кабыласыңар. Анын соңунан жет
жыл ачарчылык болот. Ачарчылык кезинде баягы кал
ган данды үнөмдөй аш кылып, үрөөн үчүн да бирд
калтырышсын. Жети ток жылдын түшүмү, жети жылк
ачарчылыкка жетет. Демек, жети семиз уйду жет
арык уйдун жеп койгону ошол да. Андан бери жамгы
мол жаап, кайрадан токчулук заман келет. Элиңер кай
радан бейкут турмушта жашайт.

Жусуптун жообуна раазы болгон падыша буйруду:
— Ошол жигитти мага көрсөткүлө.

Кызматкери Жусупка кайра келип падышанын буй-
ругун айтса: — Эң мурда зынданга салдырган катындан
күнөөм канчалык экенин тактап көрсүн — деп өтүнөт.
Айткандай, падыша башында Жусупту каралаган ка-
тындарды суракка алса, алар бир оздон: «Алла өзү
кечирсин, биз ага бекер жерден жалаа жаптык. Анын
күнөөсү жок эле» — дешти бир оздон. — Чидерленген
төө акыры бир күн туруп кеткен сыяктуу, чындыкка да
эч бир жан көө жабаа албасына көзүм жетти. Элден
мурда Жусупту жазгырууга аракет кылган мен өзүм
болчумун. Бирок ал дили ак, адилет, кеңпейил адам

экен. Акка ийне сынбайт — деп Зулайка күнөөсүн мойнуна алды.

Акыры адилеттик, акылмандык жана ажайып сулуулук жагынан Жусупка тең келе албасын билген падыша өз тактысын Жусупка түшүп берген дейт.

Байкадыңарбы, кудрети күчтүү Алладан өткөн көзү ачык, көңүлү жумшак, пейли калың ким бар? Ааламда кыбыр эткендин баары жаратkандын кудуретинен тышкары боло албайт. Кумурсканын буту сынса, ал да жаратkандын амиринен. Пейли таза адам учурунда жапа чексе, жанагинтип кудай гана калыстыкка келер. Баарын кудай колдойт, чекиликти да ал өзү оңдойт. Кала берсе, өз ыйманына камчы чапкандардын күнөөсүн да жараткан кечирет. Андыктан, бирөөгө ачууң келип, көңүлүң карарса: же пейлиң жибип, чекең айрыла кубансаң да Жаратканга табын. Табынуудан жазбагын, байлыгыңа чиренбе, мансабыңа какайба. Телегейди тегиз билип, баарын көрүп турган Алла тааланы эч качан эсиңден чыгарба. Көрдүңөрбү, ошентип жазыксыз сынган Жусуптун актыгы акыры келип айгинеленди. Билгенге, аалам жүзүндөгү адилеттиктин башаты — Жусупта. Ак ийилет, сынбайт — деген лакап да ошондон калган.

Бастырып бараткан калыбында Берик олуя жаңыдан алакан жайганда кокусунан аты кошкуруп жалт берди да, кайрадан жүрөк түшүрчүдөй күркүрөгөн күн, чагылган чарт-чурт, азыр эле маңкая аптабы мээден өткөн Ала-Тоо, Кара-Тоо ортосундагы касиеттүү Сары-Өзөн Чүйгө кара-кочкул булуттар малынып, саландай үстөкө-босток нөшөр демеп-демеп төгүүдө. Күн жүрүштөн берээк төмөн жакта асман көпкөк; тунган, тазарган боз салкын алдында дирилдей ээриген, эргиген торгой үнү не бир тынсачы: безейт, безеленет. Олуянын керемет жоругуна жаштар өздөрүнчө таң. Тынган теребелге кошкурган аттардын тери, деми аралаша — баардыгы дымый эч кимиси ооз ачпайт. Атчандардын дили бүт бойдон Берик олуяда, шилилери саландаган көпчүлүк кеп учугу качан чубалат дегендей бейкүнөө Жусуптун тарыхына тымысын кызыгып калышкан. Өз турпатына өзү корстон, дөөлөтүнө сөөлөтү бап келгенсиген сыйкырдуу кары ансайын ат үстүндө тирүү сүлдөчө катты. Өлүмтүк кубакай жүзү кайсы бирөөнү арбап жаткандай ушу кезде түпсүз, чексиз аалам да аңын бийлигинде эле. Ошол сырдуу, сүрдүү турпатты сезген Атаке баатыр да олуясын бурабады, сураган жок. Бир кезде карыя: — ал ыхлас, ыхлас — деп курандын

кайсы бир сүрөөсүн кобурай, анан өзүнө өзү жооп к
таргансыды:

Оо дүйнөнүн түркүгү, Алла таала!
Сенде эне жок, эге да жок — түгөлсүң.
Туулбай-тутпай, атасыз-жетесиз туруп,
Ааламга тутка болдуң жалгыз өзүң.
Сенден ашкан сага төпкелчү ким?
Жан көзүнө чалдыкпадың бир дагы.
Тулку жок, турпат жок жалкысың сен.
Кудреттүү, касиеттүү — чоң кудай
Ыкласымдан кайтпай дилимди бердим
Эч кандай кылапат айтпадым.
Колдой жүр биздей көр пенделериңди.

Бурадарларым, мага кошулуп Алла таалага ыкл
кылгыла. Азыркы мен айткан ыйык дуба курандын
акыркы ЫКЛАС сүрөөсү. Табынуудан тайбаган мус
ман баласы гана өмүр сүрүүнүн маңызын чындап т
алат. Антпегенде көр дүйнөнүн түйшүгүнө көмүлөб
дилди катырып, көкүрөктү челге каптатпай жашоон
түпкү маңызын биле жүргөн эп. Андыктан ойлоп көр
лүк: көшүлгөн көк асман, саймалуу сан жылдыз, ал
лонгон асыл күн менен аалам көркү жаркын айды к
тууган? Ким дегендин касиеттүү колу жаратты эк
деги эле төшү түктүү кара жердин ээси кайда! Ушун
баары Алланын амиринен жаралган. Аны туя билбе
пенде — наадан. Кудайды эч ким ушу кезге дейре к
бөгөн. Акыл менен сезип, ыклас кылган пенденин га
көкүрөгүндө ал. Кара-башыл айры бут, биз сыяктуу ад
атанын бээжай тукумдарынан тартып, жан-жаныбард
баары — Алланын кулу. Анын буйругусуз, кырк жы
кыямат болсо да, бээжай чымын өлбөй, жаратканды
эркинен тышкары — кумурсканын буту сынбайт. Эм
леки мен айткан ЫКЛАС сүрөөнүн маанисин биле жү
гүлө, ошого жараша бейкүнөө Жусуптун падыша бо
лушу да Алланын буйругунан эле.

Кулагыңар кычышып жатат, анда эмесе кеп учугу
улайын...

...Адеп Жусупту падышага алып келгенде анын бер
ген кеңеши бу экен: О кудуреттүү падышам, мында
ары өлкөңдө чоң ачарчылык башталмакчы. Эл-журтт
алааматтан аман сактап калуунун жалгыз жолу бар.
Ал өз эркиңде. Андыктан, мени бүтүндөй байлык-мүлк-
кө көзөмөлчү койсоң, жаратқандын кылоосу тийип
бир да пендең бөөдө өлүмгө дуушар болбойт. Жигиттин

м үнүнө такыр окшобогон сыйкырдуу добушу — Ал-
ын буйругу сыяктуу угулуп, падыша өз эркин бий-
албай, көсөм Жусупка башын ийип таазим этти
ага биротоло ыкласын берген бойдон мындай деп-
: — О улан, сенин улуктугуңа, аруулугуңа эч жан
гелбейт. Жоомарттык менен актык, тазалыктын нак-
үлгүсү өзүң экенсиң. Кудайдын амиридир, мен отур-
алтын так, таажы сага ылайык, ал Алладан буйру-
өзүңө. Кыйдым падышалыкты, мындан ары — се-
көп пендеңдин биримин, керек десең кулуңмун. —
супту такка отургузуп, падыша анын колуна жакут
чөгөрүлгөн мөөрүн карматат. Ошо бойдон Жусуп-
арааны жүрүп, ал падышалык кылган өлкөдө кара
ттик таптакыр жоголот да, бирөөнү бирөө алдабай
леттик өкүм сүрө, кедей-кембагалы дебей, байлык
ку ташыган мырза-төрөлөрүнө чейин Жусуп падыша-
ыраазычылыктан башка кылапат айтышпай калган
байбы. Адилет падыша баягы жети жыл катар болчу
рчылыктын камын алдын ала көрүп: Кары-жашы,
-кедейине чейин жер айдатып, эгин эктирип, андан
ин алган түшүмдү кантип үнөмдөөнүн айласын из-
т. Айтор элин багам менен бүт өлкөнүн камын көрүп
өгөндүн ортосунда Жусуп падыша атасын эстен чы-
бай, ошол илгерки өзүнө кара санаган бир тууганда-
менен жүз көрүшүүнү тымызын самоочу. Айткандай,
и жылкы токчулуктан соң көптөгөн өлкөлөрдө жети
л катары менен ачарчылык жүрдү да, мына ошондо
суптун атасы жашаган алыскы Ханаан өлкөсү да
рчылыктын тырмагына чалынган болчу. Моюн ичке-
дегендей, денеден эт качып өлө турган болушканда
кыптын мурдакы аялынан туулган он баласы атасы-
өтүнөт: — Атаке, айла тап, жатып өлгөнчө атып
лүк. Анда Жакып кеңеш берди. — Түштүктө бир
лет падыша бар экен. Жоомарттыгы, берешендиги
ынан ага теңдеш жок дешти. Унааңарды камдап,
луу белек-бечкегиңерди ала барсаңар ал силерди
кол кайтарбас. Ушу тапта анын кампалары толо
н. Ооба, карт Жакыптын аябай менти тайып калган
и эле. Анын үстүнө жакшы көргөн уулу Жусупту
эген сайын ыйлай берип, эки көзү соолуп калган бол-
Баса, Жакыптын кичи аялынан Жусуп менен энелеш
мил деген баласы боло турган. Ошону медер тутуп,
ынан карыш жылдырчу эмес жарыктык Жакып. Он
ун алыскы сапарга аттандырып жиберген бойдон
Жамил менен отуруп калат ал. Рас, ич тардык ме-
илгери-илгери өзүнө кыянатчылык кылышкан он

агасынын сапар чегип келатканы жөнүндө Жусуп дышага күн мурунтан аян келет, кантмек эле көрм жүрөгү дегдей падыша аларды алдынан тосуп чы тура. Бирок, бир туугандарын тосуп чыкканын ал кишиге билгизбеди. Дөөлөтү, сөөлөтү жер жаңыр падыша нечен бир аземдүү коштоонун алдында чар чаалыгып келаткан аталаш бир тууганларын алды алыстан байкоо салды. Жол азабын тарта арыкт агаларынын түрүн көргөндө канчалык ичи күйүп, ашына илгерки алардан көргөн азап-тозогун эстесе боору ооруган падыша көзүнөн аккан бейкүнөө жа тыя албаптыр. Мыкаачы, таш боор болсо да каны б агаларына жаны ачыйт. Жусуп падыша агаларына элдик атактуу мырзаларды күткөндөй сый көрсөттү сарайдын мыктысына жаткырып, дүйүм тамак-а карк кылат. Не бир сыйкырдуу күү чертилип, пер сулуу кыздар меймандардын алдынан бийлеп турду. Акыры тоскон, азган агалары тоюнуп, тыны кезде Жусуп падыша алтын такта отурган бойдон ларын өзүнө чакырткан экен. Мында падыша такт нын аземин айтып бүтүүгө сөз жетпейт, бурадарла Алтын түркүк, акак таш, асыл таштар менен кооз гон ак сарай, алтын чапан жамынып, таажычан п ша Жусуп. Нурлуу ажарына, дөөлөтүнө сөөлөтү келген падышаны көргөндө бир туугандардын ш ооп, Жусупту тааный албай калышыптыр. Кантип нышмак — ортодо далай каардуу жылдар өтпөд Ошондо Жусуп аларга суроо салат:

— Кайдан келген жансыңар? Эмне жумуш ме келдиңер өлкөмө? Ичиңерде улууңар ким?

Падышанын алдында сүрдөп, калтыраса да жо берди улуусу:

— Онубуз тең бүт бойдон бир уядан чыккан Атабыз болот азрети Жакып. Аябай арып карыса да азыр аман-эсен. Бирок эки көзү тең көрбөйт, азис болуп калган. Анын себеби, эң жакшы көргөн баласы Жусуп тан айрылганына көп болду. Токойго ойноп барга жерибизден ал инибизди ач карышкыр жеп кетке ошондон бери мөгдүрөгөн атабыз уулун эстеген сайы ыйлай берет. Көзүнөн айрылганынын себеби да ошон дон, — дешип падышага атасынан дубай салам айтыш ты меймандар. Андан ары эл-журтундагы ачарчылык тан кеп баштап, падыша казнасынан дан сатып алууга келген далалатын билдиришти алар.

Атасынын тирүү экендигин укканда Жусуп адилет

ин жүрөгү алып учуп сүйүнсө, куса болгон жаны жа-ыга, ыйлагысы келе өзүн араң тутту ал. Мына ошондо ıадыша бетин ачып, агаларына дит коюп үңүлө кара-ды. Бирок алар Жусупту дагы эле тааный алышкан жок. Андай болгон соң падыша агаларына кыр көрсөттү: «Мен силердин жообуңарга ишене бербейм. Мүмкүн, жер кезип жүргөн ууру-кески же тыңчы болсоңорчу? Ырас, түрүңөр жүдөңкү, а бирок тилиңер ширин, дилиңер таза эместей. Калпты көп айткан шум адамга окшойсуңар. Ишенбейм силерге». Анда бир туугандар бир оздон карганышты: «О Султан, аалам суктанган акылман. Кантип калп айталык өзүңө. Биз жетебизден бери ыйык тукумдарданбыз. Дилибиз таза, оюбуз ак. Эгин сатып алганга гана келдик».

— Андай болсо,— деп Жусуп меймандарга шарт кой-ду.— Эгинди унааңардын көтөрүшүнчө бергизем. Бирок тогузуңар кетип, бириңер менде аманат калгыла. Анан үйүңөргө жеткенде атаңар Жакып азрети силердин тыңчы эмес экениңерди далилдеген кат жазып берсин. Аны ининер Жамил өзү ала келбесе ишенбейм. Эгерде мен айткандай болбой калпыңар чыкса аманат калганыңар зынданда чирийт. Өзүңөр да жазаланасыңр.

Бир туугандарга падышанын айтканын эп көрбөскө аргасы барбы? Тукумдары бүт бойдон ачкадан кырылганча бирөөнү аманат калтыруу алда канча оңой да. Айтор, ошону менен төөлөрүнө эгинди нык артышкан тогузу эл-журтуна жөнөп кетишет.

Ошентип тогуз бир тууган эл-жерине чоң олжо менен келишет. Кап-кап эгин артышкан алар ачкачылыктын чеңгелине илинбей мындан ары аман каларын мактаныч кылышса да, болгон окуяны атасы Жакыпка төкпөй-чачпай айтышты. Кантсе да бир уулунун аманат калганын укканда атасы кейип-кепчип ыйлайт. Жусуп жоголгондон кийин ал өтө жашык болуп калган эле. Бирок падыша колунда аманат калган уулду куткарыш үчүн катты Жамил алып барарын укканда ого бетер чыдамы кетти карт Жакыптын. Айла канча, бир чети ичтен чыккан ийри жылан аманат калган уулун да кыя албайт ал. Акыры сабаттуу кишини чакырып алып кат жаздырган дейт. Каттын башында падышага салам айтып, бүтүндөй дилин төгө, кантип кандайча жол менен уулу Жусуптун жоголгонунан дейре жашырган жок. Андан бери шайы ооп, бели сынып турганы айтылды. Эгерде аманат калган уулу келбей калса, биротоло менти тайырын зар какшай кошту. Жамилди болсо ого бетер жакшы көрөрүн кашкайта белгилеп, акыры адилет падышанын

өмүрү узун болушу менен бирге анын кең өлкөсүнө чы ниетинен жакшылык, бейпилдик каалады азрети Жа кып.

Баса, башында эскертпедимби: Жусуптун атасы жа шаган аймактын аты — Ханаан деп. Пайгамбар — баалар жашап өткөн ыйык жер экен ал. Болор жер айтканда Ханаандан чыккан бир туугандар кайра падыша сарайында. Алар менен кошо кичүү иниси Ж мил да бар. Падыша сарайында үч күн өргүштү: көң дөрү куунак, курсактары ток, сыйга карк б ры капарсыз. Жатындаш инисин сыртынан к салган падыша өзүн араң карманат, чыдамдуу. Х наан ыйык жер болгондуктан меймандардын ур тына чоң үлпөт курулду бу жолу. Тойдо падыш нын жан жөкөрлөрү, атактуу адамдар. Меймандар отурган жер бейиштин жайы, дасторкондо дүйүм тама жан алы калбай кызмат кылган нөкөрлөр. Мукам к лөр чертилип, перизаттар аккуудай сызып бийлөөдө. пөттө отурган бир туугандар он бир. Баса, барымта калганы да чакыртылган сый дасторконго. Бир маал он бир ага-ининин алдына беш алтын табакка салынг аш коюлду. Падышанын каалоосу боюнча бир табак гы ашты эки кишиден бир жешмек. Мында өзүнчө с жатканын падышадан башка билбейт эч ким. Падыш бүт баарын байкап отурганын сезбей эки-экиден бөлү түшкөндө жатындаш он бир тууган беш табакка жик лип, Жамил өзүнчө калды жалгыз. Көзүнөн жаш кы гырган ал ыза, жатындашынын жалкы абалын көрг Жусуп падыша ыза. Ошондо ал чакыртып алып Жамил ден сураган дейт: — Жалгыз табак четинде неге жа гыз калдың, азизим? Байкап турам, ичиң толо ыза, к йүт. Тигил бир туугандарың сени өз табагына кошпог ну кандай? — Адилет падышадан сыр жашырганда э не, ачып салды, төгүп койду ичтеги ызасын Жамил. Ак ры бир сыртка чыкмак да бул каткан чер. — Булар он тең бир энеден туулган, жатындаш. Андыктан, каала каалабаса деле ушинтип ыгы келгенде бириге кетиш алар, —деп өзүнүн да жалгыздыгын жашырбады ал. Эн леш, чолпондой жалгыз бир тууган агасы Жусуптан ай рылганына көп болгон, ошондон бери ичи толо бук, ар маны күч. Жигит муңун айтып токтой калганда падыша арман кылгандай унчукту. — Мына карачы, мен дагы та бак четинде жалгызмын. Андай болсо табакташып, ниет тешип жүрөлүк, азизим. Жакын кел чоочубай эле. Бир саамга болсо да ошол жоголгон агам менен бирге отурам

деп сөз өзүндү. Табышмактуу, сыйкыр үн дилин эзди жигиттин. Айла канча: корксо, чоочуса да падышага табакташ, бир чети эргүү басты Жамилди. Карапайым хаандык адам, мусапыр жолоочу минтип падыша менен дасторкондош, насиптеш. Буга отургандардын баары таң, он бир тууган өздөрүнчө бушайман, ары кетип ичтери күйөт. Эми Жамил акырындай падышанын колун жакындан байкаса колу ушунчалык сулуу, көзгө сүйкүмдүү, ошондо бүткөн бой калтырай, араң турган жигиттен падыша сураптыр: — Оюңда кандайдыр кидик турат, азиз досум. Санааң чачылып айталбай турган суроон бардай. Кысылба, жашырба, угуп көрөлүк... Эргүү баскан, калтыраган Жамил: — Сиздин касиеттүү апакай колуңуз негедир мени ойго салды. Жоголгон агамды көргөндөй болдум кандайдыр. Колуңузду мындай кой, ал тургай турпатыңыз да агама абдан окшош экен. Кантейин, андай күн болбойт дечи. Ыйык башыңызды карапайым агама окшоштурганым үчүн айыпка жыга көрбө, азрети падышам. Кул кутурса кудукка кайрымак салат дегендей тантып жатам.

Андан ары Жамил падышанын өтүнүчү боюнча Жусуптун карышкырга кандайча жем болгонун айтты толук. Окуяга өтө кызыккан падыша, анда эле карышкыр жеген агандын ошол кандуу көйнөгүн, көргөзө алар белең дейт. Көйнөктү бир көрсөк окуянын түйүнү чечилбейт беле? Жамил сүйүнүп кетти. Агасы кайып болгондон бери ал анын тытылган кандуу көйнөгүн тумардай катып, койнунан чыгарчу эмес. Жамил көйнөктү койнунан чыгармакчы болгондо, падыша ордунан туруп, жолоочуну жеңден тартты. Алар элден бөлүнүп, далдоо жерге келишкенде Жамил койнунан кандуу көйнөктү алып чыккан дейт. Алланын буйругуна дабаа барбы, арадан көп жыл өтсө да балачактагы көйнөгүн көрүп турат Жусуп. Тааныды, көйнөк нақта өзүнүкү. — Жакшылап карачы, көйнөктөгү тактар жаш улактын каны экен, — деп айтты падыша. — Бул шайтандын азгырыгынан болгон иш. Сезип турам, агаң Жусуп тирүү. Агасынын өлбөгөнүнө сүйүнгөн Жамил падышага жалынган бойдон: — Эгер агам тирүү болсо сиздин куракка чыкмак, — деп алды. Өзүңүз да агама аябай окшошсуз. Айып этпе, сизди агамдай көрүн жүрөйүн, азрети падышам. Бейкүнөө шейиттин жаны мүмкүн сизде жүргөндүр. Жараткандын кудрети күчтүү да... Ошондо жаш чайыды кирпиктерин Жусуптун. — Азиз досум, айтканыңдай мен да сенин агаң болууга макулмун. Өзүм да эч кимим жок жалгыз

элем — деди дили бошоп, үнү калтыраган падыша. Б... ишенип-ишенбей Жамил ыйлады. Ансайын чыдамы ... кен падыша бетиндеги пардасын ачса, капкачан ш... болгон Жусуптун өзү. Буркурай ыйлап, эси кеткен ... мил жатат өлүктөй сулк. Башын жөлөп улам өбөт... тууганын Жусуп падыша. Жамил көзүн ачып ага... өктөө кылды мындай деп:

— Ушунча жыл кабарыңды билгизбей не кылган... ругуң бу? Ыйлай берип атамдын көзү сокур. Кагыл... ным ай, кыйнадың го бизди!

Жусуп инисин эркелетти:

— Менин тарыхым узак. Оор эле мага тартылган... зак. Силерди эңсеп, өзүм да куруп бүткөм. Акыры ... күн келет деп зарыгып күткөм...

— Карыш чыкпайм жаныңдан — деп иниси ка... ыйлап агасын улам кучактайт. — Сенин кызматыңа ... рап, күн-түн күзөткөн сакчың болоюн. Керек жерде ... үчүн жан кыюуга даярмын.

— Шашпайлык, — деди Жусуп инисине. — Экөө... дүн сырыбызды агаларыбыз билбесин. Азыр бары... рүн. Окуянын түйүнүн өзүм чечем.

Жанына келген Жамилге чыдамы кеткен бир туу... дар суроо салды:

— Алла таала колдоп, ишибиз оңолгону ушу. ... падышага насиптеш, табакташ болдуң. Айтчы, деги ... жөнүндө сүйлөштүңөр?

Жамил кууланды.

— Акылман тура падыша. Силер мени табагыңа... кошпогондон кийин сарсанаа болуп отурганымды се... тир. Жанына чакырганы да ошондон экен. Эмнелик... агаларың сени өзүлөрүнө табакташ кылган жок? де... Энеден экөө элек десем, жатындашын кайда? — де... Анан мен армандуу Жусуптун өлүмүн айтып берс... «Канга чыланган көйнөгүн көрсөтчү? — деди. Аны м... койнума тумардай катып жүрчү элем го. Көрсөттүм па... дышага Жусуптун көйнөгүн. Карап-карап таңгал... Анын айтканына караганда көйнөктөгү кан балан... эмес, жаш улактыкы экен. Олуя падышанын айтуу... боюнча кайран Жусуп карышкыр колдуу болбоптур. Ка... рышкырдын күнөөсүн силер бөөдө көтөрөсүңөр деп ... киди мени.

Эсиң жоготкон агалары бир аз унчукпай калышып:

— Падыша адам тукуму эмей көзү ачык го, мунун олуялыгын — дешип, жакаларын тутушкан экен.

Эмки кеп Жусуп адилеттин амал таап иниси Жамил-

и кандайча жол менен алып калышы жөнүндө болсун. Падышанын буйругу боюнча ханаандык жолоочулардын калыбына атайын алтын чен аяк менен буудай салынды. Күктөр толгондо алтын ченди көргөзбөй Жамилдин кабына катып оозун бууп, тышташат. Бир туугандар жолго чыкты. Олжого тунгандыктан алардын санаалары жайында. Жол ортолоп калганда, арттан уюган чаң чыгып, токтоп карашса падышанын жигиттери. Жетип келген алар жар салышты:

— Падыша сарайынан силерге эгин салып берген чен аяк жоголду. Билебиз, силер азис мейман болсоңор да жокус алган жоксуңарбы? Алсаңар сыйыңар менен чыгаргыла.

Бир туугандар актыгы үчүн касам ичүүгө даяр эле. Өздөрүн күнөөлүү сезбеген соң камырабай алган жокпуз деп карганышты бир ооздон.

— Тинткиле! Буйрук болду куугун башынан. Тинтип көрүшсө кара баскан алтын чен Жамил артынган каптын ичинен табылса боло. Куралдуу куугунчулар карап турсунбу, Жамилди алып жөнөштү падыша сарайын көздөй.

Атасынын кыйылганына карабай Жамилди ала келишпеди беле. Эми инисинен кур бекер айрылган алар кайткенде атасынын жүзүн карай алышат. Айлалары кеткен бир туугандар кайра келишип, падыша алдына жыгылышты. Жамилдин күнөөсүн моюнга алгандан башка айла жок эле. Бир туугандардын ичинен эң улуусу сөз алды:

— Инибизди азгырган шайтандын нак өзү. Антпесе сиз менен насиптешип сыйыңызды көрүп жатып ушу ишке барат беле. Азрети падыша, аныбыз сыртынан соо адамдай көрүнөт. Бирок биз билебиз го, өзүнчө ноокас ал. Кээде жөн туруп эле ыйлап, онтоп, кабак аччу эмес. Жакындарды тааныбай да калчу. Жоомарттык кылып күнөөсүн кечип коюң, адилеттүү падыша. Жамилсиз үйгө барсак атабыз өлүп калар. Ансыз да көзү көрбөй куурап турган чагы. Мындай кайгыны көтөрө албайт байкуш атабыз. Бир туугандар чогуусу менен падышанын бутуна жыгылышты.

Падыша көнмөк беле:

— Ууруга, калпычыга шариатта кечирим жок. Ишенбейм силерге, дагы зынданга түшпөй тирүү турганыңарга шүгүр кылгыла — деп, аларды айдатып чыкты сарайдан.

Ошентип айла кетти бир туугандардан. Эгерде Жа-

милди тыштап кетишсе эле курубайбы атасы. Илгерки жоруктары бир тең, азыр эмне деп жооп айтышмакчы. Андан көрө дешип падышаны жекеге чакырмак болушту намыстанган алар. Араларында кайраты таш жарган кара күчү арстандыкындай азаматы да бар болчу. Ордодо айкырып чуу көтөрө ал тилегин падышага билдирипти. Агаларынын кур кыйкырыкка алдырган жалган намысы каарын өрчүтсө да, акыл токтотту падыша Жусуп. Падышалык касиет ачууга кантип жеңдирсин. Кана жакын келгиле дегендей өзү алтын такта кебелбейт. Бир туугандардын кабагы бүркөө, каары сыртында. Алардын эң улуусу сөз алды:

— Падыша, өзүңө баш уруп таазим кылабыз. Кылпат айтпайлык деген элек, бирок биз ызадарбыз. Ий, бизди бошотуп берсеңиз экен. Антпесеңиз бизде өнөр деген толуп жатат. Касиеттүү сарайыңызга бүлүк салууга күчүбүз жетет.

— Кантип? — деди, кебелбеген падыша.

— Жекеге чакырабыз.

— Кимди? — мыскылдай күлдү падыша.

— Өзүңүздү да, макул болбосоңор эле кеп башка. Бир кыйкырсам шаардагы катын-баланын жүрөгү түшүп өлөт. Экинчи жолу кыйкырсам унаасыз каласыңар. Жаматыңар, эшегиңер кошо бүт кырылат. Эгер үчүнчү кыйкырсам шаарында жандуу адам аттуу калбайт.

Мындай макоолукка падыша таңгалды:

— Бечераларым, падыша башым менен жекеге чыгамбы? — дептир. Жекеге чыкчу найзакерлерим мин деп саналат. Силерден өткөн укмуштуу сыйкырчылар да жетиштүү. Күч сынашкыңар эле келсе чамаңарды сынап көрөлүк. Жусуп агаларын кан жолго ээрчитип чыкты. Келишсе жолдун как ортосунда боз үйдөн чоң кара таш жатат дейт. Эки жактан келаткан жолоочулар өтө албай быкбырдай кайнайт. — Кана, эр болсоңор ушуну кимиңер жолдон чыгара тебе алат? Ошондо алардын бири эмес, ону биригип кара ташты ордунан кыймылдата албай коюптур. Ошентип ханаандыктардын айласы куруп турганда падыша жай басып келип бир тепсе зылдай кара таш турган ордунан камгактай учат. Эл таңгалып, эрдемсиген бир туугандардын үрөйү учат да, падыша басытырып кеткен тура. Андан соң бир туугандар өз ара акылдашып, Жамилдин жанында дагы төртөө калып калгандары жолго чыгышты.

Сөздү көп эле чойбой, эми Жакып азреттин уулу Жамилдин жаман жоругун уккандан кийин эси ооп калга

жеринен баштайын. Азрет эси ооп жатып түш көрөт, түшүндө Азреил жан алгыч менен бет келип сүйлөшөт.

Жакып чал:

— Салом алейкум, Азреил жан алгыч.

— Аалекум салам, азрети Жакып.

— Күтүп жүргөм, жакшы болду келгениң.

— Келдим, азрети Жакып.

— Алмадай башка бир өлүм. Мен даярмын, тарт аманатыңды.

— Эмнеге мынча шашылдың, али ичер сууң бар эле го...

— Мындан ары мага өмүр сүрүүнүн кызыгы жоктой. Жакшы көргөн уулум Жусуптан алда качан айрылгам. Аны күтө-күтө зарыгып, минтип азиз болдум. Үмүт да карыды. Андан башка экинчи бир медерим Жамил доого учураптыр. Мындан өткөн каргыш болобу азиз Жакыпка. Эми өмүр сүрүүнүн мага кереги канча? Тарта бер жанымды, Азреил.

Азреилдин жүзүн мээрим чайый Жакып карыяны сооротксн жери:

— Азрети Жакып, сенден өткөн ак ниет, дили таза пендени көрө элекмин. Азыр мен жаныңды алганы келген жокмун. Кайра сени соорогоюн деп келдим.

— Азреил жан алгыч, эч кимге боор ооручу эмес элең го. Мунуңду кандайча түшүнсөк? Сенин кызматың жан кыюу. Акка мойнумду сундум деп жатам. Тарта бер жанымды.

Азреил айтканын дагы ырастады:

— Сенин күнүң бүтө элек, азрети Жакып. Ичер сууң али алдыда. Дагы далай нарктуу өмүр сүрөсүң. Шашылбай акырын күт.

— Андай болсо суроом бар, — деп Жакып жан алгычты тиктеди. — Тирүүлөрдүн арасында кара чечекейим Жусуп жүрөбү? Же алда качан жанын алдың беле? Бул дүйнөнүн көй азабын тартпай жүргөндүр бейиште. Күнөөсү жок жаш баштың кимге зыяны тийди дейм да...

Азреил күңгүрөдү:

— О ыйык Жакып, билип кой. Үмүтүңдү кур бекер үзгүм келбейт. Жусуптун жанын ала элекмин мен. Уулуң тирүү. Азыр анын эл бийлеген падыша. Жусуптун даңкына тең келген падыша буга чейин чыга элек болчу.

— О Алла, чын эле Жусуп тирүүбү? — деп катуу кыйкырган Жакып ойгонуп кетиптир.

Эми Жакыпка күч-кубат кирип чыйралды да, ошо замат падышага кат жаздырат. — Ак ниет, адамкерчилиги

теңдешсиз Азрети падышам. Колу ачык, мээрман, ак дуу султан. Сенин дайныңды көп уктум. Сизге чейин элде, эч бир жерде өзүңдөй даанышман бийлик эг болбоптур. Жамалы өзүңкүндөй сулуу, колу ачык па шаны адамзат көрө элек болчу. Каармандык жагынан өзүңө эч падыша жетпейт. Эми мендей бечера пенде муңун угуп кой. Чынында мен аябаган кары адамм Эки көзүм караманча көрбөйт. Анын да өзүнчө себ бар, азретим. Уулдарымдын ичиндеги жанымдай көр жалгыз медерим Жусуптан айрылгам. Андан бери жыл өттү. Көңүл чөгүп азап жедим. Бирок үмүт үз келатам. Кайгырам, ыйлайм, бирок кайра эле Жусу тирүүдөй сезилет. Анын жамалы, караны дайыма алдымда. Уктасам-турсам элеси өзүм менен бирге. О го тете Жусупка жатындаш иниси Жамил менин ак кы үмүтүм, шамчырагым эле. Ал дагы тутүндөй из жоголгон агасын менчелик жакшы көрчү. Мени ме кошо ыйлай берип, мээсине доо кетсе керек анын Болбосо, уурулук ишке кантип барсын. Аны шайтан гырды. Мен өзүңдөн кечирим сурайм, азрети падыш Билем, уурулук үчүн бир гана жаза, ал — өлүм. Ош се да даанышмандык кыл, бейкүнөө Жамилди өлү кыя көрбө. Кечир күнөөсүн. Азаттык бер жалгыз ба на. Мендей шордуу карыптын, мусапыр атанын со тиер касиеттүү жаныңа. Күн-түн дебей өзүңдү бөөдө к сыктан сырткары болушуңду тилейм. Тукумуң өссүн кудайга табынам. Алтын таажың асыл башыңдан эч чан түшпөсүн, азрети падышам. Уулдарым да ичи зилдеп, кейип жатышат. Мендей бечера атаны азап куткар, азрети падышам. Тукумуң өссүн — омийин.

Уулдарынын колуна катты карматты Жакып аз Жолоочулар канча күн сапар тартканы белгисиз, ак ры падыша сарайына жетип келишти. Кантсе да ал дын санаалары жайында эле, анткени атасынын каты колдорунда. Кооптонуу бар, бирок үмүт да чоң. Ошентип ханаандыктар кайрадан падыша алдында турушат. Азрети падыша атасынын катын окуй бир чети жүрөгү зи деп, кайрадан ага жооп жазды Жусуп. Жообунда ата сын сооротуп, жакшы көргөн уулу Жусуптун тирүү жүр гөнүнөн үмүт үзбөөсүн өтүндү да, касиеттүү карыя да гы бир аз чыдаса, уулу менен жүз көрүшүп каларын эс кертти. Падышанын экинчи каты колуна тийгенде Жа кыптын кубанганын айтпа, ошол адилет падыша чын эле Жусуптун өзү болуп калбасын деп Жакып айтып да ал ды. Ошондо балдары: — Ата, кур кыялга алданба. Жу-

убундун ушу кезде сөөгү сөпөт болуп, жаны бейиште — дешип жуутушкан жок. — Биз эртең менен эрте жолго чыгабыз. Падышага берчү жообунду даярда!

Эми атасынын үмүтү жанып: Жусупту издегиле. Ал тирүү — деген сөзүн улам айтып кала берди. Бирок уулдары падышага кайра келгенде: Жамилди бошотуп берүүсүн өтүнүшүп, атасынын Жусупту издегиле, деген өтүнүчүн айтышкан жок.

— Азрети Жакыптын мындан башка каалоосу жокпу менде? — деп кабак түйдү падыша.

— Жок, дешти бир туугандар. Жамил гана бошонсо атабыз раазы болот. Биздин да тилегибиз ошол... Агаларынын калпычылыгы жанына баткан падыша дагы такып сурады:

— Андай болсо, бейкүнөө Жусуптун кандайча жоголгонун жашырбай айтып бергилечи? Мүмкүн, аны карышкыр жебегендир...

Бул жолу да агалары мурдагы айтканынан баш тартышпай, Жусупту карышкыр кантип жегени жөнүндө калп эле жобурай беришти. Агаларын мынчалык карабеттикке барат деп ойлогон эмес Жусуп. Эми чыдабай кетип, Жусупту алар соодагерлерге сатып жибергенине чейин айтып, бир туугандардын ошондогу тил катына чейин көрсөтсө да, алар караманча таныып жатып алышса боло.

Жаны күйгөн Жусуп тигилердин алдына келип:

— Жакшылап тиктегилечи, ошол Жусуп деген иниңер мен болом. Силердин кыянатчылыгыңардын аркасы менен канча жыл азап чеккенимди билбейсиңерби? — деп, агаларын тиктей берген экен.

Ооба, эми аябай күнөөгө баткан агаларын Жусуп азрет зынданга каматып, кандайча жаза берүүнүн жолун ойлоп жатканда, падышанын үстүнө Жебиреил периште кириптир. Жебиреил периште:

— Азрети падышам, — деп Жусупту тиктейт, — рас, бир тууганадарыңдын күнөөсү жазанын эң ооруна арзыйт. Бирок да айтчы, кандай жаза буйрумаксың аларга?

— Кектөө капырдын иши...

Падышанын жообуна раазы болгон Жебиреил периште эми падышага мындайча кеңеш берди:

— Андай экен, күнөкөрлөрдү дагы бир жолу сынап көрөлүк. Угалыкчы, алар зынданда эмне жөнүндө сүйлөшүп жатышты экен. Эгерде, Алла тааланын алдында күнөкөр экенин сезишип, зыярат кылып, зар какшап жа-

тышса, күнөөсүн кечип коёсуз. Адегенде киши ж сүйлөшкөн сөздөрүн уксун...

Жебиреил периште айткандай эле жиберген экинчи күнү агаларынын эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн супка төкпөй-чачпай айтып келди. Өлүмдөн башка өздөрүнө ылайык эмес экендигин моюндарына шып, зар какшап жатышыптыр алар. Ханаандык ата-бабабыздын арбагына шек келтирдик. Жусуп м Жамилдин күйүтү аз келгенсип, эми биздин акмак рукту укса атабыз Жакып элдин жүзүн кантип кар Намысына чыдабай ардангандан да өлөт дешип Аз жан алгычтын келишин күтүп жатканын укканда Ж реил периште кеңеш айтты:

— Азрети Жусуп, сен тарткан азапка агалары нөөлүү бекен? Ал шайтандын колунан келди. Кара тик, мыкаачылык шайтандын гана иши. Анын баары ла таалага дайын...

Ошентип Жусуп падыша агаларына кечирим б Андан соң дили тазарган бир туугандар ичтерине сактабай канча күн тойлоп, тирүүлүктүн рахатына канын мен айтпайын, бурадарларым. Андан көрө суптун атасы Жакыптан кабар берелик. Ыйык там дин негизги түйүнү да ошондо чечилет.

— Айтыңыз — дешти атчандар бир ооздон.

Жусуп адилет атасын алдыртууга кам көрүп, алы калбай не бир уктасачы. О Алла, азиз болгон, ча жыл азап жеген атамдын көзүн ач. Ошол киши ден баар таап, көңүлү агарсын. Адилет башкарган өлк дү өз көзү менен көрүп, алтын сарайыма суктансын деп, табынып жатканда дагы эле асмандан Жебир периште түшүп келип мындайча кеңеш айтат:

— Сенин үнүң Аллага жетти. Мындан соң атаң көзү ачылып, ал кадыресе жашарат. Ан үчүн илгерки нин кандуу көйнөгүңдү атаң колуна кармап, көйнөк нен көзүн сүртсүн. Ошондо гана Жакыптын көзү а лат, өзү жашарат. Бирок көйнөктү атаңа алып бара ган бир күнөөсүз пенде бар. Ал сенин ордоңдо жаш Аты — Ашыр. Ошо кул менен сен тагдырлашсың. С би, сенин канча жыл азап чегип, өзүнүн көзү сокур б шуна атаң Жакып күнөөлүү.Ал мындайча... Андан Жебиреил периште качанкы бир кезде болгон оку баяндайт. Көрсө, Жусуп менен Жамил төрөлгөндөн йин энеси каза болуп Жусупту бир балалуу бечера а багып жатчу экен. Балдар жаңыдан тороло баштага кезде Жакып, аялдын жалгыз уулу Ашырды соодагер

ып жиберген тура. Аял ыйлай берип акыры: — Сен ты менин күнүмдү көрүп кал — деп Жакыпты каргап штаптыр. Бейкүнөө катындын каргышына калгандык-н гана жогоруда биз баяндаган азаптуу тагдырга ки-птер болуптур Жусуп. Ал каргышты жандырыш үчүн шырга азаттык берип, ошол эмчектешиңди өзүңө жан олдош кылып ал. Ашыр качан Ханаанга жетип, атаңа өлүгардан мурда энесин таап, анын жүзүнө жүзүн тий-зсин. Ушу кезде ал кемпир — кайырчы. Анын да көзү окур. Ал дагы ошончо жылдан бери уулун күтүп жүрөт. улу экөө көрүшкөндө баягы каргышы жанып, ага да көз үтөт. Ашыр энеси экөө жолуккандан кийин гана сенин таң Жакыпка барсын — деп Жебиреил периште асман-а учуп кетти.

Берик олуя унчукпай көктө торгой безеленип, Ала-Тоо араптан улам-улам күн күркүрөй, Ашым азыктын тиле-ин кудай берип, кара нөшөр Сары-Өзөндүн үстүн сабап атты. Олуя көпкө унчукпай калган соң жигиттердин ичинен кимдир бирөө күңк этти:

— Олуя ата, бүттүңүзбү?

— Бүтпөгөндөчү, бүттүм.

— Жакыптын көзү ачылгандыр!

— Ананчы, алар уулу Жусуп падыша болушуп, көп жылы чогуу жашашкан. Атаңды өлтүргөнгө аш бер дегендей ошентип, кудайдын ыйык китеби куранда: — Таш менен урганды сен аш менен ур деп айтылат. Чынында кекти кудайым капырга берген.Жамандыкка жакшылык кыла алат эр киши. Жакшылыкка жамандык кыла берет ар киши. Душманына да жакшылык кылып, кечирим берүү эр кишинин колунан келет. Ошондуктан ыкластан тайбай ар качан Алланы эсиңерден чыгарбагыла, бейкүнөө пенделерим.

Олуя курандын Ыклас сүрөөсүн дагы кайталады.

О дүйнөнүн түркүгү, Алла-таала,
Сенде эне жок, эге да жок —түгөлсүң.
Туулбай-тутпай, атасыз-жетесиз туруп
Ааламга тутка болдуң жалгыз гана
Өзүңдөн ашкан, сага төп келчү ким?
Жан көзүнө чалдыкпадың бир дагы.
Тулку жок, турпат жок өзүңдө.
Ыклас кылып, дилимди койдум.
Эч кандай кылапат айтпадым,
Колдой жүр биздей көр пенделериңди,
О-омийин.

Олуяны ээрчий бардыгы бата кылышып, аттар басгын ылдамдатканда Шергазы чыдаган жок.

— Олуя ата, карабет Зулайканын тагдырычы?

Олуя чоочуду:

— Карабет дебе, ал бейкүнөө катын.

— Бейкүнөө катын Жусупка кошулгандыр?

— Ананчы, кошулмак тургай Зулайка көп бала төрөп берген дейт Жусуп адилетке.

— Айтсаңыз? — жигиттер чуулдашты.

Берик олуя ойлоно түшкөндүн ортосунда Атаке баатыр акырын сүрөдү. Өзүнүн да бул ыйык сүрөөгө дити берилип калган эле.

— Олуям, анча болду аягына чык. Тамсилдин маанисине мына бу мадыра баштар кансын. Антпесең булардын ышкысы басылбайт...

Күүгө келүү сезимин — ышкы дейсиңерби, неси болсо да ал капыр мүлдө жан-жаныбар менен айбанаттан баштап, адам атанын тукумдарынын турпатын да билгизбей бийлеп кетчү сыйкыр күч. Анын кудрети, касиетинен тукум уланат. Антпегенде, кара жер үстүндөгү тирүү жандын баары алда качан жексен болбойт беле. Айбан тукумдары үчүн самоонун өзүнчө чеги бар. Демек, жылдымерчемдүү мезгилинде гана алардын самоосу бир ган жолу козголот да, алардын ышкысын теңирим өзү тендейт. Айбанаттар менен жан-жаныбарларга тийиштүү табияттын жосунуна жараткандан башка эч ким каралашпайт. Миң-миң жылдап келаткан анын жол жобосун шайтан да буза албас. Ал эми самоонун азгырыгы — Адам атанын тукумдарынын күнүмдүк турмушунда чачыңкы. Ал туурасында айта берсе сөз арбын. Көбүн эсмында адам баласын шайтан азгырат, алардын ыйык сезимине шайтан аралашат. Айры буттардын турмушунун чордону — үй-бүлөчүлүктө, жуп-жуптан эрди катын болуп жашоодо. Алла таала адеп Адам атаны топурактан жасаганда эле аны күн мурунтан ойлонуштурган, аны жалгыз койбой, Мама хаваны Адам атанын кабыргасынан кесип алып жасаганы да бекеринен бекен? Үй-бүлөчүлүктүн, эрди-катындын турмушунун башаты — Адам ата менен Мама Хавада. Адам атанын кабыргасынан жасалгандыктан, эрине кылапат айтпай баш ийүү — — аял затынын ыйык парзы. Эр деген жеке эле мал жандык тургай: үй-бүлөнүн, катындын эгеси. Ыйык курандын өзү да эрдин касиетин аялдан жогору коёт. Алтын баштуу аялдан бака баштуу эр өйдө деген эл макалы бекер жерден айтылбайт. Ушуга жараша, аял-эркек

мамлесинин ыйык куранда жазылган жерин биле жүргөнүнөр оң. Шайтан гана аралашпаса: өрттүү сезим, карабаскан самоону башкарып алуу — мусулман баласынын өз колундагы иш дечи. Анын накта айгинеси — Жусуп менен Зулайканын тарыхы. Ал икаяны уккандан мурда, курандын никеге тийиштүү жерлерин билип койсоңор дейм. Демек, нике кайып же актык, адалдыктын ортосундагы өтмө катарына Алла тааланын өзү так, апачык жик койгон. Адам баласынын айбанаттан бөтөнчөлүгү да ошондо. Динди таза туткан адам гана — өлсө жаны жанаттан орун алат.

Үй-бүлө күтүп, катын-баланы багып алууга кудурети жеткен адам шарият боюнча төрт катынга чейин алууга руксат. Мындай чакта эркек киши тандайт аялды. Жанагы самоо, ышкы деген амалды — ушу жерден чечмелейин. Силерче ал — ашыктык. Демек, ашыктык-арзуу сезим: аял-эркектин экөөнө тең жат эмес чыгар. Бирок да арзуусун ачык айтып, ашыгына калың төлөп никеге туруу — эркектин милдети, арзып жүрүп нике кыйып алган катын — сенин энчиң, так айтканда менчигиң. Сен ага эгесиң. Ал катын сага тил тийгизип кылапат айтууга, же ак никени бузуп, арам жосунга барууга акысыз. Ушуга жараша катын киши эрине талак бере албайт, аялга үч талак бериш эрдин иши. Эр жеткен киши, кимди аялдыкка алууга болбойт? Мисалы, атаңар жологон катын сен үчүн ыйык. Ал сага эне, ага нике жүрбөйт. Атасы жологон аялды катындыкка алмак тургай, ага сугун арткан эркек күнөөлүү, андай ыпластыкты куран айыптайт. Анын сыңарындай баласы жологон аял атасына буйрубаган. Дагы кимдерге нике жүрбөйт? Эне менен эжеге, карындашыңа, кызыңа, ата жагынан: бүтүндөй жатындашка, эмчегин эмизген аялга. Ушинтип айта берсе толуп жатат. Кыргыз ата-бабадан бери жети ата өткөнчө кыз берип, кыз алышпаган. Эгер алган эри каза болуп башы ачылса: — ага-ининин каралуу жесирине кайчылаш нике кыюу лаазым. Жана никелүү эри бар аялды алууга эч кимдин акысы жок. Эгер анчалык эле сенин аял затына ышкың түшүп, ашык болуп калдың дейли. Анда ошо аялга эри үч талак берген соң катындын мурдагы эрине калыңын төлөп берип никелеш. Мындан бөлөк купулуңа толгон, өзүң ашык болгон аялды калың берип алууга кудретиң жетпесе айла канча, анда жылкыңа карап ышкыр, мурдуңа карап бышкыр дегендей, күңгө да болсо нике кый. Ушу жерден дагы бир эскертчү сөз. Эркек киши аялга дайыма адилет мамиле кылуусу парс.

Эркек курулай зулумдук кылып, аялды бекер жерден эзгени жарабайт. Какпа, чаппа — ал сенин балдарыңдын энеси, акыреттик жарың. Бирок, мунун экинчи жагын биле жүргөн оң: эркек — аялдын пири деп башында эскерттим го: мал-мүлктүн, байлыктын эгеси болгон сыяктуу — эркек аялдын да эгеси. Аял үй-жайды сарамжалдайт, күтөт, эринин тапканын сактайт. Экинчиден, аял эркектин жары тургай: жаны, асылкечи, бирден бир ишенген адамы. Алла таала каткан сырды — аял да ката алат. Кыргызда деле айтылат го: эркектин ичине ээр токумдуу ат батса, аялдын ичине — кара баш адам батат. Курандын өзүндө да ушу дуба бар. Андыктан, алпештелип койнуңда жаткан аял сенин сырыңды сактай билүүгө акылуу. Демек, аял затын кор кармабай, аны алпечтей да билгиле. Сенин сыйсыпатыңды никелүү катының түшүнбөй тил кайрып каяша айта берсе, сен анын эри гана эмес, эгеси катары жаза берүүгө, ал тургай үч талак айтууга укуктуусуң. Аялың сага чыгыштык кылып, нике бузса — төрт кишини күбөгө тарт. Эгер ошентип, аялдын кынтык иши далилденсе — эри аны кандай жасалайм десе да өзү билет. Ал тургай андай катындын жанын кыйып, тынды кылып койсо эри күнөөлүү болбойт. Мындай кезде кыргыз баласы канткен? Катындын чачын кыркып, бетине көө сүртүп, байталга тескери имгизип талак берген. Күнөөкөр, ээн баш катынды байталга кердирсе да жарашат.

Дегинкисин, жазалап өч алууну куран бардык учурда жактабайт. Эгерде күнөкөр катын Алла алдында зар какшап кечирим сураса — күнөөсүнөн куткарылат. Алланын амиринде деги эле кечирилгис күнөө жоктур. Кээде күнөөсү тоодой жандимилер да учурайт. Кыларын кылып, кыл жип менен бууп дегендей алар аша чаап кеткенине карабастан өлүм алдында — анткорлоно, курулай кечирим сурашат. Андайларга ишенүү — күнөө, андайларга өлүм ак. Ушулар жөнүндө өзгөчө курандын тобоосүрөөсүн биле жүргөнүңөр оң.

Үй-бүлөнүн актык-тазалыгы тууралуу дагы бир собол, куранда: о кудайга сыйынган пенделер, мас абалыңда намас окуба, тилиң булдуруктап маскара болосуң, келмеге тилиң келбей абириң кетет. Дегеле мас болуу быякта турсун, адатта ашыра жеген тамактын баары арам. Ошондуктан ынсап кыла жүргүлө. Сапар тартып жолго чыксаң да, мусулманчылыкты эстен чыгарба. Даарат алып, сууга чайын, анан намазга жыгыл. Эгер сырт коолоп, ноокастап калсаң же мусапыр болуп жер кесип

жүрсөң, же кокусунан аялга жолоп бир төшөктө коюндашып дегендей бетине бетиң, этине этиң тийсе — сууга жуун, даарат ал. Суу жок болсо, таза кум менен жүзүңөрдү, бетиңерди, этиңерди сүрткүлө. Ошондо гана сени — Алла таала кечирет. Булар адалдануунун, тазалыкты сактоонун эрежеси.

Мына ушул узун сабак шарыятты уккандан таӂадыбы өткүр жигит Шергазы олуяны Жусуптун тарыхына жакындатуунун амалын кылды:

— Ыйык курандын насаатында эркекке өзү асылып, ал тургай ала жипти аттаган аялдын баары күнөөлүү дедиңиз. Андайларды тындым кылса да болот экен. Асыранды баласы Жусупка өзү асылып, күнөөгө баткан Зулайка жаза албай, алмак тургай кайра Жусупка никелүү катын боло алса — арабызда эле жүргөн койчу-мойчулар, мадра баштар кантет?

— Суроондун чекилиги жок — деди, баш ийкеген Берик олуя.

Атаке баатыр көкүттү:

— Чеч ыйык каптын оозун, олуям.

...Жусуп адилет ачарчылыктан элин сактайм деп мамлекетинин камын көрүп жүргөндө Зулайка катын ашыктыктын азабын тартып, жүрөгү өрттөнгөн бечера караманча эки көзү көрбөй калган дейт. Баса, ошо кездеги анын эри жан таксым болуп башы бош эле. Байлыгы ашып-ташыган катын уламдан улам Жусуп дегенде ак эткенден так этчү. Нөкөр кыздардан башка ээн үйдө өзү жалгыз, ышкысы аша от болуп күйүп жалындай, үшкүрсө оозунан көк түтүн атылып, мына ошол армандуу дарттын айынан анын чүнчүгөнүн айтпа, кала берсе карыды, бели бүкүрөйдү. Бир жолу ал Жусупту эңсеп күйүп отурган чакта көчө жактан кандайдыр кыйкырыкчуу чыгат. — Бу ким? — деп, дирилдеди бечара Зулайка. «Падыша Жусуп кетип баратат» дей салды күңдөрүнүн бири. Мына ушу жерден Зулайка онтоп, кошок кошкондой катуу кыйкырып ыйлап алды да: «Минтип кур бекер азап чеккенден көрө кантсе да бул тозоктон чыгуунун жолун издейин. Жусупка жетпей кор болгончо өлгөн жакшы» — деп өзүнө өзү ант берди. Кандай да болбосун анын жолун табуу ылайык. Антип-минткенче Зулайка күңдөрүнө жетелетип алып ошол Жусуп падыша өтчү жолдун боюна тура калат. Айткандай, ушу кезде Жусуп өтүп бараткан эле. Падыша жанынан өтө бергенде Зулайка ашык үнүнүн жетишинче:

— О адилет падышам, бир аз аярдап, мендей муса-

пыр аялдын, сенин айдай жамалыңа, адилет мүнөзүң ашык болгон бечеранын зарын уга кет — деп жалынды.

— Сеникиндей сыйкыр үн, даанышман көрк эч жан жок. Адилеттик, ак ниеттик, тазалык менен чыдамка лык гана жеткирди өзүңдү ушул бийик даражага. Э ким жетпей, эсим эки болгон мен бейбак аял — аш тыктын айынан ушул абалга келдим. Аргымагыңдын т гинин жыйып, акылыңды айт. Карыган кемпир, жин аял экен деп менден жиркене көрбө, падышам.

Мусапыр үндү уккан Жусуп падыша:

— Бейкүнөө катын, чыдагын. Чыдамдуу бол, мус пырым. Кимде ким күтө билсе, чыдай билсе — ал тил гине жетпей койбойт. Көп ыйлап, көп кыйналган ада ды Алла таала акыры муңдан арытат. Андай пенде ак ры тилегине жетет — деп, бастырып кете берди.

Жусуп падышанын үнүн уккан менен Зулайка кайр кылып, тынчып калуунун ордуна кайра ого бетер аза танып, үйүнө келгенде да тынчтана албай койду. О бойдон каш карайып, түн кирсе да, кой-ай дегенге бо бой, бая Жусуп адилет менен жол боюнда баарлашк жерге барып, оңко-чоңкосунан кетти Зулайка ашык. К ра баскан дарттын күчү ушундай экен Зулайка кат падышанын аргымагынын такасы баскан жерди ул өөп, ошо жердин топурагын бети башына сүртүп не б жан алакетке түшкөнүн айтпа. Жиндинин жоругунда Зулайканын жосунсуз албууттануусун баса албай н көр кыздардын айласы кетиптир. Ошо бойдон араң д генде Зулайканы үйүнө алып келишет алар. Ажынал ган адамдан бетер тозок отуна күйчүдөй азап чекке Зулайка эч кимге баш бербей, эч кимдин кеп-кеңеш укпай, жатып калды катуу ооруп. Эти ысып, эс акыл жогото далай күн төшөктө жатты дейт Зулайка кат Ошентип бир күнү көзүн ачып акылына келет да, өз нүн ичер суусу бүтүп, өлө турганына чындап көзү жетип, Зулайка өлүмгө башын байлай, Азреил жан алгычты күтүп калганда кайрадан көчө жактан адамдардын ызычуусу угулат. — Бу эмне? — деп элеңдеди Зулайка. Көрсө, азыр да мурдагы жол менен Жусуп падыша өтүп бараткан экен. Падыша деген падыша, анын үстүнө журтуна кара кылды как жарган адилеттиги менен жаккан Жусупту калктын баары жакшы көрчү. Ушу тапта падышага таазим кылуу үчүн жол боюна элдер батпай чыгат.

Зулайка нөкөр кыздарына жалынды:

— Айланайындар, өлүм алдында турам. Акыркы

ирет Жусуптун үнүн бир угуп калайын. Менде каруу жок, мурдагыдай туруп баса албайм. Жаткан төшөк-мөшөгүм менен кошо көтөрүп барып, мени Жусуп өтчү жолдун четине коюп койсоңор. Кыздар ыйлап буркурап, айлалары кетип: — Керек десең сен үчүн биз өлүп бербейт белек. Айла жок экен — дешти да, айтканындай Зулайканы жол жээгине көтөрүп чыгышты. Ошону менен падыша өтчү жолго Зулайка ашык үчүнчү жолу келди.

Жусуп падышанын дөөлөтү, сөөлөтү аябай келишкен. Мингени ак боз аргымак, артында, жан жагында шаанилүү вазири менен нөкөрлөрү. Түмөндөгөн кол падышаны курчап баратат. Мына ошондой шаан-шөкөттүн баары менен иши жоктой падыша өзүнүн жанынан өтө бергенде Зулайка ашык үнүнүн жетишинче кыйкырды:

— О адилет Жусуп! Асыл падыша, өлүм алдында жаткан бечера аялдын арманын дагы бир ирет угуп кой. Сенин үнүңдү акыркы жолу угуудан башка мага эч нерсенин кереги жок — дейт айласы кете. — Карачы кейпимди, сен деп жүрүп карыдым. Ушинтип азап чегип жашаганча касиеттүү үнүңдү акыркы жолу угуп, анан өлүп кетүүгө даярмын. Назарыңды буруп кой, касиеттүү падышам.

Кызыгың түшкүрдүкү, мына ошондо Зулайканын алсыз үнү падышага жетиптир. Атынын башын бечера аялга бура коюп, мындай деген турбайбы:

— Ашыктыктан азап чеккен бечера, менин жалгыз гана берер кеңешим: — чыдамдуу бол. Сенин дартың эң эле азаптуу дарт. Муну көтөргөн пенде гана көтөрөт. Ошондуктан чыдагын, Алла таала көтөрүмдүү пендесин гана колдойт. Көрүп турам, сенин үнүң акыры кудайга жетет. Мына мен дагы далай жыл зынданда жатып, азап чеккем. Чыдоодон тажабай Алладан үмүтүмдү үзгөн жокмун. Тилегим, үнүм кудайга жеткен экен, акыры минтип падыша болуп отурам.

Падыша аттан түшүп Зулайканы көздөй басты дейт.

— Падыша бизди карай келатат — дешти, Зулайканын нөкөрлөрү.

— Койгулачы, өлүм алдында жаткан адамды шакабалабай — деп Зулайка ишенген жок.

Ошо кезде падыша чын эле ноокас Зулайканы көздөй келаткан болчу.

— Кудай урсун, чын эле падыша сизди көздөй келатат. — Кыздар карганышты.

— Ишенбейм — деди, калтыраган Зулайка. — Гүл-

дөй ачылган жаш кезимде Жусуп мага көз кырын салбады. Азыр көргүлөчү: чачым куудай, белим бүкүр, көзүм азиз. Мендей кемпирди карамак беле айжаркын падыша.

Ошентип бурадарларым, Жусуп адилет сыркоо катын Зулайкага жакындайт да:

— Бейкүнөөм, неликтен мынчалык азап чектиң? Ичиңден түтөй катып калыпсың. Арзууга алдырып арманың күч. Деги айтчы, менден сага эмне керек? Кудрети күчтүү Алланын шыбаасы тийбей койбойт. Тобоо десең бардык тилегиң аткарылат — деп жанына тура калды.

Зулайка катын тартынбастан үмүтүн билдирди падышага:

— Адилет падышам, менин дартым өзүңө дайын. Ашыктыктын азабына кабылып, канча жылдар кыйноо тартпадым. Көрүп турасың, мынакей кейип-кешпир кетти. Акыры минтип өлүм алдында турам. Эгерде жараткандын адилеттиги чын болсо менин жаштыгымды кайтарсын. Ышкыга алдыргандан бөлөк күнөөм эмне? Илгерки айжамалым, күч-кубатым, жылаажын үнүм кайра келсе — армансыз болмокмун. Аалам суктанган падышасың, адилеттигиң чын болсо жардам кыл. Өчпөсүн менин үмүтүм. — Жалооруду чын дилинен.

Ошондо Жусуп адилет.

— О бейкүнөө Зулайка, ашыктык дарт бардык адам баласынын башында бар. Андан жапа чекпеген, анын отуна күйбөгөн пенде аз чыгар. Анын сыйкыры, анын жалыны сенин кара башыңды канча жылдар азапка салса, кудайдын кудретине табын. Анан падыша: — Алып кел сууну — деди нөкөрүнө.

Ал жөнөкөй суу эмес, мүрөктүн суусу эле. Жусуп адилет ошол ыйык суу менен Зулайканын азиз көзүнөн баштап жүзү-башын сүртүп киргенде эле, укмушуң кургурдуку десе — көрүп тургандар өз көзүнө ишенбегендей сыйкырга туш болот да, заматтын ортосунда Зулайка ааламда жок перидей айжаркын сулуу кызга айланыптыр. Кундуздай чачы капкара келишкен перизатты көргөндө, ашыктык дарты канын аралаган падышанын айласы кетти. Мынчалык кереметке өзү да таңгалып, перидей сулуу Зулайканы улам-улам тиктей берген дейт падыша. Ошентип ашыктыктын өртүнө өзү да күйө баштады. Окуяга күбө болгондор бүт бойдон таң. Анан калса Зулайканын көз тайгылткан сулуулугу элдин барын арбап, көпчүлүк бир саамга ката түшкөндө, Зулайканын жылаажындай үнү чыкты:

— О мээрман, адилет падышам! Башыңды салбай

мага кара. Эмнеге тунжурайсың? Дилимди билдирүүгө менде сөз табылбайт. Кудай жалгасын өзүңдү. Тилегим кабыл болуп, минтип кубанып турам. Эмне кылайын, айт эркиңди?

Баятан бери тили байланган падыша Зулайканы эзиле тиктеп, бирок да өзүнүн падышалык наркын сактай:

— Бар бол перизат — деп, Зулайкага улам жакындай берди.

Падышадан айбыккандай Зулайка сулуу да акырын кетенчиктейт. Мына ошондо падыша өз кудретин башкара албай ышкысы ашынган бойдон Зулайканы колдон алмакчы болду эле, кыз мант берип бурулуп кетип, айласы түгөнгөн падыша кармайм деп анын этегин апчый, нес болду да калды.

Зулайка падышаны тиктей:

— Адилет Жусуп, мынакей эми сен дагы менин илгерки кейпимди кийдиң. Ошондо тутам деп аракеттенгенде сен качып, колумда көйнөгүндүн айрындысы калган. Чеңгелинди аччы, тутамыңда азыр менин көйнөгүмдүн үзүндүсү турат. Эми экөөбүз теңелдик. Бири-бирибизден айрымабыз жок. Падышам, эми мен азаптан арылдым. Өлкөңдө айдай сулуу колуктулар көп. Ошолордун бирин тандап ал. Мен сага мындан ары назарымды бербеймин — деп, калтардай мант бере басып кетти дейт Зулайка пери.

Бул окуяга күбө болгон көпчүлүк таңгалбаганда кантет. Мына ошондон кийин ашыктык деген ышкы отуна күйө баштаган экен Жусуп падыша. Басса-турса анын көз алдынан Зулайка кетпейт. Бирок назарын сындыргысы келбей, пейлин элге билгизбей ичтен бышты адегенде падыша.

Зулайка пери үйүнө келди, келет да үйүндө тынч жашап, капилет жатып кала албайт. Ар бир эле куралтын өзүнчө бактылуу учурлары болот дечи. Ошондо да жаш куралтын, жашыл куралтын өзүндөй бактылуулук кайда. Жүрөгүн мынабу ободо сайраган торгойдой калкып турса, чар тарабың кыбыла да. А сен болсо кызыр эмди тайдай эркинсиң, жүгөнсүз, ээрсиз өйдө төмөн ойдолой эреркип эркелегиң келет. Эрдемсиген жүрөгүң күйүп, каның дүүлүгөт. Ашык болгон, ышкысы ашынган адам эч нерседен кайра тартпайт турбайбы. Арзыган аялынын үйүнүн эшик алдына жолборс байлап койсо да тайманбай кирип барат го чиркин ашык. Мен мында ашыктык деген сыйкырдуу дарттын эркек затынын жан дүйнөсүнө салган капсалаңын айтып жатам. Ал эми аял заты деле тирүү жан

дечи. Бирок алар арзуу сезимин эркектерден бөтөнчөрөө аяр тута билүүсү керек. Үйүнө келери менен Зулайканын жаны жай албай, ого бетер туталанды. Жанын коёрго жер таппай айласы кетип, баягы ашыктык дарттын күйүтүнө ого бетер өрттөнүп, эмнеликтен Жусуп адилетке бой салбай басып кеткенине өкүнгөн тура. Көргүсү келе эңсегени, самаганы эле Жусуп. Мына ошентип, Зулайка сулуу туталанып бир нече күн-түн уйку бетин көрбөй таң атырат. Акыры кайсы бир күнү баягы падыша такай өтчү кан жол жактан ызы-чуу чыгат кайрадан. Нөкөр кыздарынын бирин карагылачы десе — Жусуп падыша өтүп баратат — деп кабарлайт. Ошо жерден Зулайка ашык жол боюна барып, элдин катарына туруп калат. Биз бу жерде падышанын шаан-шөкөтүн сыпаттап отурбайлык. Ак боз аргымактын үстүндө келаткан Жусуп падышанын кабагы негедир салыңкы дейт. Ал дагы Зулайканы ойлоп, уктабай чыккан болчу. Акыры — алыстан эле Зулайканы көрүп, аргымактан секирип түштү да, падышалык дөөлөтүн коё бербей, салабаттуу түрдө басып келип, башын ийип таазим кылат. Жусуптун саламына алик алып, Зулайка анын адилет, ак ниет падышалыгын мактай, ага ак дилинен каалоо айтып суроо салды:

— Мамлекет башкарып, эл журттун сырын алдың, бирок ашыктык деген армандуу дарттын сырын азыр билдиң бекен, падышам. Анын жайын билген болсоң, мени түшүнөр элең. Мен тарткан кыйноону сен али тарта элексиң да.

— Периззаттай ажарыңа ким суктанбайт, Зулайка. Сага ышкым ашканынан алдыңда турам го. Же дагы кандай жаса колдонгуң келет. Падыша башым менен алдыңда турушум азбы? — деп, өктөө айтты Жусуп.

Падышанын турушундагы текеберчиликти байкаган Зулайка да өктөө кылыптыр:

— Адилет падышам, ашыктык деген илдеттин сырын бардык эле адам биле бербейт. Ааламды билип, алтын такта отурган сиз да ал жөнүндө кабардарсыз...

— Аңдай экен далилдеп көр — деп Жусуп адилет муңканды.

Жусуп деп тарткан махабатын далилдеш үчүн Зулайка мындай деди:

— О падышам, сага далил керекпи? Ал мен үчүн оңой. Бирок өзүңө кыйын болор...

— Мейли, башка салганды көрөйүн. Жусуп Зулайканы тиктеди.

Анда Зулайка:

— Падышам, камчыңдын учун мага карматчы. Менин махабатымдын сырын ошондо гана түшүнөсүң деди.

Ошентип Жусуп падыша эңкее берип, Зулайкага камчысын сунат. Зулайка камчынын учун кармап туруп, анын ортосуна эрдин тийгизген бойдон катуу үшкүргөн экен. Шумдугуң кургурдуку... Мына ошондо Жусуптун камчысы Зулайканын көөдөнүнөн чыккан көк жалынга туттөй тең ортосунан күйүп түшүптүр да, жалындын табына чыдабаган Жусуп падыша колунда калган камчыны жарымын жерге түшүрүп жиберген тура.

Мына ошондо Зулайканын айтканы:

— Адилет падышам, мына ушул ысык отту көкүрөгүмдө сактап канча жылдар күйбөдүм. Акыры ал жалын менин көкүрөгүмдү өрттөп, чачымды агартты. Эки көзүмдөн ажырадым. Ал жалын сага болгон ашыктык оту эле. Мына көрдүңбү, чыдаш керек, чыдамкай бол — деп мага насаат айттың. Өз чыдамкайлыгыңды мага үлгү кылдың. Менин ордумда болсоң сен дагы чыдамак эмессиң андай оттун күчүн. Көрөм эми мындан ары сени. Азыр менин ашыктык дартым сага өттү, Жусуп. Эми сен дагы менче азап чегесиң. Бирок чыдап көр. Чыдамың канчага дейре түтөр экен — деп басып кетет.

Бурадарларым, тарта-тарта сүйлөгөндө ашык отуна күйгөн Жусуптун абалынан кабар берелик. Рас, эми ал кадимкидей Зулайканын кейпин кийип, бүткөн боюн өрт чалды. Тутанып күйүп акылы айран. Эси-көөнүнөн Зулайка кетсечи. Зулайка дегенде ак эткенден так этип, аны бир көрүүгө зар. Ашыктыктын кыйноосу ушуга чейин жетти дейсиң, Жусуптун жүрөгүнө тамак баспай, мамлекеттин ишине да карабай, ал турсун жалгыз отуруп алып ыйлаган, боздогон да күндөрүн айтпа. Падыша сарайындагылар Жусуп адилеттин ал-ахвалын сезип, айла таба алышпай өздөрүнчө тымыйт. Канткенде, кантип падышага жардам берише алат? Ошондо баягы тактысын берген падыша Жусуптун дарты жөнүндө угуп, акыры ал жардам берүүнү чечип, улуу башы менен Зулайканын алдына келди. Келгенде да Зулайкаперинин колун сурап, мындайча айтканда, куда башчы катары ага падышанын ал-ахвалын түшүндүрөт. Кызыгың түшкүрдүкү: Зулайка муздак, ал мерес. Падышанын жуучу жибергенине кубанмак тургай, дегеле жууткан жок ал. Жуучу Зулайканын алдына кырк жолу келип, Зулайка кырк жолу «жок» дегенден башка оңдуу жооп бербей, ийибеди. Баягы камчы аркылуу — Зулайканын ашыктык оту эми Жусупка биротоло өтүп, акыры ал керемет ыш-

кынын дартына туруштук бере албай, эс учун жоготу[illegible]
кулап түштү тагынан.

Зулайканын жүрөгүн жибите албай, күнү-түнү уйк[illegible] көрбөй кыйноого түшкөн Жусуп, арыктап сүлдөрү ган[illegible] калат. Акыры кыркынчы күн бүтүп, бел байлап башы[illegible] көтөргөн Жусуп, ашыгынын үйүн көздөй жөнөйт. Маха[illegible] бат деген азаптуу дарттын эмне экенин азыр накта тү[illegible] шүнүп, Зулайканын бир кездеги жосунсуз жоругу[illegible] айыптамак тургай, анын жан дүйнөсүнө бүлүк салы[illegible] таптакыр ага карабагандыгы үчүн өзүн чындап күнө[illegible] лөдү. Көрсө, адам баласы чалдыккан илдеттин ичине[illegible] махабат оорусуна тең келчү эч дарт жок экен да. Мына[illegible] кей, падышанын наркын түшүргөн сыйкырдуу махаба[illegible] — карапайым пендени аяйбы. Мунун сырын, түйүнүн ки[illegible] чечиптир. Азыр Жусуп падыша менен Зулайка экөөнү[illegible] абалы бирдей, экөө тепетең. Махабаттын өртүнө Жусу[illegible] кырк күн чыдай албай өлүп кала жаздаса, ага кыр[illegible] жылча чыдамы кеткен Зулайка эр экен да. Жолдо ке[illegible] латып падыша жаратканга улам-улам: — Аялдын маха[illegible] батын этибарга албай, текеберчилик кылгандыгым үчү[illegible] кечир. Менин дартыма дабаа кыл. Же мени Зулайкач[illegible] азапка салып кыйнагың келеби? Анда эле шорум куру[illegible] бадыбы. Эгерде пендем десең, кулум десең Зулайкаг[illegible] мени кош. Ага жетпей кыйноо тарттыргандан көрө, алы[illegible] кет жанымды — деп зар какшайт.

Мына ошондо Жусуптун муңу Аллага жетип, Жеби-реил периште учуп келип: — тилегиң кабыл болду, падышам. Мындан кийин Зулайка сулуу өзүнө өмүрлүк жар болот деген куттуу кабар айтат.

Бу жерде Жусуп падыша Зулайканын колун сураган жерин көркөмдөп айтса сөз көп. Акылман падыша десе кептин гүлүн тандагандыр. Мен сыйкырдуу сөз өнөрүн шыбаа туткан ак таңдай акын эмесмин. Өзүбүздүн түркү тилде дастан жазып атагы чыккан Алишер Новоиге караманча чендебейм. Зулайка-Жусуптун тою кырк күн болгон деп айтылат. Ал тойдун шаан шөкөтүн сыпаттоо да дилиме туура келбейт. Мен такыба адам катары ар кыл пенденин каталыгын көрө алам, бирок аны кечиргин деп теңирден тилейм. Ушуга жараша силердин кулагыңарга сиңерлик бир наат: адам баласынын төрөлүшү канчалык азап болсо, анын жарык дүйнөдө өмүр сүрүп, тиричилик өткөрүшү да ошончолук азап. Пенденин бири жардычылыктын, зомбулуктун корун тартса; экинчиси, жанагинтип Жусуп менен Зулайкача ышкы отуна күйүп жанат. Тирүүчүлүктүн кы-

зыгы, азап-тозогу ушунда: акыйкат менен караниеттик же кубаныч-кайгы — төгүл-чачыл болуша чогуу жашайт. Ондун солу бардай, барып келип эле көөдөй караңгы түндү күндүн асыл нуру сүрүп чыккандай нерсе. Тирүүчүлүктө оошпогон, кыйышпаган эмне бар? Ошого тете баарын тескеп, тендеп адилеттиктен, калыстыгынан жазбаган — Алла таала өзү жалгыз. Анын ыйык кудретин ар качан көкүрөктө тута жүргөн оң. Бул жерден биз адам тукумунун демейдеги жан сактоосунун кыпындай учурунан гана кеп кылдык. Жаки болбосо, зомбулуктун чет жакасын чырпый берсек ал ылайым түгөнгүс узун сабак. Эмне деген күнгө туш болдук. Карагылачы, азыр күнөөсүз бир журтту экинчиси чаап, талап, жоюп, союп жатпайбы? Кечээ биз дини бөлөк капыр деп мусулман баласы чогулуп, жунгар чапкынчыларын Теңир-Тоонун койнунан кууп чыкпадык беле. Ата-журтка ээ болдук, бейпил жашайлык десек, бүгүн кайра кыргызга өз көзүндөй көргөн дини бир тууган сөрөйлөрү өчөгүшүүдө. Кыргыз бу күндө туш-тушунан бөрү камап, аскага кептелген кийиктей калтырады. Тирүү жанбыз, биз дагы элбиз — жатып өлгөнчө атып өл. Эмитен айла-амал издебесек — эл журт тукум курут болбойбу? Мындайда баатыры кол баштайт, акылманы жол көрсөтөт. Казабат жолуна куран каршы бекен? Каармандык менен тайманбастыкты даңазалаган сүрөө куранда — тобоо сүрөөсү. Анда жанбезер, коркоктор айыпталып, зомбулукка колдонуу кубатталат. Ата конуш, жер суубуз жана мал жандын, эл-журттун тагдыры бүгүн баатырдын мойнунда, жигиттер.

Олуясынын ушу сөзүнөн кийин Атаке баатыр камырабаган, наат укпаган адамча аргымгына чү деп камчы үйрүдү. Кызыл тору көпчүлүктөн озуп, Берик олуя баш болгондор Атакеге теңелүүгө шашылган жок. Бет маңдайда кашка суу аккан жашыл колот. Он чакты ак боз үй тигилүү турган экен. Күн бата жаздап калган кез болчу. Боз үй тегерегинде бейчеки баскандар жүрөт. Сыягы, боз үйлөр жаңы эле тигилгенсийт. Кыр четине чыккан Атаке баатыр тизгин жыйды. Берик олуя дагы эле ага анча теңеле бербей, баатырдын артындагылары да андан обочодо акмалайт. Кызыл тору аргымак үстүндөгү жашыл кымкап чепкенчен, башында кундуз бөрк кийген Атаке ушу тапта негедир Берик олуянын көзүнө куду пайгамбар сыңары: сүрү-сыны келишип, жылдызы көтөрүлгөнүн байкай, ыйманы жаныл ичинен бата кылды да, баатырга өмүр тилеп, жолу ачык бол-

гой эле деп алакан жайганда, аны сезбеген Атаке ийни күйшөп, зоңк этти.

— Шергазы!

Өрттөй жанган Шергазы өзүнө катарлашканда Атакенин үнү буулугуп, эмнегедир ачуу келгендей акырып сурады:

— Таанычы, тургандар кимдер?

— Таанып турам, баатыр. — Ылдам жооп берди Шергазы. — Ортодогусу өз кайниңиз, Жамансарттын уулу Түлөберди баатыр. Четтегиси, суусамырлык Күрүчбектердин билерманы — эр Сөлпү экен. Беркиси — өз иниңиз Ниязбек мырза го. Тигине, Таластан кайындарыңыз — Бердике берендин тукумдары да келиптир. Темирдин уулу — Черикчи да жүргөнсүйт.

— Жамансартчы, жок бекен?

— Баатыр, Жамансарт көрүнбөгөнсүйт, ал уулдары: Түлөберди, Бөрүбай, Эсенаман жүргөн жерлерге жолобой калды эле го.

— Дурус — деди, санаасы тынган Атаке баатыр.

Топтон бөлүнгөн үч атчан Атакенин утурлай чаап жөнөшкөндө:

— Кана бастыралык — деди, баягы салабатынан жазбаган Атаке баатыр кызыл тору аргымагын темине. — Куду эле пайгамбардын өзү — Берик олуя ичинен кобурап коёт.

# ҮЧ МЭЭРИМ

БӨРҮБАЕВГЕ арналат.

Эгер андай экен угуп тургула, балдарым. Бул жомокту мен алгачкы ирет атамдан уккам. Атам аны бала чагымда өз атамдан уккам дечү. Ага да өз атасы айтып бериптир. Иши кылып бул жомок бабадан атага, атадан балага өтүп, биздин Качы тукумдарынын ичинде, оо, көптөн бери мурас катары ооздон түшпөй келаткан эзелки жомок. Мен дагы бул жомокту бала кезимден тартып далай ирет уккам жана канча жолу уксам да эч качан тажачу эмесмин. Баса, бул жомокту мен алгачкы ирет жети жашымда уккам. Адегенде эле силерди эскертип коёюн, жомокто жыландын кызы Арзыгүл сулуу жөнүндө сөз болот...

Эсентур, эмнеге дымый түштүң? Энеңдин колтугуна башыңды катып, коркуп жатасыңбы? «Жомок айтып бер» — деп суранган да өзүң. Кечээ сен жетиге толдуң. Демек, эс кирип, ар нерсени түшүнүп калган кезиң. Ошондуктан, бул жомокту бүгүн баштап отурам. Коркпо, балам. Карачы, терезеден куюлган айдын нурун. Үйдүн ичи жаркырап күндүзгүдөй. Биз жашаган жерди Норуздун салаасы дейт. Төмөнкү, жака жагыбыз — Жайылманын талаасы. Илгери, илгери бул жерден Чүй боору алаканга салгандай көрүнүп турчу экен. Азыр болсо туш тарабыбыз дүңгүрөгөн айыл. Ага бак-шактын караанын кошулуп, талааны бүтүндөй жаап жатпайбы. Андыктан, Нооруздун алкымын өрдөп, бөксө жонго

чыкмайынча Жайылманын түзөңү азыр анча көрүнбө
Деги бул жер Чүй боорундагы касиеттүү жерлердин б
ри. Жайлоо десең жайлоого окшоп абасы салкын. Ч
десең чөлгө окшоп, бирок какшыган аптап жок. Колд
түшкөн дан эгерим өнбөй калбайт. Сепкениңдин баа
бышат. Дыйкандын акыбетин жебейт бул жер. Жа
эле күндүз өзүң көрдүң го: жазында Медер байкең экө
тиккен коондун уругу чылбыр байлап, түйүлүп калы
тыр. Демек, биз эр эмгегин беш эсе кайтарган касиетт
Чүй өрөөнүнүн нак жүрөгү, кең Нооруздун салаасынд
жашайбыз. Баягүнү барбадыкпы өзүң менен кошо, би
дин жердин тоолору токойсуз токол болгону менен, оше
тип койнундагы тулаңы тушардан. Кокту-колотторун
агып чыккан көк кашка тунук сууларычы. Атаган
ууртасаң тишиң какшайт, жуткан сайын моокумуң ка
байт, кирген кезде ат кече албайт. Мунун баарын
жомокко кандай тиешеси бар дейсиңби, Медер? Анти
текебер сүйлөбө, уулум. Өзү туулуп-өсүп киндик кан
тамган жердин бир кичинекей касиетин билип коюу а
ким үчүн парс. Дегинкиси, адам баласы менен жан-ж
ныбар дебей: баарысы алгачкы сабакты ата-энесин
алат. Эмесе коркпой, уктабай олтуруп уккула жомок
...Анда биз Ой-Кайың деген өрөөндөгү кичинек
Жашыл-Көлдүн боюнда жашачыбыз деп баштаар э
жомогун атам... Медер, сен эмне эле башыңды көтөрү
терезе жакты улам карайсың. Ооба, аякта музыка, ая
та клуб бар. Билем, жолдошторуң күтүүдө. Баары би
эшикке чыкпайсың. Сен жаңы эле онду бүтүп, жакынд
он жетиге толдуң. Жигит болдум, эр жеттим деп ойло
суң го. Жок, али жашсың. Биз үчүн сен отузга чыккан
ча, жашың андан өйдөлөсө да мейли, баары бир бал
бойдон кала бересиң. Кыз жандап, бийлей турган уба
гың али боло элек. Адегенде институтка өт, же болбо
колхоздо иштеп адам катарына кошул. Анүчүн жан кый
нап, эртели кеч иште, көп оку, даярдан. Деги эринип, эм
гектенгенден качкан кишини ким эле жакшы көрсүн
Чыдамкайлык, көктүк жигитке таандык. Назиктик ий
менчектик кыз балага жарашат. Ошондуктан, эркек та
наа дегендин чыдамкай болушу парс. Башың аман бол
со кыз жандап, ойноп-күлгөнгө жетишесиң. Бул жомок
ту мурда көп жолу уккам дейсиңби? Рас, жомокту мен
мурда көп жолу айтып бергем сага. Бул жомок сен
үчүн балким эскирген, эзелки жомоктур. Кандай ойло
соң мейлиң. Аны мен сенден талашпайм. Бирок, бул жо
мок биз үчүн, биздин бала-бакырабыз жана тукумда-

рыбыз үчүн эч качан эскирбейт. Болду анда, мындан ары улам суроо берип, алагды кылбагыла атаңарды. Айттым го, унчукпай, уктабай жатып уккула.

* * *

Жашыл-Көл дегенибиз — тегерегинде кайың-тал, долоно, шилбиси менен аса-муса жана жашыл карагайына чейин жыш өскөн, түндүк-түштүк жагы көк аскалуу зоокалар, ал эми айланасындагы кызгылт-сары эңилчек баскан түркүн таштары бордолгон өгүзчө чөгүп жаткан өзүнчө бир ажайган кооз жер. Жашыл балырлуу жээгинде аңырлары балапан басса, көлдүн көк ортосундагы кара моюн чүрөктөрү, калдайган каз-өрдөгү кумар жаса куушуп ойногон касиеттүү жай экен ал. Токоюнда булбулу тынбай таңшып, бадалдарында бабырганы бакырган, ээндей баскан элиги көл кылаасында жуушап, коёндору эч кимден коркуп койбой, не түркүн аңдары аралаша өскөн жер соорусу экен го чиркин ал.

Жашыл-Көлдүн күн батышындагы этеги чытырман чер токой боло турган дечү атам. Ал токойго эгерим күндүн нуру тийбегендиктен, Күнтийбес аталыптыр. Күн тийбестин түндүк жагындагы тоолор өтө бийик, тоонун кыл чокусуна жакын көгүш кумайды ээн-эркин мекендеген көптөгөн жапайы эчки-текелер эртели-кеч жайылганда, куушуп, сүзүшүп ойногондо тоскок ылдый таш кулап, Күнтийбести кыйгап аккан Туура-Суунун ичи дүңгүрөп, жан-жаныбар үркүп, коркуп төш таяна качыша айлалары кетчү экен. Жашыл-Көлдүн түштүк жагындагы токойлуу секиченин аты — Кара-Булак. Биздин ата-бабаларыбыз кышкысын ошол Кара-Булакта кыштап, жаз чыгары менен Куу-Куурай деген түзөңгө аштык айдашып, көк жетилгенде Чүмкөк деген жайлоону көздөй көчүп чыгышып, бейкут жашашкан тура. Мына ошол картөшкө, жүгөрү жана буудайга чейин өскөн бышыкчылыктуу, жайы, кышы мал-жандыкка жайлуу кооз өрөөн азыр деле Ой-Кайың деп аталат. Ой-Кайыңды тегерете алкак тоолор курчап турат. Аякка машиненин жолу салына элек. Илгери кандай болсо, азыр да ошондой дешет. Ушу кезде да капчыгайдагы жалгыз аяк жол менен Ой-Кайыңга жандарын оздоруна тиштеп, аттарын жетелей адамдар араң өтүшөт экен. Ашуунун татаалдыгынан ал жерди бирин-серин малчылар гана жайлашпаса, эч ким мекендебей ээн жатканына күйөсүң...

Эстеген сайын жүрөк болк этет. Укса кулактын кычуусу канбайт. Ошентип:

Кундузу суудa ойногон,
Төрүндө суусар жойлогон.
Улары тоодо сайраган,
Маралы койдой жайнаган...

Касиеттүү кайран жерде ата-бабаларыбыздын сө гү жатат. Биздин тукумдардын ичинен ата-бабанын б йит башына ушу кезге чейин эч ким чыгынып бара элє Жапайы айбанаттардан башка эч адам буту баспа ыйык бейиттер жер менен жер болуп, изи суугандыr Ой-Кайыңды кезинде Жолуке, Койке деген эки бир тү ган эл мекендешчү экен. Алардын ичинен бир у Койке деген журтчулук ар кайсы жакка тарап отуру тарап отуруп ушу кезде тууганчылыгын, бир кандан т раган түбү менен эч кимисинин иши жок караманча э ада болуп баратат. Дегинкиси, эл оошуп, элдин арала каны жаман эмес. А бирок жаш муундар өз тегин би бей калса, анын эмнеси жакшы...

Айланасы алкак тоо
Коргон жасап койгондой,
Касиеттүү Ой-Кайың,
Сени кантип жүрөм ойлонбой? —

деп атам кезегинде ырдап калчу.

Ой-Кайың кайда дейсиңби, Эсентур! Балам ай, жерди мен өзүм да көрө элекмин. Мына бул Ноору дун ары жагында жадыраган жашыл өрөөн бар. Ан көргөнсүңөр. Ошондон ары Ысык-Атаны өрдөп жүрү отурса ашуунун ары жагы Суусамыр, Суусамырды Кызыл-Оюна жетпей Уруңкай деген кууш капчыгай ар кылуу Ой-Кайыңга өтүшчү экен. Ой-Кайыңга Жумга же Кочкор тарабынан да каттаса болот имиш. Бас ошол Ой-Кайыңдагы биздин кыштоо — Кара-Булакты секисинде чоң атабыз Качынын жыгачтан салынган та мы ушул кезде да бузулбаптыр. «Качынын ысык үйү — деп коюшат экен ал жерди кыштаган малчылар. Жа кында ошол жакты билген бир койчу жээнге жолук тум. Чоң атабыздын тамынын босогосунун алдында бир түп жапайы карагат жана анын желкесинде кош арча өсүп турат дейт. Мөмөсү бышкан кезде эки-үч ча нач карагат терип аларын айтып мени кызыктырат. Сыягы, барса, көрсө деп ойлойт го. Негизгиси, ал үйдү мазар катары тутушуп, өздөрү да тийбей, тегерегинде мал-сал жолотушпайт экен. Ошондой адамдарга арбак раазы болсун. Жомогуңду тезирээк башта дейсиңби? Түн бакырдыкы, шашпагын, Медер. Чыдамың аз, шашмасың. Деги кандай адам болор экенсиң...

* * *

Ошентип бир кезде, балким мындан жүз жыл же эки жүз жыл мурдадыр, айтор, ошол Ой-Кайында жалгыз атчан, жалгыз тончон, тууган-уругу да жок эр көкүрөк, оокатка эпчил Бөрүбай деген жигит жашаптыр. Бөрүбайдын жашы ошондо отузга толо элек, күчкө толуп турган кези го. Анын той-тамашада сөөлөткө минчү күлүк аты жана үй-тиричилик менен чарбага пайдаланчу дагы бир күлүгүнөн ашкан байлыгы болбоптур. Бөрүбайдын туткан кесиби — боз үйдүн сөөгүн жасоо экен. Боз үйдүн сөөгү деген эмне? Олда, балдарым ай. Сурай бересиңер, сурай бересиңер... Унчукпай угуп турсаңар өзүм деле түшүндүрөт элем го. Кийиз жабуу жасалгасынан башка: кереге-уук, түндүк жана босогоаяк сыяктуу жыгач жарактарын илгеркилер боз үйдүн сөөгү деп коюшчу. Айтмакчы, Бөрүбай баатырдын кесиби жөнүндө баяндоодон мурда, алды менен анын Ой-Кайыңга кайдан жана кандайча келип калганы жөнүндө азыраак сөз баштап берейин. Бөрүбай деле өз учурунда ата-энелүү, тууган-уругу бар бир чакан элдин эр көкүрөк жигити экен. Эр сайышка түшсө андан алдырбаган, эңишке, күрөшкө түшсө мындан алдырбаган эрдин бири го сыягы. Анын киндик каны тамган коломтосу, жайлаган жайлоосунан баштап, ичкен суусу жана илгери үмүтүнө чейин ак калпак кыргыздын атам замандан берки ыйык мекенинин бир чеги, айтылуу Анжиян тарап болгон. Ал кезде кыргыздар төрт топко бөлүнчү. Мисалы: Анжиян кыргызы, кыпчак кыргызы делип түштүк тараптагылары аталса; аркалык кыргызы жана алтайлык кыргыз делип быяктагы түндүк тарабындагылар өзүнчө бөлүнгөн. Бытыраган кайран эл анда деле өз элдүүлүгүн жоготпой, кыргыз аталышса да, Жунгар баскынчыларына көз каранды бойдон калган. Кыргызды тукум курут кылгысы келишкен Алтын Хандын канкорлору элдин атын өчүрмөкчү болуп, «Бурут» деп ат коюшкан бизге. Андан мурдараак Султан Бабурдун карамагында турганда баарыбызды тоолуктар же сактар деп тергешкен. Айтор, кыргыз көрбөгөн азап жок, балдарым. Менин жомогум ал жөнүндө эмес, анжияндык Бөрүбайдын башынан кечирген кордугу жана сүйүүсү жөнүндө.

Айта келсек, антип жаз чыгары менен жер чийип, аштык айдап, терим бүткөндө боз үйдүн сөөгүн жасап, ата кесибин уланткан Бөрүбай жыйырма төрт жашка толгончо бейкут турмуш сүрөт. Ал аңгыча ата-энесинен

ажырайт да, жанына күйөр бир туугандары жок, ко-
лой башына өзү ээ болуп, жалгыз бой калат. Колу-
мыдыр малы жок, үйүнө ак жоолук киргизе элек к-
экен бечаранын. Ал кезде шарт ошондой. Калың тө-
албаса жигитке аял тийбейт. Аялсыз эркектин к-
гөн күнүн теңирим эч жанга бербесин. Аны азыр
шүнө элексиңер. Ошентип, бир жолу жайдын капорт-
ченде Бөрүбай жараган жалгыз атын минип, тоо тар-
ты көздөй аттаныптыр. Кыясы, Анжияндын мээ кай-
кан ысыгынан качтыбы же көңүл жубаткысы келди-
же тагдыр азгырдыбы, же оңуту келсе атып алар-
дедиби, айтор, саадагы менен кара мылтыгын асы-
жер болжобой, күн болжобой кете берет ал. Ал ке-
Анжиян менен Оштун тегерегиндеги тоолордун к-
нунда ак кийиктер менен маралдар толтура болчу эк-
Азыр барбы дейсиңби, Эсентур? Кайдан... азыр анда-
нын бири жок. Элдин тукуму өстү. Техника дегени-
быкпырдай кайнайт. Ал эми касиеттүү жер эне өсп-
экен да... Ошту жарып аккан азыркы Ак-Буура дай-
сын анда эл Куба суусу деп аташчу экен. Ошол Куба-
бойлой бастырып, тоо тарапты көздөй кете берген
сыягы. Түш оой тоо өндүрүн өрдөп калган кезде Бө-
бай жалгыз тигилген ак боз үйгө туш келет. Жакын-
бастырып келсе, калган боз үйлөр андан окчунураак,
дунда, жапсарда экен дейт. Ат добушун укса да үй-
эч ким чыкпаптыр. Жигит атын мамыга өзү байлап,
үйдүн эшигине жете бербей тык токтойт. Себеби, эш-
тин босогосунда кара туу илинип турганын байкайт
«Аза күткөн үй тура» деп ыргылжың боло түшкөндө
кериден кошок кошкон үн чыгат. Бөрүбай баш та-
албай калат. Мындайда чоочун экенине карабай с-
боюнча үй ээсине көз көрсөтпөсө өөн иш кылмак. Ж-
лоочу жигит үйгө кирип кошок басылганча камчыс-
бөйрөгүнө таянган бойдон жер тиктеп чөгөлөй отур-
Керегени карап кошок кошкон аялдар басылганда га-
Бөрүбай капшыттагы күмүш ээрчи чыканактаган кар-
га салам бериптир.

— Арбаңыз, ата!

— Бар бол, уулум.

Үй ичине алдыртан көз салган Бөрүбай кошок кош-
кондордун бири он алтылардагы кыз бала экенин баа-
дайт. Төбөсүндөгү аземдей үкү сайылган кундуз тебе-
тейдин алдына чекесин жаба кара жоолук буунган жү-
зүн чоочун жигитке көрсөтпөөнүн айласын кылып, о-
бетер үлбүрөй тамак камын көрө баштайт. Бөрүбай кыз-

ы уурдана кароо менен алек болуп жатканда, карыя ндан жай суроого өтөт:

— Кайсы элдин кулунусуң? Кайсы жердин кыргыысың, уулум?

— Соовайдан болом, ата, — деп Бөрүбай дароо жооп ерет.

— Анда өз боор экенсиң. Кечээки казатта силер тараптан жардам келбей биз көп өксүдүк. Дагы да болсо кыпчак боордошторубуз ишке жарады. Туу жыгыларда ошолор жетип келип, абийирибиз жабылды. Калмактарды кууп чыктык куттуу конуштан. Жеңиш, мөөрөй оңойго турган жок, уулум. Канча бир нур жигиттерибиз шейит болду. Мен өзүм эки көк жалымдан ажырадым. — Карыя тунжурай түшөт.

Катары менен эки уулунан ажыраса да, кайратынан жанбай, мөгдүрөбөй, аңгеме салып отурган карыяга Бөрүбай кайрат айткан болуп, алдына келген кымыздан кылдат жутуп, курут кошулган жууган майдан кичине ооз тиет да, өзүнө сый көрсөтүп жаткан кызга алдыртан көз кырын салат. Жүзүнөн нуру төгүлө, олоң чачы жер чийген кыздын бойго жетип турган чагы экен. Ошо кезде карыя буйрук бере сүйлөйт.

— Арзыгүл балам, тышта ким бар экен? Айт, мейманга казан ассын.

Үлбүрөгөн сулуу кыз эшикке чыгат. Мейманга казан ас деген сөздү карыя сыпайкерчилик үчүн айтпаганын Бөрүбай түшүнөт да, каршылык кылбай дымый түшөт. Улуу киши айтып жатканда сөз талашпай, үнчүкпай угуп олтуруу ал кезде салт болгон. Аксакалдын сүйлөгөнүн эч ким эки кылган эмес анда. Илгертеден элибиз сөзгө маани берип, сөздүн кунун баалай билишкендиги менен айырмаланган, балдарым. Сөзгө жыгылбаган, сөз жебеген адамды эл сыйлаптырбы... Ажо атанын сөзүнө карк болгон Бөрүбай эшикке чыкса, күн кечтеп калган экен дейт. Ал ошол өзү кирген чоң ак боз үйдүн туура жагындагы жапсардагы чоң айылга көз чаптырат да, айылдан кеткиси келбей бир аз туруп кайра кирет. Тамак желип бүткөнчө күн кечтеп, кечинде кайрадан кой союлат. Ошентип, ал түнү бул меймандос айылда конуп калат Бөрүбай. Айыл карыяга таандык, карыянын аты Самат ажо экен. Журт ээси аксакалды ал кезде Ажо дешкен.

«Ай дээр Ажосу жок, кой дээр Кожосу жок» деген макал да ошондон калган го. Айтымына караганда, ошо жолку майданда карыя өзү туу башында туруптур. Майдан кызуу жүрүп жаткан жерден чабарман келип,

уулуң Аккочкор баштаган кол жыгылды. Аккочкор
дү деп кабар бергенде карыя: «Аккочкор өлсө Каң
бар, ааламга жетер баркым бар!» — деп кичүү
Каңкыны баш кылып жоого каршы айдаган дейт. А
ры Каңкы дагы найза жеп, кол башчысы жок эл
эте түшкөндө, Самат карыя өзү туу баштай калмак
га каршы туруп, аларды касиеттүү ата-конуштун ч
нен ары өткөзө кууп таштаптыр.

...Уйкуңар келген жокпу, балдарым? Мейли, уйку
келбесе, мен жомогумду уланта берем. Түн бакырд
Эмики сөз Бөрүбай эрдин кантип Арзыгүл сулууга аш
болгону жөнүндө...

Айтса балдарым: өлүм менен өмүр, күлкү менен
гы ар качан бири-бирине тең орток. Акырындай о
аза күткөн айылга үйүр алып, баягы бир көргөн п
зат Арзыгүлдү сүйүп калат Бөрүбай. Мен силерге
йүү-ашыктык деген сыйкырдуу дарттын табиятын
мелегим келбейт. Аны өз башыңардан кечиргенде
шүнөрсүңөр. Негизгиси, ашыктык жөнүндө ушу к
чейин эч ким жеткилең жооп бере электир. Анын та
тындай татаал не бар дейсиң. Болбосо, Самат ажо
кенже кызы Арзыгүл жалаң атчан, жалаң тончон Б
байды жактырып калат беле. Кызга жан оту ме
ашык болгон Бөрүбай, Самат карыянын айлына б
толо байланган го... Адегенде муну эч ким элес алб
Бир бечара жигит жүрөт да айылда деп тим коюш
окшойт. Кийинчерээк, бир жылдан кийин Самат
уулунун ашын берип, кыз-кыркыны менен жесирлер
башындагы карасы алынат. Мына ошондо Бөрүбай
нен Арзыгүл ачыкка чыгышса керек. Сөз Саматтан
да, анын тун уулу Ибрагим бекке жетет. Селсаяк жи
тин дымагына Ибрагим таңгалат. Баш чайкайт. Ал
лигине, өкүмүнө салып, жалгыз бой эмени айлы
кууп чыгып же өлтүрүп койсо деле эрки жетмек.
сынын көзү турганда батына албай, бир жолу жай
сып барып, Ажонун үстүнө кирет да, өзү уккан окуя
нүндө сөз катат. Самат ошо замат Бөрүбайды чак
тат да, бир аз унчукпай отурган соң кейиген экен.

— Олдо, уулум, ай! Дымагыңа чактап иш кылс
болмок. Эрдин дымагы эмнелерди гана кылбайт. А
рок дымакты, көкүрөктү акыл-эс бийлейт. Ошону кант
эстен чыгардың, уулум...

Айласы кеткен Бөрүбай сыңар тизелей калып, жал
нып жиберет:

— Ажо ата, мен улагаңдагы кулуң болуп берем. Б
шым тартуу.

Ибрагим бек мыскылдайт:

— Сенден башка да кулдарыбыз жетишет...

Эстүү карыя жигит сынып калбасын деп уулун акырын зекийт.

— Кулуң болом деп айтпа, шордуум. Бек айлы кулга кыз берчү беле. Андан көрө сага арка болчу урук-туугаың, элиң барбы? Ким келет кепил болуп?..

— Коколой башым, жалгыз атымдан башка мага арка болор эч кимим жок, ата. Бирок колумдан баары келет...

— Келгенде кандай?

— Мен колумдан көөр төгүлгөн устамын.

— Анын го дурус экен. Негизгиси, сени менен бет маңдай келип, улуу иштеги салтты бузуп жатабыз. Кай салтта бар эле жигит өзү келип кыздын колун сураганы...

Ушу жерден Ибрагим бек тамаша-чындын ортосунда бүтүм чыгарыптыр:

— Ата, бу азамат өз дымагына ишенбесе Арзыгүлдүн колун сурайт беле. Карындашымды бул жолу мен билейин...

Уулунун бир амалы бар экенин түшүнгөн карыя баш ийкейт.

— Айт балам, айта бер. Менин да ичер суум аз калды. Эчкинин жашындай жашым бар. Мындан ары журт эгеси өзүңсүң. Сен кандай айтсаң, биз макул...

— Арзыгүлдүн калыңы үч миң кысыр калды кой, ичинде жүз кулүгү бар, тандалган миң жылкы, жүз каймал төө. Анын ичиндеги беш төөгө кылторкодон тартып, жибек-бейкасамга чейинки не түркүн дүнүйө жүктөлгөн жүгү болсун. Мына ушуларды таап келсе, Бөрүбайга Арзыгүлдү аттантып жиберебиз...

— Айтканында өөн жок, уулум. Эр жигит үчүн ушу кеппи. Түрүлүп-качып бараткан калмакка бир жолу чыгынып койсо, табылчу дүнүйө экен да ал.

Самат карыя жамбаштай берип унчукпай калат. Ал биринчиден Бөрүбайдын үмүтүн үздүрүүдө мындан башка айла жок экенин түшүнсө, экинчиден «андай кыйын экен тапсын» дегендей аны сынайт. Негизгиси, жооптун жумшагы, сыпайкерчиликтүүсү ушул эле. Катуу сөз айтылып, жигиттин шагы сынган жок. Өздөрү да жаманаттуудан алыс болушат.

Анда Самат жаман экен дейсиңерби... Самат жаман эмес, балдарым. Ал канчалык баатыр, адилет болсо да, өз доорунун кишиси. Ал кезде: «Каадасыз кыз болсо да, калыңсыз кыз жок» деген макал бекеринен айтылган

бекен? Анын үстүнө Самат бир элди бүтүндөй бийле журт ээси. Сөздүн кыскасы, анча калыңды Бөрүбай дан табат эле. Жигиттин айласы кетип жүргөндө, А гүлгө бычылган калың жалпы журтка тарайт да, бир лу Самат баатырдын айылын жакалата мал айдап, Алайдын койнунда жашаган атактуу Баргы элинин тысы Жоору келген дейт. Кол куушура салам ай тизе бүгө ийилген Жоорyну Самат жакшы кабыл а Коно жатып, мейман болот. Ызаат-сыйга карк бо меймандан «кандай жумушуң бар эле?» деп Самат тыр сурабайт. Кийинки күнү ал өзү сөз салат:

— Айлыңызга бекер келген жокпуз, баатыр.

— Түшүнүп отурам. Чыгынып келиптирсиң. Себ бардыр...

— Сөздүн ток этер жери баатыр Арзыгүлдүн к сурап келдик.

Самат ойлоно калып, Жоорyга назарын салат:

— Кыз бала сурагандыкы. Кадыр-көңүл жараш

— Биздин кадыр-көңүлдү жараштырчу сиз быч калың. Чыпчыргасын коротпой, айлыңыздын этегине рүп, сүрүп айдап келдик. Калган сөз өзүңүздө.

— Жоору баатыр, билсек болор бекен? Беш уу бар деп укканбыз. Кызымдын колун кимисине су келдиң?

— Самат баатыр, мен Арзыгүлдүн колун өзүмө рап келдим. Айып этпе...

Ошондо Самат Ажо бир чети чочуп, ачуулана Жоо ну үңүлө тиктептир.

— Жаңылбасам, сен экөөбүз чамалашпыз. Жашы элүүдөн ашты. Бойдок уулдарың турганда, кызым колун өзүңө сураганың кандай?

Жоору дароо жооп айтат:

— Баатыр, сиз кызыңыздын калыңын бычканда, күйөөнүн жашын кошо бычкан эмессиз. Өзүң айткандай эр ортону элүү жаш. Мен жаңы эле элүүгө толдум. Ал эми үйлөнө элек уулдарымдан кам жебеңиз. Кудалашкан жери бар. Баатырдын сөзү эки болбойт, биз дагы элдин салтын билебиз...

Эң мурда айттым го, сөзүнө ээ болбогондорду илгеркилер жектешкен. «Адамдын сөзү өлгөнчө өзү өлсүн» — деп бекеринен айтылбайт. Анын үстүнө Самат эр киши. Бир журтчулуктун Ажосу. Ал өзү да бекеринен жаман аттуу болгусу келбейт. Жоору да Саматты катуу жерден кармады го. «Аттиң» деп ичинен өкүнгөн Самат жигиттерине буйрук бериптир.

— Алып келген калыңынан өөн издегиле. Бир жеринен кынтык табылса, малы тескери айдалсын.

Жоору да бекеринен чыгынды дейсиңерби, балдарым. Алып чыгаарда, айдап чыгаарда жүз өлчөп, бир кести да. Саматтын жигиттери Жоорунун калыңынан эч кандай өөн таба албай, кайра өзүнө келип айтышат. Ал аргымагын минип «ууга» деп айылынан чыгып кетээрде: «Кызымдын көз жашын көрбөйүн. Ыйлаганын укпайын. Тагдырына буйруганы ошол. Атказып жибергиле» — деп бастырып кетиптир.

Ошентип, кыз чалга катын болдубу? Катын деген орой сөз, Эсентур. Аялы же жубайы деп сура мындан ары. Кыз ыйлап, тытынган менен айласы канча. Доор ошондой. Ал кезде салтка, адатка баш ийбеген эч жан болбогон. Анын кан какшап көшөргөнү менен кимдин иши бар. Арзыгүлдү даярдай башташат. Ошо кезде Бөрүбай кайда экен? деп сурабайсыңарбы андан көрө. Айласы түгөнгөн жигит, эптеп да болсо кызга жолугууга аракеттенет. Кыз болсо кайтарууда, көзөмөлдө. Ала качып кете албасын түшүнөт. Кабыргасы кайышып, намысына чыдай албаган жигит түн ичинде келип, карт күйөөнүн жүрөгүнө канжар уруп, өзү айылдан чыгып кетиптир. Ырас, ошону менен Саматтын айлы кунга жыгылат. Ал эми сүйгөнүн картаң эрге тийүүдөн куткарган Бөрүбай, баарына кайыл болуп кете берген дейт.

Ушу жерден жомогумду токтото турайын. Калганын башка түнү уккула. Уйкуңар келип турат сыягы. Кана эмесе уктайлык, балдарым. Жаттым тынч, жаздыгым кенч. Көзүңөрдү жумгула. Жок, аягына чейин угабыз. Мына тамаша! Эсентур, сенчи? Уктай элекмин. Мага эмне, уйкуңар келбесе айта берем. Баса, жомоктун кызык жери азыр башталат. Андай болсо Бөрүбайдын жыландын кызына жолуккан жеринен баштайын...

* * *

Ошентип, Ой-Кайыңга качып келген Бөрүбайдын изи сууп, бир нече жыл өтөт. Жигит элге алынып кетсе да, эмнегедир өзүнчө өгөйсүй той-тамашаларга аралашкандан качып, ар дайым жалгыздап оолак жүрөт. Көтөрүп алган боз үйүн да айылдан четкерээк тигет. Айттым го, башында анын кесиби жөнүндө. Жасаганы боз үйдүн сөөгү: кереги, уук, түндүк; ошо менен катар зергерчилик да кылат. Неси болсо да, колунан көөрү төгүлгөн устаны эл кадырлайт. Жасаган иши үчүн сугалактык кылып соодалашпайт. Кол акысын кесип-бычпай бергендерин алат. Ачылып сүйлөбөгөн момун

жигиттин топуктуулугу көпчүлүккө жагып, анын ү-лөнбөй салт жүргөнү, түркөйлүгү акырындап ар ки-дердин көңүлүнө илинбей, жергиликтүү элге сиңип ка-ган кези болчу.

Ошол жылдар аралыгында Бөрүбай ирденип, ма-күтөт. Өткөн-кеткен соодагерлерден үй тиричиликке к-ректүү дүнүйө чогултат. Жууркан-төшөк көктөтүп, а-кийиз, өрө кийиз жасатып алат. Эрте-кеч кереги тие-дегендей, ал өзүнчө эле аялдын бир сандык кийим-кеч-син жыйнайт. Мунун баарын чогултуп жүргөндө үйл-нүп, турмуш курам деп деле ойлобойт бечара. Сүйг-нүнө жетпей калган соң аял алуу анын санаасына ки-беген жорук сыяктанчу. Ошо кезде жигитте дагы б-жаңы өнөр бүтөт. Жаш кезинде атасы ага чоор жаса-берип, чоордо ойногонду үйрөткөн. Мына ошол өнөрү-нүн пайдасы эми тиет. Мурдараак ага анча кызыкпас-эми жалгыз боло калганда чоордо ойногон сайын жан-жыргап, бүткөн бою балкый, бугу чыгып, кадимкиде-алаксып, жеңилдеп калчу. Мурда ал чоорду ар дайы-талдын жаш бутагынан жасачу. Бара-бара ойноп көрү-анын да сырын алат. Өзгөчө чогойно менен тобулг-жана аса-муса жыгачынан жасалган чоордун үнү же-ңил, кооз чыгарын билет. Чоордо ойногон сайын жиги-өзүнүн жалгыздыгын унутат. Ошентип, барган сайы-анын бирден бир эрмеги, жан досу — чоор болот. Чоо-менен жигиттин жан дүйнөсү бир. Ал экөө мундаш-Жалгыз бой жигитке мындан өткөн жолдоштун, эрмек-тин кереги эмне.

Ошондой абалда жашап жүргөн Бөрүбайды бир кур-дай анын өзүнө окшоп дайыма дөңдө жалгыз отурчу Бакалбай деген куучу жанына чакырат. Бакалбай айылдын карысы. Эл бир чети анын карылыгын сыйлаcа, экинчиден аны куучу, сыйкырчы деп чоочулай турган. Ал эмчи-домчулук кылып дартка чалдыккандарды дарылаcа, кээде элди тегерегине чогултуп алып комуз чертип күлдүрүп, бирде бийлеп куудулдук кылчу дейт. Өзгөчө ал боз үйдүн ичинде бакшы бийди бийлегенде төбөсү түндүккө тийип, кайрадан коломтодогу отто кып-кызыл болуп ысыган орокту ала коюп шыркырата тили менен жалап, кээде кадимкидей кор кечип ойной, элдин жүрөгүн түшүрчү. Ал эми жайдын кечинде карыя ар дайым дөңгө чыгып кылкылдап батып бараткан күндөн көзүн албай комуз чертип, өткөн-кеткендерди, жок издегендерди өзүнө чакырып коюп, ал-жайын сурай, кайра анын жоготкон малы кайда жүргөнүнө чейин ай-

тып берип, ал жерден каш карайганча түшчү эмес экен Бакалбай.

Бул жолу жанына келген Бөрүбайдын саламына акырын баш ийкеп коюп Бакалбай черткен күүсүнүн аягына чыкмайынча унчукпаптыр. Качан күү бүткөндө комузу тирүү-жандан бетер аны аярлай чоң ташка жөлөп коюп: «Күүнүн башы Камбаркан» — деген ушул деп кеп баштайт. Адегенде ал Камбаркандын чыгышы менен Камбар атанын тарыхын айтып келип, жөлөнүп турган комузун көрсөтө баян этет.

— Кыргыз — кыргыз болуп жаралганда эле теңирим анын колуна комузду кошо берген, уулум. Билсең, мен сага комуздун сырын, санжырасын айтып берейин деп чакырдым. Көкүрөгүңө түйүп кой: кыргызга жашташ кары комуз — жашоону, тирүүлүктү күүгө салат. Комуз өмүрдү даңазалайт. Жашоодо, өмүрдө туулмак бар, өлмөк бар. Өлүм менен өмүр бар жерде кайгы жана кубаныч, өкүнүч тең орток. Андай болсо, комуз күүсү — адам тарыхынан, анын бүткүл турмушунан кабар этет. Комузда айтылбаган, комуз күүгө салбаган эч нерсе жок. Элестетип көрчү: комуз күүсүндө күлкү-тамаша, оюн-зоок, кайгы-капа, ашыктык-арманга окшогон деги, адамдын жашоосуна, тирилигине тийиштүүнүн баары бар. Мындайча айтканда балам, комуз — тирүүлүктүн аспабы. Адам өлүп, денеси көр алдында калат. Жаны тиги дүйнөгө кетет. Ал эми комуздун өзү баш болуп, анын күүсүнө чейин бул дүйнөдө, жарык дүйнөдө калат. Комуз жарык дүйнөдө жашаган бээжай адам менен кошо жашап, калган урпактарга сырын ачат. Кыргыз кыргыз болуп турганда, анын үнү шаңкылдап эч качан өчпөйт. Элибиз канча жашаса, ал ошончо өмүр сүрө турган касиетке ээ...

Карыя Бөрүбайды тиктей берип: «Кана, алдагы койнуңдагыны алып чыкчы», — деп колун сунат. Бөрүбай чоорун койнунан сууруп чыгып, карыяга сунганда ал албайм дегендей баш чайкап коюп, эми чоор жөнүндө сөз салат.

— Андай экен, эми мен сага чоордун сырын чечмелеп берейин. Ошондо гана сен, балким чоорду колуңа албассың. Түшүнсөң чоор — комуз эмес. Чоор — жаннаттын аспабы. Ал бу дүйнөгө да, тиги дүйнөгө да таандык. Мындайча айтканда, уулум, чоордун жаны бар. Аны адамзат такыр билбейт. Бирок негизинен чоор — тирүү аспап. Анын тарыхы мында: ээ качандыр бир кездерде, Кудайым жер-сууну, отту жана жан-жаныбар-

дын баарын жасап болуп, эң акырында Адам ата менен мама Хаваны жараткан дейт.

Медер, дагы оюмду бузуп, сурап жибердиң ээ. Д... гинкиси, сураганыңдын да жөнү бар. Илгери айткандарым эсимден чыгып кетиптир. Мейли анда түшүндүрө йүн. Мына бул тырнактай иниң Эсентурдун көөнүнө ке... жетпестир. Ал болсо сенин курагыңа келгенче түшүнү... калар. Биздин элде илгертеден эле Адам атаны — Адам ата, Еваны — мама Хава дешкен. Көп эле ала... ды кылбай угуп тур, балам. Мама деген кыргыздын эзелки — түпкү сөзү. Илгертеден энени элибизде Мама дешкен. Кийинчерээк ал сөз акырындай эскирип аялдын эмчеги деген мааниге өтүп кетпедиби. «Ак мамаңды эркелеп эмдим эле, энеке». Болбосо кыргызда «Мамаке, Мамасадык, Мамажусуп, Мамаш, Мамаша деген толуп жаткан аттар кайдан чыкты дейсиңер. Демек, «Мама» деген биздин түп сөзүбүз, төл сөзүбүз. Баса, Каба-Хаба деген ат да эл ичинде көп кездешет. Эми мен Бакалбай карыянын аңгемесин улантайын...

...Ошентип, Кудай Адам ата менен мама Хаваны жасап алып, аларга жан сала албай кыйналыптыр Кандай аракет кылса да алар жансыз кыймылдабай сулк жата берген дейт. Нечен аракетке түшүп, Кудайдын айласы түгөнөт. «Капырай, башка жан-жаныбардын баарына оңой эле жан салбадым беле», — деп өзү Кудай болуп туруп алсыздыгына таң кала, бир чети айласы кетип, шалдая туруп калат. Эми эмне кылмакчы?..

Бир кезде Кудай эригип отуруп, жанында өсүп турган чогойнону кесип алып, эки жагын таарыйт да, акырын ооз учуна жакындата үйлөп көрөт. Үйлөгөн сайын сонун, сыйкырдуу кооз үн чыгат. Адам ата менен мама Хавага жан кире, алар кыймылдай баштаган экен. Качан аларга толук жан кирип, экөө тең көзүн ачып, дүйнөнү таңыркай, сонуркай карай бергенде, Кудай көздөн кайым болот да, баягы чогойно түтүгүн унутуп коёт. Адам ата менен мама Хава кол кармаша так секирип, дүйнөнүн коздугуна, сонундугуна канбай көпкө ойношот, көпкө убараланышат. Акыры Адам ата унут калган түтүктү кокусунан колуна алып, үйлөйт. Үйлөгөн сайын кооз үн чыгат дейт. Кызыга түшкөн эки жан отуруп алышып, жөнөкөй көрүнгөнсүгөн ошол сыйкырдуу чоордо ойной беришиптир. Байкашса, туш тарабындагы агып жаткан дарыялар токтоп, шамал жүрбөй, дарактар да кыймылсыз, ал эми жан-жаныбарлардын баарысы тең аларга жакын келишип, селейген-селейген боюнча туруп калышыптыр. Ажыдаарлар баштарын көтөргөн бой-

дон алардан көзүн албай элейишсе: арыстан, жолборс, аюу, кийик маралы баш болгон канаттууларына чейин Адам ата менен мама Хаванын бийлигинен чыга ала турган көрүнбөйт. Алар кайда карап, кайда басышса ошоякты карай ээрчий аракеттенишкен эрксиз, кудуретсиз, макулукка айланышкан экен го...

Мунун баарын көрүп, байкап отурган чоң Кудай өзүнүн кетирген кемчилдигин дароо түшүнөт да, Кыдыр Илясты жанына чакырып алып:

— Кудай башым менен катуу чекилик кетирдим, — деп өкүнгөн экен.

— Ээ, кудурети күчтүү жаратканым, аныңызды кандайча түшүнсөк?

Кудай сүйлөйт:

— Мына бул экөөнү жакшылап байкачы, Илясым. Калган сөздү анан айтам.

Кыдыр Иляс аларга бир аз көз салып туруп жооп берет:

— Көрүп турам, Азретим.

— Андай болсо билип ал: бул экөө менин кудуретимден жаралгандардын ичиндеги эң aруусу, баалуусу жана сүйкүмдүүсү. Буга чейин мен мынчалык татына, суктанарга арзырлык эч нерсе жарата элек болчумун.

Кыдыр Иляс кадимкидей таң калат:

— Кызык, бул макулуктарда суктанарлык кандай касиет бар?

— Жакшылап байка, Илясым.

— Карап эле турам, Азретим. Бирок бул экөөнөн көзгө урунтуктуу, көңүлгө толорлук жүрөктү элжиреткен эч нерсе таба албадым.

Чоң Кудай кебелбейт:

— Койчу, жакшылап тикте. Менин көзүм менен карап көр.

Аларды канчалык тиктесе да купулуна эч нерсе толбогон Иляс мурдагы оюнан баш тартпай дагы эле өзүнчө ой жоруйт:

— Сиз жараткандын баары сонун. Аларга суктангандан мен эч тажабайм. Мени жазага тартпа, мени кечире көр, жаратканым. Эгер туура көрсөңүз, оюмду айтып калайын...

— Айтып кал. Тартынба, Илясым.

— Аруу деп, кооз деп мына буларды айт. — Иляс куланды, жейренди, эликти көрсөткөн экен ошондо. Тулку деп ушулардыкын айт. Буттарын, кулактарын, баштарын карачы. Тиктей берип көз кумарың канбайт. Тим эле чыдабай кетип кучактап өпкүң келет...

— Чын элеби? — Кудай Кыдыр Илясты таң ка-тиктейт.

Кыдыр Иляс эми Арстанды, Жолборсту, Илбирс-Ажыдааларды көрсөтүп ого бетер эргийт:

— Сулуу деп мына ушуларды айт. Биринен би-өтөт. Караган сайын көз тайгылат. Жүрөгүң жибип, к-ңүлүң көкөлөйт. Чынын айтсам, мына бул макулукт-рың мага жаккан жок, Азретим.

— Эмнеси жакпайт алардын? — Кудай да таң ка-ганын жашырбаптыр.

— Буттары айры, ырайы суук. Денелеринде ылай-түгү жок. Сүйрөлүп, сүйрүйүп деги эле кейиптерин-жаманын айтпа. Колдору кыска, кулактары мулу-Тиштери да кыска экен. Деги буларыңыз кантип кү-көрүп, кантип жан сактайт. Ысыкка чыдабай, суукт-тоңуп өлөт. Ушу жагын ойлогон жоксузбу, Азретим?

Кудай ошондо атайын эле текеберчилик кылган дейт.

— Мына бул кооз дүйнөнүн ээлери — мындан ар-ушулар. Буларда акыл бар, аң-сезим күчтүү. Билип кой-булар кызыл жабар түктүн не түрлөрүнө чейин өздөрү-табышат. Кызыл жабарды алар каалагандай коозлоп-аземдей алышат. Булардын сулуулугу, күчү жана кура-лы да акылында. Аларга жей турган тамакты, кызыл жабар кейипти акыл-эс берет. Канчалык ойлонуп, эм-гектенип, жан кыйнаган сайын алардын күчүнө күч ко-шулат. Тиштин курчун, тырмактын узунун, курал-жа-рактын эң бекемин да алар акыл менен табышат. Ти-рүүсүнгөндөрдүн арасында мындан ары булардан өт-көн алдуу-күчтүү, айлакер эч жан чыкпайт.

— Буларыңыздын аты-жөнү барбы, Азретим?

— Бар эмей, буларды адамдар дейт. Мындан ар-булардан өздөрүнө окшоп көптөгөн айры буттар тарайт. Ошондо көрүп ал...

Кызыга түшкөн Кыдыр Иляс:

— Азретим, макулуктарыңыздын ошо жагы кызык экен, — деп Адам ата менен Хава мамага жан тарткан тура.

— Булар акыры жүрүп отуруп отту табышат. Ошон-до сен кооз деген мына бул дүйнөдө жаңы учур башта-лат.

Кыдыр Илястын өзү да анда «от» деген эмне экенин билчү эмес, балдарым. Ошондуктан ал сураптыр:

— От деген эмне, Азретим?

Ал аңгыча күн катуу күркүрөйт. Чагылган чарт-чурт этип, анын огу чытырман токойго келип түшсө керек. Токойдон өрт чыгат. Алоолонгон кызыл жалын Адам

та менен мама Хава отурган жерди көздөй улам жакындай берет да, ал бет алдындагынын баарын мойсоп өлтүрүп, тигил экөөнү тең оп тартып кетерде Кыдыр Илияс кыйкырып жиберген экен.

— Теңирим, баары жексен болот. Токтот, капырыңды!

— Шашпагын, азыр көрөсүң баарын, — деп Чоң Кудай кайрадан өрттү тиктеген бойдон кыймылдабайт.

Ал аңгыча Кыдыр Илиястын өзү кызык окуянын күбөсү болот. Алоолоно каптап келаткан кызыл жалын тигил экөөнүн жанына жетип-жетпей токтойт да, же өчүп калбай, же дуулдап күйгөн бойдон чоор ойногон экөөнү каптап кетпей, алар кайда басса ошоякка октос бере ээрчий, тиги экөөнүн эркинен чыкпай тура бериптир.

— Мына көрдүңбү? — дейт Чоң Кудай. — Жада калса менин эң күчтүү куралым, чагылгандын оту да экөөнө баш ийди.

— Ага эмне үчүн капа болосуз, Азретим! Кайра жакшы болбодубу!

— Баятан бери өкүнүп олтурганым бекеринен дейсиңби? Жок, мен кокусунан булардын колуна өтө коркунучтуу жарак берипмин. Аны мен азыр гана түшүндүм...

Чоң Кудайдын айтканын түшүнбөгөн Илияс дагы сурайт:

— Сиз айткан коркунучтуу жарак кайсыл?

— Ал жарак — тетигил адамдын колундагы карапайым көрүнгөн түтүк. Аны аты — чоор.

— Чоор дейсизби? Эң сонун жарак тура! Аты да кооз, үнү да кооз. Мынчалык сыйкырдуу добушту мен эч качан уккан эмесмин.

Кудай кейигенсийт:

— Коркунучтун баары чоордо. Ал адамдын колунда турганда жансыздын да, жан-жаныбардын баарында күн жок. Анда алар тигил экөөнүн кулу болот да калат. Карачы, каардуу деген чагылгандын оту да тигилерге каршылык кыла албады. Чоор колдорунда турганда жан-жаныбардын баарысын алар каалагандай бийлешет. Эмгектенгенди унутуп, жалкоо болушат. Жан кыйнабай дүнүйө тапкан жерде адамдын акылы мокойт. Алга жылуу, өсүш токтойт...

— Азретим, анда бул макулуктар кантип күн көрөт? Асманда жүргөн отту кантип багынтышат?

— Мен аларга эч жанда жок акыл бердим. Ойлонуп, эмгектенишсин. Ошондо алар отту да табышат. Сонун-сонун шаарларды курушат. Эмгек бар жерде гана тур-

муш ыракаттуу болот. Өздөрүнүн жаны ооруп кыйн
майынча башкалардын кыйналганы менен иши болб
адамдын. Жан кыйнап мээнеттенмейинче адам туку
жакшырбайт. Алар үчүн өмүр сүрүү кызыксыз боло

— Андай болсо буйругуңуз барбы, Азретим? М
дагы сиздин бир макулук, аткарууга даярмын.

— Сен азыр барып, Адам атанын колундагы чоор
жанын алып тын. Ал эми анын тулкусу, өзү алард
колунда кала берсин. Ошондо гана чоор алардын эмг
тен чарчаган кездеринде көңүл жубатчу аспабына ай
нат.

Айткандай эле Кыдыр Илияс Адам атанын жаны
барып:

— Кана, алдагы түтүгүңдү мага берчи. Мен дагы о
ноп көрөйүн, — деп сураган экен.

Чоор колуна тийгенде Кыдыр Илияс аны ээрди
такай үйлөмүш болуп ойноп көрөт да, түтүктүн үнүн г
на калтырып, анын сыйкырын, жанын өзүнө оп тарт
алып коёт. Адам ата чоорун кайра алып үйлөп көрө
Андан баягыдай эле кооз үн чыкканы менен үн өздөр
нөн башкаларга керексиз болуп, жан-жаныбардын ба
рысы өз жайларына тарайт. Шамал да мурдагысында
жүрүп, дарыялар да өз-өз нугу менен ага баштапты
Ал эмес чагылгандын огу да аларга туткун болбой көк
кө учуп кеткен дейт.

Ошентип, Бакалбай чал чоор туурасындагы аңгем
син бүтүп, Бөрүбайды тиктейт.

Бөрүбай болсо карыянын сөзүнө анчалык ишен
бербей:

— Мен чоордун сиз айтканчалык касиети бар экен
дигин билген жок элем — деп, басып кетмекчи болгонд
чал ага кайрадан эскертет.

— Карынын кебин капка сал, уулум. Мен сага бе
керинен кеп уруп жаткан жокмун. Чоордо ойногонунд
мындан ары токтот. Болбосо бир балээге кабыласың
Кыдыр Илияс чоордун сыйкырын алып койгон деп эс
керттим. Бирок баары бир ал жаны бар аспап. Айтты
го башында: чоор жаннаттын буюму. Зериксең, кус
болсоң комузда ойногонду үйрөн. Комуз черт.

Бакалбайдын айтканына ыза боло мулуйган Бөрү-
бай жооп бербестен бастырып кетмекчи болгондо, чал
анын артынан кыйкырып калат.

— Балам, чоордо ойногонуңду токтот. Дагы айтам,
сак бол...

* * *

Анан Бөрүбай чоордо ойногонун токтотуптурбу? Сурооң туура, Эсентур. Кептин баары Бөрүбайдын чоордон ажырабагандыгында. Байкап атам, жомогум силерге жага түшкөн сыяктанат. Андай болсо, мен уланта берейин. Ошентип койнуна катылган чоорун ал үч күнгө чейин колуна албайт. Бирок жалгыз бой эме аябай зеригет. Ойноюн десе карыянын сөзү эсинде. Неси болсо да Бакалбай куучу укпаса болду да деп ойлогон жигит бир жолу айылдан алыс оолактайт. Жалгыз гана муңдашы — чоор, ал койнунда. Бөрүбай Чүмкөк деген жайлоонун этеги чендеги чытырман токойго кирип алып ойной берет да, акыры иңир кирип каш карайганда гана үйүнө келчү экен. Бир жолу токойдон кайтып келатса, жолундагы көк жондо олтуруп алып, кылкылдай тоодон ары батып бараткан күндүн кызылынан көзүн албай Бакалбай чал комуз чертип отуруптур. Буйтап өтө албай жигит ага кайрылып салам айтат. Акырын баш ийкей алик алган куу чал ошол комуз черткен боюнча өзү менен өзү сүйлөшөт:

— Атаңдын көрү арман күү. Көр четине дагы бир кадам жакындадык. Тууладум — өлдүм деген кеп чын тура..

Карыянын сөзүнө Бөрүбай кадимкидей наараазы болуптур.

— Жарыктык, баткан күндү, өткөн өмүрдү эсептеп санаркайсыз. Ушундай да жашоо болобу... Мен сизге таңмын. Өлүмдү ойлобой, эч нерседен капарсыз жашагым келет. Чыккан күнгө бой балкытып, кубангым келет.

— Өлүмдү ойлобогондук — жашоону урматтабагандыкка жатат. Жаман айтпай жакшы жок, уулум. Куз гундун жашына келген карыянын тилин албай, чоордо ойногонду токтотпой, өз билгениңди кылдың. Мейли эми, айла жок. Сен барган жердин аты — Жыландуу. Ал жер — жыландын ордосу. Кандай күнгө туш болор экенсиң, бечарам. Билип кой: сенин чоорундун үнү, муну жана өзүңдүн күйүтүн жыландын да боорун эзет. Бар, бара бер. Бешенеңе жазганды көрөсүң да...

Ошо бойдон Бөрүбай да жүрүп кетет. Ал бул жолу да чалдын сөзүнө маани бербейт. Бул жолу да капарына эч нерсе албайт. Жайлоонун толуп турган кези. Жүрөгү алып учуп, белгисиз кубаныч көңүлүн көтөрөт. Жашоого болгон кумары тарабачудай. Өмүр сүрүүнүн кызыгын бүгүн сезгенине өзү да аябай таңгалат.

* * *

Бул жолу Бөрүбай керели кечке тынбай иштеп, т кыркат. Түндүккө, кереге-уукка ылайыктуусун өзүн ылгап, тез кургап жарактан чыкпасын деген ойдо к лөкө жерге жыят да, жай отуруп ала келген азыгын ж болгон соң, асман мелжиген кызыл карагайдын түбү олтуруп алып, чоордо ойноп кирет. Ойной берет, ойн берет. Ойногон сайын туулуп өскөн эли-жери, сүйге жары Арзыгүлдүн ай жамалы көз алдына тартыла, кы дын элеси, жыпар жыты өзөгүн өрттөгөн Бөрүбай үрг лөй түшөт. Иштеген кызматы жана кусалыктан башк көргөн күнү жок шордуу башка эмне кылмак. Ал ке кирген ченде гана көзүн ачып, ордунан турса керек. Й кип-калкып дегендей жай жүрүп олтурса, күүгүм чен түнөгүнө жетерин билет. Ашыкканда да аны күткөн э ким жок. Көк жашаңга тойгон тору аты нары жакта ык сырап, үргүлөп ээсин күтүүдө. Бөрүбай атын токуп ми нип, бастырып кетмекчи болгондо, туура жагындагы жаш кырчындын арасынан «Жардам, жардам» дегендей кыздын ичке үнүн кулагы чалыптыр. Аты бышкырып ке- тенчиктегенине карабай жигит ошол үн чыккан жакты көздөй бет алмакчы болот. Жакындай бергенде үн шар- кыратманын ары жагындагы эчки талдын арасында экенин билип, аттан түшөт. Тизгинди бош коё берген ар аркы өйүзгө секирип өтөт да, кайра бет алдың тике ка- рай албай кетенчиктей бериптир. Ооба, балдарым. Эс кертип коёюн, ошол тал түбүндө олтурган кыз бал энеден туума жыланач экен дейт. Ошондо кызга дал сын салып, дит багып карай албаган Бөрүбай сурага тура:

— Сени ыза кылган ким, карындашым? Ушул абал кандайча туш болдуң?

— Мени эч ким ыза кылган жок, байке. Жайымд анан түшүндүрүп берейин. Андан көрө, мени эптеп кы зыл жабар кылыңыз...

Кыздын айтканын дароо түшүнгөн Бөрүбай атыны жанына чейин чуркап барып, жаанда чүмкөнчү таар чапанын алып жетип келет да, аны кайра кызды көздөй болжолдоп ыргытып жиберет. Кыз чапанды желбегей жамынган соң:

— Эми бери өтүп сөзүмдү ук, байке, —деп өтүнөт.

Бөрүбай жанына келсе, кыз ал ойлогондой таптакыр эле жыланач эмес экен. Анын өрүлбөгөн капкара олон чачы бүтүндөй денесин жаап, чапандын этегинен аша, кыздын буттарынын согончогуна чейин жетип турганына таң калат. Кантсе да жигит кыздан: «Атың ким? Бул

ахывалга кандайча туш келдиң, карындашым?» — деп экинчи жолу суроого оозу барбай, кыздын мынчалык сулуулугуна суктана берип, өзүнөн өзү селт эте чоочуйт. Анткени кыз бала качанкы өзү ашык болгон армандуу Арзыгүлгө абдан окшош болчу.. Жигиттин көз карашындагы арман, кайгы, кубанычтын баарын так, даана түшүнгөн бейтааныш сулуу аны эркелеткендей, бир чети аягандай унчугат:

— Эмнеге туруп калдык, Бөрүбай байке?

Бөрүбай селт эте чоочуйт.

— Атың ким, садагасы?

— Азырынча менин атымды сурабаңыз...

— Өзүң менин атымды билгениң кандай?

— Атыңызды билгеним үчүн, сизди тааныганым үчүн ушу жерде турам. Болбосо...

— Мен сизди тааныбайм десем, кайра маган абдан тааныштай көрүнүп турасыз. Деги башым маң, кызык ушунда...

— А мүмкүн мен сиздин көптөн күткөн таанышыңыздырмын. Анда кантесиз. — Кыз жигитти наздана тиктейт.

Ушу кезде бейтааныш кыз ого бетер Арзыгүлгө окшошо түшкөнсүйт.

Бөрүбай эми таңгалганын жашыра албай түкшүмөлдөйт:

— Капырай, Арзыгүлдүн өзү экенсиз.. Бирок, ал эмес экениңизди да билип турам.

Кыз жайдары унчугат:

— А мүмкүн мен сиздин жүрөктү эзген ошол Арзыгүл эженин сиңдисидирмин.

— Андай болсо кана, атаганат! Бирок ал жер кайда, биз кайда? Ортобузду канча бир тоо, ак кар, көк муз бөлүп жатпайбы. Дегинкиси, кызык окуяга туш болдум мен.

— Таң калбаңыз, жигит башынан нелер өтпөйт, байке!

— Аның да туура, карындашым.

— Туура болсо, мени Арзыгүлдүн сиңдиси деп түшүнгүлө:

— Кантип?

— Анын эмнеси бар. Ошондо баары жайына келет.

— Ага.мен макулмун дечи. Эми атыңызды айтыңыз? Таанышалык.

— Азыр эле сизден өтүнбөдүм беле, атымды сураба деп...

— Түшүнбөдүм. Анын жашыра турган эмнеси бар?

— Туура айтасыз, байке. Аты жок да адам бол беле.

— Ошону айтам да...

— Анда эмесе, мени Арзыгүл деп жүрүңүз.

— Мен ага макулмун, карындашым.

— Мына эми биз тааныштык — деп, кыз жигитти жороокер тиктейт.

Жүрөгү алеп-желеп, ичи эзилген Бөрүбай кызга өтүнөт.

— Айылың кайда, Арзыгүл? Күн кечтей электе жет кирип коёюн.

— Менин айылым алыс. Аякка жете албайм бүгүн.

Кызда бир сыр бар деп ойлогон Бөрүбай сынагандай сурайт:

— Эмесе, биздин үйгө баралык, Арзыгүл.

— Мен ага макулмуң. Өзүм да сизди ошентип өтүнөт деп ойлогом.

— Кеттик анда биздикине.

— Сиздин үйдүн босогосун аттардын алдында дагы бир өтүнүчүмдү айтайын!

— Сурай бер!

— Мындан ары менден сыр сураба?

— Ушул элеби, Арзыгүл? Ал өтүнүчүң аткарылат. Анда эмесе кеттик...

— Шашылбаңыз, байке. Мен оюмду бүтө элекмин.

— Угуп атам?

— Бул өтүнүчүм балким оордук кылар...

— Аткарчу иш болсо, көрөлүк...

— Жигит аткара албаган да маселе болобу?

— Угуп көрөлүк. Мүмкүн колдон келбес...

— Мен сиздин үйгө көнгөнчө, төрүңүзгө чоочун киши түнөбөсүн.

Бөрүбай кыз койгон шарттын жеңилдигине сүйүнөт да:

— Ошо да кеппи! Ансыз да менин үйүмө эч ким келбейт, — дейт.

— Мурда келбесе, азыр келер. Адамдан өткөн шекчил ким бар?

— Чоочуба, карындашым. Үйүмө эч ким келбейт.

— Андай болсо, үйдү азырынча айылдан бөлөк жерге тигелик.

— Айтканыңыз аткарылат, карындашым, кам санаба.

Шерттештик дегендей кыз жигитке колун сунат. Бөрүбай анын колун алса сөөгү жоктой абдан жумшак

экен дейт. Бүткөн бою балкыган жигит ал кезде аны көп өлес алган эмес тура...

* * *

Кыз Бөрүбайдын үйүнө келдиби? Келбегенде кайда бармак эле. Бирөөлөргө жолугуп калбайлык, баягы Бакалбай чал көрүп койбосун дешип, кыз-жигит эл баспаган төтө жол менен жүрүшүп, эки жагын акмалай карап, каш карайып эл толук орунга отурган ченде гана үйгө жетишет. Баягы өзү чогултуп жүргөн кийим-кечелерин кыздын алдына таштап, Бөрүбай эшикке чыгып кеткен го. Бир кезде «кире бериңиз» деген үн чыгат. Жигит үйгө кирсе, кыз жасанып-түзөнүп дегендей, жыйылган жүктүн түбүнө отуруп калган экен. Түндүктөн түшкөн ай шооласына аралаша ак шамдай жанган сулууга Бөрүбай тымызын суктанат да, коломтого кургак тезектен калап, от тамызмакчы болгондо чоочуган, өзүнчө эле корккон кыз жүк бурчун көздөй кача жалооруп жибериптир.

— Байке, от жакпаңыз.

— Оттон улуу нерсе болобу. От жагып тамак бышыралык.

— Мен үйүр алганча от жакпайлык, байке.

Кыз ушул жерден сыр алдырып коёт. Бөрүбай ичинен таңгалса да эмне үчүн кыз оттон корко тургандыгын сурабайт. Жигит деген убадага бек турбаса болбойт да. Бирок бейкапар кобурайт.

— Отсуз кантип күн көрөбүз. Адам баласы отсуз жашай албайт.

— Аны билем, байке. Мен да отко үйүр алам. От жакканды үйрөнөм. Отту эртең күндүз жагалык.

— Андай болсо эмне тамак ичебиз? Кеп ушунда...

— Ашканада сүт бардыр...

— Сүттөн көөмө жок.

— Мен сүттү абдан жакшы көрөм.

— Сүт ко табылат, эт бышырып жесек деп ойлогом.

— Сүттөн өткөн да ширин тамак болобу. Мен бышырылган эт жебейм. Аны жаман көрөм, байке...

— Сүт эле керек болсо мына азыр, — деп Бөрүбай бир тепши сүттү ашкаңадан алып чыгат да, сыр аякка толтура куюп кызга сунат.

Ынак сүттү кыз дем албай тартып жиберип:

— Рахмат, байке. Мынчалык жыргаган эмесмин, — дейт уялыңкы.

Өзүнө бир керден жуурат куюп алып, Бөрүбай кайрадан кобурайт.

дай кыпкызыл болуп чыкчу тура. Дагы айтам, балдарым, аңырЫ аңкылдап көл жакалай учса, күн-түн дебей булбулу тынбай сайраган, күкүгү таңшыган бул жерди кантип бейишке салыштырбайт Бөрүбай. Аскадан ылдый кулаган шаркыратманын боюндагы самын таштардын биринен бирине секирип ойной, жанагыл мен айткан кичинекей сарала чымчык «эжеке, бээ саа! Эжеке, бээ саа!» деп эртели-кеч тынбай сайрап жатса, Арзыгүл аны менен өзүнчө сүйлөшө кетет: «Бээбиз жок болсо кантели. Мынакей уй саап жатам». Анда келинчегине өзүнчө жалооруйт, ага жалынгандан арданбай: «Бээлүү да болобуз, бээ да саайсың», — деп бооруна бек кыса, өз бактысына бир туруп өзү ишенбей кетчү экен бечара жигит! Аруу жер экен, бейиш жер экен Аңыр-Көл. Эртең менен күн нуру чачыраганда Ой-Кайыңдын ичи түтөгөндөй көгүш булоо асманга көтөрүлүп, чалкайган көк асман алдында аскар тоо чокулары бүлбүлдөй, бирде кылайып, андан ары дүйнөнүн чеги бүткөнсүп, төшү түктүү кара жердин уюлу, борбору ушу деп өзүнчө ой жоруган Бөрүбай канчалык үй-оокатка, сырткы иштерге алаксыйын десе да келинчеги Арзыгүлдүн жанынан алыс кете албай имерчиктей берет. Буларды айтып отурганымдын себеби, дүйнөдө мына ушундай аруу жерде, ээн жерде ал экөөнүкүндөй эркин, элирген махабат сейрек учурайт. Жалпы адамзат өмүрү чексиз дейбиз. Андай болсо, адам өмүрү эч качан үзүлбөсө, табият махабаттын нечен бир сонун түрлөрүнө күбө болору анык. Ал эми Ой-Кайыңга окшош ажайган жаркын жер дүйнө жүзүндө өтө аздыр. Азырынча кайран жерибиз илгеркисиндей, ата-бабаларыбыз мекендеген кезиндей эле жапжаш жана жашыл бойдон жатат дейт. Көксөөбүз күчөп барууга санаа жетет, а бирок кол жетпей, чолообуз тийбей, биз турмушка байландык, каралдыларым. Жашырганда эмне, эринчээкпиз, жалкообуз. Моюнга алсак, ал жаман адат менде, атаңарда да бар. Силер менин ыкшоолугумду тартпай чечкиндүүрөөк, өкүмүрөөк болсоңор экен деп тилейм. Өмүр барда, билектен каруу кайта электе жер кезип, көз кумарды кандырууга не жетсин. Азыркылар жер көрүү, саякатка чыгуу дегенди чет жер, чет элди аралоо деп түшүнүшөт тура. Өз жер, өз элин таанып билбеген адам бөтөн жер, бөтөн элдин кадырына жетеби? Оолда Медер ай, оозуңду тарта албай дагы мени зекидиңби? Окуядан четтеп кетсем эмне экен? Мага сын такпай жүр дебедим беле. Болуптур, болуптур, тамашалашып, атаңа тийишип жатасың. Жакындан бери сенде андай өнөр пайда бол-

гонун байкап жүрөм. Ооба, ага эмне үчүн теригет элем. Болду эми, сен дагы улам суроо берип мени алаксытпа. Жомокту улантсак эле, ал барып Ой-Кайыңга такалат. Эми кайран жерди көп эле сүрөттөй бербей, Бөрүбай менен Арзыгүлдүн кийинки тагдыры жөнүндө айтып берейин.

* * *

Антип-минткенче Арзыгүлдүн боюна бүтүп, арадан бир жылга жетпеген мезгил өтсө да алар элге кошулбастан, баягыдай эле Аңыр-Көлдүн боюнда жалгыз үй кала беришкен экен. Жалгыз үй жашаган эки ашыкты ошо бойдон эле эч ким көрбөй, билбей калган экен деп ойлобогула. Жок, алар түн жамынып көчүп кеткендин эртеси эле Бакалбай чал дөңдө жалгыз олтуруп: «Шордуу Бөрүбай, алты кулач ак жыланды ээрчип, Аңыр-Көлгө көчүп кетти», — деп өзүнчө кобурап коёт. Чалдын сөзүн куурай уктубу, же шамал жулктубу, ал айтканы эл арасына чагылгандай тез тарайт. Тилинде мөөрү, көзүндө сөөлү бар, батасы эм, айтканы жөн кууччу Бакалбайдын, бакшы Бакалбайдын оозунан чыкканга ким ишенбейт. Ансыз да Аңыр-Көлдү жайлабаган эл, эми ал жакка жакын баргандан такыр эле коркуп калышат. Өз махабатына карк боло, эч кимдин көзүнө чалдыккысы келбей элден оолак жүргөн Бөрүбай кантип эле куу чалдын көз жаздымында калсын. Бул жолу Бакалбай Кекилик-Белдин түбүнөн жигитти кокусунан жолуктургансып саламдашкан соң дароо айтып салат.

— Чоорду экинчи колуңа алба десе болгон жок элең, мына айтканым чын келди.

Бөрүбай чоочуганын билгизгиси келбей калп таңгалат.

— Анчалык эмне болду, кууччу ата?

— Эмне болду деп? Али күнчө шекший элексиңби, байкушум?

— Түшүнсөм кудай урсун!

— Сенин койнуңда жаткан ак сулуу адам тукуму бекен?

— Анда кимдин тукуму?

— Билип ал, шордуум. Ал деген жыландын кызы.

— Эмне дейт? —Чоочуп кеткен Бөрүбай кайра эсин жыят да чалга кыжырлана орой сүйлөйт.

— Билгич десе оозуна келгенди оттойт. Атын сооруга чаап желдирип бараткан Бөрүбайдын артынан кыйкырып калат Бакалбай:

— Шордуум, мен тегин жерден айтпайм. Көрчүнү өз

көзүң менен көрөсүң. Ошондо айлаң не болот. Азырынча ак сулуунун кызыгына бата бер.

Эринин маанайы пас кайткан түрүн биричи жолу көргөн Арзыгүл чочуп кетет.

— Эмне кабагың бүркөө?

— Сага ошондой көрүнүп жатса керек, ардагым.

— Жок, чыныңды айт, Илээндим.

Үйдөн алыс чыгып иш кылгысы келбей, жаш аялынын жанында имерчиктей бергенинен улам Арзыгүл эрин ушинтип тергөөчү тура. Деги эле илгерки аялдар эрин атынан айтышкан эмес.

— Ардагым, эч нерсе көңүлүңө алба! Менин капа боло турган кандай жөнүм бар. —Бөрүбай аялын имере кучактап көкүрөгүнө бек кысат. Эринин сүйүүсүнө эркеген Арзыгүл да аппак билектерин анын кош ийнине артып эркелей кетсе, анын колдорунун сөөктөрү жоктой сыяктанат. Ышкындай ийилчээк, тыбыттай жумшак колду бүгүн гана сезгенсип ичинен таң калган Бөрүбай чалдын сөзүн эстей дагы ойлоно түшсө керек.

— Мына, кайрадан кабагың кирдей түштү. Жүрөгүңдө бир кидик турат. Мага айткың келбей жатат ээ, — деп билегин тартып алат жары.

— Ардагым, бушайман болбочу. Айтпадымбы, санаам жайыкуда. Өзүн турганда мен эмнеге капа болот элем. Ал кайрадан имере кучактай аялынын саамайынан өбөт.

Дили жазылган Арзыгүл жооткотот эрин:

— Билип атам, эл-журтту сагындың. Куса болуп жүрөсүң. Оңой бекен бир жылдан бери менден башка эч ким менен сүйлөшпөй...

— Өзүң турганда мага эч кимдин кереги жок. Мен үчүн Мекеним да, эл-журтум да жалгыз өзүңсүң. Мага сенден бөлөк караандын, таалайдын кереги канча.

— Жок, антип айтпа, — Арзыгүл шашып кетет. — Элден бөлүнүп өмүр бою кантип жалгыз жашамак элек. Сен мени түшүнбөй жүрүпсүң, берекем. Биз да элге кошулабыз. Эл ичине барабыз. Бир аз чыдагын, мен аман-эсен көз жарайын. Ошондо элге барып той беребиз. Андан ары биздин бирге өмүр сүрүүбүзгө эч ким жолтоо боло албайт.

— Чын элеби?

— Анан сен эмне деп ойлоп жүрдүң эле, макоом. Дүйнөдө топтон качып, жалгыздап жашаган ким бар экен. Андайлар айбанаттардын ичинде да жоктур.

— Ардагым, ардагым! — деп, аялын эркелетип жана ага эркелеп жаткан эрине чын дилинен мээримин төккөн

Арзыгүл бирөө угуп койчудай эми анын кулагына акырын шыбырайт.

— Сенден көптөн көп өтүнөрүм — мен көз жарып, элге кошулганыбызча эч качан, эч жерден жанагы Бакалбай куучуга кезикпе. Мен андан корком...

— Ошону кимдин көргүсү келип туруптур. Өзүмдүн да ага ичим жылыбайт. Жаман көрөм...

— Анда чечинип төргө өт. Казандагы эт бышып калды. Мен сага жылуу суу даярдайын, колуң жуу, —деп ал кумганды коломтодон тартып алып, ага муздак суудан кошуп чабыштыра баштайт.

* * *

Эми аңгемемди жайдын капортосу ченде гүл жыттана, булбул таңшыган, күкүк сайраган баягы эле Ой-Кайыңдагы Аңыр-Көлдүн боюнда ай-күнү жеткен Арзыгүлдүн толгоосунун келишин күтүп жаткан жеринен баштайын. Алда кандай болот деп санаа баскан, көңүлү алагды болгон ал бул сапар кара тер басып жаны кыйнала баштаганын сезгенде эрин жанына чакырып алып, мына бул өтүнүчүн айтыптыр.

Жакшылап сөзүмдү ук, Илээнди! Омурткаларым сыздап, жаным көзүмө көрүнүүдө, башталды көрүнөт. Мынчалык жан кыйналарын кайдан билдим. Адегенде туруп барып түндүктү чүмкөчү. Анан эшикти бек жап. Тигине, улагада кыл аркан жатат. Ошону менен боз үйдү үч айланта курчап кой. Баса, токтой тур. Элден мурда казанга суудан толтур. Анан гана өзүң үйгө жолобой, үйдөн алыс да кетпей акмалап жүрө тур, берекем. Жылдыз толгондо, түн ортосу ченде көз жарам. Качан баланын үнү чыкканда асманды кара. Жылдыздар толуп, жылдыздар учуп жаткан кез болот. Ак жылдыз учса кыз төрөгөнүм, куйруктуу кызыл жылдызды көрсөң уулдуу болдум деп бил. Анан асан чакырып, баланын атын кой да, кылчайбастан жүрүп кет. Ошо бойдон үйгө баш бакпай, эч кимге көрүнбөй жалгыз жүрө тур. Жетинчи күнү гана баланын үнү чыккан саатта, түн ортосунда үйгө кел. Ошо кезде мен коломтого от жагып, сени күтүп отурган болом. Эгер үйдөн жарык чыкпаса, менден түңүл...

— Ал теңирдин колундагы иш. Дегинкиси, тагдырды алдын ала болжош кыйын. Мен каалоомду айттым. Жакшылап көңүлүңө түйүп кой, Илээнди. Деги аткара аласыңбы?

— Анын эмнеси кыйын экен. Аткарам эле...

Чын-төгүндөн өзүнчө корстон болгон эрине ичи жы-

лыган Арзыгүл түндүктөй ийилип, керегени чапчый кый-кыра баштады.

— Мени көп тиктебей үйдөн чыгып кет. Бол, дейм, бол...

— Айланайын, айланайын, — деп көл-шал боло кара тер баскан аялына жалынган Бөрүбай үйдөн шарт чыгып кетет.

Ал Арзыгүлдүн айткандарын алеки заматта аткара салат да, токулуу турган атына шап минген бойдон бастырып кеткен дейт.

* * *

Аңыр-Көлдүн кылаасы. Түн сүйкүм, түн кооз. Тынч алган куштар да кээде чукуранып, асманда жылдыздар батпайт. Созгон колуң жетчүдөй жылдыздар жакын, жылдыздар тунук, жылдыздар таза. Санаасы алып учкан Бөрүбай ак боз үйдөн көзүн албайт. Бирде элейет, бирде селейет. Алда кандай болот деген бечара кээде асманды тиктей калат да, көптөн күткөн тилеги көктөн түшчүдөй кол созуп, көкүрөк керип жылдыздарга сыйына өзүнчө кобурайт, ичинен дуба окуп, кээде дубанача келме келтире, ээги ээгине тийбейт. Бүгүн анын тагдыры таразада. Рас эле перзент күтүп, коколой башына баш кошула тукум улайбы, же карып-арып ичер суусу түгөнгөндө башын жөлөр, оозуна суу тамызары жок, какыраган сайдагы куураган даракча өзүнүн адамдык парзын өтөбөй кылымга сиңип күм-жам болобу... Ушулар анын кыялын бийлейт. «Кудай анын жүзүн ары кылсын» деп өзүнчө кобурай бергенде боз үй тараптан ыңаалаган баланын үнүн укту. Жонунан ысык тер чыгып, бир саамга делөөрүй түшкөн Бөрүбай аялынын айтканын эстей асман тарапты тиктеди эле чубалжыган, көшүлгөн кызыл жылдыз көзүнө урунду. Мурда билбесе, укпаса да эки колу менен кулактарын басып кыбыланы карап чөгөлөй калды. «Алдо акбар, алдо акбар». Анын азан чакырып, Кудайга сыйынганы ушуну менен бүттү көрүнөт. Анан кандай ат койсом дегендей ойлоно түшүп, өзү да шашып калды. «Атын Аманат койдум, элине кадыры өткөн адам болсун», — деп бата кылды да делдектей басып, атына минген бойдон чаап жөнөдү. Таң ашырылган күлүк билген жолу, Кекилик-Ашуунун туу жонунан эңкейген кезде Бөрүбай ат тизгинин жыйып артына кылчайды. Үйү көрүнбөйт. Ал эмес, Аңыр-Көлдүн кылаасы да бүтүндөй көз жаздымынан чыгып, али санаасы ордуна келбеген ал күн чыгышты тиктей, жалпак ташка көчүк баскан бойдон кыймылдаган жок.

Таң атып келаткан экен. Кекиликтер бөжөңдөй таштан-ташка секирип чыгып, анан атаандашкандай биринин артынан бири сайрай башташты. Алардын үнүн башка куштар колдоп кетти. Көпчүлүк ойлогондой таң агарып атпайт экен. Ал адегенде көгүш тартып, үлбүрөгөн көк жибекче улам чоюлуп, түндү сүрөт, ансайын жылдыздар суюлуп, нуру өчүп, акырындай чыгыш тарап мала кочкул тарта чачырап келаткан күндүн нуру ак чокулуу тоолордун учун жылмалай баштайт. Мына ошондо гана ал ата-бабадан бери келаткан расым боюнча Бөрүбай дитин коюп, чыгып келаткан күнгө сыйына баштады... «Ааламдын атасы, касиеттүү күн! Мээримиңди, кубатыңды бизден аяба. Жан-жаныбар дебей ырысты, өмүрдү сенден алабыз. Төшү түктүү кара жердин ээси да сенсиң. Көктөгү жылдыз да сенин эркиңде. Сенсиз өмүр токтойт. Сенсиз биз бир макулукпуз. Карегибизден нуруң өчпөсүн, чекебизден жылуулугуң кетпесин. Түндө мен уулдуу болдум. Ошонун чымындай жанын аман кой. Оо, касиеттүү, күн!» Жерге толук күн тийгенде Бөрүбай атын жетелей ойго түштү да, булакка жүз чайкап, канжыгага байланган азыгынан бир аз жеп, чаначтагы айрандан кере жуткан соң кайрадан атына минди. Ошо бойдон ал маң болгон адамча кайда бастырып, кайда жүргөнү, кайда түнөгөнү менен иши болбой, үч күн эч кимди жолуктурган жок. Деги эле ал кимдир бирөөлөрдүн караанын көрсө буйтап кетип жүргөнүн өзү бир билет. Айыл көрсө алыстай качып жолобойт. Азынаган айгыр, үйүр-үйүр жылкыдан качат. Ага дем берген, анын санаасынан чыкпай кубаттандырган —жалгыз гана жары жана жаңы көргөн перзенти. Үчүнчү күнү кечке жуук жалгыз бастырып бараткан аны:

— Эй макулук, токтогун!— деген катуу үн селт эттирди. Кайдан чыкты дегендей ал азыраак аярлай калса бет маңдайында кула ат минген Бакалбай чал. Ачуусу келген, ызырынган Бөрүбай ат тизгинин тескери бурмакчы болгондо Бакалбай кайрадан ачуу унчукту.

Чапсаң кууп жетем. Уккуң келбесе да угасың, артыңдан калбай сүйлөй берем. Андан көрө бир аз аярла, айта турган кеп бар.

Ошондо Бөрүбай чалды жаман көрө жалт караган дейт. Чал дагы Бөрүбайды арбап жиберчүдөй андан көзүн албаптыр. Ушу жерден балдарым, Бакалбай чалдын өң-түсүн силерге айта кетейин. Өңү керсары, көзү чекир, сакалы суйдаң саргыч, башында сары түлкүнүн бучкагынан тигилген малакай. Айтор, адам десе адамга,

куучу десе куучуга окшош, өзүнчө бир жаткан жан экенго ал. Ал улам куулуп: бирде күлүп, бирде сустаят. Сыягы, бечара жигити сынай карагансыйт.

— Сизге кай жеримден жаздым? Эмнеге эле мени андыйсыз? Жолумду торобо, аксакал, — деп Бөрүбай жалооруду.

— Сага жамандык кылайын деген ниет жок менде.

— Андай болсо жол бер, аксакал!

— Айттым го, сага жамандык кылбайм. Кайра жамандыктан сактайын деген тилегим бар.

— Чын элеби?

— Ооба, чын болбогондочу. Айтайын десе уккуң келбей жатпайбы!

— Андай болсо мени коё бер, аксакал! Кеңешиңизди бир жумадан кийин келип угайын.

— Анда кеч болуп калат, пендем.

— Азыр менде сөз укканга чолоо жок. — Бөрүбай атын сооруга чаап жөнөй бергенде Бакалбай аны менен катар бастыра берип, жигитти кекетиптир.

— Тукум бузуп, адам тукумун булгап, бул эмне кылганың?

— Кимдин тукумун бузуптурмун?

— Адамдын деп жатам.

— Кайсы адамдын.

— Жалпы адамзаттын...

— Кандайча? — Ачуусу келген Бөрүбай чалды жекире карайт.

— Сага жети күнгө чейин үстүмө кирбе деп айттыбы аялың?

— Аны сиз кайдан билесиз? —

Бакалбай тоо жаңырта күлөт. Күлгөн сайын сакалы сербеңдей өңү улам куулат, көзү ачылбай ыкшыган куучуну таңгала тиктейт Бөрүбай. Анда чал сүйлөптүр:

— Шордуум, мен билбеген бу дүйнөдө эч нерсе жок.

— Койчу?

— Ооба, билген үчүн айтып жатам буларды.

— Деги аксакал, өзүңүз кимсиз? Эрди-катындын жалгыз отуруп сүйлөшкөн сөзүн тыңшаганыңыз уят эмеспи...

— Мени куучу Бакалбай деп бекер айтышпайт. Мен сөз тыңшабайм. Менин пирим сары тайган жер жүзүндө болуп жаткан окуянын баарын айтып берип турат...

— Андай эле кыйын экен, сенин пириң мени чаап алсын. Урдум ошону! — деп жаны күйгөн жигит бастырып кетет. Бакалбай болсо анын алдын торой көзү чекиреңдеп, өңү улам куулуп, жанталаша сүйлөп кирет:

— Эрди-катын деп коёт дагы кебелбей. Жыргаган кайындуу болдум деп жатасың го, шордуум.

— Аны менен эмне айтмакчысың?

— Мурда дагы эскертсем ишенген жоксуң, койнундагы катын сөрөйүң адам тукуму бекен?

— Анаң кимдин тукуму?

— Аның жыландын кызы. Ишенбесең азыр барып көр. Аның аппак эркек бала төрөп коюп, өзү алты кулач жылан боло, баланын мээримине канчудай эмес...

— Калп!

— Айтпадымбы, ишенбесең азыр үйүңө бар. Боз үйдүн туурдугунан шыкаалап көр. Калп болсо кепиним өрттөнсүн!

— Ишенбейм! — Бөрүбай катуу кыйкырды.

— Калп болсо, кайра келип бетиме түкүр!

Айласы түгөнгөн Бөрүбай калтырап-титиреп туруп калган дейт. Кантсе да жигитти ишендирдим деп ойлогон Бакалбайдын бети-башы ого бетер тырышып, аны сынагандай карайт да, бирде күлөт, бирде мостоёт. Анын үстүнө балдарым, чалдын сөзүнө мындан ары ишенбеске айла жок болчу. Илгеркилер үчүн кепиним өрттөнсүн дегенден өткөн каргыш болгон эмес. Ошентип ыза болгон, ичи күйгөн Бөрүбай ыргылжың болуп турганда:

— Баргын, кана жөнө! — дептир оңбогон чал.

Айла канча, ачууга жеңдирген шордуу аялына берген убадасын таптакыр унутуп коюп, үйүн көздөй чаап жөнөйт.

* * *

Чаап келатып, дагы эле болсо чалдын сөзүнө көп ишене бербей дүбүрт угуп, кокус шекшибесин деген кыязда ал атынан түштү да, аны обочо жердеги буйгага байлай салып, өзү жыла баса боз үйгө жакындайт. Эгерде чалдын айтканы калп чыгып калса, билгизбей кайра артка кете берем деп ойлойт ал. Боз үйгө жетип-жетпей, ансайын жүрөгү алып учкан бечера туурдуктан шыкаалайт да, чын эле аялынын эмчектен ылдыйкы тулкусу бүт бойдон жылан экенин көрөт. Жыланач бала энесинин мамасын балкылдата ээмп, аялы болсо баласынын май көчүгүн куйругу менен сылай көшүлгөн бойдон чалкасынан жатыптыр. Чоочуй, бир чети эси чыккан Бөрүбай кетенчиктей басып, кетерде аялы башын көтөрө коюп, кыйкырып жиберет.

— Сен ким?

Буту чалыштап жыгылып кетчүдөй араң турса да,

Бөрүбай бир орундан кыймылдай албай каккан казы... ча элейт. Эмне кылат: анда үн да, сөз да жок.

— Убалыма калдың, убалыма калдың! — деп онт... гон аялдын үнү эми бошондой баштайт. — Болору бо... ду. Эми кир, кире бер.

Айласы кеткен жигит ордунан козголбойт.

— Арманымды, керезимди айтып калайын. —Аңгы... баланын да ыңаалаган, ыйлаган үнү чыгат. Ошон... Бөрүбай башка эч нерсе ойлоого чамасы жетпей, эши... ти шарт ачкан бойдон үйгө кирип барган экен...

Чалкасынан түшкөн бала төрдөгү көлдөлөңдүн үстү... дө эки бутун көктү карата тыбырчылай ыйлап жатыпты... Кызыл эт наристени Бөрүбай ала коюп бооруна кыска... да, ал эмнегедир сооронo түшөт.

Ошондо аялы:

— Эшикти түрүп койчу? — дейт ары чарчагандай.

Тиктеген сайын бүт тулкусу акырындай жыланга ай... ланып бараткан аялын көрүп Бөрүбай кыйкырып жи... берген дейт.

— Кара көздү кашайтпа, токтой тур, Арзыгүл!

— Мына ушинтип эми Арзыгүлдөн биротоло ажы... райсың.

— Токтой тур деймь, жан биргем? Бир аз сүйлөшөлүк!

— Рас эле, анда канттиң, шордуум! — Аялдын үнү кайрадан шылдыңдуу.

Жыланга айланбай, анын башы гана калат.

— Токтой турчу, жаным! — Жигит өксөп ыйлап жиберет. — Баланы эмне кылам? Мына бул кызыл этти кантип багам? — Ыйлаган сайын жигиттин көз жашы аялдын бетине таамп, ошондо гана мойнуна чейин жыланга айланган Арзыгүл токтой калат.

Сүйүүдөн чыккан көз жаштын касиети мына ушунда да...

— Эшикти чоң аччы? — дейт ал.

Бөрүбай эшикти түрүп коюп аялынын жанына отура калат. Аял эми оор үшкүрүнөт.

— Тил укпай, убалыма калдың. Карачы, бекер жерден балаң жетим, өзүң жесирсиң. Аздан кийин биротоло жүз көрүшкүс болобуз, байкушум.

Жигит ого бетер солуктайт.

— Мага убал жок. Ушундан көрө өлсөмчү...

— Кой, антпе. Сен да кошо өлсөң, бала талаада калбайбы!

— Мен жерге кирейин.

— Болору болду, боёсу канды, антпе дейм. Алдагы

ымыркай үчүн кур дегенде бирибиз жашайлык. Кандан чыккан, жандан чыккан наристеде не күнөө?

— Мага убал жок!

— Аны көп айтканда не пайда. Андан көрө сөзүмө жолтоо болбой угуп тур.

Бөрүбай баш ийкей, ооз учун кыбыратты.

— Айта бер, жан биргем. Угайын...

— Башынан ушул тагдырга дуушар кылган да сен өзүң элең. Мага чала болот. Ошондо ата-энемдин тилин албадым.

— Кандайча, жаным?

— Шашпагын эми. Азыраак убактыбыз бар. Ошол жөнүндө айтып берейин. Менин тагдырым жөнүндө укпасаң, сен дагы өмүр бою өкүттө өтөрсүң.

— Угайын, жан биргем, — жигит демин ичине алды.

* * *

... Мен туулгандан эле оюнкараак, сергек өстүм. Анан калса, ата-энем өтө жакшы көрүшкөндүктөн аябай эрке элем. Эмне кааласам, ошону жасоочумун. Оюм менен болушчу байкуштар. Эркелигим гана болбосо абдан зээндүү болчумун. Көпчүлүк байкабаган, көпчүлүк туйбаганды мен элден мурда сезчүмүн. Баары таңгалышчу, баары макташчу. Келип-келип ошол сергектигим жана оюнкараактыгым өз башыма тийди. Ал жөнүндө кийинчерээк айтам. Башкаларча тамакка тоюп алган соң, ийинден чыкпай уктай бергенден каччумун. Деги мен боз кыроо түшкөнгө чейин ийинге киргенди жаман көрөр элем. Таңга маал куштар сайрап, күндүн муруту чачырап келаткан кезде айтпа. Мен коңулдан сойлоп чыгып, кыпкызыл болгон күндү тиктейм. Андагы күн нурунун коозду-гу ай. Тиктей берип, тиктей берип, көз кумарым канчу эмес. Суу тийбеген таштын түбүндө, дүмүрдүн ичинде жатсам да таңга маал чыйрыгып каласың. Мен жерге жарык түшкөндө сойлоп чыгам да, топ карагандын же жалпак таштын үстүнө чыгып алып, күн шашке болгончо уктайм. Туш-тушундан куштар сайрап, төмөн жагында чоң суу шаркырап агып жатат. Мен болсо мемиреп кебелбейм. Жолтоо болгон эч ким жок. Курсак ток, бейкутчулук жаныңды жыргатат. Мага суунун киргени, жамгырдын жааганы, булактын акканы, чагылган чартылдай күн күркүрөгөнүнө чейин жакчу.

Бирок биз чагылгандын огунан аябай коркчубуз. Оттун пири —чагылган. Отту чагылган тууган деп энем ар качан кулагыма куя берер эле. Андыктан биздин кудайыбыз от деп билчүмүн мен. Чынында да оттон өткөн

коркунучтуу душман жок биз үчүн. Өрт каптап, жылдардын далай тукуму отко күйүп өлгөнүн энем көп ачу. Анын чет жакасын мен өзүм да көрүп калгам. Ж кысын биз суу жакалай, шиберлүү жерлерди жак көрүп, жар боорун паананаласак, күзгө тарта эч ким юлбай калган эски мүрзөлөрдүн арасындагы сары болуп кууураган чөптөрдүн арасын жакшы көрчүбүз жерде чычкан, келемиш дегендер аябай көп. Ал эмес, гү жамгырда жана боз кыроо түшкөн кезде чээнге риш үчүн үй даяр. Эски мүрзөлөрдүн ичи кургак, жы боло турган. Кээде куу токойго чагылган тийип өрт гат. Ошондогу биз көргөн тозокту айтпа. Жылас бас да биз каплет каптап келаткан өрттү билбей калып рубуз куруучу. Ийинге кире качууга үлгүрбөй, канча ды от оп тартып кетпеди. Ийинде жатканыбыздын и де да аман калгандары аз боло турган. Анда түтүн тап дем ала албай өлгөнүбүз канча. Оттон коркп гана жалгыз суу экен жарыктык. Сууга тийген от шукка жегендей жалп өчөт. Аны биз жакшы билчү Андай чакта сууга кире качканыбыз гана аман ка жүрдүк. Бир жолу күз ченде сар жондогу эски мүрз өрт каптады. Анда биздин тукумдар Куу-Куурай де кыштоого жаңы келгенбиз. Түтүн жыттанып, дуулда өрттүн добушу бизге кадимкидей угулуп турган. Э тилин соймондотуп кудайга жалынып жатканын билем. Кышылдап отко күйүп жаткан жыландардын зоктуу үнү ай. Кийин бир барсак каплет чыккан өрт ал ды сойлоп чыгууга үлгүртпөй мойсоп таштаган экен. К гөн жыландардын сөлөкөтүн тиктөөгө дит барган ж Түпкүчтөй-түпкүчтөй болуп оролгон боюнча жаты байкуштар. Ошондуктан биз үчүн оттон өткөн душ жок деп ойлочумун. Адеп сиздин үйгө баш бакканда тон коркконум эсиндеби? Деги бизге оттон башка к коркунуч туудурмак эле деп ойлочумун байкуш баш Көрсө, мен катуу жаңылып жүргөн турбайынбы...

Дагы да болсо, эми жыландардын табияты жөнү азыраак айта кетейин. Силер жылан десе бекер жерд чочуй бересиңер. Мындан ары ишенбей жүр антип ай кандардын сөзүнө. Анын үстүнө адам тукумуна үйүр к лебиз. Адам турмушу, анын тиричилиги бизди ар дайы кызыктырат. Баарынан улуу деген от адамдын колунд ойнойт. Анын коломтосунун куту да от. Отту өзүнө багындырган адам эмей ким? Адамдын негизги касиети да ушунда деп ойлойм мен. Дагы айтам: жылан тукуму бөөдө жерден бөтөн жанга катылбайт. Өз ичинен чыккан ди-

ли караны эмне үчүн жыланга салыштырат адамзат? Мен ошого таңмын. Аны чыгаргандар Бакалбай куучуга окшогон жүзүкаралар. Ал жөнүндө да билгендерибиз көп. Азыр кези келип турат, ал жөнүндө бир аздан соң айтып берем. Мен ойлойм, жыландай боорукер, жыландай сыйкор эч тирүү жан жок. Бекер жерден биздин эч кимге зыяныбыз тийбейт. Биз боорубуз менен сойлоп өз бетибизче жүргөн бир пейли таза жанданбыз. Ошону билбей, жылан десе жаа бою качкан жалакайлардын жалган сөзүнө сен ишендиң. Чын-чынына келгенде достук менен сүйүүгө, жолдошчулукка бизден өткөн күйүмдүү ким бар экен? Аны сен түшүнгөнчө качан, байкушум. Биз жыландар адамдын жакшы-жаманын же кара өзгөйлүк менен адамкерчилигин бир көргөндө эле тааныйбыз. Өзгөчө аны биз үнүнөн ажыратабыз. Бул жагына калганда менден өткөн жылан болчу эмес. Ошентип, азыр ойлосом, кыялкечтик, оюнкараактык менин негизги кемчилдигим экен. Сары атандуу жайда менин таптакыр эле уктагым келбей: тоо-токой менен талаанын шоокуму, булбулдун сайраганы, суулардын шары, шамалдын добушу жанымды жыргатып, бирде жаныма тынчтык бербей, жаныбыздагы кичинекей көлгө боюмду таштап, айлуу түндө балыктар менен куушуп ойногум келчү. Мени көргөндө эми эле көктү көздөй секирип ойноп жүрүшкөн чабактар көлдүн түпкүрүн көздөй житип кетишет. Менин курсагым ток, аларды жегим келбесе деле эмне үчүн качышат деп, балыктардын макоолугуна таң калып, энеме даттанган учурларым да болгон. Анда «макоосуң да деп энем мени зекийт. — Бизди жылан дейт. Сүрдүү келебиз. Ал эмес, бизди бир көргөндө адам баласы да селт эте чочуп кетет». Айттым го, жазгы нөшөр, жайында кирген суу да мага жагар эле. Дайыма эле сойлоп жүргөндүктөн жыландар жылдыздарды көрбөйт экен деп ойлобо. Мен жар боорундагы ийинден башымды созгондо көктөгү жылдыздар көрүнчү. Мен алардын көптүгүнө таңгалбай, мен алардын мени менен сүйлөшүп, көз ымдашып жатканына кызыкчумун. Суу киргенде эне-атамдын агып өлөсүң, кой-ай дегенине болбой анын агымына бой таштайм да, башымды көтөргөн бойдон агып жөнөйм. Суунун шары кээде мени аласалдырат, айлампага уруп көпкө чейин айламды кетирет. Өжөрлүгүмө салып, моюн бербеген мен аркы өйүзгө сүзүп чыгам да, жар бойлой сойлоп отуруп күүгүм киргенде үйгө келчүмүн. Ошентип жашоо кумарына канбай, өзүмчө мас жүрүп, мен биринчи жолу адам менен кездештим.

Анын жайы мындайча. Жайдын толуп турган кези. Б Чүмкөк деген жайлоодо элек. Жашаган жерибиз үйд болгон кызыл таштын коңулу. Жаныбызда созулган б лектей кашка булак. Ичи толтура балык, төмөн жаг быз балырлуу саз. Анда да балык мол.

Эсимде, ошол жылы биздин жаныбызга чоң ак бо үй конуп калды. Көгөн толтура тизилген козу-улак. жылкы, ал эмес, чуулдап үргөн иттери да көп эле. үйдү көрүп аябай кызыктым. Өзгөчө мага адамдар үндөрү жакты. Чыдабай кеткен мен бир жолу боз үй сойлоп кирсем, бешикте бөлөнгөн бала жатыптыр. Ү андан башка эч ким жок экен. Баланын жыты мага уш дай жакты дейсиң. Мен акырын бешикке сойлоп чык да баланы тиктедим. Бала көшүлгөн бойдон кебел Мен аны тиктей бердим, көпкө чейин тиктедим. Бир м да ал көзүн ачты да, мени көрүп күлдү, мен да күл Анан көңүлүм жибип кеткен байкуш жаным түпкү үч оролгон бойдон баланын төшүнө жата калгам. А көкүрөгү аябай жылуу экен, көзүм илинип кетиптир. маалда энеси кирип келип бир бакырды дейсиң: «Ж лан!» Мен өзүм да түшүнбөй калдым. Ал эшикке а чыгып, бир кемпирди ээрчитип кайра кирди да, өзү тенчиктеп бери баспайт. Мен эмнегедир алардан корк жокмун. Кемпирдин үнү жумшак, ары мээримдүү «Тийбегиле жарыктыкка, тийбегиле!» — деп сүт ч баштады үстүмө. Ошо кезде мени издеп энем да боз ү кирип келиптир. Чурулдаган үндөрдөн улам мени өл рүп коюшат деп корксо керек. Жолума ак чачып жат нын көрүп раазы болду да: «Болду эми, башыңды көт деп шыбырады. — Бизге сый көрсөтүп жатышат. Өй бол, тентегим. Кетелик, Акак», — деди жайдарыла Мен энемдин артынан ээрчип жөнөдүм. Ошо бойдон м балага биротоло үйүр алышып кеткем. Кийинки жо келгенимде бала төрдө жалгыз ойноп отуруптур. М алдына сойлоп барсам, ал дароо мени белден аткыд Мен баланын билегине оролдум. Анын менден корко ту ган түрү жок. Ошентип экөөбүз жыргап ойноп жатка быз. Бул жолу баягы ак чач кемпирдин көзүнө даг урундум. Ал унчукпай эшке чыгып кеткен бойдон үй-ичи ээрчитип кайра кирди да: «Мына бул апакай жылан те гин эмес. Кол көтөрчү болбогула. Бул деген жыланды пири — Шахимардендин тукуму. Сардарбекке зыян кыл байт! Кайра аны колдойт!»— деп, ак чачты да, анан жайпак кара аякка толтура сүт куюп керегенин түбүнө койду. Мен сүт ичкенди үйрөнүп, аны аябай жакшы кө

рүп кеттим. Кийин алар үч жыл катары менен ошол жерге көчүп келишчү. Мен баланы жазбай тааныйм. Анын үнү топ балдардын ичинен чыкса да жазбай ажырата билем. Ошол балага аябай куштар болуп калгам. Бул жолку жайда алар жайлоого келбей калышты. Мен баланы сагынып күткөн элем. Мен аны издедим. Көңүлтуктап, куса болгонумду айтпа. Баланын изин кууп, алыс баргым келди. Ал үчүн жапа чегүүгө, азап тартууга даяр элем. Бел ашып башка жакка кетсе да табам деп чечтим. Ата-энем макул болушкан жок. «Бекер жерден майып болосуң. Ээленбе дешти алар. Белде кар кете элек. Тоңуп өлөсүң». Айла канча, көндүм. Ошондо табитиме тамак тартпай сары оору болуп жатып калганым эсимде. Биздин ийиндин жанынан ойноп өткөн, чуркап өткөн бала-бакыраны андан кийин мен көп эле көрдүм. Алардын ичинен бирөө да Сардарбекке окшошчу эмес. Адамга мээримим түшүп, куса болуу дегенди мен биринчи жолу ошондо түшүнгөм. Адамдардын арасында жашагым келип кетчү. Айры буттардын баарысы боорукер, сыйкор болот ко деп ойлочумун. Көрсө, андай эмес турбайбы. Аны айтканымдын өзүнчө себеби бар.

Бир жолу биз баарыбыз эң жаман окуянын күбөсү болдук. Биздин ийинден жогору, чоң ак таштын түбүндө ордолу, бир уюк кошуналарыбыз жашай турган. Ошол жайда алардын жанына да боз үй тигилип, аябай сүйүнүшкөн болчу бечаралар. Кечкурун, жайлоого салкын түшкөндөн оюнкарак эки-үч бала жыландар боз үйгө сойлоп киришет. Көрө койгон аялы: «Жылан!» деп айкырганда үй ээси, шиpидей кара киши кирип келип бечаралардын экөөнү белинен былчырата тепсеп таштайт. Калгандары ийинди көздөй качып жөнөшөт. Кара сур мыкаачы качкандардын артынан акмалап жүрүп отурат да, жыландардын ордосун билип алат. Бир топтон кийин кайра келип, бир казан кайнаган сууну ийинге куйса болобу тозокко күйгүр. Адамдагы мыкаачылык деген эмне экенин биз ошондо билдик. Ийиндеги жыландар кайда качышат. Тырышып, бырышып бечералардын азаптанганын, кыйналганын айтпа. Алардын өлүмүн алдыртан байкап биз баарыбыз ыйладык. Баса, алардын ичинен башында ак мүйүзү бар кара сур жылан аман калды. Ошол алаамат болуп жаткан кезде ал сыртта жүрүптүр. Ал ордонун башчысы экен. Биздикине келип алып ийрилип-жыйрылып ыйлап жатат дейсиң. Апам менен атам аны араң сооротушту. «Адамдарды биз да билебиз, баары бирдей бекен? Ичтеринде боорукерлери ар-

бын». Ата-энемдин айткандарына ынанса да: «Ба
бир өч алам алардан. Ансыз көксөөм суубайт» — д
ал жесир. Бирок ошол эле күнү кара сур мыкаачы ж
тун таштап коркуп көчүп кетиптир. Сур жылан душ
нын жайлоонун алкымынан кездештирет. Кымызга т
гон ал урган чак түштө жалпак таштын үстүндө укт
жаткан болот. Бейкут жаткан эмени байкатпай кел
чагып кетүүнү намыс көрөт ал эр. Жылаандар мын
кара беттикке эгерим жол бербесин билип кой, Илэ
Ошондуктан душманынан ойгонушун күтүп, аны ти
ген бойдон тура берет ал. Биздеги салт боюнча же
чакыруунун жолу ушул. Ошентип, белчесинен өйдө
руп алып, өзүнчө эле башын эки жакка ыргай мүйү
сур жылан касын арбоодо. Арбашуунун күчү ушу
болсо керек, бир маалда тигил уктап жаткан кара
киши да башын көтөрө берип, эки жагына жайырга
бойдон кирпигин да ирмеп койбой, көздөрүн кадап,
манына тикирейгенден тикирейүүдө. Арбашып жат
дарды биз алыстан байкап турдук. «Эми эмне бо
Кимиси женет?» Айтор биз да өзүбүзчө бушайман
Жыландын кичинекей ачекей кара тили дирилдей,
деме сүйлөгөндөй оозу тынбай бир кезде алы кетип
раткансыган. Адамдын да оозу эбиреп, шыбырап би
мелерди тез-тез кайталоодо. Иши кылып, экөөнүн
көздөрү бири-бирине кадалып калган кез эле. Кызы
түшкүр, кара сур кишиден алка-шалка тер кетип, би
бышымга жетпеген мезгилдин ичинде ал кадимкидей
дөн азып, шылынып дегендей, таптакыр арыктай түш
түр. Тим эле көз алдыбызда ээрип бараткандай эти
ча баштаганына баарыбыз таң калдык. Аңгыча, шум
окуя болду. Тээ, туура жактан карбаластаган аял чур
келаткан экен. Эринин кейпин көрүп, аябай коркуп к
кен бечара катын алыстан эле: «Карабек! Карабек!»
деп, кыйкыра берип көмкөрөсүнөн кетти. Байкуш ки
аялынын үнүнөн улам жалт эте карай берип, алакс
түштү да, кирпигин тартып алганда, мүйүздүү сур жыл
душманынын алкымынан шап эткизе чагып алууга үлгү
дү. Ошондо Карабектин бүк түшкөн бойдон тырпыр
түшкөнүн бир көрдүк. «Азаматсың, Бакан‌ооз! Сен же
диң! Мөрөй сеники!» Быяктан биз тигини куттуктап, т
бабыздын канганын айтпа. Кошунабыздын аты Бака
нооз экенин ошондо билип жүрөбүз. Оозу чоң, алкымы-
нын кенендигинен ошондой атка конгонун кийинчерээк
апам айтып берген. Баканоозубуз болсо, баягы арбаш-
кан жеринен анча алыс эмес саздакка сойлоп жетип сулк

жыгылыптыр. Карасак, ал суудан, жай, шашпай ичүүдө. Карабектин тегерегинде да кыйкырык-чуу чыгып эл батпайт. Ал жылдыз толгондо үзүлдү. Ага чейин шойкомдуу жаным, мен кой десе болбой керегенин түбүнөн шыкаалап турдум. Уу анын алкымынан кысып жүрөгүнө өтө баштаган кез го. Ал араң дем алып, кара көк тарта шишип кетиптир. Улам эле Бакалбай чалыңар кара кеседеги суудан ууртап коюп, улам-улам ага бүркүп, дем салган болот. Канча аракет кылса да, көзү ачык Бакалбайдын дубасы ага эм болгон жок...

Маркумдун кара ашына ак боз бээни баш кылып, көп мал союшту. Бээни элден мурун ал экөө арбашкан жерге жыгышты да, канын тепшиге тосуп алышып, баягы Бака免оздун жолуна чачышты. Көрсө, адамдар жыландардан кечирим сурашып: «Элдешелик, ичибизде кек калбасын», — дешип өз жолун кылып жатышыптыр. Кечинде Бака免оздун жанына жыландар келишти да: «Адамдар жолун кылышты. Адамдар кечирим сурап жатышат. Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» деген айры буттардын макалы бар. Кечирим кыл, Бакаооз. Мындан ары ичиңе кек сактаба. Карабектин калган тукумдарына зыян кылба» — дешти. Ошондо «Кек бүттү. Кек бүттү» — деп табасы канган Бакаооз да уюган канга тумшугун малган.

* * *

Антип-минткенче мен бойго жеттим. Жамандык-жакшылыкты таанып-билип, такшалып дегендей, токтоло турган деле кезим эле. А мен болсом мурдагыдай эле оюнкараак, кыялкеч жана сергек бойдон кала бердим. Ошо жоругум ата-энеме жакпайт. «Качан сага эс кирет. Качан токтолор экенсин», —дешип жемелеп калышса да, баары бир оюм менен болушат. Мага эмне, жерде боорум менен сойлоп жүрүп көктү эңсейм. Асмандагы кушка теңелип учкум келет. Мына бул белестин арты мындан да коздур деп ойлойм. Булак агып, булакка кошулса суу болорун, тоо артында тоо бар экенин да билем. Түн ичинде жылдыздын баары мени тиктеп тургандай сезилет. Мен өзүмчө туруп эле алар менен сүйлөшө кетем. Анан тез эле менин жыргалым бүтүп, күз келерин сезем. Андан соң кыш келет. Ошондо менин ичим күйчү. Өзүмчө капа болуп ыйлаган учурларым да болгон. Мен кышты жаман көрөм. Чээнге кирип, канча бир күн дебей уктагандан өткөн кордук барбы. Ошондо мен адамдарга суктанчумун. «Эмне үчүн адам болуп калбадым?» деп арман кылган учурларым көп эле болду. Биз, жыландар

оттон коркуп, оттон качсак да, отто бир улуу касиет б экенин кандайдыр өзүмчө сезчүмүн. Адамдардын чээ кирбеген себеби, аларга кубат берген, аларга өмүр б ген, сыйкырдуу от деп түшүнчүмүн. Асманда учуп ж гөн чагылгандын бир үзүмүн өзүнө багынтып алган ад да зор күч бар. Алар тегин жандар эмес деп ойлогон м адамга айланғым келип нечен түндөрү уктабай өткө нүмдү айтпа. Токойлор шуулдап, биринчи ызгаар жүр Анан жерге шүүдүрүм түшүп, жалбырактар күүлөт. М нин ата-энем чээнге кириш үчүн суу тийбеген кургак к ңул же ийин издей баштаганда эле көңүлүм чөкчү. Чэ ге кирердин алдында алар баарыбызга мээр чөп тиш тип коёт. Мээр чөп өлбөстүн дарысы. Ал дарман кет бейт, кышы бою сага кубат берет. Жазга чейин эт азып, арыктабайсың. Үшүбөй, мемиреп уктай бер. Жүр гүн гана билинбей акырын бир калыпта кага берет. С өлүп калгандай кыймылсызсың. Кала берсе чээнде ж тып да, өзүмдүн тирүү экенимди сезчүмүн мен. Бир кыймылдоого, сойлоп кетүүгө гана кубатым жетчү эм Жерге баар кирип, жаз чыгып келатканын мен бири туям. Жүрөгүм булкуна элеп-желеп болгон мен эшик сойлоп чыгайын деп кайра коркчумун. Анткени апа дын айткандары эсимде: «Шашмалыгың башыңа жет Сойлоп чыкканыңда кар жаап ийсе ийинди таппай тоң өлөсүң. Мен баштамайынча ийинден чыкпа дечү. Токс чыксын. Токсон жерде томуктай тоң калганча жат Кыймылдаба». Чээнде жатып мен алгачкы жамгырды үнүн угам. Жар башындагы чай урган карлар эрип, же ге тамчы тама баштайт. Буга өзүмчө сүйүнөм. Кыяла дан кыян жүрдү, уйку-соонун ортосунда жатып мен а да билем. Жер көөп, биздин ийиндин ичине жаз деми к лет. Көк чөп жыттанат. Мына ошондо накта ойгонуп ке кен мен «Апа, турбайсыңбы? Жаз келди» — деп чыйы дайм. Апам дагы эле кебелбейт. Кайрадан көзүм илни кетет.

Былтыр сага кездешер жылдын жайында менин бо го жетип, күчкө толуп турган кезим болчу...

* * *

Айтса, ошол жылдын көктөмүнөн тартып мага ашы болгондор абдан көп болду. Күйөөлөп келгендердин эч кимин чениме жолоткон жокмун. Менин турмушумда быйыл кандайдыр бир бурулуш болорун алдын ала сезем. Ансайын көңүлүм алып учат. Жыландар дүйнөсүндөгү махабат өзүнчө башка. Бийкечти эч ким өз эркине маж-

бурлай албайт. Сенин махабатыңа татыш үчүн эрдемсиген күнүлөштөр адегенде өздөрүнчө күч сынашышат. Жеңгени, эң кубаттуусу гана сени жандап, сага махабатын ыроолоого акылуу. Ошондо да ага өзүң макул болуп моюн сунмайынча, тигил эр сенин жаныңа эч жанды жолотпойт. Тикесинен тик турат да туш тарабынан көзүн албай, сени кайтарат, сени ар кимден кызганат. Сен анын кекиртегинен тиштеп, жанын оорут, ага баары бир. Ал эмес өлтүрө жарадар кылсаң да сага катылбайт, баарына кайыл. Жыландын эркегинче көк, ары чыдамкай, жаракөр, сүйүүгө бекем эч жан жок экенин мен эми билип отурам. Кызык, ошондо мен өзүмө махабатын тартуулаган эки азаматтын кекиртегин жара тиштеп салгам. Өлүп баратышып да мени жалдырай тиктешип, наарazылык билгизишкен жок. Ошондо байкуш башым дүйнөдөгү жандын баарында махабат бирдей болот экен деп ойлогом.

Азыр мен сага кандайча ашык болгонумду айтып берейин. Бир курдай чоң суунун боюндагы кумайда күнгө кактанып, рахаттанып жаткам. Ошол күндөрү тынчым кетип, уйкум качып, өзүмчө эле бушайман болуп жүрдүм. Кала берсе кандайдыр бир жакка качкым келет. Каякка экенин өзүм да билбейм. Көңүлүм алагды. Жүрөгүм элеп-желеп. Жанымды жай алдырар айла издейм. Андай дары табылбасын билип да турам. Баса, ошентип бир жолу кумайда жатып, мен токой тараптан кооз үн уктум. Башымды көтөрүп тыңшай калам. Үн кайталанып, улам күчөйт. Аябагандай кооз, муңдуу, мукам үн. Мындай үндү мен мурда эч качан укпаган элем. Ар кандай үндү, добушту бири-биринен айрып таануу жагынан жылаандардын алдына эч ким чыкпайт. Ал эми өзгөчө өз тукумдарыбыздын ичинен бул жагынан мага эч качан эч ким тең келчү эмес дедим го. Менин туйгучтугум ушунча эле: ал эмес токойдогу дарак-жыгачтардын түрүн, алардын жалбырагынын шуудураган үнүнөн эле айрып биле алчумун. Чөптүн түрлөрүн жытынан, кыймылынан ажыратчумун. Ал эми ар кандай жан-жаныбарлардын үнү жөнүндө айтпай эле коёюн. Мен үндү кызыгып, суктанып тыңшап жаттым. Үн болсо ансайын куулат, ансайын мени сыйкырлайт. Мен мурда таанып-билген добуштар, жан-жаныбарлардын үндөрү, куштардын сайраганы бир тең, жанагы токой жактан чыккан сыйкырдуу үн бир тең эле. Ал сыйкырдуу үн табияттагы эң бир кооз, уккулуктуу деген үн менен добуштун баарын өзүнө чогултуп, сиңи-

рип алгансыйт. Бул мен мурда уккан үндөрдүн, добуш-
тардын төрөсү сыяктанат. Бир маалда мен баягы ко-
үндү тыңшап отурам десем, сойлоп отуруп мен ошол ү
чыккан жерге барып калыпмын. Ошондо жөнөкөй, ар
карапайым көрүнгөн түтүкчөнү үйлөп коюп, үргүлө
отурган сени көрдүм. Жүрөгүм жарылып кете жазда
өзүмдү араң токтоттум. Сенин ак маңдайың, кырдач му
дуң жана кара көзүңдү жаап жоодураган жибек кирпи
териң менин эсимди оодарды. Сенин колуңдагы жөнөкө
көрүнгөнсүгөн түтүк өзүнчө бир керемет эле. Дүйнөдө
эң сулуу,, кооз деген нерсенин баары жөнөкөй болору
бир караган көзгө токтомсуз болорун мен ошондо түшүн
дүм. Көрсө, улуулук деген — бул карапайымдык турба
бы. Атаганат, сен ойноп жаттың. Мен байкуш сыйкырду
обонго эрип, боюм балкып жатты. Бир маалда сени
колуңдан түтүгүң түшүп, үргүлөп кеттиң. Мен сенин ка
шыңа келип, сени тиктеген бойдон көз ирмебей кара
турдум. Чиркин десе, башымды сенин төшүңө коюп эр
келегим келет. Сенин мойнуңа, денеңе оролуп чырмал
гым келет. Бир кезде сен түш көрдүң окшойт, кабагы
жыйрылып, ойгонуп кеттиң. Өңүң бузулуп, көңүлүң кир-
дей башыңды көтөрдүң да, чоордо кайрадан ойной баш-
тадың. Байкасам, ойноп жаткан обонун өз башыңдан өт-
көргөн өмүр жолуң экен. Тыңшап отуруп, мен өзүм да
обондун сыйкырына кошула сенин басып өткөн жолуңду,
кайгыңды, кубанычыңды, ашыктыгыңды толук туюп бил-
дим. Ошо жолу мен сени үйүңө чейин ээрчип бардым да,
керегенин башына сойлоп чыгып, таң атканча сени тиктеп
турдум. Түндүктөн айдын нуру түшүп бир керемет түн
өкүм сүрүп турду. Сен таңагарганча ойгонбодуң. Бирок
уйкуң тынч жана бейкут болгон жок. Уктап жатып да
бирде күлүп, бирде ачууң келип, кимдир бирөөгө тишиң-
ди кычыратасың. Кайрадан кимдир бирөөнү кучактагың
келет. Ал тургай түшүңдө бир саам ыйлап да алдың. Ушу-
нун баарын байкап отурган менин да көзүм илинип ке-
типтир. Ошо кезде токой тараптан булбул таңшып жат-
кан. Бир маалда уйку-соонун ортосунда жаткан мен ба-
ягы сыйкырдуу обонду кайра уктум. Көзүмдү ачсам, сен
чоордо ойноп отурупсуң. Сенин чооруңдун үнү чыкканда
булбулдун үнү тып басылып, куштар сайрабай, дирилде-
ген жел да токтоп табият тунуп, тынып калды. Сен ойноп
да, ыйлап да жаттың. Кезегинде Арзыгүлдүн атын айтып
үшкүрүнө тынып калып, кайра ойнойсун. Мен маң бол-
гондон шайым ооп, чарчап, араң дегенде үйгө келдим.
Баягысындай кыялкеч кызым өзүнчө жүргөндүр деп эне-

атам менин түрүмө бул жолу маани беришкен жок. Ошондон кийин мен жинди болгон эмече сенин артыңдан калбай ээрчип алдым. Бара-бара менин ал жайымды эне-атам түшүндү. Бул жөнөкөй көрүнгөнсүгөн чоордун жайын мен кийин эне-атамдан билдим. Бакалбайдын айтканы туура экен. Кыдыр Иляс чоордун жанын алып койдум деп ойлосо да, аны такыр үзүп койбоптур. Эгерде ойногон адамы жарашса, жана да анын кайгы-муңу канчалык зор болсо, чоордун минден бири кайрадан тирилип, табиятты, жан-жаныбарларды дагы эле болсо өзүнө багындырып, бийлеп алат имиш. «Сен минтип жинди болгонуңду токтотпосоң, чоорду тыңшаганыңды койбосоң— бул сыйкырдуу түтүк акыры сени адам кейпине айландырып таштайт» — дешти, бир ооздон биздин билермандар. Мага ошол гана жетпей жаткан. Сүйүнүп кеттим. Бирок оюмдагыны эч кимге билдирген жокмун. Мен адамга айланып, сулуу кыз болгум келди. Мен сага аял болуп, сени бактылуу кылгым келди. Өзүмө ант бердим. Сенин жаныңан чыкпай, сенин артыңдан калгым келген жок. Күндүр-түндүр сени ээрчип алдым. Менин оюмду түшүнгөн ата-энем аябай капа болушуп, мени жемеге алышканын бир билем. Мен көшөрүп айтканымдан кайтпайм. Менин энем аябагандай акылдуу, туйгуч эле. Ушу жерден айта кетейин, биз жыландардын султаны Шахимардендин тукумунан экенбиз. Биздин тукумдардан миң жылда бирден адамга айлангандар да болуптур. Бирок бир да бири толук кандуу адам болуп, адамдардын арасында жашабаптыр. Ага да күнөөлүү адамдардын өзү экен. Ушуларды түшүндүрүп келип апам муну айтты:

— Сенин толук кандуу адам болуп, адамдардын арасында жашап калышың үчүн үч жагдай керек. Чечмелеп айтканда: үч мээрим керек болот, — деп мага түшүндүрдү. — Адамзаттын турмуш-тиричилигиндеги үч мээрим сенин тулку-боюңа, каныңа сиңбесе сен кайрадан жыланга айланасың. Кайрадан жыланга айланган күндө да, сени жылан журтчулугу кабыл алышпайт. Ошентип байкушум, же жылан эмес, же адам эмес, эч кимге кошулбай, жалгыз жүрүп өлөсүң. Ал эми дүйнөдө жалгыздыктан өткөн тозок болбойт. Ушуга түшүнөсүңбү?

Мен адамга айланып, махабаттын кумарына каныш үчүн тозоктун бардык түрүнө макул элем. Ашыктык эмнеге алып келбейт. Анда мен азыркыдай абалга туш болом деп ойлогон эмес экенмин. Чыдамым кеткен мен:

— Элден мурда жанагы үч мээрим жөнүндө айтып бериңиз? —деп өтүндүм.

Энем кейип койду:

— Билип турам, азыр көзүңө жигиттен башка эч н
се көрүнбөйт. Мейли түшүндүрүп көрөйүн. Сен жакш
лап көңүлүңө түйүп ал. Биринчи мээрим — бул ма
бат, эркек менен ургаачынын ортосундагы сүйүш
ашыктык жышааны. Ушул улуу нерсе айкашканда га
өмүргө өмүр уланат. Өмүрдүн чексиздиги, анын үзүлб
түгү да ушу улуу сезимге байланыштуу. Сен сүйүп ка
дың. Жүрөгүң азыр күйүп турат. Сен азыр көлкүлд
эрип турган кезиң. Сен адамга айланып, сулуу кыз бо
гон күндө да, жигит сени сенчелик сүйө алар бекен. Кө
тин баары ошондо...

— Аялдын сүйүүсүнө эрибеген да эркек болобу?
деп койдум.

Энем баш ийкеди:

— Туура айтасың. Жигиттин ушу кезде жалгызды
тын азабын тартып жаткан кези. Мурда өзү ашык болг
кызына окшош сени көрсө ал тим эле алдыңа төгүлүп б
рет. Чын эле анда кеп жок. Экөөңөр бир жылча бактыл
болосуңар. Анан эмне болот билесиңби?

— Жок, — апа, — деп мен чынымды айттым. — Би
ринчи мээримди түшүндүм. Ал махабаттан же ашыкты
тан чыккан сезим экен. Экинчиси жөнүндө билүүгө бо
лобу?

— Аны мен жай түшүндүрүп келатпайынбы, шашпа
гын, — деди энем.

Мен унчукпай апамдын оозун тиктедим.

— Экинчи мээрим — бул энелик мээрим. Жалында
ысык махабаттан өмүр жаралат. Бала төрөлөт. Анс
болбойт...

— Аны мен деле билем, — дедим кыйынсына.

Энем мени мыскылдай күлдү:

— Билгениңден биле элегиң көп, ашыкпа. Эне болу
кудуретине жетишип, бала төрөө деген оңой бекен? Аны
үстүнө сен адам тукумунан болсоң бир жөн. Адам касие
тин каныңа толук сиңире элек жатып, анын сырын кайда
билет элең. Махабат канчалык ширин болсо, эне куду
ретине ээ болуу, бала төрөө — ошончолук азап. Толго
учурунда аял жарык дүйнө менен коштошуп кайра жа
нат. Аялдын отуз омурткасы сыздайт. Эти эзилип, сөө
төрү эрийт. Төрөт учурундагы дарттын күчү ушунда. Ал
аялдын эс акылын алат. Аял байкуш миң кубулуп чаба-
лактайт. Жаны кыйналган бечара ошол саатта ыйык ма-
хабатына шек келтирет. Кептин баары ушунда... Адам-
дын төрөлүшү канчалык оор болсо, адам болуп жарык

дүйнөдө жашоо ошончолук азап деп айры буттардын акылманы бекер айтыптырбы. Адам дүйнөсүнүн татаалдыгы жөнүндө дагы эсиңе салармын. Азыр сен аял кейпин кийип, анан бала төрөгөн учуруңду элестетип көрчү. Жаның кыйналганда бирде адам болуп—аял болуп, кайра нечен жолу жыланга айланасың. Антип аял менен жыландын ортосунда турган сени көрсө адамдардын эси чыгат. Сенден, балаңдан да баш тартып майып кылып койсо кантесиң. Жыландын кыял-жоругун өздөрү жакшы билишпейт да, адамдар жылан дегенде так түйүлө качышат. Ал эми достукка, сүйүүгө, жолдошчулукка жыландай бекем эч жан жок экенин алар билишпейт. Ошентип, кызым, койнунда жаткан катыны жылан экенин билсе, эриңдин жүрөгү түшпөйбү. Кечтим махабатыңдан, тойдум жыргалыңа деп сени кетмендеп салса кантесиң. Аман-эсен төрөгөн күндө да жылан деген атың эгерим өчпөйт. Тукумуңа доо кетет, байкушум.

— Анда мен кантем, энеке! — Жүрөгүм өрттөнгөн мен ыйлап жибердим.

Энем мени соорото сүйлөдү:

— Билем, махабат деген ал азаптуу дарт. Мында бир гана айла бар. Толгооң келген мезгилден тартып, туура жети күнгө чейин сени эч ким көрбөш керек. Эгерим адам көзүнө чалдыктың эле, сен жылан боюнча каласың. Ошол жети күн ичинде сен балаңа эмчек сүтүңдү эмизип энелик мээримге канасың. Баланды сүйүп, баланды эркелеткен сайын адамдык кудуретиң артат. Адамдык касиетиң күчөйт. Ушуну менен эле жыргап калам деп ойлобо. Сенин энелик мээримиңди толукташ үчүн бала таш эмчегиңди бир жылга чейин кактап эмиш керек. Бала сенин мамаңды өзү жеримейинче эмизе бер. Анан баланын күлкүсү чыгып, кыял-жоругу башталат. Баланын мээрими бири-бирине сиңишип өтүшмөйүнчө сен толук кандуу адам боло албайсың. Деги эле мен айткан ушул үч мээрим —бири-бирине жуурулушуп, каныгып дегендей бири-бирин толуктап тургандыктан гана, адамзаттын өмүрү башка жан-жаныбардыкына окшош эмес. Ошентип сенин адамга айланышың үчүн алдыңда оор сыноо турат.

— Сиз айткандай болсо, анын эмнеси оор, энеке! — дедим мен.

— Сага аны түшүнгөнчө көп бар.

Энемдин сөзүн мен дагы эле капарыма албадым:

— Мен баарына чыдайм...

Энем кейиди да, эми мени аягандай буларды айтты:

— Билип турам, сен го баарына чыдайсың. Баа... көтөрөсүң. А адамдарчы? Адамдарга ишениш кы... кызым.

— Башынан эле адамдарга ишенбейсиз. Аны мен... лем, — деп мен энеме кадимкидей каяша айттым... Отту өздөрүнө багындырган адам. Жан-жаныбар... баарынан бийик турган, баарынан улуу, баарынан ак... дуу адам. Андай болсо, эмне үчүн адамдарга ишен... сиз?

— Туура айтасың... Адам аттуунун баары бир... эмес. Алардын ичинде да боорукер, жароокери көп. ... гизинен адам тукуму толук жакшырып, мүлдө ба... мээримдүү болгончо көптөгөн жылдар өтөр. Жан к... наган эмгек, тынбай мээнеттенүү гана о адам туку... жакшыртат. А бирок, адамдын баары текши эмгектен... си келбейт. Алардын ичинде өздөрү үчүн башкалар... иштетип, жыргалды жеке өзү көргүсү келгендер көп. ... нүйө күтүп, байлыкты эңсеген адамдын напсисине ... коюу кыйын. Адам байыган сайын байысам деп сама... Деги адам баласы эч качан дүйнөгө тойбойт. Биз, ж... ландар курсагыбыз бир тойсо башка менен ишибиз ж... дүнүйө капар жүрө беребиз. Адамдар сарандык, ач к... дүк деген жаман оорудан оңой менен кутула алышпа... Байлыгы канчалык көп болсо, алар ошончолук өздө... алдуу сезишет. Байлык көп жерде: чоңдук, зомбулук, ... рө албастык, ичи тардык, адилетсиздик өкүм сүрөт. М... на ушундай бири-бирин көрө албаган олуялардын а... сында кантип жашайсың. Алардын ыгына көнүп, ал... дын дилин түшүнгөнчө кыйналарсың...

Мен энемдин оозун тиктейм.

— Адамдардын дагы бир кемчилиги — алар сүй... гөндөн тажашпайт. Сөз көп жерде ушак чыгат. Ушак... уккан сайын дил бузулат. Ушак бар жерде жакшыга... жаман, акка — кара, акыйкаттыкка — кара ниеттик ү... төмдүк кылат. Түшүнсөң адамдардын турмушу тата... Дагы айтам, алардын арасында жашоо сен үчүн өтө к... йын болоор, — деди энем мени аяп.

Мен ыйлап жибердим. Жанган үмүтүм өчүп, са... жетпей калат экенмин деп ыйладым. Акылдуу энем м... ни түшүндү да, кайра сени сыпаттай кетти:

— Болочоктогу эриң турмуштан запкы жеп, азап че... кен байкуш. Өз керт башы дурус неме. Болуптур, анд... өз тагдырыңдан көр. Сүйүү мээримине кабылдың. Сени... сыйкырдап, жүрөгүңдү эзген жалгыз махабат эмес, жа-нагы чоор деген эменин үнү. Ошол сыйкырдуу түтүк бол-

босо сен мынчалыкка барбайт элең. Сенин жигитке канчалык мээримиң түшсө деле жылан бойдон калмаксың. Билип ал, махабат мээримине ээ болсоң да, калган эки мээримге канмайынча сен накта адам катарына кошулбайсың. Эне менен баланын мээрими гана сени биротоло адам кылат. Ансыз сен же адам эмес, же жыландарга кошулбай, жалгыз жүрүп өлөсүң. Ал эми тирүү жан үчүн-жалгыздыктан өткөн тозок жок.

...Ошентип эне-атам ыйлап, бүтүндөй жыландар ыйлап, мени менен биротоло коштошушту. Андан соң мени энеден туума жыланач бойдон токойдон жолуктурдуң. Мынакей менин тарыхым. Ээнбаштыгым башыма тийди. Тил алган жок элем. Мына эми энем айткандай тозокко кабылдым. Арга жок. Мейли, тагдырдын ушунусуна да рахмат. Сүйүүгө кандым, жүрөгүм жылынды. Аялдык кудуретке ээ болдум. Бала төрөдүм. Бирок таш курсагымды бошотсом да, таш эмчегим бошобой арманда кетип баратам. Баламдын күлкүсүн көрбөдүм. Баланын ширин сөзүн уга албай калдым. Тогуз ай көтөрүп, томугум сыздаган, он ай көтөрүп омурткам сыздаган баламдын «Эне» деген ширин сөзүн уксам болот эле. Эркелетип, ыйлаган көз жашын көрүп, ай жүзүнөн аймалап сүйсөм болот эле. Балтыр этин торолтуп, баарына чыгарсам болмок. Армансыз дүнүйө болбойт тура. Айла жок. Баланы жакшы бак. Чымындай жанын кор кылба. Сүйүү мээриминен жаралган, кандан бүткөн, жандан бүткөн медеримди мен дагы өлөр өлгөнчө эстен чыгарбайм. Ыңаалаган үнүнө зар болсом да чыдайм да. Арман көп... — деп байкуш аял акырындай бүт бойдон жыланган айлана баштаптыр.

Ошо кезде, балдарым, шолоктоп ыйлап жаткан Бөрүбайдын боорундагы ымыркайдын да ыңаалаган үнү чыгат. Ого бетер шолоктогон Бөрүбай эңкейе берип сурайт аялынан:

— Баланын тагдыры не болот? Өзүң жок кантип багам бу кызыл этти? Эч болбосо кеңешиңди айтып кет.

Ушу тапта аялдын бүт денеси жыланга айланып, башы гана адамдыкы боюнча турган дейт. Ошо жерден жылан токтой калып, эринин алдына сойлоп келип:

— Тос колуңду, — дейт.

Бөрүбай алаканын тосот. Ыйынып-ычкынган аял куйкасынан бери жыйрып келип, кабагын катуу кысканда, анын оң көзү бөлт этип эринин алаканына кулап түшөт да, чечекейинен ажыраган чанактан кызыл кан шуушуңдөп жерге тып-тып эте тама баштаган дейт.

Балдарым, атам жомоктун ушу жерине келгенде м дагы кошо ыйлап, көпкө басылчу эмесмин. Оңой бек баласы үчүн эне чечекейин чукуп бергенден да кай тартпайт тура. Бала үчүн эне эмнеге гана барбайт. К рачы, ал баарына чыдайт. Эненин көзүн ал эмне кыл дейсиңерби? Сурооңор эң туура. Ал жөнүндө азыр айта Кан аралашкан алакандагы көздү Бөрүбай аярлай ка мап, буркурап ыйлаган бойдон сураптыр:

— Ардагым, көздү мен эмне кылам? Түшүндүр кет.

Анда аял сүйлөптүр:

— Бала ыйлай баштаганда таңдайына сала кой. Би аз соргон соң курсагы тоёт. Анан кайра алып, таза идиш ке сакта. Бир жашка чыкканча балага башка тамакты кереги жок. Эне чечекейинин күбаты баланы ачка кыл байт. Оозуна салгандан кийин унутуп калба. Деги са бол, бала байкабай чечекейди жутуп албасын.

Ыйлап жатып Бөрүбай кайрадан сурайт:

— Сени мен кайдан издейм? Кайдан табам? Эң ку дегенде кабарыңды билгизе жүр, ардагым?

— Байкушум, мени издеп эмне кыласың? Андан көр менден түңүл, мени көргөндө не пайда. Мен жылан, се адамсың. Кейпимди көргөндө өзүң жийиркенип, бала коркот. Жыландын сүрү күчтүү. Кез келген сайын жү рөгүң муздайт. Бир аз күндөн кийин өзүң деле мени тез унутарсың. Махабатка бекем кайсы эркек бар экен.. Менин жылан сүлдөрүмдү тез унут. Жылдыздуу Арзы гүлүңдү эсинден чыгарба. Энең жылан болгон деп бала га эч качан айтпагын.

Аял толук бойдон жыланга айланып, шарт бурулуп жүрүп баратканда Бөрүбай дагы өтүнөт.

— Ардагым, кылчайбай эле кете бересиңби? Акыр кы сөзүңдү угуп калайын, менин өзүмө бир каалоо айт. Эстей жүрөйүн, көңүлгө түйө жүрөйүн.

Анда жыландын эрине кайрылып айтканы бул:

— Баса, адамдар жөнүндө энемдин айткандары туура экен. Аны азыр түшүнүп отурам. Айткандай, адам али адам боло элек турбайбы. Алар али күнчө далай кемчиликтен арыла, тазара электигине көзүм жетти. Мисалга сени эле алалы. Убадага тура албай жалакайлык кылдың. Акыры минтип убалыма калган өзүңсүң. Шорум кайнап ара жолдо турам. Эмнеликтен силерде көктүк, чыдамкайлык аз? Ушак-айыңга тез ишенесиңер! Силерде көшөкөрлүк, курулай акчылдануу күчтүү. Боору таштык жана арамзалык да силерде. Күчтүүнүн алдында

баш көтөрө албай: «Бийлик бар жерде, кулдук бар» — деп, ага жүгүнүү силер үчүн көнүмүш иш. Байкушка, бечарага бооруңар ачыбайт. Капа болсоң да айтайын: боору таштык, кара өзгөйлүк да силерге таандык. Душмандашкан адамыңар жеңилсе, ага ылайык кечирим берүү деген болбойт силерде. Тепсеп, жанчып, башын ийнинен бөлүп таштамайынча көксөөңөр суубайт. Силер кээде итче да болбогонуңарга таңмын. Ошого кадимкидей кейип кетем. Иттер талашканда жыгылып берип, төрт буту асманды карап калганын каппайт. Көксөөлөрү сууп, ага кечирим бере туруп кетишет. Ушак айтуу жана бириңерди бириңерге көкүтүү да силерге таандык. Ыйманына камчы уруп, чын ишти жалган деген жандимилер да силерде. Салттуу жана ыймандуу карыбаган шүмшүк чалдар араңарда али көп. Мисалы, Бакалбай куучуну силер олуя көрүп, пайгамбарга теңейсиңер. Аныңар эч кимге жакшылык кылбайт. Силер үчүн ал ак сүйлөгөн акылман, көптү билген даанышман. Анысы калп. Арамдыгы адалдыгынан ашып түшөт. Танбайм, билгени бар, көргөнү көп. Анын баары жеке керт башынын кызыкчылыгынан ашпайт. Элиңерди бөлгөн, араңарды жиктеген ошол арамы. Көзүнөн чаары, бетинен заары чыгып башка кандан кошулган тукумдарга эмнеликтен жүз үйрүйт ал? Анткени анын ичи тар. Алдыма эч ким чыкпаса деп ойлойт. Боорукердик, адамкерчилик жөнүндө көп сүйлөгөнү менен андан өткөн мыкаачы жок. Эмне үчүн элге кошулбай жалгыздап жүрөт ал? Жайды жайлата ал суурга жана анын чөндөлөйүнө капкан салат. Жыландардын ордосун бузуп, жылан кармайт. Суурдун майын кайнатып, анын боорун жейт. Жыландын жаагын тирүүлөй айрып, өтүбүздү алат. Уубузду чогултуп, этибизди кургатат. Чөндөлөйдү кыйнап, анын терисин тирүүлөй сыйрат. Байкуш чөндөлөйдүн жаш этин жегенге кумар. Жегенде да аны бышырбай чийки жейт. Чөндөлөйдүн канын сорот. Ошондуктан ал кузгунча көп жашады. Жыландын өтүн ичип, уубузду дарылыкка пайдаланат. Биз андан коркобуз, биз жылан тукуму — аны жек көрөбүз. Эгер эле Бакалбайда көрөгөчтүк, сергектик бар болсо, ал бизден жуккан. Анын мээсин сергиткен биздин кан, биздин табыят. Бакалбайды эмчи-домчу кылган биздин шарапат. Айтарым, Бакалбай чалга ылайым ишенбе. Бизди бөлгөн, биздин убалыбызга калган ошол арамы. Илгертен анын бизде өчү бар. Жыландын даанышмандыгын, анын ыйыктыгын ал билет. Деги эле жыландын каны менен адамдын каны кошулса эмне болмок? Анда силерге

биздеги тазалык жукмак. Тукумуңар жакшырып, к
чекте таза мууңдар көп болот эле. Дүнүйөкорлуктан
көздүктөн арылмаксыңар. Туруктуулук, көктүк, эр
мүнөзүңөрдө басымдуулук кылмак. Агарат элеңер, к
рөт элеңер анда. Жылан өлүп атса да даттанбайт, к
бейт. Дым чыгарбай өлөт ал. Эмики айтарым, алдагы
ла кандан бүткөн, жандан бүткөн, махабаттын мээри
нен бүткөн перзент. Мындан ары ушул жалгызды
зүңдүн карегиндей сакта. Наристеге аталык мээрими
аяба, менин жайымды билгизбе. Эс киргенде энең төр
төн каза болгон деп түшүндүр. Энемдин бейити ка
деп кыйнаса, эски молону көрсөт. Эңилчек баскан мо
ну мыкчыса, көксөсү сууйт. Эзил жаның кыйналса, эн
деп бала ыйласа, үйүнө ак жоолук кийирип ал. А
айылдан башка жакка көчүп кет. Сөз укпасын жубай
Ушакка кабылбасын ал. Мени эгерим издебе. Ажал ж
тип өлгөнчө жалгыздын күнүн көрөм. Кызыкчылыгы ж
болсо да өмүр сүрүү ар бир тирүү жан үчүн парз. Өз ж
нымды өзүм кыйбайм. Антип күнөөгө батпайт жылан т
куму. Кош бол, асылым. Мээримиңе жылыдым, өзүңө
мээримим өттү. Кош бол, махабатым. Арманым, куй
түм... — жылан боз үйдөн шарт сойлоп чыгып баратка
да буркурап ыйлаган Бөрүбай артына кыйкырып кала

— Эгер сени издесем кайдан табам?

Жылан жүрүшүн токтотпой жооп берет:

— Бир болсом Турна-Көлдөмүн. Андан таппаса
Жашыл-Көлдөн изде. Анын эмнеси кызык сага. Издеб
мени, ардагым!

Ошо боюнча жылан жүрүп кеткен экен, балдарым.

Эсентур, ыйлаган сенби? «Жыланды аяп жатам
Аның дурус экен. Айтпадымбы, боорукердик адамдаг
жакшы мүнөз. Иши кылып аман эле жүр. Акыры мени
жомогумдун маанисин да түшүнөсүң. Жомок демекчи, а
бүтүп деле калды. Эми силерге жомоктун аяк ченин а
тып берейин. Ошентип, Бөрүбай жылан менен кош айт
шып, ымыркайы менен жалгыз калат. Анын ортосунд
бир жылга жакын мезгил өтөт. Жигит канчалык кус
болсо да жылан катынды издемек беле. Ал күндүр-түн
дүр кызыл эт баласын багуу менен алек. Жанынан
карыш жыла албайт. Баласы ыйлаган сайын таңдайына
энесинин карегин сала коёт. Наристе аны бир аз сорсо
эле курсагы тоюп, көшүлүп уктап калчу экен. Айткандай
атасы ар дайым баланын таңдайындагы каректи алып
чөйчөккө салат да, үстүн жаап койчу дейт. Ошентип кыш
өтүп, жаз чыгат. Өзү болсо Аңыр-Көлдүн боюнан кет-

дейт, эл-журтка да кошулбаптыр. Аңгыча жай чилдеси да кирип келет. Бир күнү баласы ыйлаганда, Бөрүбай каректи анын таңдайына салып коюп унутуп калат.

Балээнин баары мына ушул жерден башталат. Наристе каректи соруп жатып, жутуп ийиптир. Бир жылдан бери карек өзү деле кичирейип отуруп, баланын тамагынан өткүдөй болуп калса керек. Атасы эстей коюп баланын оозун караса карек жок. Бөрүбайдын айласы кетет. Эми эмне кылмакчы? Кечке жуук бала катуу ыйлайт. Анын курсагы ачканын билген атасы, эптеп тамак бериш болсо бала оозуна наар албайт. Сүт берсе ичпейт. Каймак берсе жебейт. Бала какылдап ыйлоонун үстүндө. Ошентип, айласы түгөнгөн Бөрүбай боз үйдүн эмеректерин атына жүктөп, жалгыз уюн жетелеген бойдон жылан аялын издеп жөнөйт. Көкүрөгүндө көтөргөн бала. Жашыл-Көлгө барса, анда жок дейт аялы. Ак-Көлгө барып, мындан таппайт. Бала ыйлап отуруп алы кетет. Курсагындагы энесинин кареги болбосо, ал ачкадан өлүп калмак. Бирок ал карек дагы бир аз күндө эрип түгөнөт да. Ошентип эч жерден жылан аялын таппаган Бөрүбай койнундагы чоорун колуна алып, арман-зарын айтып ыйлай баштаган дейт. Чоордун үнү, чоордун муңу шамал аркылуу жеткен го. Бир күнү бала көтөрүп, азып-тозгон Бөрүбайдын алдынан баягы жылан-эне каршы чыгыптыр.

— Эмне болду? Чоордун муңун укканда жүрөгүм түшүп калды. Деги бала аманбы? — деген экен.

— Балаң аман! — дейт да күнөөлүү Бөрүбай болгон окуяны аялына айтып берет.

— Айтпадым беле, бала каректи жутуп албасын деп. Болбостур эми. Жүрө бергин менин артыман. — Жылан сойлоп жөнөйт. Бала көтөргөн Бөрүбай анын артынан калбайт. Бир кезде алар жылан эне жашаган Турна-Көлдүн жээгине келишет.

Алар көл четине жетишкенде жылан эне күйөөсүн, алсыраган баласын тиктей берип:

— Тос, алаканыңды, — дейт. Бөрүбай колун тоскондо жыландын экинчи кареги, эринин алаканына топ этип кулап түшөт. Жалгыз көздүн чанагынан шүүшүн кан тып-тып этип кара жерге таамп жатты дейт.

Айласыз Бөрүбай солкулдап ыйлоонун үстүндө. Эси оогон жылан сулк жатып калат. Бечара жигит баланы салкасынан сала коюп, каректи бергенде ал соруп кирет. Бир аздан кийин курсагы тойгон наристенин бетине кан жүгүрүп күлкүсү чыгат. Атасы каректи анын оозу-

нан ала коёт. Баланын үнү чыкканда жылан эне баш
көтөрүп, эрине өтүнгөн тура.

— Ардагым, эми мен капкараңгы түндүн ичинде к
дым. Мага мындан ары жашоонун кандайча кереги б
Андан көрө башымды таш менен жанчып өлтүр да, кө
кой. Бир айнегим барда эптеп жан бакчу элем. Эми к
тем...

— Колум барбайт. Андан көрө өлгөнүм жакшы.

— Акылсызым, сен өлгөндө бала кантет. Ал куру
бы. Өлбөйбү ал.

— Ардагым, колум барбайт. Кантип башыңды ж
чам?

— Сенин колуң барбаса, мен дагы өз жанымды к
албайм. Жыландар үчүн өз жанын өзү кыюу чоң күн

— Антпе, чогуу жашайбыз, мен сени багам. Кор кы
байм.

Бөрүбайдын сөзүнө жылан макул болбойт:

— Макул, чогуу жашайлык. Анан балага эс кирг
де канттиң? Энеси жылан экенин билсе жүрөгү түшп
бү.

— Азырынча чогуу жашап көрөлүчү...

Жылан башын көтөрүп, ойлоно калат да, кайра ө
акыл салат:

— Андай болсо мен көлдүн ичинде жашайм. Көл ж
луу. Ал кышында тоңбойт. Мурда тамак таап жечү эл
Эми эптеп оозумду ачсам тишиме бирдеме илинер.
мыр, балыр болсо да жарай берет. Андан көрө сил
үйүңөрдү көлдөн окчун жерге тиккиле. Мен таң атканы
күн батканын көрбөйм да. Күн бүркөлүп түн түшкөнү
капарыма кирбейт.

Бөрүбай күнөөлүүдөй унчугат.

— Ошо жагы жаман болду...

Жылан сүйлөйт:

— Жаз, жай, кыш менен да ишим болбойт. Ошонду
тан сен кез-кез бала уктап жатканда жаныма келип, чо
тартып, жарык дүйнө жөнүндө кабар салып тур. Бир
мен жөнүндө бала такыр билбесин. Эгер ушул убада
турбасаң эле сени өлөр өлгөнчө жек көрүп жүрүп өтөм

Ошентип, байкуш жылан көлгө сойлоп кирип кеткен
дейт.

* * *

Айткандай Бөрүбай Турна-Көлдөн окчунураак жерге боз үйүн тигип, эптеп оокатын кыла баштаган экен.

Эртең менен баласы уктап жатканда Бөрүбай көлдү көздөй чаап келет да, чоор аркылуу күндүн чыгып келат-

канын кабарлайт. Ошондо жылан көлдөн сойлоп чыгып, башын созгон бойдон теребелге көз салат. Чоор табияттын ажайган маанайын бүт бойдон күүгө салат. Көгүш жалбырактар, апакай булут, асманда каалгыган бүркүт, кумайда жайылган кийиктер, качкан түлкү, токойду жойлогон кабыланга чейин кабар берет. Көшүлгөн күн нуру, көйкөлгөн шиберлүү гүлдөр, көз кумары канбаган сулуулуктун баарын күүгө салат чоор.

— Баарын көрүп турам, — дейт ыраазы болгон жылан.

Анан жылан эне чоор үнүнөн баласынын кыял-жоругун, күлкүсүн угат.

— Өнөрү чыгып, адам болуп калыптыр. Ыраазымын сага. Ыраазымын жашоого дейт...

Жылан эненин кубанганына сүйүнгөн Бөрүбай ойной берет. Ал ойноодон тажабайт. Анын сыйкырдуу күүсүн бүт табыят тыңшайт. Жан-жаныбар бүт угат.

— Ыраазымын сага, болду эми. Бала ойгонду, баргын, — дейт жылан эне.

— Шашпа, ардагым! Бала качан ойгонорун билем мен. Сага тамак ала келгем, андан көрө ичип ал, — деп ынак сүттү анын алдына коёт. Сүттү ичип, ыраазы болгон жылан эне Бөрүбайды алкайт:

Жашоодон бекер үмүт үзүпмүн. Көзү жок жашоонун да өзүнчө кызыгы болорун ким билиптир. Ыраазымын, Бөрүбай. — Ал эрин чын ниетинен алкайт.

Бөрүбай көл жээгине түштө келет. Кечинде да келет. Күздө жана бороон улуган кышта да чоорун тартып көл жээгинен чыкпайт. Эгерде уйкусу келбеген бала жанынан чыкпаса, ал боз үйдүн жанында туруп алып чоордо ойной баштайт. Баары бир чоор үнү жылан энеге жетет. Чоордун касиети ушунда — ал үйүндө болуп жаткан кыймыл-аракеттин баарын көрө алат, баарын тыңдап билет, көңүлү жайланып, ан сайын жашоого болгон кумары таркабайт. Өзгөчө уулунун тили чыккан кезин айтып, анын сүйлөгөнүн, күлкүсүн, кыял-жоругун чоордон укканда бүтүндөй жан дүйнөсү козголуп, көңүлү көкөлөйт. Өмүрдүн коోздугуна, жашоонун сонундугуна таң калат. Ал Бөрүбайдын чоордо тынбай ойной берүүсүн самайт. Кайрадан жүрөгү кубанычка толуп, адам өмүрү чексиз, жашоосу татаал турбайбы деп таңгалат. Мындан башка бакыттын мага кереги жок деп жаратпкандан тилейт. Өзү үй бүлөсү менен кошо аралаша жашап жаткандай көрөт. Бүт тулкусу жылан экенин унутуп да коёт. Келген сайын эрине акылын, кеп-кеңешин айткандан не бир тажа-

сачы. Ал баласын өңүнөн тааныйт. Кирпик-кашына чейин көрүп турганына сүйүнөт. Чоор үнүнүн сыйкырына ал таң калганын такыр койгон. Мына ушинтип арадан жети-сегиз жыл өтүптүр. Жашоо Бөрүбай үчүн да кызык, жалгызсыроо деген анда жок. Мурдагыдай капалануу дегенди билбей баласын сүйөт, ансайын жүрөгү толкуйт, ага жалынат. Айткандай «апам кайда?» деп бала алгач сураганда Бөрүбай аны ээрчитип барып жалгыз бейитти көрсөткөн болчу. Ага ишенген бала атасын ээрчий жалгыз бейитке барып келсе энесин көргөндөй, аны менен жолуккандай кадыресе каниет алып калар эле.

Бир жолу атасы жумуштап кеткенде энесин эстеп кусa болгон бала жалгыз бейитке келди. Бала көк чым баскан молонун этегинде муңга батып мулуюп, башы салаңдайт. Ошо кезде добуш чыгат. Бала башын көтөрсө бет алдында көзү кылыйган Бакалбай чал. Бала аны чалтаануучу. Ызаат кылган ал ордунан тура калып, аксакал кишиге салам айтты:

—Ия, жубарымбек, эмне кылып отурасың? —деп зекиди чал.

— Энемдин бейитине келдим, ата!

— Эмне дейт? Кайсы энеңдин?

— Өз энемди айтам, ата! Ал ушу жерге көмүлгөн, — деп бала муңайса, чал карс-карс күлдү.

— А бечара, бул жерде мындан отуз жыл мурда өлгөн Көчөрдүн кызынын сөөгү жатат.

— Анда менин энемдики кайда?

— Сенин энең тирүү. Аны өлдү деп ким айтты сага?

Сүйүнүп кеткен бала ордунан тура калат.

— Менин энем тирүүбү? Билсеңиз айтыңыз, ата! Ал кайда?

— Байкушум, аны тапканда сага пайдасы кайсы. Сен жыландан туулгансың!

Жүзү куулуп, бирде мостоюп, бирде күлүп турган бул саргыч чалга ачуусу келген бала башын чайкады:

— Калп айтпаңыз. Жыландан адам төрөлбөйт. Мен сизге такыр ишенбейм.

Ишенбесең барып көр. Көл жактан атаңдын чоорунун үнү чыкканда жылан энең көлдөн чыгып келип, атаң менен адамча сүйлөшө баштайт. Экөө кадимки эрди-катындай сүйлөшүшөт. Мына ошондо нака ишенесиң. Бирок тил алсаң барбай эле кой. Эне сөрөйдүн түрүн көрүп эсиң чыгат. Анын үстүнө байкуштун эки көзү жок.

Дагы эле ишенбеген бала сурайт:

— Аны сиз кайдан билесиз? Эмне үчүн энемдин көзү жок?

Чал болгон окуяны түшүндүрүп келип, муну айткан экен:

— Сен жубарымбек, ошентип жаштайыңдан энеңдин эки көзүн жутуп алгансың. Эми ишенбесең барып энеңди көрө бер. Тигине, атаң чоордо ойной баштады.

Ошо жерден бала көл тарапты көздөй ыйлаган бойдон чуркап жүрүп отурат. Көл четинде чоор угуп, эри менен сүйлөшүп отурган жылан эне уулунун үнүн укканда эрине бир кыйкырып, көлдүн тереңин көздөй качып жөнөгөн дейт.

— Мен айткан жокмун. Менин оозуман чыккан жок — деп карганган Бөрүбай уулунун жолун торой чуркайт. Бала атасын буйтап өтүп, көлгө боюн таштайт да, куйрук башы араң көрүнгөн жыланды көздөй «энекелеп» сүзүп бара берет.

Балага тоскоол болчу эч кандай күчтүн жоктугун сезген атасы анын артынан жөнөйт. Атасынын ач кыйкырыгына бала көңүл буруп да койбойт. Атасы ого бетер үн салат:

— Аманат, Аманат, токто! Каралдым, көлгө чөгөсүң!

«Көлгө чөгөсүн» деген сөздөн улам жылан эне артка кайрылат да, чын эле көлгө чөгүп өлбөсүн деген кыязда ал баланын жолун торой артка карата сүзүп келе берет.

Эки көзү жок, караманча сокур алты кулач ак жыланга жеткенде бала эч бир коркуп жана үркүп койбостон энесинин башынан кучактай берип:

— Энеке, энеке! — деп солуктап ыйлагандан башка сөз сүйлөй албаптыр.

Жылан дагы баласына алты оронуп, анын демине, жытына чыдабай муундары бошогон байкуш эчкирипөксөп ыйлаган тура. Чындаса, сокур көздөн жаш чыгат деген макал бар. Бирок жыландын көзүнөн жаш ордуна кан чыгыптыр. Эне-балага жетип атасы да кошо ыйлай баштайт. Ал эми ошондо баланын көзүнөн аккан мөлтүр жаш, шор жаш жыландын сокур көзүнө тамат. Кызыгың гүшкүр, жаш тамган сайын жылан эненин көзү ачылып, ага көз бүтүп, ал бир заматта суйкайган сулуу аялга айланган турбайбы. Кучакташа калышып, бирде күлө, бирде өбүшүп, бактыга тунган үч адам көлдөн чыгып келатканда күн күлүп жиберет. Дүйнө, чар чарап ого бетер кооз боло түшөт. Ошо кездеги эне, бала жана ата үчөөнүн бири-бирине төгүлгөн мээримин сүрөттөөгө сөз жетпес, балдарым...

Анан эмне болду? — деп сурабайсыңарбы.

Ооба, ал аңгыча каткыра күлүшкөн үч адам жээкке жете бергенде Бакалбай чалдын үнү аларды селт эттирди:

— Бактыңар кут болсун, Адам атанын тукумдары! — Кексе чал үчөөнү сынагандай тиктеп, деги бир кебелбейт. Куттуктоого ишенбеген Бөрүбай аны баамдай карады. Ансыз да майда тырыш баскан саргыч жүзү сөөгүнө жабышып, чалдын күлүп же мостоюп турганы такыр сезилбейт. Кыжыры келген Бөрүбай орой жооп берди.

— Чекеге чыккан чыйкан болдуң го. Дагы кандай доон бар бизде?

— Мен силерди куттуктап жатам... Тилегеним жакшылык.

— Качантан бери бизге жакшылык тилеп калгансың?

Чал күлдү:

— Мен силерге жамандык да кыла элекмин.

— Жамандык кылбасаң, биз сегиз жыл жапа чегет белек.

— Сегиз жыл силер сыноодон өттүңөр.

— Сенин буйругуң менен...

Бөрүбайдын кыжырланганына чал капа болгон жок:

— Кудайдын буйругу ал, пендем.

— Анда Кудайдын көзү бизге түз экен.

— Кудай эч кимди алдабайт.

— Аны мен да билем.

— Ошон үчүн силерди куттуктап жатам...

— Андай болсо бизге жол бериңиз, ата? — Эринин чапанын жамынган Арзыгүл жүгүнүп койду.

— Башыңдан бактың кетпесин! Этегиңден жалга, келин бала.

Чалдын батасына ийиген келин ага кайрадан үч ирет жүгүндү. Чал да жибип кетип, үнү дирилдеп мээрим чачты.

— Умай эненин жолун жолдо. Ылайым ырыстан кем болбо, — дей берип, башы салаңдай түштү. — Мен жөнүндөгү оюңду толук билем. Бирок ага анча капа болбойм. Эгер менде ошончолук кемчилик болсо, ал адам тукумуна таандык. Өзүң айткандай адам тукуму жакшырмайынча ал кемчилдик башыбыз менен кошо жатар...

Келин уялгандай башын салды:

— Жан кашайганда, мүмкүн сизди көбүрөөк каралагандырмын.

— Аны билем дечи.

— Мен ойлогондой караманча эле жаман адам эмес экениңизди азыр сезип турам, ата.

— Ырас, ошончолук жаман болсом эл ичине батамбы. Дегинкиси, сиз айткан мыкаачылык менен боорукердик көп кишинин табиятында чогуу жашайт...

Келин кейиди:

— Деги, адам тукуму андан качан арылат?

— Акыры келип арылары анык. Ал үчүн көп жыл бар...

— Качан деги?

Чал сөздү башкага бурду:

— Сиз айткан үч мээримге башында мен ишенген эмесмин.

— Эмичи, ата?

— Эми ишендим! Өзгөчө кийинки эки мээримге. Көрсө, бала менен эненин мээриминен артык эч нерсе жок тура. Сени адам катарына кошкон да ошол эки мээримдин күчү.

Келин жылмайды:

— Ансыз мен бул жерде турбас элем.

Чал кайрадан каада күттү.

— Адам тукуму бактылуу болуш үчүн үч сезим кантсе да аздык кылат.

Келин чочуп кетти.

— Кандайча?

— Аң үчүн, мен силерге бир тамсил айтып берейин.

Чал дагы бир балээни баштабасын деп, кепке Бөрүбай аралашты:

— Аксакал, биз үйүбүзгө кетсек...

— Бир бээ саамчалык убактыңарды бөлгүлө. Тамсил силер үчүн эмес, мына бул наристе үчүн керек.

Бөрүбай наараазы болду:

— Ошончолук элеби?

— Ооба! — Чал кесе айтты.

Арзыгүл баласын сүйүп жатып сүйлөдү:

— Бала үчүн болсо айтсын...

Чал жалпак таштын үстүнө мандаш урунуп отура калды. Тигил үчөө анын оозун тиктөөдө. Асман чайыттай ачык, чаңкай түш чен эле...

— Баш аягы жок чер токойдо, кенен токойдо көптөгөн башка айбанаттар сыяктуу эле Арстан менен карышкырлардын көк жалы Каблан да жашашчу — деп баштады Бакалбай. — Жан-жаныбардын бардыгы экөөнү тең сыйлашчу, экөөнү тең урматташчу жана экөөнөн тең чочуй турушкан.

Күрүлдөй үн чыгарып, Арыстан түнт токойду аралап

өткөндө айбанаттардын баары жүгүнүп салам айтып, кээси айбыккандан жашына калышып, анын көзүнө тик карай алышпай, айтор, айлалары кете турган. Түйшүк, кырсык санаасына келбеген Арыстан: — Түнт токойдун, жашыл токойдун ээси, падышасы менмин, — дечү. Ага ким айбат кылсын, бул ойлогону чын эле.

Кабылан да бекеринен келбей турган шерлердин бири. Ал дагы чер токойду жойлоп өткөндө жан-жаныбар бүт бойдон ага да таазим этишип, аны да куттуктай, салам айтуусун жазышпай турган.

Экөөнүн жеген жеми, уулаган аңы, кылган тиричилиги эки бөлөк болсо да жашаган токою, ичкен суусу, көргөн күнү, сыйынган кудайы бар болчу. Бирок андай экенин экөө тең ал кезде капарына алышкан жок. Ошол жөнүндө ойлоп да коюшпай бейкам жүргөн кездеринде кокусунан экөөнүн ортосунда жаңжал чыкты. Жаңжалдын отун тутанткан кадимки эле Момолой чычкан болду. Кой оозунан чөп албаган, момун жана сыпайы деген Момолойдун ошончого барарын адегенде экөө тең андай алышкан жок. Арыстандын түнөгүнө жакын ийинде жашаган Момолой дүйүм чөптүн тамыры менен жер-жемиштин данын тандап жей берип аябай семирип, акырындай Арыстанга үйүр алышып кетти да, курулай эрдемсиген, көпкөн жубарымбек чириген эски дүмүрдүн үстүнө чыгып алып чыртылдап, чыңкылдап, эртели кеч тили буудай кууруп сайрай берет:

— Кабыландын ичи сага бузук, Шерим. Анын сага оң санайын деген ою жок. Сени жоготсом дегенде эки көзү төрт. Баякүнү анын сен жөнүндө кыжырланып жатканын өз кулагым менен уктум...

Кебелбеген Арыстан башын көтөрбөй бейкам бурк этти:

— Ал макулук эмне деп жатыптыр?

— Айтып келатпайынбы, сырттаным. Уксаң?..

— Айта бер, кулак сенде!

— Айтса байкатпай келип сени уктап жаткан жериңден жара тартып салуунун амалын ойлоп жүрөт ал желмогуз.

— Анте турган кандай себеби бар экен?

— Ушул кереметтүү кооз токойду жалгыз өзүм ээлесем деген тилекте да ал ыймансыз.

— Ошондойбу! — Жини келген Арыстан башын көтөрө берип, комдоно калды.

— Калп айтсам, жаным чыксын. Калп айтсам, ылайым ийинден чыкпай калайын. — Жаны күйгөн, ак жүрөк эмече молойгон капыр ыйлап жиберди.

Момолойдун айтканына ишенбеске аңгөөдөк Арыстанда эми арга калган жок. Жүрөгү алып учуп, кыжыры келген ал:

— Көрсөтөм мен ал итке! — деп туш жагындагы бейчеки өсүп турган кайыңды бир койгондо, терек белинен чорт сынды.

Арыстандын каны дүүлүгүп, чыны менен Кабыланды жара тартып сала турган абалда жүргөндө ал капыр Кабыланды жолуктуруп баягы сөзүн, баягы ушагын айтып аны көкүттү:

— Арыстанды кудай урду. Мен ага кошуна турам го. Эртели кеч эле ызырынганы, эңсегени сен.

— Өзүм тийишпесем делеби!

— Аны менен иши жок, көпкөн да. Ал итти жок кылмайынча жаным жай албайт дейт. Сени иттин тукуму деп шылдыңдап жатканын көрчү. Деги сак бол, Сырттаным.

Кабылан боюн керип кебелген жок.

— Ишенбейм айтканыңа, Момолоюм.

— Калп айтсам жаным чыксын. Ылайым ийиндин ичинде жатып чирип өлөйүн. Айтканымдын баары чын. Байка, Шерим.

Ордунан ыргып турган Кабылан эми чындап такыды.

— Айтчы, мен ага кай жеримден жазыптырмын? Эмне күнөө кылыпмын?

— А Сырттаным! Билем: аңкоолук, кенебестик, баатырдын иши. Дегинкиси, себепсиз кантип эле ачуулансын...

— Андай болсо билгениңди айт! — деди, Кабылан жүнүн үрпөйтүп.

Момолой чаңкылдады;

— Билип ал, Сырттаным. Эсиңе түйүп жүр, Кабыланым. Токойдогу айбанаттын баары сени да сыйлайт. Арыстанды кандай көрүшсө, сени да ошондой көрүшөт.

— Аны мен билем.

— Ошол Арыстанга жакпайт экен. Ошондуктан ал сени көрө албай жатат. Болгону ушул, Шерим. Деги сак жүр. Бир күнү келип, жара тартып таштабасын.

Кабыланды кадимкидей санаа басты. Баякүнү өтүп баратса, алыстан аны Арыстан көргөн. Чын эле ошондо анын көзү канталап, кол салчудай октос берип турганын байкай, буйтай өтпөдү беле.

— Мен да оңой келбейм. Мен дагы экинин биримин. Көрсөң айтып кой, көп тийишпесин. Болбосо, менден бирди көрөт ал мышык.

Кабыландын сөзүн жасап, кооздоп жеткизди Момолой.

— Сенден коркпойт экен, Шерим. Сени ал теңине албайт экен, Султаным. Карыган мышык мага кеп эмес деп айтты. Менден коркуп, сездеп жүрбөсө бир күнү кардын жара тартам, — деди.

Мына ушуга окшогон толгон-токой ушактан кийин ачууга жеңдирген Арыстан:

— Кайда жүрөт, ал айбан! — деп ордунан ыргып турду да, Кабыландын жаткан жайын көздөй атырылып жөнөдү. Сак жаткан Кабылан ордунан буйт берип, бир далайга чейин айбат кыла кармашкан болду.

Акыры чарчап, алы жетпесине көзү жеткенде ал качып берди. Арыстан анын артынан сая кууп келет. Экөө тең аябай чарчаганына карабай, өлүм менен өмүрдүн ортосундагы күрөш бир саамга да токтогон жок.

Кууп баратканына карабай:

— А кудай, жардам бер. Ушуга жетип бир жайласам, экинчи арманым болбойт эле — деп, алы кете баштаган Арыстан теңирге улам-улам жалынып коёт.

— А кудай, колдой көр! Ушу жоодон кутулсам өмүр бою сага сыйынып жүрүп өтөм — деп, өзүнчө жалынат жаратканга Кабылан.

Бири-биринин сөзүн уккан экөө тең өздөрүнчө кобурады:

— Кудай мендик. Ал качканды колдойт.

— Кудай мендик. Кууганды өзүнчө колдойт ал.

Ал аңгыча Кабыланга куйрук улаш жете жаздап калган Арыстан күп этип казылган орго кулап түштү. Балээден чын кутулган Кабылан кайра келип, ордун четине токтоду да:

— Ырас гана болду сага! Шишиң толгоң болчу! — деп мыскылдай бейкапар күлүп турат.

Ор аябагандай терең эле. Ордон чыга албасына көзү жеткен Арыстан көзүнө жаш ала чын наалыды:

— Э-э, чоң Кудай, калыстык кылган жоксуң. Кайсы жеримден жаздым сага. Эми ушу ордон чыкпай чирип өлөмбү? Калыстык кылган жоксуң, теңирим.

Ушу кезде күңгүрөгөн жоон үн чыкты.

— Жок, мен калыстык кылдым.

— Сен кимсиң? — деди Арыстан көктү тиктей берип.

— Мен сен сыйынган Кудайыңмын!

— Кудайыңмын?

— Ооба, Кудайыңмын...

— Андай болсо эмнеге көрүнбөйсүң! Көзүмө көрүнүп туруп сүйлө. Арманымды ук, чоң Кудай!

— Эй, макулугум! Кудайды эч ким ушу кезге чейин зү менен көргөн эмес...
— Анда аны ким көрүптүр?
— Аны эч ким көрө албайт. Аны ар ким акылы мен гана туят.
— Андай болсо зарымды ук! Калыстык кылып мени дон чыгар...
— Мен калыстык кылдым. Ошон үчүн сен тирүү тусың!
— Калыстыгың ушубу! Акыры, ушинтип ордо жатып рийимби!..
— Жок, чиригениңче көп бар! Али ичер суун түгөнө ек. Сени ордон чыгарып алышып, торго салышат. Такты колдон жеп, көптү көрөсүң!
— Ошо кантип жашоо болсун...
— Антип оосар сүйлөбө. Ага да көнөсүң, каниет кыл.
Мунун баарын угуп отурган Кабылан кыт-кыт күлдү:
— Чоң Кудай, мен сага ыраазымын. Алсызды колп, калыстык кылганыңа рахмат.
Баягы жоон үн кайра сүйлөдү:
— Сен да көп кубанба! Сүйүнө турган эч нерсе жок, арам.
— Кантип! Мына мен эркинмин. Токойдун жалгыз и эми менмин.
— Аңкоом, байкушум! Жээликпей, эрдемсибей айаңды жакшылап карачы!
Кабылан тура калып туш тарабына көз чаптырса, рете курчалган майда-майда темир тор экен. Ошонмалы түгөнгөн ал да ыйлап жиберди.
— Мунуңуз адилетсиздик, чоң Кудай!
— Жок, мен эч кимиңе тарткан жокмун. Кара кылкак жарган адилеттик деп ушуну айтат. Кендикти, ндикти эч кимиң баалаган жоксуңар. Эми мындан экөөң тең тор ичинде ушинтип, жанаша жашап күн сүңөр.
рыстан менен Кабылан кошула унчукту:
- Кудайды оздон түшүргөн жок элек.
удай күлдү.
Качкан да, кууган да Кудайды оозуна алат. Кудай эч кимге тартпайт. Ал ар дайым ушинтип калысылат. Эми ар кимиңер өз күнүңөрдү көргүлө.
Өмүр бою ушинтиппи? — деп экөө тең уңшуп жи-

'дай кайра жооп берди:

— Өмүр деген эмне? Мен үчүн ал жыл менен, кылы менен ченелбейт. Ал жан-жаныбардын баарынын ма дайына кокусунан буйруган бир гана тыс эткен учку Дегинкиси, өмүр дегенди мындан ары баалайсыңар Кудайды мындан кийин нака көрөсүңөр! Ал көздөн ка йым болду.

Айтканындай эле капастагы эки шер кийинчерээ Кудайды өз көздөрү менен көрүшчү болгон. Кеңирсиге көк асман жана көктөг жадырай ааламга нурун теги чачкан күн, ошондой эле тоо ташы менен токою, су байлыгы ташыган төшү түктүү кара жер — кереметтү Кудайдын өзү экен. Мына ушул үчөөнүн алдында те рин төгө эмгектенип, эркин, бейкапар жашаган жан жаныбарлардын баары бактылуу турбайбы, көрсө. Кудайды накта тааныткан, адамзат дебей, жан-жаныбардын баарын бактылуу кылган чыныгы эмгек, уулум! — деп көл ичинде энесине ыктай өзүнөн көзүн албаган балага карады да, кайра аңгемесин мындайча жыйынтыктаган экен чал.

— Ошондон кийин ар дайым эртең менен күндүн кызыл нурун көргөндө экөө тең:

— Ассаломалейкум, чоң Кудай! — дешип озуна салам беришчү.

Ааламга нурун тегиз чачкан адилет Күн ошондо алардын саламына кадимкидей мээримдүү жооп берчү экен:

— Алейкум салам, макулуктарым!

Тамсилин айтып бүткөн Бакалбай: «Бактылуу болгула, эч качан ырысыңар кемибесин!» — деп бата берет да, ордунан ыргып туруп, атына минген бойдон чаап жөнөйт. Тигил үчөө болсо тамсилди өздөрүнчө аяр талдап, бул сапар карыя ичине кир сактабай ак дилден бата бергенине ишенип, үйлөрүн көздөй жол тартышкан дейт.

Жомогум бүттү, балдарым. Мен айткан үч мээримдин мааниси ушул. Ал эми Бакалбай чал айткан тамсилдин маанисин өзүңөр талдагыла. Бул үчөөсүз өмүр сүрүү кызыксыз болсо, буга дагы бир кошумча: адам керт башынын эркиндигин сезмейинче үч мээрим маңызына чыкпайт. Баамдадыңарбы? Оңбогон чалдын тамсили ошол жөнүндө...

Ошентип, эне-бала жана ата үчөө элге кошулуп, чоң той беришет да, бактылуу өмүр сүрүшкөн экен. Алардан тукум калып, тукумдары көбөйүп отуруп, өзүнчө урууга

айланган дейт. Мына ошол жылан энеден тараган журт-чулукту Өзүктөр деп коюшат. Алардын тукумдарын мен да кезегинде учурата калам. Ырдаса үндөрү мукам, күлсө күлкүлөрү ачык, жаракөр болушат алар. Өң-түстөрү кара сурунан келип, көздөрү жоодурай сулууча келишет өзүктөр! Алардын тукумдары анчалык көп болбойт. Туулса бирден же экиден ашпайт алар. Бирок алар жайдары көрүнүшкөнү менен өтө намыскөй, кайраттуу, ары кекчил болушат. «Өчөшкөнүн өксүткөн Өзүк» деген макал да ошондон калган, балдарым. Адам — адам болуп жаралган соң анын намыскөй, кайраттуу болгону жакшы дечи. А мен өзүм кекчил адамдарды анча жактыра бербейм. Адамдын калыс, боорукер жана кечиримдүү болгонуна не жетсин...

**Туз айылы. 11-май, 1986-ж.**

# ЧАКАН АҢГЕМЕЛЕР

## ЖЫЛАН МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Жумалап жааган ак жаандын акыркы күнү мөндүргө айланып, колоттордон кыян жүрүп кетти да, суу боюндагы кичинекей үйдүн чатыры кулап кетчүдөй шамалга качырап, эшикке чыккандан корунуп, коркуп отурганбыз. Эртең менен жылуу төшөктөн башын көтөргөн уулум «суусадым, чай ичем» дегенинен улам колума чака алып, сай жакты көздөй бастым. Май айынын баш чени экендигине карабастан күн суук эле. Анан калса күн-түн дебей куйган жамгыр ой-кырдын жеперине жетип, жер бети, сай боюндагы чычырканактуу бадалдын арасы бүт бойдон суура толуп чыгыптыр. Мен жалгыз аяк жол менен кетип бараткам:

— Байке, үшүп атам, — деген ичке үн чыкты бир кезде туш жагымдан. Чоочуп кеткен мен «Ой, сен кимсиң?» — деп жалт карадым. Байкасам, бир түп жапайы кызгылт талдын түбүндө ийрилип сулк жаткан кара сур жылан саал мойнун созуп, мени тиктеп турган экен. Кантсе да жыландын сүрү кыйын эмеспи, кетенчиктей берип:

— Ой, чунак, сен белең?— — дедим таңыркай.

— Ооба, мен сүйлөп жатам. Айтып койчу, байке, бу кудайдын күнү качан басылат? — дейт ырайы суук каапыр кебелбестен.

Анын суроосуна жооп бербестен таңгалганымды жашыра албай сурап жибердим:

— Ой жашабагыр, сен сүйлөгөндү кантип үйрөнүп алгансың?

Кара сур жылан кебелбестен:

— Айтып койчу дейм, байке. Жаан качан басылат? — десе болобу дагы кайрадан.

Эми мен аны чындап зекидим:

— Тапан десе, сага жаандын басылганынын кандайча кереги бар?

— Опей, айтса түшүнбөйт экен! Ийиндин баары суу. Аябай үшүдүм. Курсак да ачты...

— Курсагың ачса бака кармап же, балык уула! Чычкан кармап же!

— Чычкандын баары жылуу жерде, силердин тамдын алдындагы коңулда. Бака кармап жейин десем суу ылай, көлчүктөр ылай.

— Абалың жаман экен, байкушум.

Менин ага ылым санаганымды сезген жылан жакыныраак сойлой келип, кайрадан башын көтөрдү.

— Тим эле оозумдан кара суу келип, кабыргам кайышат, байке. Аябай курсагым ачты.

— Ыя, ыя, ошондойбу?! — Мен ага таң кала тиктей бердим.

Байкасам жылан каралжын эмес, агыш экен. Сүйлөп жатканда ачакей ичке тилин таасын көрдүм да, анын как чокусундагы бармактын башындай ак мүйүзчөнү байкадым. Ал дагы менин тиктей берип таң калганымды сезди көрүнөт, сурап жиберди:

— Анча эмне тиктейсиң, байке! Же жылан көргөн жок белең?

— Жөн эле тиктеп жатам, жубарымбек.

— Жөн эле, жөн эле... —Жылан мени туурап сүйлөдү. — Курсагым ачып жатат десе болбойт...

— А, мен эмне кылайын?

— Эмне кылайын деп коет! Өзүң билбейсиңби?

— Кантип билем өзүң айтпасаң.

— Кыргыздар мейман келсе кубанышат.

Конуп кет, түнөп кет деп суранышат.

Үйүнө жылан сойлоп кирсе дагы.

Сүт чачып, айран чачып чыгарышат.

Ушинтип ырдап каласыңар го кээде:

— Ал чын, бирок...

— Эмне бирок?

Жылан мени чындап эле кекетти. Мен уяла түштүм.

— Деги айтчы, эмне алып келип берейин?

— Үйдө сүт болсо, сүт алып кел. Үйүңөрдүн чатырында таранчынын балапандары көп. Ошондон болсо деле...

Менин ачуум келди:

— Эй жубарымбек, балапандарга тийишпе! Башкасын айт.

— Андай болсо, мейли. Сүрсүбөгөн жаңы эт болсо деле жарай берет.

— Үйдө жаңы эт бар.

— Ошо эттен майда-майда кесип алып кел, байке.

— Макул, — дедим мен.

— Тезирээк, байке.

Мен башаттын суусунан бир чака сузуп алып кайра келдим да, көргөнүмдү эч кимге айткан жокмун. Жылан өтүнгөндөй кичинекей жайпак табакка ынак сүттөн куюп, чийки эттен майда-майда туурап кайра келсем, баягы жерде ал күтүп туруптур. Ал мен алып келген

тамакты көрүп сүйүнүп кетти. Мен бардыгын анын алдына койдум эле:

— Эми үйүнө бара бер, байке, — деди ал.

Мен да ага суроо бердим.

— Эмне үчүн?

— Киши чакчайып карап турса, жылан кантип тамак жесин.

Анын айтканын туура көргөн мен шарт бурулуп кетип калдым. Кечке жуук кайра келсем, сүт бүт ичилип, эт бүт бойдон желип калган экен. Кийин мен кезек-кезегинде ошол жерге табакка сүт куюп келип коюп кетчүмүн. Жылан сүттү жакшы көрөт экен. Койгон сайын сүт бүт бойдон ичилип калчу. Бирок ошо бойдон мен ал жыланды жолуктура алган жокмун.

Бир жолу жайдын капортосу ченде түшкө жакын мен сууга түшөйүн деп, баягы жалгыз аяк жол менен сай жакка баратсам:

— Кандай, байке? — деп чыйылдаган ичке үн чыкты. Карай салсам талдын көлөкөсүндө жылан жаткансыйт.

— Сен кимсиң?

— Таанибай калдыңбы, байке? — Жылан мени көздөй сойлоп чыкты.

Сүйлөгөнүнө карап баягы жылан экен десем, өң-түспөлү башка. Өзү апакай сулуу жылан болуптур. Башында чүкөдөн кичирээк аппак мүйүзү дагы эле бар экен. Үнү окшош, бирок өңү гана башка. Таң калган мен туруп калдым.

— Байке, таанибай турасыңбы? — деди жылан кайрадан.

— Үнүң тааныш. Өңү-түсүң өзгөрүп кетиптир. Мүйүзүң да чоңураактай...

— Туура айтасың, байке. Жакында мен түлөдүм. Кебимди карагандын ичине калтырдым. Өзүм бой жетип, куйөөлөп келгендерди чанып жүрөм, — десе болобу.

— Эй жубарымбек, сен да эрге тиймекчисиңби?

— Эрге тийип тукум улабаса, жыландар тукум курут болбойбу! Бирок бул чөлкөмдө мага тең болчулар жок.

— Анда кайда экен?

— Мен жыландардын пиринин тукумунанмын. Мына бул мүйүздү көрүп деле билбейсиңби? Ал менден көзүн албай башын чайкап койду.

— Аны мен кайдан билейин...

— Анда билип ал!

— Айтып көр, билип алайын.

— Жыландардын пирин Шахимарден деп коюшат. Силерче аны Шаймерден дейт го...

— Ооба, ооба.

— Демек, мен жыландардын султаны, жыландардын пири Шахимардендин тукумунанмын. Ошондуктан жөнөкөй жыландар менин теңим эмес.

— Анан теңиңди кантип табасың?

— Жакында алыска жол жүрөйүн деп, сизди гана күтүп жаттым.

— Менде эмне жумушуң бар эле?

— Ыраазычылыгымды билдирип коеюн дегем.

— Кудайга шүгүр, эсиң бар экен...

— Сизге берейин деген белегим да бар эле, байке.

— Ал эмне деген белек?

Жылан мага жакын сойлоп келип башын силкип койду эле, төбөсүндөгү мүйүзү алдыма тоголонуп түштү.

Мен карап калдым.

— Ушул мүйүзүмдү белекке ал, — деди жылан. — Алмак-салмак уулдарыңдын мойнуна тагып коюп жүргүлө, байке. Балдарың узак жашап, оору-сыркоодон сырткары жүрөрүн билип кой. Ошондо алардын тукумдары өсөт. Өздөрү мээримдүү, эли-жеринин керегине жараган колу ачык, жоомарт, ак ниет адамдардан болушат, — деп шарт бурулган боюнча чычырканактуу тотойго кирип кетти жылан.

Мен көпкө чейин жыландын артынан карап отуруп, көк чөптүн үстүндөгү акактай жалтыраган кичинекей чыгырык мүйүздү колума алдым...

## БУВА, СЕН КАЧАН ӨЛӨСҮҢ?

Курсагыбыз тоюп, көк чайга канган баарыбыздын көңүлүбүз жайында. Чечекейибиз чеч, чеч кап менен бир. Анан калса, тоодон салкын жел жүрүп, сергий да түштүк. Мындайда Кубаттын тили сайрайт да, турат.

— Өх, өмүрүмдө биринчи жолу ушундай тойдум.

Баарыбыз жапырт күлдүк. Кубат ансайын жаалдады.

— Ушундай апа тууган Бувага рахмат.

Биз Кубаттын сөзүнө кайрадан ыкшып күлө бердик. Кубат өз атасын папа дейт. Мени чоң ата дейт. Менин атам, мына бул төрдө отурган Мамбетти Бува дейт.

— Бува,— дейт ал.— Сенин атаң болгонбу?

— Болгон. Атасыз да адам туулмак беле, чүрпөм.

— Анда сенин атаңды мен эмне деп айтам?

— Менин атам сага баба болот.

— Бабанын атасын эмне дейт?

— Бабанын атасы жото болот. Жотонун атасын кубары. Кыргызда сөз бар: Жотоңду урайын, кубарыңды урайын деген. Демек, антип сага ачууланган киши сенин бешинчи, алтынчы атаңды сөгүп жатканы.

— Бува, кубарынын атасычы?

— Ал сенин жетинчи атаң.

— Анын баарын киши кантип эстейт?

— Аны билүү илгери ар ким үчүн парз болчу.

— Бува, баары бир мен аларды унутуп калам...

— Акырындап айтып жүрсөң эсте калары анык.

— Бува, сен баарын билесиң, ээ?

— Билишимче билем, күчүгүм.

— Бува, сен абдан картайдың, ээ?

— Ооба, каралдым.

— Абдан көп жашадың, ээ?

— Ооба, буйрушунча жашадык.

— Жүзгө, чыктыңбы, Бува?

— Ага чыга элекмин, чүрпөм.

— Ага ким чыгат?

— Ага сенин бабаң чыкмак...

Эмики суроосун Кубат кокусунан берди.

— Бува, сен качан өлөсүң?

Биз селее түштүк.

— Мени качан өлөсүң дедиңби?

— Ооба, Бува.

— Мен качан сен өлгөндө өлөм...

— Оозуңа таш — деп апам секирип кетти. Ал эмне дегениң кузгун, наристе ошентип сурай берет.

— Жок, байбиче, мен абдан туура жооп бердим.

Атамдын жообуна апам ого бетер терикти.

— Эк, оозуңа таш. Андан көрө өзүң өл.

— Бул туура жооп, байбиче.

— Ээ, тумуран кал.

Күлө караган атам эми жай түшүндүрдү:

— Сен качан өлгөндө, мен да ошондо өлөм дегенимдин мааниси бар, байбиче. Менин мындан аркы жашым чөбөрөмдүн канча жашаганына байланыштуу. Чөбөрөм мени көрүп калды. Мени жакшы көрөт. Мындан ары ал өлөр өлгөнчө мени эсинен чыгарбайт. Мындан ары ал дагы сексен жыл жашаса, мен да сексенге чыгам. Болбосо Кубаттан кийинки келген муундар мени билмек беле. Демек, Буванын кийинки өмүрү — чөбөрөсүнүн өмүрүнө байланыштуу, байбиче.

## АТЫРДЫН АЗАБЫ

Жаңы үйгө киргенибизге үч айдын жүзү болуп калган. Мен эртең менен ишке эрте кетип, кечинде иштен кечирээк келем. Эртең менен ишке бараткандагы автобустун ичиндеги азапты айтпа. Ал эми кечкурун иштен келаткандагы машакат эртең мененкиден кем болбойт.

Мына ошол машакаттын бири...

Иш күнү аяктар замат илкий басып автобус токтоочу жерге келесиң. Ал жерде эл быкбырдай кайнайт. Автобустар биринин артынан бири зуулдап өтө берет. Анткени ичи толтура адам, кайдан токтошсун. Ачууң келип акыры кыжырың кайнай баштайт. Бир маалда баягы сен зарыга күткөн автобус келип токтоду де... Тургандын баары автобусту көздөй жүткүнүшөт. Деги эле ал жерде ызаат кылуу деген болбойт. Антсең үйүңө бүгүн жетпейсиң. Ошондуктан, не болсо да деп бирөөнүн үстү менен бассаң да автобуска эптеп кир. Автобустун ичинде келатканда артыңдан, алдыңдан да түртө беришкендиктен адамдар менен адамдар беттешип, тим эле нан болуп каласың. Бир жолу мен да ошентип адамдардын ортосуна кептелип калдым. Ары да, бери да боло албайм. Каякка кыйшайсаң да аял. Бир маалда арттан алдуу күчтүү бирөөлөр катуу түрттү көрүнөт, кең көкүрөк аял эки колун ийниме арткан бойдон төшүмө жыгылды. Айла канча... Аңгыча арт жактан дагы бир аял башын менин жаагыма сүйөгөн боюнча кыймылдабай калды. Иши кылып туш-туштан аялдардын атыр аралашкан ысык деми уруп, демим кысылып өзүм да автобустан чыкканча эсим оол жыгылып кала жаздадым. Үйгө келсем аялымдын өңү бузулуп араң олтурган экен. Эки бетим албырган мен босогодон баш бакканда эле аялым:

— Кайда жүрдүң? Карасаң, жыргап гана келаткан тура! — деп жекирди.

— Келгенче эле ушул болду — деп, мен саатымды карасам тогуз болуп калыптыр. Мен кийим которуп киймекчи болуп экинчи бөлмөгө кирип баратканда сурданган аялымдын үнү жүрөгүмдү көзөп кеткенсиди.

— Токто! Эмне эле буркурап атыр жыттанып калгансың? Болгондо да «Красная Москва» экен. Карасаң, мен минтип керели кечке бала багып үйдө олтурсам, бул жыргап жүргөн тура. Ээктериңди, беттериңди карачы, бүт помада, ким менен өбүшүп жыргап жүрөсүң, ыя? —

буркан-шаркан түшкөн ага жооп кайтармак кайда. Чы эле күнөөкөрдөй шөлбүрөй түштүм. Мына эр болсо далилдеп көр. Айлам кеткен мен окуянын жагдайы түшүндүрмөкчү болдум эле, аным актангандай чыкты көрүнөт. Аялым ансайын айламды кетирди:

— Билем сени, алдабай эле кой. Тиги бет маңдайлаш кошуна Сапарды карачы? Мен терезеден карап турдум Ал жетиде эле келип, эшик алдындагы гүлдөрүн суга рып жүрөт — дейт.

— Ой, ишенсең, ал Сапарың түшкүр чыканактай бо луп, элдердин чатынын арасынан кирип, чатынын ара сынан чыгып кетет экен. Мен анте албайм...

Буга аялым кайдан ишенсиң. Ал түнү аялым экөө бүз сүйлөшпөй эки бөлөк жаттык. Экинчи күнү иштен келатканда баягы жорук кайра кайталанды. Дагы аялдардын ортосунда калып үйгө атыр жыттанып араң келсем, аялым мени менен караманча сүйлөшкөн жок. Үчүнчү күнү буркан-шаркан түшкөн ал ажыраша турган болду:

— Жетишет! Ажырашам эле. Ошол ойсокелериңдин бирин алып ал, — дейт. Мен бечара өзүмдүн ак экенимди кантип далилдемекчимин.

Эртеси айлам кеткендиктен:

— Бүгүндөн тартып бала менен үйдө мен калайын. Кызматка сен бар дедим. Бул акылым аялыма жага бербей калды көрүнөт.

— Барам эле, ырас айттың үйдө бала менен сен отур, — деп жазанган боюнча ишке кетти.

Кечинде көйнөгүнөн тартып чачын башына чейин уйпаланган аялым үйгө келди. Бүткөн бою ыштап койгондой тамеки жыттанат. Ошо замат мен дагы аялымдын мага карматкан жоругун баштадым:

— И, эмне кечигип келдиң? Ким менен кучакташып... Мынчалык эмне тамеки жыттанасың, ыя? Айтор, ушуга окшогон сөздөрдү биринин артынан бирин чууртуп келаттым.

Баятан бери жер карап, күнөөлүү болгон аялым бир маалда акырын унчукту:

— Байболгур, деги урушпачы? Мындан ары бала менен үйдө мен эле калайын. Экинчи сага ооз ачсам майнеке болоюн дейт.

Ошондон кийин мен кайда жүрүп кечигип келсем да, аялым урушканын койгон...